

# АТАГА УУЛДАН



Кайып КАЛНАЗАРОВ

# АТАГА УУЛДАН

Бишкек 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки7-4
К 17

Редактор *Бектемирова Айнагул Кашкарбаевна* - Нарын мамлекеттик университетинин окутуучусу, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы, тарых илиминин кандидаты, доцент, "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары үчүн компетенттүүлүк мамиленин негизинде түзүлгөн билим берүү программаларынын эң мыкты инновациялык окуу-методикалык комплекси" сыйлыгынын жеңүүчүсү.

**Калназаров Кайып**
К-17 Атага уулдан - Б.: «Учкун», 2017-320 б., илл.
ISBN 978-9967-17-085-8

Китепке бир туугандык катары чоң жардам көрсөткөн Кырбашев Жолдошбек Алтымыш уулу болду. Чындыгында ата-бабалар тууралуу таблица түзүүдө чоң машакаттуу жумуштарды аткарды. Китептеги жаратылыш боюнча сүрөттөр толугу менен өзүнүкү.
Рахмат! Терең ыраазымын!

**К 4702300100-17**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**

ISBN 978-9967-17-085-8

© Калназаров К., 2017

*Бул дүйнодо чындык бар да, тогүн бар,*
*Жанган от бар жана очкон комүр бар.*
*"Өмүр, бүттү" дегендерге кошулбайм,*
*Өлүп бирок, жашай берчү өмүр бар.*

*Э.Ибраев*

## АТАМ АЖЫБАЙ БАЛАСЫ КАЛНАЗАРГА

*Балдарга атамдын портретин ордунан козгобогула дейм. Атам мен үчүн өтө ыйык, менде адамдык эмне жакшы сапаттар болсо, ал атамдан.*

## ЭЖЕМ КАЛНАЗАР КЫЗЫ КАЛБҮБҮГӨ

*"Эжеке, мага энгдей болуп калдыңыз эле, бул жерде ошол айтыла элек бир ооз сөзүмдү айтайын дедим!"*

## ӨМҮР ШЕРИГИМ ӨМҮРАЛИЕВА КАЛЫЙЧАГА

*39 жыл бою бирге өмүр сүрдүк. Каза болгонуна 19 жыл болсо да, мен Калыйчанын элеси менен бирге өмүр сүрүп жатам. Калыйча каза болгондо, соогүн коюучу жайдын жерин көрсөткону барып, атамдын эстелигинин жанында бүт тулку боюм бошоп, өзүмдү токтотууга эч күчүм жетпей боздоп ыйладым! "Жанына Калыйчаңды алып келдим, ата!" - дедим.*

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Калназаров Кайып, кыргыз.

5-май 1936-жылы Нарын районундагы «Көгөндү» деген жерде туулган.

1970-жылы Бишкектеги Кыргыз Мамлекеттик Скрябин атындагы айыл чарба институтун бүтүргөн, окумуштуу зоотехник.

3-июль 1953-жылдан областык «Нарын правдасы» газетасында корректор, 1956-1961-жж. комсомолдун Нарын райондук, областтык комитеттеринде инструктор. 1961-1962-жж. партиянын Нарын райондук комитетинде инструктор, 1962-1964-жж. Кыргызстан КП БКнын алдындагы партиялык-советтик мектепти артыкчылык диплому менен бүтүрүп, кенже зоотехник-уюштуруучу кесибине ээ болгон.

1964-1967-жж. Тянь-Шань районундагы «Эмгекчил» колхозунда партиялык комитеттин катчысы, 1967-1970-жж. партиянын Тянь-Шань райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1970-1979-жж. Тянь-Шань районундагы «Куланак» колхозунун төрагасы, 1979-1982-жж. Жумгал райондук советинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1982-жылы V-X айлары Нарын облустук айыл чарба башкармасынын башчысы, 1982-1985-жж. партиянын Тогуз-Торо райкомунун биринчи катчысы, 1985-1994-жылга чейин Тянь-Шань районундагы Ленин атындагы колхоздун төрагасы, 1994-1999-жж. Нарын мамлекеттик Заповеднигинин директору, 1999-2012-жж. чейин заповедникте илимий кызматкер, 2012-2015-жылга чейин Нарын облустук согуштун, эмгектин, ардагерлер Кеңешинде төрага болуп иштеди.

62 жыл тынымы жок эмгек жасады.

36 жыл чарбалык, партиялык, советтик уюмдарда, жаратылышты коргоо тармагында жана коомдук уюмда жетекчи кызматтарда иштеди. Кийинки 17 жылда Заповедникте курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча да олуттуу иш аткарды.

К.Калназаров 1990-1995-жж. Кыргыз Республикасынын Эл депутаты, айтылуу легендарлуу парламенттин мүчөсү, Кыргызстан көз каранды эмес болуп жарыяланышына, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мамлекеттик туусунун, Гербинин, Гимнинин кабыл алынышына өз салымын кошкон адам.

К.Калназаров уюштуруучулук ишмердиги, облустун социалдык экономикалык жактан өнүгүшүнө кошкон салымдары үчүн Эмгек Кызыл Туу ордени, «Эмгектеги каармандыгы» үчүн, «Эмгектеги артыкчылыгы» үчүн, «Эмгектин ветераны» медалдары менен сыйланган.

2009-жылы «Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоосуна эмгек сиңирген кызматкер» деген ардактуу наамдын ээси болду.

# I БӨЛҮМ

## НЕБЕРЕМ ЭЛИНА КАМЧЫБЕК КЫЗЫ

Неберем Элина Камчыбек кызы 2009-жылы жазгы экзаменге даярданып жатыптыр. Кээ бир суроолоруна жардам берүү үчүн кыргыз тарыхы тууралуу китептерди окуп калдым. Чынын айтсам, кыргыз тарыхын мен билбейт экем. Анан эмне үчүн деп ойлоп, терең «үңүлүп» окуп калдым. Көрсө совет доорунда биз орус тарыхын эле окудук да, кийин партиялык кечки саясий окууларда бүткүл союздук большевиктер партиясынын тарыхын, партиялык мектепте КПССтин тарыхын (кеңири программада), саясий экономиядан (кошумча нарк, ал кантип жаралатты, философиядан материалисттик жана идеалисттик көз караштары) окудук. Ал эми кыргыз тарыхы жөнүндө партиялык мектепти койчу, айыл чарба институтунда да эң жөнөкөй таанышттык болгон жок.

Өзүм ата-бабалардын басып өткөн жолу, жашоо тиричилиги тууралуу балдар, небере-чөбүрөлөр окушкандай чакан «эстелик» жазып калтырайын дечүмүн. Бирок, чынында убактым болбоду. Кийин ден соолук менен да убаралапып калдым. Бирок, бир ой менин тынчымды алып ойлонтчу болду. Азыр, өзгөчө «демократия» деген заман башталгандан бери мезгил, турмуш, жашоонун мүнөзү өзгөрүп, балдар, жаштар китеп окубай калышты. Баары эмес дечи, бирок, көбү өзгөчө көркөм адабиятты окууну таштап жатышат. Бул адам баласы үчүн чоң жоготуу, адамдын ой-сезиминде жардычылык боло турган болду. Адабият, көркөм адабият, өзгөчө жаштарга, алардын жашоодо жакшы, эстүү, терең ой жүгүртүп жашоо өткөрүүгө татыктуу адам болуп өсүшү үчүн өтө керектүү, өтө зарыл мектеп болот эле.

Мен атам, өзгөчө энем жана андан мурдагылар кандай жашоо өткөрүшкөнүн элестете албайм, ал эми бир туугандарымап болсо жалгыз Калбүбү эжемди гана билем. Аталардан 15 атанын аттарын атап, ал эми алардын жашоосу, турмушу кандай өткөнү тууралуу кыргыз тарыхынан гана жалпы түшүнүк бар. Мына ушундан улам өткөнгө кайрылып, анан өз турмушумду айтып калтырууну туура көрдүм. Өзүм азыр да кеч эмес деп ойлоп, бирок, жаш 81 жашка келди, мен болсом балдарым үчүн чоң эмгек жасайм деп жатам. Анын үстүнө «шашып» калбайын деген да ой кетет.

Балдарым, деги эле кийинки жаштар биз сыяктуу ата-бабаларынан кабар алышпай калышпасын үчүн, эч болбосо XIX, XX, XXI кк. маалымат алып калышса деген максат болуп жатат. Бизге чейинкилер элдик санжыралар аркылуу ооз эки болсо да өткөндү сактап келишти. Азыр болсо ооз эки эмес, жазуу менен

да өзүнүн кичи мекенин билүү жок болуп калабы деп чочулайм. Албетте бул эскерүүдөн бүтүндөй кыргыз эли боюнча маалымат болбойт дечи. Бирок, кыргыз жергесинин бүтүндөй бир аймагындагы турмушту мүнөздөп берген маалыматтар кийин кызмат кылаарына толук ишенем. Тукум үчүн сөздүн эң жөнөкөйү менен айтканда ата-бабанын басып өткөн жолун, анын көргөн азап-тозогу менен чайыттай ачык болуп аткан таңдай күндөрдү да билүү ыйык иш. Бул өтө ыйык ишти эстүү, билимдүү уул-кыз гана баамдай алат. Бул адамга алдыдагы жашоону да татыктуу улантуу үчүн керек.

Колумда бар материалдарга таянып, китептин биринчи бөлүгүн кыргыз тарыхынын эң байыркы мезгилинен баштадым. Материалдар негизинен Борбордук Теңир-Тоого байланыштуу болгон жерлери аздан берилди. Эми кыргыз тарыхы жөнүндө болсо Т. Н. Өмүрбеков, Т. К. Чоротегин, О.Ж. Осмонов, А. С. Мырзакматовалардын «Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы», «Кыргызстан тарыхы» аттуу эмгектеринен алдым. Ушул жерде жогоруда аталган авторлорго эң чоң эмгек жасашкандыгын өзгөчө белгилегим келет, ыраазычылык айтам, жөн эле тарыхты көчүрүп коюптур деп капа болушпаса деп өтүнөм. Себеби, мен өз ата-тегимдин санжырасынан деле баштап кетсем болмок, бирок өз ниетим Кыргыз тарыхынын «урунттуу» жерлеринен окуучу катары өзүнө жазып алган конспектиси болсо, ашык болбос деген үмүт менен бердим.

Менде энциклопедиялык чыгармалардан «Нарын облусу» - 1998-ж. «Тогуз-Торо-2007-ж.», «Нарын облусуна - 70 жыл» - 2009 ж. аттуу китептер бар. Төмөндө мына ошол чыгармалардан жалпы эле Кыргыз жергесиндеги адам баласынын жашоосунун башталышы тууралуу эң кыска маалыматтар берилди.

## ЭҢ БАЙЫРКЫ МЕЗГИЛ

Жалпы эле Кыргызстандын аймагында байыркы таш доорунан (палеолит) адамдар жашап келе жатышат. Муну окумуштуулар көп изилдөөлөр, өзгөчө археологиялык иликтөөлөр аркалуу бизге жеткирип келишти. Ал эми **ашель - доору** деп аталган алгачкы палеолит (600-500-100 миң жыл мурда) доорунда Борбордук Теңир-Тоодо табылган эстеликтерден кишилер топ-тобу менен (үйүр-үйүр болуп) жашап, муз каптоо тартылган мезгилден кийин жаныбарлар дүйнөсүнөн биротоло бөлүнүп чыккан, алар өйдө туруп басып жүрүшкөн жана колдору эмгек кылууга ыңгайланыша баштаган, аң уулоочулук жана жыйноочулук (теримчилик) менен оокат кылышкан. 1953-жылы орус академиги А.П. Окладников (1908-1981) тарабынан Нарын өрөөнүндөгү Он-Арча суусунун боюнан ачылган Он-Арча журтунда мындан 300 миң жыл мурда жашаган тургундар бир жагы сомдолгон таш кыргычты колдоно билишкен. Алар отту да пайдаланышып жашоо өткөрүшкөн.

Окумуштуулар А.Н. Бернштам, А.К. Кибиров (1953-1956 ж.), П.Н. Кожемяко, А.Ф. Винник, К. Ташбаева, К. Табалдиев ж.б. тарабынан Теңир-Тоо аймагын-

да археологиялык жактан ар тараптуу изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Акырындап отуруп адамдар үйүрдүк бирикмеден жогорураак коомдук бирикмеге, урукка өсүп жетишкен. Байыркы таш доорунун соңку мезгилинде (б.з.ч. 40-10 миң жыл) болгон бул өзгөрүүлөр **энелик уруу** жамааты (матриархат) менен байланыштуу. Бул доордо уруунун келип чыгышы жана туугандык байланыш **энеси** боюнча аныкталган.

Ортоңку таш доору (мезолит б.з.ч. 10-6 миң жыл), Нарын дарыясына Кара-Суу куйган жерге жакын Узун-Акмат тоосунун боорундагы айтылуу Таш-Көмүр үңкүрүнөн, Арпа өрөөнүнөн, Айдаркендин жанындагы Сох өзөнүндөгү Апшыр үңкүрүнөн да табылган эстеликтер аркылуу иликтенген. Бул учурда байыркы адамдар жаа жана учуна таш бекитилген жебени колдонууга жетишишкен. Куралдын бул түрү кийин миңдеген жылдарга сакталып келген.

Кыргызстандын жаңы **таш доору** - неолитке б.з.ч. 6-4 миң жылдыктарга тиешелүү археологиялык эстеликтер Кыргызстандын бардык аймактарынан кезигет. **Неолит** доорунда адамдар өз алдынча тамак-ашты өндүрүүнү, жер иштетүү, жапайы жаныбарларды колго үйрөтүү, малды колго багуу, айрымдар чоподон идиш жасоо, кийим токуганды үйрөнүүнү өздөштүрүшкөн. Борбордук Теңир-Тоонун түндүк-чыгышында Сары-Жаз өрөөнүндөгү Ак-Чуңкур үңкүрүнөн жошо менен тартылган кишинин, тоо текелердин, буканын, жыландын сүрөттөрү, үңкүрдүн түбүнөн болсо байыркы таш куралдары табылган. Ушул эле эстеликтерге үндөш табылгалар Нарын шаарынын чыгышындагы Теке-Секирик үңкүрүнөн да чыккан. Мындагы таш курал (Нуклеус), микролит сынактары эмгек куралдарын жасоо технологиясы татаалдашканын айгинелейт. Бул доордо чакан уруктар ири урууларга өсүп жетишкен, алардын өз ара жуурулушуусу жүргөн.

Б.з.ч. 3 миң жылдык таш доорунан кийинки мезгил **жез доору** деп аталган. Узакка созулган бул мезгилде жезди пайдаланганды үйрөнүшкөн, жез менен кошо таш, сөөк, жыгач куралдарды пайдаланышкан. Акырында жездин, калай, коргошун, сурьма менен кошулмасын колону өндүрүүгө жетишкен. Бул доордо уруулар аталык жамаат (патриархат) мүнөзүн алган, мүлктүк теңсиздик күч алып, алгачкы таптык мамилелердин келип чыгышы үчүн өбөлгөлөр түзүлгөн. Мал багуу көчмөн мал чарбачылык деңгээлине жеткен.

Б.з.ч. 2-1 миң жылдыктардын башы **коло доору** деп аталып калды. Бул доордо жез, калай, күмүш, алтын казып алуу башталган, металл иштетүү кыйла өнүккөн. Ат-Башы районундагы Бурма-Чап жылгасынан табылган Арпа көрүстөнү коло доорунда жашаган адамдардан калган. Мындагы мүрзөлөрдөн адамдын күйгүзүлгөн сөөктөрү, чопо идиштер, мончоктор, коло билериктер, 1976-жылы Кочкор районундагы Шамшы айылынан 27 буюмдан турган коло буюмдар чогундусу табылган. Анын ичинде балта, балка, көзөөч, керки, орок, найзанын башы, бычак, күзгү шибеге, уютулган коло бар. Дал ошол доордун рухий дүйнөсүн чагылдырган Тогуз-Торо районундагы Саймалы-Таш аска сүрөттөрү дээрлик 10 гектар аймакты ээлейт. Мында ар кыл көлөмдөгү жылмакай таштарга адам,

тоо эчки, теке, аркар, бугу, жылкы, төө, бука, илбирс, карышкыр ж.б. жаныбарлардын сүрөттөрү, эки же төрт дөңгөлөктүү арабаны айдоо, өгүз чегилген буурсун менен жер айдоо, жаа менен кайберенди атуу, диндик маанидеги бий аткаруу сыяктуу сүрөттөр бар.

Өзүнө теңдеши жок стилдик жана композициялык ар түрдүүлүктөгү 100 миңден ашык сүрөттөрдү, фигураларды **бир жерге топтоштурган мындай «таш китепкана»** дүйнөнүн башка **бир да жеринде** кезикпейт.

## Байыркы мезгил

Б.з.ч. 2-миң жылдыктын аягы 1-миң жылдыктын ичинде да, адамда өндүрүштүк, социалдык жактан илгерилөө болгон. Уруулук бирикмелер алгачкы таптык түзүлүштөргө-байыркы феодалдык мамилелерге өсүп жетилди. Коло куралдары азайып темир куралдары менен алмашылыш - **темир доорунун** башталышы болду. Бул доордо адамдар көчмөн мал чарбачылык жашоо образына өтүшүп, чоң уруу союздары калыптана баштады.

## Кыргыз этноними

**Этнос** - тактап айтканда-уруу, улут болуп тарыхый калыптанган элдин туруктуу бир тобу, алардын жалпы өзгөчөлүктөрү бар, тили, кулк мүнөзү, аң-сезими боюнча башка элден айырмаланышкандыгы менен өзгөчөлөнүп турат.

Кыргыздардын теги жөнүндө сөз жүргөндө алардын түрк элдеринин бир бутагы экендиги тууралуу жалпысынан шек жок, б.з.ч. 2-миң жылдыкта эле түрк элдеринин ата-бабалары европеид жана монголоид расаларындагы **этностордун** өз ара жуурулушкан мейкиндигинде жашашкандыгынын белгилерин өзүнө камтыган эл болгон. Ал эми «кыргыз» этноними болсо түрк тилдеринин негизинде гана этимологиялык жактан башаттык аталышын табуу аркалуу чечилиш керек дешет (Т. Чоротегин, Т. Өмүрбеков).

Кыргыз «этнонимин» чечмелөөдө эки багыт болгон. Биринчиси элдик чечмелөөлөр. Бул багытта ар түркүн санжыралар аркалуу өтө көп пикирлер чогултулган. Ушундай эле, экинчи көз караш илим жагынан алынган талдоолор жүргөн, мында да көп ойлор айтылган.

Мына ошентип элдик чечмелөөдөн 2-3 мисал алдым. Тоголок-Молдо:-Нух пайгамбардын үчүнчү баласы Жапистин (Иафас) уулу түрк. Анын сегизинчи муундан тукуму Өгүз хан, анын уулдарынын бири Кыргыз. Түрк атанын тогузунчу муундагы урпагы болгон кыргыздан тараган эл «мындан мурун 2700 жыл чамасында дайындуу» деп баяндаган. Осмоналы Сыдык уулу болсо «Кыргыз дүйнөгө Мухаммедден 3400 жыл мурун келген. Азыр 4700 жыл чамалуу болуп калды» дейт, тарыхчы Белек Солтоноев «Кыргыздар хижарадан (мусулман заманынан) 3400 жыл мурун чыккан, Өгүз хандын небересинен тараганына караганда алар эң эски улут экендигинде шек жок» деп жазып, 3400 деген эсепке өзүнүн

күмөнү бардыгын да белгилеген. Дагы бир түрү «кырк» деген сандын мааниси менен чыгат. Мисалга «Кырк гуз», «Кырк өгүз уруусу», «Кырк жүз», «Кырк кыз» сөздөрүнөн келип чыгат, деген болжолдоолор ар түркүн санжыра, уламыштарда айтылат.

Илимий жактан чечмелөө кыргыздардын болжолдуу ата-теги сыяктуу уламыштарга таянбастан, түздөн-түз «кыргыз» терминин ар кыл бөлүктөргө бөлүп «жиликтеп» ажыратып сөздүн түпкү маңызын табуудан издөө керектигине таянып аракет жасашат. Бирок мында да түркүн пикир, ой-толгоолор бар, чынында али да болсо уланып жатат.

XIX к. бурят илимпозу Д. Банзаров (1822-1855) «Кырк» санынан жана көптүк санды түшүндүрүүчү «ыз» куранды мүчөсүнөн турат деген жоромолду жазса, В.В.Радлов (1837-1918) «кыргыз» этноними «кырк» санынан жана «йүс» («жүз») санынан жалгашкан деген пикирин билдирет. Өзбектерден кырк уругу менен йуз уругунан турган Кыркмен-йуз уруусу бар экенин, казактарда улуу, орто, кичүү жүз болуп өз алдынча үч ордосу бар экенин белгилейт. Мындан башка пикирлер да арбын.

Аягында «кыргыз» сөзү элдик аталышыбыз тектеш тилдерде сүйлөгөн уруу уруктардын ичинен эле кайнап чыккан этноним болуп саналат деп корутундуланат. Бирок чечмелөөдөгү илимий аракеттер уланууда.

Кыргыздын теги, **кыргыз деп аталыштын өзү кайдан чыкты** деп бир катар санжыра, ойлор, божомолдоолорду карап чыктым. Барында эле олуттуу ойлор бар. Ошолордун ичинен Сапарбек Закировдун «Кыргыз санжырасы» деген китебине көп токтолдум. (Бишкек, 1996-ж.) Себеби, С.Закировдо жазылган көп санжыралар кыргыздын тарыхы менен байланышы бар көрүнөт, көп жерлерде тарыхый материалдар илим чөйрөсүндө каралып чыккан материалдар менен далилдүү, ишенимдүү берилет.

Бизге белгилүү маалыматтарга караганда, - деп көрсөтүлөт чыгармада, кыргыздар жөнүндө биринчи кагаз бетине түшүргөндөр кытай саякатчылары, тарыхчылары. «Кытай тарыхынын атасы» деп аталган Сыма Цянь жазган «Тарыхый запискалар» (Ш-цзи) биздин заманга чейинки 99-жылы жазылып бүткөн. Дал ушул эмгегинде Кытайдын түндүгүндө хунндардын түрк уруулары менен аралашып турганы жөнүндө маалымат берет да, 201-жылы хунндар Гэгунь (к к-кип) падышалыгын өзүнө караткан айтылат. Кытай окумуштуулары Гэгунь (цянькунь) деген термин менен кыргыздарды түшүнүшкөн... Дал ушундай баяндоо фактыларга таянган орус элинин тарыхчысы В.В Бартольд (1869-1930) Кыргыздарды «Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен, азыркы убакта, сыягы өзүнүн аты тарыхта мынчалык эрте эскерилген бир дагы башка эл жок көрүнөт» деген (В.В. Бартольд, «Кыргызы», Ф., 1943, 13-бет) мына ушундай көп фактылар, далилдерди келтирип олтуруп С. Закиров «...Ошентип кыргыздар кырк уруунун биригишинен түзүлгөн эл деген түшүнүк бир топ ишенимдүү...» деп жазат.

Кийинчерээк Сибирдин Түштүк жагындагы жашаган элдердин тарыхын изилдеген окумуштуулар да Кытайча «хягас» деген сөздүн мааниси түрк тилин-

деги «кыргыз» дегенге дал келе турганын далилдешти. В.В. Бартольддун «Кыргыздар» жөнүндөгү тарыхый очеркинде, ошондой эле «Жети-Суунун тарыхый очерки» деген эмгегинде далилдүү айтылган. Бул көз караштты тарыхчы жана археолог А. Н. Бернштам «Кыргыз элинин откөндөгү тарыхый күндөрү» (Ф.1943 ж.) деген эмгегинде да колдоп турат. Ташка чегилген руникалык жазмаларды, эпитафияларды изилдеген С. Е. Малов, И.А. Батманов сыяктуу окумуштуулар Енисейдеги, Орхондогу жазуулар кыргызга таандык экенин жана алардын азыркы кыргыз жериндеги (мисалы Талас өрөөнүндөгү) таштагы эстеликтери да копю көрсөтүп олтурат деп көрсөтүлөт».

2011-жылы февралда Дөбөлүдө болсом уулум Жолдошбек айылдын китепканасында В.В.Бартольд менен А.Н.Бернштамдын китептери бар экен, окуп чыктым деп калды. Мен дагы жакшы тааныштым. Экөө тең 600-700 беттен турган томдор экен. Кыргыздар тууралуу да биринчи тарыхый булактар катары урунттуу учурлар алыныптыр. А.Н.Бернштамда кенениреэк экен.

Тянь-Шань кыргыздарынын этногенезин аныктаган маанилүү шарт Тянь-Шандык мамлекеттердин кыргыздардын үстүнөн жүргүзгөн саясий бийлиги болуучу, алар VI-VIII кк. Батыш Түрк кагандыгы, VIII-X кк. Карлук, XI-XII кк. Карахандар, XII к. Кара Кытай мамлекеттери. Кыргыздар бул мамлекеттерге баш ийип турган деп айтууга бардык негиздер бар. Кыргыз элинин куралып, калыптануусунун жүрүшүндө IX-X кк.Тянь-Шанга Енисейлик кыргыздардын көп санда ооп келиши өзгөчө чоң мааниге ээ болгон. Биздин көз карашыбызча Тянь-Шань кыргыздарынын этностук тарыхынын негизги этаптары мына ушулар. Булар Енисей кыргыздарынын этностук тарыхынан кескин айырмаланат. Мен Тянь-Шандык кыргыздардын тарыхын доорлорго бөлүүнү, жалпы эле Тянь-Шандагы жана Жети-Суудагы тарыхый процесстерди доорлорго бөлүүнүн негизинде жүргүзүү керек деп ойлойм, дейт А.Н.Бернштам (2004-ж. 542-543-б.)

Экинчи томдукта б.з.ч. III к. Енисейдин жогорку агымында жашашкан «кыргыз», кытайча «цзянь-кунь» деп аталыштагы этностук уруулардын пайда болгону биринчи жолу белгиленгени, алар жарым-жартылай отурукташкан жогору өнүккөн коло куюу өндүрүшү бар, мал багуу, талаачылык, аңчылык жана балык уулоо менен иштешкен (169 б.) уруулар болгону көрсөтүлгөн.

Кытайлык Щцзи текстинде хунн шаньюо Мао-Туняңын түндүккө болгон жүрүшү, анда кыргыз (гэгунь), динлин ж.б уруулардын багындырылганы, бул окуя б.з.ч. 201-ж. деп көрсөтүлүп, адабиятта «гэгунь» формасындагы «кыргыз» терминининин байыркы аталышы б.з.ч. 201-ж. деп кабыл алынып калганы айтылат. Бирок, бул маалымат анча так эмес делет. Себеби, текстеги аталган окуя гунндардын түндүк кытайга болгон жортуулу жөнүндө болуп жатат. Ал эми биз сөз жасап жаткан окуя 209-ж. делип даталанган убагы бар. Мына ушундан улам байыркы кыргыздар жөнүндөгү эскерүү б.з.ч. 209-ж. таандык деп айтуу туура болот (171 б.).

А.Н. Бернштам кыргыз санжырасында кыргыз түрк элдеринин түпкү атасы болгон Өгүз хан тууралуу да кеңири токтолгон. Ал боюнча «Өгүз-Каган жөнүн-

дөгү легенданын чыгышы жөнүндө» деген атайын тема берилген. Анда Өгүз-Кагандын өмүр баянындагы урунттуу учурлар гунн шаньюо Модэнин өмүр баяны менен туура келиши шек туудурбайт, Модэ шаньюонун образы ар бир бөлүгүнө чейин дээрлик санжырадагы Өгүз-Кагандыкы менен туптуура келет (477 б.) делет. Модэ шаньюо болсо гунндардын түпкү атасы Тумындан кийинки анын тарыхы б.з.ч. 201-ж. башталат. Илим чөйрөсүндө тарыхчыларда, окумуштууларда бул эки адам жана аларга байланыштуу элдер тууралуу көп талкуулар, көз караштар болду. А.Н. Бернштам да бул изилдөөгө эки жолу кайрылган. Эмне үчүн «Моде» аты жоюлду жана «Өгуз» аты менен алмашылды? Бул суроого жооп берүүгө аракет жасап, далилдерди да келтирет. Бирок азыр болсо кыргыз, түрк окумуштуулары эмне дейт аны күтүү керек.

Жогоруда белгиленген 201-ж. окуяга В.В. Бартольд да кайрылган, ал «...б.з.ч. 201-ж. окуялар тууралуу билдирүү убакыт боюнча кыргыздар жөнүндөгү биринчи маалымат деп таанылышы керек» деп жазган («Кыргызстан жана кыргыз тарыхы боюнча тандалган чыгармалар», 1996-ж. 177-бет) 209-ж. деп А. Н. Бернштам тарабынан кийин такталган болуш керек.

В.В.Бартольд ушул эле китебинде Махмуд Кашкаринин биринчи жолу түрк элдери, алардын отурукташуусу, тилдери тууралуу берген маалыматтары жөнүндө... жана таза түркчө диалектте сүйлөгөн элдер деп кыргыз, кыпчак, огуздар, тукси, ягма, чигилдер, играктар, чуруктарды атаган, ал эми диалекти жактан йемен, башкырларда болсо бул тилге жакын. Деги эле Итилден Ямарага чейинки көчмөндөрдүн тили Сайромдан Баласагунга чейинки отурукташып жашаган элдердин тилине караганда, так айтканда аргу тилинен тазараак болот, (504,506-беттер) деп көрсөткөнүн белгилейт.

А.Н. Бернштамдын «Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер» аттуу китеби 2004-ж. Бишкекте чыккан. Бул бир томдукту Мамбеталиев Сатыбалды түзгөн, алгы сөзүн жазган жана кыргыз тилине которгон. Мына ушул китептин 23-24-беттеринде...Минусин крайынын тургундарынын маданияты минусиндик коргон маданияты жөнүндө айтылып жатат. Б.з.ч. III миң жылдыктын орто ченинен бери тарта чарбачылыгынын узак мезгилдер бою өнүгүшүнүн жемиши, кытайларга динлин деген аталыш менен белгилүү, өңү-түсү ак саргыл, башы сүйрү (соку баш) типтеги адамдарга таандык болгон.

**Динлиндер** Борбор Азия менен байланышканга чейинки мезгилде узак этногенез тарыхын баштарынан кечирген, бул этногенез процессине ар түрдүү, кээде аймактык жактан бири-биринен алыс турган урууулук компоненттер катышкан.

Динлин этногенезинин негизинде кыргыз деп аталган жаңы этностук жалпылыктын калыптанып, өсүп-өнүгүшүнө мүмкүндүк берген өзгөрүүлөр болуп өткөн. Бул жаңы этностук көрүнүш мурда болуп өткөн динлин этногенезинин түздөн-түз натыйжасы болгон. Мында кийинчерээк кыргыз урууларын аларга туушкан түрк урууларынан узак мезгилдер бою айырмалап турган мал чарбачылыгынын, маданиятынын жана расалык типинин мүнөздүү түрүнөн негиз салынган.

Дал мына ошондуктан кыргыз урууларынын пайда болушунун башаты. кыргыз элинин тарыхы-афанасьев маданиятынын археологиялык эстеликтери боюнча байыркы кыргыз коомунун келип чыгышына негиз болгон динлин этногензин талдоодон башталууга тийиш. Мына бул да биз үчүн чоң корутунду экендигин эске алып киргиздим. Илим, кийинки муундар дагы тактоого алганга чейин маңызын терең көңүлгө алып үйрөнүп туруу ашык болбос деп ойлойм.

Ушул эле томдун 29-31-беттеринде түндүк гуннулардын Шанүйү Чжа-Чжи түндүктөгү бир катар урууларга, анын ичинде усундарга жортуул жасап, алар түндүк Тянь-Шандын тоо этектерине жана Талас суусуна чейин жетишкенин ..., алардын аскерлеринин арасында байыркы кыргыз урууларынан да бар экенин, бул жортуул б.з.ч 47-46-жж. кышында болгонун баяндайт. Экинчиден,...байыркы кыргыздардын эки бутакка бөлүнүп...бир бөлүгү Енисейде калып,... экинчиси, Тянь-Шань аймагында отурукташып, азыркы Кыргызстандын аймагын **биринчи мекендеген болугүн түзгөн...** экинчиси...Тянь-Шань менен Енисей кыргыздарынын ортосунда болуп турган тынымсыз байланыштарды ырастайт делет.

«Енисейге кайрылып...б.з.ч. III к.- б.з. II к. бою, гуннулар менен сянбилер доорунда түпкү теги динлиндик болгон цзянь-кунь урууларынын түштүк бөлүгү борбор азиялык уруулар менен аралашып, натыйжада алардын маданиятында, расалык тибинде, ... сыягы тилинде да олуттуу өзгөрүүлөр болгон, бул өзгөрүүлөр акыр аягында VI к. карата Енисейлик кыргыздардын түрк урууларынын келип чыгышына алып келди» деп корутундалат.

2014-жылы Бишкектен «Турар» басмасынан Осмоналы Сыдык уулунун «Мухтазар тарых Кыргызиа» жана «Тарых Кыргыз Шадманиа» аттуу чыгармасы басылып чыккан. Биринчи жолу 1913-жылы Уфада басылган. Алгачкы агартуучу, атактуу санжырачынын бул чыгармасын өтө берилип, кунт коюп окууну суранат элем. Анткени ошончолук кызыкчылык болот. Бул чыгармага атайын даярдалып, Кытай тарыхчысы, окумуштуусу Анвар Байтур тарабынан бет ачар ордуна макала жазылган. Мына ушул макаладагы Осмоналы атанын ойлорун бердим. Китептин 159-160-161-164-беттеринде атабыз... «Биздин кыргызда тарых жазуучу адам жок болгону үчүн... көрпө тери алдап алуучулардын сөздөрү жаныма өтүп, он беш жылдан ашык аңтарып, текшерип, 200 миң кыргыздын ата-бабаларын таратып, тээ Адам Алейхисаламга жеткиздим, - деп жазган. Чынында кыргыз тарыхындагы бир канча маңыздуу маселелерди ортого койгон. Бирок, мен бул жерде «кыргыз» деген аталыштагы улуттук наам боюнча гана сөз кылууну туура таптым.

Атабыз кыргыздын түпкү атасы Огузхан деген Хан болгон, «кыргыз» деген наамдын Огузхандын 24 небересинин ичиндеги бир адамдын наамы, бул **«талаа адамы», «кыр адам»** деген маанини бере турганын билдирген. Мындай маалыматтар башка илимпоздордун жазма эстеликтерине негизинен окшош дейт А.Байтур. XVII кылымда жашаган Хорезм ханы тарыхчы Абулгазы Баходур хан (1605-1645) "Тарых шежирей Турки",деген чыгармасында "Кыргыз" деген наам-

да..., Өгүз хандын Кыргыз ысымдуу бир небереси бар эле "Кыргыз" ошонун насилинен эле, бул кезде кыргыз насилинен кишилер аз эле,-десе, татар тарыхчысы Мурат Ремзи араб тилинде жазылган "Талфикул Ахбар" деген китебинде кыргыздар тегинде Өгүзхандын урпактарынан болгон түрк урууларынын ичиндеги чоң бир уруу болсо керек..."Гуз" деген сөз "угуз" сөзүнүн кыска айтылышы болуп, алар ислам жыл наамасынын бешинчи кылымдары, "жаңы эранын X кылымынан илгери ислам журтуна келишкен."Кыргузы" деп айтылган, бул "кырда жашаган адамдар" деген мааниде болот. Эгер бул наам мындайча болсо "кыргыз" деген сөз "кыр талаада жашаган гуз адамы" деген сөздөн келип чыккан деп жазган.

Түрк илимпозу Насип Ажим "Түрк тарыхы" деген чыгармасынын биринчи томунда "Огуз гуз" деген байыркы түрк тилинде "өзөн, агын суу" деген маанини билдирип турган "Огуз" деген сөздөн келип чыкса керек. Мындай болгондо кыргыз деген сөз "кыр-гуз" деген сөздөрдөн өзгөртүлүп "кыр-огуз", "кыр суусу, кыр өзөн" деген мааниде кыргыздардын бул наамы алардын эң байыркы замандарда жашаган мекендери Энесай, Анкара, Муран өзөндөрүнүн кең жайыктарында жашагандыгы менен тыгыз байланышта. Ал эми байыркы замандагы көптөгөн уруулардын наамы алардын өздөрү жашаган жер мекендеринин наамы менен аталган деп жазган.

"Кыр өгүз" деген аңызда кудум эле жогоруда белгиленген кыргыздын түпкү атасы Огузхан деген экендиги, анын чоң аялынан алты уул, кичүү аялынан төрт уул туулгандыгы, булардан түрк, уйгур, карлук, бечеген, башкырт, казак жана башка түрк тилиндеги уруулар таралганы, кыргыз да Огуз хандын бир урпагы экендиги, Огузхандын ордосунун түндүк жагында монгол-татарлардын жерине жакын бир кырга көчүп баргандыгы, кийин аларды монгол-татарлар "кыр-огуз" кырда жашаган "огуздар" деп атагандыгы "кыргыз" наамынын так ушу "кыругуз" сөзүнөн келип чыккандыгы айтылат.

Бул элдин наамынын кыскартылып "кыргыз" деп аталып калгандыгы, азыркы кыргыз элинин "ичкилик" жана "отуз уул" деген бөлүктөрү ошондон калгандыгы жоромолдонот.

...Санжырачы Осмоналы...уруулардын кан-сөөк байланыштарын, муундук тармактары, турукташкан орундары жана алардын түтүн саны, ... алардын атактуу уруу башчылары... сыяктуу бир канча маңыздуу маселелерин да баяндаган.

## Кыргыздын байыркы Ата Журту

Ар бир элдин эл катары өзүн сактоого жана өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген Ата Мекени - Ата Журту болот. Ар бир элдин, ар бир адамдын барынан ыйык сезген, көргөн асыл нерсеси Ата Мекени, Ата Журту бар. Мына ушул Ата Мекен кайда болгон, кайсы аймакта башталган өзүн «Кыргыз» деп атап келген уруунун, уруу бирикмесинин башаттык орду, тарыхый журту кайда болду экен деген суроого жооп издөөнүн өзү узак убакытты, көп изилдөөлөрдү талап жасаган. Байыркы хуннулар доорунда Кыргыздар азыркы Монголиянын түндүк-баты-

шында Кыргыз-Көл (Хиргис-Нур) деген көлдүн айланасында жашаган жана б.з.ч. I к. ортосунан тартып Эне-Сай өрөөнүнө жыла башташкан. Айрым илимпоздор болсо кыргыздарды Эне-Сай менен Теңир-Тоонун арасында ары-бери көчүп жүрө беришкен деп да болжошкон. Кийин археологиялык изилдөөлөрдөгү маалыматтардан улам (мүрзөлөрдү, үңкүрлөрдү казуу, таштагы жазууларды чечмелөө сыяктуу) Эне-Сайга кыргыздар кечирээк көчүп келишкенин далилдешкен. **Байыркы кыргыздардын бизге белгилүү байыркы Ата-Журту Чыгыш Теңир-Тоонун түндүк тарабы болгондугу тууралуу бүтүмдү Ю.С. Худяков ишенимдүү далилдер менен тастыктаган.**

Б.з.ч. I к. кытай тарыхчысы Бань Гу мындай тарыхый - географиялык маалымат берген:-«кыргыздардан (цянь-кунь) чыгышта 7 миң ли (1 ли 500 м) узактыкта (хуннулардын) Шанүйлөрүнүн ордосу жайгашкан, ал эми батышта 5 миң ли аралыкта Чеши орун алган». Бул кыргыздардан чыгышта-хуннулар жайгашканын, кыргыз жеринен түштүгүрөөктө - Чеши (Турпан ойдуңунун өлкөлөрү жана шаарлары орун алгандыгын айтууга болот. Чешиден (Турпандан) ал кезде түндүккө карай кетүүчү жол жок, ошондуктан Турпандан дароо түндүккө эмес түндүк-батышка гана жылууга мүмкүн болгон. Ушундан улам, жогоруда белгиленгендей **байыркы кыргыздардын жери Турпан ойдуңунан түндүк - батышта орун алган деген корутунду чыккан. Демек, кыргыздардын аймагы б.з.ч. I к. алыскы Эне-Сайда эмес, Турпандан түштүк-батышыраакта жана Теңир-Тоонун чордонун ээлеген усундардан түндүк-чыгышыраакта орун алган. Бул аймак Борбордук Азиянын ири мейкиндигин ээлеген Теңир-Тоо аттуу тоо кыркаларынын системасынын Чыгыш кыркаларынын биринен орун алган.**

Эң кызыктуу жана баарынан аз изилденген мезгил деп белгиленет «Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы» китебинде - бул биздин заманга чейин 56-49 жж. аралыгы. Дал ушул **доордо кыргыздар жана алардын коңшулары... хуннуларга баш ийбеген улуттук мамлекетин түзүшкөн. Кыргыз, динлин жана уцзе элдери түзгөн бул мамлекетти ...** Кытай тарыхчысы Бань Гу «үч падышалык» деп мүнөздөгөн: Жазылып калган тарыхта алгачкы ирет так эскерилген бул **Кыргыз падышалыгын Л.А. Боровков** жана **Ю.С. Худяков** эң акыркы изилдөөлөрүндө **Чыгыш-Теңир-Тоонун аймагында, чыгыш Түркстандык ...Кара-Шаар менен азыркы Манас (Кытай) шаарынан жана Боро-Хоро тоо кыркасынан түндүгүрөөктө, Дзосотин - Элисун чөлүнүн батышында жайгашкан деген тыянакка келишти.**

Жалпысынан **көчмөн элдин жүздөгөн жана бир нече миң чакырым жерге орун которуп жашоо үчүн кеңири мүмкүнчүлүгү болгондугун эске алсак Чыгыш-Теңир-Тоонун жалпы эле түндүк тараптагы (тескей) аймактары кыргыздардын жана алардын коңшуларынын алгачкы журту катары эсептелээрин айта алабыз.** Т. К. Чоротегин, Т.Н.Өмүрбеков. («Кыргыздардын тарыхы» 2000-ж. Бишкек).

**Ал эми б.з. III-V кк. Кыргыздар Чыгыш-Теңир-Тоодо жашап кала беришкен.** Б.з.ч. III к. акырында Кыргыздар Борбордук Азиядагы Хунну мамле-

кетининн курамына кирген. Дал ошол кезден тартып, кыргыздардын коому эрте таптык деңгээлге жеткен. Көчмөн турмуш, мал багуу болгон, коомдук түзүлүш болсо уруулар, уруулар ичинде уруктарга жиктелүү жүргөн.

«Кыргызстан тарыхында» (Т. Чоротегин, Т.Өмүрбеков) кыргыздардын Эне-Сайга көчүүсү V к. жүргөн, себеби ушул кылымда Түндүк Кытай тарапка келген жужандар менен уруш жүргүзүшкөн жана кыргыздар Жужан кагандыгынын курамына каратылган. Ошентип Борбордук Азия чыгышынан жужандардын, батышынан эфталиттердин баскынчылык саясатына кирептер болуп турган дал ошол доордо кыргыздар Теңир-Тоодон Эне-Сайга көчүүгө аргасыз болушкан.

Кыргыздардын түпкү Ата-Журту тууралуу «Кыргыз Санжырасында» С.Закиров өтө көп окумуштуулардын эмгектери менен таанышып чыкканын көрсөтүп, аларды эки топко бөлөт. Биринчи топтогу окумуштуулар В.В. Бартольд, А.Н.Бернштам, К.И.Петровдор кыргыздардын байыркы жери Түштүк-Сибирь, Енисей, Орхон сууларынын бойлору, Алтай Саян тоолору болгон дешет. Анан китепте ушул топтун түшүндүрүүлөрүнөн, далилдеринен баштайт. Академик В.В. Бартольд кыргыздардын байыркы жайлаган жерлери жөнүндө кытай маалыматтарына таянганын, ошол эле эмгекте кыргыздарды Кытайлар Гянь (Цянь-кунь) деп атаганын, Енисей кыргыздары жөнүндө тарыхый маалыматтарды кеңири колдонуу менен алардын «улуу империясынын» (IX-X кк.) түзүлгөнүн белгилейт. Ошондой эле 1246, 1254 жж. Поло Карпин, Рубрик сыяктуу саякатчылар калтырган маалыматтарды көрсөткөн. Ушулардан улам кыргыздардын байыркы жери Енисей болгонун түшүндүрөт. Ал эми окумуштуу А.Н. Бернштам болсо кыргыздар Енисейден Тянь-Шанга келиши этап-этап менен 1300-1400 жыл ичинде келип бүткөн деген. К.И. Петров болсо кыргыздар Енисейден XIII - XV кк. гана келген деген ойон айткан. Ошентип, кандай болсо да кыргыздардын Енисейде болгону анык.

Ал эми экинчи топтогулар болсо (Н.Я. Бичурин, Ч.Ч. Валиханов, Н.А. Аристов, А.К. Моргуландар) **кыргыздардын эзелтен берки жердеген жери Тянь-Шань, Памир, Алай тоолору, Ысык-Көл жээги, Орто-Азия болгон дешет.** Булар тууралуу жогоруда да берилди. Ал эми Н.Я.Бичурин (1777-1853) болсо улуту Чубаш, дүйнөгө орустун чыгышты таануу боюнча атактуу окумуштуусу катары белгилүү. Ал Кытай тилин эң жакшы билет, (суудай - С.З.) Кытайдан эң көп тарыхый этнографиялык, географиялык, турмуштук фактыларды чогултуп, биз (кыргыздар) үчүн өтө баалуу эмгектерди жарыялаган. Ал Орто-Азиядагы кыргыздар түрк тилинде сүйлөгөн түрк урууларынан болсо, Енисейдеги кыргыздарды Жунгар калмактарынын бир уруусу катары карайт. **Чокон Валиханов Бичуриндин бул көз карашын кубаттап, кыргыздар Чыгыш Түркстандын байыркы жашоочулары, байыртадан эле жерден келген эл, алар Анжиян тоолорунан Кашкарга чейинки жерлерде көчүп жүрүшөт деген жыйынтыкка келген. Ал эми монгол түрк тарыхчысы Абулгази:-кыргыздар түрк элине кошулат, Өгүз хандын небереси Кыргыздан тарайт, азыркы учурда кыргыз тукуму аз, аларга монгол ж.б уруулардан кошулуп кыргыз болуп кетишкен деп көрсөтөт.**

XIX кылымдагы орус тарыхчысы Н.А. Аристов кыргыздар Тянь-Шанда, Орто Азияда көп замандар мурда жашап келгенин маалымдайт, казак окумуштуусу А.Х. Моргулан, Ч. Валиханов, Н.А.Аристов сыяктуу элдик санжыраны изилдеген окумуштуу. **Анын оюу боюнча IX-X кылымдарда кыргыздардын саясий союзунун борбору Турфандын түндүк жагында жана Үрүмчү шаары турган жерде болгон. Алардын айрым чоң топтору Тянь-Шань аймагына көчүп, бара-бара уюткулуу журтка айланганын жазган.** Ошентип, биз кыргыздын Ата-Журту жайлаган жерлери кайсы жер болгон? - **деген суроого Ала-Тоо аймагы, Сары-Өзөн-Чүй, Ысык-Көл, Анжыян, Самаркант, Ысар, Көлөп болгону баяндалып, кийин Ала-Тоого, Тянь-Шань, Орто-Азияга оогону айтылат.**

С.Закиров өзүнүн «Кыргыз санжырасында» кыргыздардын тарыхы боюнча көп маалыматтар, тарыхый окуялардын кыргыз санжырасы менен окшош болуп жатканын белгилейт. Жогорудагы берилген бир аз материалда да бул туурасында көрүнүп турат. Ушундан улам кыргыз санжыраларынан сиздер таанышып ала турган, бул жерде көп кайталап олтуруунун зарылдыгы жок окуяларды дагы кайталоонун зарылдыгы жок деп ойлойм. Эми байыркы түрк тукумундагы элдер да, кыргыздар да башка элдердей эле падышачылыкты, мамлекеттүүлүктү өткөрүшкөнүн, бизде алардын ичинен хуннулар, сактар жана усундар тууралуу тарыхый маалыматтар толук болбосо да бар.

## Хуннулар жөнүндө

Тарыхта кыргыздар б.з.ч. III к. акырында ушул хунну мамлекетинин курамында болгон. Буга чейин кайсы коомдук түзүлүштө болгону тууралуу маалымат жок, тек гана кыргыздардын элдик аталышы иероглифтер жана кытай булактарында белгиленген маалыматтар бар.

Тили тектеш түрк («түрк» сөзү алгач «төрөлгөн», «тирүү» деген маани берген) бабаларыбыздын түпкү ата-бабалары **Хуннулар** эле. Жалпы түрк элдеринин алгачкы тарыхый мамлекеттүүлүгүн мына ушул хуннулар негиздеген. Хуннуларды айрым бир гана түрк элдеринин ата-теги деп көрсөтүүгө болбойт, себеби, Хуннулар маданияты, салт санаасы, саясий тажрыйбасы дээрлик бардык түрк урууларына таасирин тийгизген. Ал турсун Европалыктар алардын б.з. IV-V кк. Европага келген бөлүгүн гундар кыргыздар деп аташкан. Хуннулардын алгачкы мекени б.з.ч. VI-V кылымдарда байыркы Кытайдын Хуанхэ дарыясынын боюнда жашашкан мамлекеттердин түндүк батышында коңшу болуп жашашкан. Ал эми хуннулардын түндүк батышында эң байыркы кыргыздардын жана ага тектеш түрк урууларынын ата-теги болгон. Алардын бардыгы тең б.з.ч. I миң жылдыктын ортосунда алгачкы жамааттык түзүлүштө жашашкан.

Б.з.ч. III к. хунну атчандары Цинь падышалыгына кол салып, тынчтык бербей турушкан. Хуннулардың чабуулуна каршы коргонуу үчүн (228-221-жж.) Улуу Кытай дубалы салынган. Аралыгы 4 миң км. Созулган, бийиктиги 10 м.

болгон, ар бир 60-100 м. аралыкта Кароол мунаралары турган, бул сепил дубал ушул күндөрдө да турат.

Хуннулар ошол мезгилде көк асманга сыйынышкан, тиги дүйнөнүн бар экендигине да ишенишкен, «теңир жалгасын» деген алкоо ошол байыркы доордон калган. Үй-бүлөнүн кожоюну эркек болгон, аялы үчүн күйөөнүн, балдары үчүн атанын сөзү мыйзам сыяктуу болгон, жигити башка уруудагы кызга үйлөнгөн. Хуннулардын гүлдөп, өсүп турган учуру да болгон, б.з.ч. II кылымда Улуу Хунну империясы түзүлүп, ошол учурда тектеш кыргыз, динлин, усун сыяктуу уруулар анын курамына кирип, тилдик, диндик, башка жашоо тиричилик турмуштары бир болгон. Хунну этносунун Бүткүл Борбордук Азиянын жана ага чектеш мейкин талаалуу ири аймактын бийлөөчүсү катары жаркын тарых барактары жазылган.

## Сактар жөнүндө

Теңир-Тоодогу байыркы мамлекеттердин бири «сактар» болуп эсептелет. Кыргызстандын жана ага чектеш аймактардын б.з.ч. III к. негизги калкы сактардын Чыгыш бутагы болгон. Бул туурасында болсо байыркы Перстердин падышасы Дарий I (б.з.ч. 522-486-жж. бийлеген) мезгилдеги аска беттеринде калтырган жазууларда белгиленет. Мында Орто Азиялык калк жалпысынан сак деп көрсөтүлгөн. Сак этноniminин түпкү мааниси тууралуу ар түркүн пикирлер көп. Айрымдары «сак» этноними «ит» же «бугу» деп түшүндүрүшсө, башка бирлери түрк, моңгол тилдерине таянуу менен «чач» деген маанини берет дешет.

Ирандын борбору Берсеполдун жанындагы капчыгайдагы бейит бетиндеги жазууда сактардын үч башка түрү эскерилген. Алар ... деңиздин (дарыянын) өйүзүндөгү сактар, «хаумду (чекенде дары чөбү) кадырлоочу сактар», «шуштугуй калпакчан сактар» деп аталышат. Сактар тууралуу кыргыз тарыхынын авторлорунун башка материалдарынан да кеңири окуп тааныша аласыздар. Мында болсо сактар жашаган аймактар Сары-Дарыянын ортоңку агымы, согду өлкөсү (азыркы Самарканд аймагы) ал эми археологиялык казуулардан улам Кочкор өрөөнүнөн Беш-Таш-Короо, Кетмен-Төбөдөн Жал-Арык , Ак-Чий-Кара-Саз, Сары-Жон, Кайрак, Жалпак-Таш, Ысык-Көлдө Түптөн, Челпек, Ферганада Шоро-Башат, Алма-Атада Ысык көрүстөндөрүнөн табылган буюмдар аркалуу сактардын жашаган аймагы, жашоо-тиричилик шартынан кабыл алууга болот.

Сак урууларынын жылкы өстүрүүгө жана аргымактарды таптоого өзгөчө көңүл бурушканын да көңүлгө алуу зарыл. Бизде «жылкы адамдын канаты» дешет эмеспи. Грек тарыхчысы Ксенофонд (б.з.ч. 434-355-жж.) персилердин падышаларынын бири ар кыл элдердин өкүлдөрүнүн ат чабышын уюштурганын жазган. Бир чакырымдык аралыктагы марага сактардын бир жигити караандатпай чыгып келген. Аргымагы үчүн перси падышасы жигитке бир падышалыкты сунуш кылганда, ал баш тартып, өз атын каарман адамдын алкыш сөзүнө гана берерин билдирген.

Нарын облустук
Китепканасы
№

Б.з.ч. 1 миң жылдыкта сактар жана аларга тарыхый коңшу болгон калктар жергиликтүү жазуу маданиятынын башатын негиздешкен. Орто Азиянын чор-

донунда жана батышында арамей, грек, түндүк-батыш индиялык жана байыркы согду жазууларын б.з.ч. 1 миң жылдыктын акыркы кылымдарына чейин колдонушкан.

Грек тарыхынын атасы деп аталган Геродоттун «тарыхтын» жетинчи китебинде гректерге каршы салгылашкан сактардын шуштугуй калпак, кеңири шым кийип, жаа, кыска кылыч, кош мүйүздүү ай балта менен куралданганын жазат.

## Усундар жөнүндө

Усундар б.з.ч. III к. б.з. V к. Борбордук Азиянын жана Теңир-Тоонун аймагында жашаган көчмөн элдерден болгон. Усундардын этностук аталышы «карганын урпактары» деген түшүнүк берүүчү. Усундар Теңир-Тоого монголоиддердин белгилерин көбүрөөк ала келген элдерден болгон.

Б.з.ч. I миң жылдыкта б.з. I миң жылдыгында Борбордук Азиялык көчмөн элдердин эч кимиси өз конуштарында туруктуу болушпай, бир жерди жердеп, биротоло жашап калышкан эмес. Ошол эле хуннулар да, йуэчжилер да, сактар да, кыргыздар да улам журт которуп турушкан. Ушундан улам усундардын эң байыркы журту кайсы жерде болгону так эмес. Кытай окумуштуусу Бан Гу б.з.ч. III к. «... усундардын бийлик эгеси Куньмо» (күн-бий) жана анын атасынын чакан падышачылыгы Цилянь шань тоолору (Ганьсу вилайетинин батышы) менен Дунь- хуандын ортосунда жайгашкан деп жазган. Ал эми б.з.ч. VI-III кк. аралыгында Ганьсунун бул батыш аймагын усундар байыркы тибет урууларын сүрүп чыгып ээлеп алышкан.

Б.з.ч.165-160-жж. Чыгыш-Түркстандын бир катар түндүк аймагын, Борбордук Теңир-Тоону, Жети-Сууну усундар ээлеп, 161-158-жж. аралыгында күн-бий жаңы Усун мамлекетин түзүп, өзүн хуннулардан көз каранды эмес деп жарыялайт. Аларда 120 миң түтүн болгон, баш.калаасы Ысык-Көл аймагындагы Чигу шаары эсептелген (азыркы аталышы Сары-Булуң).

Коомдук түзүлүшүнөн эрте феодалдык мамилелер өнүгө баштаган. Саясий түзүлүшү болсо хуннулар түзгөн эле көчмөндөр бийлеген монархиялык мамлекет болгон. Көчмөн мал чарбасы менен бирге дыйканчылык иштери өнүккөн. Көчмөн турмушту мүнөздөп, Усун күн-бийинс берилген кыз: -

Алыстагы жердин түпкүр четине,
Усундардын күн-бий - бийлик ээсине,
Таанoccupied жат эл, чоочун өлкөгө,
Ата-энем берди мени күйөөгө.
Жыгач ууктар - менин турагым,
Жүн кийизден үйдүн дубалы.
Ичээриме жалаң кымыз, айран - сүт,
Жей турганым (жададым - ов:) жалгыз эт, - деп муңканган кытай тектүү кыз. Дан өсүмдүктөрү күрүч, жашылча-жемиш негизги тамагы болгон кытай кызынын көргөн күнү өзүнө кордук сезилсе, усун көчмөнү үчүн кадыр эсе жашоо ырахаты эле!

Б.з.ч. II к. б.з.V кк. аралыгында усундар Борбордук Теңир-Тоонун түштүк тарабында Чыгыш-Түркстандын ар кыл аянттагы 34 өлкөсү менен тутамдаш аймакта жашашкан. Мындагы калктын басымдуу көпчүлүгү байыркы түрк уруулары жана алар жашаган өлкөлөр эле. Ошондой эле Кытай, Индиядан келген ар кыл этностордун өкүлдөрү болучу. Бул өлкөлөрдүн ичинде усундар менен өзгөчө саясий, чарбалык, соода алаканы жүргүзгөн Кророайна (Лобнор көлүнүн аймагы), Турпан, Жаркент, Кашкар, Куча, Хотан сыяктуу өлкөлөрдү кошууга болот. Кээде Кучага баш ийип, андан өз алдынча саясат жүргүзгөн анын аймагындагы Үч-Турпан, Ак-Суу шаар мамлекеттерин да эскерип кетүү ылайыктуу.

Б.з. V к. Усундардын жерине чыгыштан көчмөн жужан (Кытай) уруулары (436 ж.), батыш тараптан эфталиттер басып кирип, Усун мамлекетинин жок болушуна алып келет. Усундар этносу кийинки Теңир-Тоолук элдер менен жуурулушуп кетет. Ал эми 552-744-жж. Борбордук Азияда кыргыздардын тарыхында көрүнүктүү роль ойногон түрк мамлекети (түрк кагандыгы) түзүлөт. VI к. тартып кыргыздар Эне-Сай аймагында өзүнүн кагандыгын калыбына келтире баштaшат, VII к. аягы - VIII к. башында кыргыздардын мамлекети менен коңшу мамлекеттери олуттуу эсептешүүгө аргасыз болушат. Кыргыз мамлекетинин башында Барсбек ажо турган. Бул мезгилде Барсбек баатырдын тушундагы кыргыз тарыхынын өзгөчө бир ажайып гүлдөп өнүккөн мезгили деп белгиленет «Кыргызстан тарыхында». Татаал тышкы саясий кырдаалдын шарттарында кыргыздардын мамлекетиндеги биринчи орунга өзүнүн асыл сапаттарынын аркасында көтөрүлгөн. Барсбек Борбордук Азияда саясий жагдай кескин өзгөрүп турган кезде кыргыздарга башчылык кылган. Ал Орхон түрктөрүнө, (Монголия), Таң империясынын ээзүүсүнө каршы көтөрүлүштү баштап чыгат. Алар талаада Кытай аскерлерин жана алардын союздаштарын бир нече жолу жеңилүүгө учуратышкан. 688-ж. ал Ынанчу Алп Билге деген такты наамын жана кагандык титулду алды. Кийин Түрктөрдүн каганы Капаган Барсбекти каган деп таанып, ага өз жээнин аялдыкка берген. 709-ж. түрктөргө каршы Таң империясы жана Түргөш кагандыгы кирген кубаттуу согуш ынтымагын түзүүгө жетишкен. Мына ушул абалга Түрк каганынын саясий жана ири аскер ишмерлеринин бири Тон - Йокус: «Табгач (кытайлык) каганы биздин душманыбыз эле. Он ок (түргөштөрдүн) каганы биздин душманыбыз эле. Бирок, биздин баарынан чоң душманыбыз кыргыздардын күчтүү Каганы болгон», - деп баа берген.

711-ж. Сунгадагы салгылашууда союздаштарынын чыккынчылыгынын айынан, аз сандагы кыргыз жоокерлери өзүнөн алда канча күчтүү душманы менен беттешип далай эрендери эрдиктерди көрсөтүшөт, бул теңдешсиз согушта Барсбек да курман болот. Кийинки кырк жылдан ашуун убакта кыргыздар Борбордук Азиядагы согуш аракеттерине катышкан эмес, түрк кагандыгы кулаганга чейин иш жүзүндө ага көз каранды болуп турган.

## Улуу кыргыз дөөлөтү

VIII к. Борбордук Азияда гегемондук роль уйгурлардын колунда болот. Жети-Суудагы карлуктар, чиктер жана түрк урууларынын калдыктары менен биригип уйгур каганына каршы 20 жыл даярдык көрүшкөн. Акыры 840-ж. Кыргыз каганы Уйгур каганынын борбору Ордо-Балыкты (Орхон дарыясынын боюнда) 100 миң аскери менен талкалайт. Уйгурлардын калганы Кытайга, Байкалдын ары жагына, Чыгыш Түркстанга качышып, өзүлөрүнүн мыкты жерлерин кыргыздарга калтырууга мажбур болушат.

843-жылы Эне-Сайлык кыргыздар уйгурларды куугунтуктап олтурушуп, Чыгыш Түркстанга басып киришет. Аньси жана Беш-Балык шаарларын алышат. Алардын күчтүү отряды Чыгыш Монголияда, Жунгарияда жана Байкалдын ары жагында да ийгиликтүү согуш аракеттерин жүргүзүшөт. Ошентип, IX к. орто ченинде кыргыздардын Улуу Дөөлөтү пайда болот. Анын чек аралары чыгыштан-батышка карай: - чыгыш Монголиядан тартып, Ысык-Көл менен Жети-Суугa чейин, түндүктөн түштүккө карай - Сибирь тайпасынан (Томски менен Красноярскинин аймагы) тартып Улуу Кытай дубалына чейинки эбегейсиз зор мейкиндикти кучагына алган. Ошентип, кыргыз ээлигинин курамына Түштүк Сибирь, Монголия, Байкал-аймагынын бир бурчу, Иртыш бою, Чыгыш Казахстан, Жети-Суу аймагы, Ысык-Көл, Борбордук Тянь-Шань жана Тарим өрөөнү кошулган.

Мына ушул зор мейкиндикти караткан мезгилди академик В.В. Бартольд «Улуу Кыргыз Дөөлөтү» деп 1927-жылы жазган, «Кыргызы», Исторический очерк деген китебинде киргизген.

Жалпысынан алганда, Эне-Сай кыргыз кагандыгынын бул күч алган доору азыркы кыргыз улутунун улут болуп калыптануусу үчүн терең негиз салган феодалдык мезгил эле деп белгиленет «Кыргызстан тарыхында». Байыркы кыргыз тилинде жазып калтырган таштагы жазууга таянып, кытайлык тарыхчы А. Байтур Уйгур кагандыгын талкалаган кыргыздардын каганы **Йаглакар-хан аттуу адам** болгон деп жазат. Улуу кыргыз Дөөлөтүн каган башкарган. Ошол мезгилде кыргыздар түрк элдеринин ичинен сабаттуулары болгон, өз жазуусун кеңири колдонгон. VII к. акырынан тартып руна жазуусу кеңири пайдаланылган, Эне-Сай жазуусу болсо кыргыздардын туңгуч жазуу маданиятынын өзөгү болгон, ал Барсбек кагандык алган мезгилден кеч эмес колдонулган. IX к. Түндүк Кытайда бир топ кыргыз жаштары билим алышкан. Улуу Кыргыз Дөөлөтүнүн өкүм сүрүүсү узакка созулган эмес. X к. биринчи чейрегинде кыргыздардын негизги массасы талааларды калтырып, Саян тоолоруна кайтышкан. Себеби, аз сандагы кыргыз эли узакка созулган согуштардан тажаган, көп жабыр тартышкан. Ошентип бир бөлүгү Теңир-Тоого, бир бөлүгү Тибетке, дагы бир бөлүгү Эне-Сайга кайтып кетишкен.

Эне-Сай кыргыздары (б.з. I - VIII к.) Бул документтүү материал катары берилди. Кунт коюп карап байыркы кыргыздардын жашоо-тиричилигин дагы тагыраак түшүнсө болот. 1960-ж. мурда болсо керек «Ала-Тоо» журналына

Ю.С. Кудяковдун Сибирдеги Кыргыздар тууралуу материалы басылып, анда «ат жалында ойногон» кыргыз жигиттери жакшы мүнөздөлгөн эле. Убактым жетпегенден ал журналды кайрадан издей албадым.

## Эне сай кыргыздары

Кыргыз ээлиги түздөн-түз түштүк-чыгышта Хайху ордосуна (Уйғур каганынын ордосу, Хангай тоолорунун этегиндеги, Орхондун боюнда) чейин 3000 ли деп эсептелген. Жери жайкысын саздак, кышкысын кары калың. Кишилери жалпысынан узун (шыңга) бойлуу, чачтары саргыч, кызыл жүздүү, көздөрү көгүш. Таруу, арпа, буудай ....эгилет. Унду жаргылчакка тартышат, эгинди үчүнчү (апрель) эгишет, ал эми (кызылды) тогузунчу айда (октябрда) орушат. Боткодон бозо ачытышат. Аттары олбурлуу жана денеси чымыр, уйлары менен койлору арбын. Алтын, темир, калай бар... өтө курч курал жазашат... Суусар менен илбирстин терисинен баалуу кийим тигишет... ак кийиз калпак кийишет...аялдары жүн жана жибек кездемелерден көйнөк кийишет,...Букаралар суусар менен тыйын чычкандын терисинен салык төлөшөт. ...Төө жарыштырышат , үйрөтүлгөн арстандары бар, ат ойнотушат. Никелешкенде калыңга жылкы жана кыт төлөшөт. өлүк койгондо сөөктү үч каттап орошот жана ыйлашат, андан кийин аны өрттөшөт, калган сөөктөрдү жыйнап бир жылдан соң жерге көмүшөт. Андан кийин белгилүү мезгилде өкүрүп үн чыгарышат, аш беришет. Алардын мыйзамы өтө эле катуу. Салгылашуунун алдында жалтактагандын, элчилик кызматты аткара албагандын, өкүмдарга туура эмес кеңеш бергендин жана ууру кылгандын башы алынат. Кыргыз ээлиги чыгышта Гулиганга Байкалдын жээгине чейин, түштүктө Тибетке (же чыгыш Түркстанга) чейин, түштүк батышта Гэлолуга (Иртыштын башталышындагы эки жак жээги) чейин созулат. (Бичурин Н.Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена - Т. 1. м., л., 1950-351-357 беттер).

## IX - XII кк. Караханийлер доору

Кыргыздардын басып өткөн жолуна кайрылып карап, Караханийлер дооруна балдарыбыз, неберелер жана андан тукумдардын жакшы билүүсү керек экен деп кайрылдым. Себеби, IX - XII кк. өткөн доор. Китептин авторлору ушул мезгилди чигилдер - Караханийлер кагандыгын негиздөөчүлөр деп белгилешкен. Кашкар шаарынын айланасында өзгөчө X кылымда орчундуу саясий күчкө айланган көчмөн түрк элдери - чигилдер болгон. Бир катар окумуштуулар да (профессорлор Ахмед Зеки Велиди Тоган, Өмүркул Караев) Караханий кагандыгын чигил элинин тукумдары негиздеген деген пикирлерин айтышкан. Ал эми түрк окумуштуусу Решат Генч болсо Караханийлерди Нарын аймагын жердеген башка бир таасирдүү көчмөн калктан - йагма элинен чыккан деп божомолдогон жери да бар. Т.Чоротегин, Т.Өмүрбеков болсо чигилдер дайыма йагма эли менен ынтымактуу болушкан дешет.

Анда эмне үчүн түз эле чигил кагандыгы дебейт. Себеби, Караханийлер коому ар кыл түрк элдеринен урууларынан турган экен, ошондой эле аларга баш ийип, бара-бара түрктөшө баштаган башка элдерден да куралган. Ушундай кырдаалда мамлекетти бир гана чакан элдин атынан атоо опурталдуу болоор эле, ал эми, "караханий" деген жалпы орток ат болот.

Кара деген сөз кыргыздарда орто кылымдардан тартып улуу, баатыр, чоң, эбегейсиз күчтүү, кайратман ж.б.у.с. маанилерди берип келген. Демек, Карахан – Улуу хан, Улуу падыша дегенди билдирет. "Караханийлер" термини илимий адабиятка XI кылымда орустун чыгышты үйрөтүүчүлөрү тарабынан киргизилген жана түрк династиясы үчүн жалпы кабыл алынган термин болуп калган. (Ө.Осмонов, А.Мырзакматова).

Караханий мамлекетинин негиздөөчүсү чигилдердин төбөлдүк уругуна таандык үй-бүлөдөн чыккан - Сатук Буура-хан болгон. Ал Кашкарда туулуп өскөн. Ошол кезде Кашкар аймагын анын атасы Базир Арслан-хандын бир тууганы Огулчак Кадыр-хан бийлеп турган экен. 12 жашар Сатук Буура Кашкардан Артышка келип калат. 1-жолу мусулмандардын намазга жыгылганын көрөт, мусулманчылык тууралуу маалымат алат. Ага бул жаңы дин жагып калат, теңирчиликтен баш тартып, исламга өтөт. Өзүнүн жан-жөкөрлөрүнө да ислам динине өтүүгө буйрук берет. Бирок, Огулчак Кадыр-хан Теңир-Тоого жаңы диндин киришине каршы эле. Бир жолу бир тууганынын баласын - Сатукту сынамакчы болуп барат, куруп жаткан ыбаратканасынын ишин көрүп (капырлар үчүн делип курулуп жаткан эле), көңүлү жайланып, ошону менен тим болот. Сатук болсо өзү кийин мечит кылам деп өз ичинен убада берген эле. Өзү болсо тымызын мусулмандардын ыйык китеби – Куранды окуп, үйрөнө берет. 25 жашка келгенде кагандык бийликти тартып алып, өлкөнү ислам мамлекетине айлантууга киришет.

Сатук күндөрдүн биринде 40 чоросу менен бирге аң ууламыш болуп чыгып, "жыгач шаар" деген чепке келип, аны басып алат. Мында аскердик окуу үйрөнүү өткөрүп, миң аскер курап, 1-жолу Ат-Башы калаасын (Кошой Коргон) каратып алат. Анан колун 3 миңге жеткирет, бу кол менен Кашкардагы аталаш агасы Огулчак Кадыр-хандын ордосун басып алат.

Ушуну менен Теңир-Тоолук түрк калктарынын тарыхында алгачкы ирээт мусулман төбөл ордону ээлеп алып, өзүнүн каган жарыялаган. Оштентип Сатук Кашкардагы жана ички Теңир-Тоодогу бытыранды түрк элдерин баш коштуруп 940-жылы чигилдерден, йагмалардан турган Теңир-Тоолук түрк аскерлери менен Чүйдөгү Баласагун сыяктуу шаарларды алган, ал азыркы Буранадагы шаар калдыгы эле. Аны борбор шаар деп жарыялайт.

Тарыхта Кашкар аймагы менен Баласагун аймагы бирдиктүү түрк мамлекетинин алкагына кирип, ушундан тартып мусулмандык Караханийлер кагандыгы негизделип бүттү деп эсептелген. Анын расмий негиздөөчүсү Сатук Буура-хан, Базир Арслан-хан уулу болгон.

"Ыйык казатчы" деп урматталган бул мусулман каган 955-956-жылдары каза болуп, сөөгү ислам динин алган Артыш (Кытайдагы Кызыл-Суу Кыргыз автономиялуу облусунун борбору) шаарчасына алып келип, аруулап көмүшөт.

Анын Артыштагы күмбөзү али турат. Мусулмандык ысымы - Абдал-Карим (Абдулкерим) арабчадан "Айкөл Алла Таллаанын кулу" делет, ал эми хандык өзгөчө титулу "Буура хан" болгон.

Караханийлер доорунда **жазма маданияттын кеңири тарашы,** элде социалдык олуттуу айырмалуулуктун болгонуна карабай, жалпы эле Борбордук Азиялык түрк калктарынын маданий өнүгүүсү үчүн, ортоңку жана жогорку катмарлардын маданият турмушу үчүн орток белгилерди, жагдайлардын түзүлүшү (жаралышы) - бул доордун эң башкы белгиси болгон! Жалаң эле төбөлдөр эмес, оокаттуу карапайым кишилер дагы билимге ээ болуп, дүйнө тууралуу маалыматтарды кеңейтирээк ала башташкан. Мусулман "Куран" (жараталыш-коом) китебин окутуп, араб тилин үйрөнүшөт, анын аркасы менен башка адабияттарды да окушат. Араб жазмасы аркалуу өз тилдеринде да жазуу болот, ушундан улам чигил тилиндеги жазуу да өнүгөт. Бул доордогу жазуу ташка, башка катуу буюмдарга жазуу эмес, кагазга жазуу жүрөт, ошол жерде чыккан китептер, документтер ушул күнгө сакталып келгендери болгон. Кагаз-Борбордук Азияда VIII кылымда пайда боло баштаган. Самаркандда жасалган кагаздар жогорку сапаты менен айырмаланган, ал турсун сырткы соодага сатылып турган.

Ал кезде **китептерди басма сөз аркалуу жарыялоо** Борбордук жана Батыш Азияга, Европага **дайын боло элек кези эле.** Ошондуктан **китепти кол менен көчүрүү,** кол жазмаларды сатуу менен өз жанын жана үй-бүлөсүн баккан кишилер арбын болгон. Мыкты кол жазмага ээ болгон кишилердин кадыр-баркы чоң болгон.

Бул **доордо билим берүү да өнүккөн.** Ар бир **ири мечитте китепканалар, башталгыч мектептер** болгон. Куран эле эмес, математика, адабият боюнча сабак берген мектептер болгон. Медресе - жогорку окуу жайы эле, андан медицина, астрономия ж.б. окулчу.

Кечээ кийин эле биздин мезгилде (1980-1990-жж. чейин) үйдө чоң (калың) куран китеби бар болучу. Ал да арбын, эмес айрым гана үйлөрдө болоор эле. Ага атайын жакшылап (жасалгалап) илүүчү жиби бар "баштык" жасап, үйдүн төр жагына бийик жерге, мык уруп илип коюучу. "Куран" китебине өтө сый жасап, ыйык нерсе катары бааланчу, ар ким эле кармай бербей, таза, даараты барлар гана кармачу. Мындай китеп биздин Төө-Жайлоодогу үйдө, төркү үйдүн батыш тарабында илинип турчу эле.

**Бул доордо маданий жана илимий жактан өнүгүү жүргөн,** жерден жерге, шаардан шаарга билим кубалап көчүп конгон окумуштуулар үчүн эч бир чек аралык тоскоолдуктар болбогон. Азыр болсо математик, тарыхчы, астроном, географ Абу Райхан Беруни (973-1048), дарыгер Абу Али Ибн Сина (980-1037), өз доорунда ири тилчи окумуштуулар болушкан, Искак ал-Фараби (962 өлгөн), Насыр Исмаил ал-Жавхари ал Фараби (1007 өлгөн) сыяктуу өз учурунда зор эмгек жасаган ата-бабаларды орто азиялык эл сыймыктануу менен эскеришет.

IX-XII кылымдарда Караханийлер доору ошол кездеги, азыркы да мезгилдеги жашап жаткан түрк элдери үчүн **көөнөрбөс из калтырышты.** Мында Сатук

Буура-хан, Жусуп Баласагуни, Махмуд Кашкарилерге (Барскони) аз токтолоюн дедим.

Сатук Буура-хан тууралуу жогоруда кеңири сөз жазылды.

**Эмгеги мындан 1000 жыл мурун жазылса да** ушул күндө да күнү бүгүнкүдөй кызмат өтөп жаткан Жусуп Баласагын туурасында азыноолок сөз болсун. Адегенде мен укум-тукумга бул агамдын эмгегин кандай болсо да таап окугула, анан ошол мезгилди жана өзүң жашап жаткан мезгилге салыштырып, **эмне деген эмгек экенин баалап,** канчалаган кылымдардан бери, канча доор, кандай замандар өтсө да андагы накыл, **нукура сөздөрдү баамдап,** өзүңөргө кабыл алгыла деп кеңеш жазганы жатам.

Кыргыз эли бул улуу адамга **сый-урмат жасап, дээрлик миң жылдан кийин болсо** да кыргыздын борбор шаары болгон **Бишкекте Кыргыз Улуттук Университетине наамын берди,** өзүнүн эстелигин орнотту, ал эми туулган жерине карата ага "ал - Баласагуни" же тактап айтканда арабча "Баласагундук" деген ат берилген. Бул шаар Чүй өрөөнүндөгү Бурана шаар калдыгынын орду эле, анын башкы мунарасы азыр да күнү күнкүдөй турат. Буранада республикалык археологиялык-архитектуралык музей бар. Шаар калдыгына, Бурананын мунарасына Орто Азиянын булуң-бурчунан элдер, сырттан келген атайын коноктор, туристтер келип турушат.

**Жусуп Баласагын** нагыз түркчө сүйлөгөн жана нагыз түркчө сүйлөгөндөрдүн ичинен бүгүнкү күндө сакталып калган **жападан-жалгыз калк-кыргыз эли,** демек кыргыздардын өз акыны, өз чыгармаларын түрк тилинде жазган. "Куттуу билим" поэмасын 1069-1070-жылдары жазып, аны Караханий каганына тартуу кылган (ал 1056-1103 жылдары бийлеген). Бул дастан үчүн акынга "Улуу хас хажиб" (Хандын атайын кеңешчиси) деген ордолук чин ыйгарылган. Ал **атактуу, сыпаа, сөзмөр, акылдуу, түркүн-түркүн билим алган, калыс, сөзгө жана наркка бай инсан болгон.** Чыгарманын жалпыга белгилүү үч нускасы бар: бири 1439-жылы Афганистанда уйгур ариби менен, экинчиси араб ариби менен XIV кылымда, үчүнчүсү 1914-жылы табылган, наманган нускасы деп аталат, араб ариби менен көчүрүлгөн. Тамгалар араб, уйгур ариби менен болсо да сөзү түрк-төргө таандык. Поэма немис, түрк, орус, өзбек, уйгур, англис жана кыргыз тилдерине которулган.

"Куттуу билим" дастанын түрк тилиндеги алгачкы энциклопедиялык чыгарма деп эсептешет изилдөөчү окумуштуулар. Себеби, ал дастанда жашоо тиричиликтин бардык жактары бар, анда: - **жүрүш-туруш, адеп, тил, дин, акыл, бакдөөлөт, билим, адилеттик, ыйман, насип, канием, жакшылык, жамандык, мамлекетти башкаруу, элге кызмат кылуу** өңдүү толгон-токой маселелерди мазмунуна чөгөрүп турат. Жогоруда белгиленгендей дастандын башкы идеясын алдына койгон максаттын өзөгүн түзгөн, түбөлүктүү түшүнүктөр: - **дөөлөт, адилет, акыл, канием түзөт.** Мына ушулардын бардыгы чыгармада суроо-жооп менен жазылып, насаат айтуу менен түшүндүрүлөт.

Мисал үчүн: - Күн тууду ким?
Адилет түз сүйлөгөн, сурай билип,
Калпы жок, сөзү, ою көктөй бийик.
Мына мен адилеттин өзү болом,
Адил **зандын** аярлаар көзү болом.
Үч буттуу буюм бекем болот экен,
Туруктуу болсо үч буту - орун бекем.
Кокустан үчтүн бири кыйшайганда
Экөөсү кошо кетет, кулайт анда.
Бери мени карачы, Адилет - мен,
Чындык, калптын жолдору ичке экен,
Чындык менен иш кылам, көндүм ага,
Бексиңби же кулсуңбу, бирдей мага.

Мына ушинтип чыгарманын башынан аягына чейин кунт коюп, маани берип окуу гана адамга каниет берет!

Корутундудан:

Акылман бардык нерсени көрө билет, түшүнө алат жана аларды өз ордуна коё алат. Акыл адамга эки түрдүү келет. Биринчиси: **табигый, төрөлүү менен кошо берилет.** Экинчиси: **билим, илим, окуп үйрөнүү** менен. Бирок экөө тең адилетке таянганда пайдалуу жана көпкө кызмат кылат.

Түшүнгүн. Караңгы үй - адам деген,
Жарык күн ага келет - билим (!) менен.

Ошондуктан, окуу-уулум, окуу-кызым, окуу-небере, чөбүрөлөрүм, эгерде жакшы адам болом десең деп мен силерге ушуларды атайын жазып калтырып жатам! Ушул улуу насаат, акыл сөздөр мындан 7 миң жыл мурда жазылган. Андан бери канча гана убакыт өткөнүн элестетип көр! Адам баласынын басып өткөн жолунда көп билимдүүлөр чыкты, алар өз учурунда туура түшүнгөндөр! Карачы, биринчи кагазды, **тамганы ойлоп тапкандар,** алардын жолуна **түшкөндөр азыр ааламда** эмнени гана жасашкан жок!

**Махмуд Кашкари** - түрк дүйнөсүнүн даанышмандарынын бири, тилчи жана окумуштуу. Ал 1029-1038-жж. аралыгында Ысык-Көл өрөөнүндөгү азыркы Барскоон жергесиндеги Барскан шаарында туулган. Махмуд Кашкари (Барсканинин) санжыралык аты-жөнү - Махмуд Ибн Хусейин Ибн Мухаммед болгон же атасы Хусейин, чоң атасы Мухаммед. Атасы Хусейин болсо ошол шаарды жана дубанды бийлеген бек болгон. Өз эмгегинде Махмуд ал - Кашкари өзүнүн тектүү жерден чыкканын, болгондо да Караханийлер кагандыгын негиздеп, бийлеп келген бабалардын урпагы экендигин белгилейт. Ал "...мен өзүм алардын (караханийлик түрктөрдүн) тили өткүр чеченинен, айтаары ачык жетигинен, көөдөнү таза тетигинен, ак сөөк тектүүсүнөн, найзасы таамай эптүүсүнөн болуу менен бирге, түрк, түрмөн-огуз, чигил, йагма, кыргыздардын калааларын жана талааларын изилдедим, алардын тилдерин жана накыл сөздөрүн зээнге туттум..." деп жазат.

Караханийлер мезгилинде бир катар ордо төңкөрүштөрү да болуп турган. Буура-хан да анын үй-бүлө мүчөлөрүнөн, Махмуд Кашкаринин атасы Хусейин да мына ошол ордо төңкөрүштөрдө өлтүрүлөт. Ушундай абалдан кийин Махмуд Кашкаринин өз ата-журтунан чыгып, түрк калктарын кыдыруусу башталат. Ал өтө алыскы аймактарда болуп, түрк калктарынын журттарын кыдырып, тилдерин, маданиятын иликтеп үйрөнгөн.

Махмуд Кашкари өзүнүн чыгармаларын түрк тилинде жазган, түрк тилинен жыйнап, изилдеген. Накта түрк тилинде сүйлөгөн. Кыргыз, кыпчак, огуз, тукси, йагма, чигил, йарук эли экенин жазган. Ал XI кылымда **кыдырып, корүп, сүйлөшүп, угуп, салмактап, салыштырып туруп** анан тыянак чыгарган. Ошол накта түркчө сүйлөшөт деген элдердин ичинен бүгүнкү күнгө сакталып калганы **жалгыз кыргыз тили**. Калган кыпчак, огуз, тукси, йагма, чигил, йарук эли өз атын жоюп башка тилдерге сиңип кеткен.

Махмуд Кашкари 10 чакты жылдай жер кезип, мол маалымат жыйнап, "Дивану Лугати ат-түрк" (Түрк элдеринин тил жыйнагы") деп аталган чыгармасы 1072-1077-жж. жазылып азыркы варианты сижук династиясы бийлеп турган ортоңку чыгыш аймагында бүтүрүлгөн, энциклопедиялык эмгек, ар бир сөздүн арабча котормосу да бар.

"Дивандын" жападан жалгыз түп нускадан **кочүрмосү гана биздин күндорго** жетти. Аны Иранда туулган Мухаммед ибн Абу Бекр ас Сави ат – Дымашкы 1266-жылы 1-августта көчүрүп бүткөн. Бул көчүрүлгөн нуска да XX кылымдын башында Түркияда кокусунан табылып, Али эмири, Килисми Муаллим Рифат ж.б. тарабынан 1915-1917-жж. илимге киргизилген. Бул нуска Стамбул шаарындагы улуттук (Миллет) китепканасында сакталып турат. Азыр "Дивандын" түркчө, өзбекче, уйгурча, англисче котормолору толук жарыяланган. Кыргыз, орус, казак, кытай, немис тилдеринде ар кыл бөлүмдөрү гана жарыяланды.

Махмуд Кашкари көп чыгарма жазганбы, жокпу, айтуу кыйын, бирок, анын бизге жетпей калган араб тилинде жазылган "Түрк тилдери тууралуу синтаксистик көөхарлары (маңыздары)" аттуу чыгарма "Диванда" көрсөтүлгөн, бирок, азырынча бул китеп табыла элек.

Кээ бир коомдук, маданий музыкалык, географиялык, чарбалык ж.б. терминдер "Диванда" кандай берилсе, азыркы кыргыз тилинде да өзгөртүүсүз сакталып турат. Мисалы: азык (байыркы түрү - азук), арт, бий (бүдик), жардык (йарлыг), жуушаң (жевшаң), идиш, кирпич, комуз (кобуз), көмөч, кымыз, сеңир, үтүк, үкөк ж.б., ал түгүл макалдар да бар. "Диванда" сатыкка чыгарылган буюм ошол кезде эле "товар" деп аталчу экен.

"Түрк тилдеринин сөз жыйнагы" чыгармасынын мааниси (баалуулугу): -

1) Бул жыйнак – тил таануу илим боюнча түркологиядагы ири салым, үлкөн изилдөө;
2) Сөздүн түпкү тегин, тарыхын изилдеген түшүндүрмө сөздүк;
3) Түрк поэзиясын, макал-лакаптарын өз ичинс камтыган көркөм мурас.
4) Түрк урууларынын теги, каада-салты, үрп-адатынан маалымат берген тарыхый изилдөө;

5) Түрк элдери жайгашкан жер-суулар менен, кыштак-шаарлардын аттары, аларга берилген түшүндүрмөлөрдү изилдөө болгон (окумуштуу Жээналиев боюнча).

## ӨЗ АЙЫЛЫБЫЗГА КЕЛЕЛИ

1960-жылдарга чейин биздин кичи мекенибиз Төө-Жайлоо деген аталыштагы даана киндик кан тамган жерде бололу. Ал кезде колхоз «8-Март» деп аталчу, кыштак салынып, 8-март күнү чогулуш болгондуктан аты ошондон калыптыр. Колхоздун чеги батыш жактан Көгөнду-Кыядан Чоң-Кара-Коого чейин созулуп, Нарын дарыясынын сол канатындагы тескей беттерди ээлеп, Көгөндү, Куудан-көч, Жол-Колот, Төө-Жайлоо, Бурган-Суу беш өрөөн-өзөндү ээлечү.

Дөбөлү айылынан чыгып ат менен же автожол менен жүрсөңүз Көгөнду-Кыяга келесиз. Илгери бул кыянын жогору жагынан ат жол өтүүчү, биздин ата-бабалар мына ошол ат жол менен Нарын шаарына катташчу. Кийин 1939-1941-жж. Нарын - Оорук-Там автожолу салынган. Нарын тоо кыркаларынын тескей беттериндеги Көгөнду тоосу Нарын дарыясына чейин өзүнчө кыр болуп келип, дарыяга кошулган жери зоо болуп кетет. Маңдайында Ак-Булуң деп аталган чакан айыл бар. Зоону жолчулар талкалап жол жазашкан. Адегенде жолдун эни тайкы эле, 1960-жылдарга чейин араба, автомашиналар каршысындагы транспортко жол берип өтүшчү. Кийин 1960-1970-жж. зоо улам кеңейтилип олтурду.

Согуш жылдары болсо керек. Айылда айрым үй-бүлөдөн адамдар Төө-Жайлоодон сары өзөк, ичи кургак карагайлардан алып келип, араалап, жара-жара чаап чакан чана жасап, ага жарылган отундук жыгачтардан жүктөп, Нарынга базарга алып барып сатышчу. Ушундай жумушту мага да бир жолу аткарууга туура келди. Айылдан отун жүктөгөн чана менен 5-6 адам жолго чыктык. Арасында баладан экөө элек. Ушул Көгөнду-Кыяга келгенде «чоңдор» өздөрүнүн аттарынан түшүштү да экөөбүздү кыядан түшүп, ойго барганда бирөөң аттарды кармап тургула да бирөөң кайра келгиле дешти.

Чапкан бойдон жөнөгүлө, чанага жеткирбегиле. Алдыга мен түштүм, ылдыйышка келгенде чана отуну менен атыман өткөнү калыптыр, артыман бирөө «атаңды» деп сөгүп,- «чап, чапкын», - деп кыйкырды. Атты камчы менен чапкылап, чу-чулап, анан көзүмдү жумган экем, бир маалда-токто эле, токто, - деп калды. Көздү ача салсам эчак эле түзгө келип калыппыз.

Эки чанага бирден адам артына отун таңылган аркандарды кармап сүйрөлүп алышыптыр, болбосо кыя бийик болуп эңкейиште чаналар аттардын бутуна тийип чочутушса, аттар үркүп күтүлбөгөн кырсыктар болушу мүмкүн экен. Биз Бекмурзаев Акмат экөөбүз аны кайдан түшүнөлү. Анын атасы улгайган адам эле, менин атам болсо күндүз малдан бошочу эмес. Атам мени Асаналы (Асалай ата дечүбүз) акеге тапшырыптыр, отунду канчага сатканын биле албайм, атама алып келип берсе керек. Ошентип, түн катып кыштын кыраан чилдесинде аткарган биринчи жумушум эле.

Көгөнду-Кыянын жонуна-чыкканда чоң жолдун үстү жагында Көгөнду тоосунун күн чыгыш жагы тик беттүү бийик, тоонун этек жагынан туурасынан тумшук чыгат. Ал «тоонун сокур ичегисиндей» болуп өзүнчө бөлүнүп чоң жолго чейин созулуп, маңдайы таштуу келип, майда зоочону түзөт. Ушундан улам бул туура узун тумшукту «Сеңир-Таш» деп аташат.

Көгөнду-Кыянын жонуна чыгып маңдайды карасаң Нарын дарыясы имерилип келип, батыш тарапка бурулуп кеткен дарыянын сол жээги менен чыгышты көздөй түз талаа кетет. Ал эки курбудан турат. Астыңкы курбу сайдын жээги, үстүнкү курбу Кууданкөчтүн суусу келип Нарынга кошулганга чейинки талаа (апийим талаа деп да коюшат) Медердин булуңу деп аталат. Мына ошол Сеңир-Таштын туура тушунан автожолдон өтүп, апийим талаанын үстү менен түндүк-чыгышты карай экинчи курбу кетет, ошол курбуну жээктеп ат жол менен үстүнкү түз талаанын этеги менен жүрүп, Кууданкөчтүн суусу келип Нарын суугa кошулган коого келип, коодон өтүп мүрзөгө барат. Мүрзөнү аралап, анын күн чыгыш тарабына жеткенде, ат жол менен баратканда оң кол жакта (Нарын дарыясынын түштүк жак тарабы) ат жолдун боюнда 2-2,5 м. аралыкта жанаша жаткан эки бейит бар, анын чоңу Энем Салкындыкы, кичинеси агам Абдымиталиптики. Энем менен агамдын батыш жагында узатасынан согулган (дубалы ураган), коргондун уландысы бар. Анда Келдибек атадан берки аталар, агалардын, эне-эжелердин сөөктөрү коюлган дешет (Дүйшөк аке). Күн чыгыш жакта агам Ажыбай баласы Кудайбергендин күмбөзү (1900-1968-жж.), экинчи аялы Сайранын мүрзөсү турат. Ага жакын аралыкта батыш тарапта агам Ажыбай баласы Жуманазардын да мүрзөсү бар, кийин бул жерге Чайыш атанын балдары Дөбөлүгө көчүрүлүп, айыл которулган соң кайтыш болгон маркумдардын сөөктөрү коюлбай калды.

Көк-Жардын тике маңдайында түштүк тарапта Нарын дарыясынын сол канатын жээктеп жогоруда аталган экинчи курбудагы түз талаа - Медер атанын атынан аталган чакан талаа жатат, ал экинчи курбуда, кийин апийим талаа деп да аталчу. 1960-1965-жж. колхоз мезгилинде бул талаада апийим айдап, мамлекетке тапшырышчу.

Мына ушул Медер булуңда мени 1936-жылы бул дүйнөгө сүйүктүү энем ыраматылык **Тилемиш кызы Салкын** алып келген экен.

- Кайсы күн экен, - деп атам Ажыбай баласы Калназардан сурасам,

- Кайсы ай, күн экени эсимде жок балам ....боз кыроо болучу деп койчу.

Көгөнду-Кыя менен Бурган-Суунун ортосу 8-10 км. аралыкты түзөт. Ошол аралыктын ортосунда Көгөнду, Ак-Кокту, Жалпак-Секи, Кууданкөч, Жолколот, Төө-Жайлоо, Бурган-Суу деген аталыштагы өзөндөр бар. Үч өрөөндөн суу түшөт. Нарын-Тоо кыркаларынын этегинен Нарын дарыясы тарабындагы талаалар тилке-тилке болуп, Чоң-Кара-Коого чейин айдоо, жайыт жерлер болот. Мурдагы кыштак (айыл) болсо Төө-Жайлоо менен Бурган-Суу сууларынын ортосундагы түздө жайгашкан болучу. Колхоз 8-март күнү уюшулгандыктан анын аты да, кыштактын аты да «8-Март» деп аталып калган.

Бала Кыйранын Меңдуулаттын (Айдаркозу-Чайыш) тукумунан төрт атанын балдары бөлөк-бөлөк болушуп, Сарт уулу мына ушул Медер булуңда, Кочкор-

бай уулу Кууданкөчтүн суусу Нарынга куйиган сайдын чыгыш тарабындагы секидеги түздө, Орус уулу Төө-Жайлоо менен Жолголоттун суусунун ортосундагы Таажы булуңда, Чагыр уулу Деркембайдын төшү деп аталган Төө-Жайлоо суусунун оозго чыга беришинде чыгыш тарапта жашап келишкен. 1935-1936-жж. ар кайсы жерде чачкын жашашкан элди отурукташтыруу жүргөндө бириктирип колхоз уюштурулган.

Үйдүн терезелери кичине, болжолу 70-80 см. болсо керек, бирок эшиктери тактайдан жасалып, кенен болучу. Ар бир үйдүн жанында мал үчүн бастырмалар, анын үстү ичке шырыктар менен шыкай тизилип, үстү саман аралашкан ылай менен жабылчу. Айыл курулган учурда Масей (орус уста, ушундай деп аташчу), уста кол араа орнотуп, бүт тактайды, устундун төрт тарабын араа менен тилишчү. Кол араа машакаты күч жумуш эле. Узундугу 4-5-6 метр келген эки карагай узунунан адамдын боюнчалык бийиктикте орнотулуп, арааны эки адам бири үстүнөн, экинчиси өйдө карап астында туруп кыймылга келтирүүчү. Биринчи адам арааны ылдыйкы адамга бергенде ылдыйкы адам арааны ылдый тартып, кайрадан ылдыйкы адам өйдө түрткөнгө аракет жазаганда жогорудагы адам арааны өйдө тартып алганга аракет жазачу. Ушинтип, арaанын өйдө ылдый түшүп туруусу жана эки адамдын күч менен берип жана күч менен тартып алуусунан пайда болгон кыймыл-аракеттин аркасы менен карагай тилинчү.

Нарын тоо кыркаларынын тескей тарабындагы өрөөн, өзөндөр арбын болуп, анын тескей беттери жыш токой эле, кеминде 90 пайызын Тянь-Шань карагайы түзүүчү. Ал кезде устундук, бир бутагы жок тактайлык карагайлар тоодон четтен табылаар эле деп кеп салышчу биздин аталар.

Бирине-бири удаалаш чиркелген унааларды артынан «орой… орой…оп майда, майда, майда …ооу…чу…чу…өш…өш… деп кырманчы аталар солкулдак талдан жасаган ичке чыбыктар менен чапкылап, кубалап айдачубуз. Аларды кубалап, чуркап айдаганга балдардан башка «жарактуу» адамдар жоктой кырманчылар да бизге «мукташ» болуп турушчу. Алган «акыбыз» да бар эле. Ал арпадан куурулуп, сокудан күйшөлүп, шамалга сапырылып өткөрүлгөн бадрак болучу, биз жарышып, талашып жечүбүз, эң таттуу, кадыр эсе сыйлуу тамак эле. Кийинчерээк бир атка моло ташты курап алып арпаны майдалоо иши жүрдү. Мында моло ташка куралган ат менен кырманды тегерете айдашчу. Бизге бала кезде айылдын бардык кыймыл аракети ушул жерде болуп жаткандай сезилчү. Балдар топтошуп алып кырманга көп барар элек.

Моло таш болсо кадимки эле сайдагы жумуру келген тоголок таштардан тандалып алынып, усталар узунунан субагай тарттырып жасашчу. Анын эки башы оюлуп, ага темир шакек орнотушчу. Эң башкысы ошол эки башындагы шакекке бекитилген темир молоташты аттар сүйрөп жөнөгөндө таш тоголонуп кырмандын үстүндөгү талаадан орок менен орулуп келген маялуу, баштуу данды майдалап, данды маядан ажыратып бөлүп алууга даярдашчу.

Бала кыйра уруусунун улуусу Дуулатказы болгон. Дуулатказы тукуму Алыштын өзүндө Кур-Сайдын батыш тарабында болушкан, Кеңеш айылындагылар Кереге-Таш, Шаркыратма суусуна чейин согуштан кийин барышкан.Алар-

дын арасында Шалдыр, Надыр, Кара-Тукуму, Куусөок, Чолок- Туумалар да бар. Экинчи уруу Шалдыр атанын балдары Бурган-Суу, Чоң-Кара-Коодон-Кайыңдынын сайына чейин турушкан. Мында Надыр урууcунан Меңдуулаттын төртүнчү баласынын тукумдары да болушкан. Кайыңдынын суусунан Ийри-Суу Чалкакка чейин Төтөй, Кудайберди (союл), Куттуксейит (орто кыйра), Түлөбай урууларынын тукумдары жашашкан. Үчүнчү атанын Айдар козунун (чайыш) балдары жогоруда көрсөтүлдү.

Нарын дарыясы Кичи-Нарын менен кошулгандан тартып, суу түндүк тарапка ооп агып, Ийри-Суунун белине чейинки аралык кенен тартып калат. Нарын дарыясы чыгышта Улан суусунан Кичи-Нарын суусу кошулганга чейинки аралык Чоң-Капчыгай деп аталып, Нарын-Тоо, Жетим-Тоо кыркалары бири-бири менен тыкыз жакындашып, тар капчыгайды түзөт. Ортосунда Чоң-Нарын дарыясы албууттанып өтүп жатат.

Дөбөлү айылынын күн чыгыш тарабынан агып өткөн сай бар, мына ушул сайдын батыш тарабында «адамдын колу менен жасалгандай» болгон «дөбө» турат. **Дөбөнү карап, жаратылыштын мына ушул түзүлүшүн** көрүп туруп, жаратылыш өзү жасаганын же адам баласынын аракети менен болгонун ажырата албайсың. Андан да дөбө өзүнчө обочолонуп, айланасында жаратылыштын жардамы менен болгон түзүлүш жок, ушундан улам аргасыздан адамдын аракетине өтө окшош дөбөнү элестетесиз.

Илгерки замандан бери эле адам баласы буудай же арпа өстүрүп, кырман жасап, майдаланган буудай же арпанын данын самандан ажыратып, анан катуу шамалга салып сапырып, андан кийин кызылдын (дандын) үстүн өзүнчө жороптоп олтуруп, данды чардан, топондон бөлүп, ортодо өзүнчө дөбө болуп калуучу, дөбөнүн маңдай жагына сапырыктан кийин таштар түшүүчү, шыпыргы менен кызылдын үстүн улам тазалап, жороптоп жатып, кызылдын учу ичкерип, анан чардын, топондун өзүнчө кичинекей үймөкчөсү пайда болучу. Дөбөдө мына ушул элес толугу менен көрүнүп турат.

Жаратылыштын бул ыйык түзүлүшүнө айылдан эч ким кол салып, анын ички дүйнөсүндө эмне бар экенин биле элек. Кийин гана дөбөнүн чокусуна «сотка» түйүнү чыккандан бери аз курулуш пайда болду. 1997-жылы 18-июнда дөбөгө атайын ченек жасаттым. Маңдайдан туу чокуга чейин 102 метр, андан кызылдын куйругу жана чар дөбөгө чейин 140 метр болду, бардык узундук 242 метр, туурасынын арта салмасы ортодогу туу кырдан ченегенде 114 метрди түздү. Дөбөлү өрөөнү, Дөбөлү суусу, Дөбөлү айылы жана азыр Дөбөлү айыл өкмөтү болуп 4 ат менен катталып турат. Бул аймакта мындан башка да эки дөбө бар, анын бири Таш-Дөбө суунун күн чыгыш жагында ойдо, Кызыл-Дөбө Нарын дарыясынын сол канатындагы булуңда.

Дөбөлүнүн суусун кечип өткөндө түштүк-чыгыш тарапта чоң коктунун оозунда узун курбуда мүрзө бар. Мында ушул өрөөндүн эң сыйлуу адамы Токтосунов Өмүр акенин, Мамырбаев Кендирбай атанын уулу Мамыт акенин сөөктөрү бар. Мүрзөгө Бактыбай урууcунан каза болгондор коюлчу. Кийин 1969-1970-жыл-

дардан тартып бул жерге Төө-Жайлоодон көчүп келишкен Айдаркозу (чайыш) уруусунан да сөөктөр коюлду. Чайыштардан биринчи болуп Осеков Асандын, менин атам Ажыбай уулу Калназардын (1977), менин жолдошум, балдарымдын энеси Өмүралы кызы Калыйчанын (1998), мүрзөнүн күн чыгыш жагындагы секиде колхоз курулушуна көп эмгек жасаган, көп жыл анын төрагасы болгон Жапаралиев Өмүрбек акенин күмбөзү (2000), айылдын акыл-эстүү адамынын бири, көп жыл советке эмгек жасаган Боромбаев Мукамбет акенин (Мамбеткалый, 2010) эстеликтери турат.

Меҥдуулаттын бешинчи уулу Ногой. Ногойдун тукумдары Кур-Сайдан Көгөндүгө чейин турушкан, Бактыбай, Кулуш урууларынын айылы Таш-Дөбө, Молдо уулу Дөбөлү суусунун батыш тарабы, Жаманбай уулу Кыргоо-Кургак, Көжөбаш болсо Кур-Сайдын күн чыгыш жагында болушкан. Дөбөлү айылынын түндүк батыш тарабында, айылдын башталган учунда жаманбай, көжөбаш, молдо, кулуш, жайыл, союл урууларынан каза болгон адамдардын сөөктөрү коюлган мүрзө турат. Мында Сарбагыш Молдо атасы Абылайга салдырган күмбөзү бар. Ушул күмбөзгө окшош салынган райондун ар кайсы айылдарына курулган XIX кылымга таандык саналуу гана күмбөздөрдүн бири. Мында тескейдеги бала Кыйра элинин атынан Боогачы атанын 125 жылдыгына карата күмбөз салынды. Ушул жерде, өзү четте турса да биздин суроону макул таап, чоң жардам жасаган Абилес уулу Садыкка терең ыраазычылык айтат элем. Күмбөздүн кирпичин, цементин өз транспорту менен Чүйдөн тарттырып келип түшүрүп берди. Күмбөздүн башкы куполун Абдыраман уулу Кубатбек бүтүрүп, алып келип койдурду. Исмаил (Койчу) уулу Үсөнбек болсо кара-ташка сүрөтү чегилген, аты аталып, туулган, каза болгон жылдары жазылган эстелик тактаны бүткөрдү. Калган жумуштары эл тарабынан аткарылды, тескей эли чогулуп, жылкылардан союш жасап, бүт элди, ат-башылык тууганларды, Бишкек, Нарындан келген коноктордуу кабыл алып, куран окулду. Мүрзөдө Молдоибраев Сартбай акенин, Токталы баласы Абдыжалилдин (Макиш) да эстеликтери, өмүрүнүн кийинки жылдарында айылдык мечитти башкарган, араб окуусундагы куран китебин так жана талбай окуган Араке уулу Абдыраман куданын да күмбөзү (2006), Айтмамат кызы Бүбү кудагыйдын, Абдраман уулу Кубатбектин, анын жолдошу Зина Моҥолбай кызынын эстеликтери да турат.

Ал эми жайлоолору болсо Нарын дарыясынын оң канаты тараптан Кичи-Шор, Чоң-Шор, Чырпыкты, Ардакты, Кең-Саздан тартып Жак-Болот, Айран-Суу, Молдо-Башы, Сары-Кыя, Тилеке, Күрмөнтү, Сары-Бел, Үч-Текес, Көл-Төр жана Тарагай өрөөндөрү болгон.

Кышкысын болсо күнгөй тарапта Тилеке, Күрмөнтүдөн ары, ал эми тескей тараптан Акбай, Улан, Көк-Жар, Үч-Дөбө өрөөндөрүнөн аркы (чыгышты көздөй) жайыттар гана кыштоо берет. Айрым кыш эрте келип, кар оор түшкөн жылдарда гана болбосо, бул кыштоолордо кар тайыз болот, абанын температурасы башка аймактардан айырмаланып, жылуу, жумшак келет. Бирок, бул кыштоолордун бири да азыркы эки айыл өкмөтүнө карабайт, Нарын коругуна берилип кеткен.

Азыркы күндө Дөбөлү, Орток айыл өкмөттөрүндө жайкы жайыт жок катары, ал эми кыштоо дээрлик жок, Ооруk-Тамда гана 3 же 4 короолук кыштоо бар.

Нарындын башында **Үч калмактын дөбөсү** деген жер бар. Мындай аталыш илгерки заманда калмактар жашап турган мезгилде эмес, кечээ эле совет доорунда пайда болгон. 1950-1951-жж. тартып Нарын районунун мурдагы Ленин атындагы, Жданов атындагы колхоздорунун, Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясынын Эки-Нарын бөлүмүнүн малчылары мурда жылыга барып, жайлап, өзгөчө кыштап жүрүшкөн жайыт жерлерине кийин уруксат жок дешип барбай калышкан. Нарын областынын административдик аймагына тиешелүү болгон Нарын дарыясынын оң канатындагы Тилеке, Күрмөнтү, Тарагай өрөөндөрүндөгү жана сол канатындагы Уландын суусунан тартып, чыгыш тарапка карата Көк-Жар, Каз-Уя, Ак-Сай, Үч-Дөбө, Жарык-Таш (Көк-Жар), Кичи-Текелүү-Төр жайыттарын кучагына алган Кара-Кол суусуна чейинки аймак ошол учурдагы Республикалык Министрлер Кеңешинин чечими менен Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районуна убактылуу 25 жылга делип алынып берилген. Мындай чечимдин чыгышына себепчи үч адам болгон. Анын биринчиси ошол учурдагы өкмөт башчысы, экинчиси республиканын айыл чарба министри, үчүнчүсү Ысык-Көл облусунун жетекчиси эле, үчөө тең калмак улутунан, дөбөдө сүйлөшүп туруп чечим алышкан. Ушундан кийин жогорудагы аталыш чыккан. Чечим адегенде 25 жылга делип алынып, кийин дагы 25 жылга узартылып пайдаланып келишкен. Азыр болсо 2017-жыл, 60 жылдан ашып бара жатат. Жасалган аракетке оң жооп жок, Өкмөттө калыстык качан болот деп зарыккан гана элдин үмүтү турат!

1962-жылы ошол учурдагы Ленин, Калинин атындагы колхоздордун элинин өтүнүчү менен жана ошол кездеги ушул эки чарбанын экономикалык абалынын өтө начарлыгын эске алып, партиянын Нарын райондук комитетинин ошол кездеги биринчи катчысы Н.Жүзбаев атайын комиссия менен 20-январдан 5-февралга чейин жүрүп, эң алыскы Үзөңгү-Куушка чейин ат менен барып, анда жогорудагы чарбалардын жана Ысык-Көл облусунун малчылары менен жолугушуп, алар менен пикир алышып келип, партиянын Тянь-Шань обкомунун, партиянын Борбордук Комитетинин, республиканын министрлер кеңешинин биринчи адамдарына атайын докладдык кат жазган.

Кат эч дайынсыз калды. Кыясы Т. Усубалиев райкомдун биринчи адамы эки жума «кетип калат» деп «капа» болсо керек. Ошондон улам Н.Жүзбаев да 2-3 айдан кийин бошоп кетти. Бирок, Н.Жүзбаев эң таза, ишке берилген, жөнөкөй адам эле. 1962-жылдын кышы да оор өткөн. Оор кышта бел байлап, Чоң-Капчыгайдын көчкүсүнө, алдыдан урган бороонго карабай, айрым күндөрдө бет алдыдан урган бороон-чапкында ат тике бет алып жүрө албай турган күндөрдү өткөрүп, ачкаток болуп 17 күн ат үстүндө жалаң жолго кеткен **азаптуу күндөрдү** өткөрүүнүн өзү эмнеге турат эле.! Жайкы учур болсо башка кеп, эс алып жайлоо көрүп жүрөт десе жүйөлү болмок. Ушулардан улам коюлган, токтоосуз чечүүгө жата турган маселе калып калды. Мына эми андан бери 60тан ашык жыл өтсө да чечилбей турат.

Кошо барып келгендердин айтуусуна караганда жолуккан эки облустун адамдарынын баары тең эле Тарагайдагы «Караколка» суусунан чыгыш тарапка карата Ак-Шыйрак, Сөөк, Барскоон, ал эми түштүктөн Жагалмайга чейинки жайлоо, кыштоолор Жети-Өгүз эле эмес, бүтүндөй Ысык-Көл облусунун малына жетишет эле дешкен экен. Мындай ой Н. Жүзбаевдин катында да баса белгиленип турат.

Кийин Ленин атындагы колхозго мен төрага болуп келип калып, 1986-жылы республиканын министрлер кеңешине жогорудагы суроо менен кайрылсам «дагы 25 жылга узартылды» деп жооп келди. Советтин эң бузук оорусунун бири ушул эле, коюлган маселенин туурралыгын, зарылдыгын терең карабай эле «жооп берип» койгон.

Азыр болсо бул өрөөндөгү мурдагы үч чарба экиге бөлүнүп, Дөбөлү жана Орток айылдык аймактарын түзүшкөн. 1994-1995-1996-жж. малдын башы кескин азайып, жайыттар жайкысы да кышкысы да ээн калган мезгил өттү. Азыр болсо элде мал арбып, ушул өрөөндө жайыттын тартыштыгы кескин сезиле баштады. Малдын арбындыгы Совет доорундагыга жете элек болсо да, айрыкча кышкы жайыттын жок катары болушу сезилип, көп алыс эмес убакта оорчулук түзүлө турган болду.

Бул жерде эске алуучу дагы бир олуттуу маселе бар. Жайыттын тарышы жалгыз эле Оорук-Там, Кара-Саз, Балгарт багыты жана Ысык-Көл облусуна 25 жылга алынышында эмес. **Чоң-Нарын өрөөнүнүн** күн чыгыш багытындагы жайыттардын Нарын мамлекеттик заповеднигине (коргоо зонасын кошпогондо) 36 160 гектар жайыттын кетиши менен кийин чарбаларга алып келүүчү зыяндардын кандай туюкка алып барары эч эсепке алынбагандыгы мындай турсун, бул туюкка алып келген маселелерди жоюу чараларынын Өкмөт тарабынан ойлонулбагандыгы болуп жатат. Мындай жол бар, азыр да чечүүгө болот. Орук-Тамдагы кыштоолорду жана Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районуна убактылуу делип берилип кеткен жайыт жерлерди кайтарып берүү же болбосо заповедник азыр ээлеп турган аймактардагы чарбаларды толугу менен Ысык-Көл областындагы биосфералык аймагына кошуп жиберүү эң туура чечилген маселе болоор эле. Мында биосфералык аймактын жобосуна ылайык бардык маселелер орду-ордуна коюлмак.

Кичи-Капчыгай тарапта да жайлоо - кыштоолорго барып турушкан. Мында Кичи-Капчыгай ичи жайыт үчүн тар болуп, негизги кыштоо жайлоо үчүн Оорук-Там өрөөнү, Жак-Болот, Арчалы, Кара-Саз, Балгарт, Жылуу-Суугa чейин барып жайлап кыштап турушкан. Бирок, совет мезгилинде бул жайлоо-кыштоолор азайтылып, негизинен Оорук-Там, Кара-Саз өрөөндөрүнөн кыштоо, жайлоолор берилген. Кийин эле 1974-жылы маркум Абышка акенин аракети, ошол кездеги Тянь-Шань районунун биринчи катчысы Өсөров Арзымбектин **«кара иши»** менен Орук-Тамда Ленин атындагы колхозго тиешелүү болгон, жыл сайын мал кыштатып жүрүшкөн: Оорук-Там, Тогуз-Булак, Борду, Талды, Бекташ, Талды-Суу, Кызыл-Жабыр, Калмак-Ашуу, Курусай кыштоолорун Үч-Нура колхозуна эч мыйзамсыз алып бергенден кийин Нарын областтык советинин ат-

каруу комитетинин 30-июнь 1981-жылы № 153 чечим менен Ленин атындагы колхоздун макулдугу жок узак мөөнөттүү пайдалануудагы жерди алууга юридикалык жактан укугу жоктугун эске алып, Тянь-Шань райисполкомунун 1974-ж. 25-февралдагы №75 чечимин «отменить» этип жокко чыгарган. Бирок, бул чечимин жогоруда белгиленгендей ошол кездеги Тянь-Шань райкомунун биринчи катчысынын А.Өсөровдун Ленин атындагы колхоздун жетекчилерине жасаган кысымынан улам аткарылбай калган. (ОИКтин чечими тиркелет).

Киргизская ССР
ИСПОЛНИТЕЛЬНЫЙ КОМИТЕТ НАРЫНСКОГО
ОБЛАСТНОГО СОВЕТА НАРОДНЫХ ДЕПУТАТОВ

РЕШЕНИЕ

«30» июнь 1981г. № 153 г. Нарын

Об отмене решения Тянь-Шаньского райисполкома от 25 февраля 1974 года № 75 по вопросу перераспределения пастбищ долгосрочного пользования между колхозами им.Ленина и им. Жданова в урочище «Оруктам».

Исполком Нарынского областного Совета народных депутатов отмечает, что Тянь-Шаньский райисполком своим решением от 28 февраля 1974 года № 75 без согласия колхоза им.Ленина перераспределил колхозу им.Жданова пастбищные участки в урочище «Оруктам», «Тогуз-Булак», «Борду», «Талды», «Бектеш», «Талды-Суу», «Кызыл-Жабыр», «Калмак-Ашуу» и «Курусай» на долгосрочное пользование не имея на это юридического права.

Исполком Нарынского областного Совета народных депутатов

**РЕШИЛ:**

1. Отменить решение Тянь-Шаньского райисполкома от 28 февраля 1974 года № 75 по вопросу перераспределения пастбищ долгосрочного пользования между колхозам им. Ленина и им. Жданова в урочище «Оруктам».
2. Предупредить председателя Тянь-Шаньского райисполкома впредь не допускать принятии незаконных решений.
3. Обязать облсельхозуправление уточнить границы закрепляемых за колхозом им. Ленина земель.

Председатель исполкома Нарынского
областного Совета народных депутатов: К. МЫРЗАБЕКОВ

Секретарь исполкома Нарынского
Областного Совета народных депутатов: С. РАИМБЕКОВ

Бул өрөөндүн элинин чоң байлыгы – суу. Өрөөндүн Чоң-Капчыгай деп аталган батыштан Ийри-Суу суусунан, чыгыштан Улан суусунун аралыгындагы маңдай-тескей турушкан Жетим-Тоо менен Нарын-Тоо кыркаларынан туурасынан түшкөн 34 өзөн-өрөөндөрдөн мөлтүрөгөн көк кашка суулар түшөт. Алардын ар биринен, мейли башы же аягы болсо да кечип барып, мөокумуң канганча жутсаң болот! Алыңа жараша!

2007-жылы августун аягы сентябрдын биринчи эки он күндүгүндө Чолпон-Атага эс алууда болуп калдым. Айланага көз чаптырып, көлдү курчап турган тоолордогу мөңгүлөрдүн турганына көңүлүм бурулду. Мындан мурда эле августта Нарындын Чырпыктысында болуп, «Нарындын тескей тоо кыркаларында бир-эки жерде гана азыраак мөңгү калып, калган мөңгүлөрдүн баары жок калыптыр эле» деп көңүлүм мөңгүлөргө тык токтоло калды. Канча кылса да ортодогу бийик тоо кыркаларынын жардамы болсо керек деп койдум.

Акыркы 2-3 жылдагы кургакчылык, өзгөчө 2007-2014-жылдын кургакчылыгы айыл чарбасына чоң зыян келтирди. Күндүн жылып кетиши «биздин шартта суу энергетикалык ишке да коркунуч түзөт» да деген ой мени ээлеп алды. Арал көлүндөгү эбегейсиз чоң аянттардагы туздардын ачылышы, анын эң майда бөлүкчөлөрүнүн температуранын жогорулашы менен абага буу катарында көтөрүлүп, түндүк-түштүк тарабынан бийик тоо кыркалары менен тосулган, абадагы кыймылдын багыты дээрлик бардык учурда батыштан-чыгышты карай басымдуулук кылган Нарын өрөөнүндөгү мөңгүлөрдүн тез жоголушуна алып келип жатабы? Бул тууралууу окумуштуулар көп жолу эскертишти да деген ойдо калдым.

Нарын дарыясынын башкы куймалары тууралуу да кийинки муундар үчүн маалымат иретинде сөз жазайлы. Кыргызстандагы эң чоң дарыя бул – Нарын. Ал Ак-Шыйрак тоо түйүнүнүн түндүк-батыш беттериндеги мөңгүлөрдүн аягындагы Петров көлүнөн чыккан Кум-Төр суусу болуп саналат. Кум-Төр, Ара-Бел суусуна кошулуп, Тарагай (Жаак-Таш) суусун түзөт. Тарагай суусу Кара-Сай суусуна кошулуп, Чоң-Нарын дарыясын түзөт. Ал эми Кара-Сай суусу болсо Кара-Сай маданий борборунан ары 105 километр аралыкта Жаман-Эчки тоо кыркаларынан куралат.

## МОҢОЛДОР

Кыргыз эли нечен кылымдарды кыйырдаган эң байыркы элдердин бири. Наамы дагы Орто-Азияда жашаган элдерден алда канча мурда жашаган элдер экени жазма маалыматтарда дайын. Булар тууралуу жогорку жакта да маалымдалды. Бир кездерде кыргыздар менен тектеш, замандаш болуп жашаган байыркы түрк тегиндеги элдерден жыйырма бири (21) өздөрүнүн наамдарын эчак жоготушуп, өздөрүнчө эл болуудан калышып оту өчкөн коломтодой болуп аттары гана сакталып калды. Ал эми **Кыргыз** болсо тилин, дилин, өзүнө таандык философиясын, үрп-адаттарын, каада-салтын сактагандыктан ушул мезгилге чейин жеттик. Кыргыз деген наамыбызды жоготкон жокпуз. Артыбыздан бай мурастарыбызды калтырып, укум-тукумубуздун уучун улап, "Кыргыз" деген улутубузду курап

ата-бабадан калган өргөбүздүн түндүгүн көтөрүп, керегесин жайып, уугун сайып, дүйнөдөгү башка элдердин катарында келе жатабыз. Тарыхыбыз бар, "наамы ушунчалык эрте угулган" эл катары узак жолду басып келе жатат, мына ушул кыргыз эли.

Эми өзүбүз атайылап аттанган бөлүмгө, **моңолдор уруусунан** сөз жазайын. Кыргыз санжыраларында дареги толук такталбай келе жаткан уруулардын бири мына ушул **моңолдор уруусу.** Мен көп адабияттарга, тарыхка, санжырага кайрылып окуп чыктым, зарыл жерин текстей көчүрүп жатам, анткени көбүн улам көркөмдөп, кооздогум келген жок, анда өткөн окуялар болгондуктан "чыныгы издер" жоголуп калгыдай деген ой менен! Мына ушул көп чыгармалардын ичинен "моңолдор" уруусуна атайылап киришип, системалуу анализге алган адамдардын бири Чоюн Өмүралы уулу Куланактан, мен Куланакта 9 жыл атасы Мыкый аке менен, туугандары менен толук тааныштамын. "Куттуу айыл - Куланак" аттуу китептин автору, жазуучу Чоюн Өмүралиев, тарыхчы Жапар Кенчиев, санжырачылар: Осмонаалы Сыдыков, Белек Солтоноев, Сапарбек Закировдон кенен пайдаландым, мен санжырачы да, жазуучу да эмесмин, тек гана өзүмдүн көргөндөрүмдү, окуп, билгенимди тизмектеп жазып, кийинки муунга калтырууга аракет жасаган адаммын. Ушундан улам бүтүндөй кыргыз элинин санжырасын толук бере алганым жок.

Чоюн оболу эле "моңолдор" деген аттын өзүндө кайсы этнос, "тек" чөккөн деген суроого жооп издептир. "Моңол" деген аталыштын түбүндө "могол" деген маани жатат дейт автор. Айрыкча Чыңгыз хандын доорунда дүйнөнү дүр силкинтип, канат жайып, кеч орто кылымда да гүлдөп, "Моголстан", "Могулстан" деп Орто-Азиянын жалпы атына айланып, ал эми башка мамлекеттер болсо ушул элдин эрлерин "Моголистандын шерлери", "Моголистандын жапайы арстандары" деп атагандыгы жалпы тарыхта белгилүү.

...Кезегинде бул маселеге мен да кайрылып, Чоюн байыркы "Өгуз намэ" эпосуна арнаган иликтөөмдө, "маңгул", "моңгол" деген аталыштың түбүндө "муңгалы" (муңдуу, муңайым, муңдуу уул, муңгул-кул) деген маани чөккөнүн, ал байыркы кытай жазма булактарында "хунну"("злой, невольник", муң кул, маң кул, же кадимки тарыхый улуу хунну-гундар) деген эки йероглифте түшкөнүн далилдешке аракет кылгам. Ушул эле аталыштын түбүндө түркий дагы бир маани мэңгү уул, б.а. «түбөлүк уул» «түркүк уул» деген да маани жатканын (казак тилинде бүгүн да "маңги" "меңгү" деген сөздөр "түбөлүк" дегенди билдирет), дагы эле ошол кытай йероглифтерине таяна отуруп кеңитип ырастадым.

Демек, маңгул деген уруунун, этностун өзүнүн тээ эң түбүндө байыркы Түркий маңыз чөккөн. Түркий чоң, кичи санжыраларда да, бардыгында тең түпкү аталарыбыздын бири Аланча хандын эки уулу катары маңгул, татар балдары айтылат. Ал тургай «Манас» эпосубузда да маңгулдун башы Эр Жолой менен Манас атабыздын алыскы жаң-жуң кытайга караганда бири-бирине алдыртан, ылым санашып жүргөн жайы эскерилет.

Эми мындай болгондо берегил Чыңгыз хандын доорундагы монгол-маңгулдардын жайы кантет деген да мыйзамдуу суроо туулары шексиз. Ага мындай

жооп айтылат дейт автор, - Чыңгыз хан доорундагы "моңголдор" менен байыркы хунну-монгол заманындагы "монголдордун" этностук табиятында бир катар өзгөрүүлөр бар. Чыңгыз хан доорунун алдында Борбордук Азияда болуп өткөн зор **этникалык кайнашуулар-аралашуусу** жүргөн, б.а. кара кытайлардын зор дөөлөтүнүн (мамлекетинин) түзүлүшү, анан аларды да күн батышты карай сүрүп, ордуна доңуз манжуулардын көчмөн мамлекеттеринин орношу, кийинки монгол элинин этникалык курамына да кыйла таасир эткен, аны жаңырткан, кайрадан калк аралаштырган тилди, салтты, маданиятты. Ал эми Чыңгыз хандын тарыхый аренага чыгышы менен ошол кийинки жаңырган курам-"монгол" деген жалпы аталышта биригип кеткен. Бир эле урууларын бир эле учурда, бүгүнкү күндө түрк элинин да, монгол элинин да, ичинде учурашы ( м: катаган, керей, жолайыр, булгаачы, коңурат, кыят, баргы, байат, ойгут, нойгут, найман, баарын, меркит ж.б.) ушуну менен түшүндүрүлөт.

Ал эми Чыңгыз хандын өзүнө келсек, ал **кыят** уруусунан чыккан. Чыңгыз хандын атасы Эсегей (Эсугей) "кыяттын кыргыйы" деп аталган эр киши. Ал эми **кыяттын тегине келсек,** ал нукура **түркий** уруу. Муну революцияга чейинки жазган авторлордун дээрлик бардыгы ырастайт. Түпкү санжырага таяна жазылган Казандан чыккан "Түрк тарыхы" көрүнүктүү китептердин автору Габбаши Хасан ата да (кыргыздарга ал китеп "Айбаштын санжырасы" деген атта белгилүү болгон), дал ушунун өзүн ынанымдуу айтат. Ал эми бул "кыяттар" кимдер, теги кайда жатат деген суроого таянсак, ал ошол байыркы хуннулардын же тарыхый түркий муңгулдардын Хань династиясынын саясатынан улам абалы экиге бөлүнүп (түндүк, түштүк хунндар), кийин бири Кытайда калып, экинчилери чабылып-чачылып түндүккө, батышка качып, Алтай - Тоого - Эргене Конго жашынып калган Кыят жана Нөгүз (Нукус) бабалардын соңку урпактары болуп саналат.

Мунун барын жалпылап айтып жатканыбыздын жөнү Моңолдор уруусуна башат ата саналган **Көкө** менен **Дайырдын** тегин, түбүн минтип тактап алуу ниетинде гана болуп олтурат, кийин эч тиешеси жок натыйжасыз талаш суроолор болбос үчүн айтылып жатат...

Эми кайрадан автордун өзүнө сөз берели да... Көкө атабыздан баштайлы. Кыргыз санжыраларынын бардыгында тең моңолдор уруусу **Көкө атабыз** менен **Наал энебизден** төрөлгөн **Моңолдор уулунан** таралганы белгиленет. Мына ушул Көкөнүн атасы болсо Кылычкан делет. Бул Кылычкан ким? Качан кайсы заманда жашаган? Буга ар түрдүү жооп айтылат. Теги тууралуу сөз жүргөндө жогоруда белгилегендей, кээ бирлери "монгол" экен десе, айрымдары жок, кыргыздын өзүнөн эле эски урууларынын биринен дешет. "Монгол" экен дегендери кай бирде санжыраны да саясатташтырышат, Адигине, Тагайдын айтылуу эжесин "кыргыздан " эч төрөткүлөрү келишпей, "Моңолду" Наал төрөбөйт, ал анын үйүндөгү кызматчы күңү Дордон төрөлөт экен, Наал төрөбөптүр дешип, Көкөнүн өзүн да калмак, төрөгөн аялын да калмак кылышып, **"өгөй тургудан"** теке бер кылышат. Буга эмне жооп айтууга болот.

Муса Байгара уулунун санжырасы боюнча илгери **Кашкарды** жайлап **турган кыргыздын нойгут (атактуу Жаңыл мырза чыккан)** деген уруусунан

**Болоткан деген каны болот** (ушул ысымды эстей туруңуз изи кийин чыгат). **Кылычкан ошол Болоткандан туулат.** Санжырачы Эсенгул Төрөкан уулунун айтуусунда **Арсланбап аймагынан тору кыпчак** урууcунан **Султан Жалил** деген бий уулу **Султан Кылыч хан** болуптур. Анын уулу **Арстан Кылыч атасынан өткон** хан чыгат. Өзгөн мунарасын, Ат-Башыдагы Таш- Рабатты салдырган да ошол. Ошол кезде Арстан Кылыч элдин бейпилчилигин көздөп, Орто-Азияны бийлеп турган жон, жоролор (калмак) менен да жакшы алакада турат. Бирок, ал Орто-Азияда улам таасири күчөп, канатын улам кеңири жайып бараткан ислам идиологдорго (б.а. арабчыларга), жаңы диниятчы кожо молдолорго жакпайт. Ханыбыз **"буркан"** болуп кетти деп калк ичин бузушат. Алар ашынган динчилер аны өлтүрмөккө алдыртан "бүтүм" уюштурушканын билип, эл-жерин таштап Ак-Дөбө деген жайга качып чыгат. Ал жерде кайра тегерегине эл уютат. Эми ушул жерде чындыктын бир илинчеги турат. Аны "бутпарас" болуп кетти дегени чыны "теңирчил" дегенибиз туура, анткени буддизм "теңиризмдин кийинки жаңырыгы"- кырк таш бөлмөлүү Таш-Рабат чындыгында кербен сарай эмес эле теңирчиликтин ыйык сыйынуучу жайы болгон дешет айрым аалымдар. Анын так ортосунда казылган терең "ор-чилдекана" - деп белгилешет алар. Мындай болгондо Арстан Кылыч элди жаңы каптап келе жаткан "ак динге" (б.а. жаңы) эмес "кара динге" (б.а. байыркы) же элди эзелки ишенимдерде кармоого аракет кылган салтчыл эр (традиционалист) болуп чыгат. Экинчиден Арстан Кылычтын теги тору кыпчак же нойгут дегенинде ички байланыш турат. Нойгут да, кыпчак да кыргыздын ичкилик урууcуна кирет. Ушул тапта да көп нойгут түштүктүн Ноокат (айтса, Ноокат деген угумда "кенд" эмес ноукат-нойукат-нойгут деген тек-уя жатпайбы) районунда жайгашкан. Нойгут мангул ичинде да бар...

Эми ошол Кылычкандын улуу аялынан - Көкө, Дайыр, Кылычкан Ак-Дөбөдө жайлап, балдары эр жетип калганда экинчи бир жаш аялга үйлөнөт. Көкө - туушту, сом билек, от жүрөк жигит болот. Жаштын иши жаш, жаш токолдун көзү Көкөгө түшүп калат. Жаштык кылыгын салат. Бирок, Көкө боюна жуутпайт, шагы сынган аял, экинчи чети эримдин алдында бир күнү айыбым чыгып калабы деп чочулаган көрөр көз токолу бир күнү алыска салбуурун жүрүп кайткан эри Кылычканга эркелеп отуруп дат кылат. "Мени сен алгансыңбы же балаң алганбы, сен жокто тим эле шыйкымданып турат, корком"... деп көзү жашылдана жалооруйт.

Эски мангул салтында атасы өлсө, өгөй энесин баласы алган, ошентип кан тактысын сакташкан. Бул-мыйзамдагы нерсе. Ошондон Кылычкан да токолунун сөзүнө ынанып, экинчи чети: "бул кандай көзүмдүн тирүүсүндө"... деп желдетти, жоокерлерди чогултуп, эки баланы ээндетип алып чыгышат. Бирок, элдин салтында хан тукумуна кол көтөрүүгө да жол жок. "Кардын башын кар гана жутат, хандын башын хан гана жутат". Эгерде хан тукуму эмес, кандайдыр бир жай адамдар хан тукумун өлтүрүүгө батынса, анда анын жети муунуна чейин доо кетет, хан тукумунун каны коё бербейт. Ушуну билген желдеттин жаны катуу кыйналат, акыры бар тобокелге салып, балдарды тирүү коё берет. Балдарга ушул

тарапта Ала-Тоо арасында Адигине, Тагай мыктылардын арааны жүрүп турат, ошолорго баш калкалагыла дейт. Өзү балдардын кийимин илбээсиндин канына чылап, ханына көрсөтмөккө артка тартат.

Ошентип эми Көкө, Дайырдын Адигине, Тагайга келиши тууралуу сөз уланталы. Ортодон Чоюн мырза Чыңгыз хандын **Хулагу неберсинен аңгеме** баштап калды... Ал Чыңгыз уулу Төлө (Тулуй) хандын уулу экен. Өгөдөйдөн соң уулу Күйүк хан мүлдө маңгул каганатына каган болуп, ал өлгөн соң Чыңгыз хандын дагы бир уулу Төлөнүн уулу Мөңкө (Моңке) улуу кагандык тактыга отурат. Мөңкө менен **Хулагу экоо бир тууган.** Мөңкө 1253-жылы өлүп, анын ордуна жаңы каган шайлаш үчүн улуу курултайга Кара-Корумга ханзаадалар чогула баштайт. Хулагу да сапар тартып баратып алдыдан кооптуу кабар угат, такты үчүн болгон талашта баш кесилиши мүмкүндүгүн эшитет. Ошондон Кара-Корумга жетпей, ара жолдо кыргыз ичинде жүрүп калат. Түбү түптөш кыргыздар (кыяттын жайын айтканбыз). Хулагуну зор урмат менен тосушуп, султан тукумунан жээнчер күтөлү дешип, бий тукумунан бир сулуу кызды Хулагуга алып беришет.

Кылычкан кийин өйдө жакта айтылгандай Арсланбап жайынан качып, Жети-Суунун Ак-Дөбөсүндө хан болуп турат. Бул туште тээ бир кездеги Чыңгыздын улуу каганаты ыдырап, кийин улуштөр да ичинен бирден ирип, бузулуп, хандыктар, бектиктер, бирине бири куюп, кайра бирин-бири жоюп турган калабаалуу бир кезең эле. Ошондой мүшкүл бир күнү Кылычкандын да башына түшөт, тактысы талкаланат, өзү каза болот. Ошондо обозгери Зайыр Кылычкандын Сейнеп деген кыргыз аялынан туулган Көкө, Дайырды жашырып: "бар таякелериңерге баргыла, ошондо гана башыңарды калкалай аласыңар, болбосо ханзаадага жытыңар билинсе Кылыч тукуму биротоло курут болот"- деп түн жамынып кыргызга качырат. Бая айтылгандай тага журт Адигине, Тагай элине алар ушундайча келишет.

Кыргыз тарыхын кыйла жылдардан бери иликтеп, эмгектерин жарыялап келе жаткан аалым санжырачылар Сабыр Аттокуров, Сапарбек Закиров, Жапар Кенчиев ж.б. жазгандарына таянсак элдик санжырада мындай аракеттерди тарых да ырастайт. Орто кылымдагы өтө кунарлуу жазма булактын бири болгон "Тарых жыйнагында" (Мажму ат таварих) боюнча моңолдордун санжырасы берилет. Анда моңолдордун түпкү атасы: - **Аналхак, андан-Лурхан; андан - Гуз хан; андан Арслан бий; андан - Акматбек; андан - Кулу бий; андан-Турду бий; андан - Ак Туг (же Оң хан); андан- Мары бий; андан - Дөөлөт бий; андан-Атан бий; андан- Кулжыгач Төрө; андан - Аңга төрө; жана Баймурат черик. Аңга Төрөнүн эки уулу болот: - Ахмадбек, Мукамбет** же Көк Бука (ылакап ысмы). Ооз эки санжырада Көкө деген дал ошол Көк Бука (кийинчерээк түшүнөсүз). **Ахмадбектин уулу Лак Лак бий;** андан Көк Бука Мирак (бул экинчи Көк Бука анткени чоң-бабаларынын ысмын жаңыртып небере-чөбөрөлөргө кое берүү адат болгон; **андан - Ходжа Мурат; андан - Атам Тай; андан - Кувай; андан-Күнкаш, Накаш; андан - Тува бий; андан - Көп Суяк; андан -Сейид Гази).**

Жогорудагы араб тамгасындагы араб усулда жазылган адам аттарын жайдары кыргыз тилинде жаңыртып окуп келсек, анда **Кожомурат, Атантай, Кабай,**

**Күнкаш, Накаш, Төбөй бий, Куу сөөк, Сейитказы** деген эле жайдары кыргыз ысымдары жаңырат. Ал эми бул ысымдардын айрымдары ооз эки айтыш санжырада кадимкидей даана сакталып турат. Ал эми ооздо сактабай калгандары, балким айрым санжырада башкача ылакап ысымда да айтылып калышы толук мүмкүн.

Кыргыз тарыхына түздөн-түз тиешеси бар экинчи бир жазма булак Махмуд чурастын "Тарыхында" мындай уланат: Хулагунун кыргыз аялынан Шуна хан, андан **Акматжан (Шах-Шуджа ад дин;) андан - Темир Султан** (Зия ад дин); андан **Болоткан** (Ахмед Султан); **андан Кылычкан** (Махмуд хан). **Болот Султандын уулу Кылыч хан эле.** Ал эми бул болсо бая биз "төмөндө барып изи чыгат" деп айткан **Нойгуттун каны Болоткан** же Кылычкандан Көкө, Дайыр чыгат. Эми "Нойгут" менен "Маңгулдун" ортосунда кандай байланыш болушу мүмкүн дегенде жогоруда айткандай түрк-маңгул элдеринин ортосунда экөөндө тең кездешкен, экөөнө тең таандык айтылган уруулар көп, "Нойгут" ошонун бири нойгут, койгут, оңкут, ойгут ж.б.у.с. Дагы бир эске алуучу учур бар, ал Көкө, Дайырдын энеси Кылычкандын аялы кыргыздын кушчу уруусунан жана Кашкар кыргыздарынын бийи Сокур бий дегендин Сейнеп деген кызы эле дешет. Жээн неберелеринин тагдырынан кооптонуп, аларды кыргыз ичине качырып жиберген дал ошол таятасы Сокур бий. Бул тарыхта **1636-жылы** болуп өткөн дайын окуя. Эске алуучу дагы бир учур бар. Көкө, Дайырды качырган желдет да өзүнөн "чочулап" Сокур бийге кабар берип байланыш түзүшү же Сокур бийдин аракети менен балдардын амандыгын билип, тай атасынын аракети менен болгон иш болсо керек... дешет.

Эми Мухаммед хандын неге Көк Бука Көкө атыгып кетиши тууралуу азыраак сөз. Ошол жоокерчилик заманда кыргыздын башына дагы бир кезектеги оор сыноо келди. Калмактын ханы Корун кыргызды кынтыктап жерин тартып алмакка кызыкты. Бирок, ага чейинки ата-бабалар битинг чийип, шерт кылган бүтүмдү да бузушка акысы жок. Ошондо Корун анын бир айласын табат. Балбан күрөштүрмөкчү болот. Кыргыздын ошол учурда өзүнөн атактуу Төө балбанына теңдеш балбан жоктугун аныктап билип алган соң, ал кыргызга үстүнөн кысым кылат:

- Мал-жан көбөйдү, жер тарыды, эл кысылды. Биз да зериктик. Эми муну карап отура бербей бир айласын кылалы, балбан күрөштүрөлү. Кимдин балбаны жыгылса дароо башы алынсын, ага кошуп жыгылган тарап жер бошотуп башка жакка кетсин, тар кысылышпай кененирээк жашайлы.

Амалкөй Корун ушинтти. Адигине, Тагай бий күтүүсүз бул айлага каршы, башка айла таба албай, бир жагынан намыстын да иши кыйын, бир түптүү элден бир балбан чыгара алышпаса... Бирок, кимди? Ошондо бозуп келген жигиттин бири - Көкө буйдалбай, "мени чыгаргыла!" деп суранат. Али анчалык сырын билишпесе да олчоюп зор, туурасы жазы, тууштуу, азаматтын тулкусу эле анын каруу-күчүнөн алдыртан кабар айтып тургансыйт. Тагай бий ага:

- Жакшылап ойлондуңбу, эгер жыгылсаң сенин бир башың кетет, а менин миң башым кетет, мында кыргыз жеринин тагдыры сайылып жатат, - дейт ойлуу.

- Билем, - дейт Көкө, - "иттин ээси болсо, бөрүнүн теңири бар", бир арбак жар болуп, Көкө Теңирим колдосо, миң башыңыз миң бир болоор...

Ошентип Көкө менен Төө балбан күрөшөт, узакка кармашат. Көкө Төө балбандын колуна тийбей, ит уруш кылып суй жыгат. Акыры алачыктай балбан жүрө албай чарчап болгондо ыгын келтирип туруп көтөрүп урат, башынан аттайт. Намысы колго тийген кыргыз тарап дуу түшөт. Шарт деген шарт. "Өз кылган иш - өзүнө муш" болуп, Корун да Кыргыз жерин кеңитип алыстап көчүп кетет. Көкөнүн жылдызы ошондон дагы көкөлөйт. "Дагы..." дегенибиздин жөнү Наал энебиздин ага чейин эле Көкөгө көзү түшүп калган жайы бар, **Көкөнүн тегин эмес, касиет сыймыгы бар, боюн кут уялаган жигит экенин мурда эле бир канча ирээт жышаанын көргөн.** Анын өнө боюнан түндөсү **шам жанып турган...** Көкө, Наалдын чоң тою түшөт. Бүткүл Адигине, Тагай журту, "Наал эже деп" даңазалаган баатыр кыз, жаш`чакта кыргыздын башын кошуп кармап турган, учурундагы Кыз Сайкал ушул Наал болгон, өзүнө туш **Көкө эрге бой кошот.**

Ушул жерден дагы бир кичинекей сөздү кыстара кетүүнүн эби бар дейт Чоюн. Моңолдордун түпкү ураанй Ак-Дөбө деп айтышчу сөзмөр карылар. Муну мындай чечмелешчү. Ошол Көкө атабыз менен Наал энебиздин тоюнда кыргыздын бардык шаан-шөкөт оюндары өтөт. Эң акырында ат чабыш болот. Чабышта Наалдын атактуу күлүгү Коңур Кула озот. Ат чапкан бала чыгып келе жатканда же аны жабылып сүрөөнгө алганда адатта ат ээсинин баш ураанын чакырып кыйкырып өтүшөт. Наалынын (демек Көкөнүн!) Коңур Куласы чыгып келатканда үстүндөгү ат чапкан бала кай ураанды салаарын билбей обол буйдалана түшөт. Ошол учурда анын көзүнө а деп эле Көкө менен Наалга арналып көтөрүлгөн көк дөбөдөй зор ак өргөнүн караанй көрүнөт. Оозуна келгени "Ак Дөбө" болот. Ошондон "Ак Дөбө" эле "Ак Дөбө" деп ураан салып өтөт. Көкөнүн тоюнда биринчи салынган ошол ураан, кийин ошол моңолдор уруусунун ураанй болуп кетти дешчү карылар.

Ушерде бир кеп бар. Эсиңизде болсо, бая биз Көкө, Дайыр атасы Кылычкандын экинчи туругу Ак Дөбө деген жер болуптур дедик эле. Демек, чабандес ак дөбө үйдү көрө калып эле капыс "Ак Дөбөлөп" ураан салды деш да бир жактуудай. Бул **балким, кыраан Көкө атабыздын көпчүлүккө өзүнүн келген жерин, дарегин туюнтуш үчүн туюк иштеп койгон бир сыр - далалаты** да чыгаар, чабандес аркылуу бир ишара кылып койгон, ата арбагы жаткан жайга алдыртан жалынып, сыйынып... кыргызда: "эл сагынбас эр болбойт, ат сагынбас жер болбойт" деген да бир накыл сөз бар. Ырас эле Көкө атабыз кийин Наал энебиз көз жарганда да уулунун атын **ырымдап "Моңол"** деп койгон эмеспи, мында да түпкү атанын ысымына качырып, тымызын жалынып багынып...

Ал эми Дор деген кошумча угумга келээр болсок, ал чын эле Моңолду багып чоңойткон күң аялдын ысымы. Нарындыктар көпчүлүк учурда бир жүрүшкөндүктөн аларды тамакка чакырганда же жатаар учурда Моңолду издеп чакырып, жанындагы Дорду кошо айтып жүрүшүп "Монолдор" болуп кеткен дешет.

Дайыр тууралуу болсо жашоо шартка жараша болсо болмок, бирок, өздөрү качып жүрүшүп аялды мен алат элем деш да туура эмес. Анын үстүнө Наалдын көңүлү да Көкөдө болгон. Эми кайрадан сөз Чоюндан болсун, Моңолдордун санжырасы өтө чаташкан дешет, муну изилдөөгө алышып ирээтке салдык дешти эле.

Эми Көкөнүн өзүнө токтоло турган болсок, санжырада далил болгондой, анын калмак менен каршы бет келишип, эл-жердин тагдыры таразага түшүп турганда Төө балбан - шоброну жыгып, кыргыз жеринин бүтүндүгү сакталышында эбегейсиз иш кылганын бая айтып өттүк. Адигине, Тагайдын бүт эли "эже" деп ызааттап сыйлашкан улуу эжеси Наалды Көкөгө беришкени да ошол. Көкө баатырдын эрдиги муну менен бүтпөйт.

Ушул жерде "Нойгуттар менен согушкан"... деген кабар көңүл бурарлык. "Көкө өзү түбү нойгут болсо, анан кандайча нойгутка каршы согушат"- деген бир суроо туулушу мүмкүн. Ооба, бул нак чындык. Көкө, акыйкатта нак мураскору. Ал Нойгут ханы Болоткан уулу Кылычкандын уулу. Тек гана эрке токолдун бир бузуку ишинен улам эл-жеринен безип кеткен Эр Азамат. Эми минтип кемелине келгенде ата мурасын кайтарып алуу үчүн Нойгутка карай жортуул жүргөнү-толук мыйзамдуу. Бул жортуул санжыраларда Көкөнүн Текес калмактарын "чапканы" деген окуяларда кенен айтылат. Көкө баатыр эрөөлгө чыгып, өзү катары менен үч эрди саят. Ошондон калмак колу бытырап качып, жоо талкаланат.

Көкөнүн кийинки жортуулу Ташкент, Сайрамга карата болот. Ал жерде да жеңиштүү кайтышат. Көкө өзү туу башын кармайт. Бул согуштагы коңур-кула күлүк ат менен таманак тайгандын жоголушу, анда олжого келген балдарга карата болгон Коңурат жана Таманак урууларынын келип чыгышына байланыштуу болгон тарыхый маанидеги да маселенин жүргөнү белгиленет.

2012-жылы Каныбек Иманалиевдин "Тагай бий" аттуу китебин окуп чоң капа болдум. Биринчиден Тагай бий XIV к. экинчи жарымында, XV к. биринчи чейрегинде жашаган инсан. Атасы Долон бий да , уулу Ак уул да XIII к. жашаган инсандар деп Осмонаалы Сыдык уулу да, Белек Солтоноев да, а түгүл кийинки тарыхчылардын баары ырасташат (Ж.Кенчиев. Кыргыз санжырасы. 2000-ж. 139,140 б.). ортодон бери болгондо 6-7 ата өтүп кетип жатат. Муну кандай түшүнсө болот?! Экинчи, Сиз "Наалы эже" бөлүмүндө мындай деп мүнөздөйсүз... "Атчан жакындаганда таң атпай жалгыз таш оодарып жүргөн Наалы эже экенин тааныды..." маанайы суз, жаак чүкөлөрү чыгып, саамайлары куудай аппак, көздөрүн ак чылпак баскан, бырыш жүзүнөн көп убайым тартканы байкалат... жигит аң-таң болду. Кезинде улардай таза жүрүп, нускалуу өмүр кечирген Наал эже ушунчалык карылыкка алдырат деп күткөн эмес. Кайгы, сенаа адамды тез мөгдүрөтөт окшобойбу..., - жалгыз бадал түбүндөгү алачыктан бир кемпирге кездешет...

Эми Кыргыз тарыхы, санжырасы эмне дейт?!

Тагай бий биринчи жолу эки жыл, кийин 1517-жылы беш жыл жат элде, бөтөн жерде могол каны Султан Саиддин чечими менен **"мейман туткуну" катары жүрөт.** Ал жерде жети жыл мөөнөт өтөп, аял алып, Карачоро аттуу уулдуу болот, уулу кийин атасын таап санжырада атактуу уулдардан болгон. **Наалдын**

**эстүүлүгү, кайраттуулугу бар инсан. Бул жерде айтыла турган маселе Наалдын жогоркудай абалда калуусу, бадалдын түбүндө жаман алачыкта, жалгыз калышы,** кебетесинин өтө төмөн абалда болушу **мүмкүн эмес. Бул жөн эле автордун оюну,** ручкасынын өз оюндагы түпкү көздөгөн максаттарын гана бергени болбосо, **Наалынын тунук акылы, тубаса эрки** Наалы эненин автор мүнөздөгөн **абалга келишине жол бербейт.** Кептин баары чыгарманын ээсинин "саясий" оюндарга берилип **моңолдор тукумун** эң жөнөкөй айтканда **басынтууга, кордоого аракет кылганыңда.** "Моңолдор элдин уюткусу" деген сөз бул бир «паз» **адамдын айтуусу же акылы эмес,** бул бүтүндөй кыргыз элинин **жыйынтык сөзү, ал кылымдардан бери айтылып, мыкты чыгармаларда жазылып келе жатат.**

Үчүнчүдөн Наал төрөбөйт (!) **даана жалган жалаа,** Дорду төрөтүп, өзүн **"кысыр" калтырат** бул да өтө **ашынган каталык.** Наал эненин тукуму кыргызда өтө кеңен тараган **урууну түзөт,** бул бардык басмалардагы санжыраларда **"Наал эне уул төрөп, Көкө уулдуу болду"** деп жатышса **ааламга чоң жаңылык ачкансып,** Дорго (могол) келинге төрөтүп жатат, бүтүндөй моңолдор уруусуна **шек келтирип, чоң чырды баштаганга камынып, Наал эне Көкө менен турмуш курганда болгону 32 жашта болучу, бул ургаачы үчүн эң ыңгайлуу торот учуру.** Санжырачы, тарыхчы Жапар Кенчиевдин санжырада да жазганын караңыз (146-б.). Эгер бул жомок болсо китебиңизде "Тарыхый повесть" деп турат?! **Көкөнү да, Наалды да калмак жасагыңыз келет, азыр бул колуңуздан келбейт! Бүтүндөй бир урууну мазактап** жатканыңыз үчүн сот алдында жооп берүүгө тийишсиз. Түштүктөгү көп уруулар биз Наал энеден тараганбыз дешет, Түштүктөгү кодогочун, жапалак, төлөйкөн, жоош, жылкелди, сарай, көк жатык, сарылар, соколок, тейне, эрке кашка деген моңолдор урууларын кыдырып таап, сураштырсаңыз жакшы болот!

Сөздү тарыхчы Жапар Кенчиевге берели. Жапар ага да отуз жылча элди аралап, ата-бабалардын дарегин тактап билиш үчүн, элден далай сонун нускаларды жыйнаганын айтат. 2000-жылы басылган "Эркинбек" аттуу китебинин Моңолдордун санжырасы деген бөлүмүндө... Көкө баатыр менен Наал эне экөөнүн никеси кыйылып, тою өткөрүлдү, Наал эне Көкөнү мурда эле жактырып жүргөн. Деги эле мыкты аялзаты жеринен эле сынчы келет. Көкө менен Дайыр экөө Тагай бийдин эшигине келип, ата-тегин жашырышып, "эр өлтүрүп" качып жүргөн балдар экенин, жөн эле жай чарба адамдардын балдары экенин айтканда эле Наал эне булардын "тегин жердин" тукуму эместигин билген. Ошондо эле Көкөгө көзү түшкөн: "кабыландай караган, кадимки ишке жараган чыдамдуу эрдиги бар экен. Кең көкүрөк жайык төш, билеги жоон таш жүрөк балбандык жайы бар экен, айтканынан кайтпаган, адамга жаман айтпаган, калыс сүйлөп төп жүргөн ханзаадалык жайы бар экен". Эженин бул сындаганын эл ичинде унутушпай ооздон оозго эмдигиче айтылып келе жатат.

Эми Көкө уулу Самансур атага келели дейт. Чоюн мырза санжырасын улантып...

...Самансур да ата жолун улап, заманындагы кыргыз кыйырына таанылган. Муну бүт санжырачылар, иликтөөчүлөр бир ооздон айтышат. Масанша ханы баштап күн чыгышка карай жылып кысып келгенде кыргыз, казак биригип ага каршы турат. Ошондо жалпы кыргыз кошунуна хан шайлаган, ушул-Самансур! өзү жеке ченебеген эрдик көрсөтүп, оозго алынган ушул-Самансур! Ошондо он миң ашуун ойрот опаат болуп Эдилдин (Волганын) артына чегинишет. Кийин Самансур картайып калган чагында, экинчи ирээт, чыгыштан Контаажы басып киргенде түмөн калмакка каршы кол баштап, башында турат. Контаажыны өзү жеке кылыч чабышта өлтүрөт. (Бул тууралуу Ж.Кенчиевдин китебинде кеңири баяндалат).

Дагы: Кыргыз ичинде "Калыстык бийлик моңолдордон калган" деген ылакап сөз айтылат. Мунун жөнү... Адигине Тагайдын ортосунда жик пайда болгон... кайра ширетүү үчүн кара кылды как жарган калыс сөз, билги иш гана керек болгон. Андай калыстык Адигинеге да, Тагайга да тартпаган, экөөнө тең бирдей жээн моңолдор тукумунда эле. Андыктан эки жак тең эп көрүп калыстыкты моңолдорго калтырган. Айткандай моңолдордон кара кылды как жарган калыстар чыккан. Ошонун ана башы айтылуу Самансур бий эле. Самансурдун тушунда жалпы кыргыз кошунуна хан шайлашкан... Кыргыздын эне сүтүнөн жаралган жана сөөккө сиңген улуттук өзгөчөлүгүбүзгө гана тиешелүү болгон салт, адат, ата-мурастары жана руханий адептүүлүктү сактоо боюнча көптөгөн адилеттүү мыйзамдарды киргизген. (Ж.Кенчиев "Эркинбек" 162-бет). С.Закиров жазат: "Кыргыз уламыштарында Самансур хан жөнүндө көп аңыз кеп бар. Анын адилеттүүлүгү, акылдуулугу жөнүндө легендалар айтылат. Ал өз заманынын акылман ойчулу катары узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына таанылган". (С.Закиров "Кыргыз санжырасы" 215-бет). Аттокуров жазат: "Элдик оозеки тарыхтын дарегине караганда Самансур өз заманынын эр жүрөк баатыры гана болбостон, кыргыздарда наркты, мыйзамдарды биринчи тартипке келтирген. Бул жөнүндө Осмонаалы Сыдыков Кыргыз ичиндеги "нарк, адат" дегенди ошол Самансур чыгарган деп жазат" - (С.Аттокуров "Кыргыз санжырасы" 127-бет). Мына ушул Самансурдун заң мыйзамы улам кийинки замандарда ырааттуу уланган. Кийинки эле кезеңге чейин кайсы бир үйдө, кандайдыр бир отуруш-жыйылышта бир талаш маселе чыгып калса: "ой, моңолдор барбы араңарда, ошол айтсын, ошол чечсин" деп калыстык тизгинди моңолдор уруусуна калтырышкан. Анткени ал салт, ал калыстык бир эле күндө жыйылып, чогулуп калган эмес, ал карт тарыхтын тереңинен жылжып жыйылган, булактан куралган. Ошол эле Ж.Кенчиев сөз улайт: - "Самансурдун хан болгонун эч ким тана албайт. Аны бардык уламыштардан кезиктиребиз. Анын чыгарган мыйзамдары Ормон ханга чейин жеткен" (165-бет). Оболдон Ормон ханга... Анткени ал, айттык, бир күндө жыйылып чогулган эмес жана сөз ортосунда бир учкай айтылып кеткендей, ал дүйнөнү титиреткен улуу Чыңгыз хандын көчмөн дүйнөнүн табиятына өзгөчө бап, өзгөчө төп атактуу "Жасагынан" ("Ясса") башталма алган. Ал эми ага да андан аркы байыркы гунн, эски кыят-кыргыз замандарынан келген.. "калыстык, бийлик моңолдордон калган" деген укум сөздүн тукум мааниси ушундан.

1992-2000-жылдарда санжыра үчүн бала кыйрадагы айылдарды бүт өрөөн боюнча кыдырып, бирин-эки ата-бабаларды жакшы билген адамдарды чогултуп, алар менен сүйлөшүп, акырында уруктар боюнча схема жасап, өз-өзүнчө такталды эле, чынында көп үй-бүлөлөрдө жакшы билишпейт экен, айрымдары 4-5 атага араң жетишет. Ар бир үй-бүлө же урууну сурамжылап тактоодо **эс тутуму күчтүү энелер** да жакшы жардам беришти. Ар бир уруу-урукка өзүнчө стенд жасалып, азыр Дөбөлүдө маданият үйүндө илинип турат. Дөбөлүдөгү музейге келишип, ата-бабаларынын туура эмес жерин такташты.

Адегенде быт-чыты чыгып жасалган кол жазманы ирээтке салып, атайын стенддерди жасаган уулум Калназаров Жолдошбек, ал эми стенддерге адамдардын аттарын түшүргөн Абдыкасымов Нарынбек болду. Экөөңөргө да чоң рахматымды айтам. Бирок тилекке каршы мында бир гана Балакыйра жана Орто кыйра урууларына жүргүзүлдү, өзүмдө жетиштүү убактым болбоду, Ак-Музда бирин-эки эстүү-баштууларына бир нече жолу кайрылдым, жыйынтык чыкпады, андан бери көп убакыт өтүп кетти, ушундан улам Улуу кыйра тукуму Ж.Кенчиевден алынды, анда да так эмес экен, эң башкысы толук эмес, чала берилип калды. Мурда ата-текти сурашканда Көкө менен Наал энеге чейин келип токтоп калаар элек. Азыр Чоюн мырзанын жана жогорудагы аталган агалардын жардамы менен көпкө өйдөлөп келип калдык. Стенддерден сүрөткө тартып алып, компьютерге түшүрүп, чоң иш жасашкан Кырбашев Асек акенин небереси Кырбашев Жолдошбек болду, ушул ишке анын колуктусу Жаныгулова Аида Нарынбековна киришип, күндүз өз кызматын, түнкүсүн таблицалар менен иштеп, эбегейсиз чоң иш жасаганы үчүн терең ыраазычылык айтам, **- чоң рахмат!** Мен үй-тиричилик, балдарды багууга канча убакыт, күч кетээрин түшүнөм, кабагым-кашым дебей атайын убактысын кетирди, анын үстүнө таблицалар да өтө оор жумуш эле! Дагы рахматымды айтам!!

Көп адамдар, ошолордун ичинде мен "кыйра" деген түшүнүк эмнеден келип чыкканын чече албадым. Төмөндө Чоюн мырзанын жообу негизинен туура болсо керек деп жатам. Чоюн... "мындай бөлүү көчмөн дүйнөдөн илгертен келе жаткан салт: - оң канат, сол канат, ичкилик ж.б.у.с. моңолдор уруусунун үчкө бөлүнүшүндө байыркы салт жаңырыгы жатат... алда канча аркы замандардан бери үзүлбөй-сүзүлбөй келаткан байыркылыктан кабар айтат дейт."

Чынында эле Самансурда ар бир санжырачынын айтуусунда ар түркүн экен, өтө чатак, чындаса дайын жок. Ушундан улам Чоюндун "Куттуу айыл Куланак" китебинин 115, 116, 117, 118, 119, 120, 121, 122-беттерин толук өзүндөгүдөй бердик.

**Моңолдордон - Бай Моңол, же Асан тукуму;** Сары Моңол, же Үсөн тукуму; Кара Моңол, же Байгабыл тукуму таралат.

Азыркы арка кыргызы, Ат-Башы, Нарында кеңири таралган **Бай Моңол тукумуна токтолобуз. Асан тукуму!**

**Бай Моңолдон** - Самансур, Самансурдан-Бексейит.

2-аялы **Аяндан - Сейитказы.**

**Самансур** атанын эки гана уулу - **Бексейит жана Сейитказы.** Калган балдарынын тукумдары **иликтөөчүлөрдүн айтуусунда Кашкар, Ооганстан, Пакистан, Каракалпак, Түркия ж.б.** чет аймактарда чачырап жатышат.

**Бексейиттен - Атаке, Куттук, Кубаныч, Меңдуулат.**

**Куттуктан - Абылгазы.** Мунун тукумдары **Улуу Кыйра** деп аталышат.

**Кубанычтан - Сейитказы.** Мунун тукумдары **Орто Кыйра** деп аталышат.

**Меңдуулаттан - Мангазы.** Мунун тукумдары **Бала Кыйра** деп аталат.

Эми **Самансурдун аян аялынан - Сейитказы.**

**Сейитказыдан - Бөгөнөк жалгыз уул.**

**Санжырачы Эсенгул Төрөкан уулу:**

**Самансурдан - Сарыбий, Баакы бий дейт. Сарыбийден таралгандар – Чүйдөгү, Оштогу, Таластагы моңолдор. Баакы бийдин тукуму – Көл, Нарында. Баакы бийден - Алымсейит, Куттуксейитти таратат.**

**Биздин Таштанбек санжырачынын** айтканы башка. Моңолдордон Баакы бий туулат. Андан төрт уул - Самансур, Байгазы, Чабалдай, төртүнчүсү – белгисиз.

**Самансурдан** да төрт уул - Улуу Кыйра, Орто Кыйра, Бала Кыйра, Бөгөнөк.

**Санжырачы иликтөөчү С.Закиров:**

**Самансурдан** - Бөгөнөк, Атаке эки уул деп берет. Андан ары Бөгөнөктөн – Алагар, Кара, Сейитказы - үч уул дейт. Баакы бийди айтпайт.

**Санжырачы иликтөөчү С.Аттокуров:**

Самансурдан - Сейитказы, Баакы - эки уул деп берет.

**Эми С.Закиров боюнча ылдыйлайлы:**

**Самансурдун Бөгөнөгүнөн** - Алагар, Кара, Сейитказы.

**Самансурдун Атакесинен** - Куттук, Кубаныч, Меңдуулат.

Куттуктун тукуму - Улуу Кыйра; Кубанычтын тукуму – Орто Кыйра; Меңдуулаттын тукуму - Бала кыйра болуп: Революцияга чейин Кыргыз санжырасын биринчи китеп кылып чыгарган молдо **Осмонаалы Сыдык уулу: Моңолдордон** - Самансур, андан - Бөгөнөк жана Баакы деп берет.

1986-жылы Жети-Өгүздүн Шалбаасында өткөн санжырачылардын 1-курултайында Каракол шаарынын тургуну **Тургун Бегалиевден** жазып алган менин да бир вариантым бар эле.

**Самансурдан** - Бөгөнөк, Баакы.

**Баакыдан** - Улуу Кыйра, Орто Кыйра, Бала Кыйра таралат дейт. Ал эми Бөгөнөктөн болсо жогоркулардан башкача кетет, же: **Бөгөнөктөн** - Алагар, Абдыке, Бейман, Куу сөөк - төрт уул.

Бул жерде эгерде эле **С.Закиров менен Ж.Кенчиевде берилген** Самансур уулу делген **Атаке** менен **Бексейиттин ордуна** Баакы бийди койсок, анда көп нерсе дароо орду-ордуна келе түшөт.

**Самансур** - Бөгөнөк, Баакы бий.

Баакы бийден үч кыйра тарап чыгат.

Ал эми Атаке да, Бексейит да Самансур атанын Баакы бийден кийинки таралган балдары (б.а. неберелери) болот. Бөгөнөктүн болсо балдары көбөйөт (т.а.

толукталат), алар бир эле эмес, ар башка аялдардан да болушу мүмкүн, же: Алагар, Чалагар, Сейитказы, Бейман, Куу сөөк.

**Эми муну Тургун Бегалиев боюнча толуктасак:**

Беймандан - Алып, Жамгырчы. Куу сөөктөн - Супатай таралат. Чалагар уулдарынан бир топ Кочкорду жердеп турат.

Эми Бөгөнөк уулуна кайрылып келели. Анткени биздин Куланак, Учкун моңолдору ушул Бөгөнөктүн Алагар уулунун урпактарынан. Адегенде эле белгилей өтөлү, көптөгөн санжыраларда башынан кетирген бир ката аягына дейре, ар биринде көчүп, конуп жүрөт. Ал - Алагардын Карачолок жана Туума (кээде Томо дей беришет) деген балдары да бар деп айтылышы. **Аныгында "Кара"** деген - бир баласы, ал эми **"Чолок" деген экинчи ысымга,** Туумага тиешелүү, ага жалган айтылган сыпаттамасы, б.а. Чолок Туума. А эмне үчүн Чолок Туума экендигине эми келебиз жана калган Алагар балдарынын ысымдарын да ушуга байланыштуу тактоого аракет кылабыз. Ошентип **Бөгөнөктөн,** бая айтканыбыз, үч уул таралат - **Алагар, Кара, Сейитказы.**

**Алагардан** - Маани, Чагыр, Ырым, Сырдыбай, Кара курсак, Чекир, - алты бала.

**Карадан** - Эсер, Көнөк, Жаныбек, Боobek, Тогуз - беш бала.

**Сейитказыдан** - Эшимбек, Назар, Акжан, Күчүк, Эштек - беш бала.

Бул С.Закиров боюнча. Ушунун ичинде Алагар уулуна келели. Мында Карачолок жок, анын ордуна Каракурсак бар. Санжырачылардын көбү ушул Кара курсактын ордун Карачолок менен алмаштырып чаташат. С.Аттокуров боюнча так жана толук Чолок Туума деп берилет.

Демек, баяндан байкалгандай, Алагардын алты уулу болгон, бир аялдан. Эми Алагардын ошо алты баласынын эсебин алсак болот. Айтылган санжыраларды бири-бирине сүрүштүрө, териштире келсек, алты баланын ысымы булар болуп чыгат: **Маани, Чагыр, Ырым, Абдыке, Кайып, Кара.**

Ал эми токолунан жалгыз - Туума. Эми ушу Чолок Туумага келели.

Алагардан алты уул, токолунан бир бала-Туума болгон. Алагардын улуу байбичесинен шекшип калган жери бар эле, ушундан улам жакын досу Кайыр мергенге «балага көз сала жүр, мен жокто Туумага жаздым болуп калбасын» деп өтүнүч жасайт. Күндөрдүн биринде баланы ээрчитип алып, алтоо кетишет, мергенчи шекшип, балдардын артынан барып, бир кыраңга чыга калса балдар чырлашып жатышкан экен. Кайыр мерген бул эмне кылганыңар деп сураса, болгон иштин чоо-жайын айтып беришет. Байбиченин балдарынын бир-экөө: «кой өлтүрбөгүлө деп арачыга түшүп, Туумага болушуп турган учур экен».

- Эмесе бул жөн эле иш турбайбы деп, мергенчи кестигин алып, баланын чыпалагын чорт кесип салат, кан жая берет, ошону менен энесинин кеңеши менен «соо койбойбуз» деген балдарынын көксөөсү сууп, баланы өз жайына коюшат. Бала кийин тың чыккан экен. Туума эле эмес, Чолок Туума делип аталып калыптыр.

**Чолок Туумадан** - Меметей, Боруке, Жаманкара, Турсун, Сырдыбай, Көлбай, Олжобай. Мына ушул Олжобайдан Солтобай; андан Кошуке; андан Эсен-

гелди; андан Кыдыр. Куланактагы Кыдыр уулунун санжырасы мына ушул жерден башталат.

Кыдыр атабыз Куланакка Кетмен-Төбө тараптан келген. Жашы бир топ өйдөлөсө да аялы төрөбөй тукумга зар экен. Эсенгулдун Ниязбеги көрөгөч кыраакылыгы менен да, батакөйлүгү менен да калың калкка алынган тушу. Ошого тең, уулдары да тың чыгып "сегиз бек" сегиз жерде эл бийлеп турушат. Бирок Ниязбек өзү көтөрүлбөгөн, ала-кула деп бөлбөй элге тең караган адил киши экен. Анан батасын туш келди чачпай, ким көрүндү бербей, ай-мезгилдин белгилүү бир саат-учурларында, жышаан-белгиси келгенде берчү дешет.

Балага зар Кыдыр аялын алып, жолдугун салып, Орто-Токой беттеп жүрүп калат, келет да өңөрө келген жандыгын казыкка чалып коюп, серке чанач кымызын керегеге байлай салып, кайра сыртка чыгат. Төөсүн жетелеген бойдон отун алып келүүгө кетет. Оо, бир ookумда сылай отун жүктөп келип короо четине түшүрөт. Ошонун баарын унчукпай көрүп байкап отурган Ниязбек ата:

- И балам, жол болсун, келипсиң, - деди дейт жылдыздуу.

Ошондо Кыдыр мойнуна курун салып, аялы болсо эски курумшу кийизди мойнуна илип, экөө бирдей чөк түшө калып, муунуга минтиптир атабыз:

- Касиетиңден жан аба, атайын алыстан арзып келдик. Жашым өр таяп барат. Ушул жашка келгени "баа" деген бала үнүн укпадык, бир балага зар болдук, батаңызды сурап келдик деген экен, - сабылып-зарыгып.

- Ии келсең - болсун, болсун... "Зарылганга табылган" деген. Эмесе, көтөр билегиңди, сага айтаар тилегим бул: берген да Кудай, алган да Кудай, куурай чыкпас куу такырга кулпунтуп жашаң салган да Кудай, "телегейим тең" дегенди теменеден өксүткөн да Кудай, бөксөртүп кайра толтурган Кудай, өксүтүп кайра болтурган да Кудай, менин сөзүм эмес Теңирдин сөзү бу. Эмесе бир бала дейсиң, түр бала берейин, төрт эркек уулдуу бол. Биринчи балаңдын атын Сарбагыш кой, андан кийинкисин Багыш кой, үчүнчүсүнүн аты Байбагыш болсун... деп токтой калган экен.

Ошондо Кыдырдын чекеси чып-чып тердеп, аялынын жүзү албырып, атабыз аптыга түшүп башын көтөрүп, Ниязбек атага карайт экен. Ниязбек да анын ишенип-ишене албай сүрдүгө түшкөнүн байкап:

- И ооба, төрт балалуу бол, үч балаңдын атын коюп бердим, эми бир балаңдын атын коюп албай жаның жокпу, - деген экен.

Ошону менен Кыдыр атабыз, энебиз Кудайга жалынып, ак сарбашыл атап кубанычы койнуна батпай, Орто-Токойдон Куланакка тартат. Айткандан көп өтпөй аялынын боюна болот. Балага Ниязбек берген атты коёт: Сарбагыш. Андан кийин катары менен үч уулдуу болот. Баарынын тең аты Ниязбек айткандай коюлат: Багыш, Байбагыш. Төртүнчү баласы төрөлгөндө атабыз кудайга жалынып, Ниязбектин керeметине биротоло багынып, касиетиңен жан аба, айтканың айтканыңдай, дегениң дегениңдей болду, бүт өтөлдү. Сага кабылткан тагдырга ыраазымын деп, төртүнчү баласынын атын Өтөгөн деп койгон экен.

Жазмыштын да бир сыры, - ошол Өтөгөн тукумунан бир эркек бала калган элс - Нарынбек. Бүгүнкү күндө Нарынбектин балдары бүт так ошол Орто-Токойду жердеп турушат, орун, очок алышкан.

Өмүр бою такыба жашап, сопулук жолдо өткөн, оозуна "айлаанайындан" башка сөз кирбеген Асанчы атабыз карыганда үнү каргыл: - кичи акысын жебегиле, ууру-ушак сүйлөбөгүлө, түз, калыс жүргүлө, ал биздин ата жолубуз, биздин тукум батадан бүткөн деп балалык кулагыбызга куяр эле.

Кыдыр атанын тукумунун таралышына келели.

## Кыдыр уулу

**Кыдырдан** – Сарбагыш, Багыш, Байбагыш, Өтөгөн.

## Сарбагыш тукуму

**Сарбагыштан** – Дыйканбай, Куланбай, Турганбай;

I. **Дыйканбайдан** – Өмүраалы (Асанчы), Эсенаалы, Исак.

1. **Өмүраалыдан** – Жапар, Эрмек, Ысмайыл (Макый), Имер.

**Макыйдан** – Асеин, Илияс, Чоюнбек, Кубанычбек, Осмонбек, Таалайбек, Талантбек, Жыргалбек, Асылбек;

**Имерден** – Үсөйүн, Абдыкапар, Ыдырыс, Төлөгөн, Көбөгөн, Бактыбек, Кубан;

2. **Эсенаалыдан** – Ырсалы Талантбек;

а. **Ырсалыдан** – Канболот, Калмурат, Жусуп, Кубанычбек, Таалайбек,

3. **Ысактан** – Өмүрзак; **Өмүрзактан** – Кубанычбек, Болотбек, Кыдырбек, Саламат, Бакыт;

II. **Куланбайдан** – Курманаалы, Жусубалы, Абили;

1. **Курманаалыдан** – Адамалы (Кулу);

а. **Адамалыдан** – Майрамбек, Жеңиш, Кеңешбек, Таалайбек, Бактыбек, Кубатбек;

2. **Жусубалыдан** – Аруун, Шамшыбек, Садырбек, Советбек, Мукамбет;

а. **Аруундан** – Ишеналы, Ырыскелди;

б. **Шамшыбектен** – Замир, Жекшен, Султан, Бакыт, Кыдырбек;

в. **Садырбектен** – Исланбек, Курманбек, Нурланбек, Таалай, Талант, Эрнис, Тельман;

**Советбектен** – Молдокадыр, Бердибек, Бакы, Келдибек;

3. **Аблиден** – Болот, Темир;

а. **Болоттон** – Эсен;

б. **Темирден** – Мээр, Нур, Бэла;

III. **Турганбайдан** – Абакир, Иса;

1. **Абакирден** – Акматаалы. Абакир, Ийса экөө тең согуштан келбей калган.

## Багыш тукуму

**Багыштан** – Айтымбет, Дooран, Черикбай, Байбосун, Жумалы.
**III. Черикбайдан** – Эстебес, Байкабас, Жанузак;
**Жанузактан** – Бейшенбек, Алмаз, Тычтыкбек, Баатырбек;
**Байбосундан** – Имангазы, Өмүргазы.

## Өтөгөн тукуму

Өтөгөндөн – Сүйүнбек.
I. Сүйүнбектен – Ыбырайым;
Нарынбектен – Курманбек, Нурлан, Бакыт, Ислам, Тынчтык, Азамат, Тилек;

## Өмүрзак тукуму

**Өмүрзактан** – Ботбай, Чылпак, Таштан.
**I. Ботбайдан** – Асаке, Сатылган, Байзак, Суранчы, Жанузак.
**1. Асакеден** – Жумабай.
**а. Жумабайдан** – Сыдыкты асырап алган.
**2. Байзактан** – Султангазы, Шаршаалы, Осмонаалы, Айдаралы, Абдыракман.
**а. Султангазыдан** – Арыпбек, Сыдык, Шаршенбек;
**Арыпбектен** – Жеңишбек, Чоробек, Бактыбек;
**Сыдыктан** – Жусупбек, Шаршенбек, Асанбек, Чойбек. Сыдыктын экинчи уулуна Шаршенбек деп ат коюшкан.
**б. Осмонаалыдан** – Садыбакас, Абдылда (Апын)
**Апындан** – Жаныбек, Ишен, Дүйшөнбек, Кубан;
**в. Абдракмандан** – Аалы;
**Аалыдан** – Бейшенбек, Турарбек, Жолдошбек;
**II. Чылпактан** – Орозалы.
**1. Орозалыдан** – Нурмамбет, Конушбай.
**а. Нурмамбеттен** – Абдрайым, Жунуш;
**Абдрайымдан** – Апсамат, Жумакадыр;
**Жунуштан** – Ийса, Муса, Мырзабек, Курманбек, Болотбек;
**Мырзабектен** – Кубанычбек, Малик, Данияр, Кубат;
**Мусадан** – Тариэл, Марат, Акат;
**Тариэлден** – Улан, Мирлан, Руслан, Мирбек, Нарынбек;
**Мараттан** – Бакыт, Нурлан, Белек;
**Акаттан** – Рахат, Талантбек;
**III. Таштан** – Байгазак, Сарымсак, Бекмырза, Калмырза;
**1. Байгазактан** – Шаамырза, Баймырза.
**а. Шаамырзадан** – Арыкбай;
**Арыкбайдан** – Арстанбек, Дайырбек, Белек;
**б. Баймырзадан** – Абдылда, Омор;

**Омордон** – Кермалы;

**Кермалыдан** – Мелис;

2. **Сарымсактан** – Медетбек, Токтосун, Жетиген, Аалышер, Байшери.

**Медетбектен** – Рысбек;

**Аалышерден** – Сыдык, Момун, Насир, Айдар;

**Байшериден** – Тезекбай.

**Моңолдор санжырасы мындай уланат**

Көкө (Моңолдор) – андан Самансур – андан; Бөгөнөк, Бакы бий. Азга артка чегинели, Чолок-Тууманын тукумдары алдыда болуп калды.

**б) Мартабалуу Бакы бий тукумдары:**

А) Улуу Кыйра – Куттук:

Б) Орто Кыйра – Кубаныч тукумдары: (Кубаныч жана Меңдуулаттын тукумдары өзүнчө таблица менен берилди.)

В) Бала Кыйра – Меңдуулат тукумдары берилет:

**I. Куттуктан: Абылгазы:** - андан

**II. Кутугай, Түркмөн:**

1-аялдан Кутугайдан: Кубан, Дөпөн;

2-аялдан Алдаяр; (Дөпөн, Алдаярдан белгисиз.).

**Кубандан: Жоокачты;**

Жоокачтыдан **Ыңырчак**, Самтыр, Сарык;

Ыңырчактан: Сагындык, Турган, Байсейит;

**Самтырдан:** Монкош;

**Сарыктан:** Сарткозу, Маңгыт;

**Сарткозудан:** Ыбырай, Кудайменде, Ысмайыл, Бала бий;

**Ыбырайдан:** Токтогул, Аалы;

**Кудаймендеден:** Үсөн (анын тукуму Үсөн уулу деп аталат).

Үсөндөн Абазган, андан – Сагынбек, Жолдошбек Эсенгул;

Абазган обл.сотто төрага

**II. Түркмөндүн** тукумдары: - **Токо, Тойчу;**

**Токодон:** Олдойчу, Доңуз;

**Олдойчудан:** Байкүчүк, Иттуйбас;

**Доңуздан:** - Теке;

**Байкүчүктөн:** Осмон, Мусулман, Жумабек Султанкул; (Н.Касиев-Байкүчүк тукумунан).

**Ит туйбастан:** Назарбек, Эдилбек, Келдибек;

**Тойчудан:** Бегалы, Нуралы;

**Бегалыдан:** Сатыбек;

**Нуралыдан:** Ыбырайым, Токкожо, Богочу;

**Сатыбектен:** Тазабек бий, Арыстанбек;

Улуу Кыйранын Абылгазысынын токолунан **Ала-Көздөн** дагы бир баласы болгон:

**Алакөздөн:** - Бакы, андан Дүйшөнбек - андан. **Байсары**, Аблабек, Бердибек, Чоро, Байыт;

**Байсарыдан:** Бегишбек, Карабек, **Абадан**, Түлкү;

Абадандан **Жакыпбек;** Жээнмырза;

**Жакыпбектен** Абдраман, Чолпонбай, Ашырбай, **Боогачы;**

**Ашырбайдан:** Каскан жана балдары;

**Чолпонбайдан:** Жапар жана балдары;

**Байсарынын** Карабегинен: - Кубат, Сарыгул, Жырык; (Кубат да, Сарыгул да чоң бай болгон экен.)

Кубаттан – Бакай балбан;

Жырык бийден: Рыскелди, Курманалы, Сатылган;

Рыскелдиден: - Асан, Абдракман;

Курманалыдан: - Сабыр, Жокей;

Сатылгандан: - Жусу, Сакоо; Мындан ары кандай уланаарын билбейбиз, оюмда Ак-Музда толук болбой калды, Ак-Моюн, Ак-Жар толук белгисиз.

**Моңолдор уруусу** могол империясы кулап баштаган мезгилде кыргыз чөйрөсүндө пайда болгон жаңы уруулардын бири дейт Махмуд Чурас. Моңолдордун түпкү аталарынын бири Самансур калмактарга каршы күрөштө аты чыккан инсан. Ал эми анын атасы Көкө Нойгуттар менен болгон согушта болгон. Бул XVII–XVIII кылым санжыра менен жазма булактын дал келиши ушундай (Ж.Кенчиев 127-бет) дейт Жапар ага.

**Абадандын уулу Жакыпбек** Борбордук Тянь-Шандагы моңолдорду бириктирген Шаркыратма болуштугун түзүүгө көмөктөш болгон. XIX к. аягында Борбордук Тянь-Шандын орчундуу жерлерин ээлеген моңолдорлор Каракол уездинин Нарын, Шаркыратма болуштуктарын түзүүчүлөрдөн болушкан. Нарын болушунда 8 айыл 851 түтүн, орто эсеп менен 4255 адам, Шаркыратма болушунда 9 айыл 1738 түтүн, 5833 адам болгон деп улантат Ж.Кенчиев ошол эле 127-бетте.

Эми ошол **Абадан уулу Жакыпбек ата жөнүндө** сөз жазайлы. Жакыпбек атанын бул иши басмаларда ар түркүн жаңылыш айтылат. Чоң санжырачы Белек Солтоноев өз китебинде (77-б.) сарбагыш феодалы Рыскулбекке "аткошчу" десе, Ормондун куну тууралуу Сарбагыштын таламын колдоп айткан сөзү үчүн деген эл арасында жаңылыш айтылган сөздөр бар. Ташы молдонун жазганы боюнча (Кыргыздар I 523-б) Ормон хандын уулу Уметалы атасынын кунун алыш үчүн Казак төрөсү хан Тезекке жиберген кишилерине **Тилекмат** келип:

- Төрөм ханга да кун болобу? - дейт, эгер болсо сарбагыштар казактын Кенесары, Норузбай хандары үчүн канча алтын - дилде төлөдү эле? - деп суроо салат. Уметалы.... унчукпай калат... ошентип Ормондун кунун **Тилекмат** бүткөрөт. Ы.Кадыров "Чериктер баяны" деген китебинде "Жакыпбек болуш" деген тема бар, анда Ала-Тоо округунун начальниги "Г.А.Калпаковскийдин" Кытайдан келүүчү 100 төөгө жүктөлгөн жүктү Олуя Атага жеткирүүнү Кайдуга милдеттендирет. (Ы.Кадыров "Чериктер баяны" 103-104-б.б.) Эми бул иш мындан ары кандай өнүгөрүн төмөндө сөз жазайлы...

1987-жылы Пржевалдагы педагогикалык институттун ректору Токон Ажымүдүновдун Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районунун Шалбаа айылында жашаган 85 жаштагы аппак сакалы төштөн ылдый түшкөн карыя адам менен болгон аңгемесин угуп көрөлү. ..Карыя ушул айылдагы Маңгыт уулу Сагынбай деген молдо экен, сөзүн так, ирээттүү айтып жатты.

Карыя 1855-жылдан тартып, түндүк кыргыз эли Россияга "оттогон малдын туягы" үчүн салык төлөй баштаган. Салык үчүн ал кезде илбирстин, карышкырдын, аюунун, түлкүнүн, суусардын, уйдун жана койдун терилерин эки жылда бир жолу 100 төө менен Оренбургга жеткирип туруучу. Нарын дубанынын башчысы Кайдуу өзүнүн биринчи кеңешчиси, эң жакын жана ишенимдүү жигити **Жакыпбек Абадан** уулуна ушул жумушту аткарууну милдеттендирет. Буга чейин да Жакыпбек ата Кайдуунун тапшырмасы менен Олуя Атага, Меркеге соодагерлерди башкарып барып келген. Ушундан улам Кайдууда ишеним бар болучу. Мурда Оренбургга жеткенге чейин төөлөрдүн көбүнүн тамандары тилинип, баспай жолдо өлүп, же жолдогу каракчыларга тарттырып жиберип, толук көлөмдө терилерди жеткире алган эмес. Ушундан улам "Нарын дайыма жеме угуп турган".

Жакыпбек ата камылганы катуу көрүп, жардамдаша турган адамдарга жыйырмадан ашык жигитти тандайт, алардын арасында биринчи ирээтте төө багып, кайсы убакта сугарып, чөп-жем жедирип, эс алдырууну жана жолду жакшы билген мурунку каттоодо болгон жигиттерден атайын жетекчисин дайындап, башка эр сайышта айыл арасындагы чатактарда өздөрүн көрсөтүп жүргөн шамдагай, күчтүү, албеттүү жигиттерди шалк этме чокмор, кара бараң мылтыгын пайдалана билгендерди, ал турсун ыргай жыгачынан сапталган, учуна коргошун уютулуп, мыкталып өрүлгөн, жолдо каракчылар жолукса тизеге тартып алганда аттан ыргып кеткендей камчы, жолдо шаарларда токтоп жүрбөш үчүн үч куржун "күл азык" тамак-аш даярдалган. Сагынбай атадан, молдоке, "күл азык эмнеден жасалат" деп Токон аке капыстан суроо салып калдым эле дейт, - И иним: - бул суроон алыс жолдо жүрүүдө өтө олуттуу, муну жасоо ар кимдин эле колунан келе бербейт, өтө кылдат жумуш. Ал жумуш мыкты ургаачынын колунан гана келет. Жылкынын бышырылган эти кургатылганда бир элиден кесилип, кайрадан кургатканда жаргылчакка тартылат, ага майдаланган майлуу куруттун унунан кошуп, арпанын же таруунун талканын, ага топоздун же койдун сары майларынан аралаштырып даярдайт. Жамгырдын суусу тийбеш үчүн өгүздүн карынына куюп, алыс жолдо жарылып калбагандай жерге жүктөлөт. Ушун үчүн "күл азык" дешет, ага ысык суу менен сары май кошкондо укмуштай даамдуу, кубаттуу тамак болот. Андан башка Жакыпбек Таластан келген Нарын чөлкөмүндөгү келиндерге эки чоң куржун жупка даярдатат. Бул тамактар менен чоң шаарларга кирүүгө муктаждык болбой калат.

Ошентип, камылга толук бүтүп, Жакыпбек башкарган 100 төөдөн турган кире-улоо Нарындан Оренбургга эрте жазда жол тартат. Нарын-Бишкек-Мерке-Шымкент-Жез-Казган, Оренбург багыты менен жолго чыгат. Жолго 2-2,5 айга чукул убакыт кеткен экен.

Жакыпбек ата өзгөчө төөлөрдү өз убагында суутуп, тамактандырып, жолдо таштак эмес көбүнчө кыртыш, жумшак жерлер менен алып өтүп, кире-улоонун алдына 2-3 чакырым алдыда жүрө турган 4-6 атчанды коюп, алар эки-экиден бастырып, шектүү адамдар көрүнсө, калпактарын башынан алуу менен белги берип, кире - ылоого кабар беришет. Анда улоо жапсарга кирип, тиги топ адамдар өтүп кеткенге чейин күтүп турушкан. Ыңгайлуу учур бааланып, төөлөрдүн комун чечип, төөлөрдү суутуп, эс алдырып, жем-чөбүн берип тойгузуп алып, анан жолду улантышкан.

Жакыпбек ата абдан ойлонуп, узун, узак жолду басып өтүүнү ийне-жибине чейин ойлонулган жана мыкты көрүлгөн камылганын натыйжасында Оренбургга жүктү толугу менен жеткирет.

Оренбургга жетип ылоонун жүгүн түшүргөндө мурун бөлүнгөн короо чоң болгондугуна карабастан, ал толуп калгандыктан 10дой төөнүн жүгүн башка жайга түшүрүүгө аргасыз болушат.

Терилерди кабыл алуучу адам Оренбург губернаторуна болгонун болгондой айтып кошумча жай суроого кайрылат. Губернатор Горчаков терилердин санын, сапатын баамдап көрүп, башка жактан 10дой төөнүн жүгү сыйгандай жай көрсөткөн экен. Андан да баалуу терилердин арбын болгону губернаторду абдан кубандырат. Оренбургдун губернатору ошол ылоонун башчысын өзүнө чакырып келүүнү тапшырма берет. Жакыпбекти чакыртып алып казак котормочусу аркылуу сүйлөшүп: - Сен ак падышага (Николай II ге) абдан чоң кызмат жасадың. Кандай сурооң бар? **Ак падыша чечип** берүүчү деп суроо бергенде Жакыпбек айткан экен: - Менин туугандарым аз эл, өзүнчө ээлеген жерибиз, болушубуз жок. Ошол себептен бир ууч туугандарым бүт кыргыз жерине кимиси кайдан жай тапса отурукташып кетишкен. Урматтуу ак падыша **мээримдүүлүк кылып,** менин **туугандарымды бир жерге чогултуп алууга уруксат берүүсүн суранам,** деп өтүнгөн экен!

Губернатор 10 күндө кайра жооп алууга келүүсүн, ага чейин ылоонун мүчөлөрү менен бей марал эс алуусун айтат.

Айткан убактысы бүткөндөн кийин Жакыпбек келсе, "Жакыпбек мырза ак падыша сиздин суроонузду канааттандырды", деп кат баракчасын Кайдууга берүүнү тапшырат. Ал жөнүндө сенин дубаныңдын жетекчиси Кайдуу мырзага кат жаздым деп катты сунган экен (Оренбургдун губернатору генерал губернатор князь Горчаков Густов Христьянович). Ошол каттын копиясын Оренбургдун архивинен карап таап келчү патриот моңолдор табыла элек.

Ылоо пайдаланган 100 төөнү Оренбургдун базарына алып барып соодалагын, түшкөн тыйындарды жолго каражат кылып кеткиле дептир. Губернатор айткандай төөлөрүн базарга жергиликтүү казактарга сатып түшкөн алтын тыйындарды кичине куржунга салганда көзү толуп калган экен деп, Сагынбай молдо күлүп калды.

Нарын дубанына кеч күздө кайтып келишкен экен. Кайдуунун боз үйүнө түз барып саламдашып, болгон иштин жайын болгондой айтып, губернатордун катын Кайдууга сунат.

Төөлөрдү сатуудан түшкөн каражат ушул деп куржунду Кайдуунун алдына алып келип коёт. Бир дилдени (тилланы) колуна алып, тиштеп көрүп, накта алтын урпия турбайбы? Байбиче сага Жакыпбек мырзадан эстелик болсун деп Анар деген аялына берген экен. Моңолдор туугандарыңды Нарын жергесине чогултуш үчүн куржундагы алтын дилдени каражат кылып жумшап, көчүп келгендерге макул болгондорду каражат берип чогултуп ал. Эгер жергиликтүү манаптар тарабынан каршылык болсо ага ак падышанын уруксаты негиз болот деп Кайду баатыр Жакыпбекке чоң урмат менен сөзүн аяктаптыр деди, Токон Ажымүдүнов аке.

2016-жылы Т. Султанов менен М.Козубековдун «Ата Конушум Ат-Башы» аттуу китеби «Жаныззак» басмасынан чыкты, китептин 35-бетинде «Жакыпбек болуш» деген темада: «Жакыпбек ошол учурда Ат-Башы өрөөнүнө ээлик кылып турган Матайдан жер сурайт. Жаш болсо да Жакыпбектин (Матайдан 22 жаш кичүү болгон) идиректүү ишине ыраазы болуп, жер **бөлүп берет**, ошентип Жакыпбек 1870-1883-жылдар аралыгында моңолдор уруусунун Улуу Кыйра, Орто Кыйра, Бала Кыйрадан тараган тукумдарын көчүрүп келет, Нарын, Ат-Башы ортосуна жайгаштырат», - деп жазат. Бирок, Нарындан Асаналы Куланбаев аке болсо Кайдуу Ат-Башыны бийлеп турганда, Жакыпбек жигит болуп көңүлүнө жагып турган кезде Жакыпбек «Бегим бир өтүнүчүм бар, моңолдор эли ар кайсы жерде чачылып жүрөт, жер бериңиз, моңолдорду чогултайын» дегенде, көңүлүндө ыраазы болуп, Ат-Башынын Кара-Тоосуна чыгып, эки жакка көз чаптырып, - балам, Нарын, Ат-Башы суусунун ортосун алгын, бетегесинин түбүндө кулун кишинеп турган жер экен деген экен. Бул жерде тактай турган иш Матай агага каршы болуп жаткандык эмес, турмушта болгон иштин тагын айтууда турат. Матай ага ошол замандын күчтүү, акылдуу адамы болгону талашсыз, бирок, ошол кезде жерди чечүүгө шарты жок эле, ал эми Кайдуу болсо бийликтеги адам, Жакыпбек болсо Матай агада эмес, Кайдууда жигит болгон. Кайдуунун милдеттендирүүсү менен 100 төөнүн жүгүн жеткирип, чоң иш жасаганы жогоруда белгиленди эле, дагы бир тактоо ушул эле 35-бетте экинчи абзацында «Кайдуу ыраазы болуп, Жакыпбекке каалаганыңды сура сөз эки болбойт» деп жатат. Үчүнчү эле абзацта «Матай агадан жер сурап, жер бөлүп берет» делет китепте.

Ат-Башынын Ак-Музунун Бороонду деген кыштоосунда Матай ага өзү 1818-жылы жарык дүйнөгө келген экен, атасы Карача да ушул жерде «кыйла жылдар жашап, кийин тескейге көчүшөт», Нарында болсо өйүзгү Шопок туугандар Чоң Нарын суусу чек болгон деп арызданышып, Кайдууга барганда «Нарын аттуу жер бүт моңолдордуку» деген жооп алышып, Нарындын «Төш-Булак» деген жерине көчүшөт, Эки-Нарында Шордун оозунда Шопоктордун көп мүрзөлөрү турат. Жакыпбек жерди алгандан кийин, Чүйгө, Ысык-Көлгө, Ошко киши жиберип, «жер алдык келгиле» деп бир атанын баласы Бөгөнөк, Кыйралар көчүп келишет. Бөгөнөктөр Жан-Булакты, Ак-Жарды, Үйүрмөнү алышып, Кыйралар Ат-Башынын күнгөйүн, нарындыктар Нарындын тескейин алышат.

Бирок, Матай аганын быйыл кыш оор болуп, жаздын мойну созулат, камынгыла деп айткан жерлери да бар, бул чындыкка окшош, илгери бүт мал кыш-

тоолордо болуп, бир жылы оор, бир жылы жеңил өткөн жылдарда кыргыз элинде акылдуу адамдары арбын болгон, көп учурда так, туура айтышкан, булар тууралуу жогоруда белгиленди эле.

Эми Даркенбай баласы Турдакун акенин Жакыпбек, Матай аталар тууралуу кызыктуу сөздөрүнөн да берүүнү туура көрдүм.

Күндөрдүн биринде моңолдор Жакыпбек ата Матай агадан сураган экен, «улгайып калдык, экөөбүздүн өлүмүбүз кандай болот» десе Матай ага «сенин колдоочуң көзүңө көрүнгөн күнү өлөсүң, кайсы жерден көрүнсө ошол жерге коюласың» дептир.

Жакыпбек ата уулу Боогачыны ээрчитип Нарынга келе жатышып, Чаар-Айгырды басып өтүп, Кызыл-Белдин Кара-Суусунун үстүндө эс алып олтурган кезде уулу Боогачыга карышкыр көрүнөт, «ата тээтигинде карышкыр жүрөт» дейт, Жакыпбек ата айткан экен «ошол карышкырды акмала кайда жатат байкап кел» деп. Боогачы ата барса карышкыр жаткан-секиде жок, көрүнбөйт, айланага көз чаптырат бирок көрүнбөйт, Жакыпбек ата «болбой калды» деп жолдон кайра тартат, айылга келип, ошол эле күнү кайтыш болгон дешет мурдагы карыялар. Уулу көрсөткөн жерге мүрзөнү кастырып, эртеси сөөктү коюуга келсе, чарайна ачык,бирок казанак бүтөлүп калат, кайра чарайнанын ичинен күн чыгыш жактан казанак кастырып коюлган экен деп кеп салуучу дейт тай атасы Турдукан аке, жээни Жума уулу Дөөткулга.

Бул окуяны окуучулардын өздөрүнө калтырсак оң болот го! Айта турган сөз окуядагы үч адам тең бул жашоодо даана болгон адамдар. Ал эми Матай аганын айткан үч сөзү тең туура чыкканын окуядан көрүп турасыңар. Бир ооз айта турган сөз жашоосу ушул жаратылыштын түркүн кубулуштары менен байланыштуу болгон адамдардын турмушунда мындай окуялар көп болгон. Ал эми Жакыпбек ата Матай атанын айтуусуна карата өтө «чоң ишенимде» болгон деп айтса туура болот дейм. Байыркы адамдарда азыркы мезгилге караганда «ишеним» өтө күчтүү болгонун да эске алуу зарыл.

## Мартабалуу Бакы бий

Самансур атадан кийинки кыргызда бий атагын алган калыс адамдардын бири ушул Бакы бий экен, - деп баштайт - Жапар ага (Ж.Кенчиев 176-б. 2000-ж.). Бакы атанын тукумдарынын Меңдуулатынан Нарындын теской тарабында (сол канаты) беш баласы, алардын тукумдары жашап жатышат. Кыргыздар бий шайлашканда анын үч өзгөчөлүгүнө токтолушкан:

а) Бий шайланган адам тектүү жердин тукуму болуш керек. Анткени байлыкты жана мансапты көтөрө билген токтоо, жакшы тарбыя алган адам гана элдин бардык катмарына текши карайт.

б) Бийге шайлана турган адамдын акыл парасатына, жүрүм-турумуна карашкан. Акылы жетик адамдар гана элди кор кылган эмес. Мындай мүнөз бир гана акылдуу адамдын колунан келет. Акылдуу адам жашоонун эки жагын тең карап,

салмактап турат, чукул кыялга келбейт, бардык ишти ойлонуп чечет, жашоо-тиричиликте өзүмчүлдүккө жол бербейт, ар дайым түз жашоо өткөрөт.

в) Бийдин калыстыгына да карашкан. Элде: "Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок" деген кеп бар. Калыс, калпыс сөздөрдөн алыс, бечарага белин чечтирбеген, өтө кедейге өтүгүн тарттырбаган мыкты бийлердин бири ушул Бакы бий болгон дешет, бирок өзү өтө эле жалкоолугу, арамзалыгы менен иш жасагысы келбеген "кедей" адамга оокат жасап, эл катары жашоосуна кийлигишүүсү керек болгон. Бакы бийдин Меңдуулатынын тукуму өзүнчө таблица менен берилди.

1953-жылы 23-июлда мен 10-классты жаңы эле бүткөн убакыт экен, атам Ажыбай баласы Калназар мага Моңолдордон Бай Моңол же Асан тукумунан беш баласы: - Дуулатказы, Шалдыр, Айдаркозу, Надыр, Ногой. Алардын ортосунда Айдаркозу деп айткан эле, мен таблицага түшүрүпмүн, ошондо Айдаркозудан Кызыроо бий, андан Түлөбай, Дүйшө деп турат. Кудайбердинин аты өзгөрүп Айтманбет болуп калды. Бул кийинки тукумдардын ичинен эле өзгөрүү болсо керек деп кеп салуучу атам! Кызыроо бийден Түлөбай, Дүйшө уруулары чыгып, азыр алардын тукуму өсүп өзүнчө Түлөбай, Дүйшө уруулары болуп турат. **Мындай ат өзгорүү мурдатан эле болуп келген, мында кийинки тукумдардан бирөө чыгып, өз атасы кайсы Кудайберди болуп эле жүрсүн деп калышы да мүмкүн же Самансур улуу баласы Куттуктун тукуму Улуу Кыйра, Кубанычтын тукуму Орто Кыйра, Меңдуулаттын тукуму Бала Кыйра, Кудайберди тукуму союл же Айтманбеттен тараган балдары болуп калат да! Мындай ат өзгорүү Улуу Кыйрада деле бар, Куттуктун тукумунан Абылгазынын тукумунун арасынан Кудайменденин тукумдарын Үсөн уулу деп коюшат.**

Дагы бир эскерүүчү иш бар экен. Кызыроо бийдин сөөгү Меңдуулаттын уулдарынын эң кичүүсү Кудайбердинин босогосунан чыккан делет.

Өзү сөзгө чебер, сөздү талдап, баамдап сүйлөөр эле, кээде үн чыгарып ырдап да жиберүүчү, куудулдугу да бар, толготкон келинди төрөтүп туурап, айтканы өзүнчө эле театрдагы атайын даярдалган оюн сыяктуу болучу, угуп отургандар каткыра күлүшүп кадимки эле театрда оюн көргөнсүп эс алышып, көпкө кеп куруп калышчу. Мына ушул өзүнчө "артист" киши Бала Кыйранын тукумунан Кызыроо бий чыкканын жана анын санжырасын айткан Деркенбай уулу Турдакун аке эле, Кызыроо бийдин эки аялы болгон, кичүү аялы көлдүк, бий өзү жыйынга же топко кеткенде, улуу аялы менен уруша кетишип, төркүнүнө Көлгө барып төрөйт. Бала үчкө чыкканда энеси Токтокан Кызыроо бийди жыйындан издеп таап, "Мендеги аманатыңды ал, бул жак башка эл, башка жер, балаң кырсыкка учурап калабы деп корком" деп берген экен. Кызыроо бийдин «Ат кашка» деген күлүк аты бар эле. Чоң ашта казак, калмак, тынай, кыргыздар болуп ага Кызыроо бийдин «Ат кашкасы» да кошулуп, биринчи орунду алып, башкы байгеге ээ болот. Баланын энесин ыраазы кылыш үчүн байгеден бир айгыр, үйрү жылкы жана 200 сом акчалай берген экен, энеси мен баламды сатмак белем деп жылкыдан, сомдон баш тартканда эл чогулуп дуулдашып, бул сенин акың, ал деп бата беришкен дейт.

Кызыроо бий баланы өзү ала келип, кайда жыйын, аш, той болобу ала жүрөт, бирөө жаман сөз айтып, уруп, жамандык көрсөтүп коёбу деп жанына такай ала жүрчү дешет, улуулардан сөз угуп, тарбыя алсын деп атын Кудайберди койгон экен, (мында күлүктөн аты чыгып, баласы табылып) чоң жумуш болду да! Уулун конокко ала барганда ээ... бийим, бул кайсы уулуң дегенде Көлгө барганда баламды аман таап, Кудай берип уулдуу болуп, ат чабышта Ат кашка чыгып, Кудайберди деген уулум ушул деген экен.

Андан кийин дагы бир чоң үлүш Тарагайда болгон дейт. Айылдагы балдар чогулуп Кудайберди келет, устукан жейбиз деп эшикте ойноп жүрүшөт, кула кашка жоргого айырмач ээр токулуп, атасы менен келет. Мына ошол үлүштө (эл жакшылары) байлар, манаптар, бийлер отурушкан экен. Кудайберди элдин колуна суу куюп, бата ал дешип, отура калып, этти устукандап, мелтирете майдамайда жасап туурап кириштн эле дейт, ошондо Кудайберди 12ге чыгып калган кези экен, **коноктордон «оо... бийим, уулуң союлдай уул болгон тура» дешип, "ыймандуу, өмүрлүү бол" деп бата беришкен тура,** - деп Турдакун атабыз айтчу экен.

Эшикте балдар "союлдай" деген сөздү угуп калышып, устукан бөлүшүп жатып, Кудайберди сени эми "союл"демей болдук дешип, өздөрүнчө бала кыял менен тамашалашып жүрүп, «союл» деп аталып кеткен экен, муну туурап айылдагы элге да тарап, Кудайберди "союл" деп аталып кеткен дешчү, кийин сен кайсы тукумдан же уруудан, же бул кайсы айыл десс бары "союл" айылы деп жүрүшчү дечү аталар, энелер да!

Кызыроо ата Ак-Сай багытындагы кыштоолордун биринде кыштын күнүндө жалган - куран айында ооруп, каза болот. Кар оор түшүп, жакага сөөктү ат менен жеткирүүгө шарт жок, кыштоодогулар айлаларын таба албай калышат, же элге кабар бере алышпай, ошондо Кудайберди "атамдын жанында мен калам, сөөктү кайтарам, силер жакага барып, айласын эл менен акылдашып тапкыла, жолдон калбагыла" дейт. Биз элге барып, атан-төө алып келбесек, карды бузуп, жирен кете албайбыз дешип, Кудайбердинин айтканы туура деп **боз үйдүн керегесинен бийик сере жасашып, Кызыроо бийдин сөөгүн өрө кийизге орошуп, сөөктүн жанында Кудайберди калат. Атасынын жанына өрө кийизге оронуп,** жанына карышкыр, илбирс, койдун кара көрпөсүнөн жасалган ичиктерди оронуп, атасынын жанына жатып, эртеси башын чыгарып айланасына көз чаптырса, өкүргөн бороон, туман дейт, эки күндөн кийин серенин алдында карышкырлардын чоң тобу жүрүшөт, алардын мүнөзү, жүрүм-туруму да башкача, серенин үстү жагын тиктешип улуп коюшат, бирок серсге чыгууга эч аракет жок деп кеп салган имиш кийин Кудайберди. Эч ким карышкырдын бул жоруктарына ишенбей коюшкан экен.

**Кыйла күн өтөт,** түшүндө боорсок, эт жеп, **карды ток болуп жети күн болот дегенде атан төө, бууралары менен кар бузуп эл келишет, тамак алып келишсе, тамак ичмек турсун, сөөк койгондон кийин да жети күн тамак ичпей, атасына аза күтүп ыйлаптыр. Ушундан кийин эл Кудайбердиге баш-**

**кача мамиле жасап калышты деген соз бар эл арасында. Кийин Кудайбердинин тукуму осүп, баланын ошол мамилесине, атасына болгон сүйүүсүнөн тукуму осүп, мына азыркы мезгилде да Айтмамбет уулу деп чоң уруу болуп турушат.**

Жогору жакта Бакы бийдин тукумунан болгон Абадан уулу Жакыпбек ата жөнүндө кеңири сөз болду, мына ушул Жакыпбектин уулу **Боогачы атасы** Жакыпбектин ишин улантып, Шаркыратма болуштугун түзүүгө катышкан, (Ж.Кенчиев,127-бет), 1916-жылы революциянын алдыңкы жылы болуштукка шайланат. Бирок көрө албаган бай-манаптар арызданып, бийлик ээлерине пара берип, болуштуктан бошотулат, Боогачы ата болсо ак ниетинде иштерин улантып, 1914-1915-жж. Ак-Музда балдардын билим алуусуна жардамдашуу - кат таанытуу үчүн өз үйүн бошотуп, медресеге атайын мугалим алдырып, мектепке айыл ичиндеги балдарды тартат. Ушул мектепте окуп калган Жапар Чолпонбаев мындай деп эскерет: - "Мектепте 30-40 бала окуучубуз, эртең дем алыш күн дегенде чоң казанга кесме жасатып, барыбызды тегиз тойгузчу. Анан ырдайлы деп ыр баштап, арабызда Майлыбаш шыдыр кетип, Боогачы атанын "Үкөйүн" өз обонундай чыгарып, үнүн кубулжутуп ырдачу. Ошол жылдарда "Эркин-Тоо" газетасы чыгат деген кабар болуп, айылда газетага жазылуу жүргөндө өз демилгеси менен 150 киши "Эркин-Тоого" жазылышкан. Боогачы ата чынында боорукер, ак пейил, кайрымдуу, калыс киши болгон экен. Иниси Абдыраман манаптар тарапта болуп, жаат куруп, элдин ынтымагын бузуп, тынчын алган киши экен... инисинин бул жоругуна чыдабай, "сенин өзүңдү эмес, отурган ордуңду кетмен-деп салса болор эле" деп айтчу дешет.

Боогачы атанын эки жыйнагы 1925-жылы "Секетбай", 1927-ж. "Күйгөн" аттуу ырлар жыйнактары, 2000-жылы Бишкекте, УИАнын басмаканасында инилеринин бири болгон Мусабеков Шаршенбектин жыйнагы басылып чыккан. Мындан тышкары эл оозунда көп обондору ырдалып жүрөт, арбын обондору учурунда колго алынбай калып, элдик болуп кеткендери да бар. "Ак-Сай", "Арпанын Ала-Тоосунан", "Кайгылуу Какей", "Тоту-Куш", "Жароокер" деген ырларын Боогачы Мусаны ырдатып көрүп: "сенин үн кайрыктарың эң сонун, бийик, таңкы булбулдай"-таңшып турат... деген экен. Нарын мамлекеттик коругунда Чоң-Капчыгайда кетип баратып, Заповедниктин бөлүм башчысы (өзү да ырга шыктуу адам) Аалиев Окелеш мага Боогачы ата ырга кошуп, жаратылышты, анын көркөмдүгүн, кокту-колоттун, аска-зоо, адыр-түзүн, аккан суусун... кереметтүү жайларын суктануу менен ырга кошуп, айылдан чыккандан Чоң-Капчыгайдын башына чыкканга чейин ыр менен жамактап чыкчу эле деп чоң атасы Аалы атадан укканын айтчу. Бул аралык кошо бастырган адамга бери болгондо эки күндүк жол да!!!

... Жеке эле Ат-Башыда эмес бүткүл кыргыз жеринде «Үкөйүм» деген обон чыкса Боогачыны билишет. Боогачы десең «Үкөйдү» эске түшүрүшөт... Боогачы акын, обончу гана эмес **агартуучу** да болгон. Ал өзү окутпаса да Караколдон молдо алып келип, элге «ата-бабаларыбыз дүйнөдөн көзү туюк өтүштү, биз дагы

өшентип өтүп баратабыз, эми биз балдарыбызды окуталы, билимдүү болууга үндөйлү» деп жар салып өзүнүн эки бөлмөлүү асты-үстү тактайланган үйүнөн чыгып берип, «... боз үйдө кандай окуу болмок» деп ушул жаңы мектепти «усулу жадид» (жаңылык, жаңы метод), мектебин ачкан. Мурдагы молдолор окуганды гана үйрөтүшсө Боогачы бул мектепти уюштуруу менен **жазганга да үйрөтүүнү баштаган** деп жазган Абдырасул Токтомушев.

Боогачы атаны урпактары азыр да унутуша элек. Маркум Кадырбай Мамбетакунов "Үкөй" аттуу драмасын жазып, театрларга коюлуп келе жатат. Тойлордо атанын "Үкөйүн" ырдагандар арбын. Менин эле жакшы көргөн адамым Кемел Жакешович Ашыралиев өзүнүн керемет үнү менен Боогачынын "Үкөйүн" (сурашкандарга, албетте тойлордо кыя албай) созуп калат. Кемелдин аткаруучулук таланты жалгыз ушул "Үкөй" үчүн жаралгансып ырдын кайрыктарын таза үн, мыкты аткаруучулук, чеберчилик менен созгондо Мыскал эжеден да өтүп кетет.

Боогачы ата жалаң сүйүү ырларын эмес, тиричиликте өзү көргөн жагдайлардан да жазды, ушул жыйнакта Мусабеков Шаршек аке 13-15 ырын, эки поэмасын бериптир: - " Сүргүндө", "Аллабыз адамды ыйык жараткан", "Урматта, сыйла аялды", "Кууралың кетээр башыңдан", "Аталар бизге аскар тоо", "Ыйман деген эмне" ж.б. ырларын берген экен.

Бири кем дүйнө деген ушул тура 1932-жылы бошоп келип, Ак-Музга айылына бара албайт. Мурда атайылап арыз жазып, айдаткан каршы адамдар Боогачы атанын Ак-Музга келүүсүнө да тыюу салышкан буйрук чыгартышкан. Ал кезде Дөбөлүдө Араке, Чоко, Жанаалы аксакалдардан болуп, 5-6 моңолдордун эстүү-баштуулары барып, Боогачы ата менен учурашып, Дөбөлүгө көчүрүп кетишет. Келгенде бир тууганча мамиле жасалып, жылуу тосушуп алышкан деп кеп салуучу Абдраман Араке уулу, Саты Жанаалы уулу жана Чоко уулу Абдылда акелер, атайын үй берип, эки жылга жетерлик союш, ун, талкан, туз дегендей үй-турмушка, жашоого керектүү оокаттар, ата-атага, үйлөргө чейин бөлүнүп чогултулчу дешет. Каза болгондо Улуу Кыйрадагы туугандарга кабар берилип, мал союлуп, конок камы көрүлүп, маркум атага куран окулуп, тескейдеги эл бүт келип сөөгүн коюшкан. Боогачы атанын 125 жылдыгы белгиленди. Ал кезде мен Ленин атындагы колхозго төрага болуп келип калгам, ошондо мааракеде өткөрүлгөн чаралар тууралуу жогоруда материал кенен берилди, кайталоонун зарылдыгы жок деп жатам.

## КЫРГЫЗ ЭЛИ ОРУСИЯГА КАРАТЫЛГАНДАН КИЙИН

Кыргызстан толугу менен Орусияга каратылгандан кийинки административдик бирдиктерде: Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана облустарынын курамында болду. 1867-жылы облус Түркстан генерал-гебернаторлугуна айланып, анын чегинде Сыр-Дарыя (борбору Ташкент) жана Жети-Суу (борбору Верный - Алматы) облустары болгон. Колониялык ээлик кылуу бийликтин ар тепкичинде,

генерал-губернатордун акиминен тартып, облустарда, уезддерде эч кандай чеги жок зордук-зомбулукта жүрүп отурду.

1867-1891-жылдарда орус-украин дыйкандары көп келип, орус бийлиги аларга Чүй, Ысык-Көлдөн эң мыкты өрөөн, суусу мол жерлерди кыргыздардан **тартып алып беришти**. 1883-жылы Жети-Суу облусунда 36 орус-украин кыштагы (2500 түтүн) үй-бүлө болгон эле. Ар бир орус дыйкандарына 30 десятина (1десятина – 1,2 га) жер бөлүп берип, 15 жылдык мөөнөткө салыктын бардык түрүнөн бошотушкан.1902-жылы гана облуска 2700 үй-бүлө келсе, анын 1200 үй-бүлөсү Пишпек уездине жайгашкан. Жергиликтүү калктын нааразычылыгынан чочулап 1896-1905- жж. орустардын келүүсүнө тыюу салынат. Бирок, жердин асылдуулугунун даамын татыган орустар кийин да көп келе беришет. **1907-жылы Жети-Суу облусу 289 миң теше жерден ажырайт. Фергана облусунда болсо 762 миң теше жер кыргыздардан тартып алынат. Мына мунун баары акыры элдин падышалык өкмөткө чоң нааразычылыгын жаратты.**

XX к. Башында түндүк **Кыргызстанда болгону 70тен ашпаган кыштак бар эле**, ал эми ошол кезде 100дөн ашуун орус-украин, 5 немис, 3 дунган кыштагы пайда болду.

XIX к. аягы, XX к. башында өзгөчө **түндүк жергесинде эле эмес бүткүл Кыргызстанда өнөр-жайы жок катары болгон.** Ошол мезгилде орус падышачылыгынын "арамза саясаты" болуп орус өнөр-жайын **чийки зат менен жабдып турган колония да керек болучу.** Орусиянын курамында болгондон кийин деле өлкөдө жалпысынан мал багуу менен жашоо-тиричилик өткөрүштү. Эмгек куралдарынын жок катары болгондугунан малга керектүү өлчөмдөгү жем, чөп камдалып алынчу эмес, ушундан улам кышында кар оор түшкөн жылдарда "жут" жыл болуп көп малдан ажырап калышчу. Бирок илгертеден кол өнөрчүлүк менен боз үйгө кереге, уук, түндүк, босого, каалга, ала бакан, такта, зергерлер күмүштөн ээр, тердик, жүгөн, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, аялдарга сөйкө, билерик, шакек чолпу, оймок, чач учтук, кемер кур ж.б. көчмөн элдерге керектүү ар кандай жабдыктарды жасашчу.

1880-жылы чакан ишканалар пайда боло баштайт, ушул жылы Пишпекте булгаары жасоочу завод курулат, 1885-ж. Пишпек уездинде 5 тери заводу иштеп турган. 1898-ж. Тартып Кызыл-Кыя көмүр кенинде көмүр казыла баштайт. Чүй боорундагы эң ири шаар делген Токмок, Пишпек, Каракол шаар тибинде окшош кыштактар эле. **Пишпекте** XIX к. аягына 6615 киши болгон, 1913-жылы мында 500гө жакын соода түйүндөрү иштөөчү. (Жогоруда берилген тарыхый маалыматтар стат отчёттордон жана "Кыргызстан тарыхы" окуу китептеринен алынды).

XIX к. экинчи жарымында **кыргыз калкында негизинен эки социалдык катмар болгон.** Бири феодалдар: - бай-манаптар, экинчиси-кара букара эмгекчил эл. Кыргызстан Орусиянын курамына киргенге чейин манап наамы, бийлиги атадан балага мураска калчу. Ал эми колониялык доордо манаптардын абалында өзгөрүүлөр болуп, алар болуш, старчын, бий кызматына ээ болушту. Кыргыз феодалдарынын негизги катмарларынын бири - байлар болгон. Аларга жогоруда

аталган наам, атак-даңк болгон эмес, бийлик, ар кандай кызматтардан көпчүлүк учурда четте калышчу. Бирок, жер, малга ээлик кылышчу.

Бийлердин абалы да өзгөрдү, кийин кызматка, мураска калбай, эми шайлануучу кызмат болду. Бий, казы кызматына негизинен манаптар, байлар шайланчу.

**Манаптар** - старчын, бийлер, болуштар аркалуу иш жасап, аларга контролдук жасачу кызмат эле. Бий, казылар жергиликтүү элдин ичинде соттун милдетин аткарып, талаш-тартыштарды чечүүчү.

**Кедей-кембагалдар:** - жакырлар, жалчылар, малайлар, жаштактар, чайрыкерлер, мардикерлер өңдүү ар кандай катмарларга бөлүнүшчү.

**Чайрыкерлер** - жери аз же жери, унаа малы жок дыйкандар. Алар байлардан жер, үрөн, унаа (ат, өгүз), айыл-чарба шаймандарын алышчу. Акысы үчүн күзүндө түшүмдүн көбүрөөк бөлүгүн төлөшчү (кожоюнга).

**Мардикерлер** - убактылуу жалданып иштечү, айыл-чарба жумушу кызыганда, акысы акчалай төлөнчү. өзүнүн күчүн сатып иштөөчүлөр көбөйө баштаган.

**Кедей-кембагалдар** - байларга жалданып иштөөчү.

XVIII - XIX кк. Нарын жергесинде элдин көпчүлүк бөлүгү негизинен мал чарбасы менен оокат жасашат. Ак-Сай, Тарагай багытындагы жайыттарды жайкысын да, кышкысын да пайдаланышып, байлардан жана бирин-эки орто чарбасы бар үй-бүлөлөрдө кышка карата аздап тоют даярдашып, малдын жаштарын, карыгандарын колдо кармоого өтүшөт. Жайкысын болсо ички майда жайыттарда өздөрүнө керек болуучу жана майда соодага жарактууларды, бирин-эки саап ичүүчү кой, уй, жылкыларды бөлүп алып калышып, малдын негизги бөлүгүн алыскы жайыттарга сүрүшөт.

Атам ыраматылык Калназар көп учурларда кеп салып, биздин суроолорго жооп берип калчу эле. Аталар өз мезгилине жараша турмуш өткөрүшкөн, бир учурларда өздөрү да мал менен жайкысын да, кыш мезгилинде да чогуу жүрүшкөн, боз үйлөрдө жашап кыш өткөрүшүп, кийин кээ бир жылдарда кар арбын жаап, жаз оор болуп, мал чыгымдуу болгондон тартып малдын азыраак бөлүгүн колго кармоого аракет жасашкан. Бул үчүн биринчи иретте чөп чаап, ал үчүн чалгы табууга аракет жасап, кымбат баага табышканын айтаар эле. Бир үйдө бир чалгы көп малды багуучу дечү атам.

Кийин чоң атам Ажыбай, анын атасы Келдибек, Келдибек атанын атасы Сарт аталар Ат-Башыдан чериктер менен куда-сөөк болуп, кыз берип, кыз алышып, Сарт, Келдибек аталардан бери эле байланыш түзүшүп, алыш-бериш болуп калышкан. Босого, Кында аркалуу өтүшүп, Кара-Бел, батыш жагынан Көк-Кыя, Кара-Жылга, Сам-Сары, Ак-Сай уруу кыштоолоруна, ушул аркы өйүзгө көнгөн мал жайкысын берки өйүзгө токтобойт деп, Текелик, Ичке-Суу, Мазар, Кулжа-Башы деген жерлердин жээк жактарын жайлашкан, ал эми Ак-Сайга кыштагандары болсо Көл-Суу, Ак-Учук, Чатыр-Таштын аркы өйүзүнө чейин барышкан. Ошентип аралаш өңдүү болушуп, "моңолдор-черик" "боз үйдүн чийи менен туурдугундай элебиз" деген лакап сөз тараган. Атам айтып калчу эле, бул бир

эле багыттагы жол, башка жолдор менен да көчүп жүрчүбүз, Черик **Төрөкожо** менен **Ажыбай чоң атабыз куда болушкан** экен. Жуманазар кызы Анар эжем айтчу эле дейт, атамдын үйүрүндөгү жылкылардын тукуму ошол куда жактан болсо керек бир өңчөй карагер жылкылар болоор эле деп. Кечээ согуш мезгилинде эле Ат-Башынын Талды-Суусуна Кенже эжеге жээндеринин аманчылыгын билүү үчүн жөө барып келгенинен кеп салып калуучу атам. Эжем ("Кенже эже дечүбүз") биз ушинтип айтканда жымыңдап күлүп калуучу, атамдын эң кичүү карындашы болгондуктан болсо керек! **Кенже эже** 1898-жылы (ит жыл экен) төрөлүп 1986-жылы 17-октябрда 88 жашында каза болду, биз Калыйча экөөбүз барып топо салдык. Ошол жылы эрте күздө эле кар жаап, өкүргөн бороон болуп, жолдогу кашарлардын бир жак бетин толугу менен бүт кар уруп, каптап салган болучу.

Таенем, - деп кеп салат небереси Ороке уулу Аликбек, - өзү абдан таза, сыпаа, сөзмөр, жумшак, иштемчил киши эле. Аябагандай көп жомок айтуучу. Көбүнчө жомокторун китептен жолуктурбадым, башкалардан уккан жокмун. Бизге дастандардан, «Манас» эпосунан окутуп, такалган жерден өзү улап кетээр эле, кээде сынамакка ар кайсы жерден токтоло калып, карган киши кайдан билсин десем деле улап кетүүчү. Айылдагылардын көбү ар дайым "Кенжеке!" дешчү. Олобо, быжы, эжигей, куруттун түрүн бир башкача сонун жасаар эле! Дайыма чачын жакшынакай өрүп, чач мончогун тагынып, колунан ийик түшпөй калпак, жылуу байпак түйүп олтурчу.

Он беш жашында таятабыз Конокбайга (байга) баш кошуптур. Талды-Суудагы төрт чоң байдын бири ушул таятабыз Конокбай болуптур. Алар минген аттарын, бирден үйүр саалчу жылкысын, сойчу койлорун, саап ичүүчү топоздорун, чөп жыйышканга керектүү ат, башка малдарын ичке алып калышып, башка малдарын бүт Ак-Сайга кыштa да, жайда да бактырышкан.

Таенем **"алты үйүр саан жылкыбыз"** болгон дечү, көбү кара, кер, карала болчу деп айтчу деп кеп салат Аликбек жээн. Энебиз абдан иштүү адам болгон экен, согуш мезгилинде согушка деп чокой, колгап жасап берип турган, таятабызды кулакка тартып алып кетээрде таенебиз боз үйдүн алдынан "боз үйдөй ор казып", өзү жалгыз үй жайын, оокаттарын сактап калган экен, ошол жылы күйөөгө чыккан Ажар эжеге берилүүчү себин да ошол орго катып бергем дечү экен өзү.

Кенже эже жана кызы Гүлай менен бир мезгилде чогуу согуштан кийин Нарында жашап калдык, Гүлай менден эки жаш кичүү болучу, ал мектепти айылдан бүтүп, анан Нарындан педагогикалык училищаны, андан кийин Фрунзедеги кыз-келиндер институтун бүтүрүп, Талды-Суу орто мектебинде отуз жыл мугалим болуп иштеди, эл агартуунун "мыктысы" деген наамы бар болучу. Жээним Аликбек апам абдан таза, туура сүйлөгөн, кайраттуу, иштемчил эле, элге да абдан кадыры бар болучу дейт. Гүлай кийин улуу агасы Эсенгелди аке кайтыш болгондон кийин, анын уулу Тойчукени ээрчитип алып бизге мурдагы айыл 8-Мартка, кийин Дөбөлүгө келип, атама, Кудайберген акеме, Калыйча каза болгондо такай

келүүчү. Кийин 2008-жылы кызым Чынаранын уулу Аман Русланович үйлөнгөндө тойго келип, сүрөткө түшүп калдык, өзү ооруп жүрүүчү, мага кайрылып, Кайыке (такай ушинтип кайрылчу) **сүрөттү өзүң алып кой, мен үлгүрө аламбы?!...** деп калды эле, ошол кайрылуусу эсимден кетпей калды! Гүлай болсо 2010-жылы 21-августта каза болду. Сүрөтүн сактап жүрөм.

Мына ушул Кенже эжеге байланыштуу кудалар жактан кеп салалы. Чериктердин Абылай, андан Кыдык, андан Төрөкожо, Алымкожо, андан Конокбай жалгыз, Алымкожодон Асылбек, Казы - эки уул болгон. Жогоруда белгилегендей Конокбай жезде колунда бар, бай киши болгон экен. Бирок, балалуу боло алган эмес. Төрөлгөн балдарынан бир гана кызы калып, башкалары 2-3-5 жаш болгонунда чарчап калышчу экен. Ушундан улам ырым жасашып, уулу Эсенгелди төрөлгөндө эмизбей, эненин көзүнө көрсөтпөй, керегенин көзүнөн уурдап чыгарышып, иниси Асылбектин колуктусу Сонунбалага беришип, эмизип багышат. Ошондон кийин балдары токтоп Абдыкадыр, Сайрабүбү, Абылгазы, Гүлай аттуу уул-кыздары болот. Эсенгелди 7 жашка чыкканда «бүгүн энең келип алып кетет» деп айтышкан экен, бирок энеси келип уулун мурдунан «чымчып» өөп, коюп, «бала улам жол карап, акмалап турса да» үйгө кирип кетет. Бул жерде эки маанилүү учур бар, биринчиси илгерки элдер салтты катуу кармашчу, мүмкүн эне айланасында кайын ата, кайнагалардан «уялып сый жасап» жатты го, же улам чарчап калып жаткандан да коркуп, сактанып «бул уулга деле бой салбай» коёюнчу деп келиши да мүмкүн! Же небереси Аликбек эскергендей, кийин ойлосом, төрөлгөндө көрбөсө, эмизип бакпаса, чоң энемдин энелик мээрими түшпөй, өгөй болуп калган го! дегендей. Эми бул учурду азыр тактай албайбыз. Бирок, мен билгенден Эсенгелди деле, Кенже эжем деле өз ара жакшы ниетте, мамиледе, катышта, эне-бала болуп жүрүштү эле!

Конокбай, - дейт небереси Алымкул, - чоң атабыз кадыр-барктуу, наркгуу киши болгондуктан совет чыккан кезде жакшы кызматка да илине калып (болуш деп коюшчу), Талды-Сууда жашап калыптыр. Кийин советке каршы наразычылыктар чыкканда Конокбай чоң атабызды да эл душманы катары соттоп жиберишип, түрмөдөн ооруга чалдыгып, кайтып келгенде жаш эле, 51 жашында дүйнөдөн кайтыптыр.

Гүлай эжебиз чоң атам камактан кайтып келгенден кийин төрөлүптүр. Конокбайдын үй-бүлөсү ал түрмөдө жүргөндө, андан кийин кайтып келип каза болуп калганда жетим-жесирликтин, жокчулуктун азабын тартып, ар кайда тентип, чоң энебиздин төркүндөрү тарапта жашап калышат.

Эл душманынын балдары дешип мектептен окутпай, ырыстуу жерге жолотушпай кодулашкан экен. Конокбай уулу Абылгазы башка фамилия менен мед институтка кирип окуп жүргөндө минингиттен каза болуп калыптыр. Конокбай уулу Абдыкадырды дагы университетте орус филологиясы факультетинде башка фамилия менен окуп жүргөндө билип калып, чыгарып жиберишиптир.

Чоң энем айтаар эле: - бир күнү райондун борбору Ат-Башыга жумуштап барып келейин деп айылдан жөнөп аткан арабага отурсам актив болуп жүргөн

бирөө «кулактын катынын салбайбыз» деп арабадан эңип, жерге ыргытып ийди деди, (Жума бсле, Муса беле, жакшы эстей албай калдым. Эси жок кишиге айла жок да).

Конокбайдын атасы Төрөкожо Ат-Башынын өйдөкү башында бий экен. Күндөрдүн биринде Баш-Кайыңды тушта келатышса бир киши кыйкырып, катуу чаап келатат дейт. Артынан кызыл чок (падышанын убагындагы милийса) союл менен башка чапмак болуп кууп келатыптыр. Ал кезде кызыл чок дегендер, союл алып жүрүшчү экен. Тиги киши бийди көрүп ошондон калканч издеген экен. Кызыл чок болсо арак ичкенди жакшы көргөн неме экен, мас болуп алып тигини сабайм деп кууп жүрүптүр. Качкан киши Төрөкожо бабабызды айлана качып келгенде тиги кызыл чок союлун шилтеп, союл арачалайм деген Төрөкожо бийге тийип, соккудан жан бериптир. Кызыл чок болсо соттолуп кетип, ошону менен жок болуптур.

Эсенгелди болсо аскерге чакырылгандарды салып бараткан полуторка машине авария болуп, оодарылып кетип, атам эки алаканы менен жер таянып түшүп, мээси катуу чайкалып, ооруканага жатып, көпкө дарыланып чыгып, ошол бойдон армиядан калган экен. Согуш убагында, андан кийин да почточу болуп иштептир. Кийин менин энем Асанбай кызы Батмабүбүгө (Карыяга) үйлөнөт.

Асанбай таятабыз жыгач уста өнөрү бар, оокаттуу бай киши болгондуктан жалган жалаа менен «контр» деп камалып кетип жок болуптур. Ошол кездерде, 20-30-жылдарда арпа, картөшкө айдап дыйканчылык кылган, мончосу бар, орустардын үйүндөгүдөй жыгач керебет, эмеректери бар бардар экен. Карыя энебиз Нарындагы пед техникумдан алты айлык курсту бүтүрүп, мектепте мугалим болуп иштеп жүргөн кезде ошол Мураталиев директор жактырып, инисине алып берген экен, иниси да согушка кетип, согуштан өлүптүр. Ошентип Асанбай кызы Карыя энебиз күйөөдөн жаш калып жесир жүргөндө атабыз Эсенгелди жетимдиктин, жокчулуктун зарын тартып жүргөндө, тагдырдын буйругу менен экөө баш кошуп жашап калышат. Бирок, атамдын туугандары «жаш кыз албай жубан алды» деп жеришип, кетиргенге аракет кылышканда атам ажырашкысы келбейт. Өзү тууганчыл киши болгон, таякеси Калназар уулу Кайыпты айрыкча жакшы көрчү. Аны көргөндө эт-бетинен кетип, аябай сүйүнчү.

Эсенкелди менен Карыя көп балалуу болушкан. Уулдарынын улуусу Абдылда 1996-жылы каза болгон, анын Данияр, Бактияр, Элдияр (Назим) деген уулдары бала-чакалуу, Бишкекте турушат.

Кийинки уулу Тойчубай 2010-жылы кайтып кетти. Тойчубайдын уулу Урмат энеси менен Талды-Сууда, кыздары Бишкекте. Эсенгелдинин Амангул, Бактыгул деген уулдары Бишкекте турушат. Салтанат, Айсулуу деген кыздары, уулдан калган небере кызы бар. Бактыгулдун Нурдин, Нурсултан уулдары, Айчүрөк деген кызы бар.

Кичүү уулу Сүйөркул Талды-Суудa бала-чакалуу, балдары жаш.

Кыздары Малимбүбү, Айымбүбү, Гүлзат - баары Бишкекте.

Жогору жакта Асылбек куда да аталды, алар Төө-Жайлоого биздин айылга келишип, 2 жыл туруп кетишкени белгиленген. Асылбектен Иманакун, Има-

наалы, Акун уулдары жана Батыке аттуу кызы болгон. Эсенгелди менен Карыя бала-чакалуу болушту. Неберелери Данияр, Бактыяр, Элдияр азыр Бишкекте турушат. Уулу Тойчубайдын уулу Урмат энеси менен Талды-Сууда, ал эми Амангул, Бактыгул аттуу уулдары да Бишкекте, кичүү уулу Сүйөркул Талды-Сууда бала-чакалуу болду. Кыздары Маалымбүбү, Айымбүбү, Гүлзаттар да Бишкекте.

Эми Абдыкадыр (биз Бекиш дечүбүз) улуусу Талант, мына ушул материалды берген уул (жээн), материалы кенен экен, шартка жараша кыскартылып калды. Талант өзү журналист, юрист, бир катар газет-журналдарда башкы редактор, Өкмөттө, Жогорку Кеңеште аппаратта жооптуу кызматкер болду, азыр Башкы прокуратурада бөлүмдү жетектейт. Өткөн 2016-жылы кызы Ажардын үйлөнүү тою болуп, барып келдим, кут болсун, чоң той жасады. Алар азыр Венгрияда, Будапеште магистратурада окуп жатышат. Таланттын өз үй-бүлөсүндө колуктусу Разбекова Газия, куда казак туугандардан, жакшы адамдар. Уулу Дастан, ал да Москвада магистратурада. Эми Таланттын бир туугандары тууралуу: 1) Тилек. Тилек Мураталиев болуп калды, тай жагында өсүп, үйлөнүп, кинорежиссер-документалист; Колуктусу Ашырова Жээнгүл, кызы Раяна; 2) Медет - жеке ишкер, колуктусу Койчуманова Кундуз, уулу Нурбек, кызы Элнура, медицинада студунт. Медеттин да үйүндө конокто болдум, куда менен жакшы сырдаштык. өздөрү жакшы турушат, короо-жайы, шарты азыркы турмушка жараша экен.

Эми Ороке жөнүндө сөз жазайлы. Булар Черик уруусунан болушат. Аликбекке аталарыңды жазып берчи десем, 14 атасына чейин жазыптыр. Жакшы дедим. Ороке болсо, эки жашында атасынан, алтысында энесинен ажырап томолой жетим болуп, эжеси Сайранын колунда өсүп, чоңойгондо эжеси үйлөнтүп, окутуп өз айылына жеткирет. 1-Май колхозунда бухгалтер, экономист болуп өмүр бою иштеген. Ороке өз атасын, андан аркы чоң аталарын тартып жашынан оокатка, ишке тың, тири карак болуп чыгат. Атасы Жунус Садык уулу сабаттуу, кайраттуу адам болгон, айылда колхоздоштуруу башталганда өз демилгеси менен ортого 25 жылкы, 100 кой берип, колхоз уюштуруп, совет мезгилинде көч башында болот. Бирок, күнөөсүз, ак жеринен репрессияга туш болуп, камалып, ошол жактан атылып кетет, энеси алты жашында кайтыш болот. Биз Талды-Сууга барганда чарбада жетекчи бар болсо да, жок болсо да Орокеге жолугуп, бардык жумушубузду Ороке менен бүтүрчү элек, комсомолдогу учурларда Ат-Башы районуна командировкага барып, абдан тың адам эле, өзгөгө да, башкага да өтө ажарлуу мамиле жасачу.

Баса, 1938-жылы советте репрессия жүрүп, Фрунзеде 130 адамды сураксыз, күнөөсүз атышып, азыр Ата-Бейит көрүстөнүндө эстелик коюлуп турат. Калыйчанын атасы Өмүралы Жоошбай уулу менин кайын атам да ошол мезгилде атылган экен, эстеликке ал кишинин аты, атасынын аты жасылып турат, калгандарыныкы да бар. Садык уулу Жунусту да карап көрсө болот, мүмкүн ошол топ менен кеткенби деген кеп!

Бай деп сүргүн жасап ушул жылдарда болсо керек согуштун алдындагы жылдарда Конокбай жезде, Асылбек куда болуп биздин айылга көчүп барышкан,

атайын турак жай, короо сарай курушуп, эки жыл туруп кайра кетишкен дечү эле атам, мен да элес-булас билем, короо жай турган жерди. Ал кезде Эсенгелди аке да, Абдыкадыр (Бекиш) да бар дешчү. Кийин Нарында жездемдин тамында Гүлай да бар эле.

Ороке менен Гүлайдын тукумдары: Адамкул, Алымбек, Аликбек, Рысбек, Гүлнара, Рая, Алымгүл, Ырыс, Салтанат, Салый аттуу балдары бар, азыр баары үй-бүлөлүү, билимдүү.

Орокенин уулу Адамкул атасын тартып жакшы уул болуп, азыр адамга ар дайым ажарлуу мамиле жасаган эстүү жигит болду. Колуктусу Магира экөөнүн Иса, Муса, Аскар аттуу балдары чоңоюп калышты. Эми Адамкул тууралуу сөз болсун. Адик дечүбүз, Кыргыз мамлекетинде бажы кызматын башкарып (төрага болуп) иштеди, 2016-жылы Москвада Европа биримдигинде иштеп жатат, өзү чоң акылы бар адам, ар кандай ишке болсо да жөндөмдүү, адамды түшүнө билген, баалай билген уул болду, бул чоң жайда да абийирдүү иш жасарына толук ишенем. Азыр болсо үй-бүлөсүнө, балдарына, ишине ийгилик, жакшылык, аманчылык тилеп жатам!

Эми Нарын багытындагы турмушка келели. XVII – XIX кк. мал менен оокат кылышып, бирок кышкысын тоютка карап, колдо азыраак кой, бирин-эки уй жана ат кармашчу экен. Эжем Калбүбү кеп салып калучу эле ар күнү атам мага кайрылып, ...Кабыке жүр айланайын короодон малды тейлеп келели, мага жардамдаш, - деп. Ушундан улам жылкыны арбын кармачу тура, жылкы түнү гана кайтарганы болбосо, "кышкысын жылкынын күрөгү колунда" деп айтышчу. Кийин нарындыктардын көкүрөк жагындагы түндүк-түштүктөгү элдер бүт Тарагай багытына ооп, жайлап-кыштап чыгышчу тура.

Нарында же Ат-Башыдагы туугандардын көбү жайкы мезгилдерде түштүккө мал, кийиз, шырдак соодалап келиш үчүн барышчу. Меңдуулаттын беш уулунун үчүнчү уулу Айдаркозу (Чайыш) атанын балдарынын ичинен Бардачынын тукумдары: - Саманчы, анын уулу Аалы, анын уулу Кожош аталар чыгып, бойлору узун, кенен далылуу, денеси сөөк-саактуу келип балбан чыгышты деп кеп салуучу айылдагы ак сакалдар, дөбөгө чыгып, жайкысын кымыз ичип олтурушуп, жазында Чоң-Капчыгайга келип, койлордун туутун өткөрүшчү дешчү, ыктуу ылымта жылуу жерлерге.

Мына ушул аталардын ичинен Аалы атанын окуяларынан аз кеп салалы. Аалы ата өзү карасурдун сулуусу эле дешет. Узун бойлуу, эки метрден кем эмес, оор салмактуу, өзү такай минген эки аты: - жоон кызыл күлүгү жана жоон карала аты болгон экен, комузчу, ырчы, шайыр адам эле деп кеп салышат. Соода жасап келиш үчүн Анжиянга барышат. Сооданы бүтүп, чайканага киришип тамактаналы деп отурушса, чайканага 6-7 адам киришет, баары албеттүү, күрсүйгөн адамдар экен, арасынан бирөө келип, таанышып "силер аркалыктар экенсиңер, жолго чогуу чыгып кетели" дейт. Алар кеткенден кийин соодагерлерден бирөө чыгып, бекер кылдыңар булар "тополоң" деген басмачылар, эртең кетсеңер, бир аз тапкан оокатыңардан бүт ажырайсыңар, өзүңөрдүн да соо калышыңар күмөн,

кандай болсо да силерди табышат, түнкүсүн айгыр болуп бышкырат, кишинешет, силерди караңгы болсо да табышат, куралдары да бар дешет.

Өздөрүнчө акылдашып, бүгүндөн калбай чыгалы, соодагерлерге да ишенүүгө болбойт, эптеп Шыңгыманын токоюнан өтөлү деп чечишип, кечкисин шек алдырбай, түн катып жүрүп кетишет. Ошентип, эртеси Шыңгыманын токоюн ортолоп калган кезибиз эле, бешим убак ченде жаныбыздагылар, "ой артты карагылачы", дегенинен карасак артында анда-мында чубалжыган чаң чыгып, аты сур экен, үстүндөгү киши колун булгалап коюп келе жатат, жанымда Деркенбай баштаган 7 киши бар эле, баары токойго кире качышты. Аңгыча жыландай сойлогон сур жорго экен анда-мында чаң чыкса коркконго "ажыдаар" болуп көрүнүптүр. Көз ачып-жумганча жете келип, менден өтө берип токтоду. "Ой баатыр эмне качтыңар чогуу кетелик дебедик беле» - деп далыдан чапчымыш болуп, бир колун кончту көздөй салып, эки миздүү "шап" экен, "күчтүн эмнесин сурайсың" деп ыргай сап камчы менен шакшакка тартып алганда колундагы "шап" ыргып кетти, кайрылып туруп чоку талаштыра салганда аттан өзү учту... мурдунан кан агып жатат... Сур жоргону кармайын десем чылбыр бою ээсинен кетип карматпай койду, бир жолу өлтүрүп кетейин дедим, арттагы куугундар жетип келеби деп бастырып кеттим. Мен бастыраар замат жетекчибиз Деркенбай баш болуп "ой амансыңбы?" деп туш-туштан чыгышты. Кайра барып атын алып, өзүн "тындым" кылайын, "элдин сообуна калабыз" десем, жанымдагылар "сообу менен курусун, аман кетели" деп болушпады. "Жаман жолдош менен жолго чыкпа, сырыңды айтпа", "жаман жолдош коркок, душмандын досу" деген ушул экен деп ой жүгүртүп жүрүп кеттим деген экен Аалы атам деп сөзүн аяктады Сары баласы Ормуш.

Кожош ата да олбурлуу, чоң киши эле. Бурган-Сууда тегирмен салып, тегирмендин ташын өзү эле оодарып, таштын бетин чагып, кайра өзү жалгыз койчу деп айтышчу атам да, апам да! Тегирменге ун, талкан салып келишкен сайын. Кийин атам айтчу эле, анан калса ошол жылы тээ алыскы Көбүргөнтү, Мүдүрүмгө чейин жайлап, Көк-Артка жетпей суу кечип өтүшүп, Нарын багытка Уланга келе жатышкан экен.

Көчүп келе жатып жолдо конуп калышат, ошол айылдын жигиттери келип "жер акы" төлөгүлө деп коркутуп жатышкан экен, болбосо малыңарды, оокатыңарды алып калабыз дешип, ошол учурда Кожош ата атынын колу чорт сынып калып, ойлонуп отурбай үстүнө алган отунду кошо жүктөп, чогуу эле сарт таңгак жасап, көтөрүп алып келген экен. Келе жатканын көрүп "доочу жигиттер" үн катпай таң калып турушту эле, отунду таңылган аты менен жерге таштаганда эле Ажыбай атам - Кожош! Бул жигиттер "жер акы алабыз" дейт, болбосо тоноп калабыз дешет, эмне жооп айтасың десе, - а дегенде келип көрүшпөйбү! - дептир корс эткен күркүрөгөн үн менен!

Түнката камынышып, Медер атанын чаап жүргөн күлүк Торучалыш атын, жасалгалуу ээр токуму менен, өзүнүн атасы Аалынын жоо кийимин кийгизип, каскан, найзасын, шалк этме чокморун алып, көчтүн аяк-башына чыгарып коюш-

кан экен. Жолдо биринчи айылда аттар токулуп, даярдык бар өңдүү, бирок эч козголуу болгон жок деп кеп салышчу эле дешет, экинчи айыл көчтү салттуу тосуп алышып, кымыз, айран, каймак, сүт менен узатышыптыр.

Ат-Башынын Ак-Музунан кайын энем Жанаалы кызы Назбүбү да ат-башылык кошундар менен Анжиянга барып келчү экен. Абышкасы Жоошбай уулу Өмүралы 1938-жылы репрессияда кетип эч дайын жок болгон, колунда жалгыз уулу Ормон жана 4 кызы, 2 небереси болуп жети жаш балдар менен калыптыр. Мен ар дайым "апа" дечү элем, ушундай абалда апамды турмуш-тиричилик, жаш калган 6-7 баласынын абалы Анжиянга барып келүүгө аргасыз кылса керек, анын үстүнө акыркы жолкусунда эл менен келбей, ал кезде Фрунзе аркалуу айланып узак жол тартып келген экен. "Өтө кыйын адам экен" деп азыр да ойлойм. Жогоруда соодага барып келген элдердин көргөн күндөрүнөн учкай эле маалыматтар берилди, ошол учурдагы каракчылык, адам-адамды тоноо күч алып турган заман эле, ошол уйгу-туйгу заманды аралап узакка жол жүрүүнүн өзү эле өтө чоң азап да, апам чынында ошол күндөрдү **чалкасынан коюлган курч-миздүү кылычтын мизин таманы менен басып өткөн сыяктуу жашоо өткөрсө керек деп азыр ойлойм!**

Калыйча экөөбүз турмуш куруп, үйлөнүп калгандан кийин мен апамды жакындан жакшы билип калдым, мага ар дайым "Кайыке" деп кайрылчу, өзүнүн жана биздин балдарга да, бир туугандарына да үзгүлтүк жок каттап туруучу, өтө эмгекчил, кайраттуу, тынымы жок адам болуучу. Нарктуу да, каада-салттуу, адамга сыйлуу мамиле жасап, намазын үзбөй окуп, такай орозо кармачу. Калыйча «байкуш апам бизди согуш учурунда да эч нерседен кем кылган жок",-дечү. Апама каза болгондо Калыйча экөөбүз "Ак-Муз" айылына эстелик тургуздук! Эч келети жок эле, колуна баштык, оролгон оокат же мешок кармап алып келип калуучу, Калыйча, айтып койбойсузбу келет элем деп калса, «эмнесин айтат элем, балдарымды сагындым, анан учуп жөнөдүм» деп калуучу.

Азыр Нарын мамлекеттик заповеднигинде Аалы атанын небереси Аалиев Орозобек (Океleш) бөлүм башчысы болуп иштеп жатат. Бул жерде мен атайын кайрылып жатканым Океleш да жогорудагы Бардачы тукумунан, Айдаркозу (Чайыш) атанын небере, чөбүрөсүнөн болуп калат. Дене түзүлүшү аталарын тартып бойлуу, денелүү жигит, мамлекеттик корукта көп жылдардан бери иштеп, олуттуу иштерин аткарып жатат. Океleштин атасы Макил аке да согушка барып, оор жаракат менен келген адам эле, атайылап эске алып жатканым Океleштин колуктусу тууралуу. Бул жашоодо көп эле кайын энесин жакшы баккан келиндерди көрдүм, бирок бул келинге өзгөчө бир тууганча айтаар сөзүм, кайын энеси 90 жашка чыгып кайтыш болду, ушул узак өмүр ушул келиндин эмгеги, Океleш энесин жакшы бакты дечи, бирок келиндин энеге сыйы, жылуу, адамгерчиликтүү мамилесин, чоң эне айтуучу эле: - менде келиндин эмгеги көп, мени жума сайын жуунтуп, чачымды тарап, тазалап турат, менин ушул жашка келишимдин да себеби келиндин мээримдүү багуусунда, мага - уул, кыз, небере төрөп берди, мен терең ыраазымын деп.

Ат-Башыдагы моңолдордун Улуу Кыйрасынан **Абылгазы, Түркмөн,** андан Тойчу, андан Сатыбек, андан Тазабеги бий болуп турганда Нарында атын билишпейт, өзүн "чоң кол" дешчү экен, бул зонадагы сарбагыш, тынымсейит, черик, моңолдор урууларынын бий, болуштарын чогултуп алып, жыйын өткөрөт. Жыйында ошол «чоң кол» орустун кичинекей баласы, тебетей кийип отурган кыргыздардын тебетейлерин түртүп ойноп жатат, Тазабек бийге келгенде баланы кармап көтөнгө бир чабат, ошондо "чоң кол" орус айтат дейт: - "баарын сабап ийем, ушул Тазабекке колумду көтөрө албайм, у него шайтан есть деп айтыптыр" дешчү экен.

Чоң атам Ажыбайдын улуу агасы Алыбайдан Медер ата (жогоруда белгиленди), Тазабек бий моңолдор уруусуна Ак-Муз, Ак-Моюн, Нарын багытында бий болуп турат, Чайыштын бийи Сатыбалды атаны чакырып элиңерде "кимде күлүк аты бар" деп сурайт, Сатыбалды ата болсо атамдын агасы Алыбай Анжиянда каза болгондо Медерди багып чоңойткон, ошол себептүү Медер атага «Тазабек бий күлүгүңдү сураса "сөөктөшөлү деп айтканың оң болот" дейт, бир жумага жетип жетпей эле Тазабек бий Ат-Башыдан жигиттери менен келет. Күлүк болсо мамыда байланып турган экен, жонунда ак мата жабылып, Тазабек бий саламдашып, учурашкан соң, дароо эле күлүк тууралуу сөз жасап, "анда сөөктөшөлү" дептир. Мамыда байланып турган күлүктүн ак матасын алып сыйырганда "ичим зыр дей түштү" деген экен Медер ата "кийин үч күн үйдөн чыккан жокмун!" - дечү дешет. Аз убакыт өтүп Медер чоң атанын Сайна аттуу кызына сөйкө салып, тогуздаган мал келди дейт.

Мендуулаттын беш уулунун улуусу Шалдыр деп аталат, ушул уруунун бийи Жайлоо деген ата, сөзү курч, бетке чаап сүйлөгөн адам экен, чогулуп олтурган жерде "ээ... Сатыбалды бу экөөбүз «Медерге жамандык» издеп алып эле жакшылык кылып алабыз да" деп тамашалаган дейт. Медер атанын желээсинен андан кийин да көп күлүктөр чыккан экен, ошолордун ичинен Торучалыш деген күлүгүн Деркенбай ата Анжиянга минип барганда топту жарып чыккан экен, Анжиянга дагы бир жолу барганда Сары ата, Сарыгул аталар мал айдап барып, соодалап, базар бүткөндөн кийин болгон акчаны Деркенбайдын белине түйүп байлашат. Деркенбайдын минген аты Медердин Торучалышы экен, байкап калган каракчылар артынан кубалашат. Торучалыштын оозун коё бергенде Сары менен Сарыгул аталарга кууп жетип, "акчаны чыгаргыла" дешкенде "акча Деркенбайда" дешет, каракчылар болсо артынан кууп жетпей калышат.

Тазабек ата менен куда-сөөк болуп, алыш-катыш жасап турушканда Тазабек ата (куда) кайтыш болот. Нарындыктар чоң атам Ажыбай, Медер ата, Сатыбалды, Деркенбай аталар болушуп, топо салып келишет. Ошондо Тазабек атанын карындашы:

"Тогуз уул болуштан,

Атакем чоң кол менен согушкан" деп кошок кошкон дешет, деп Медер чоң атанын чөбүрөсү Көкө Кулмат уулу айтат, Кулмат атадан азыр **Карыпбай, Кызыроо, Самансур, Манолия, Көкө, Бакы** тукумдары айылда жана Бишкек шаарында турушат, баары иштеп, эмгектенип жатышат

## ЧОҢ КАПЧЫГАЙДАН АЗ КАБАР

Чоң-Капчыгай - табияттын кайталангыс баалуулугу менен барктуу.

Сиз Нарын мамлекеттик заповеднигине - Чоң-Капчыгай өрөөнүнө кандайдыр бир себептер менен келип калсаңыз, анын аймагына кире баштаган биринчи кадамыңызда эле жапайы жаратылыштын баштапкы абалын кескин сезе баштайсыз. Сизде, адаттагыдан башкача бир жаратылышка болгон суктануу сезими пайда болот. Заповедникти аралап бара жаткан ар бир кадамыңызда ушул дүйнөнүн бир ырахаттуу, сырдуу булуңу бар экенине ой чаптыра баштайсыз. Заповедниктин батыш чеги Кара-Таштын бели. Аттын тизгинин солго тартып, кырдан туруп күн чыгыш тарапка көз чаптырып, биринчи ландшафттык түзүлүштү караңыз. Сиздин көз алдыңызда Кара-Таштын өрөөнү жатат, ал айтылуу Чоң-Куугандынын белине, андан барып Чоң-Куугандынын дөбөсүнө чейин созулат. Так ушул жерден андан аркы жаратылышы миң түркүн, көздүн жоосун алган экинчи ландшафттык түзүлүштү көрөсүз.

Кара-Таш өрөөнүн түндүк-түштүккө бөлүп, улуу Нарын дарыясы агат. Тескей бети салаа-салаа тилкелерге бөлүнгөн Ак-Башат тоосунан Нарын дарыясын карай түшкөн жыш токой баскан беттер өрөөндөр болот. Ортолорунда, андан төмөнкү ойдуңдарында ачык аралыктарда жайыттар, аз чабынды жерлер бар. Эгер июнь айынын экинчи жарымында барып калсаңыз жыгач өсүмдүктөрүнүн гүл ачкан мезгилине жолугасыз. Жалгыз эле четиндин жайнап турган ак гүлдөрүн көрүп, терең дем алып, өзүңдү ак булутту аралап, токой үстүндө, тоо кырларында учуп бараткансып сезесиз.

“Кара-Таш” тарыхый эстеликтин жери. Анда айтылуу Эр Табылдынын үңкүрү, адамдар алыстан жол тартып келип сыйынчу мазары бар. Мазардын батыш тарабында бой тирешип асман тиреп өскөн топ кайыңдар турат. Мына ушул кайыңдардын түбүнөн, кечээ эле биздин ата-бабаларыбыздын жаш чагында чоң булак суу акчу экен. Андан көк кашка тунук суу чыгып турчу дешет. Булак суунун тереңдигинен ылдыйдан аттарды жайдактап, суу өйдө жетелеп жөнөгөндө, бир аздан кийин суу аттардын жонуна көтөрүлүп, анан суудан аттардын бырылдаган мурду, тикчийген кулактарынын учу гана көрүнүп калчу экен. Эң кызыгы суу ичинде аттардын чабак урган буттарынын кыймылы даана көрүнүп турчу эле дешет.

Кара-Таштын чыгыш бөлүгүндө “Туюк-Булуң” деген жер бар. Ушул булуңга кире берээрде тескей бетке атайылап токтоп көз чаптырыңыз, андагы жаратылыштын түзүлүш көркөмдүгүнө суктанып бир аз байкап көрүңүз, түз эле театрдын жасалгалуу сахнасы көз алдыңызга келет. Булуңдун сиз көрүп турган маңдайкы бети чыгыштан-батышка бери бөлгөндө 3-4 км. аралыкты түзөт. Ушул аралыкта атайын жаратылыш түзгөн, өтө көркөмдөп согулган килем тартылып тургансыйт. Анын жасалгалуу коозлугун карагайлар, түркүн гүлдөгү четин, карагаттын шактары түзөт.

Туюк-Булуңга 1880-1890-жылдарда Нарын дарыясына биринчи жолу Найман ата карагайдан көпүрө салган. Күндөрдүн биринде тээ алыстан Кара-Саз,

Балгарт тараптан көч келип калат. Бирок, ал көпүрөдөн Найман атанын айылдагы жигиттери акы доолап көчтү өткөрбөй коюшат. Көч кайра тартып, Коңур-Дөбө аркылуу кетүүгө аргасыз болушат. Эртеси Найман ата бул кабарды уккан соң, жигиттерди "мен көпүрөнү акы алайын деп салган эмесмин, бата алайын деп салгам" деп көчтүн артынан чаптырып, кайра кайтарып, эртеси көпүрөдөн өткөрүп, коноккo алып кондуруп, өрүш алдырып узаткан экен. Бирок, көпүрөнү кийинки жылы эле Нарын дарыясына турган үйөр муздар алып кетиптир.

Найман ата бул ишин 1895-1900-жылдарда кайра баштап, азыркы Нарын-Арчалы авто жолунун Марал кечүү деген жеринде Чоң-Нарын дарыясынын Кичи-Нарын дарыясына кошулушунан күн чыгыш тарапта жолдун Чоң-Нарын дарыясына кирс бериш жериндеги акыркы имерилиштин оң тарабындагы кызыл чаптын алдына салган. Көпүрө менен эл мал айдап, жүк жүктөп 1939-1941- жылкы азыркы чоң көпүрө курулганга чейин катташып турушкан. Көпүрөнүн жалпы көрүнүшү 1939-жылкы календардын арткы бетине басылган, анда "20 августа 1941 г. 25 лет со дня начала восстания (1916) Киргизского народа против царизма" деп жазылып турат. Көпүрө тартылган сүрөттүн алдында "Киргизская ССР. Мост через Большой Нарын недалеко от впадения в него Малого Нарына" деген текст бар. Андан фотосүрөткө чоңойтулуп алынып, азыр Дөбөлү айылындагы тарыхый-этнографиялык музейде сакталып турат.

Көпүрө карагайдан салынган, анда бир баш темир мык жок. Улуулардын айтымында Найман ата карагайды жакын эле жердеги тескей беттен "чоң сары аты" бар экен, ошол ат менен тартып келүүчү дейт, айрым каптал жерлерден кулап кетпесин деп карагайдын учун байбичесине карматып койчу экен. Сөзсүз Айкүмүш эне албеттүү эне болсо керек!

Кара-Таштан түштүк жакка жол тартсаңыз, оюрма жол менен өр тартып, атыңыз улам бийиктикке көтөрүлүү менен, дем алуусу кысталып, өпкөсүн уруп, бышылдап, кара терге түшүп, жол тартып олтурат. Сиз ага көңүл бурганга үлгүрбөйсүз. Улам алга жүргөн сайын оң жана сол тарабыңыздагы жаратылыштын керемет түзүлүшүнө суктанып олтурасыз. Сизди токойдун улам жаңы түрлөрү тосуп алып, кайра узатып коюп турушат. А дегенде биринс экинчиси орун бербеген карагайдын жыш бөлүгүн аралап, бардык сырын ичине каткан, өтө бийик болбосо да шыңга бойлуу болуп өскөн түрүнө жолугасыз, анан улам өр тартып көтөрүлгөн сайын топ-топ болуп, үйүр-үйүр өскөн, улам өйдөлөгөн сайын бою жапыстап, бутактары узун келип, көбүнчөсү баштарын ылдый ийип, эки колун бооруна алып, өз падышасына, келген "коногуна" ызаат көрсөтүп жаткансыйт. Кандай абалда болсо да көңүл буруучу касиети анын жылдын төрт мезгилинде тең, өмүрүнүн биринчи күнүнөн акырына чейин өңүнүн жап-жашыл болуп турганы. Бул жердеги токой өсүмдүктөрүнөн мындай касиет башка эч кимисинде жок. Ар дайым жап-жашыл болуп, жайнап, "менин жашоом ушундай, ар дайым күлүп-жайнап жашарып турам" дегенсийт. Карагайлар ийне жалбырактуулар, анын ичке бүчүрлөрүнүн жыштыгын, ичкелигин көрүп, биринчи тааныш адам, "ийнеси менен сайып алат го..." деп чочулашы мүмкүн. А чынында карагайдын

бутагын кармап, аны жонунан ылдый сылап көрсөңүз, сизге баланын эң назик, жумшак бетин сылап жаткандыгыңыз сезилет.

Эч чочулабаңыз! Бул жерде асманды карап суналган четиндер, эчки талдар да бар. Демейде этек жактагылары тарбайып, ийри-муйру болгон бутактарга бай келет. А бул аймакта болсо шыңга, узун болуп өскөн четин менен эчки талды көрөсүз, кыргыздын боз үйүн жакшы билген жигиттердин көзүнүн жоосун алып, биринчи иретте анын ууктарын көз алдыңа келтирип, суктандырат.

Ошентип, тердеп-кургап атыңыз сизди Таш-Башатка алып келет. Атыңыз эттүү болуп, жакшы суубаган болсо бүт денесин кара тер басып, моюндан, колтуктан, чандырдан, соорудан буркак-буркак ак көбүктөр ыргып, ... "мага кара, бир аз дем алдыр, бул жерге чейин бийик өр менен тыныммы жок келдим го"... деп даттангансыйт. "Айтпаса төгүнбү"... деп аттан ыргып түшүп, белден буралган көк жашыл, андан бир аз арыраак, ак, кызыл, сары, көк, мала кызыл, көгүш сымал, дагы көп-көп башка түрдөгү гүлдөргө оронгон өрдөгү түзөңчөнү, белести көрөсүз. Ылдый отура узун чөптөн гүлдөрдү көрө албай каласыз, тура калсаңыз өйдөтөн ылдый соккон жумшак жел менен гүлдүн аңкыган жыпар жыты сизди аймалап, "чурка, бизге жет...." деп чакырат. Атты таштап салып, гүл дестеге келесиз, айланага суктана көз чаптырып, бир айланып, жайнаган гүлдөргө бир оонап, анан эки колду жайып салып, гүл арасына чөгүп кетип, асманды көргүңүз келет. ..Бирок, анте албайсыз, **ушул кереметтен бир гүлдү сындырып аламбы** деп чочулап, эс-учту жыйып, бутту да аярлап басууга аракет жасап, жол кайда экенин издейсиз!

Таш-Башатта ушундай **коолдук бар**, борчук-борчук, андан дөбөгө окшогон зоолорду көрөсүз, алардын айланалары **не бир чөптүн түрүн оронгон** кенен жайыт жерлер, топ-топ болуп өскөн карагайлар бар. Ак-Башаттын күн чыгыш багытын Үч-Булак, Байбиче дешет. Мында айтылуу Манас баатырдын кароол дөбөсү тээ алыстан көрүнөт. Андан ары Жыргалбай, Дөбө-Татыр, Кичи-Тепши, Чоң-Тепши, Кичи-Талды, Чоң-Талды, Үмөт, Чоң-Кашка-Суу, Акбай, Улан аттуу өрөөндөр, төрлөр жатат. Булар жайлоолор, советтин мезгилинде он миңдеген койлор, миңдеген бодо малдар жайлачу, азыр болсо заповедник, **жапайы жаратылыштын коругу, мурдагы кемтиктерди толтуруп, кыйшайып калган жерин түздөөгө алып, ыйык тутуп, укум-тукумга белекке калтыруучу жерлер.** Уланга чейин жолду узартууну каалсаңыз бел ашасыз, **илгери ата-бабалардын жолу ушундай болучу, жалаң гана кырлар, ашуулар менен жүрүп, көч-көчүрүп жүрүп олтурушчу,** бирок алар жайлап, жайыт которушчу эле, а сиздин убакыт ага жетпейт, анын үстүнө башына чейин бери болгондо үч жолу ат которуп минишиңиз керек, өзүңүздүн да анча узак жол жүрүүгө чамаңыз келбес. Кара-Таштан картадан сызгыч менен ченеп, 65 км. аралык Улан суусуна чейин дешет, ал эми бир ашууну ашып өрөөнгө түшүп, анан кайрадан дагы бир кырга чыгып, аны ашып жүрүп олтуруу үчүн өтө көп аралыкты басуу керек.

Бирок, биздин жол деле түштүк тарапка бет алып, Кичи-Кашка сууну өрдөп анын белине чыгып, дагы бир жаратылыштык ландшафты көрсөтөт. Кашка-

Суунун бели 3200-3500 метр бийиктикти түзөт, анын түндүк тарабында "бери болгондо 4500 метрдемин" деп "көөдөнүн көтөргөн" чоң кара кыр батыштан чыгышка карай созулуп жатат. Мына ушул кырга жакындап бир кыйлага чыгып барсаңыз (албетте атсыз, жөө илкиген кадам менен) **бет маңдайдан жаратылыш аркы-терки жасап тизип койгон "египеттик пирамидалар" көрүнөт. Бирок бул пирамидалардын чокулары өтө бийик, улам бийиктеген сайын ичке тартып кеткенсийт, алар аркылуу тээ алыска көз чаптырсаңыз, арасында алакандай көк жер жок (көро албайсыз), жалаң гана таш корумду жана аскалуу кырлар, биринен сала бири бой тирешкен чокуларды көросүз, алар абдан көп. Чокулардын төмөн жактарындагы сиз көрүп жүргөн коктулар, өрөөндөр, жайыт, токойлордон бири да жок, тек гана кумдуу, аскалуу чокулар асмандын чып эле "жетинчи катмарына"** чыгып кеткенсийт.

Сизди мындан аркы жол Байбиченин ичине алып түшөт. Өзөндөгү түзөңчөгө түшүп эки айрык суунун кошулган жерине бир аз тыныгасыз. Артка кайрылып келген жагыңызды, солго, оңго кылчайып айланага көз чаптырсаңыз **өзүнчө эле бир "орго" түшүп калгансыйсыз. Бул чындык, мындан үч саатка жакын мурда эле "асманда" турган жериңизден бери болгондо 1,5 миң метрден ашык төмөн жакка келдиңиз.** Байбиченин көпчүлүк жери ачык келип, мал жайыттары арбын болот. Күңгөй беттери бийик келет, кышкысын кар аз түшүп, **өзгөчө бугу-марал күздө, кыштоо, жаздоосун өткөрүшөт, ушул жерде төлдөшөт.** Күңгөй беттердин батыш тарабында **ордо-ордо болуп тегерек тартып өскөн арчаларга бай,** бул жерде арчалар бийик өскөндүктөн жан-жаныбарларга **коргонуучу, түнөөчү жайлар арбын. Мында аюу, кашкулак кыштап чыгат.** Суур болсо жетиштүү, башка жерлердегилерден чоң да болушат. Арт жагыңызда (түштүк) асман тиреп, бүтүндөй **Байбиче тоосунун учунан башына чейин Ак-Зоо жатат.** Анда жаздан күзгө чейин эчки-текелер арбын, ушундан улам илбирс тууралуу илгертен көп уламыштарды айтышат, азыр болсо егерлердин күндөлүк-төрүндө да маалыматтар арбын.

Баса, уламыш демекчи. Сизди бул жерге узатып келгендер Байбиче тууралуу бир-эки уламыш менен сөзсүз коноктошот. Илгери төрдүн башына аркар-кулжалар келгенде, бир мергенчи ошол **тордон алыстан кулжа менен өгүздүн мүйүзүн ажырата таанай албай "кулжа" деп өзү минген өгүзүн атып алган дешет.** Кайсы бир жылда жайлоого келгендердин арасында бир байбиче бар экен. Күзүндө эл жакага кеч күздө көчүп, байбиче болсо эки эчкисин таппай калып калат. Малын таап көчөйүн деген түнү кар жаап, бел бүтөлүп кете албай бир уй, эки эчкиси менен кыштап, кийинки жазда элге кошулган экен. Өрөөндүн "Байбиче" деп аталып калгандыгы мына ушундан болгон дешет. Уламыштын бирөө кечээ кийин эле болуптур. Мындан көп алыс эмес аралыкта Тоо-Жайлоо деген жер бар, анда Чайыш (Айдар козу) уруусу жашашчу. Бул айылдагылар жыл сайын Байбичеге жайлачу экен. Арасында Козубек, Шааке деген эки бир туутан күндөрдүн биринде элик уулоого чыгышат. Шааке, кичүүсү ал кездеги түтөтмө мылтыкты жалгыз аткандыктан тозотко олтуруп, агасы Козубек айдакка калат.

Көп арчаны аралап, айт... айт... деп кыйкырып, тозотту көздөй үн салып баратса тегерек тарткан чоң арчанын жанынан, **төшүн керип, эки колун эки жакка жайып чаңырган аюу чыгат...** Козубек ата өзү кичирээк киши экен, **оюна эч нерсе келбей калып аюунун төшүн сүзүп, кучагына кирип кетиптир... "башым эле кытырап жатты эле"...** деп айтчу экен кийин, аздан соң эсине келип, кынындагы бычагы эсине түшүп, аюуну колтукка сайганда, аюу таштап жиберип качып жөнөйт. Козубек бети башы бүт кан болуп, тозоттогу инисин карай, "кокуй эле... кокуй... Шааке"... деп жөнөйт, тозотко жакындаганда иниси ордунан туруп, **мылтыгын бетине кармап, "токто... атып салам... сен шайтансың"...** деп жолотпойт. **Агасы не бир жалынып-жалбарса да болбойт... сен шайтансың... деп тура берет, акыры Козубек шайы кетип жыгылганда келип, агасын тааныган экен. Аюу болсо беттин этин маңдайдан ээкке чейин бүт шыпырып салыптыр,** Шааке колу менен бүт сыйрылган этти кайра жабыштырып, мылтыктын кара дарысын жаап, көйнөгү менен таңып алып келген дешет. Кийин айыкканда Козубектин бети өтө коркунучтуу болуп калат. Балдар эмес чоң киши көргөндө чочуп кетчү тура. Бул кишилердин чөбүрөлөрү азыр бар.

Жыргалбайдын белин ашканда Нарын дарыясына, өрөөнгө түшөсүз. Капчыгайдын буга чейинки жана мындан аркы бөлүгү башкалардан кууштугу, күңгөй тескей тоолордун бийиктиги, алыстагы чоң кырлардан жээкти карай түшкөн жантаймалардын тиктиги (40-65 градуска жетет), өзгөчө тескей беттердин өтө тик экенине карабастан жыш токойлуулугу менен айырмаланат. Ал эми Кууганды, Ой-Шилби, Коркурак, Жыргалбай, Бок-бай, Тепши, Талды, Көчкөй, Акатан, Ак-Корум, Баш-Кашка-Суу, Бүркүт-Уяларда тик токойлуу тилке беттер **Нарын дарыясынын нугуна кирип келет.** Көп жерлерден июнь-август айларында атты суугa салып жетелеп, **озүң күркүрөгөн дарыянын жээгиндеги зоолорду тырмалап өтөсүң,** жылаңач зоокалар, шагылдуу, таштак дөбөлөр да бар. Алыстагы **Нарын тоо кыркаларынын чокулары болсо типтик, асман тирешкен зоолордон турат,** корумдардын этегинен жашыл жайыттар башталат.

Өсүмдүктөр дүйнөсү бай жана ар түрдүү. Алардын өсүшү, түрү негизинен жердин деңиз деңгээлинен бийиктигине жана экспозициясына жараша болот. Территориянын 14% токойлор ээлейт, 4939 гектар токой баскан аянттар бар. Токой өсүмдүктөрүнүн негизги түрү Тянь-Шань карагайлары. 1950-60-жылдарда бул аймакта карагай даярдоонун өзгөчө бир компаниясы өткөн. Заповедниктин батыш чек арасы болгон Ийри-Суудан Баш-Кашка-Сууга чейин бери болгондо 105 км аралыктагы карагайларды Нарын областынын бардык райондорунан миңдеген адамдар келишип, чоло жер калтырбай, **чалгы менен чөп чапкандай кыркып курулушка, отунга даярдашкан.** Транспорттук жол жок болгондо даярдалган карагайларды Нарын дарыясы аркылуу Нарын шаарына чейин агызып келишип, шаардын түндүк жак четинде агып келген карагайларды тосуп, топтоочу база курулган, **эл аны "запин" деп аташчу.** Суунун үстү да, жээктеги ондогон гектар аянттар да жыш шыкалган карагайлар катар-катар болуп кадимки эле тоолордо зоо этектериндеги **таш корумдай шыкалып турчу.** Нарын шаарын отун менен камсыздачу эле.

Ушундан улам карагайлар негизинен жаш, 35-40 жылдыктар. Көпчүлүк жерлерде өтө жыш келип, аз эмес аянттарды ээлешет. Айрым жерлерде текши жаш боюнча тургансыйт, диаметри 25 см. Болуп, шырык эле боюнча, кыязы жарык, ным, азык жетишпейт. Араларында аркы-берки болуп жыгылгандары көп, майда бутактардан төмөндөн жогору карай куурап кеткендери бар, бирок бүгүнкү күнгө дейре ар кандай жугуштуу ооруларга чалдыккандары каттала элек. Мындай жерлерде чөптүн өсүшү жок катары. Мохтор көп, карагайлардын түптөру бүчүрлөрдөн катмар-катмар болуп терең калдыкты түзүшөт. Бул болсо марал үчүн кышкысын жылуу орун. Карагайлардын арасында четин, талдын түрлөрү, ит мурун, бөрү карагат, карагат, шилби өсүшөт. Жээкке чукул жерлерде, кээде булак болуп суу чыккан жылгаларда кайыңдар бар. Үмөт менен Талдынын этектеринде тигинен узун өскөн төө куйруктар, бугулар алардын кабыктарын айрыкча күүгө келип куутка камынганда апапакай жасап сыйрышып турушат.

Капчыгайдын жогорку зонасында заповедниктин чыгыш чек арасына жакындаган сайын карагайлар жапыздап, суюлуп жок болуп калат. Талдыдан ары, айрыкча Баш-Кашка-Сууда талдын бою кыска болуп, бүтүндөй массивдерди ээлеп, чытырман кырчын тал токойду түзүшөт. Мындай жерлерде үстүртөн көз чаптырып караса токой аралаган чубоот кыя жолдор көп. Алар менен негизинен бугу-маралдар жүрүшөт.

Заповедниктин сейрек учуроочу, кайталангыс жапайы жаратылыштын көркүн ачып, адамды өзүнө тартып, ырахат алдырып турган касиети анын башталган чегинен аягына чейин кокту-кокту, өрөөн-өрөөн сайын түшкөн **туура суулары. Мындай суулар 34 жерден түшүп,** жылына илимий бөлүмдүн иликтөөсү боюнча болжол менен 63,0 миллион куб метр суу Нарын дарыясына кошулат. Ар бир суу түшкөн өзүнчө өрөөн жогоруда болсо жайык төрлөрдү түзөт, алардын токойлору, буралган чөбү, **аркырап туйлап, таштан-ташка урунуп, ак көбүк чачып, "... дем ал, терең оп тартып, озонуңду ал..." деп, эркиңди бузуп, өзүнө оп тартып турган тунук кашка суулары. Ар түшкөн суу өзү эле "арашан" десең! Анан ар бир өрөөнгө чыгып, жапайы жаратылышка суктанып карайсың, токоюн, төрүн, жайытын, ак моңгулөрүн кайталап көрөсүң, өзүнчө ойго батып, жан дүйнөңө кенен бир ырахатты бересиң!** Анан калса жаратылыш бул аймакка айбанаттардын да түркүн түрлөрүн берген. **Ыктуу маалда келсең, те алыста кырларда салаңдаган эчки-текелерди, төрлөрдөн аркар-кулжаларды, токойдо отко чыга калган бугу-маралдарды көрөсүз! Мында аюу, илбирс, суусар, ителги, бүркүт айтор айбанаттардын түркүн түрү менен тааныш болосуз.**

Ортодо **чыгыштан батышты карай күрпүлдөп Нарын дарыясы агып** жатат. Дарыянын оңго-солго имерилип аккан жерлеринде ачык, түзөң тарткан булуңдар бар, аларды **"татыр" деп аташат,** капчыгай менен өрөөн өрдөп жөнөсөңүз, ашуу ашып, бирде капталдап, бирде төмөн түшүп, кайрадан өйдө чыгып келесиң, **ушул татырларга-ондурдогу түзөңдөргө келе калганда өзүң жайлана түшөсүң, атың жакшы болсо жоргосун көргүң келет, жаш болсоң да,**

**улгайып калсаң да аттын оозун коё берип, аз болсо да "дыр" берип алгың келет,** башка жерлерден анте албайсың да!

Капчыгай өрдөп жөнөп калсаңыз бул аймакта **канча кылымдар бою жашаган элдин жашоо-тиричилигинен кабар берген атайын ат коюлган жерлер менен таанышасыз. Ал аттардын ар бири өзүнчө тарыхка ээ. Кокуй-Кыр, Кескен-Жар, Кыргын-Татыр, Коркурак, Кок-Тоскок, Чычар, Койжол аттуу жерлер бар.** Кичи-Молдо-Башы менен Чоң-Молдо-Башынын ортосунда **асман тиреп Кызыл-Омпол жатат.** Анын деңиз деңгээлинен **бийиктиги 4 622 метрди түзөт. Кызыл-Омполдун туу чокусун Нарын шаарынан да, Ак-Талаанын Баетов айылынан да жөнөкөй көз менен көрөсүз,** эки ийнин ак мөңгү басып, **"омпол" деп аталган туу чокусу "кара" дөбө болуп өзүнчө көрүнүп турат. Жапайы жаратылышты терең сүйүп, жүрөгүндө кабыл алып, анын сыйкырдуу сырларын сурап баргандар бул укмуш кереметтерден баргандан келгенге чейин эч ажырашпайт.**

**"Коркурак".** Аты туурабы, чынында ошол **көрүнүштү даана бере алабы-жокпу,** толук айта албайм. **Барсаң анда токтоп, кыйла убакытты ысырап жасабай өтө албайсыз.** Мында **Нарын дарыясы эки жагынан кысылган зоонун ортосунда албууттанып, моңкүп өтүп жатат. Дарыяга шыдыр жол бербей, сууну жинге келтирип, күркүрөтүп, бууракандап асманга чачып жаткан дөбө-дөбө таштар. Дайранын эки жээги абдан кысылып, агымы өзүнчө тездикте болуп жатканданбы, айтор дарыя күркүрөпбү, коркурапбы, сен ажырата албаган үн чыгарып, моңкүп агып жатат.** Мурда колхоз тарабынан 1986-жылы салынган жыгач көпүрө эскирип, өтүүгө жараксыз болуп калгандыктан 1995-жылы заповедник 35 метр узундуктагы жыгач көпүрө салган, азыр андан рейдге егерлер да, заповедник үчүн атайын иштер менен келгендер да ат же "коркоктору" атын жетелеп жөө өтүп турушат.

## КУДАЛАР ТУУРАЛУУ СӨЗ

Эми кезекти кудаларга берсек оң болот го. Өзүмдүн тун кудам куланактык **сарбагыш уруусунан Шүкүрбек куда,** алар менен куда катарында биринчи жолугушуубузду Жумгалдын Чаек айылында болгонун жогоруда айттым эле. Анарбекке кайрылып бул эмгекке өткөн аталардан баштайлы, балдар кийин билип калышсын десем туура көрбөдүбү же колу бошободубу, иши кылып өзүм баштап калдым.

Долон бийдин тукумдарынан Адигине, Тагай, Наал (Көкө) булардын тукумдары өзүнчө таралат, ал эми Тагай бийдин **үчүнчү уулу Сарбагыш,** андан **Орозбакты жана Доолосбакты,** Сарбагыш бала кезинде мойну кыйшык болуп, Кылжыр аталып калат. Дөөлөстүн толук аты Дөөлөсбакты дешет. Анын биринчи аялы Меңсекеден – **Токо, Жантай.** Экинчи Көкмончок деген аялынан Элчибек, үчүнчү аялы Жезбийкеден – **Манап.** Дөөлөстүн эл баштаган мыкты уулдары мына ушул Манаптан чыгат.

Манаптын - тукумдарынан Үчүкө, Түлкү, Кудаян. Атактуулары албетте хан **Жантай жана анын уулу Шабдан. Үчүкөдөн Маматкул, Дөөлөткул.** Мына ушул Дөөлөткулдун **Байынан** кадимки олуя **Калыгул** чыгат, мунун соңку тукуму – **Турдакун Усубалиев,** кыргыз элин (Совет учурунда Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин Биринчи секретары болуп) **25 жыл башкарып турган,** же каны болуп турган десек да болот. Эми **Маматкулга** келели, Маматкулдун мыктылары болуп **Темир, Болот** чыккан, Темирден **Черикчи,** андан **Абайылда баатырдан** кыргыздын кыйрасына таанылган **Нарбото, Шерботолор** чыккан, айрыкча **Төрөгелдиси кыргыз,** казак, сарбагыш-бугу чабыштарында көзгө түшкөн эр болгон. **Болот бийге** келсек бүткүл кыргызга таанылган тукуму **Ормон хан** болгон. Мына ушул Болот бийден, ага Санчы - Сынчы сынап алып берген чагалдактын жесири кадимки Таалыке таркылдактан туулат. **Болот бий** а дегенде **Санчы - сынчынын айтканына конбойт,** "олуям, мени шылдың кылып атасыңбы" деп сыртын салат, анда Санчы-сынчы - **"бийим, катын керекпи, же тукум керекпи? Тукум десең ушуну аласың"** - дептир. Андан экинчи уулу туулат, сынчынын айткан баш койкоңу ушул, же кадимки **Эсенгул баатыр**. Эсенгулдун **алты (кээде жети дешет)** аялы болуп, балдары баары **жыйырма бирге жетет.** Айтылуу **Ниязбек туулат**, ошол акындар ырга кошкон Ниязбектен сегиз бек, телегейи тегиз бек чыгат. Ал эми Шатан уулунан **Куланакта калың элге таанылган** айтылуу **Касымалы ажы болгон**.

Сарбагыш уруусуна арбын токтолдук, анын себеби, жогоруда да айттым, **Шүкүрбек куда менин тун кудам, экинчиден сарбагыш уруусунан кыргызга олуттуу кызмат жасаган "мыктылар" чыккан, аларды атабай, унчукпай өтө алган жокмун! Эми Шүкүрбек куданын өзүнө токтололу.** Куда Куланактагы Кабыл уулунун Касаболотунан Соке, Саке аттуу эки уулу болгон, Сокеден Шүкүрбек (Шүкү), Аманбек; Шүкүрбектен Айдарбек, Анарбек (тун кызым Гүлнаранын жолдошу), Азык, Алмаз, Асылбек, Рахат, Болотбек; Айна, Майрамкүл, Айжан, Нуржан, Алия, Алина аттуу кыздары, уул-кызы болуп 13 тукуму бар; Аманбектен Кеңешбек, Таалайбек, Кубан, Бакыт.

Шүкүрбек куда менен мен Куланакта колхоздун төрагасы болуп 9 жыл бирге иштештик, **ушул жылдарда бир ооз жаман-жакшы сөз болгон жок, мындай мамиле ишти билип, өзүңө күч жазабаган адам менен гана болот.** Шүкү куданын балдары да жакшы балдардан болушту, менин күйөө балам, уулум Анарбек адис катары өз ишине тың, областтык суу чарба тармагын башкарып, иштеп келе жатат. Калыйча Анарбекти **"эл жатса да Элебайдын эки уулу жатпайт"** деген макал сөз менен тамашалап калуучу. Анарбек токтоо, ишке берилген, ага район да, област да ишенип мамиле жасашат. Кудагый Абдырайым кызы Айнакан болсо жараткан Алла Таала тукумдан да, акылдан да кем жасабаган, өтө сыйчыл адам эле, короосун ар дайым гүлдөтүп туруучу, неберелери бар.

Анарбек менен Гүлнарада Азамат аттуу уулу, Назгүл, Асел, Аида аттуу кыздары жана Мээрим, Айдана, Аурелия аттуу неберелери бар. Баса Асел турмушка чыкты, жакында тоюнда болдук, куданын үйүндө да болуп, чоң рахат менен кайра тарттык. Аселге, Эрмекке ак тилек тилеп жатабыз.

**Экинчи кудам Асек уулу Төлөмүш,** биздин эле Меңдуулаттын беш уулунун Ногой уруусунан. Ногой атанын эки уулу болгон, улуу аялдан Калча, кичүүсүнөн **Тотой, андан атактуу Сазке баатыр чыккан** (эл арасында чоң санжырасы бар ата болгон), Сазкеден Асан, андан үч уул (Орозобай, Күкү, Кыдыр). Күкүдөн эки уул: Асек, Абдыкадыр; Асектен биздин куда Төлөмүш, Урум, Алтынбек жана биздин келинибиз Гүлнара; Абдыкадырдан Алдаш, андан Токтогон, андан Керим, Табылды. Санжырада мүчүлүш бар экен, Асек да, Абдыкадыр да бир уяга берилиптир, ар ким өз атасын табат деп кайрадан жумуш жасаган жокпуз.

Уулум Жолдошбек менен Гүлнаранын кызынын атын менин энем Тилемиш кызы Салкындын атын койдук. Албетте Салкындын өз ата-энесинин жана чоң энеси Калыйчанын макулдуктары жана менин өз энемдин атын алып жүрсүн деген өтүнүч-суроом боюнча коюлду. Мен Салкынды көргөн сайын энемди да эстейин жана менин тукумум да (уулдары, кыздары) эстеп жүрүшсүн деген **улуу максат** коюп жатам.

Төлөмүш куда эрте каза болду, азыр Төлөмүштөн Алманбет, Кылыч - эки уул. Алманбет, Чынарадан: Жоомарт, Тилек, Гүлзат, Каныкей. Кылыч, Гүлназдан: Султан, Омор, Баатыр аттуу уул-кыздары бар. Гүлнара болсо бизге улуу келинибиз болду, Жолдошбектин Акылбек, Талгат аттуу уулдары, Салкын аттуу кызы бар. Салкын азыр Бишкекте институтту мыкты окуп, азыр иштеп жатат.

Облкомсомолдон райком партияга инструктор болуп келсем кудагыйдын агасы Молдоасанов Сапар партиянын Нарын райкомунда айыл чарбасын тейлеген секретары экен, ал кезде биз жаш элек, кийин Куланактан иштеп, Калыйча экөөбүз “Ысык-Көл” санаториясына эс алууга бардык эле, Сапар аке Лахол совхозунда директор экен, бизди конокко чакырып, Сейталы Жакыпов, Алымкулов Абдырайым акелер жана эжелер менен чогуу барып калдык, үй ээси Абайылдаева Бермет эже жакшы коноктоп, Калыйча жана Жумагүл, Табылкан эжелерге колдо өстүрүп жаткан түлкүлөрдөн үчөөнө үч жака деп белек жасашты эле.

Эми Молдоасан кызы Гүлсүн кудагый тууралуу сөз жазайлы. Гүлсүн тууралуу биринчи сөздү Калыйча баштады эле. Мага ар дайым өз оюн айтаарда “кандай дейсиң” деп калуучу. Гүлсүнгө мурда тиричилик жумуштары менен барып, дайым жакшы пикирде жүрүүчү, анан Гүлнарага маалымат чогултуп калды, биринчи жолу Гүлсүнгө да өзү барып сүйлөштү, эки кудагыйдан кийин Жолдошбек Гүлнара менен иш жүрдү, аягы жакшы бүтүп, эки бала баш кошушту, азыр экөөндө Акылбек, Талгат деген уулдары жана жогоруда мен чыны менен мактаган Салкын аттуу кызы бар.

Гүлсүн кудагый чынында эстүү адам, барын ойлонуп орундуу иш жасайт, ушундан улам биз эле эмес, соодага келген башка бардык адамдар **“жакшы адам”** деп баалап, мамиле жасашат. Сооданын кайнаган жеринде болуп, тарбия алгандан болсо керек. Кудагыйга арнаган айтчу сөз бар: **- биринчи, жетим калган үч баланы өстүрүү, окутуу, үйлөнтүү, бирин да кем жасаган жок. Экинчиси, Төломүш жак менен да, өзүнүн төркүндөрү менен да ушул күнгө чейин кол үзбөйт, алыш-катыш жасап, эки жакка бирдей болуп** келе жатат. Үчүн-

чү айтарым **Гүлсүндүн эң жакшы жолдоштору бар, эркек жактан да, аялдар жактан да.** Ошентип, Ысык-Көлдүн кечээки ойноок кызы азыр Нарында **"Куттуу эне" болуп турган кези.** Бул өтө кымбат баа "кут болсун" дейм. Эки уулу, эки келини тең тың, келиндери болсо агартуу тармагында чоң кызмат жасап жатышат, кыздары: Гүлнара болсо энесин тартып, эки уул, бир кыздуу болду. Уулу Алманбетте эки уул, эки кызы бар, чоң үй-бүлө болуп турушат.

**Кудалардын үчүнчүсү болсо сарбагыш уруусунун айтылуу Үчүке, Темир, Абайылда, Нарбото, Төрөгелди, Шадыкан тукумдарынан. Куда Мөндүрбай болсо согушка барып келип, Кочкордун Кум-Дөбө айылында мыкты өндүрүшчү болгон,** райондо, областта ар дайым сыйлуу болуп, аты чыгып жүргөн адам эле, **Кочкордо дан, көп жылдык чөп өстүрүүдөн алдыда** болуп, **сыйлыкка "жигули" автоунаасын алган.** Кийин айылдын эли, айыл өкмөтү өмүрүнүн көп мезгилинде сугат жасап жүргөн **жерине атайын ат коюп, район туура таап наам берип, азыр "Мөндүрбай булуңу" деп аталып турат.**

Балдары чоң атасынын атын алып, Абдразаковдор болуп жүрүшөт. Мөндүрбай куда менен Салима кудагыйдын Калык, Темирбек, Токтобек, Омор, кызым Анаранын жолдошу, Бактыбек деген уулдары, Токтор, Жумагүл, Анар, Орозгүл аттуу кыздары бар, бардык балдары уулдуу, кыздуу болушкан. Салима кудагый болсо 30-35 жыл орто мектепте мугалим болуп өмүр сүргөн.

Омор да, Анара да Бишкекте Медициналык институтту бүтүшкөн, азыр Омор болсо Бишкектеги №4 стоматологиялык поликлиниканын башкы врачы, Анара Республикалык кардиологиялык Борбордо врач болуп иштеп жатат, экөөнүн Элиза, Алия, Нурия аттуу кыздары жана Дарика, Эмир деген неберелери бар.

Мен 2005-жылы Астанада Казахстандын мамлекеттик кардиологиялык борборунда жүрөккө операция жасалып, төрт шунт коюлган соң Анара менин "менчик, акысыз врачым" болуп калды, ал мени ар дайым аппаратта карап, дарым менен камсыз кылып турат, "жөтөлсөм" да Нарындан сутканын 24 саатынын кайсы убагында болсо да звонок жасайм! Омор болсо мен Монголияга барып, Өкмөттүн гостиницасы тоо арасында экен, булактын муздак суусунан тишимди сезгентип алып, Куланактан Нарынга келип такай дарылана албай жүрүп, тишим бүт түшүп калган. Омор болсо тиштин астын, үстүн бүт жаңыртып жатып, азыр "бадырак" жегидей болуп калдым. Өзүмдөн улам мен ар бир үйдө, эч болбосо бир урукта, же бир атанын балдарында бирден врач болсо болгудай экен деп калам.

**Төртүнчү кудам өзүбүздөн болду. Биз Апыш аке дечү элек, Кыргызда адамдын даана өз ысмы өзү каза болгондо чыгат, Апыш, Абдрахман эмес эле Абдраман экен,** биз мурда куда болгонго чейин эле, айылдагы Өмүрбек Жапаралиев, Араке уулу Абдрахман (Апыш), Боромбаев Мукамбет, өйдөкү айылдан Асаналы Куланбаев акелер жана Алтымыш Мамбетисаев болуп чай ичишчү элек. Өмүрбек аке, Апыш аке (Бүбү кудагый), Мукамбет аке, Шарипа жеңе, Асаналы Куланбаев акелер каза болушту. Менде Калыйча каза болуп, абышка жетим

болдум, бирок чынында балдарым, кыздарым жакшы багып жатышат. Абдраман куда Меңдуулаттын Калча уулунан эле, Калча атаны баатыр болгон деп жомокко жакыныраак окуядан кеп салып калуучу кудам, азыр эсимде жок калыптыр. Куданын Асейин, Асанакун, Кубатбек, Медербек, Туратбек, Акылбек, Султанбек жети уулу, Дамира, Гүлмира, Нуркамал, Гүлнур, Назгүл кыздары болуп 13 баласы бар.

Туратбек менен Динаранын Чыңгыз, Сыргак уулдары жана Элвира, Элнура аттуу кыздары, Чыңгыздан: Алинур, Байтеңир аттуу неберелери бар. Небере, чөбүрөлөрү болуп чоң айыл болуп турушат, XVI жылдагы качкын учурунда Эсен уулунун балдарынан Мүсүр, Мусабек, Араке болуп үч уулу Кытайга камдуу барышкан экен, үчөөндө үч чалгы жабдыгы менен барышып, чет жерде тың оокат жасап, тың кайтып келишкен деп Абдраман куда кеп салып калуучу. Балдардын улуусу Асейин чынында тууганчыл, айрыкча "моңолдор" деп ар дайым аракет жасайт, куданын уул-кыздарын Асейин жогорку окуу жайларынан окутуп бүтүрттү. Айылдан Кубатбеги тың чыгып, райондун аткаруу комитетинин биринчи орун басарлыгына чейин барды, өмүрүнүн акырында Нарын районундагы социалдык фонддо башкаруучу болуп туруп, каза болду. Мен да куда болгонго чейин эле өз ниетимде жакшы көрүүчү элем, мен да Кубатбек да сыйлап, бирибизге-бирибиз чоң сый жасашып туруучу элек, жолдошу Зина да жакшы адам эле, Кубатбекке бел болуп туруучу, кырсык болуп, авто авариядан каза болуп калды.

**Бешинчи кудам Чүй боорундагы солто уруусунан,** Абыке, Ажыгул уулдарынан Ысык-Ата районундагы Нурмамбет (Мурдагы Красный Восток) айылынан болушат. Кудам Амангелди эрте каза болуп калган экен. Алтын кудагый болсо, төрт бала менен калып, аларды багып, өстүрүп, баарын үйлөнтүп, жайлантат. Бирок, өзү балдардын сыйын, кызматын толук көрө албай 2009-жылы каза болуп калды.

Алтын кудагый кайын атасынын атын алып, Абыкенова болуп жүрүптүр, өз атасы болсо Кудайберген экен. Мындай салт мурда эле бар болчу. Азыр болсо Русландын уулу Аман да Абыкенов, ошентип Руслан менен Чынаранын Аман аттуу уулу, Аира аттуу кызы жана Аман, Аидадан Амир уул. Азамат, Аирадан: Айлун, Айшам аттуу неберелери бар. Азамат болсо фирмада, куда Мадияров Токтосун да жеке ишкер. Алтын кудагый тың, түз, жакшы адам эле, өзү соода уюмдарында райондук деңгээлде жетекчи кызматтарда иштеп жүрдү.

Руслан негизинен жеке ишкер болучу. Бишкектеги жер-жемиштерди кайра иштетүүчү №2 базада даярдоочу, чарбалык эсепте иштөөчү №1 магазинде директор болуп көп жылы иштеди. Өзү да ишке тың жигиттерден эле, жакшы жолдоштору бар болучу, баары такай байланышып, бири-бири менен жакшылык, жамандыктарда катышып турушчу. 2013-жылы каза болду. Биз чоң кайгыда болдук, буйрукка, тагдырга айла жок экен, азыр болсо артында калган неберелерине өмүр тилеп, жакшылыктарын күтүп турабыз.

Уулу Аман Русланович колуктусу Аида экөө тең Бишкектеги КГНУну бүтүштү. Азыр болсо Бишкек шаардык прокуратурасынын прокурорунун улуу

жардамчысы, майор-юстициянын үчүнчү класстагы кеңешчиси. Аман Кыргыз Республикасынын таэквандо оюну боюнча бир нече жолку чемпиону. Ушул оюндар боюнча 2001-жылы Кореяда өткөн дүйнөлүк чемпионатынын, 2002-жылы Бусан шаарында (Корея) өткөн дүйнөлүк XIV азиялык оюндардын катышуучусу, 2005-жылы Таиландда өткөн, Бангкок шаарында Корея чемпионатында коло медалына ээ болгон, 2006-жылы XV азиялык оюндардын катышуучусу, Дохо ш. Катарда. Кызы Абыкенова Аира Руслановна Бишкектеги КРСУнун экономика факультетин бүттү.

Кызым Чынара Кайыповна тууралуу жогоруда белгиленди.

**Алтынчы кудам Куланак айылынан сарбагыштын чертки уруусунан** Молдоалы уулу Аманкул болду. Балдарымдын эң кичүүсү Камчыбек Аманкулга күйөө бала болоору ал кезде эч ойдо жок эле. Ошол жылы Аманкул отпуска алып, Ардактынын башында, бээнин сүтү үчүн барып, эс алып жаткан болучу. Дем алыш күнү Аманкулга барып келүүнү чечип, Бейшен Болотбековго кайрылып, "Аманкулга барып учурашып келүүнү кандай дейсиз, бүгүн дем алыш, орчундуу иш болбосо" деп калдым. Бейшен туура таап, барып калдык. Ардактыдан чыгып, Кең-Саздын Даңгисинде Төлөев Бакас бар эле, уй багып, бээ байлап жаткан. Мен Аманкул, Бейшен болуп козуга бата жазап коюп, Даңгинин ичине түшүп, балык кармап, мылтык атып, карта ойноп эс алдык.

Мени менен Камчыбек да барды эле, Ардактыда атасы менен Нурзада бар экен. Кийин ойлойм, буйрукка айла жок тура, эки баланын баш кошууларынын башкы жолу ошол мезгилде эле салынып калган тура деп. Арадан бир топ жыл өттү, экөө үйлөнгөн жылы уулум Камчыбек Фрунзеден телефон чалып калды.

- Папа үйлөнсөм кандай дейсиз?

- А дегенде кыз барбы, сүйлөшүлгөнбү?

- Папа, эсиңизде барбы, Даңгиге барганда Аманкул Молдоалиевичтин кызы менен таанышып калгам.

- Үйлөнөлү деп чечтиңер беле?

- Анда жакшы экен, Камчыке, азга созо турсак кантет, мамаң кыйналып турат дедим!

Ошентип балдар "командасы" менен 1993-жылы 7-июлунда келип калышты. Кудага баруу тозуп алуу иштери өз калыбында өттү, бул чаралардын өтүшүнө Абдраман куда, Кырманчы, Карыптар толук катышкан болучу.

Эми кудалар жагынан сөз жазайлы. Аманкул сарбагыштын чертки уруусунанбыз дейт. Менде түшүнүксүз жагдайлар бар? Черткилер кыргыздын байыркы, эски урууларынан дешет, анан да кыргыз арасында сейрек жолугушат, кандайынан "Сарбагыштын чертки уруусунан" болушат? Көрсө черткилер Кеминдин Он бир жылгасына мурда эле келишкен болсо керек. Аманкул, Ниязбек балдарына жер бөлүштүргөндө Субан, Шатен деген уулдарына Нарын жергеси үлүшкө бөлүнүп, ошолордун айылы менен кошо көчүп, ушул Куланакта жашап калышкан экен. Ал эми санжырада болсо черткилер тууралуу ар түркүн айтышат. Эң башкысы байыркы заманда эки жоо согушуп, түнкүсүн тыныгуу учурунда сайылып

турган тууну каршы тарап жыгып салса, туусу жыгылган тарап жеңилип берчү экен. Ушундан улам черткинин жоокерлери чоң милдетти аткарып, биринчиден, өтө жоопкерчиликтүү, экинчиден өтө тың, түн катып келген каршы жакты сөзсүз жеңгенге жөндөмдүү жоокерлерден тандалган болушса керек!

Ал эми эмне үчүн сарбагыштын урааны чакырылып калган деген суроого - Адигине агасынын керээзин аткарып, кандай кылганда элдин башын бириктирип, күчтүү эл, күчтүү бийлик болгудай иш жазоо керек дегенге келгенде Тагай бий, ушул суроо менен энесине кайрылат. Энеси да акылдуу адам болгондуктан элде үч уруу бар: - Коңурат, Черик, Чертки ушул үч уруунун башчыларынан Тагай бийге **эмчектеш жасап,** бирден бала алып, энеси эмчегин эмизип багат. Ушундан улам бул уруулар да оңго кирип тондуу уруудан болушкан экен.

Молдоалы куданын атасы Таштанды, атасы Рыскулдун жалгыз баласы болот, анын атасы Элтуйбас, Ормондун заманында мына ушул аталар Кеминге келишсе керек.

Кудалардын улуусу да, сыйлуусу да азыр Сабира кудагый, мен ар дайым Сабира кудагыйдын чыныгы Манап тукумунан экенин сезип турам. Себеби, **сөзү ар убакта акылдуу, өтө орундуу, балдарына баш-көз болуп, өзү айткандай канча татаал оор мезгилдерди башынан өткөрсө да ар кимисин өз-өз ордуна коюп, акылдуу кеңештерди берип турат.** Кудагыйда **"бийликтүүлүк" да бар,** бирок, баары чоң акылдын чегинде, ушундан улам балдарынын баары сөзүн эп көрүп, угуп, аткарып турушат. Кудагый илгерки элдин салтын, кулк-мүнөзүн, кыргыз энесине таандык болгон **мыкты сапаттарды сактаган адам.**

Молдоалы кудадан Үмөткул (Сарыбай), Иманкул, Аманкул, анан кудам ар дайым айтып эскерип жүргөн **(Күчүнай)**, Бурулкан. Үмөткул кудадан Сагынбек, Кубан, Сталбек, Майрамбек деген уулдары, Бегай, Гүлай, Гүлмира аттуу кыздары бар. Үмөткул куда орган тарапта иштеген экен. Уулдарынын ичинен Сагынбекти ар дайым эскеришет, жакшы сапаттарын айтышат, ушул жерде Сагынбектин жолдошу Мунара кудагыйга атайын токтолуп жатам, себеби, арадан канча убакыт өтсө да Үмөткул куда тарапта, алардын сыйлуу төрүндө, белек катары бир баласын өстүрүп жатат, куданын жолдоштору менен да кол үзүшпөй жүрөт. Куда Москвадан полиграфиялык жактан окууну бүтүп, кыргызга керектүү адистен болгон экен, бирок, эрте кайтыш болуп калды, биз Калыйча экөөбүз каза болгондо келип, сөөктү коюу иш-чарасына катышып, куран окуп кеттик.

Үмөткул кудадан дагы бир тың Сталбек аттуу ишкер уул чыкты, агасы Аманкулга өтө терең сый-урмат менен мамиле жасайт, Аманкул кудага Джиб автомашинасын сый катары сатып берди, азыр атасынын бир тууганы эмес, өз бир тууганына **байлыгы жетиштүү болсо да** белек берген "байлар" чанда болсо да турмушта кездеше элек. 2015-2016-жж. атасынын 90 жашын белгилеп, Куланактагы больницага чоң жумуш жүргүзүп, больницага суу киргизип, карыялар үчүн атайын эки бөлмө туалетин жасап, жылуу суу киргизип, жаңы кроват бардык зарыл жабдуулары менен берди, элге чай уюштурду.

Азыр Аманкул куда, Бакиза кудагыйда Максатбек аттуу уулу жана биздин келинибиз Нурзада, Гүлнас, Саламат, Мээрим, Жылдыз деген кыздары,

Максатбек, Гүлзинадан Кубаныч, Ислам, Бегимай, Алтынай аттуу неберелери бар. Бизге да кудаларга да таандык болгон уулум Камчыбек менен Нурзададан Элина аттуу небереси жогорку окуу жайын бүтүргөнү жатат.

Кудам Аманкул адегенде комсомолдо, андан партиянын Нарын райкомунда экинчи, облассттык партия комитетинде бөлүм башчы, облассттык аткаруу комитетинде жооптуу катчы, Кыргызстан КП БКнын Ысык-Көл облусу боюнча жооптуу уюштуруучу, Нарында Кыргызстан АКБ да генералдык директор, Жумгалда партиянын райкомунун биринчи катчысы болду. Аманкул өзүнүн эске тутуму күчтүү өнүккөн адам, көпчүлүк учурда адамдарга калыс, түз мамиле жасайт, өтө жолдошчул, шахматты, картаны катыра ойнойт!

Кудагый Бакиза да жакшы адам. Өзгөчө балдарына, небере, чөбүрөлөрүнө камкор, сүйүү менен карайт, үй-бүлөлүктү баалаган, урматтаган адам. Бул жерде энеси чоң кудагый Какан тууралуу да бир аз болсо да сөз айтууга туура келет, өтө салттуу, нарктуу, нускалуу сөзү, айылында туугандарына чоң кадыр-баркы бар, өтө сыйчыл, чоң акылы бар адам болучу. Каза болгондо балдарым болуп айлына барып топо салып, куран окуп келдик.

* * *

Илгери атам үч-төрт жолу Кашкарга барып соода кылып келчү экен. Ал күндөр атайын даярдалып, бара турган күн такталып, кабар берүү өтө жашыруун болгондуктан кабарга келген адам эч сүйлөшүү жок эле, белги берип кетүүчү тура, ортодогу дөбөгө келип, ат менен чыгып чыгышка карап дүрбү салып, түштүккө карап дүрбү салып, батышка карап дүрбү салып, мал караган адам болуп тез эле жоголуп кетүүчү дешет. Бул белгилер чыгыш тарап менен кетебиз, кетээр күнүбүз үч күндөн кийин, түндүк батыш мал карап жүргөн адам экен десин деген белгилер болгон.

Атам Кашкарга алуучу жүктү мурдатан эле даярдап коючу элек дейт. Жалгыз Коштоокко алуучу мал даяр эмес, аны мурда алып келип, жолго даярдап туруу керек болуучу, биздики мунубуз шашылыш болуп кала турган болду. Ошондуктан ордуна бээ эмес ат унаасы керек. Атамда үч гер аттары бар экен. Бул саам үчөөнөн экөөн алыш керек. Ортоңку гер ат болбойт, себеби ал мурдагы жолдо барып келди. Чоң гер ат менен Тай кашканы даярдоо керек, бир-эки жолу сууса даяр болуп калышаар? Аттар такаланып, башка камылгалар бүтүп, жолго үчүнчү күнү чыгат. Атам эми чоң-капчыгай менен жүрүп Нарындын башында жарык-таш деп белгиленген жерге барып, башкаларга кошулуусу калды. Башкалар менен жолугуу да жашыруун, ар кимдин өзүнчө чектелген өрөөнү, конушу бар. Жарык-Ташка чейин атамдын жолу шыдыр, бул жол өтө тааныш жол, кааласа кырга салса да жол табылат, атам үчүн жакын тааныш, кандай болсо да жүрүүчү жол.

Бул жолкуда Уланга келгенде жолдун багыты өзгөрүлүп, Кунан ашууну ашып, Жагалмайдын белинен түшө турган болдук, андан Кара-Чуңкурдун бели-

не чыгып, андан ашып Көбүргөнтүгө түшөт, башкалар менен жолугушуу мына ушул Көбүргөнтүнүн ичинде болуп, андан белди ашып Мүдүрүм (Үзөңгү-Кууш), Мүдүрүмдөн суу кечип Көк-Арттын белин ашып, Кулжага түшүп (Кытай жери), андан белди ашып Кызыл-Суу, андан ары түз эле Кашкарга келдик дечү эле.

Кашкарда тосуп "алуучулар", бир күн мурда эле келишип күтүп жүрүшкөн экен, соода тез эле болду деп кеп салуучу атам. Үч күн аттарга карап (эс алдырып), бирок кытайлыктардын бирин-экиси шекшип калды "кабар берип коет" деп шашып калышып, түн катып чыгышат, (бир түн эрте). Ошого карабастан кытай аскерлери бизди тосуп бул жакка келип калышкан экен. Биз жолго салбай дың-кыртыш жерлерге салып, алар алдыда биз артта болуп, улам байкап жүрүп, Кулжанын ичинен сырттан көрүнбөй дүрбү салсак, биз конгон жерге келип, ары-бери айланып, таштанды сөөктөрдү көрүп, Кара-Чуңкур багытына кетишкенде экиге бөлүнүп, көлдүктөр өз жолуна, биз болсок Жагалмай, Кунан-Ашуу багытына салдык. Кытай солдаттары узак жол жүрүшүп, Көк-Артты ашып, Мүдүрүмгө түшүп, Көбүргөнтүнүн белинен кайра кайтышыптыр.

Атам жүктү Чоң гер атка, Тай-Кашкага баса жүктөп, эки аттыкы оорураак болуп калды деп бир аз жүктү өзү менен Нарындан барган адамдын атына жүгү жеңилирээк болуп калган экен, ошого жүктөптүр. Чоң гер атта жүк арбын, бирок ал жол жүрүп калганда улам кызып, желе басык жүрүшкө салып, башка аттар текирең таскак менен артта калышчу дейт, ал эми Тай-Кашканын жакшы жорго жүрүшү бар эле, экөө бири-бирине камчы салдырбай жүрүшчү тура. Нарындыктар үчүн Жагалмайдын өрөөнү узак болду, Кунан ашууну ашып, ортодо Кара-Чуңкур өрөөнүн калтырып, жол издеп (көбүнчө кытайлык аскерлерге кабылбаш үчүн) Көбүргөнтүгө түшүп, Мүдүрүм аркалуу Уланга кирип келишкен экен. Уланда "Көк-Жар" деген өзүнчө кайрылып бурула турган мыкты жайыты бар жер, атам үчүн ошол "учурда" эң ыңгайлуулугу анын "чоочун" көздөн обочо болгондугунда, анын үстүнө өзүнчө дөбө-дөбө болгон кокту, өрөөндөрү көп, атайылап келген киши болбосо Уландын ичи менен түз кете берет. Эки күн, түнү менен аттарды жүгүнөн ажыратып, жайдакташып ээн оттоокко, шар сууга коё беришип, өздөрү да күн-түнү жол жүрүшкөндүктөн чаалыгып чарчап калышканын сезишип, ээн жерде эки сутка бою бут сергитип эс алышат. Уландан оозго чыгышып, Чоң-Капчыгайдын тескейи менен илгерки көч жүрүүчү жолго салышып, өтө оор жол болсо да Нарынга, Көгөндүгө, Медер булуңга таң ата электе кирип келишкен экен...

* * *

Илгери кыштоо-жайлоо талашып түнкү убакытта да көчкөн учурлар болгон. Күндөрдүн биринде энеме сак бол, эч кимге угузба, бүгүн түн катып көчүшүбүз мүмкүн деп калат энеме атам.....Тарагайдын Үч-Булак деген кыштоосу бар, ошого бүгүн түнү көчүп кетишибиз керек. Энем чочуп кетип "ой бай болгур, челек толтура жарма, аны кантебиз, анын үстүнө сүзмө да аралаштырып куюп койдум эле дейт. Атам даанасын азыр эле уктум, камын, өз курсагыңды тойгуз, кыйналып каласын дептир, энем мага кайгырба, бышкан эт турат, нан да бар, андан

көрө жарма эмне болот "кесир болот го, - убалын кантебиз,"-дейт. Малга каралашып, Кысамедин чоң ата чыккан экен, атам кабарды ал кишиге да айтып, кандай кылабыз деп калышат. Аз убакыттан кийин, Салкын балам, "челекти мага тиги дөңгө чыгарып бергиле, анан силер жүгүңөрдү жүктөгүлө"- дептир.

Арадан кыйла убакыт өтүп, атам менен энем көчтү жүктөшүп бүтүп, эми жарма кантти экен деп турушса, Кысамедин чоң ата Салкын "балам челегиңди ал"- деп калат... Ошентип жаңы кыштоого орун которушат. "Мындай түндөр бизде көп болду" - дептир эртеси эс алып отурган Кысамедин чоң ата.

* * *

Лесхоздун күчөп турган учуру деп кеп салып калышчу эле, Атам жана үйдөгүлөр. Жолдошаалы аттуу менден улуу агам болгон экен. Атам менен энем башка айылга кетишип, энем кетээринде эжелерди короого киргизип, салынган талпак бар экен, ошол талпактын үстүнө олтуруп алып, чакмак ойногула деп кетет. Кыздар Жолдошаалы болуп ойноп жатышса, лесхоздун кишилери келишип, үйдү, короону айланта карашып, эч нерсе таппаганда, кыздарга кайрылып, "атаң, энең кайда кетишкен, айткылачы атаң карагай алып келип кайда катты"- деп сурап калышса кыздар унчукпай коюшат, текшерүүчүлөр кете турган болуп калышканда Жолдошаалы ордунан тура калып "ай байкелер, токтогулачы" деп ойлоно калып, атам бая күнү отун аралап жарып жаткан, кайда катты болду экен дейт. Тигилер туруп калышат, анда Жолдошаалы - "а байкелер, эми таптым, отун мобул жерде, мен эшикке эле ойнойлу" десем мобул кыздар болбой коюшкан, - дейт. Кыздар Жолдошаалынын оозун басып токтотууга аракет жасашса, оозун жулуп алып, мынакей "мо бул талпакты эле ачсаңар, отунду табасыңар", кыздар кайрадан оозун басса кайрадан оозун жулуп алып, мурдагысын кайталап айтып жатат...

Текшергендер жадашты көрүнөт "отун бар болсо да сен үчүн, сага рахмат" деп кетишет. Кечинде атам, энем келгенде кыздар биринен-бири өтүп, Жолдошаалынын кылыгын толугу менен айтып беришет.

Атам энеме кайрылып, Лесхоз берген кагаз кайда эле буларды бушайман кылбай көрсөтүп койсоң болмок. Кап, алар өздөрү деле билишчү да, жаңы жаш карагай бар го деп издеп жатышса керек, мен мурда эле сары өзөк түп, дүмүр (сокок) алып келгем, ошону көрсөтсөңөр болмок.

Калбүбү эжем, аны биз кайдан билдик, «мобул тентегиңиз билет го деп биз да коркуп жаттык», көрсө бул да даанасын билбей эле жулунуп жаткан тура, иши кылып уулуңуз бизди чоң уят кылды. Атам менен энем ал күнү көпкө кожурашып, энем "аны мага (кагазды) айтпасаң кайдан билдим, мен уулуң тентек жасап, үйдү чаңдатат деп талпакка ойногула" дедим, кыздар такай ошол жерде ойношот да дейт.

* * *

Жылдын кайсы мезгилине карабай атам апама күн сайын чырактардын түнкүсүн жарык күйүшүнө кам көрүп туруучу. Апам болсо сөзсүз жасай турган жумушу катары көрүп, шишени жууп, кургатып, биликтин онунчу болушун карап, керосин майынын таза болушун текшерип турар эле. Бул шарттын бирөө бузулса

чырак түнкүсүн даана жарык күйбөй калса анда үйдө чыр чыгып, атам капаланып кетүүчү. Мен көбүнчө Шота Руставеллинин “Жолборс терисин жамынган баатырын” үн чыгарып ырга окшоштуруп окучумун. Атам ар дайым ал поэманы кунт коюп угуучу, ар бир теманы же окуяны аяктаганда “ап бали” Алыкул даана алп акын тура өзүнүн тили болбосо да «так эле кыргызча тил менен сүйлөтүп которгонун карачы» деп көңүлү ачылып, кумары канып калуучу. Кээде Алыкулдун “Ата-Журтун” же “Отуз жашын” кайталап окута берүүчү, кийин “Манастын” I,II,III китептеринен да ушундай тартипте окуп чыкчумун.

* * *

Атам мындан тышкары атайын жасалган кара кийизге упай оюнун ойночу. Үйдө эликтин чаарчыгынын терисинен ийленип жасалган тулубуна жалаң бир өңчөй ак чүкөлөр толуп турчу. Ат оюндарынан көк бөрүнү жакшы тартчу. Илгери толуп турган кезинде Ат-Башыга барып, сарбагыштардын бир ашында көк бөрүгө улак эмес, торпок беришип, нарындыктар, ат-башылыктар менен беттешишкен экен. Көк бөрүдөн келип «эки ай төшөктө суу ичип жатып калгам» деп кеп салуучу. Кечээ эле биз чоңоюп калганда эле эки жоон сандын үстүнкү этин колдун салаасы менен узатасынан өйдө сылап тартканда сан эттин сол-сол болуп бөлүнүп турганы колго билинип турчу, дечү атам.

Согуштан кийин тескейде райондордон карагай даярдоо үчүн ар бир айылдан болжолу 15-20дан адамдар келишчү, согушта чарчаган эл оюн көргүлөрү келип, айылдарда 1-3-май күндөрү майрам өткөрүшчү, Кайыңды сайынын батыш тарабындагы түздө Мамыт атанын узун тор атын минип, улакты жерден алып, башка улакчылардын сунган колдорун улакка жеткирбеш үчүн эң төмөн кармап анан улакты....... аттын алдыңкы колдору же омуроозу аркалуу экинчи өнөккө өткөрүп, ыктуу маал боло калганда белги коюлган марага алып келип таштаган эле. Оюндун жүрүшүндө атам башка дагы амалдар менен оюн көрсөткөн болуучу. Маркум Сатыбалды баласы Кадыракун аке “мына Калназар аке гана бул оюнга жарайт”дебедим беле, мыкты оюн көрсөттү го” деп бака-шака түшүп жатты. “Мен мурда көргөм да” - дейт ал.

## ЖАҢЫ ЗАМАН ТУУРАЛУУ СӨЗ

Эми Нарын өрөөнүнө келген жаңы заман тууралуу адамдарга сөз берели. Бул материалдарды талкуу жасоого ошол мезгилде талкуу өткөрүшкөн, көбүн эстерине тутуп калышкан адамдардан Турузбаев Мамбетказы, Абдраман Араке уулу, Мукамбет Боромбаев, Жаналиев Сати, Аргынбаев Тагай, Өмүралиев Акматаалы, Куланбаев Асаналы акелер 6-июль 1996-жылы талкууга катышты. Мына ушул агалардын берген маалыматтарын иреттеп түшүрдүм эле.

1918-жылы апрель айында Нарында советтердин съезди өткөрүлгөндөн кийин жер-жерлерге айылдык кеңештер түзүлүп, алар жаңы заман тууралуу элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн.

1916-жылы өрөөндө эгин, чөп күйүп кетти, дейт **Турузбаев Мамбетказы** карыя, ал эмес Шордун, Кеңсаздын саздары соолуп, кургады, Падышалык Россияда элди ар түркүн жол менен кыйноо жүрдү, айрыкчы суу баскан сапаттуу, түшүмдүү жерлерди зордук менен тартып алуу, жер салыгынын тынымы жок арбышы, дагы башкача колониялык эзүүнүн күчөшү болду, өзгөчө Николайдын заманы ар тараптан кууруп, элди эзип атканда балдарды аскерге алат экен деген кабардан улам, эл арасында уу-чуу болуп, өрөөндүн күнгөй, тескей эли Тарагай аркалуу Кытайга качтык, алардын арасында мен да бар болчумун, биз 60-70 түтүн болдук, Карабек уулунун башчысы Жырык аке аркылуу Кара-Коо деген жерге орноштук, а дегенде эле 200 баш койду "от акысы" деп суроо-сопкуту жок эле алып кетишти, кыштадык, малда жайыт тартыш болуп бүт кырылды, отун жок, короодогу койдун коргоолун жагып эптедик, суу жок, 2-4 төө менен эң алыстан муз жүктөп келип, эптеген күн көрүү болду, ошентип жашоо өтө оор болду, айылдарда кара тумоо оорусу каптап адамдардан да көп чыгым болду, ушул аралыкта Николай тактан кулаптыр, аскер албайт экен дегенде сүйүнүп, тирүүбүз Ак-Сай аркылуу 1917-жылы кайра келдик. Кудайга шүгүр, бул жакта үркүндө болбой калган уруулар аман-эсен экен, ошого тобо келтирип жашоону уланттык.

Алгачкы сөз **Сакенбаев Кенжакун** ата жөнүндө болсун, ошол кезде 1929-1931-жылдарда Дөбөлүдө болучу, 1937-жылга чейин эле турду, өзү улгайып калган, сакалдуу киши, мурдунун таноосу жырылып кайра жабышып калган киши эле. Уулу Кенжакун медреседе бизди окутуп жүрүп 1937-жылы Таш-Башатка барып мектеп салдырам деп, элди чогултуп, кыш куйдуруп, карагай даярдатып, тактай тилдирип, мектеп салдырат. Мектеп бүткөндө 1938-жылы мектепке директор болуп калат. Ошол кездерде кол жазмасы жакшы сулуу жазган балдарды жакшы көрүүчү, мени атасы Сакенбайдыкына алып барып дайыма кагаз жаздырчу, - дейт Жаналы уулу Саты аке. Өзү олбурлуу, сулуучумак киши эле, мүнөзү сылык, кишиге катуу айтпаган адам болучу, 1941-жылы армияга кетти деп уктум, согуштан жарадар болуп келип, ошол мектепте мугалим болуп иштеп жүрдү дешчү. 1919-1920-жылдарда Таш-Башатта мектеп салдырды дейт карыя Кирдибаш уулу Назар ата, болуш Калдыбай уулу Жумабек болучу, ал эми Дөбөлүдө болсо чоң мечит бар, мурда курулган, ошондо 4 жыл окудум, себебим; андан ары окуй турган класс жок болуучу, медреседе а дегенде жадыбал үйрөтчү, билбей калсаң ошол эле күнү төмөнкү класска алып келүүчү, эртеси жаттап келсең анда ордуңа отургузчу. Латын алфавити менен окудук, мугалим Калчаев Талип (Шалдырдан), Асанов Балакун (көлдөн), Сакенбаев Кенжакун окутушчу дейт Жаналы уулу Саты аке. Ал кезде бүт молдоке дечү элек. Чогуу окугандардан Букар Бейшебаев, Мамбетисаева Назира, эркектин көбү аскерге кетип согушта өлүп калышты.

Дөбөлүдө **Ындыбаев Усубалы** аталар бий кызматында болушуп, медресе курдурушкан, 1922-жылы Узакбайлар окутушту, кийин Жоошбай уулу Өмүраалы (Ак-Муздан), Каптагаев Чаки (Шалдырдан) башка жактан келишип медреседе окутушту. 1934-жылы кайыңдыга кызыл-үйгө мектепке бардык, анда сабактар

бөлүнүп калган, медреседе болсо бир эле мугалим берүүчү, партабыз туурасынан кесилип эки башка коюлган карагайдын кесиндиси менен өйдө көтөрүлгөн узунунан жаткырылган карагайды бойлоп отурчубуз. Доска деп бир-эки тактайды Ыбырай Кыдырмыш уулу менен Муса деген киши экөө тилчү, ошондон алып келип тамдын бооруна жөлөп коюучу. 1938-жылы Дөбөлүдө (Мендебаев Султан башкарма эле) элдин жардамы менен мектеп курулду. Кайыңдыда ушул жылы чоң ойго да мектеп салынды, экөөндө тең 7-класска чейин бар болуучу дейт Саты аке.

Айылдарда кыштактардын курулушу 1931-жылы башталган, Дөбөлүдө 10 там, үч орус келип салган, чогултуп эле Иван деп коюшчу. Кайыңдыга 5 там Бүргөндүнүн алдына курулуп берилди. Таш-Башатта 1935-жылы чоң ойго өздөрү кура башташты. Кеңеште (Кызыл Октябрь делчү) 1933-жылы, 8-Март, Алышта, Кировдо (Эки-Нарын) 1935-1936-жылдарда курулду дешти Араке уулу Абдраман жана Жаналы уулу Саты акелер.

Ал мезгилде араба чоң кызмат жасачу, 1930-1931-жылдарда Шалдырдан Бугубай, Алыштан Сопу, Дөбөлүдөн Жаналы аталар топтошуп, Жаналы атанын короосунда 4 араба жасашып, 4 айылга бирден араба беришкен, ушул өрөөнгө 1934-жылы телефон курат деп, карагайлар орнотулуп, зымы тартылып биринчи жолу телефон келген, радио болсо 1940-жылы Дөбөлүгө курулуп, а дегенде көчө-көчөгө жерди кастырып көмүшөт, үйлөргө тараган, бирок, жакшы иштеген эмес, кийин үйлөргө зым аркылуу берилет.

Ат соко 1929-1930-жылдарга таандык, биринчи жолу Сарбагыш Молдо 1912-жылы Ийри-Сууга (көк-соко дешчү экен) алып келип, жөө кишилерге тарттырган, 1929-жылы чоңойтулган.

Араке уулу Абдраман куда өрөөнгө трактордун келиши 1947-жылга таандык, ушул жылы трактор келди деп айылдарда соколорду топтоп жыйышып, ор казып көмүшкөн. Алгачкы тракторист болуп алыштык Осмонов Жумамүдүн болгон (баса Жумамүдүн бизге куда, иним Асанбектин кайын атасы). Ал биринчи ЗИС-5 маркасындагы автомашинаны да 1952-жылы айдаган, өзү ишине өтө так адам эле. Биринчи автомашина 1948-жылы келди, атактуу "полутора тонка" дешип эл арасында аталып калды, биринчи молотилка 1947-1948-жж. пайда болду, ал эгинди кол менен оруп, чийне менен кырманга алып келип, молотилкага салып берип, данды маядан бөлүп алышчу.

1933-жылы мектепке кино келет, бирок ал кезде үнү жок сүрөтү эле берилчү экен, айылда Ажыбаев Абдыкасым бул "жин" оюну турбайбы деп чыгып кетет. 1935-1936-жж. Чапаев жөнүндө кино чыгып, мында үн кошулуп калган. Өмүралы уулу Акматаалы куда кинону көрүп жатып, "ат тебелеп кетет" деп чалкасынан кеткен экен. 1932-жылы ХТЗ трактору Эки-Нарынга келген дейт Куланбаев Асаналы аке, ал жылы Нарын дарыясында "ылдыйкы" көпүрө салынып жаткан мезгил болучу.

Айылдын да, туугандардын да азыркы учурдагы сакалдуусу, улуусу да болуп саналат **Мамбетказиев Шыгай аке,** ошол жылдарда атам малдуу эле, жаш чагымдан эле мал бактым, дейт Шыгай аке, ал кезде Кайыңдынын күн чыгыш

тарабында, элдер топ-топ болуп жашашчу, көчө жок, үйлөр чийки кыш менен салынып, үстү шырык менен жабылчу, асты жер, жапыс-жапыс тамдар эле. Жон-Арыктын күн чыгыш тарабында коозделуп салынган мечит бар, кийин кампа болду, андан башка пилорама бар, арaaнын тиши аркы-терки эмес болгондуктан таарынды бир багытта гана түшүүчү, эки киши тилүүчү, үстүнкү киши арааны өйдө тартып, ылдыйкы киши карылуу болуш керек, себеби, ылдый тартканда гана тактай болуп тилинет. Устунду ак балта менен чаап жасашчу. Мектеп болсо "П" формасында болучу, жылы эсимде жок, **Сакетаев Кенжакун** бүт кышты элге бөлдүрүп куйдурган, шифер жок болгондуктан, тамдын үстүнө эки тактайды катар коюп, кошулган эки тактайдын үстүнө дагы бир тактай жаткырылып коюлчу, орок ордук боону аялдар чийнеге салып беришчү, кырманда майдаланып арпа алынчу. Атам 27 жыл жылкы бакты, мен кошо жүрдүм, кийин өзүнчө болуп 25 жыл уй бактым, пенсияга чыктым. Кийин 1935-1936-жж. кыштак салынды, көчө болду, пилорама жаңырып араа тиштүү болду,- дейт Шыгай аке. А дегенде түлөбай, союл уулу, анан чолок этек, төтөй, орто-кыйра урууларy келишти. Куу-сөөк, кара-тукуму уруулары Жан-Булактан, Надырлар кыштактын астында ат жолдун үстүндө жапыс тамдар бар эле, ошондон которулушту. Колхоз учурунда төрт бригада бар эле, түлөбайда Жумаалы Өмүралы уулу, союлда Исакожоев Карагул, Алчыкенов Бөдүн, төтөйдө Чарыков Турдалы болгон. Мына ушулар чоң, оор жумуштарды жасашты, ал кезде бүт өндүрүш кол жумуштары менен бүтүүчү эле.

Дөбөлүдөгү Сартбай аке кеп салуучу экен, Данияр атанын Кер-Кулуну Каркырада чабылып этегинен коё бергенде, болжолу 100-120 км. жер келет, көлдүктөр Үкүнүн Кара-Кашкасы чыгат деп жардап турушкан экен, алдыга Кер-Кулун чыгып келген деп көлдүктөрдөн уккам дейт ага. Кара-Кашка болсо ал күнү аксап калып чабылбай калган тура. Ошол аралыкты көрүү үчүн 1976-жылы кызым Айшанын күйөө баласы АН-2 самолётун айдачу, Каркырага жыйынга барган элдин эсебин, эл алып барган таш менен эсептешчү дешиптир, таш жылма, тоголок таштар экен, өзүм барып, ушул эки "табышмакты" көрдүм эле дечү, Сартбай аке өмүр бою колхоздо бухгалтер болуп иштеген, өзү өтө эмгекчил адам болучу, огородуна толтура картошка айдачу, кийин өзү карыганда да бүт өзүм багып өстүрөм дечү, 2014-жылы 91 жашка чыгып кайтыш болду, короо-жайында толтура бак өсүүчү, асман тиреген теректер азыр да турат.

Дөбөлү айылынын жогорку башында Музүрдүн багы деп аталган майда дөбөлөрдөн турган Алтымыштын атасы Мамбетисанын жери эле, колхоздо согуштан мурда келген "ХТЗ" тракторунан ушул айылга бирөө келген, кийин ал дөбөлөрдү Алтымыш түздөтүп огород жасаган, трактордун эки сокосу бар болучу, ошол соко менен иштеп жүрүп, мурда мүрзө бар экен, трактор орго түшүп калыптыр, чыгара албай көп убара болушуп, ошол жылдарда Нарында госплемстанцияда директор болуп иштеген Байзабаев Мансур келип, электр мотору менен, эл чогултуп алардын күчү менен трактор чыккан, ичинде кишинин сөөгү бар болуп чыкты. Эң чоң сөөк 2 метрден ашат, биз ичине түшүп көрдүк, аттын ээр токуму да бар экен дейт Сартбай аке.

Нарында 1921-1922-жж. кыш өтө оор түшүп, жут жылдан болуп, Байдалиев Жумаалы аке Дөбөлүдө колхоздо төрага эле, айылда Мусабек Жамгырчиев аттуу (кличкасы каракунас) жигит бар болучу, ууру кирген жеринен кур чыкчу эмес. Илгери Дөбөлү суусунун жогорку жагындагы мүрзөнүн маңдайындагы коктунун батыш бети тик келип, шамалда кар уруп чоң кашабага айланат, тик беттен малга жайыт үчүн кар көчүрүүгө айылдагы эл чыгат, Жумалы аке башында болуп кашаба кардын алдына аркандардан улап адамдарды түшүрүшөт, бирок шамалга ныкталган чоң кашаба кар көчпөйт, так ушул учурда "Кара кунас" кличкасы бар жигит секирип түшкөндө кашаба кур жарылып көчкү жигитти ала кетет, жанында Жумабайдын Назары бар экен, ал көчкүнүн куюнуна басылып, башы моюнунан өйдө чыгып, аман калат.

Сартбай аке "Кара кунастын" дагы бир жоругуна атайылап токтолду эле. Дөбөлүдө колхоздо асыл тукум уйлар бар экен, биз 5-6 баш уй алып барып кууттан өткөрчүбүз, госплемстанциядагы кызыл буканын салмагы 960 кг. болду. Кыш оор түшкөн жыл госплемдин директору Байсабаев Мансур ушул Каракунаска эшикти күрөп туалетке жол ачып бер деген экен. Складдын эшигин ачса 9 карчыга бар, койдун чоң карчыгалары дейт, марли менен жаап коюптур, андан яшигин ачса 9 жылкынын чучугу, эми мен кетейин дептир үй ээсине Мансур балага бир деме бер десе, аялы "эмне берем менде акча жок" деп кирип кетет. 30 сомдук кызыл акча бар экен, өзү андан экини бериптир. Чучук, карчыгага "ичи ысып" тигилер уйкуга киргенде, эшиктин турумун жулуп, 9 карчыганын бирин калтырып, сегизин алыптыр, чучуктардын кабыргасын ийип, ак материал бар экен, ага ороп, капка толтуруп алып кеткен экен. Эшиктин турумун кайра сайып коюптур, баарын көтөрүп алып Турсунбайдын үйүнө барыптыр, оозгу үйгө жатып алайын десе киргизген экен. Айылда элге "ит оорум кармап кетип, эмгек акымды алдым" деген экен деп Сартбай аке күлүп калды эле. Жаан дагы уланып, изди жааган кар билгизбей калган тура.

1927-1930-жылдарда өрөөндөрдөгү айылдарда жеке менчиктеги малды, майда башка өндүрүштүк куралдарды, адамдарды бириктирүү иштери жүрдү. Мындай чаралар айылдарда ар башка түрдө болуп, убакыт боюнча да бир жылда болгон жок. Мындай биригүү өрөөн боюнча биринчи жолу 1927-жылы Дөбөлүдө, адегенде артель делип уюшулду. Анда Асанбаев Узакбай башчы болуп, ал жылдын аягында эле молдо-солдо болуп бошотулат. Ордуна Боромбаев Мамбеткалый болгон. Ушул киши бөлүнгөн жерди айдатып, септирип, түшүмүн жыйнатып, ороолорго көмдүргөн. Ал кийин "Товариществонун" ороосу делип айтылып калуучу. Мына ушул Боромбай булуңдагы артелге биринчи жолу 80 үй-бүлө кирет. Мында негизинен калча уруусундагылар биригишет. 1928-жылы Мүсүрдүн багында ТОЗ болуп уюшулат, тамын контора жасашат, башчысы Үмөталиев Усуп болот, мында 28 үй-бүлө мүчө болушкан.

1930-жылы Эки-Нарында Шордун оозу, Уу-Булак, Жээнтай-Адырда жашашкан кара тукуму, төтөй, орто кыйра, чолок этек тукумундагылар биригишип, "Шор товариществосу" болуп түзүлөт, ага жетекчи Абиров Казалы болгон. Жы-

йын болсо эки Шордун ортосундагы кырда өттү. 1931-жылы Киров артели болуп өзгөрүп, ага 30 түтүн тартылып, он соко топтоштурулат, 300гө жакын уй, жылкы, 400дөй кой, эчки чогултулат. Өкмөттөн бир жээрде айгыр, бир эт бука, бир сүт бука, эгин тазалоочу "трелер" деген машина берилип, ушуну кыдырып эгин тазалачубуз деп кеп салып калышчу. 1931-жылы 13 түтүн кирбейбиз, малды бүт алып кетет экен деп качышып, Нарындын башы Тарагайга барышып, андан көл багытына кыдыктарга кирип кетишип, Нарынга кийин эле 1970-жылдарда келишти. 1936-жылы июнда Чалкакта, Таш-Башатта жашагандар кайрадан ТОЗ болушуп, союл уруусу болсо лесхозго жумушчу болуп кетишти.

1930-жылдан тартып айылдарда колхоздор уюштурула баштайт. Ушул жылы июнь айында Ак-Белде биринчи колхоз уюшулат, ага облустан Шадыманов Жумабек катышат. Чарбага жетекчи болуп, Дайыракунов Турсунбай шайланат, чарбанын аты Ленин атында болгон.

8-Март колхозу 1935-жылы уюшулат, мында Айдаркозунун 4 уруусу бар (чайыш деп да аташат), биринчи башкарма Мүсүралиев Асаналы болгон. Айылда Абдыканова Батыйпа 1951-1955-жылдарда Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңшине депутат болгон, 1947-1955-жылдарда селолук советтин төрагасы кызматын жана башкарма да болуп иштеген. Айылдагы колхоз болуу чогулушу өрөөндөгү башка чарбалардан кийин болуп жатат, мунун себеби мурда колхоз болбойбуз деп жеке чарба катары бөлүнүп кетишкен.

1950-жылы Калинин, Ворошилов атындагы, 8-Март колхоздору ирилештирилип, Калинин атындагы колхоз болот, колхоздун жетекчиси болуп Токторбаев Досаалы шайланат. Ушундай эле ирилештирүү 1950-жылы Ленин атындагы, Алыш, Кеңеш колхоздорунда болуп, колхоз Ленин атындагы чарба болуп түзүлөт, чарбанын жетекчиси болуп Жапаралиев Өмүрбек шайланат.

1963-жылы болсо бул эки чарба кошулуп, тескей өрөөндөгү 7 чарба биригип, Ленин атындагы колхоз болот, чарбанын төрагасы болуп, Жапаралиев Өмүрбек шайланат, эки айыл өкмөтү биригип Дөбөлү айылдык совети түзүлөт, айылдык советтин төрагасы болуп Токтосунов Өмүр шайланат, айылдык советте коммунисттердин саны арбын болгондуктан партиялык комитет болуп, анын төрагасы болуп Боромбаев Мукамбет шайланат. 1984-жылы болсо колхоз жоюлуп, эки чарбага Орток айыл өкмөтү жана Дөбөлү айыл өкмөтү болуп бөлүнүшөт.1998-жылы Оорук-Там, Кайыңды,Таш-Башат айылдары Орток айылдык кеңеши болуп түзүлөт, 2005-жылы болсо Эки-Нарын элдүү пункту Орток айылдык кеңешине кошулат. Орток айыл өкмөтүнүн башчысы болуп, Турдалиев Миртемир, Дөбөлү айыл өкмөтүнүн башчысы болуп Ыбыраймакунов Жаныш иштейт. 2016-жылы Миртемир Нарын мамлекеттик заповеднигине директор, Жаныш болсо Нарын райондук акимчилигине биринчи орун басар болуп, жаңы ишке барышты.

Ушул жерден азга токтоло кетели, себеби, 1952-1955-жылдарда мен Нарында Токтогул мектебинде окуп, андан кийин редакцияда иштеп калдым, Батипа жеңе болсо Жогорку Кеңештин сессиясы болгон сайын Арыз жездемдикине келээринде да, кетээринде да такай келип үйдө болуп кетүүчү, эжем Калбүбү менен да ын-

тымактуу эле. Мен ар дайым кол саатка кызыгып, акча берсем, ошол учурдагы "Победа" саатын сатып келип берди эле, мен аны чынында 13 жыл бою тагынып жүрдүм. Кийин мен Жумгалга райондук кеңеште төрага болуп иштеп, атама учурашып келсем, Батипа апа, тамашалап Кайке эми сен "чоң болдуң", бизге көмүр керек болуп жатат, тыйынын төлөп берели, ушуну бир эсиңе алып, көмүр жөнөтүп жиберчи деп калды, мен чынында он тонналык автомашина менен көмүр жөнөттүм, чоң ыраазы болуп, рахматын айтып, тыйынын берип, берээрге тамагын таппай, сый жасаган экен, ал кезде Миң-Куштан Нарынга да көмүр жеткирчү элек. Апа өзү сөзгө түз, так адам эле, чынында мен Нарынга эрте кетип, ал кишинин чарбада төрага болгонун билген эмес экем, кийин адамдарды чогултуп алып, ушул тарых жолуна камынганда гана билдим. "Апа" деп жатканым бизге жакын тууган эле, уулу Акмат Асаналиев мени менен тең болуучу, ал чарбада көп жыл тармак башчысы, зоотехник болуп иштеп жүрдү.

Нарын - Орук-Там автомобиль жолу, жалпы узундугу 98 км, Нарын-Кичи-Нарын капчыгайына чейин 52 км, Кичи-Нарын капчыгайынан Орук-Тамга чейин 42 км түзөт, бул жол 1968-жылы башталып 1975-жылы бүткөн, капчыгайда бир темир бетон, үч жыгач көпүрөлөрү бар. 1939-1940-жж. жол Дөбөлүгө чейин келген, башкарма болуп Түнтаев Камбар иштечү, 1940-жылы Көгөндү-Кыяга, 1941-жылы Шалдырга, Куюшка 1943-жылы жеткен. Көгөндүгө чейин өйүздүн эли катышты, андан ары тескей эли чапты, акы жок, боз үй, тамак өздөрүнөн, жолдун эки жагында арыгы бар, ортого топо төгүп түздөп коючу, топо бүт араба, самбил менен төгүлчү, биринчи көпүрө 1942-жылы Көпөш уста болуп элдин күчү менен жыгачтан салынды. Ага чейин Найман атанын салган көпүрөсү менен эл каттащып туруучу.

Өрөөндө Нарын дарыясынын сол канаты, тескей багытында ошол мезгилде жети айыл эл бар эле, бул айылдарда 1930-жылдарга чейин болуш болуп шайлоо жүргөн, анан артель түзүлөт, кошчу союзу, батрачком болгон, **ТОЗ** жер шериктештиги деген коом болгон. Артел мезгилинде чарбалык уюштуруу иштери жүрбөй, малды өлтүрүп эл ачкачылыкка учурайт.

Экинчи көпүрө 1942-жылы салынды, мамлекеттин күчү менен немецтер келип салышты, эки өйүзгө цементтен дамба коюлуп, үчүнчү жолкусун мамлекет салып азыр да турат.

1930-жылдардан баштап колхоздор уюштурулат, бирок, алардын жетекчилери тез-тез алмашып тургандыктан саны көп болуп, барын көрсөтө алган жокмун. Ушул жылы Ак-Белде жыйын өтүп, анда Алыш айылы Дөбөлүгө кошулуп, кийин 1937-жылы бөлүнөт. Дөбөлүдө негизинен белгилүү Калча баатырдын тукумдары жашашчу, уюштуруу жыйынында колхоздун биринчи жетекчиси болуп Дайракунов Турсунбай шайланат. Бул чарбада 1941-1957-жылдарда Байгелдиев Жумалы аке 18 жыл бою иштеген жалгыз адам болгон.

Алыш айылындагылар болсо 1937-жылы өзүнчө колхоз болуп бөлүнүшөт, чарбага биринчи төрага болуп, Шамырканов Иманалы шайланат, бул айылда Чалова Бапа көп жылдар бою селолук советине төрага жана колхоздо чарба жетекчиси да болуп иштеген адам болгон.

Кеңеш айылында 1931-жылы чогулуш болуп, биринчи башкармалыкка Мааданов Койчубай шайланат. Айылда кара-тукуму, чолок-туума, баймоңол жана улуу кыйра урууларынан жашачу. Абдылдаев Абдыкай болсо ушул чарбада да, өрөөндөгү башка чарбаларда да төрага болуп иштеген, эмгек сиңирген адам болгон.

Киров атындагы колхоз 1931-жылы уюштуруу чогулушун өткөрүшөт, анда биринчи чарбага жетекчи болуп Мамытов Бейшебай шайланат, мында кара-тукуму уруулары жашачу.

Ворошилов атындагы колхоз 1931-жылы уюшулат, мында негизинен кудайберди уруусу (союл) жашачу, чарбанын биринчи жетекчиси болуп Бегалиев Жумабай шайланган.

Калинин атындагы колхоз 1931-жылы уюштурулат, айылда надыр, шалдыр уруулары жашашкан, чарбанын биринчи жетекчиси болуп Кыдыров Уйгак шайланат, 1936-жылга чейин иштейт.

Дөбөлүнүн жогору жагында Шалдыр деген айыл бар. Анда жогорку Нарын каскаддары деген аталышта ГЭСтин курулушу башталып кыйла жумушу жүрүп жатты эле, 2015-жылы кан буугандай токтоп калды. Мына ушул айылда Меңдуулаттын беш уулунун экинчи уулунан тараган тукумдар жашайт, бул айылга мурда да кайрылдык эле. Азыр болсо ушул айылда жашаган, көп жыл бою Кочкордо, Жумгалда, Нарында райондук эсеп кызматында жетекчи болуп иштеген **Бугубаев Шажусуп** аке тууралуу аңгеме куралы. Экинчи дүйнөлүк согушка да барып батышта кан кечип келген адам. Ушул айылга мектеп 1924-жылы башталып 1932-жылы бүттү, мектепти атам Ногой уулу Бугубай менен чайыштан Дудук уста экөө жыгач ишин жасашты, кирпич, карагай элдин күчү менен бүткөн. Чатыры кызыл темир эле, бул өрөөндө ушундай мектеп Баш-Нура, Эмгекчил жана ушул Кайыңдыда салынды. Кийин мектеп "кызыл үй" деп аталып калды. А дегенде латын алфавити менен баштап, кийин орус алфавитине которду. Эки класс эле, карлик болучу, а дегенде Чаки Каптагай, Талип Калча уулу окутушту, биз ал кезде чоң-кара коонун аркы өйүзүнөн келүүчүбүз, бүт тескейден келишип, 17 бала окудук.

Сөзгө тартып, Шаке Сизди "өтө так адам" деп айтышат, ишиңизден кеп салсаңыз, "тактын пайдасы тийбейт экен, иште өйдөлөй да, ылдыйлай да албайт экенсиң, себеби, орустар коё беришпей коюшту, статта көбү орустар иштешет" дейт. Анда дагы башка кептерден деле айта берсеңиз.

Нарында **Найманбаев Мукаш** бар эле, өзү да санжыра айтып, сыйлык алып жүргөн киши, өмүр бою чарбаларда, райондо жетекчи болуп жүрдү. Эң жөнөкөй жүргөн адам, бирок, кишиге тийишип, тамашалаганга жакын, өзү да тамашага өтө көтөрүмдүү эле. Бир жолу тийишкенинен Мукашты жакшы билесиңер да "өзү мультфильмдеги эле сары түлкүнүн өзү, көзүнөн жашы куюлат, эки жакты кыйшайып карайт" деп койдум, дагы бир жолу райкомго чогулуп кире беришинде турсак, Мукаш Нарын райПОсунда жетекчи, телефондо сүйлөшүп жатат, бирөө менен, "дүкөнчүнү колунда бар кишилерден тандагыла" деп бакылдап, аңгыча

райкомдун биринчи катчысы кирип калды, Мукаш тып эле басылды, трубканы стол үстүнө коё койду, Өсөров кабинетке кирип кетти, анда мен айттым "кайнап жаткан жармага муздак сууну куйгандай эле унчукпай калдың" десем, өзү да, эл да күлүп калышты, ал да мага бирдеме деп каяша айтты, мен кулагыңды кесем деп, чөнтөктөн макимди алып, Мукашты көздөй бастым, аңгыча Өсөров кабинеттен чыга калып, киргиле деди, анан мени бычак менен турганымды көрө коюп, "эй Бугубаев эмне кылган атасың" деди, мен "Мукаштын кулагы башына "несоответствует", өөнөп коёюн, кичиртип" десем күлүп калышты. "Мукаш ары караса пионер, бери караса пенсионер" деп чогулганда айтып калсам атайын "дежур" сөз жасап алышты.

Шажусуп аке пенсияга чыгары менен эле өз айлына келип, жогоруда айтылган кызыл үй алетинен кеткен там эле, ордуна жаңы үй, короо-жай салды, биз өмүр бою ушуну күтүп жүрсө керек деп калчубуз. Ошол мезгилде мен Ленин атындагы колхозго келип иштеп жаткам, колхоздун чарбалык иштери менен ары өтүп, бери өткөн сайын аганын такай күнүгө, жай же кыш дебей эмгек жасап жатканын көрүп, ичимден кубанчу элем. Менчик чоң тору аты бар, жаны тынчу эмес, өтө эмгекчил, азыр да тынымы жок адам, 90 жашка чыкса да тың, эске тутуу сезими күчтүү, кышкы отунун жайында камдап коёт, жер айдап өзү сугарат, дыйкан адам, өзүнө, балдарына жетээрлик малы бар. Азыр шаарда пенсияга чыккан уулу келип, багып жатат деп угам. Азыр да Шакеме дагы эле узун өмүр, бактылуу жашоосун каалайм!

Ушул айылдан чыгышып адам баласынын даңктуу жолун басышкан дагы эки адам тууралуу сөз жасабасак болбос. Шалдыр айылында **Байбосун уулу Иса** 1921-1929-жж. советтештирүү иштерине активдүү катышкан адам болгон, 1-сентябрь 1930-жылы Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин уюштуруу бюросунун №1 токтому чыгат. Ушул токтом менен Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетине түздөн-түз баш ийген 24 район уюштурулсун делет. Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө: Нарын району, борбору Нарын шаары, курамына: 2 айылдык кеңештен турган Нарын волосту, 3 айылдык кеңештен турган Он-Арча волосту, 2 айылдык кеңештен турган Кур-Терек волосту (Арпа өрөөнү кирбейт), Шаркыратма волостунун бир жарым айылдык кеңеши (Дөбөлү айылдык кеңеши жана Ак-Моюн айылдык кеңешинин жарымы),... жана ушул токтомдун негизинде 1930-жылдын 1-октябрында Кыргыз АССРинин Ат-Башы райондук кеңешинин уюштуруу бюросу түзүлүп, анын жетекчилери жана бөлүмдөрү дайындалат, 17 бөлүмдүн ичинде тинтүү бөлүмчөсүнүн агенттигинде Иса Байбосун уулу да дайындалат. Кийин ошол учурдагы ушакчылардын иштеринен улам Иса ага 1937-жылы эл душманы делип камалат. 1991-жылы чогуу атылган 130 адамдардын сөөгү табылып, азыр Ата-Бейитте турат. Кыргыз Өкмөтү чоң эстелик болуучу жай жасады, алардын катарында күнөөсүз, ак жеринен атылгандардын арасында Төрөкул Айтматов баш болгон кыргыздын мыкты уулдарынын сөөктөрү, атайын жасалган эстелиги турат.

Мына ушул көрүстөндө менин кайын атам, өмүрлүк жарым, балдарымдын энеси Калыйчанын атасы Жоошбай уулу Өмүралы атанын да сөөгү бар, 130 адамдын катарында "Жоошбай уулу Өмүралы" деп жазылып турат.

Сөз жасайлы деген экинчи адамыбыз Шалдыр айылынан **Кенжеакунов Марат,** 1941-жыл Бала Кыйранын Надыр уруусунан, жогорку жакта Сакенбай ата, Кенжакун аталар тууралуу аз кеп кылганбыз. Марат болсо ушул аталардын тукуму, жаш кезинен тың чыгып, юридикалык билими болгондуктан 1965-жылдан бери республикалык прокуратура органдарында иштеп, а дегенде Кемин районунда прокуратурада тергөөчү, Токмок шаарынын прокурору, республиканын башкы прокурорунун орун басары, Кыргызстандын транспорт боюнча прокурору, Бишкек шаарынын прокуратурасында тергөө жана милициянын ишине көзөмөл жүргүзүү боюнча прокурордун орун басары,1993-жылдан республиканын прокурорунун биринчи орун басары, 1996-жылы Бишкек шаарынын прокурору болуп иштеп жатканда кайтыш болду. Юстициянын мамлекеттик III класстагы кеңешчиси эле, бул милициянын генерал майору дегендик. Каза болгондо атайын барып топо салып, куран окудум. Өтө тың, ишмер жигит болду эле, уулу бар. Мүчөлүк түзүлүшү да келишкен, зыңкыйган кыргыздын уулу болучу. Бул жакка келгенде бизге такай жолукчу, үйдө болуучу, туугандарына барганда улуу катары мени кошо алып алуучу, азыр айылда мектеби турат, эстелиги да бар. Мектепти атасына салдырды эле, эми өзүнүн атынан аталып калды. Нарында Кенжеакунов атындагы көчө турат. Азыр болсо бул тескейде мынчалык республикалык деңгээлдеги мамлекеттин чоң жүгүн тарткан адам чыга элек. Сөөгүн койгондо абдан көп адамдар келип кош айтышты, топо салышты.

**Өшуров Асаналы** (1880-1958-жж.) чоң ата Нарын өрөөнүндө Дөбөлү айылында комуз менен чоң күүлөрдү чертип өткөн адам болгон. 1967-жылы атактуу Ыбырай Туманов минтип айткан экен:- оо, Асаналы бутактатып кара күүнү таасын черткен күүнүн устаты, комузга жаралган киши эле... өмүрлүк жары Букен апа.... кишиге чечилип сөз айтчу эмес, олтуруп алып комуз черте берүүчү.... дейт. Өлөөр күнүнүн мурунку түнү, колун сунуп, жаңсап комузун сурады, көрсө өзү тилден калган экен, комузун алып берсем, күүлөп алып, тарсылдатып черте баштады. Ушинтип Асаналы ата жети жашынан баштап, өмүрүнүн акыркы көз ирмемине чейин комуз чертип, көз жумган экен.

Толгон күүлөрү жыйналбай, жазылбай калып кийин аларга башкалар ээ болуп кетишкен дешет. Ошентсе да анын "Кара Чий", "Кер өзөн", "Кыз Дарыйка", "Кыз ойготоор", "Ат кетти", "Карылык" аттуу түбөлүккө жашоочу классикалык күүлөрү элге белгилүү. Сөөгү Дөбөлү айылында мүрзөгө коюлган.

*Даярдаган: Ж.Калназаров,*
*май, 1997-ж.*

Ушундай жасаган иштери жазылбай калган аталардан Мендуулаттын беш уулунун Чайыш уруусунан **Байтемир уулу Ыса** ата да өттү. Бул адам атайын окуп билим алган жок, жаратылыш берген, тубаса таланты менен өтө кылдат дарыгер адам катары, өрөөндөгү Төө-Жайлоо, Дөбөлү айылдарында өмүр сүрүп

өттү. Жогоруда да бул Ыса атага кайрылдык эле, Ыса ата оорунун атын (диагноз) кан тамырдын кагуусунан таап, ал кезде дарылануучу адамды жалаң гана 40-41 күн суу ичирип, кылдаттык менен тамакка киргизип же созуп айыктырып келген. Өрөөнгө белгилүү болгон адам эле. Ыса ата менен замандаш, өзү Дөбөлү айылынан Мамырбаев Мамыт аяш акеден, өзү ушул Ыса ата мени эки жолу чоң ажалдан аман алып калды деп айтканын уккам. Дарыгерлиги менен ушул тескейдеги 7 айылдын, Жан-Булак, өйүздөгү Үч-Нурада жашаган элдерин да дарылаган адам болгон.

*Даярдаган: Ж.Калназаров*
*1997-ж.*

**Кыдык кызы Токтокан** чоң энебиз да айыл арасында өтө оор эмес, бирок майда барат жеңил сасык тумоо, суук тийген өңдүү ооруларга чоң дарыгер адам болгон. Менин билишимче өзгөчө жаш балдардын көпчүлүгүн мына ушул Токтокан чоң энеме алып келишчү, көп учурларда балдарын алып келишкен чоң энелер, жаш келиндер бирин-бири күтүп калышканын көрүчүмүн, дейт иним Асанбек. Чоң энем көп учурда эмдеп-домдоп, "менин колум эмес, умай энеңдин колу болсун" деп коюучу. Көбүнчө дары чөптөрдүн түрүн да жакшы билүүчү, өзү ал чөптөрдү балдарга тердирип, кургатып алуучу дейт атам Калназар. Сенин атаңды да дарылап, үч күн, түнү менен дары чөптөргө таңып коюп айыктырган болучу. Өзгөчө карагаттан кургатылып, катырылып коюлган Токтокандын дарылары "миңдин бири" эле дешчү экен.

*Даярдаган: Ж.Калназаров*
*май, 1997-ж.*

**Жоошбай уулу Өмүралы** (1898-1939-жж.) туңгуч агартуучу, сталиндик репрессиянын курманы. Төрөкул Айтматовдор болуп репрессияда атылган 130 адам менен бирге сөөгү 1991-жылы Кыргыз өкмөтү тарабынан Ата-Бейит (Чоң-Таш) көрүстөнүнө коюлган. Атам Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылынын Боронду деген жеринде туулган. 1938-жылы окуу өтүп жаткан жеринен алып кетишкен. Чоң-Ташта сөөгү табылганга чейин кайда, эмне болгонун эч ким билген эмес.

1918-1919-жылдарда Ташкентте кадрларды даярдоочу мусулман мектебин бүтүргөн. Чогуу бүткөндөрдүн арасында Дөбөлүлүк Асанбай уулу Узакбай, Сарбагыш уулу Жалый, Жайлоо уулу Иманакундар болушкан. Окууну бүтүп келгендер ар кайсы айылдарга сабатсыздыкты жоюу үчүн жиберилип турган.

1919-жылдын аягынан тартып, Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылында боз үйдө, жер тамдарда сабак берип, адамдарга тамга таанытып билим беришкен. Ал эми 1927-1929-жж. болсо Нарын районундагы Дөбөлү айылына үч жыл бою балдарга билим берип, кайра Ак-Музга кеткен, "Өмүралы молдо" же атынан айтышпай "молдоке" деп аташчу экен. Бирок, молдо болгон эмес, жалаң гана бала окуткан, адамдардын сабатсыздыгын жойдурган.

Кызы менин жолдошум, балдарымдын энеси Калыйча болсо үч айында жетим калган. Апам Назбүбү, Калыйча тууралуу сөз бул материалда кенен берилди.

Өмүралы атанын Ормон аттуу бир уулу болгон, Ормондон Бекболот, Төлөнбай аттуу уулдары бар, Ормон акенин атасы Өмүралы анын атасы Жоош-

бай, анын атасы Жаанбай, анын атасы Анарбай, анын атасы Карыпбай, анын атасы Кичи Акун, анын атасы Акун ата экен. Ошентип, жети атага чейин гана билишет.

**Орозобеков Сагын** – 1938-жыл. Республиканын "Эмгек сиңирген байланышчысы". Нарын районундагы Дөбөлү айылында туулган. Бүткүл эмгек жолун 1960-жылдан бери байланышта үзүрлүү эмгек жасоо менен өткөрүп келген, анын ичинен 20 жыл бою областтык байланыш бөлүмүнүн начальниги болуп иштеди. 1976-жылы ага Кыргыз ССРинин "Эмгек сиңирген байланышчысы" деген наам берилген.1960-жылы Ташкенттеги байланыш институтун бүтүргөн. Азыр 1986-жылдан бери шаардык телефон байланыш тармагынын начальниги. Ардак белгиси ордени, Кыргыз ССР Жогорку советинин Президиумунун Ардак грамоталары менен сыйланган. Өзү өтө так, сөзгө, убадага бек адам эле, небереси Данияр жогорку окуу жайын бүтүп жатат.

* * *

**Атам айтылып жаткан сөзгө** чоң маани берээр эле, өзү деле көп сүйлөчү эмес, сөздүн кыска так болушун баалоочу. Жай отурганда сөздү ойлонуп салмактап туруп айтуу керек дечү эле. Ошондо гана адамды сүйлөгөн сөзүнөн баалап билүүгө болот, сөздөн жакшыны да, жаманды да, чынчылды, айлакерликти, акылманды да, мактоону да билишет. Иш билгиликтүүлүгү сөзүнүн орундуу чыгышынан билинип турат, өтө эле чечен болуп, көп сүйлөсөң сөз маанисин жоготосуң, арасында жараксыздары кошо кетип калат, мындай сөздөр сөздү баалап түшүнө билген адамга начар угулат, сөздүн "отосундай" сезилип калат. Ошондуктан, сөздү аягына чейин угуп, баалоо туура болот. Шак эле сөздүн багытына, маңызына түшүнбөй, жолдон тосуп жооп айтууда жаңылыштык көп болот, бул жакшы адамдын иши эмес.

Кыргыздар сөздү баалап, туура түшүнө билишчү. Айтылган бир ооз сөз, берилген убада "мыйзам катары" кабыл алынчу, "сөзүм айтылып кетти эле" дешчү, мурдагы же улуу муундагы адамдар. Азыр ал жок! Ар убак бир ооз сөз айтылып калды эле деп, айтылган сөзгө чоң маани берип, аны бузбоо үчүн катуу турушчу.

* * *

Кийин атам менен бир иштешкен, көп убакытта бир болушуп сырдашкан, жакшы үңгүлүү сөздөрдөн айтышкан адамдары да бар эле, жогорку айылдан Иманов Мамбетыбырай, Эсенаев Укен, Алмамбетов Мамбетбай, Бейшемби (жээн), Чонтук, Макил, Тагай акелер, Акматаалы куда, айылдан Сатынды, Буканай, Орозакун аталар өндүрүштө иштешчү. Кымыз ичишип, көп кеп салышып отурушаар эле. Өзү Түлөбай уулудан Жоошбай уулу Бабалы ата (кийин жээн куда да болуп калды), Абдыкадыр (Апыш) мени менен Ворошилов мектебинде бешинчи - сегизинчи классты чогуу окуган, онду бүткөн соң менин Какий эжем менен баш кошкон Курманалы жездемден Турсунбүбү аттуу жалгыз кыз бала калды эле, Апыш экөө баш кошушкан. Какий эжем эрте каза болду, атам, Медер

чоң ата менен акылдашып "Турсунбүбүнү бир тууганча карап чоңойтсун" деп Медердин кызы Зина эжени алып беришет. Зина эже да Курманалы жезде менен жашап, бирок, жезде атам Калназардын каза болгонун угуп, өзү эттүү, салмактуу киши эле шашып чуркап коюп, автобуска жетип каза болот. Кайын атасына топо сала албай калды, мен туугандар менен келип, көз көрсөтүп, эки күндөн кийин келип топо салып, куран окуп кеттик. Зина эже Турсунбүбүнү чоңойтуп турмушка берип, өзү да чынында узак жашады, 2015-жылы 90 жашында кайтыш болду. Азыр Апыштын Зина эженин тукумунан 7 небереси бар.

Куда Бабалы болсо атам менен тууган, замандаш болуп, өтүгүн жаркырата майлап, сыланып жүргөн киши экен, кээде тамашалап калганда "бийдин катчысы болом" деп койчу дешет. Абдыкадыр (Апыштын) Камчыбек аттуу жакшы уулу бар (биз кара Камчы деп кайрылабыз), эстүү, ишкер уул болду, азыр чынында Апыштын башка неберелерин чогуу багып жатат, биз менен да, өз айылындагы теңтуштары менен да тыгыз байланышта, колуктусу үчүн ачуу базарга Чаекке барып келген элем.

**Кырбашев Асек** - (1910-1991) (ошол мезгилде Нарын өрөөнүндө) суу чарба курулуштарынын эң ириси болгон Чоң-Нарын Каналы (БНК), 1939-1943-жж. район, шаардын эмгекчилеринин күчү менен бардык жумуштары күрөк, кетмен, чукулук сыяктуу кол куралдары менен касылып бүткөрүлгөн, канал Теке-Секирик суусунун Нарын суусуна кошулган жеринен башталып, шаардын түштүк, тарабы менен тоону этектеп жүрүп олтуруп Ак-Кыядан тумшуктан сол жакка бурулуп, батышты карай Кара-Талаа аркылуу чоң авто жол менен жарыш кетүүчү. 1983-1985-жж. экинчи канал курулуп, ал 1500 гектар аянтка Жан-Булак айылына сугат суу берип жатат.

Ал эми ЧНК болсо биздин карыяларыбыздын бири Кырбашев Асек агабыз башында болуп 1944-1946-жж. чоң курулуш болгондуктан комиссарлык кызмат кошо берилген. Асек аке Ат-Башы районунун Өзгөрүш айылында туулуп, 1927-1932-жылдары Ташкент шаарында Орто Азия мамлекеттик университетин бүтүргөн. 1931-1933-жж. ушул райондо бөлүм башчы, 1933 жана 1937-1939-жж. Кыргызстан КП БКда инструктор, ортодо эл душманы делип 8 ай түрмөдө жатып акталып чыгып, 1939-1941-жж. Нарында облустук комсомол комитетинин биринчи катчысы, андан 1941-1944-жж. согушта 3 жолу жарадар болгон, гвардиянын капитанын алган, 1946-1948-жж. Кыргызстан КП БКнын партиялык мектебинин угуучусу, 1948-1951-жж. Куланак районунда аткаруу комитетинин төрагасы, (1944-жылы ортодо Нарын шаарында да аткаруу комитетинин төрагасы болгон), 1951-1954-жж. Ат-Башыда партиянын райкомунда бөлүм башчы, 1954-1961-жж. Нарында партиянын обкомунда бөлүм башчынын орун басары, 1961-1964-жж. Ак-Талаа районунда айыл-чарба азык-түлүгүн даярдоо, сатып алуу боюнча инспектор, пенсияга чыккандан кийин курулуш, соодо уюмдарында ар түркүн жооптуу кызматтарды аткарган. Согушта биринчи-экинчи даражадагы эки орден, төрт медаль менен сыйланган. Ошентип турмуштун татаал мезгилинде элге чоң кызмат жасаган адам болгон.

**Молдоибраев Сартбай -** (1920-1990), көп жылдар бою Нарында, Жумгалда партиялык советтик чарбалык жумуштарда жетекчи кызматта иштеген адам. Айрыкча Жумгал районунда партиянын райкомунда үчүнчү, экинчи секретары, ушул райондо райондук советтин аткаруу комитетинин төрагасы болгон, узак жылдарда иш аткарып жүрүп "Ардак белгиси" орденин алган. Калинин атындагы колхоздо жетекчи болуп иштеп турганда бул чарбага чектеш болгон көлдүк бир адам Сартбай акенин кенен пейилин, мүнөзүн көрүп, Сартбай көлдөй болгон кенен адам десе, "ой айланайын көлдө да жээк болот, Сартбайда болсо жээк жок өтө кең пейил адам" деген тура.

**Жакыпов Бейше -** (1926-2008), Бейше аке чынында тууганчыл болуучу, раматылык Сартбай аке каза болгондо узатуу учурунда элге чоң муң менен кайрылып, бул жашоодо татыктуу өмүр сүргөнүн айтып, буркурап ыйлап жиберди, эл тунжурай түшүп, көбү бышактап ыйлашты. Кийин элден угуп калдым, өзү райком комсомолунун биринчи катчысы экен, жанында райондук айыл чарба техникаларын (РТС) ремонттоо станциясынын башкаруучусу Орозбаев Шаршенбек аке менен бирге өйүздөгү Ийри-Суу айылына командировкага бара жатышыптыр, Ак-Булуңдун тушуна келгенде жанындагы Шаршенбекке кайрылып "ата канат, биздин ата-бабалар Нарындын өтө эле кууш, тар жерине жайгашып калыптыр, "тескейде түз кенен жер жок, бир жагын суу кыскан, бир жагын тоо, зоо кыскан жерде экенбиз, тоо саал ары жылып калса эмне" (!) десе анда Шаршенбек аке айтат дейт - "ок катыгүн, анда Ат-Башы тарып калбайбы!" деп. Экөө каткырып күлүшүп, "Оо, Шаке иним, ат-башылык экениңди билгизип койдуң ээ..." дептир Бейше аке. Эки тууган ушинтип ачык сырдашкан экен!

Бейше аке да комсомолдон башка да көп жетекчи жумуштарда жүрүп, пенсияга чыгаары менен айылга келип, боз үй тигип, бээ байлап, козу союп, элге тамак берип жүрдү.

**Куланбаев Асаналы** - (1925-2009), экинчи дүйнөлүк согуштун II группадагы инвалиди, 1944-жылдан тартып Нарын, Жумгал, Ат-Башы райондорунда зоотехник, ветеринардык участкалардын башчысы, чарбаларда башкы зоотехник, чарба жетекчиси, селолук советтин төрагасы, акыркы жылдарда биздин колхоздо сүт-товар фермасынын башчысы болуп иштеди. Ушул жылдарда фермага областтан текшерүүчүлөр келип калат. Кыш айы эле, обкомдун секретары Матен Сыдыков да согушта болгон киши эле, бюродо трибунага солдатча шаг менен басып келе жатты, биринчи катчы эмне сөзүң бар десе улуктун укуругу узун деп "саат басып так ошолор келгенде музоолорду эшикке чыгара коюшкан экен, суукта бүрүшө калыптыр" дейт, эл дуу күлүп калышты, биринчи катчы артист го, театрдын директору барбы, муну артистке алсаңчы десе, "артист болуп ойной албайм го, ушул жерде эле иштеп турайынчы" деп жатат... өзү да кескин сөз айткан, сөзмөр киши эле, ишке ак ниет адам болчу.

**Жалый уулу Найман** – (1832-1919). Уста, өз заманында эл үчүн чоң кызмат жасаган адам, "Көпүрөчү Найман" деген кошумча атка конгон. Себеби, өз күчү менен Нарын дарыясынын сол куймасы болгон Чоң Нарындын эки жерине үйрү менен мал, жүгү менен көч өтүүгө жарактуу көпүрө курган.

Биринчи көпүрөсүн болжол менен 1870-1880-жж. Нарындын Туюк-Булуң деген жерине курган. Бул көпүрөнү үйөр алып кеткенден кийин, экинчи көпүрөсүн салат. Ал Чоң Нарын менен Кичи Нарындын кошулган жеринен чыгыш тарапка 3 км. аралыкта "Марал кечүү" деген жерге болжол менен 1880-1890-жж. курган. Ат, көч, мал менен элдер көпүрө аркылуу 1942-жылга чейин өтүп турушкан. Ал эми 1940-1941-жылы болсо Нарын-Эки-Нарын жолу салынып, ушул көпүрөгө чейин жеткирилет жана жаңы көпүрө салынат.

1941-жылдын календарын караңыз. Анда Кыргыз Республикасынын 25 жылдыгына арналган күн бар. Андан сиз Найман көпүрөнү көрөсүз. Көпүрөнүн сүрөтүн академиядан да табууга болот.

Найман ата кийин "Кескен-жарды" чапкан. Чоң-Нарынды бойлоп, эл Тарагайга чейин жылдын төрт мезгилинде көчүп турушкан. Чоң-Нарын өтө тар, анын үстүнө Нарын дарыясы бирде бул жээкке бирде тиги жээкке уруп, көп жерлерди жарга айлантып, жол катнашын бузуп турган. Ошондой жерлердин бири "Кескен-Жар", - алдында күрпүлдөп Нарын агып жаткан тик, узундугу 60-70, бийиктиги 40-50 м. келген жаланган жар. Ушул жарды чаап мал, жүгү менен көч өтө турган жол салган. Жарга жол (кыя) салуу оңойго турган эмес. Найман ата айлап жалгыз чукулук, кетмен менен иштеген. Болжолу кыя 1880-1890-жж. чабылган. Ошондон ушул күнгө чейин элге кызмат жасап келе жатат.

**Бекмурзаев Дүйшөналы** – (1923-2006-жж.). Нарын районунун Төө-Жайлоо деген жеринде төрөлгөн. 1942-жылы Кашка-Суу шахтасында жумушчу, 1960-1983-жж. 8-Март жана Калинин атындагы колхоздордо эсепчи-бухгалтер, ферма башчысы, Ленин атындагы колхоздо 20 жыл улуу чабан, сугатчы болуп иштеген.

1983-жылы пенсияга чыккан. "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалы менен сыйланган. Бекмурзаев Дүйшөналы пенсияга чыккандан кийин да айылда өтүп жаткан жашоо турмуштун ар түркүн маселелерине активдүү катышып турган. 1997-жылы айылдын жашоочулары Бекмурзаевге "Айылдын ардактуу атуулу" деген наам беришкен.

**Байзаков Өмүрзак Аманатович** - (1927-1979) монолдор уруусунун тың, аракетчил уулдарынын бири болгон, өмүрүнүн бардык учурун Нарында, Фрунзеде соода тармагында жетекчи болуп иш аткаруу менен өткөрдү. Ал кезде Нарында Ысак Төрөбаев, Сейталы Жакыпов, Абдырайым Алымкулов, Садык Усупбеков, Үмөткул Молдалиев, райОНО башчысы Иманалиев сыяктуу эл арасында таанылган кадырлуу, барктуу жакшы жолдоштору бар эле. Биз ал кезде жаш элек, көбүнчө кызматын жасап, иниси катарында жүрүүчүмүн. Өмүрзак аке каза болгондо мен Куланакта элем, сөөгүн коёр күнү облустан бир чоң автобусу менен толтура эл салышып колхозго санакчы жиберишиптир, жетекчи обкомдун айыл чарбасы боюнча секретары Казыбай Турганович экен, ал киши келбесең болбойт деп жатып, чарбага барып, эл даяр экен бир ооз сөз айтып кайра шашып мен Нарынга келип, топо салганга катышып калдым, кийин Кеңештеги мүрзөсүнө балдары эстелик тургузушту, сөөгү ошол жерде.

Өмүрзак аке көп адамдар менен байланышта болуп туруучу, ошол кезде партиянын Борбордук Комитетинде идеология боюнча секретары болуп иштеген Мураталиев Асанбек менен да байланышып калган экен, ал киши да моңолдордун Кара-Тукуму уруусунан болгон.

Балдарынан Нарында Бакыт, Бишкекте Кенжебек аттуу уулдары бар.

## АТАМДЫН ТҮШҮ

Энем өлөөр алдында атам түш көрөт.

Күн себелеп өтүп, эшикте бир аз шүүдүрүм тартып калган экен. Атам кандайдыр бир коркунучту сезип, эшикке чуркап чыкса узатасынан коюлган устундардын (чынында үйдө устундар туурасынан коюлган) үчөө ылдый түшүп, дубалдын үстү урап, улам ылдыйлай баштайт.

- «Э ботом, жаан аз эле болгон экен, аз жаанга эле ушунча болобу? »…

Атам шашып калат, кимдир бирөөнү чакырат. Бул учурда жанында мен пайда болом. Атам мени сол колумдан алып, тамдын артындагы казылган аңдын ары өйүзүнө өткөн болот. Өзү ушул жерде бир нерсени жоктоп, өзүнүн кайсы бир денесинин бөлүгүнөн ажырагансыйт. Бир аз ойлоно калса жолдошу, кызы жана уулу жок. О дүйнө көз ачып жумганча эмне болуп кетти, үчөө бирдей эле жанымда эмес беле деп, кыйналып жатып кыйкырып жиберсе, алар ары жакта, аңдын ары өйүзүндө жүрүшөт. Үчөө бирдей тирүү, болгондо да шайыр, баары кучакташып алышыптыр,…жайдары…

Атам тигилерге кайрылып: -

- Эй баскыла бери. О кемпир, балдарды… деп кыйкырат да ойгонуп кетет.

Атам бир азга уйку-соонун ортосунда боло түшөт. Жүрөгү дүкүлдөп согуп, мууну калчылдайт. Башын көтөрүп бизге кулак салат. Тым-тырс, анда-санда гана энемдин кыңкыстаган үнү угулат.

Кайгылуу мына ушул түш, атамды ушул минуталардан тартып коркунучтун кучагында калтырды. Атам ошол замат ыргып турат да эшикке чуркайт… «там чыны менен эле ураган экен» деген ой көз ирмемге сызып өтөт. Бирок, эс-учун жыйып, айлананы карап, тамынын ары-жак, бери жагына чыгып караса баары эле өз ордунда турат…

Май айынын мелүүн түндөрү эле, - дечү Атам. Коңур түндү алда кайда «түртүп» таң сүрүп келе жатат? Чыгыш тараптан закымдаган жел согот. Аздан кийин айлана дээрлик жарык нурга бөлөнөт, каалгый тартып тээ алыстан күн да чыга келет! Бирок, атам ааламдын ушул таттуу учуруна мookум кандырып ырахаттана албады. Сезиминде көңүлү уйгу-туйгу болуп, санаасы алда-кайда кетти. Негедир алыстан бир муңдуу үн угулуп жатты! Ал улам күчөп, улам катуулап, улам жакындап келе жатат…

1943-жылдын башында атам ооруп, анан ал жакшы болуп калганда, биз-энем, агам жана мен болуп ооруп жаткан болучубуз. Ушул эле убакытта кошуна айылга турмушка чыккан Каkий аттуу эжем да ооруп жаткан экен. Үйдө жалгыз атам калып, бизди багып жатты. Биздин ар бирибиздин ар башка кыңкыстаганы-

бызга үлгүрүп, өзүнүн жаңы эле ашка киргенине, ченемсиз арык, алсыздыгына карабастан күйпөлөктөп туруучу. Ушул мезгилде үй турмуштун татаалдап бара жатышынан улам, Атам шаардан Калбүбү эжемди чакыртып алган. Эжем келген соң биздин абалыбыз да, атамдын абалы да жакшы болуп калды, атам ал турсун өндүрүшкө чыгып, батышта кан төгүлүп жаткан согушка жардам жасап, өз оорусуна, ден соолугуна карабай, бирде үйдө, бирде «согушта» болгонсуп, эки ажал - эки согуш менен кармашып жашоо өткөрүп жатты.

1954-1961-жж. күндөлүк жазуучумун. Атамдын ушул эки согушту кантип өткөрүп жатканын күндөлүктөрдүн биринде минтип жазыптырмын.

«- Согуш белдүү азаматтардын барлыгын алып, кары-картаң, бала-бакыраны айылда калтырды… « -Үйдө мен, ооруп жаткан агам Абдымиталип, энем жана атам суткада болгон 86 400 секунддун бардыгын урунуп (пайдаланып) жатабыз, “биз өз оорубуз менен, атам эки оору менен, биздин жана согуштун оорусу менен күрөшүүдөбүз” деп эс ала калган учурунда айтчу экен агам Абдымиталип». Атам кийин ушинтти эле деп уулуна «айланайын» деп жалынып, анан жашып кетүүчү. Көздүн кычыгына жаш толуп, мурундун учунан, эки таноодогу жылга менен ылдый өтүп, жаш мөлтүлдөп акчу эле … мурутту жаш аралап, учтан тамчылап калуучу… дечи эжем Калбүбү да.

Үйдүн түндүк-батыш жаккы тарабында үлпүлдөгөн чырактын кубатын кетирип таң сүрүп калган экен. Бактысыз бул бөлмөнүн ичи күүгүм тартып, баштарын жерге салган алты-жети кишиге опур-топур болгонсуйт. Жок, алар тынч гана турушат… Бар болгону бул үйгө «кайгынын» гана жаңы бозу түшүп турат… Менин сол тарабымда мага катарлаш салынган орунда атам мага түшүнүксүз бир нерселерди жасап жатат. Анын алсыз, узун шадылуу колдору калтырап, тез-тез кыймылдап, жууркандын этек - жээгинде жүрөт. Өңү кумсарып, арык жаагын кайгы баскан, сакал, мурутун жууп, көзүнөн мөлт-мөлт жаш агат.

Денесин тарамыш, жалаң гана тарамыш бириктирип турган менин агам Абдымиталип (эркелетишип Апыш деп коюшчу) менден алда канча убакыт мурда ойгонуп, кичинекей денесин сулк таштап, түз гана комнатанын үстүнкү бетин жалооруй карап, андан айрылгысы келбей тургансыган денеге тигиле карап, энекелеп чыңырып турган экен. Алиги менин кулагыма «шак» дей түшкөн ачуу үн мына ушул агамдыкы болсо керек.

Ушул күндөрдө эжем шаардан келген эле. Анын ушул учурдагы абалына чындыгында менин көзүм жете алган жок. Кийин кеп салынып калган сөздөргө караганда эжем «өз сезимин жоготуп койгонго чейин барыптыр». Бөлмөдө башка да адамдар турат. Бирок, мен аларга эч түшүнө албадым. Агамдын катарына тура калып, мен да бакырдым. Менин үнүм комнатадан алыс узай албаган чыгаар. Бирок, мен жөн гана бакырдым. Үйдөгү кандайдыр коркунучтуу шум көрүнүштөн коркуп бакырдым. Мен али да болсо энемден айрылып жетим болуп жатканымды биле элек болучумун… «- Менин энекем бары бир айыгат дечүмүн!... ал менин, көпөлөк денемди жеңил гана алаканына салып алып эркелетет… мен дагы айыгам, анан энем мени ар дайым артынан ээрчитет… Энемдин эки эмчегине

чапкенедей жабышам да, сүт чыкпаса да, балкып ийип жаткансып, эмэм,..эмем, эмем… деген балалык кыялда болучумун».

Таң атып айлананы толук жарык каптаганда туш тараптан элдер келе баштаshты. Улам барган сайын ый, ызы-чуу көбөйө берди. Эртең менен бат эле эшиктин алдындагы чоң аңдын ары жагына боз үй тигишти. Барлык эл мына ошол саал бозуңку тартып калган ак боз үйдөн кирип чыгып жатышат.

Биз агам экөөбүз тамда баягы таңга жуук бакырыктан мен ойгонгон жерде калдык. Мен анча деле ыйлап энеме кайгырбайм. Энем мага дагы эле тирүү бойдон тургансыйт. Ал мен үчүн оорул гана жатат. Мени, жети жашаар эркесин таштап, кантип эле өлүп калсын..!

Агам ыйлабайт. Ал адегенде үңүлдөп ачуу-ачуу бакырып ыйлап жатса, эми такыр антпейт. Мөлт-мөлт жашын төгөт. Аны такыр тыйган жок. Кээде ошол олтурган жерде анын башы шылк дей түшөт. Анда кайдан-жайдан келгени билинбеген эки аял анын тегерегине пайда боло калышат. Экөө эки колтуктан алышат да анан аны стулдан алышып, ордуна жаткырышат. Биринен ала бири агамдын бетине төрт чарчы ак чүпүрөктү алып келишет да аны ары-бери желпилдете башташат. Бири ошентет, экинчиси агамдын жакасын чечип, эркин кылууга аракеттенет. Кээде үрпөңдөшүп коркушат. Апыш..Апыш… садага …дешет чебеленишет.

Булар кимдер?! Эмне үчүн менин айланам ушунчалык коркунучтуу болуп турат. Эл эмнеге көп, эмнеге чуулдашат. Демейдеги тынчтык кайда? …Энем кайда …

Мен эми өмүр бою ошол тынчтыкты, энемди издеп таба албадым, кол сундум да кала бердим!...

Ошентип, бул күнү 15-май 1943-жылы биз энебиз менен түбөлүккө коштоштук.

Атам кайда биттейинде баш кошушкан жарынан ажыроодогу атамдын абалына баа берүүгө анда менин чамам жок эле!... Атам кайда? Атам, энем өлгөндөн кийин өзүнө тынчтык бербеген туюк сезимде жүрдү. Жараткан Алла-Тааладан суранып, жардам сурап эми балдарынын амандыгын тиледи. Канча кайрат кылса да жакында көргөн түшү эсинен кетпей койду…

Арадан 10 күн өтүп жыйырма бешинчи май келип жетти. Мындан бир күн мурда жыйырма төртүнчү май күнү атам мени бек кучактап өптү да сабыры суз мага мындай деди:

- Чырлаба кубатым! Эжекеңди, байкеңди көп кыйнаба!

Мына бул учур, азыр бул күндөрдө да менин көз алдымда турат: - атам өтө алсыз эле, бардык кубатын дээрлик жоготкон. Мен мында өз атамды - көрбөдүм: - өтө узак жол жүрүп, алсызданган, сабыры суз, алсыз кайырчыны көрдүм.

Атам кеткендин эртесинде биздин жогору жагыбыздан ачуу үн уктук. Бул үн барып турган тааныш, коркунучтуу ый үнү болучу. О, дүйнө коркунучтун артынан коркунуч! Муң артынан муң! Кандай гана ырайымсыз убакыт болуп кетти.

Алиги ый үнү улам күчөп олтуруп биздикине келип жетти. Тынч гана турган айлана бир пазда ыйга бөлөндү. Чуру-чуу үн чыкса мен өз алапайымды таппайм. Кимге жана эмнеге ыйлап жатканымды чыны өзүм да билбейм. Бардык иш мага кийин гана белгилүү болот. Анда алиги чуу басылып, коюу тынчтык, шыпшынуу, үшкүрүүлөр өкүм сүрөт. Мен ага ыраазы болуп калам, эмнеси болсо да тынч эле, ыйсыз эле турушса экен.

Атам кайтканда бизге сыр алдырбоого аракет жасады. Бирок, биз, - мен, агам жана эжем бир боорубузга коштошо албагандар аны толук билип турдук. Бул сыяктуу кайгылуу күндөрдө ыйлоо үчүн кичине эле нерсе себеп болот эмеспи, атабыздын кыбыңдаган жашын көрөр замат эле бакырдык! Кайрадан чуу!

Ошентип 25-майда энемден кийин туура он күн аралыкта биз үчүн кымбат бир боорубуз Каким менен кош айтыштык!

## Барлыкка бир тең

Эми атам үчүн бир гана жумуш калды. Кыясы "бүлбүлдөгөн" жакшылыктан үмүт үзбөө калды көрүнөт. Бир гана жумуш – биздин маңдайыбызда олтуруу, бизге алек болуу, ошентип өзүн да алаксыткысы келди. Бул бардык башка жумуштарга бир тең болгон иш эле. Атам ушул көз ачып-жумганча өткөн мезгилде согушту да унутту көрүнөт.

Атам өткөндөгүлөрдү азга эстен чыгара турууну туура деп тапты. Анткени, бизге азыр пайдасыз эле. Эки өлүмдүн кайгысын тартып, өз абалын начарлатып жиберүү, бизге өзгөчө агама терс таасир этмек. Атам ушуну ойлоду да өткөн жакшы нерселер жөнүндө көп кеп салчу болду. Бирок мында да энем жөнүндө эч сөз айтылчу эмес. Өз башынан өткөндөрдүн бардыгы энем менен байланыштуу болсо да окуяны көп жерден буруп, жасалмалап, башка багытка түшүп кетүүчү да, акырында үшкүрүп коюучу!

26-март 1958-жыл.

Убакыт улам өткөн сайын агамдын да, менин да абалым жакшыра баштады… Күтүлбөгөн жерден агам өз төшөгүнөн ыргып турду да, үй ичинде аз-аздан баса баштады. Ушундан улам бардык келип кеткендер: - айланайын десе жакшы болуп калган тура! Кудайым бар арты кайырлуу болуп, ушул силер сакайып кетсеңер болду дешип, ыраазы болуп жүрүштү.

Атам болсо өз аңгемесин уланта берди. Ал анда өзүнүн өткөргөндөрүн, ат чабыш, той-аштарды айтчу, өткөн ата-бабалар, алардын эрдиктери, өзгөчө Нарын дарыясынын аркы өйүз, берки өйүзүндөгү эл жөнүндө, алардын жакшылары, тууралуу көп кеп болчу. Атамдын эс тутуму өтө күчтүү эле, адамдын аттарын өзгөчө жатка билүүчү, кимдин кызы же уулу кайдан колукту алганын, алардын балдары канча атага чейинки тукумун бирден санап айтаар эле. Илгерки эл өтө тууганчыл, сыйчыл болоор эле, куда сөөктү кимдики кайда, анын тукумдарын бирден айтып чыгуучу. Атам муну менен бизди алаксытуучу. Өзү үчүн да бул аңгемелер пайдалуу болду, эң башкысы өзү алаксыды…

## Бир үйдө экөөбүз

Күндөрдүн биринде агам мени тургузду да жетеледи. Андан мага ары-бери басууну, терезеден айлананы карап олтурууну «буюрду». Мен да буга ынталандым. Туруп алып агамча баскым келди. Андан мен тез эле айыгып кетем деп үмүттөндүм. Бирок, тилегим да, агамдын аракети да башкача болду. Мен тураар замат бакырдым. Башым айланып, жүк арткандай жерге тартты. Агам өз оюнан кайра тартпады. Ал мени эптеп өйдө болтурууну токтотту. Өзү көтөрүп турууну да чечти. Ал тердеп-кургап, акыры мени артына көтөрдү. Анан барган сайын күчү тайып, өңү өзгөрө баштады. Ошентип ал мени көпкө көтөрө албады. Терең үшкүрдү. Бирок, ал дале чегинип калбады. А мен убакыттын өтүшүнө жараша агамдын талабын орундата бердим. Абалым жакшыруунун үстүндө болду.

Агам менден мурда «ашка» кирген эле. Ага а дегенде тузсуз кымыран жана «жаны жарма» ичиришти, кыясы өтө аз санда, улам аздан арбытып жатып, андан улам нанга аздап аралаштыра башташты. Мен буга кызыга баштадым. Нандан бир үзүм жесем деп көз жашымды кылгырттым.

Анда атам мага ачууланчу: - аз калды кагылайын, шашпа, шашпасаң жакшы айыгасың, - деп атам мага кайрадан жалынчу.

Аздан мен да сергий баштадым, мени «ашка» киргизишти. Агам менин ары-бери басканыма, тамак иче баштаганыма чоң кубанычта болду. Ал мени эшик алдына жетелеп, өзүн эркин сезип калды. Мага көп учурда жал-жал карачу, көп да тиктеп, моокуму канганча өпкүлөчү. Ал көпчүлүк учурда өзүнө тиешелүү нанды катып коюучу жана аны башкаларга көрсөтпөй мага берүүчү.

Күндөрдүн биринде мындай окуя болду. Агамдын абалы кайрадан начарлап, «тамырчы» акени бат-бат чакырып туруучубуз. Ал өзү узакка баса алуучу эмес. Ушундан улам мени көп алыс эмес үйлөргө жумшап чакырыкчы катары жумшап турушчу. Агам мени кээде түш учурунда эшикке тамдын имерилишине алып чыгуучу да, койнума "сындырым" нан катып берүүчү, мени дарычыга жумшачу. Мен буга абдан «кубана» турган элем. Нандан бир тиштеп, а дегенде «таскак» уруп, анан эки секиргенден кийин боорду эзе жөтөлүп, жашты шорголотуп алып, «таскак» эмес ыргала басып кетүчүмүн. Мындай учур саал арбын болуп кетти көрүнөт! Күндөрдүн биринде нан менин койнуман "жулунуп" алынды да, анысы аз келгенсип, Иса атанын бизге, айрыкча агама жини келип, үрпөңдөй баштады. Агам башын ийип, «күнөөлүү» болгонсуп калды. Мага карады, мен андан бошоп бараткан денени, айласыз чымырап бараткан жүздү көрдүм.

Абалымдын начарлап баратканын билип, дарыгер мага нанга тыюу салыптыр. А агам болсо өзү жей турган нанды (ага да ченем, өлчөм менен берилчү экен) көрсөтпөстөн гана мага берчү тура. Аны эч кимге билдирбестен мага нан жедирүүнүн айласын өзү тааптыр. Ал ар дайым мени жумшап жана нан берип жатып, «муну көрсөтпө, толук жемейинче кирбе» деп эскертчү экен!

Кийин бул аракетке өлөөрчө өкүндүм. Өзүнүн жашоосунун акыркы күндөрүндө да мени аяган экен, бирок, өз өмүрүнө балта чаап алган тура! Мен мурда да ушул «нан» тууралуу көп ойлочумун. Ары толгонуп, бери толгонуп көп түн-

дөрдү өткөрдүм. Дарыгер өтө кылдат адам эле. Ал нан жешке өз убагында эле уруксат берген, бирок мени сактоону чечип, агам өз нормасын мага берүү менен организимди калыбына келтирүүнүн жолун бузуп алган болсо керек.

Ошол дарыгердин өтө кылдат жолу бузулуп, агамда нан жетпей калган күн үчүн үзгүлтүк болуп, алсыз организм кайра көтөрүлө албай калса керек деген ой ар дайым мени менен кошо жашап келе жатат! Бул менин өмүр бою **тарткан кайгым** болду!

Бир уяда көз ачып, бир уяда бой тартып келе жаткандыгыбызга карабастан **агам өз жүрөгүн мага каттыргандай** сезилчү.

5-октябрь 1958-ж. Жекшемби.

Ушундай элек. Бир бутакта бүрдөп турган эки алма элек. Азыр алар саргайып баратышат. Ким билет же алар ошол бутакта бүрдөп өсүшөөр же алар **турмуштун оома, кайрымсыз учурунда** саргайып куурап түшөбү, аны анда ким билди.

Агам айланага суктанып көп карачу болду, маңдайдагы ар бир кокту, өрөөндү узакка тиктеп, өзү жүргөн Төө-Жайлоо, Кууданкөч, Кыр-Таш, Көгөндү, Бел-Өтөктүн ар бир коктусун, колотун тиктеп карап, оокаты түшүп калып, аны издеп жүргөнсүп карачу. Ар бир коктуда калың токойлор, асман тиреп өскөн карагайлар, небир шагы ийилип турган карагат, бөрү карагаттын шактары, бүлдүркөн, соорусун, козу жалбырак, кымыздык, ышкын сыяктуу өзү аралап, алардын көбүн моокуму канганча терип жеп жүргөн учурларын көз алдынан өткөрүп, тоону бийик дебей, ылдыйды тик дебей **"шамал менен жарышып"**, куюндап жүргөн учурларын биринин-артынан бирин өткөрүп, өзү алсыз болсо да жаадырап, канаат алып калуучу эле.

Дагы бир күнү - эй дос, - деди мени карап, - эсиңде барбы, так ушул мезгилде Төө-Жайлоонун суусу катуу кирип, экөөбүз тайларды сууну кечирип өткөрө албай жатканда сен "менин тайым… тайым акты", - деп бакырганың. Көзүңө жаш алып ыйламсырап жибердиң эле го. Анда менин атыма учкашып, чап кенедей жабышып, мени бек кучактап, түшүп калчудай болуп тырмышчусуң… Баатыр!

- Дагы бир күнү: -

- Билесиңби, бүгүн мен Бурган-Сууга баргым келип жатат. Анда муз тээп, ойкуп-кайкып, Нарын сууга кирип барып келсемби, же атым тай-кашканы минип алып, урдуруп отуруп Чоң-Кара-Коого, ал турсун эжемдин мүрзөсүн көрүп келбейлиби. Кайда коюшту болду экен? Кандай дейсиң ыя - э дос!

- Коюңузчу, азыр жай да. Кайдагы муз, кайдагы чана. Коньки жүрмөк беле, байке…

- О дос, кыял да, мунун атын кыял - дейт.

13-октябрь 1958-ж. Түш оогон мезгил.

Ушул ысык турмуш убактысын көпкө созбоду. Менин абалым саал начарлап, көз алдыма жөөлүтмөлүү көп нерселер келип, өзгөчө кечке жуук денем ысып, уйгу-туйгу болчу болдум. Эжем, атам мага көбүрөөк көңүл бура башташты. Акыры өткөндөн жогору «начар» дегендей абалда калдым.

Агам бул убакта төшөккө жата баштады. Акыры кайрадан суу ичип, дарыланып жатты. А дегенде шишик каптады да бир топко ошол абалында токтоло

калып, кайрадан шишик аздан «сиңе» баштады. Агамдын ар нерсеге суктануусу, ынтаалануусу арбыды. Ал өмүрүнүн ушул «арсар» мезгилинде көп нерселерди, өзгөчө жаратылыштын «бардык» сонундарын көрүп да, билип да калгысы келди. Ден соолугунун начарлап тургандыгына карабастан ашкере белин чымырата курчанып алып, көп убакытка үй ичинде басчу болду.

Күндөрдүн биринде жездем (Арыз) шаардан келип, агама өтүк ултарып келгендигин айтты. Агам өтүктү кийип, ары-бери басты да:

- Охо жезде, жакшы экен, мен түз эле солдат, даяр солдат болуп калдым го. Айтыңызчы мен муну узакка киээрмин, солдатка барсам башка өтүк беришет дейт го, антсе мейли кайра келгенде киемин да! Чынын айтсам жезде, Сизге ырахмат, бутумду өтүккө салып жатып эстейм да, Сизди! Эстеп жатып, ошол замат урматтаармын !..

Бир азга унчукпады, оор улутунуп, анан сөзүн улантты:

- Чынын айтсам жезде мындай кооз, сулуу өтүктү биринчи кийишим! Сизге алсыз гана ыраазы болуу, жок, Сизге ушунчалык ыраазымын! Жезде! Мен агамдан чынында кубанычты, жайнаган мүнөздү көрдүм. Агам бул белекке чыны менен кубанып турду. Агам жездем келгенден кийин 4-5 күнгө адатынча «көбүрөөк» туруп, үй ичинде басты да терезе аркалуу жаратылыштан көз нурун алган жок.

Агам бул ааламдан кош айтышкан күн такыр башкача эле. Такыр дээрлик башкача болду. Тири укмуштуудай бул күндөн мен азыр да калтаарып коркуп турам. “О шум ажал ай, ал күнү анын жүзүнө кандай гана мээрим төктүң”. Анын бети албырып, куба жүзү сулуу тартып калган эле. Шишик да жок болучу, жер соруп шимирип кеткендей анын бардык денеси шимирилип жымылдап калган болучу. Шыңга узун бою, жазы келген далысы кымыйган ичке белине айкалышкансып калыптыр.

Мына ал «так секирип» тура калып, жуп кийинип, үй ичине көз жүгүрттү. Жок. Ал буга тоё албады, ыраазы да боло албады. Эки колун бөйрөккө алды да создуктура бут шилтеп терезе алдына барды. Ал анда ачык асманды көрдү. Ушул ачык асманда ойкуп-кайкып, андан каба-каба жуткусу келди. О тобо, токтоно албай, тынч ала-албай, анан ордуна акырын жатууга камынды.

Маңдайкы көчөдө циркчилер оюн коюп жатат десе, агам ага да барсамбы, - деди. Бардыкты, бардыкты көргүсү келди. Түш ооп, эрте бешим болуп калган кезде атам мени эшикке чакырып, Иса акени чакырып кел, тез келсин деп айт! - деди. Мен шашып чуркоого аракет жасасам да анте албадым. Жөтөлүм кармап, жолдо ыкшып эс алып ыргалып жеткиче кыйла убакыт өткөнсүдү. Кабарды уккан соң дарыгер ата, билип тургансып шак тура калды да өзү жеңил киши эле тезинен жөнөп кетти. Мен адатымча ыкшып жөтөлүп жөнөдүм, жөтөл, ыкшып жөтөлүп жатам!..

Жолдо кыйла убакыт кетирген көрүнөм, көчөдө биздин үйдүн тушуна келгенде эле үйдөн чуу чыгып калды, шашып обдулуп, ылдамдоого аракет жасадым эле, башым айланып, көзүм карангылап, караңгы болуп айланам түнкү караң-

гылыктагы жыш жылдызга толду… Канча убакыт өткөнү белгисиз, үйдө … өз төшөгүмдө жатыптырмын.

Ошентип, 5-июнь 1943-жылы агам – Абдымиталип кайтыш болду. Үйдө муң күч алды. Атам мени бек кысып кучактап, токтоно албай, өзү солкулдап ыйлап жатты. Мен да атамды улап ыйладым, бирок, канчалык күчтүү же акырын ыйлаганымды эстей албайм, айтор мен да шолоктоп ыйлап жаттым..

Күндөрдүн биринде аялдын ачуу, бийик чыккан үнү үйдөгү тынчтыкты бузуп, атамды сол чыканактан кармап, жетелеп алган экен.

- Кайратың жок, жаман киши турбайсыңбы! Күнүгө келем, күнүгө там артында отуруп алып, жер чукуп, үңүлдөп ыйлап олтурасың! Өлгөндүн артынан кошо кеткен киши жок, уулуң, балдарың турат, кайрат кылып, кудайдан жакшылык тилебейсиңби,- деп ачууланып көп сөз сүйлөдү да, азга токтоло калып,

- Бүт чайыш сени карап олтурат, "катыгүн жаман болсо да, жакшы болсо да сенден акыл сурашат, сени карап…"- деп көрсө атамды тилдеп, кайрат айтып жаткан экен…

Бул эне, бизге жакын тууган Акай эне эле. Узун бойлуу, денеси арык келип, ак жумал жүздүү адам болучу. Кээде оң колу менен таяк да таянып алып, саал эңкейе тартып басучу. Так элестете албай калыпмын, биздин үйгө мурда эле келип-кетип туруучу эле.

Мен ошол кездеги атамдын оор абалын, өткөргөн күндөрүн азыр гана ушул саптарды жазып жатып түшүндүм. Болгону 51 жаш курагында өмүрлүк жарыынан, турмушка жаңы чыккан кызынан, жаңы эле канат күүлөп, талпынып, шамал менен тең жарышып келе жаткан, болгону 15 жаштагы уулунан ажырап олтурган адамдын абалын баалап билүүнүн өзү эле канчага оор.

Сезимимди уйгу-туйгу жасап, аалам сапырылып жаткансып сезилет! Анын үстүнө үчөө тең болгону бир ай убакыттын ичинде, өлчөп койгонсуп ар бир он күн аралыкта көз жумушту.

Чоң энем Токтокан Кыдык кызы кеп салаар эле. "Энең атаңа болгону 14 жашында келген" деп. Ал учурда эркектер күн сайын дөбөгө чыгып, чогулуп олтурушуп, узак сөз сүйлөшүп, кымыз ичишчү. Атаң менен ыраматылык энең Салкын эч нерсе менен иши жок кубалашып ойношчу. Бир күнү экөө кубалашып келе жатышып, аталардын жанына келгенде Салкын раматылык, - деп токтоп, өзү эзиле күлүп, анан аңгемесин улантып, - өзү шашып калса керек "ата, уулуңузду кой деңизчи" деп, "уулдун" желбегей жамынып олтурган чепкенинин этегин ачып «жашына» калган эле, деп Токтокан чоң эне кайра күлкүсүн улантчу.

Арадан күндөр өтүп, атам айыл аралап ишке чыгып калды. Биз эжем болуп, Токтокан чоң эненин аңгемесин укчу болдук. Бир жолку аңгемесинде сенин чоң энең Алтын каза болгон жылы Кууданкөчтүн Арыстанбек кыштоосунда элек деп кебин улантчу эле аңгемечи чоң эне, чоң энең токсондон бир кыйла ашып каза болду. Ал кезде сөөктү мүрзөгө чейин жөө көтөрүп барышчу, сөөктү коюп кайра тартканда жаштары, өзгөчө сөөккө жакын туугандардан ат менен чу коюп жөнөшөөр эле, өкүрүп келишчү. Ушул жолкуда агам Абдымиталип биринчи болуп өкүрүп келгени, мингени көк ат боло турган эле, өпкөсүн уруп, тез-тез дем

алып жатканы, аялдар да атын тосуп чуркашып, агамды аттан алышып, … «- айланайын десе, чоң энесине өкүрүп, биринчи болуп келбедиби, өмүрлүү болгур десе…» дешип, боз үйгө жетелеп киргизишип, агамдын боз үйдө да өкүрүп ыйлап жатканы элес-булас эсимде калган эле.

Ошол мезгилдерде сөөктү узатасынан коюлган эки бакандын ортосунан аркан ары-бери туурасынан өткөрүлүп тордолгон, эки баканды эки жакка болжол менен 60-70 см. болгондой керип, алдына кийиз, жууркандан салып, сөөктүн үстүн жука ак кездеме менен жаап, сөөктүн алдынан, артынан экиден төрт адам, ортодон эки адам кармап, өйдө көтөрүп алып жөнөшчү. Жолдо тынымы жок улам бири келип алмашып жүрүп олтурушаар эле. Мүрзөдө сөөк коюлуп, акыркы куран окулуп, бата жасалаар замат жаштар аттарга шашып мине калышып, үйдү көздөй жарыша жөнөшчү. Мындай учур бизде алтымышынчы жылдарга чейин созулуп келди. Кышкысын болсо атайын жасалган ат чана менен, кийин араба, автомашина чыкканда, машина менен алып барышчу.

Силерге, кымбаттуу окуучум, алдын-ала айтарым бар, себеби бир катар учурларда мен уккандарымды өзүм билген, көргөн адамча берип жатам. Анткени, ал окуялардын айрым элестери азыр да менин көз алдымда турат. Ошондуктан менин өзүмдө да кенири болбосо да бир кыйла түшүнүктөр бар - экенин эскертип коёюн деп жатам.

27-октябрь 1958-жыл.

Кийин агам тууралуу көп аңгемелерди уктум. Бардыгы анын тырышчаактыгын, ынтаалуулугун, шыктуулугун жана ар дайым кичи пейил, жумшак мүнөздүүлүгүн айтышчу эле.

Айылдагы өз жолдоштору менен ар дайым дос, ынтымакта эле, - дечү менин аңгемечим агам жөнүндө көндүм аңгемесин баштап жатып, - Ал ордону жакшы көрүүчү, өзү да жаман ойночу эмес. Эшиктин алдын жалтырата шыпырып, туш-тараптан тез эле келе калышкан балдарга карап:

- О кыраандар! Мени бүтсүн деп, тамдын бурчунан карап турдуңар ээ…, обо салып, чүкөлөрдү санагыла, дайны жок чырлашмай болбосун, так эмес деп! «Кан» болсо күндөгү эле ордунда мыкты мээлеген ордонун өзүнөн эле атып чыгарат, - деп куудулданып калучу эле!

- Ой Апыш, койчу. Биз деле тазалашып жүрбөйбүзбү, жөн эле бааңды көтөрө бербесеңчи - десе, экинчиси -

- Жүрү, тиги көчөдө биздин ордо деле даяр турат, - дешип анан өз ара кол беришип, бака-шака түшүшүп оюн башташчу.

Биз сенин энең болуп, күнүгө болбосо да, кээде келип, атайын ушулардын «бака-шакасына» кызыгып карап калаар элек. Кээде чырлаша да кетишчү, эки жаат болуп. Мындай учурда ортодо ар дайым биздин бала (чоң энем Токтокан ушундай тергөөчү) болоор эле, эмнегедир анын айтканына макул болушуп тынчып, оюнду кайрадан улап калышчу.

Жаш болсо да анын чымыр булчуңу абалактын ордонун бир чийининен экинчи чегине оңой-олтоң чыгышына жардам бере коюучу күчү болбосо да, көп

«мыктыларды чочутуп», ар дайым «атаман» жана оюндун «мыкчегери» катары жүрүчү. Өзгөчө ичке түшкөндө чүкөлөрдү бүт сыртка сүрүп чыгарып кетүүчү эле.

Бир жолу ак бас, сен кара басып жыдыдың деп чырлашып калышты. Көрсө бир оюнчу чүкөнү кадап, чүкөсү ордонун чейининен чыгып, утушка ээ болуптур, сен кара басып жыдыдың деп чырлашып, ордонун чийининдеги чүкөнү кадап аткан баланын такасынын изин көрсөтүп, - «карагыла, келгиле, ак баскан жок, кара басты», - деп жан-алакетке келип, балдарды чакырып чырылдап жатса, чүкөнү чыгарып, утушка ээ болуп жаткан бала изин кайталап басып коюптур. Чийинде эки таканын изи болуп, талаш чыкты, кыйлага оюн токтоду.

Оюнчулар өз ара туура чечимге келе алышпай, оюнду көрүп отургандардан Мүсүралиев Өмүрзак акени чакырышты дечү, аңгемечи чоң эне да, менин Салкын энем да, калыс болгон аке да көпкө карап, эки изди тең салыштырып жатып, Кыштообайдыкы туура деп тапты. Биринчи жак да чыр жасашты эле Өмүрзак аке да тың киши эле эки жактан үчтөн алты баланы алып, чийинди көрсөтүп, - карагылачы деди калыс. Чийинде чынында така жарты эличе ичте турат, экинчи изде  эки эличе артта турат. Бирок, биринчи издеги буттун таманындагы айрым белгилер өчүп калган, ошондуктан экинчи из чийинге туура түшкөн из кара басылган деп эсептөө керек. Себеби, биринчи издеги таканын айрым белгилери жаңы  кийин басылган из менен көрүнбөй калган. Жип үзүлүп калгансып турат.

Эки жак тең тып-тынч болуп, ынанып, чыккан чүкөнү кайрадан ичке салышып, абалакты чийиндин сыртына чыгарып салышты.

Кайсы жашта экеним эсимде жок. Деги кичирээк чак болсо керек. Эмне үчүн экенин билбейм, күндөрдүн биринде энем жана атамды арабага салышты да алыс алып кетишти. Мен анда үйдүн терезесине чыгып алып ыйлап турам. Чимкирик жана жаш балбырап ууртнун кычыктарынан оозго кирип жатат. Анысы менен ишим кайда, тек гана бакырып алымдын жетишинче кыйкырып ыйлап жатам!

Мен агамды ошол учурларда көп кыйначу экем, акырында менсиз карыш баса албаптыр, агам ошол учурларда мектепте окучу экен. Бирок, мен аны окууга да жиберчү эмес экем. Агам акырында мени ороп алып, мектепке көтөрүп барууучу дешет үйдөгүлөр. Анда класстын бир бурчуна уктатып, анан өзү окууга мүмкүнчүлүк алуучу тура. Көп балдар чуулдашып:.

- Ай Апыш! Качан төрөдүң эле. Уулбу же кырк жылкыбы? Жентек берип, май томкоруп, кой сой, карындаш!

- Эй келин! Уул ойгонду. Эмизе гой!

- Ха..ха.. келин сен жармага талканды «бурай чалып» ичиргенсиң го, "классты жарып кетти", - дешчү экен. Агам анда балдарга моюн берчү эмес дейт. Себеби, ата-энеси канал казууга кеткен мага окшогон «чырдуулар» көп болучу. Бирок алардын үйлөрүнө мендейлерди алып калуучулар арбын эле. «Уул» үйгө келгенде абдан кайгырчу эле, - деп кеп салучу чоң энем. Балдарга мен аркылуу көп уят болгонун айтчу. Көп учурларда Токтокан чоң энемди "алып кал" дечү экен, бирок мен ыйлап, чырлай берүүчү экем.

Менин бул ыйым агама жасаган бушайман окуям кийин басылды. Агам мени өз аты Тайкашкага өңөрүп алып, Нарынга алып келди. Азыр Көгөнду өйдө, өр тартып бийик өскөн чийлерди, бадалды аралап, ат жолго чыгуу үчүн кетип баратканыбыз эсимде. Анда азыркы чоң жол салына элек болсо керек, ошондон улам үстүнкү кыя жолго салып, Көгөнду тоосунан тик Нарын дарыясын көздөй түшкөн белди ашышчу. Бел болсо зоонун узатасынан жарылып, жаранка-жаранка болуп бөлүнгөн урчуктуу жалпак таштардан турчу. Ата-бабалар ушул таштарды талкалап, бир ат, майда чукул бурулуштар менен бурулуп өтүп тургудай жол жасашып, андан ары батышты көздөй Нарын тарапка каптал кыя жол менен жүрүшчү.

Кечке жуук болсо керек. Теке-Секириктен өтүп, үстүнкү чоң талаага келгенде бака-шака түшкөн көп элге жолуктук, бир аз жүргөндө эле түз талааны оюп «жерге кирип» кеткендей болгон өтө чоң чуңкур жерлер, анын ичинде өтө көп эл бир жерде ызы-чуу болуп ырдап жатса, экинчи бир жерде топо-таштарды кандайдыр бир «идиштерге» салып, “өйдө көтөрүп” чыгып жаткан адамдар жүрүшөт. Мына ушул уу-чуу жерлерди кыдырып жүрүп, агам атам менен энемди араң тапты, энем дароо эле аттан мени оодара тартып алып, отура калып алдына, алып, өпкүлөп жатат. Мен болсо энем менен ишим жок, жык-жыйма элди таң кала карап, алардын өтө көптүгүнө таңыркап, жасап жаткан иштерине түшүнө албай жаттым көрүнөт.

Кийин ушул ой эсиме түшүп, ошол бала кезде көргөн чуңкурларды кыдырып карасам кадимки эле 500-600 литр секундасына суу өткөргөн канал экен. Мага ошол бала кезде көргөн чуңкурлар адам ооруп денеде температура 39-40-41 градуска жеткенде, муштумуң 100 эсе чоңдуктагы чоң кара таш болуп сени басып калганга камынып жаткандай болуп көрүнгөн экен.

Канал БНК деп аталчу, Большой Нарынский Канал же Чоң-Нарын Каналы. Элдин күчү менен кол менен 1939-41-жж. курулган, узундугу Теке-Секириктен баштап, Нарын тоосунун этектери менен Нарын шаарынын үстүндөгү тескей беттердин жээктери менен жүрүп олтуруп, Ак-Кыядан айланып өтүп, андан ары Бишкек - Нарын - Муса Баетов жолун бойлоп жүрүп олтуруп, аягы Ат-Башы ГЭСинин күн чыгыш тарабына жетип Жан-Булак айылын сугат суу менен камсыз жасаган. 1982-83-84-жылдарда бул Каналды бойлоп, Ак-Кыянын тумшугунан көп өтө бербей Нарын суусунан сугат суусун алуучу экинчи канал курулган, ал сугат аянтын дагы кеңейтип, азыр да иштеп жатат.

Чоң ишке өтүп кетипмин, атамды да, энемди да унутта калтырып. Кечкисин шаарга үйгө келдик. Азыр жаңылбасам ал кезде атамдар мурдагы Токтогул атындагы орто мектептин педагогикалык окуу жайынын (орто билим берүүчү) түштүк тарабындагы, Совет (Кеңеш) көчөсүндөгү үйлөрдө экен. Агамдын айтуусунан улам шаарда атам, энем менен 4-5 күн чогуу туруппуз, бирок, алар таң ата ишке кетишип, кечкисин кеч келишчү экен. Ошондонбу, атам, энем менен кандай окуялар болуп, балалык сагыныч кантип жазылганын эстей албадым. Бирок, азыр көз алдымда атам да, энем да узун-узун чепкен кийишип, мен болсо төмөндө этек жакта жүргөнүмдү гана элестетем!

Ошентип, энем Тилемиш кызы Салкындан болгону мен үчүн элес-булас болгон эки гана эстелик калды. Анын бирөө мурда эле, мен эки же үч жашта болсом керек. Күндөрдүн биринде биздин үй менен Жуманазар чоң атамдын үйүнүн ортосунан саал кичирээк көчө өтүчү, ал улам батышты көздөй кеткен сайын кеңейип олтуруп, көчөнүн оң тарабына өтүп, анан Нарын дарыясына чейин жетүүчү. Мына ушул коонун башталыш жагында кичине арык менен суу өтүүчү, суунун көлөмү деле өтө эле аз, бирок, эңкейиш тартып аккандыктан суунун ылдамдыгы көбөйүп, жаш бала үчүн «коркунучтуу да» болсо керек, энемдин кайдан келе калганын биле албайм, мени өйдө тургузуп, суу болгон жерлеримди кагып, көчүк жакка "эмдеп" чапкыламыш болуп, бир колду өйдө көтөрүп, арыкты аттатып өтүп жатыптыр (урушумуш болуп жатса керек, аны азыр элестете албайм). Мына ушул энемден калган эки элести гана билем.

Энемди мүнөздөп Токтокан чоң эне жана Калбүбү эжем айтышчу. Энең, - деп баштачу Токтокан чоң эне, - бир көргөн адамга татынакай көрүнгөн келин эле, жүзү ак жуумал келип кырдач мурун, жука жүздүү, кыймыл аракети ылдам, адамга ар дайым жакшы мамилелүү, "мына бизге канча жыл болду бирге жашайбыз, бирок «ападан» башка мага сөз айтчу эмес", өмүрү кыска экен, өтө эрте кетип калды, ыраматылык. Анда эжем Калбүбү көзүн кыбыңдатып, жашын сүртүп калучу. Үйдө кызмат жасап, эжеме жардам берип жүргөн жеңелерден бирөө, Калбүбү эжеме кайрылып, «сиз эмнеге энеңизге окшобой калгансыз, - деп капыстан суроо берип калса эжем, - жаш кезде мен да энемди тартып чырайлуу болбосом да бир жигиттик бар элем, - дечү жылмайган мүнөздө күлүп». Бала чакта «чечек» оорусу көп элди каптап, арасында мен да ал оорунун азабын тарткам. Атамдын күчү, энемдин көз жашы менен аман калып, киши болгом, ал учурдү эстөө азыр кыйын, «чечек» оорусу көп адамды, балдарды «алып» кетпедиби деп, - мобул беттеги тактар ошол чечек каптаган жаранын изи деп "мени бооруна кысып, - Калбүбүм чоң «ажалдан» калбадыбы" - деп коюучу эле энем Салкын ыраматылык.

Энең Салкын экөөбүз абысын өңдүү эмес элек, эже-синдидей жашачубуз, ал ар дайым айылдагыларга да ачык мамиле жасачу, ошондон улам го, башкалар улуусу да, курбулаштары да ар дайым сөзүн текке калтырчу эмес, күлкүчү да болучу, чыны да, тамашасы да бир болуп, каткыра күлүп, көп учурда айылдагылар менен мамилелүүлүгү менен өзгөчөлөнүп туруучу. Үй-оокатка да тың эле, кайсы убакта барсаң да тыпыйып бардык оокат - кечеси иреттүү, орду-орду менен тураар эле, өз боюна да тың карачу, кийимдери чакан, өз денесине жарашыктуу болучу, көпчүлүк учурда чыптама кийүүчү эле. "Абысыным тың, жакшы адам эле, жараткан Алла-Таала жакшысын тандап алып кетет көрүнөт" - деп кызуу кеп салып, анан терең үшкүрүп калучу, чоң энем Жуманазар чоң атамдын байбичеси Токтокан!

2-февраль 1959-жыл. Жекшемби.

Ошентип, көп узабастан эле чоң атабыздын үйүнө кетип калдык. Алар бизден көп алыс эмес аралыкта көчөнүн аркы түндүк тарабындагы үйлөрдүн ка-

тарында эле. Биз, агам экөөбүз чоң ата дечүбүз, өзү сары чийкил, орто бойлуу, сары мурут, көзү көк адам эле. Ушул учурду ойлоп отуруп, биздин түпкү ата-бабаларыбызды мүнөздөп жазган кайсы бир жазмадан окуганым көз алдыма келе түштү. Анда биздин заманга чейинки 100-200-жылдардагы «кыргыз» деп аталган алгачкы уруулардын бар экендиги жазылган эле. Ошондо да "өңү сары, сары мурут, көк-көз, шоңшогой ак калпак кийишкен адамдар" экени белгиленген. Мен атамдын улуу агасы, Ажыбай баласы Жуманазар атаны да элестетип, өтө сейрек учуроочу «гендик» кайталануулардан болсо керек деп ойлоп калам. Жуманазар ата атамдын улуу агасы. Өз оокатына өтө тың, Ажыбай уруусунун ички-тышкы жумуштарын тейлеген, кышта, жайда Ажыбай балдарынын малын көздөп, айткан сөзүнө туруктуу, сергек адам эле деп кеп салуучу атам Калназар да. Көпчүлүк учурда ээриндин алдыңкы, үстүнкү уурттарына кара «кагаз» чаптап алуучу эле. Анысы даана эмес элес-булас эсимде калды. «Кара кагаз» көрсө кадимки эле «дүлөйдүн» кабыгы экен.

- Илгери «совет» мезгилине чейин айылдагы 3-4 атанын балдары, малына жараша биригишип алышып, кышкысын өзгөчө жылкыларды, кой - уйлардын чоңдорун кыштоолорго алып барышып, кезек менен түнкүсүн 2-3төн адам биригип, жылкыларды кайтарып чыгышчу. Ал кезде карышкыр күч болучу. Тарагайда, Нарындын башында, Улан, Акбайларда карышкыр үйүр-үйүрү менен жүрүшчү. Мындан тышкары түнкүсүн ууруга чыккан адамдар да болоор эле. Кечээ эле 1930-жылдардын бери жагында «басмачылар» чыгып, Бурган-Суудан ары жашашкан моңолдор элинин миңдеген жылкыларына жайдын бир түнүндө тийишип, куткарып кетишкен деп азыр да кызуу кеп салышат.

Ушундай жылдардын биринде, кышкысын атайын барып, малды, жайыттын абалын көрүп Тарагайга атам Калназар барып, конгон жери жайытка жакын экен, таң ата эрте бастырып жылкыга барса, ал кезде жайыт кенен болуп, жайыттын чөбү жакшы чыгып, малга оттуу болуп, жылкы жарыктык аттын тизесинен саал өйдөрөөк түшкөн карды күртүлдөтө тээп, жайма-жай жаткан экен. Жылкынын арасындагы кунан, тай өңдүү жаштарынын жакшы орто эти, ал эми чоң жылкылар семиз болуп, күздөгүдөй эле тура. Жылкы аралап ат менен бастырып олтурсам, жылкынын чет жагында, - Жукем,- деп кеп салып жылмайып, күлүүгө камынып, - төш таяна чалкасынан жатып алыптыр, чоң кара ичиктин оң өңүрү ачылып, оң колду сунган боюнча, эки бутту эки жакка керип таштап, чалкадан түшкөн адам уктаганда адатта коңурук тартат эмеспи, шарылдата коңурук тартып, бизди (ат жана өзүн) сезбей, эч нерсени туйбастан уктап жатат. Тарагайдын түкүрүктү жерге түшүрбөй тоң музга айлантып турган суугун, мурутка, сакалга турган кыроо аралаш музду сезбей, согумдун этинен арбын жеп, казыга тойгон көрүнөт, эки таноодон аккан жылкынын майы мурут, сакалды басып, өтүп жаңыдан уюган айранга окшоп, коюланып калган экен! Кыйла убакытка аттан түшпөй, түн бою ат үстүндө бастырып жүргөн киши азга эс алып уктасын деп уйкусун бузган жокмун, - деп жана мурда камынган жылмаюусун, анан аз күлкүсүн улап коёр эле, - деп кеп салуучу атам Калназар Ажыбай баласы, - деп айтуучу Асанбек.

Бир жумадан ашык убакытка жетпей эле биз Чоң Атам, Чоң Энем жана эжем болуп, Жалпак-Секиге көчүп кеттик. Июнь айынын аягы, июлдун баш жагы эле, Куудан-Көчтө соорусун, козу кулак, ат кулак, бүлдүркөн сыяктуу дары чөптөр жайнап өсүп калыптыр. Атам келгенде үйдөгүлөр сүйлөшүп мени мына ушул дары чөптөр менен дарылап, кудайдан тилек жасап көрүүнү чечишти. Эртеси эле баары жайылып тоого чыгышып, ага көчүп барган коңшу айылдаштар кошулушту, биринчи эле күнү боо-боо жасалып, таңгакталган көп дары чөптөр чогултулуп, чөптүн баары майдаланып, жанчылып, чөптүн маңызы чыгарылып, дененин бардык бөлүгүнө, өзгөчө көкүрөккө, далыга, ичке, айтор моюндан тартып бүт денеге тамандарга, эки колго чейин чөптөр жаткырылып, денеге жабылган атайын денедеги бөлүктөр боюнча кийим жасалып тигилди, анын сыртынан ичке жиптер менен курчалып таңылып, «гипстеп» койгондой эле бүт дене сыңкыйып калды. Бул жолу башкы дарыгер Токтокан чоң эне, жардамчысы Калбүбү эжем болду. Сыңкыйта таңышып, алдыма калың төшөк төшөп, үстүмдү жаап жаткырып, үч сутка бою денем бошотулган жок. Оролуп жаткан денем саал ысып, анан көпчүлүк убакытты дээрлик уйку менен өткөрдүм. Үч-күн, үч түн өткөн соң денемди чечишти, өз ара кубанышып, кудайга шүгүр айтышты да мындай дарылоону дагы улантышкан эле, бирок, көп жылдар өтүп кеткендиктен канча жолу кайталанып жасалганын так айта албайм, кыскасы узак жылдар бою сак саламатта болуп, өмүр сүрдүм.

Ушул жылы Нарынга көчүп келип, жездемдин үйүндө чогуу жашап турдук. Мен Токтогул атындагы орто мектептин биринчи классына кирип окуп калдым. Нарынга эки ат кошулган араба менен келип, шаар аралап азыркы Тоголок-Молдо көчөсүнөн батышты карай көчөнүн өйүз-бүйүзүнө узун-узун асман тиреген шыңга бой теректерден көз айырбай Ленин атындагы көчө менен жүрүп отурдук. Шаар ал кезде чыгыш тараптан Тоголок-Молдо көчөсүнөн батышта МСОнун мурдагы имаратынан жогору чыгыш тарапка ээн талаада эски улуттук оюн өтүүчү талаанын башына чейин бараар эле.

Ал кезде Теке-Секириктен өтүп, түзгө чыкканда эле сол жакта жолдун боюнда бозо салып саткан эки кичине боз там бар болучу, калган жерлер ээн жерлер болгон, деп кеп салышчу улуу муундагы аталар. Кийинчерээк Шаркыратма суусунан тартып батышты көздөй жайлоо-бак көчөсүнө ат-башылыктар келишип, турак жай салышты. Шаар болсо негизинен жапыз боз тамдардан туруучу, болгону азыркы областтык библиотека, военкомат (архив) жана ушул аймактарга мамлекеттик кызматкерлер үчүн, чийки кирпичтен курулган узун-узун жалпы жатакана мүнөздүү турак жайлар бар эле, бул курулуштар чатырчаланып, шифер менен жабылган, ичтери болсо жөнөкөй үйлөрдөн бийиктиги, терезе, эшиктеринин чоңдугу менен айырмалануучу.

Нарын шаарында 1943-жылдын ноябрынан 1945-жылдын июнь-август айларына чейин жашап калдык. Төмөндө мына ушул мезгилде эсимде калгандарын бердим. Биринчиби, экинчидеби эстей албай койдум, окууга бир жолу кечигип келдим. Анын урунттуу себеби бар эле. Калбүбү эжем ичине кебез салынган

чолок куртка өңдүү кийим тигип берди. Ал энең Салкын Тилемиш кызынын – "өзүңдүн жана менин энемдин колуна тийип урунган оокатынан" эле. Эжем кийимди тигүүнү баштап жатып мына ушул ойду бир нече жолу кайталап (менин эсимде калсын дедиби) айтып жатып баштап, анан аягында мага кийгизип жатып: - Мына энең урунган оокаттан, өзү да жакшы көрүүчү, түбү кытай баркытына оймосу түшүрүлгөн, жазы-эндүү, атайын жасалгаланган кооз, чоң туш кийиз эле, эми сени кийип жүрсүн, энсден жаш калдың, энесин унутпай жүрсүн деп жасадым, - деп кийимдин ары жак, бери жагын чоюп, түздөп жатып мени окуумдан кечиктирип салган болучу. Чынын айтсам жаңы кийимге кызыгып жатып, окууну эжем эмес, мен да унутуптурмун. Класска киргенде мугалим эже жылуу тосуп алды. Келегой, Кайып, "жаңы, кооз кийим кийгенде эле жакшы окуган окуучу да кечигип калат" бекен. Анан курткама карап: - "абдан жакшы тигилиптир, чөнтөгү да бар экен, буга чүкө салып булгабаш керек, отурагой, ордуңа" деген!

## Мектеп жылдарында

Эртең мененки окуу ар дайым саат 8-00дө башталчу. Кечиксең катуу жаза аласың, жайкысын аралыкка чуркоо, бул жыргал да, а кышында болсо «карга сойлойсуң». Биз ушул өңдүү жазалардан коркуп, окууга эрте туруп, түн катып чыкчу элек. Таң атканда ортодогу Шалдыр деген айылдан өтүп, Кайыңдынын аркы өйүзүнө барып калуучубуз. Андан ары да 2-3 км. аралык бар эле, мектеп ойдо болчу. Убакыт эртерээк болуп калган күнү, жолдо Шалдыр менен уй сарайдын ортосунда калың чий өсүүчү. Ошол чийден 2-3 түптү өрттөп жылынып алуучу элек. Ушундай күндөрдүн биринде караңгыда Шалдыр тараптан атчан кишинин дабырты угулуп калды, аңгыча болбой эле Мусакожоев Кыдыргычтын үнү чыгып, «кокуй жаткыла» деди. Барыбыз бири-бирибизге жазданып жатып калдык. Атчан адамдын добушу бизге улам жакындап, ат үркүп жатса да болбой, үстөкө-босток камчы уруп, чу-чулап жатты, бизге жакын келип - "ой силер кимсиңер?..." деген үн чыгарса, биздин директор Аалиев Капар агайдын үнү экен, биз кокуй агай экен деп, жапырт баш кийимди алып, «биз, агай… саламатсызбы...» деп тура калдык... Агай да, ат да жок, тым-тырс болду... Убакыт болсо узакка созулду. Таң атып жарык өйдөлөп калганда айылдын четинен агай аты менен чыгып келе жатат. Арыктан өтүп бизге келди. Аты чочуп калыптыр дагы эле үркүп жатат.

- «Ушунча эрте чыгасыңарбы»? - деп суроо салса, жалпыбыз… ушунча эрте чыгабыз, агай! – деп жапырт жооп берип жатабыз. Аты дале бышкырып үркүп жатат. "барагойгула эми ..." деди агай. Биз мындай мамилеге ыраазы боло жайлана түштүк. Башыбызда кийим алынуу боюнча, айлана жакшы эле суук. Көрсө бизден алыс эмес жерде туура суу агып өткөн чоң арык бар эле, мал суу кечкен жери да жазы болучу, үрккөн ат арыктан катуу секиргенде агай аттан өзү түшүп калып, айылдын четине барган атты намазга эрте турган жылкычы Мамбеталы аке кармап берген экен.

Капар агай тың адам эле, мектепте тартипти катуу кармачу, кийин республикада Кыргыз радиосунда диктор болуп иштеп, дикциясы күчтүү, үндүү келип, Шекспирдин Отеллосунда Отеллонун ролунда сөздү СССРдин эл артисти Муратбек Рыскуловдон кем эмес деңгээлде окуур эле. Мен аны өтө суктанып укчумун.

Согуш күндөрүндө эне-аталарыбыз, улуу бир туугандар, кары-жашына карабай талаага таңдын атышы менен кетип, караңгыда келишчү. Биз көчөдөгү 7 бала биригип (кыйын болсо 5-6 жашта болсок керек, окууга бара элекпиз) күнүгө үйгө кемегедеги казанга жарма жасачубуз. Сууну 3 ÷ 4,5 км. аралыктагы жерден эки чакага куюп, (толук же бөксө экенин элестете албайм) ийинге эптеп илип, улам тез-тез тынып, көчөнүн бир жагынан экинчи жагына чайпалып, чакалардагы суу төрмөлип күүлөнгөн жакка күү менен барып, кайра күү менен үйгө жетүчүбүз. Отту өзүбүз жагып, казандагы сууну жылытып турчу элек. Талканды болсо Букарбай аттуу бала (улуубуз болсо керек) кыдырып чалып, тузду өлчөп салып берүүчү. Калган иш биз үчүн «адистин» иши сыяктуу болучу.

Кийин айылда окуп жүрүп 2-5-класстан эле баш тердик, отоо отодук, орокко үйрөнүп жүрүп, сол чыпалакты орокко алдырган из - согуштун изи азыр да жүрөт. Айылдагы башталгыч мектепти бүткөн соң бешинчи классты окуган жылы 3 бала биригип, Ворошилов атындагы орто мектепке кирдик, калгандары 4-классты кайталап окуп калышты. Күн сайын жөө **13-14 км.** аралыкка барып, кайра келип окудук. Мектепке чейин бир кыштактан, эки чоң өрөөндөн түшкөн сайдан өтүүчүбүз. Ал кезде жол жок, сайдагы туура сууларда көпүрө деген болучу эмес. Кышкысын чыгыш тараптан соккон таңкы ызгаар суук алдыга карап бастырбас эле. Кар жааган күндөрдө азап болучу, анын үстүнө ал жылдарда Нарын өрөөнүнүн башкы ушул бөлүгүндө кар өтө оор түшүчү. Атчан адамдар жалгыз аяк жолдон бетме-бет жолугушса бири-бирине жол бере алышчу эмес. Кардын тереңдигинен жолдон чыккан ат терең карга чумкуп, кайра жолго чыга албачу эле. Жазда болсо сайдын суулары кирип, октябрь-ноябрда суу тоңуп үйөр жүрүп, муздун үстүн суу каптап, сайдын бирде оң бирде сол жагына ооп, өтүүгө жол бербей көп убара болуп, кыйынчылыктарды тартчубуз.

2007-жылы «Инсандар таржымалы» аттуу китеп чыгарылып, ошонун 160-бетине минтип жазыптырмын: - «Мен өмүрүмдө эки жолу ыйладым. Биринчиси 1943-жылы Нарында сатылган нанга берилүүчү чекти жоготуп жиберип, экинчиси 1998-жылы Калыйчанын сөөгүн коюучу жайдын жерин көрсөткөнү барганда, атамдын эстелигинде, бүт тулку боюм бошоп, эрип, токтотууга эч күчүм жетпей, боздоп ыйладым! Жаныңа Калыйчанды алып келдим, ата!» - дедим.

Согуш болсо батышта күч алып жүрүп жаткан. Милицияда иштегендерге күнүмдүк нан беришчү, дүкөндөн алуу үчүн чек түрүндө болоор эле. Фрунзе көчөсүнүн чыгыш, тарабында, кичинекей көк терезелүү дүкөн бар болучу, биз анда күн сайын адамдардын артынан катарга туруп, нан алчубуз. Нан үчүн барууучулар жолукканда «чекисага баратам же чекисадан келатам» деп учурашуу иретинде айтылчу сөзгө айланып, «тартип» катары болгондой эле. Дүкөнчү немец улу-

тундагы көк ала сакалы беттин оң, сол жагына калың өскөн адам болгондуктан «чекиса» деп атап калышса керек. Нан тарткан машина келгичекти эле катарга тургандар арбып, катардын учу узакка созулуп калаар эле.

Ушундан улам күн сайын эрте барып катар алып коючубуз. Бир күнү чекти өзүнчө кагазга ороп алып, оюнга алаксып, чекти түшүрүп салган көрүнөм. А дегенде тызылдап чуркап жүргөн жерлеримди карап, анан түңүлө-баштап ыйлай баштадым, анан буркурап ыйлоого өттүм да ар бир чөптүн түбүн, теректен түшкөн ар бир жалбыракты аңтардым. Буркурап, боздоп ыйлап жүрсөм жездем Мамырбаев Арыз да келип калып, издешип жүрүптүр. Дүкөн жабылып, эл тараса дале ыйлап карап жүрөм, жездем үйгө кеткен экен, үйгө барганда эжем жездемден укса керек, мени урушкандын ордуна бек кучактап, башыман өпкүлөп ыйлай баштады, мен да ыйладым, солкулдап ыйладым. Үйдөгү 6 адамды үч сутка нансыз калтырып, көздүн жашын көл кылып, буркурап өткөргөн күнүмдү мына азыр да ушул сапты жазып жатып, далай жыл өтсө да ошол кайгымды сезип, жаңып кетип жатам.

Чекисада эки уй бар эле. Алардын ар бири азыркы Ала-Тоо пародасындагы өндүргүч букалардай болгон, бери болгондо 900-1000 килограмм салмакты баскан, желиндери жерге жеткен, кээде эки желинге кап жасап, куймулчак сөөк менен омуртка сөөктүн кошулган жерине жазы жалпак жасалган басмайыл буюм менен өйдө тартылып коюлчу. Күнүнө уйлар бир маал дүкөндүн маңдайынан өтсө нан алууну азга унута калып, таңыркап баары карап калышаар эле, суткасына ар бири «үч чакадан» ашык сүт берет экен деп таң кала кеп салып калышчу.

Атам, эжем, жездем болуп бир маал, эртели кеч өз ара кеп салышып, согушту, кара кагаз келген адамдар, ачкачылык, үй-бүлөдөгү тиричилик тууралуу сүйлөшүп калышаар эле. Атам айылга барып келгенде согушка берилген жардам, жылуу кийим, «заём» деп мага тааныш эмес сөздөрдү айтып кеп салучу. Ал кездеги мамлекеттик баалуу чараларга түшүнүү кайда?! Күндөрдүн биринде үйдөгүлөрдүн өз ара аңгеме куруулары жок эле калышты, көрсө атам тоого барса айылдан айдап келишип, шаардын үстүнө жайытка чыгарып койгон төрт кара бээнин экөө жок, бирөө төштөн тайгаланып, жардан учуп, бели сынып өлүптүр. Уурулар үч бээни тең шаарды көздөй кубалап, абдан шаштырып айдаган көрүнөт, экөөнүн изи шаарга кириптир, бирок, эч дайын жок, үч күн шаар кыдырып сурамжылап, милицияга болсо жездем өзү билдирип, эч шек таба алышпады. Атам өзү бул жерде болгондо күн сайын бир маал барып, оттуу жайыт жерге көторуп карап турчу экен. Калбүбү эжем, ишиң кыйшаңдаса ушундай болот экен да, бир кыйшаңдаса куюшкан кайра кайталай берет тура, кычыраган кышта складдан эле бир уйдун этин алдырдык, эми минтип төрт жылкы жок, деп ыйлап калчу эле.

Эжем күндөрдүн биринде көчөгө барып, ыйлап келди. Бизге эч сөз айткан жок. Атам болсо айылга кеткен. Кечинде жездеме айтып жатат: - Адам барыдан да ачкалыктан кыйналып өлөт окшойт, көчөгө бара жатып, Совет көчөсүнүн оң тарабында жалгыз аял жашаган үй бар эле, бир канча күн ал үйдөн чыкпай калды.

Эмне болду же айылга кеттиби деп, бир күн, 2 күн бара албадым, үчүнчү күнү терезесин карасам өз үйүндө жатыптыр, эшиги бек, ичинен бекитип алыптыр, буттарын кыймылдаткан түрү бар, бирок тирүүчүлүктөн белги жок... Эртеси болсо милиция адамдары келип, сөөктү алып кетишти.

Согуш адамга эмне гана кыйынчылыктарды алып келбеди. Айыл жерлеринде жаш балдар, кары эне, кары ата жана согуш майыптары, буту чолок, колу жок, балдак менен баскандар, бирок кандай болсо да тирүү калганына миң мертебе тобо кылып, жашоо улантуу үчүн бел байлагандар болду. Бирок, элди каптаган ар түркүн тумоо оорулары, күн кур эмес келген кара кагаздан, көз жаш тыйылбаган ызы-чуу бул жашоодо согуш эмне экенин билдирип, адамдын жүрөгүнө кеткис так салды.

1945-жылдын жай айларында атам келип, мени айылга атка учкаштырып алып кетти. Көгөнду - Кыядан өтүп, Кууданкөчтүн суусу мурда агып түшкөн эски сайдын Нарын дарыясына кошулган жерине 100-120 метрге жетпеген сол тарабындагы секичедеги эски кырмандын ордуна бир кара боз үй тигилип, чөп чаап жатышкан 15 аял-эркектин түшкү тамак ичүүчү, аз убакытка эс алуучу жайы бар экен. Биз атам экөөбүз ошол жайга келип түшкөндө Анар эжем менен Асанакун жездем экөө тосуп алышты. Анар эжем учурашып, мени кучактап ыйлап, «жетимим» деп жалынып, чыныга суу куюп, башыман тегеретип ыргытып, ырым жасады. Анар эжем экөөбүз эки бир тууган Жуманазар менен Калназардын балдары болобуз. Жездем колу тынбаган, тынчы жок, өз оокатына тың адам эле, адатынча чалгычылардын чалгыларын чыңап, курчутуп берип жатыптыр. Чалгычылар болсо Көгөнду-Кыядан жогорку түз талааларды бүт чаап бүтүшүп, Алма-Күчүктүн кабагын чаап жатышкан экен.

Ал кезде эл өтө эмгекчил эле. Техника жок тоют даярдоого байланышкан бардык жумуштар кол менен бүткөрүлүүчү, Чөптү кол чалгы менен чаап, кол тырмоо менен тырмап, айры менен чөмөлө салып, анан жапайы талдардан 2-3 түбүн бириктирип алып, чөмөлөдөн чөптү ошол чөп сүйрөткүчтөргө салып атка сүйрөтүп, чөп үймөктөргө жеткирип, ал жердегилер болсо чөптү айры менен үймөккө чыгарчу.

Эмнегедир чалгычылар солго түшкөндө алдыга аялдар жүрүшөөр эле. Төрт эркек артынан киришчү, алар жаш, майыптардан болсо да алдыңкыларды улам шаштырып, тез аракетке келтиришчү. Ортодо саал эс ала калышканда Дүйшөк байкенин колуктусу Бурулкан жеңени макташып калышчу. Жакшы сөзгө маашыркanып, жеңе да солдун башына тез эле чыгып, артка үн салып, кана «кымбаттуулар» ылдамдагыла, деп кайрылып, арттагыларды шаштырган мааниде кыткылыктап күлүп калучу. Капырай, деп калчу эжем Анар, «Бурулканга эч кимибиз бош бассак да кууп жетпейбиз, ал солду да кеңен тартат, анын бир тарткан солу айрымдарыбыздын эки жолу тарткан солубуздай бар».

Айрым учурда чөмөлөлөр чоң салынып, кол менен көтөрүүгө оор болуп калганда эки же үч адам бириге калышып, "ии... кеттик... бир, эки, үч" деп үн салышып, үймөккө чөптү ыргытышып, үстүдөн болсо үймөкчүлөр ыргытылган чөптү

айры менен тосуп алышып, үймөктүн үстүн чыгарып, үймөк жалпак болуп, суу зарыгып үймөккө өтмө болуп калбагыдай кыр чыгарып, чөптү айрынын арты менен чапкылап түздөп коюшчу.

15 адамдын ортосунда болгону бир баш саан карала эчки бар. Эжем Анар эчкини эки маал саап, боз үйдөгү тулгага асылган кара казанга толтура суу куюп, сууну кайнатып, эчкинин эки маалкы сүтүн сууга катыктап, бир маал ичишет экен. Кожон Осек уулу болсо тоодон жапыз тоголок куу өгүзгө эки флягага айран жүктөп алып келет. Түшкү саат бир менен экинин ортосунда келип калат деп, чалгыны токтотуп күтүшүп, айран келгенде ар ким өз идишин тосуп, бир литрден айран алышат. Айран делген аты гана болбосо, негизинен кол машинадан өткөрүлгөн көк сүттөн уютулган «жан багар» оокат эле. Бул жердегилер ушундай деп айранды айтышчу. Сырттан келгендер саламдын ордуна «жан багар келдиби» же «жан багарды бүтүрдүңөрбү» деп эки бөлүктүү эки ооз сөз менен гана сүйлөшчү. Согуш жылдарында уйдан, койдон, эчкиден сүт саап, аны кол машинадан өткөрүп, сүттү бышырып, каймагын алып, каймактан сары май жасап, мамлекетке согушка жөнөтүшчү. Уйдан сүт саап алууга караганда кой, эчкиден сүт алуу иши көп машакаттуу болучу деп кеп салышчу улуу ата-энелер. Себеби, козу, улакты бирден кармап, өзүнчө көгөнгө байлап, кайра жайытка чыгарып, саан учурунда кайрадан кармап, көгөндөп, ар бирин өзүнчө кол менен саап сүт алууда өтө көп кол эмгеги керек эле. Көп учурда мындай жумуштарды балдар, кыздар аткарышчу, алар көпчүлүк учурда буттарын койдун, эчкинин буттарына бастырып, туяктары аркалуу жаракат алышып, аксап да калышчу, көп убакыт да кетиришчү. Согуш учурунда балдар, кыздарга бут кийим өтө тартыш эле, ушундан улам бул жумуштарды жылаңайлак аткарышчу. Азыр жылаңайлак кой, эчки саадырышкандардын баары “бул азап иш экенин” жакшы билишет.

Кечкисин күн даана батып, күүгүм киргенде үйгө кетүүгө камынышат. Үйлөргө эл орунга отурган ченде келишчү. Эртең менен жумуш тоо баштарына күн чалганда кызуу башталып калат. Мына ушул өндүрүш учурундагы күн тартиби, ар дайым туура аткарылып, катуу тартип болуп калган өңдүү. Кийин атам мени тоого Төө-Жайлоого алып кетти. Анда Жуманазар чоң атам, Токтокан чоң энем бар экен. Атам өткөн жылы кампа кармап, шартына жараша чарбанын бир аз малын учет-отчету менен Жуманазар чоң атам экөө алышып, кышкысын айылга ошол үчүн келип-кетип турган экен.

Токтокан чоң энем мени карап көп ыйлачу болду. Өзү мүнөзү жоош, көп учурда ачылып сүйлөй бербеген, өтө токтоо, тынч мүнөздөгү адам эле. Биз жокто уулу Кыштообай да каза болуптур. Мына ошол кайгы аркалуу ар дайым ыйлачу экен. Бизде жалгыз Анар калды деп шыпшынып, - Анардын эки «жаман» уулу, кыздары турат, кудайга тобо жасап, ошолор аман болсо экен деп олтурабыз,- деп өзүнө-өзү кайрат айтып калучу.

Ошол эле жылы Кожон аке айранга келип, атаң сага апа алып келиптир, үйүңө кетесиң го деп калды. Мен шарт эле жолго салып, жөө чуркап, үйгө тоодон келсем апам бар экен. Мен «апа» деп мойнунан кучактадым, апам да жакшы адам

экен, мени тааныгансып, чоң мээрим менен кабыл алып, өзүнө бекем кысып, өпкүлөп кабыл алды. Үй ичи иретке келип, башкача болуп калыптыр. Ошентип, үйдө жаңы жашоо, жаңы турмуш башталды. Арадан аз күн өткөндө балдар Төө-Жайлоого барышып, отун карагайдын буталган чегедек, токойдо сынып куурап калган отундук жыгачтарды чогултуп алып келишип, кечкисин ата-энелер кеч келишкендиктен кемегеге от жагып, суу жылытып, камылга көрүп турушат экен. Мен да аларды ээрчип барып, «отун» алып келүүнү чечтим. Төө-Жайлоо өрөөнүнүн ооз жагы айылга жакын эле, өрөөндүн өзү кууш келип, бийик тоолордон туруучу, тескей беттерине жыш карагай, четин, карагат, арча, шилби, томотой, өрөөндө болсо жапайы талга жыш толгон калың токой бар, ортодон Тоо-Жайлоонун көк-кашка тунук суусу түшөт, өрөөндүн орто жери ачык жайыттуу келип, баш жагы коргул таштардан жана бийик-бийик зоолорду түзүп, эки айрыкка бөлүнүп кетет.

Четки көчөгө келип апам (Осуйпа Бокубай кызы) тосуп туруптур балдар мени отун менен «өрүлүктөйбүз» деп далыма «сарт таңгак» жасап, тыкыйтып «жүктөп» коюшкан болучу. Апам отунду алып, бир жак колу менен эле колтуктап алды. Мага алып келе жаткан “жүгүм” бир топ эле бар сыяктанып жатты элек апам болсо бир жак капталына эле кысып алгансыды, бул кандай деген суроо менен ичимден «жөнүрөөк» болуп калганын сезип, үйгө бардым эле, апам атама уулум «ченебеген» көп отун алыптыр деп мактап салды. Атам адатынча жай гана «а дегенде бардык иш кичинеден башталат, анан каруууга толгондо чоң иш өзү эле болот» деп койду!

Айылда мектебибиз башталгыч мектеп эле. Кайсы класс экени так эсимде жок, бирок, мугалим эже суроо бергенде такалып жооп бере албайм. Үйдөн деле жакшы эле даярдангансыйм, билип эле тургансыйм, бирок жооп бере албайм. Мындай учур өзгөчө санды санга кошуп же алганда болучу. Мына азыр да муунуп жооп бере албай, кысталчу элем деп эстеп, ушул сапка жазып жатам. Азыр менин ошол күндөрүмдү небере - чөбүрөлөрүм өткөрүп жатышат. Алар бактылуу балдар экен. Көрсө баланы 4-5 жашынан эле эсепке, тамгаларга тааныштырып койсо, бала мурда даяр болуп, анын сезимин тосуп турган «чел» дароо ачылып кетет турбайбы! А биз болсок сезимден кечигип, шар өтө турган жол тосулуп, ал турсун калыңдап калган окшобойбу. Менде 4-класстан баштап эсеп жагынан мындай кыйналуу болгон жок.

Атам кыш келгенде чарбадагы уй-торпокторду өзүнчө бөлүп, биздин короого бакты. Чарбада болгону 400-450 дөй кой бар экен, аны Жуманазар чоң-ата багып, Кара-Таштын Коко кыштоосунда кыштатып келет экен. Сарайдын артына уй, торпоктор үчүн чөп жыйылып, мал багып калдык. Эртең менен жана түшкүсүн саман берип, кыштак четиндеги кырманда багып, кечкисин болсо короодон чөп берүүчүбүз. Атам уйдун алдына өзгөчө мамиле жасап турар эле. А дегенде күзүндө кык топтоп, кой жаткан короодон кык тартылды. Кой короо болсо жакын эле Жуманазар чоң-атамдын үйүнүн жанында болучу. Андан кийин уйлар сийип, короо тоң короо болуп калат деп, короо экиге бөлүнүп, бастырма жагына уйлар

бир бөлөк, жаштары экинчи топ болуп, бир бөлөк бөлүндү. Чоң уйлар кечирээк жаштары болсо чоңдордон мурда саал эртерээк жатаканага киргизилет. Мындай тартипти бек эстеп калганым, уйларды бөлүүдө чуркап мен көп жумуш жасачумун го, кийин суук күчөгөндө аларды бөлүү, кийрүү жеңил болуп калды. Оор жумуш уйлардын астын кургактоо, калыңдоо, богун, сийген жерин тазалоодо эле. Уйдун богун чогултуп, капка салып, апам жонуна көтөрүп, огородго аңга төгүүчү. Мурда атам көтөргөнгө жардам берүүчү, кийин апама аркасына капты жөлөп берип, мен жардам берүүчүмүн. Түштөн кийин, күн сайын атам короонун ичин карап, текшерип чыгуучу, уй жаткан жерде тоң калган бок жокпу, ал турсун кичине эле тоголок бокту көрсө урушчу, уйдун ажалы, тоютта эмес, «жатында» деп айтуучу жаткан жерин. Ошентип, атам мал баккан жылдарда өлүм болду деген сөз уккан жокмун.

Арадан эки жыл өтпөй эле атам:- «Уулум, жасаган ак эмгектен акыбет кайтып, баккан малды аман сактаган үчүн колхоз бир тай менен сыйлады, апаң экөөң алдыңар», - деп кубанып айтты. Ошол жээрде ургаачы тай эле, кийин жылкынын төл башысы болуп, узунунан келген чоң жээрде бээ болду, жылкылар өзүнчө үйүр болуп көбөйдү. Жаңы алган жылы тоюттун сапаты начар болуп, Таажы-Төштөн тулаң жулуп келип кубаттуу болот деп тайга берчү элек, окуудан түштөн кийин келгенде атам күн сайын жем баштыкка, өз котушу менен өлчөп салып берген жемди оттоп жүргөн жерине алып барып, башына жем баштыкты илип, жемин жедирип коюп келчүмүн. Кийин онунчу классты бүтүп, редакцияда иштеп, дем алышта келсем, атамдар Көгөндүгө көчүп келишиптир, жылкыларды аралап, атамдан жылкыңыз канча болуп калды деп сурап калсам, "балам, жылкың өзүнчө айгыр үйүр болду, жээрде бээң баш болуп азыр 22 башы турат", арасында бир чоочун карагер бышты байтал бар, эки жыл болду ээси келбейт, Нарынга милицияга, сельсоветке да каттатып койдум, жолуккандарга да айтып жатам, бул жер айдоого жакын болуп, жылкы эгинге кирип кеткидей, тоого Бел-Өтөктүн башына чыгарып келейин деп жатам, - деди. Кийин жылкылар күзүндө келгенде ээси келип, сүйүнчүсүнө 2 метр жашыл чийбаркыт берип, кубанып, издебеген жерим калган жок деп, өзү өйүздө Байгазактан экен «Элден айланса болот, мен түңүлүп калдым эле», - деп, ыраазычылыгын айтып алып кеткен экен.

Айылда башталгыч классты бүтүп, V классты Ворошилов атындагы орто мектептен окуй турган болуп калдык, мен жайлоодо болуп, окууга 4-5 күн кечигип келдим. Ал кезде «жаман көрүшөт» деп, тоодон минип келген кунанымды Ворошилов айлындагы Курманалы жездемдикине калтырып, андан бери атамдын атынын куйругун кармап алып, жөө келе жатам. Ай жарык болуп, өйдө көтөрүлүп калган. Шалдырдын тушунан өтүп калган кезде атам - «ээ Кайыке, атам кийин деле мени ушинтип эркелете атап сүйлөчү, айылда сени менен бүткөн балдар быйыл кайра эле өз класстарына олтурушту, - дейт (IV класска), жалгыз Сейдилда менен Букарбай сени күтүп жүрүшөт экен, сенин оюң кандай?», - деди, - "жок" дедим мен, - чечкиндүү түрдө, ошол жообум өмүр бою эсимде сакталып жүрөт, кандай айтсам ошол мүнөздө. Кийин өмүрдө болгон бу-

рулуш жылдарды ойлоп, ошондо туура жооп болгон экен деп да ойлоп калам, «мен Ворошиловдон эле окуйм Ата, алар макул болсо да, болбосо да» - дедим. Атам унчуккан жок, ошол бойдон жүрүп олтуруп айылга 8-Мартка же Чайышка келдик. Атамдар тоодон көчүп келгиче мен Анар эжемдикинде болуп турмай болдум. Ворошилов атындагы орто мектептен 5,6,7,8 - класстарды окудум. Жайкысын мал менен Таш-Башаттан, Байбиче, Тепши, Баш-Кашка-Суу, Уланга чейин барчубуз.

Күз, кыш, жазында болсо мектепке окууга Төө-Жайлоодон Ворошиловго чейин жөө барып, жөө келип окучу элек. Күнүнө 10-12 км. чейин же эки тарабын кошкондо 20-24 км. аралыкты басып, жолдо болсо мектепке чейин Бурган-Суу, Кайыңды аттуу эки чоң өрөөндөн суу агып түшкөн чоң сайлар бар эле. Ал кезде жол жок, көпүрө боло элек, сайларда күздө, кышта суу тоңуп, үйөр болуп, сайлардан өтүүдө өтө эле оорчулук түзүлчү. Айылдын башынан Бурган Суугa чейин болсо бери болгондо 1,5-2,0 км. аралыкты Бурган-Суунун суусу чар жайыт агып, айдоо жерлердин баарын каптап агып жатуучу, жолдо ортодо Шалдыр аттуу айылды басып өтүп анан мектепке жетүүчүбүз.

Жазында суу көбөйүп, кечип өтө албай балдар кыздар болуп чуулдап-чуркурап жатып араң өтүүчүбүз. Жаз-жай оңолуп калаар элек, бутту чече салып, багалекти жоон сандан өйдөгө чейин түрүп, суу кечип өтүчүбүз. Көпчүлүк учурда суу чоң келгенде шымдар көп суу болучу, ал кезде биз узун ак ыштан кийип, трусы болучу эмес. Ошол учурдагы биз, бизге чейинки балдар-кыздар даана билим үчүн «өзүнчө күрөш» жасап окуучу тура. «Жол азабы, даана көр азабы» болуп мен бул жерде мүнөздөгөндөн да оор, азаптуу болоор эле. Күз, кыш, эрте жаздагы суук деген эмне эле! Мектепке келсең чоң-чоң чийки кыштар менен салынган контромарка мештери бар, бирок, колуңду мугалим кесек менен бир стулга чыгарып мештин «жылуулук чыгуучу» тешигине 3 минута колуңду тозосуң, андан да бир гана колуңду, анткени кезекти кийинкиге беришиң керек.

5-класска келген жыл болсо керек. Ал кезде Нарында кар калың түшүүчү. Атчан адам жолдо бирин-бири күтүп, эки атчан бирине-бири каршы чыкканда өз ара жол беришип, ачык жерлерден өтүүгө жол издеп анан өтүшчү. Мындай болбосо жалгыз аяк ат жол менен биринчи чыккан атчан сөзсүз түрдө карга чумкуп кайра жолго чыгышы оор болуп калаар эле, ат жолго чыгууга аракет жасаган сайын терең карга улам чумкуп жатып, азабын жеп араң чыгуучу. Мына ушундай күндөрдүн биринде менин жолдошторум Букарбай да, Сейдилда да окууга барбай калышыптыр. Мен жалгыз чыктым. Кар оор эле, таң атып айланага жарык кире элек болучу, жалгыз аяк жол менен из кубалап жүрүп калдым. Алдыдан кар жаап, бороон көз ачырбай уруп, жол көрсөтпөй эптеп чоң жолго чыгып, (күндөгү өзүбүздүн жол кыска, жакын эле) мына ушул араба, атчан кишилер өткөн жолго түшүп жолумду уланттым. Чынында арышты керип, чоң чоң таштап, айланамды тез-тез карап, чочугансып, шалдырдын кыштагынан өткөндө жарык үлүл-бүлүл көрүнүп, бирок, саал корккон сыяктанып келдим. Шалдырдан аз аралыкка узап калганда айылдан Чыңгыш уулу Айтманбет кошулду. Ал да жалгыз экен, башкалар келишпептир. Экөөбүз бириккенде оңолуп «карааңду» болуп калдык. Аң-

гыча айлана жарык да болуп калды. Экөөбүздө ошол жылдарда эле балдардын ичинен бири-бирибизге жылуу мамиле жасап калар элек, өз ара кол чабышып «салам-салам»! деп колдорду тийгизип коюучубуз. Кийин өз ара жолугушуп калганда ал бир жолу - «биз деле мектепке жөө келүүчүбүз»-дейт, анда мен -«ой койчу, Айтыке» - биз баскан жолдун араң үчтөн бирин басаар элеңер, десем «анын чын-чын» деп калды.

6-класста болсо керек Алгебрадан жаңы мугалим келген эле. Азыр канча аракет жасасам да атын, фамилиясын эстей албай койдум, өзү жапызыраак бойлуу, өңү сары кызгылтым тарткан агай эле, ар дайым көк фуфайка кийип жүрүүчү. Күндөрдүн биринде мени өз партаман чыгарып, башкалардан бөлүп окуучуларга каратып коюлган агайдын партасынын оң жагындагы терезеге чыгарып койду. Сабакты улантып класстан жазуу түрүндө диктант алды. Мен эч нерсеге түшүнбөй агайдын айтканын жасап жаттым, класска берилген тапшырма боюнча өз бетимче эсеп чыгардым, диктантыма «5» деген баа коюп берди, мен ошондо түшүнүп, кыясы сынактан өткөн экем деп кийин ойлочу болдум.

Кыш айлары болсо керек, 7 класста окучубуз. Физкультура сабагы болуп, мен класста калгам. Класска Сейдилда менен Букарбай экөө тең ат коюп шашып кирип келишти. Артынан физрук агай аларды кууп кирип, мени кошуп үчөөбүздү, класстан чыгарып, «согуш» кабинетине алып барды, (курал сактаган кабинет эле). Маңдайында штыгы бар бир мылтык алып, өзү калчылдап, кумсарып алган экен үчөөбүздү үч бурчка качырып, чуркап келип найза менен сая турган болуп кубалап жатты… Биз кээде мылтыктан секирип аттап өтүп жаттык, бир маалда Букарбай эшикти тээп чыга качты, артынан агай кубалап жөнөгөндө залга биз да чыга качтык, зал кенен узун эле, биз класска кирип, үчөөбүздүн китеп, баштыгыбызды алып, эшикке чыксак агай Букарбайга кууп жетпей калып, быш-күш болуп келе жатыптыр, жели чыгып, жини басаңдап калса керек, бизди кайрадан кубалоого батына албады, кандай болсо да кенен жерден экөөбүз обочо басып, анан чуркап өтүп кеттик. Мектептин маңдайы ченде жаман бузулган тамда аттарыбызды минип, мектепке келип, агайлап атын чакырып, "биз эми окубайбыз", - деп үйгө чу коюп жөнөп кеттик. Кийин өзүбүз жолугушканда "даана жинди агай экен кээде качырып жатып, дубалды сайып алып, мылтыкты чыгара албай будаланып жатканда бирөөбүздү сайып алса эмне болот эле" деп ошол учурду эске түшүрүп калаар элек.

Көрсө окуя мектеп артындагы узундугу 50-60 метр ачык аянтта болгон экен. Класстагы балдар, кыздар ошол аянтта карга эки ирет сойлоп барып, кайрадан сойлоп келишип, күбүнүп жатышкан мезгилде окуучуларда «сөгүнүүлөр» болуп калат, кимден эмне сөгүнүү болуп жатканын чала угуп калып, жогорку экөө кактардан баш жагында экен териштирбестен эле бөлүп алып, класска айдап келиптир, - «катардын уч жагы бизден алыс болучу, бизден эч сөгүнүү, ал турсун өз ара сүйлөшүү да болгон эмес», - дешет экөө. Биз бир жумача окууга барбай жүрдүк. Мектептин директору келип, Атам, Турдакун аке жана Анар эже менен сүйлөшүп, агайга чара көрүшкөнүн айтып, бизди окууга келишсин дептир.

VIII класска келген жылы 5-6 бала аттуу болуп калдык. Кышкысын суукта чана куруп кезек менен окууга барып - келүүнү чечтик, күндөрдүн биринде кезек Асанакунов Букарбайга келип, чанага үлгүрүп эрте келген балдар-кыздар отура беришчү. Күн суук, январь айы болсо керек, чанада менин катарымда Мусакожоев Кыдыргыч отуруп келе жаткан. Кайындынын сайынан өткөндө мектепке чейин жол эңкейиш болуп, чана жеңилдеп, Букарбай аттын таскагы менен жүрүп калды. Ошол учурда Кыдыргыч менин колтугумда келе жаткан сумкамды түртүп, сумкам окуу куралдар менен жерге түшүп кетти. Букарбай «токтот» деген үндү укпай, кыйла жерге узап калды, мен сумкамды алууга камынып бирок, этектерим бошобой чанадан «сүйрөлүп» түшүп калдым. Сумкама чуркап, папканы колтукка кысып алып келе жатам... Бирок, чанада эч ким жок, чана токтоп турат, балдар-кыздар баары жерде сойлоп, жерди тепкилеп, каткырып жатышат, мени көрсөтүшөт, мен эч нерсени сезбейм, чанага шашып чуркап келе жатам. Бир маалда бирөөнүн «... ээ..тээк... этегиң кана...» дегени угулду. Мен токтой калып, алдымды карасам, кийип жүргөн сырткы кийимимдин (милициянын шинелинин) оң жагы бел курчоодон айрылып, сол жак тарабы гана калыптыр, балдар-кыздар ошол айрыкты көрүп алышып каткырып жатышкан экен. Көрсө мен түшүп калган сумкамды алуу үчүн чанадан тоголонуп түшүп жатканда этектин бир бөлүгүн бирөө басып олтуруп алыптыр, мен козголчу, этекти басып алыпсың деп түрткүлөдүм, бирок, суукта үшүгөн бала козголбой койгондо мен чанадан сүйрөлүп түшкөн болучумун.

Шинелди айылдын жанындагы жакын үйгө - Тогуз акеникине барып чечип салып, окууга ички чолок тон менен кечигип барган элем.

## Жаз, жай келгенде

Ийри-Сууда суу терендетип ойгон кашаттар болоор эле, так ошол кашаттарда терең Көк-Кашка суу жайлап агып, төмөндөтөн шардан сүзүп чыккан балыктар тептекши, катар-катар болуп каалгып жай өткөндө, аттын жалынан өрүлгөн кылтак менен ошол кашаттуу көк кыртыштарга жатып алып, балыктарга кылтак тосуп, балык кылтактан ортолоп өтүп калганда тез тартып, кылтакты сабы менен жээкти көздөй сыртка ыргытып, узундугу карыш, көпчүлүгү карыштан өткөн балыктан тандап күнүгө 20-25 тен алаар элек. Ошентип биз кубанып жүргөн 2-3 жылдан кийин кайдан келгенин билбейбиз автомашина, тор менен көп балыкчылар келип калышты. Алар суунун өрөөнүнөн узун жыгач таяктар менен жээкти койгулап жатып балыктарды торго айдап күнүнө экиден кем эмес мешок менен алып кетип жатышып тез эле аягына чыгышты, биз окуудан тарап, тоого көчкөн мезгилде азайып калды эле, кийинки жылда балык жок болуптур, азыр да ал балыктар жок.

А деген жылы Байбичеге жайлоого бардык. Байбиченин ичинде эки суунун кошулган жери түз келип, бирок саал тарыраак экен. Бирок күнгөй-тескей беттери ачык болуп, малга жайыты кенен келет. Күнгөй бети бийик келип, кышкысын кар аз түшүп, өзгөчө бугу, маралдын айрым бөлүгү кыштоо, жаздоо өткөрүшөт, ушул жерде төлдөшөт. Арча арбын өсүп, тегерек тартып, бийик өскөндүгүнөн

жан-жаныбарларга коргонуучу, түнөөчү жайлар арбын. Мында аюу, кашкулак, суур, суусар кыштап чыгышат. Түштүк жакта Байбиченин Ак-Зоосу жатат. Төргө барып боз үй тигишип, ошол боз үйдүн түндүгүнөн эртең менен атайын ойгонуп, асманды карасаңыз Ак-Зоодон салаңдап, сизди тиктеп жаткан дардайган жапайы текелерди, эчкини көрөсүз. Мен мындай көрүнүштү биринчи көргөндүктөн бул жерде жазып жатам. Жаратылышка анын кооздугу, түзүлүшүнө кызыкдар адам 2012-ж. чыккан «Кыргызстанда бугу (марал) эң ыйык жаныбар» деген китепти окусаңыз, кумардан канасыз, 300 экземпляр менен чыккан, библиотекаларда, заповедниктерде, окуу жайларда бар.

Кийинки жылы Таш-Башаттан көчүп, орозонун айы эле, атамдар уй, жылкыларды түгөлдөп жүрүшүп, жүктү кеч жүктөштү. Ал күнү Кара-Таштын белинен көчүп араң эле Куугандынын оюрмасына жетип, уй, жылкыларды андан ары сүрүшүп, кеч болуп калгандыктан жүктү төш таяна эле таңгак-таңгагы менен унаалардан түшүрүп салышты. Атам чарчап калганбы, анын үстүнө орозо кармап оозу бек эле, кийимчен жүк жазданып жатып калышканына карабастан, «… катыгүн, катыгүн…, акмак болгон турбайбызбы, таң атып калыптыр» деп шашмалап, э кемпир, чанач кайда, таң атып кетти, … «бол эле бол», - деп апамды шаштырып, таңдын сүрүшүн тез-тез карап, өтө шашып, өтө кейип жатты. Апам алып келген чанактын оозун тез чечип, - «оомийин» деп бата жасап, чаначтын оозунан эки-үч жолу жуткандай болду, кайрадан бата кылып «ме - кемпир сен да аз жутуп ал» деп апама, мага берди. Кошуна Асаналы аке (сары Асаналы деп коюшчу), көп шашкан жок, Атамдын дүбүртү менен эле ойгонуп, жай туруп жүк жүктөгөнгө камынды. Көрсө ал киши орозо эмес экен.

Жүк менен бизди көчүрүшкөндөр калып, Атам, Асаналы аке малдын алдын тосуп алдыга кетишти. - Атам «-мал Чалкактан чала тоют болуп калышчу тура», деп кеп салып, - “уйлар да, жылкылар да жайытка жетип-жетпей эле отко сайылышкан экен”, Чалкакта түндөн от издеп шимшип кеткен бир да уй жок, жылкы болсо үйрү менен барган жерден козголбоптур жарыктык» - деп кеп салып жатат, биз барганда кымыздан ичишип, саан бээлердин үйүрлөрүнөн желе тартып байлашып жайланышып отурушкан экен. Атам сөзүн улап, Таш-Башат өтө оттуу жер, тиги төрлөргө жайыт кеч келет, бул жерде болсо чөп буралып, адам баса албай чөпкө чалынып калыптыр, айыбы күзгө чейин малга жайыт мындай боло албай калат, жайыт тез эле азайып, мал улам өйдөлөп, Кичи-Кашка-Сууга, Үч-Булакка, Байбичеге ооп кетет. Мындан Үч-Булак өтө кенен, малга жайлуу болот чөбү саал кечирээк жетилип, малга жагымдуу, мал үчүн төрт тарабы тең кенен оттуу болуп, мал мыкты семирет.

Кайсы бир жылы Байбичеге барабыз деп жатып Чалкактын Таш-Дөбөсүндө тууй турган уй жоголуп, 5-6 күн издедик, бирок, эч дайыны жок. Чалкактын айланасы, Ийри-Суу, Кара-Таш, Көк-Дөбө, багыты бүт каралды. Көчөөр алдында жоголгон уйду таап келебиз деп атам экөөбүз атганып, Кара-Таштын белине барсак, эшикте чоң казанга эт салынып, үйдө кыдыракей отурган өңчөй эркек адамдар кымыз ичишип өз ара кеп салышып жатышкан экен.

- Калназар аке, ниетиңиз ак экен, сизге чакырыкка кеткен уул келе элек, түз бармак эле, кайчы өтүп калган го. Бүгүн кой союп, кымыз бузуп, айылдагыларга тамак берип коёлук дедик эле. Ырас болбодубу, мына эми коноктор чогуу болдуңар, - деди үй ээси Мамбетказы аке.

- Атам, саал обдулуп, бул тамакты биз уга элек болучубуз, бир жумадан ашык болду бооз уйду жоготуп таба албадык, көзүң курч деп атайын уулду алып чыктым эле. Мүмкүн болсо биз тамактын ичинде болуп, жокту издеп бастыра берсекпи деймн, - деди.

- Жоок аке, анда биз таарынып калабыз!

Атам бул жоопту туура көрүп отуруп калды. Арадан убакыт өтүп, күн өйдө көтөрүлүп түшкү маалга чукулдаганда боз үй ичи үп болуп ысыды көрүнөт, коноктор эшикке чыгышып, көлдөлөң салынып жай алышты. Бирок, баары тең тебетейчен, үстүндө калың ортосуна кебез, жүн салынган чепкендер менен олтурушту. Кымыздын, сөздүн кызуусуна батышып, бардыгы тең сырткы күндүн ысыгын сезишкен жок. Мен күндүн ысыганына чыдабай көйнөкчөн болгом. А бул адамдар эч нерсени сезишкен жок. Тамактан эрте бешимге чукул тарадык. Атам экөөбүз аттанып алып, Көк-Дөбөнү бет алып, ал өрөөндүн күнгөй бети менен бара жаттык. Кыйла убакытка бастырып калдык. Атам мени маңдайкы карагай, черди жакшылап кара, менин көзүм күүгүм тартып аларды даана, так көрө албайт деп эскертип жатты.

- Ата!, деп катуу үн мененби же сүйүнүп кетиппи, тигине маңдайда карагайдын арасында уй ылдый түшүп келе жатат, музоосу бар экен, - деп кубаныч менен шаңдуу үн чыгарып, уйду музоосу менен мен тапкансып калдым!

- А мына көрдүңбү, Мамбетказынын тилин албай, тамагын таштап кетсек бүгүн да уй табылмак эмес, - деди Атам. Мен бүгүнкү үч учурга жооп таба албай, көпкө өзүмчө ойлонуп жүрдүм. Көрсө кийин…

Ушул жылы эмнегедир Таш-Башаттан түз эле Байбичеге көчүп калдык. Кичи-Кашка-Суудан өтүп, Тынаалы айрык менен баш аягы өтө узак экен, эңкейиш тартып жүрүп отуруп, Байбиченин эки суу кошулган түзүнө жүк түшүрүлдү. Жайдын толук кези болгондуктан чөп бышып жетилип, малдын жайыты да, Байбиченин айланасы да көркүнө келип турган кези экен. Ал кезде колхоздо алыска мал менен көчүп жүрүүгө ыктуу, чакан кара боз үйлөр болуп калган. Келгендер боз үйлөрдү тез эле тигип, оокат кечелер тейленип, желе тартылып, кулундар байланды. Кечке жуук Асаналы аке жок эле болуп калды, эл орунга отуруп, үйлөрдө лампалар күйүп калган кезде жакын эле жерден бир эликтин текесин атып келе калыптыр…

Биз менен ошол жылы жайлоого кошо чыккан Медер чоң атам бар эле. Ал кичи атамдын атасы Ажыбайдын бир тууган агасы Алыбайдын баласы, өткөн жылы байбичеси каза болуп калып, биздин үйдө кыштап чыккан. Медер ата курагында абдан кайраттуу, айтканынан кайтпаган бек мүнөздүү болгон экен. 70 жашында текши күрүчтөй аппак тиши бар эле, биз менен ошол курагында, кана балдар, жарышып буудай куурдак жешели деп, көп учурда мелдеш жасачу.

Үйүрдө көчкөндө жүк-жүктөп, ара чолодо өзү жылкы тосуп мине калган чалыш чоң күрөң бээ бар болучу. Күндөрдүн биринде Медер чоң ата ошол чоң күрөң бээни минип алып бастырып келе жатса жакынкы ийинден капыстан суур чыга калып, аңкыштап жиберсе бээ чочуп кетип, жалт берип үрккөндө бээден жыгылып, жерге салмактуу киши акыреги менен тийип, акыректин туура сөөгүнүн бири чорт сынып кетип, томпоюп калыптыр. Атам, Асанаалы аке, айылдан дагы эки киши болуп сыныкты киргизүүгө аракеттенип асылышып жатышты. Медер ата аларга жини келдиби же колдорунан келбешине көзү жеттиби, колун алардан тартып алып, эки колду чоюп турган эки адамды түртүп жиберсе экөө тең чалкаларынан түшүп калышты. Өзү аракет жасап дагы эки киши кошуп, эки колду сунуп, - мен кыйналсам да мага карабагыла, колду гана коё бербегиле, - деп өзү оң колдун бармагы менен сол акыректеги сынык томпокту ушалап туруп, бек бакырып, ачуу кыйкырык менен ылдый басып, андан «кырс» деген үндү угушуп, бары тең эле тымтырс болуп отуруп калышты. Медер ата, - келгиле эми, жакшылап таңгыла, - деп үн чыгаргыча эч ким үн чыгарбады, - чоң ата, силерде «кайрат» жок турбайбы деп, тигилерди жайлаган мүнөздө ууртунан жылмайып, мүнөзүн жумшартканын билдирип койду. Сынык таңылгандан кийин эшикте кыймыл жүрүп, сөз башталганда, Асаналы аке «аксакалда каруу дале бар экен, өзү жеринен кайраттуу болучу, бекеринен «көк мелтей Медер» деп атыккан эмес да» деди. Мен көк мелтей…, көк мелтей…, деп ичимден кайталап жүрдүм, азыр да ушул учурду эстеп жазып жатам.

Кийинки жылы Ак-Белдин, Узун-Булагына, Чаар-Жонго чыктык. Жайлоодо айыл көп эле, бирок, жайыттан малдын отуна карап, ар бир айыл жыл сайын өзөз ордуларына отурушчу. Биз Узун-Булактын өзүндө Ортоңку Кырда, ворошиловдуктар Узун-Булактын башында, Турдалынын айылы деп коюшчу. Ошентип, Шалдыр, Дөбөлү, Алыш, Кеңеш болуп ошол мезгилдеги чарбалардын өз конуштары бар эле. Балдар, кыздар болсо күндүз Узун-Булактын Сазына чогулуп, кемирчек казып, кемирчек менен мелдеш өткөрчүбүз. Ар бирибизде кемирчекти казып, тикенектен тазалагандан тышкары узун саптуу бирден кызыл сабы бар бычак болучу. Белгилүү аралыкты ченеп алып, кызыл бычактын уч жагынан кармап, чектелген аралыкка ыргытчубуз, тигинен даана турган бычак ортого коюлган байгенин ээси болот. Байге болсо аарчылып таза болгон кемирчек, байге канча кемирчек болоору оюндун алдында чечилчү.

Түнкүсүн балдар, кыздар болуп ак чөлмөк, жоолук таштамай оюндарын ойночубуз. Оюнга алыс болсо да бардык айылдардан келишчү, бирок тогуз - ондун балдары тоют даярдоого кетишчү. Ак-Чөлмөк оюну үчүн Ак-Белдин жону эң ыңгайлуу болоор эле, талаа кенен, жер болсо түз, кыртыштуу, уңкул-чуңкулу жок, тызылдап чөлмөктү таап алып балдарга жеткирбей чуркаганга жакшы. Июлдун онунан кийин от жаңыртып, Чаар-Жонго көчтүк, бизди көчүрүп коюп атам, апам экөө айылга тоют даярдоого кетишти. Ал кезде тоют даярдоо жалаң кол жумушу менен аткарылгандыктан ыктуу малчылар бүт барышчу экен. Биз үй менен жылкыда Торубаев Сокубаш аке экөөбүз калдык. Кулундун туягы басып алып, мен

аксап басалбай калганда Сокубаш аке бээлерди өзү саап, кымызды өзү ачытуучу, бээлердин бир тобун ошол учурда оорсок сааганга үйрөтүп алыптыр, калганын кулуну менен агытып, бутум басылганда кулундарды мен салып берип жүрдүм.

Дагы бир каникулда Айран-Суу, андан Нарынды кечип, Чоң-Тепши, Талды-Сууларга бардык. Айран-Суу болуп аталышы Нарын дайрасы ушул зоонада эңиш тартып, тез агып суунун ортосундагы чоң-чоң таштар көп болуп, суу улам бир ташка урунуп жатып, ак көбүктөнүп аккандан улам аталыптыр. Татырдын өзү кенен, түндүк бети ачык болуп, улам бир курбуну түзүп жатып, малдын жайытына абдан ыңгайлуу. Айран-Суунун өзүнүн өрөөнүндө башына чейин узак келип, жайыттуу, төрү болсо бир нече бөлүктөн болуп, күн чыгыш жагы 3-4 кенен, чоң-чоң өрөөндөрдөн болуп, тескей беттери карагай, четин, арча, карагаттан турган токой, ачык беттер арбын болуп баш-аягы жайыттуу келет. Ал эми суу маселесинде болсо Чоң-Капчыгайдын эч бир жеринде мүчүлүштүк жок деп айтса болот. Кийинки жылы тескей менен көчүп, Үмөткө, Баш-Кашка-Сууга жана Уланга бардык. Чоң-Капчыгайдын тескейиндеги жайлоолордун ичинен кенендиги, оттуулугу жана жаратылыш түзүлүшү жагынан буларга теңдеше ала тургандары жок. Уланга чейин жолду улантууну кааласаңыз бел ашасыз, илгерки ата-бабалардын жолу ушундай болучу.

Ысык-Көлдөгү Сарт-Акенин акыркы жашоосунан маалымат аласыз. Уламышта Сарт-Аке ошол жылы өзүнүн айылын, жакын ага-туугандарын эрте жазда Нарынга көчүрүп улам журт, жайлоо которуп отуруп 6 айга созулган экен. Нарын тоо кыркаларын бойлоп, тескей беттери менен көчүп олтуруп (акылдуу адамдын жалаң тескей менен көчүп келгени малды семиртүү болсо керек, чынында Нарын-Тоо кыркаларынын тескей беттери белден буралган чөпкө, тунук тентек аккан кашка сууларга кенен болот эмеспи, анын үстүнө адам суктана турган жаратылышы да бар. Чөптүн түрү да көп), аягында Нарындын башына келип конгон делет. Ушул жерге Ысык-Көлдөн дос-тамырларын, куда-сөөгүн, кошо көчүп жүрө албай калган туугандарын чакырып, коноктоп, сый көрсөткөн дешет. Анан күндөрдүн биринде конокторуна уруксат берип, алар алыстай электе арттан Сарт-Акенин каза болгонун билдирген кабар келген экен. 2014-жылдын август айы болсо керек, Дөбөлү айыл өкмөтүнүн төрагасы Ибраймакун уулу Жаныш келип, - «Сарт-Акенин чөбүрөлөрүбүз дешет, айылга онго чукул көлдүктөр келишиптир, Сарт-Акенин сөөгү коюлган жерди сурашат» деп калды. Мен Сарт-Аке тууралуу 1990-жылдары уккам. Ошондон бери бул суроого жооп таба албай жүрөм. Бул өрөөндө Сарт-Акеге анын ушул күнгө чейин эл арасында жашап келе жаткан кадыр-баркына татырлык эч маалымат да, эски сөөк коюлган мүрзөлөр да жок. Жалгыз Дөбөлү айылынын батыш жак четиндеги мүрзөлөрдө Сарбагыш Молдонун атасы Абылайга салдырган күмбөзү турат, ал эми Нарындын (шаардын) өзүндө ыктуу жер да, «шектүү» мүрзө да жок катары, жалгыз Кеңеш айылынын чыгыш жагында жолдун боюнда мүрзө бар, бирок анда эч болбосо көзгө чалынарлык мүрзө жок дедим. Келген адамдар мал союшуп, Кеңеш айылына куран окутушуптур.

Ал эми Чоң-Капчыгайдын чыгыш тарабынан болсо Баш-Кашка-Сууга ошол жылы Кеңеш, Алыш, Дөбөлү, Шалдыр, азыркы Орток айылдарынан малчылар барышты. Биздин айыл Баш-Кашка-Суунун түндүк тарабындагы Нарын дарыясына жакын кашаттагы борчук тартып узатасынан зоо болуп кеткен секиде отурдук. Бизден ылдый, батыш тарапта Дөбөлүлүктөр Султан акенин айылы болучу, башка айылдар Баш-Кашка-Суунун калган үч төрүндө болушту. Аралыктын алыстыгынанбы балдар, кыздар Ак-Белдегидей оюндарды кура алышкан жок. Баш-Кашка-Суу кенен жайлоо, үч төр, өрөөндөрү болуп малчылар үчүн да ыктуу, малга бир өңчөй болот. Чыгыш жагы Улан жайлоосу менен чектешип, Нарын дайрасынын түндүк, түштүк жагы менен жана Баш-Кашка-Суунун негизги төрүнөн бел ашкан тараптан болуп, үч багыттагы жол менен Тарагайга Улан аркалуу кетет.

Улан өрөөнү түштүктө Нарын тоо кыркаларынан башталып, суусу Нарын дарыясына кошулган жерде Чоң-Шор бар. Ал майда-майда дөбөчө болуп мал барганда 1-2 күн эч жакка чыкпай ошол майда дөбөлөрдү тытмалап Шордон (туздан) моокуму канганча жалашат, анан сейилдеп талаага отко чыгышат, андан кийинки күндөрдө болсо алыска өтө көп узабастан келип-кетип шорлоп турушат. Ошол жылы биз бери болгондо эки жумача туруп калдык, себеби, мал быйыл арбын келди дешип кеп салып калышчу.

Шорго атайын даярдыктар менен, ар бир айылдан бой салтыраак аялдан бирден (көбүнчө кымызды жакшы жасаган аялдардан), ар бир айылдан бирден баш калкалаганга жарагандай чатыр же боз үйдөн калканч өңдүү оокаттардан алышат. Эки-үч күндөн кийин үйлөрдү кыдырышып, кымыз тандашып чыгышат да, мына баланчанын кымызы күчтүү да, сиңимдүү да болуптур дешет, 5-6 күндөн баштап кымыздын «күчтүүсү» боюнча кеп ура башташат, 9-10-күндөрдө балдар чогулуп, шордогу дөңдөрдүн арасында чоңураактары кымызга «мас» болуп деп кеп сала башташты. Ошентип шордо кымыз ар тарабынан күчүнө кирип, «ай шордун кымызы ай» деген сөздөр чыгып 12-13 күндөрдө кайра көчүп жөнөдүк. Негизинен Улан жалпы эле Тарагай менен Чоң-Нарындын чек арасы десе болот. Тарагайда чөп күчтүүлүк жасап, малдын семириши да жакшы деп кеп салышат нарындыктар. Ал эми Улан өрөөнү болсо түндүктөн түштүккө карай созулуп өрөөндүн батыш тарабы да, чыгыш тарабы да капчыгайдын ичи сыяктуу тик, бийик эмес, жайык, кенен колдогу мал үчүн да, жапайылар үчүн да өтө оттуу болот, анын үстүнө ортодо шору бар. Уландын батыш тарабы чоң кыштоо, 1992-1994-жылдарга чейин бул кыштоолордо Жети-Өгүз районунан бери болгондо 12-14 короо кой, үйүр жылкылар кыштачу. Чыгыш тарабы, батышынан да кенен келип, өзүнчө өрөөндөрдү түзүп, бийик кырлар болбой тоолору жапызыраак келип, өрөөндөр туурасынан кенен созулуп, кичине-кичине борчуктуу зоолордун араларында кенен жайыттуу аянттарды камтыйт. Бул айлана административдик-территориялык бөлүнүшү жагынан Нарын районуна таандык болсо да 1950-1951-жылдан бери Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районуна 25 жылдык мөөнөтү менен чарбачылык үчүн **убактылуу берилип,** ал эми 1986-жылдан бери Нарын мамлекеттик заповеднигинде болуп жатат.

Нарындын Чоң-Капчыгайы деп аталган ушул бөлүгүнө өзгөчө токтолбосо болбос деп ойлоп, көңүл буруп жатам. Себебим, биринчиси Моңолдордун Бакы уруусунун Меңдуулатынан тараган беш уулдун тукумдары мына ушул чөйрөдө жашап келе жатышат. Экинчиден, Чоң Капчыгайдын ушул бөлүгүнүн жаратылыш түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүнө аз болсо да токтоло кетчү жери бар. Кайсы кылымда же кайсы шартта бул аймакка келгенибизди мен да, бул жердеги башкалар да жооп бере алышпайт. Азырынча документтүү чыгармалардан, санжыралардан окуй албадым. Кыясы биз жашаган аймак буруу болгондугунан жана жер шарттын өтө татаалдыгынан атайын келип элди, жашоо - тиричилигин билүүгө кызыккандардын болбогондугунда болсо керек.

Нарын деп аталыштын өзүн - тар, кууш, бийик деп түшүндүрмө беришет. Бул туура. Чынында эле түштүк тараптан Нарын тоо кыркалары, түндүк тараптан Жетим-Тоону тең экиге бөлүп, улуу Нарын дайрасы агып өтөт. Айланасы деңиз деңгээлинен 2600-4000-6000 миң метр бийиктиктеги тоолор менен курчалган. Нарын дарыясынын агымынын тездигинен улам өрөөндө пайда болгон жаратылыштык - рельефтик түзүлүш өтө татаал. Дарыянын оңго-солго имерилип агышынан улам пайда болгон булуңдар жолугат аларды, бул жердегилер «татыр» деп аташат. Ошентип Кара-Таштын белин ашып, капчыгайдын тескей бетин ээлеген жыш токойду аралап, бир жагын суу, бир жагын жар, зоо кыстаган, бирде бел-белес бирде ашуу ашып жол жүрүп отуруп, мына ушул Уландан саал өтүп калганда өзүнчө бир «капастан» кутулгансып каласың, жанатан «жер астында» жүрүп, эми жаңы эле «жер үстүнө» чыгып калгансып, айланаңдагы тоолор тээ алыста жүргөнсүйт, алдыда чыгыш, андан оң жана сол жакты карасаң көк асманды, түздүктү көрөсүң. Бул деген сенин «Тарагайың» дегенсийт айлана. Тарагай деген жер чынында ушул? Ал тууралуу кийин да сөз болот.

## Эми кышкы жумуштар менен таанышалы

Артка кайрылып кышкы жумуштарга өтөлү. Өндүрүштүк жумуштарды чынында алтынчы класста эле баштадым көрүнөт. Атамдын көрүүсү начарлап кышкысын отундан начар тартып калдык. Ушундан улам алтынчы класста элем күндөрдүн биринде отунга барабыз деп жакын туугандар Ашкен аке менен Мамыт аке кеп салып калышты. Мени да ала баргыла деп сурансам макул болушту. Атамдан уруксаат алып, отун издей баштап, бөлүнүп кеттик. Алар аягы менен турган карагайлардан, чал баш, сары өзөк карагайлардан отундук издеп жүрүшөт. Мен мурда алынып учтары калгандардан кургактары болсо деп издеп жүрүп зоодо таштын үстүндө жаткан эки учту таап, баш жактары мурда алынып, учтары калган экен, аларды токулдата чапкылап, бутактарын бутап, орундан бирөөн козгоп анысы кыскараак экен тумшугун кардан, бутактардан тазалап, бир аз алдыга жылдырып коё берсем, эңкейишти көздөй калдыраган бойдон жылып кетти. Сүйүнүп калдым. Экинчисин да даярдап, алдыга жылдырып, учурдум эле, шырык узун жана учу да ийри көрүнөт, калдырап кетип жатканын карап тура

бериптирмин бир маалда уч жагы келип башыма тийгендей болду, мен турган жериме тоголонуп калган экем, эки агам колтуктап алып ылдый түзгө алып келишиптир. Ооруп бир жумача окууга барбай калдым. Атам урушат «барба» дебедим беле деп, апам «отунуң менен омуран кал» дейт...

Жайкы каникул учурунда жездем милициянын карагайын даярдоону алыптыр. Ошол жылы биздин айылда болуп, эрте жаздан киришип «Тегеректин» Боз өтөгүндө болдук. Менин милдетим жеңил эле өңдүү, бирок араа менен араалап карагайды жыгуу, аны 3-4 метрлик кылып бөлүү оорураак эле, мен бат чарчап, жездем көп учурда мени күтүп калучу, анан бутактарды бүт бутап, жаш кабыктарын сыйрып алып, арааланган карагайларды кышкы отун үчүн кургатуучу элек. Жездем көп учурда мени сак болууну эскертип туруучу. Себеби, карагайды жыгуу учурунда өтө коркунучтуу учуру бар эле. Карагайды жыгуу үчүн аралап жатып, теңинен өтүп калганда мени ар дайым өз жанына чакырып, ак балта менен карагайдын араалана элек бөлүгүн кесе баштачу, бир азда карагай тик турган абалын жоготуп, ооп барып «күрс» деп жерге барып жыгылчу. Ушул мезгилде жездем мени колдон алып «коркпо», тынч тур дечү. Жыгылган карагайдын күүсүнөн чыккан добуштун, бырыксып айланага сапырылып чыккан чаңдын эпкини да мен үчүн кыйла коркунучтуу болоор эле. Карагай жыгылаары менен бутакты бутоого киришчүбүз. Жездем жоон бутактарды деле бир жолудан эле чаап бүтүрчү, мен болсом саал жоонураак болсо эле бир нече жолу токулдатып бутакты бутап түшүрчүмүн.

Кийин 7-класска келгенде жездемде милициянын чоң чаар бээси бар эле. Ошол бээ менен барып үйгө отун алчумун, Кулмат аке (Медер уулу), Турдакун аке (Деркембай уулу) экөө мага шеф катары болушуп (атамдын өтүнүчү менен болсо керек), отунга барган сайын чаар бээге тууралап, бир аттын жүгүнчөлүк отундук карагай, шырыктардан даярдашып берип жүрүштү. Кышкысын Жолголоттун ичи өкүм унаа үчүн коркунучтуу эле. Тайгалак жантайма беттер, өңдүрдүн өзү муздуу келип, жайкысын суунун агымы менен пайда болгон жарлар бар эле. Чаар бээнин өкүмдүү экенин билишип, Турдакун аке менен Кулмат аке карагайдагы арканды бээге кошуп, бээнин белин тартып бекитип бүткүчө бээнин ооздугун кармап туруп, карагай кууп, бээден өткүдөй болсо чаап жеткирбе дешчү. Аттанарым менен чаар бээ жулунуп ооздук бербей жөнөчү, Жолголот ылдый бирде бээ өтүп, бирде карагай өтүп, кубалашып жөнөчүбүз, жантаймаларда, жар ченге келгенде бээни калың карга тартчумун, бирде туура болуп, бирде ага болбой карагай бээден кууп өтүп бээ арткы эки буту менен карагайга «минип» калгансып жүрүп отурчубуз, болжолу оозго чыккыча 3-3,5 километрче болоор эле, чаар бээ түзгө келгенде да жулунуп, күшүлдөп-бышылдап жүрүп отурчу, бээнин дем алуусу да башка унаалардан башкача эле, муунуп кетип жыгылчудай болуп, кышылдап- бышылдап дем алуучу. Муну көрүшкөн Кулмат аке менен Турдакун аке «каны бузулган бээ тура, өлөөрүн билбей жүгү оор болсо да жулунуп, жанталашып жүрөт экен», - дешчү эле.

Мына ушул чаар бээ менен 8,9-класстарда кышкысын жездем Нарын шаарынын Киров атындагы көчөсүндө мурдагы тамын жаңыртып жаңы там салды.

Ошого баш-аягы бирдей болгон, бир да бутагы жок 23 коло карагай алып бердим. Кийин балдары чоңойгондо - эй Мамырбаевдер бул үйлөрдүн тактайын асты-үстү менен тоодон учуп-кулап жүрүп мен алып бергем, тамдын кирпичин агаңар Асанкан курсагын чардайтып алып бала чагында куйган, экөөбүздү үйгө кирген сайын эстеп жүрүшүнөр керек деп оюн-чындан тамашалап калаар элек, анда жездемдин Асанбек, Эсенбек, деген балдары чоңоюп калышкан болучу. Ушул эки жылда кайсы күн экени эсимде жок, Жолголотто карагайдын «мурдун көзөп» жатсам, маңдайыма келип Турдакун аке отуруптур, - берчи алдагы балтаңды, - деп калды. Менин балтамды алып, ары-бери карап туруп, өзүнүн балтасын мага берип, ме... муну менен иштеп көрчү, - деди. Атама болгон окуяны айтып, Турдакун акенин балтасы, - балта эмес эле бычак экен, - дедим, Атам, анда балтаңды так ошол Турдакун акеңе курчуттуруп берейин, балам деп менден балтаны алып кетти.

8-9-класстарда эки жылы жайкысын Кеңеш айылынын батыш тарабынын Козу-Өтөк деген жерден отун үчүн карагай даярдадык. Бул зоона Теке-Секириктин суусу менен Алыштын суусунун ортосунда тескей беттерде болучу. Биз карагай алган участоктун үстүн Көк-Жайык деп аташчу. Карагайлар тик беттерге өсүп, жыш чыгаар эле! Беттерден карагайлар арбын жыгылып, карагайдын бутактары чегедектер арбын болуп калган мезгилдерде Нарын шаарынан көп эшекчен балдар жайкы каникул болгондо кышка отун камдаш үчүн келишчү. Чегедектердин кургак-суусуна карабай топтошуп бутактардын түз жана жоондорун чогултушчу, эшектерге кыналган абалда жүктөшчү, мындай иш аларга көндүм болуп, өзүнчө тартип болуп калгандай көрүнчү. Козу-Өтөк менен шаардын аралыгы деле анча алыс эмес жер. Ал кезде Теке-Секириктен Шаркыратманын суусу Нарын дарыясына кошулганга чейин курулуш жок катары болучу, ал турсун Тоголок-Молдо көчөсүнө чейинээн жерлер көп, жалгыз больницанын имараты жана төш жакта бирин-экин менчик үйлөр болоор эле. Жалгыз гана Теке-Секириктин суусу Нарынга кошулган жерге аз жетпей Нарын суусу көтөрүлгөндө жээктеги суу көтөрүлүп отун жүктөгөн «эшекчендер» эле эмес Нарынга барып же кайтып келе жаткан жүргүнчүлөр да үстүңкү ат жолго салышып белесчени айып калышчу. Ал кезде азыркы автожол жок, кийин оңдолуп жол өйдө көтөрүлгөндө шыдыр болуп калды. Күн ылдыйлап эрте бешим болуп калган убакта отун жүктөгөн эшектер кыркаар тартып, солдаттарча бир катарда болуп биринин артынан бири чубап шаарга бет алып жөнөшчү.

Отун үчүн шаардык балдардын келген күндөрү мен үчүн көңүлдүү болот. Алар бака-шака түшүп, өзүнчө оюн куруп келишет. Буталган чегедектер арбын болгондуктан отун издеп көп убара болушпайт. А дегенде топ ойноп жүрүштү. Алардын арасында жездеме тууган болуп жүргөн Жумагулов Тентимиш бар эле. Ал жездемде мылтык бар экенин билип, мени арачы сала баштады. Жүрүп олтуруп жездем өзү да көңүлдөнүп, балдарды жардамга чакырып, карагайды кололоп араа менен бөлүүгө, бутактарды бутоого тарта баштады. Бизде болсо иш ылдамдап, карагай даярдообуз да арбып калды. Тентимиштен кетти көрүнөт,

күндөрдүн биринде балдар ок, мылтык сурай баштașты. Жездем күлүп, балдарга о мурдунарды урайындар, бул жерде эмне атасыңар деди эле, - бири таш атабыз, бири карга атабыз, көбү шапке атабыз, бул биздики рабочий, - деп коюшту. Ошентип, эртеси «шапке» ата турган болушуп, жүктөрүн жүктөп алып кетишти. Шапкени бута жасап атуу кызуу да, кызыктуу да өтчү. Айрыкча шапкесин өзү теше атканы катуу сүйүнүп, ураалап, ары-бери чуркап, черин жазды. Бирок утулуш да болот да. Өзү шапкесин ата албай калып, башкага коюп берип, ал атып кетсе өкүнүч болучу, «тартипте» шапке атып кеткендики болуп калучу, же кайра атмай, эгерде эки жолу удаа теше атса, ал шапке ээсине кайтарылып берилээр эле. Бул чоң калыстык чечим эле.

Жездем шаарга кетип 2-3 күн келбей калчу. Мен түнкүсүн жалгыз калганда өтө коркоор элем. Күндөрдүн биринде төлө салынган жер тик коктуда болучу, эртең менен турсам кокту менен тик өйдө, төрт аяктап, «коркунучтуу» нерсе келе жатат, түнкүсүн түш да көргөм, киши же айбан экенин ажырата албадым, качууга камынып турсам, … о бала!... дегенге окшош үн чыкты … ат коюп жөнөгөнүмдө эле, “коркпо…коркпо, .. мен ат издеп жүрөм…” деди, мен токтой калып, - “ ат жок, бул жакта”, - дедим. Киши туура капталга салып көрүнбөй калганда, коркконум тарап, кишинин артынан акмалап чыксам, ал аркы кырда ылдыйды көздөй “аткан октой” кетип бара жатат. Кийин кызыгып, ким экенин тактасам, төмөн жактагы эле Жайлообактын баш жагында жашаган Жунус деген адам экен. Узун бойлуу, тартайган, кызыл жүздүү адам эле, ар дайым тоодо, ойдо жүрсө да, ылдый жүрсө да акактап чуркап жүрөт дешчү.

Жездем биринчи жылы эле өтүк ултарам дечү. Карагайдан жаш, бутагы жокторунан жыкканда жаш карагайдын солкулдаган жаш кабыгын өзүнчө төлөнүн ичинде караңгы жерге кургатуучу, анан улам карап, кабык кургап келе жатканда ийлей баштачу, көп убара болуп жатып, эки кишилик өтүккө жетерлик ички тамандык жасалма «булгары» таман жасады, бирин мага ( а дегенде), экинчисин эжеме деп эки өтүк ултарды. Мен 9,10-класстарда Нарындагы Токтогул атындагы орто мектепке келген жылдарда кийип жүрдүм. Мектепте жүргөндө өтүктү жалтырата кара май менен майлап алып басуучумун, жасалма эмес кадимки тамандай эле .. кырч, кырч.. эткен үн чыкчу, көпчүлүк учурда өтүктү кайталап майлап алып, мектептин алдындагы кыздардын жатаканасына барчумун. Карагайларды кололоп, аппак кылып аарчып, кургаткандан кийин тартууга жеңил болуп калганда 4 км. аралыкка учурмага чейин ат менен тартуучубуз. Учурмадан чоң жолго чейин аралык жакын эле, чынында көп убакыт өткөндүктөнбү, учурмадан ойду көрүп, көп көңүл «бузулуулар» болгон эле! .. Бирок 9-класста окуган жылы жездеме жардамчы болуп, жээни болуп калат экен, Бек деген аке келип кошулуп, жумуш көп эле жеңилдеп калды.

Атам, жездем менен акылдашып, мени шаардан окусун деп чечишти. Ошентип 9-10-классты Нарындан Токтогул Сатылганов атындагы орто мектептен окудум. Жездем, эжем экөө дүкөнгө барышып, тизеден келген жаз, күз кийүүчү чолок пальто, 10-класска киргенде сары жакалуу кышкы пальто сатып беришти.

Ошентип, мен жакшы өтүктүү, эки пальтолуу болуп калдым. Мектепте 9 «а»-классына олтурдум. Окуучулар арасында мурда бир окуган үч классташым Ракыйма Садыкова жана Төлөн Жапарова, Сайраке Мамбетисаева бар экен. Бирок, кандай болсо да мен шаарлыктар бизден «тың» болсо керек деп 3-4 күн чоочуркап, саал басынып, булар менен теңдешип окуй алаар бекем деп, кооптонуп жүрдүм… Арадан эки жума убакыт өтпөй бизге тарыхтан сабак берген мектептин директору Абдиев Рафхатбек агай кирип калды. Өзү бойлуурак келип, кенен далылуу, үстүндө кастюм, галифе шым кийинип, мугалимдин отуруучу жайы жөнөкөй гана окуучунун партасы болгондуктан отурууга бир аз кысталып баткан, көрүнүшү жалпысынан салаваттуу агай эле. Окуучулар менен таанышып чыгып, мурда өтүлгөн сабактан Петр биринчинин Россия үчүн кошкон салымдары кайсылар деген суроого ким жооп берет деп кайрылып калды. Дароо эле класста эч ким жооп берген жок. Анан агай бул суроого негизинен беш маселе менен жооп айтса болот, мен суроолорду толук чечмелеген окуучуга «отлично» деген баа коёт элем! Кана ким? Мен деген эч ким болбоду. Мен парталардын аягыраак жагында отурчумун, даярдыгым бар, суроонун бешөөнө тең жооп берсе болот, бирок дароо эле кол көтөрө алганым жок! Колумду көтөрсөм же.. деп окуучулардан жазганып жатам.. Колумду кыймылдатып алдымдагы баланын далдасына катымыш болом… Агай ордунан турду да, мага карап, анда «сен кел» деп кайрылды. Менин кыймылымды батына албай жатканымды байкап койгон көрүнөт. Мен биринчи, экинчи … деп калганын толук айтып бердим. Бешөөн тең өткөндө өзү айтып берген, мен өзүндөй болбосо да өзү сыяктанып санап айттым, өзүнө жактыбы же жокпу деп ойлоп, өзүмдүн апкаарып турганымды суроого жооп берип жатып унутуп, өзүмө эчак эле келгенсип, жайланып калганымды сездим.

Сага «беш» деп партанын чекесине журналды тартып эңкейип баа койду. Мен ордума бара жатып жолдо баары эле «мага карап» жаткансып жатты. Ошентип, биринчи бешти бул мектепте Рафхатбек Абдиевичтен алган элем. Адамдын тагдыры кызык десең, кийин бир кызматта, бир райондо, областта, аягында Чаекте атасы Абды ата менен бир көчөдө жашадык. Ошол 1952-жылдан бери ушул материал менен иштеп жатып эсиме түшкөнүнө туура 63 жыл болуптур. Азыр ал суроолорго ошондогудай жооп таба албай турганыма өкүнүп турам!!! Ал үчүн убакыт, материал керек. 9-10-класстарды Токтогул мектебинде жакшы окудум. Биздин класста да жакшы окуган башка балдар, кыздар бар болучу. Т. Ибраев, С.Шамшыбеков, О. Кыйсаев, Р. Садыкова, «б» класста Ш.Норузбаева, Ш. Болсуналиева, Ш. Мукашова сыяктуу. Бирок, шаарда окуучулар «тың болушса» керек деп мен жөн гана чочулап жүрүпмүн. Окуучулардын басымдуу көпчүлүгү кыздар эле, алар да айылдардан келишкендер. Көпчүлүк учурларда аял мугалимдерден тил угуп жатышчу, жаткан жериңер мамлекеттен, ичкениңер бекер тамак, окуу болсо жок катары, кантип уялбайсыңар деп.

Ошол жылдарда Токтогул орто мектеби бир этаждуу, узун залы бар, «п» формасында салынган мектеп болучу, азыр ал жерде Агахандын үч этаждуу имараты турат. Шаардагы арбын окуучусу бар жалгыз орто мектеп эле, бул мектеп-

күндөрдүн биринде балдар ок, мылтык сурай башташты. Жездем күлүп, балдарга о мурдунарды урайындар, бул жерде эмне атасыңар деди эле, - бири таш атабыз, бири карга атабыз, көбү шапке атабыз, бул биздики рабочий, - деп коюшту. Ошентип, эртеси «шапке» ата турган болушуп, жүктөрүн жүктөп алып кетишти. Шапкени бута жасап атуу кызуу да, кызыктуу да өтчү. Айрыкча шапкесин өзү теше атканы катуу сүйүнүп, ураалап, ары-бери чуркап, черин жазды. Бирок утулуш да болот да. Өзү шапкесин ата албай калып, башкага коюп берип, ал атып кетсе өкүнүч болучу, «тартипте» шапке атып кеткендики болуп калучу, же кайра атмай, эгерде эки жолу удаа теше атса, ал шапке ээсине кайтарылып берилээр эле. Бул чоң калыстык чечим эле.

Жездем шаарга кетип 2-3 күн келбей калчу. Мен түнкүсүн жалгыз калганда өтө коркоор элем. Күндөрдүн биринде төлө салынган жер тик коктуда болучу, эртең менен турсам кокту менен тик өйдө, төрт аяктап, «коркунучтуу» нерсе келе жатат, түнкүсүн түш да көргөм, киши же айбан экенин ажырата албадым, качууга камынып турсам, … о бала!... дегенге окшош үн чыкты … ат коюп жөнөгөнүмдө эле, “коркпо…коркпо, .. мен ат издеп жүрөм…” деди, мен токтой калып, - “ ат жок, бул жакта”, - дедим. Киши туура капталга салып көрүнбөй калганда, коркконум тарап, кишинин артынан акмалап чыксам, ал аркы кырда ылдыйды көздөй “аткан октой” кетип бара жатат. Кийин кызыгып, ким экенин тактасам, төмөн жактагы эле Жайлообактын баш жагында жашаган Жунус деген адам экен. Узун бойлуу, тартайган, кызыл жүздүү адам эле, ар дайым тоодо, ойдо жүрсө да, ылдый жүрсө да акактап чуркап жүрөт дешчү.

Жездем биринчи жылы эле өтүк ултарам дечү. Карагайдан жаш, бутагы жокторунан жыкканда жаш карагайдын солкулдаган жаш кабыгын өзүнчө төлөнүн ичинде караңгы жерге кургатуучу, анан улам карап, кабык кургап келе жатканда ийлей баштачу, көп убара болуп жатып, эки кишилик өтүккө жетерлик ички тамандык жасалма «булгары» таман жасады, бирин мага ( а дегенде), экинчисин эжеме деп эки өтүк ултарды. Мен 9,10-класстарда Нарындагы Токтогул атындагы орто мектепке келген жылдарда кийип жүрдүм. Мектепте жүргөндө өтүктү жалтырата кара май менен майлап алып басуучумун, жасалма эмес кадимки тамандай эле .. кырч, кырч.. эткен үн чыкчу, көпчүлүк учурда өтүктү кайталап майлап алып, мектептин алдындагы кыздардын жатаканасына барчумун. Карагайларды кололоп, аппак кылып аарчып, кургаткандан кийин тартууга жеңил болуп калганда 4 км. аралыкка учурмага чейин ат менен тартуучубуз. Учурмадан чоң жолго чейин аралык жакын эле, чынында көп убакыт өткөндүктөнбү, учурмадан ойду көрүп, көп көңул «бузулуулар» болгон эле! .. Бирок 9-класста окуган жылы жездеме жардамчы болуп, жээни болуп калат экен, Бек деген аке келип кошулуп, жумуш көп эле жеңилдеп калды.

Атам, жездем менен акылдашып, мени шаардан окусун деп чечишти. Ошентип 9-10-классты Нарындан Токтогул Сатылганов атындагы орто мектептен окудум. Жездем, эжем экөө дүкөнгө барышып, тизеден келген жаз, күз кийүүчү чолок пальто, 10-класска киргенде сары жакалуу кышкы пальто сатып беришти.

Ошентип, мен жакшы өтүктүү, эки пальтолуу болуп калдым. Мектепте 9 «а»-классына олтурдум. Окуучулар арасында мурда бир окуган үч классташым Ракыйма Садыкова жана Төлөн Жапарова, Сайраке Мамбетисаева бар экен. Бирок, кандай болсо да мен шаарлыктар бизден «тың» болсо керек деп 3-4 күн чоочуркап, саал басынып, булар менен теңдешип окуй алаар бекем деп, кооптонуп жүрдүм… Арадан эки жума убакыт өтпөй бизге историядан сабак берген мектептин директору Абдиев Рафхатбек агай кирип калды. Өзү бойлуурак келип, кенен далылуу, үстүндө костюм, галифе шым кийинип, мугалимдин отуруучу жайы жөнөкөй гана окуучунун партасы болгондуктан отурууга бир аз кысталып баткан, көрүнүшү жалпысынан салаваттуу агай эле. Окуучулар менен таанышып чыгып, мурда өтүлгөн сабактан Петр биринчинин Россия үчүн кошкон салымдары кайсылар деген суроого ким жооп берет деп кайрылып калды. Дароо эле класста эч ким жооп берген жок. Анан агай бул суроого негизинен беш маселе менен жооп айтса болот, мен суроолорду толук чечмелеген окуучуга «отлично» деген баа коёт элем! Кана ким? Мен деген эч ким болбоду. Мен партаардын аягыраак жагында отурчумун, даярдыгым бар, суроонун бешөөнө тең жооп берсе болот, бирок дароо эле кол көтөрө алганым жок! Колумду көтөрсөм же.. деп окуучулардан жазганып жатам… Колумду кыймылдатып алдымдагы баланын далдасына катымыш болом… Агай ордунан турду да, мага карап, анда «сен кел» деп кайрылды. Менин кыймылымды батына албай жатканымды байкап койгон көрүнөт. Мен биринчи, экинчи … деп калганын толук айтып бердим. Бешөөн тең өткөндө өзү айтып берген, мен өзүндөй болбосо да өзү сыяктанып санап айттым, өзүнө жактыбы же жокпу деп ойлоп, өзүмдүн апкаарып турганымды суроого жооп берип жатып унутуп, өзүмө эчак эле келгенсип, жайланып калганымды сездим.

Сага «беш» деп партанын чекесине журналды тартып эңкейип баа койду. Мен ордума бара жатып жолдо баары эле «мага карап» жаткансып жатты. Ошентип, биринчи бешти бул мектепте Рафхатбек Абдиевичтен алган элем. Адамдын тип, биринчи бешти бул мектепте Рафхатбек Абдиевичтен алган элем. Адамдын тагдыры кызык десең, кийин бир кызматта, бир райондо, областта, аягында Чаекте атасы Абды ата менен бир көчөдө жашадык. Ошол 1952-жылдан бери ушул материал менен иштеп жатып эсиме түшкөнүнө туура 63 жыл болуптур. Азыр ал суроолорго ошондогудай жооп таба албай турганыма өкүнүп турам!!! Ал үчүн убакыт, материал керек. 9-10-класстарды Токтогул мектебинде жакшы окудум. Биздин класста да жакшы окуган башка балдар, кыздар бар болучу. Т. Ибраев, С.Шамшыбеков, О. Кыйсаев, Р. Садыкова, «б» класста Ш.Норузбаева, Ш. Болсуналиева, Ш. Мукашова сыяктуу. Бирок, шаарда окуучулар «тың болушса» керек деп мен жөн гана чочулап жүрүпмүн. Окуучулардын басымдуу көпчүлүгү кыздар эле, алар да айылдардан келишкендер. Көпчүлүк учурларда аял мугалимдерден тил угуп жатышчу, жаткан жериңер мамлекеттен, ичкениңер бекер тамак, окуу болсо жок катары, кантип уялбайсыңар деп.

Ошол жылдарда Токтогул орто мектеби бир этаждуу, узун залы бар, «п» формасында салынган мектеп болучу, азыр ал жерде Агахандын үч этаждуу имараты турат. Шаардагы арбын окуучусу бар жалгыз орто мектеп эле, бул мектеп-

тен академик Үсөн Асанович баш болгон көптөгөн окумуштуулар, республикага белгилүү болгон партиялык, советтик, чарбалык кызматтарда иштешкен адамдар чыгышкан. Мындан тышкары Чкалов атындагы орус, Киров атындагы орто мектеп, орто окуу жайынан педучилище, медучилище бар эле. Азыр мектептерде окуучуларда ар кандай тартип бузуулар көп болуп кетти деп кеп салышчу болду. Ал кезде мектептерде мындай терс иштер болучу эмес же өтө эле сейрек жолукчу. Класстарда класскомдор, комсомолдук, пионердик уюмдар чынында көп иштерди аткаруучу эле. Башка жумуштарын айтпаганда да мектеп боюнча комсомолдук уюмда бюро мүчөлөрү болоор эле. Мен да бюро мүчөсү элем. Мектепте узун залда кетип баратсаң кийинки класстагылар тура калып учурашып, тынч болуп калышчу эле. Ал кезде адабиятты көп окушчу класстарда, мектеп боюнча да көркөм китептерди окуу, талкуу жасоо, пикир айтышуу жүрүүчү. Көп окуучулар да папкаларына көркөм китептерди салып алып «жашырынып» окушчу, үйдө же бош убактыларында ар дайым китеп окушаар эле. Сөздүн чынын айтканда жаштар адабиятка берилип окушчу, китептеги жакшы образдагы адамдарга берилип, ошолорго карап өздөрүн түздөшчү.

Азыр бул маселе дээрлик башкача жүрүп калды. Жаштар телевизордо эч пайдасы жок мушташкан, чабышкан берүүлөргө алагды болушуп, бош убактыларын дээрлик толук адамдын сезимине пайда алып келбеген берүүлөрдүн, касеталардан, интернеттен алууга кетиришет. Менин балдарыман Анара, Динара, Жолдошбек азыр да 50 жаштын бери же ары жактарына барып калышса да бош убактыларында көркөм адабияттарды окушат, неберелеримден Элина, Салкын, келиндерим Гүлнара, Нурзадалар бар, алар чынында жаш чагында үйрөнүп калышкан! Спорттук мектепке барып, шаардык стадиондо жеңил атлетика, волейбол, шахматтан сабак алып, спорттук мелдештерге катышчумун. Стадионго барып, волейбол ойноп жатып биринчи жолу Кудашов Айылчы аке менен таанышкам, ал киши мени байкап турган экен, оюн ортосунда мага келип, Кайып Калназаровсуңбу деди. - Ооба байке менмин - дедим. - Анда сенин атаң менен менин атам дос болушкан экен, «мен Кудашов Айылчы болом» дегенде эле, мен атамдын мурда көп айтып, «досум болучу» деген сөзүн укчумун. Мен дароо эле «билем, байке» - дедим, сизди да айтчу, менимче сизди жогорку окуу жайында окуйт, десе керек эле, - Эң туура, эсиңе тутуп билгениң жакшы деди. Биз оюндан чыгып стадиондо басып жүрүп көпкө сүйлөштүк…

Кийин Айылчы аке, Нарын өрөөнүнүн тескейиндеги эң кадырлуу адам Токтосунов Өмүр акенин кызы Апал Өмүровна Токтосуновага үйлөндү, өзv дегенде Ворошилов атындагы орто мектепте директор болуп туруп, ортодон убакыт өтпөй эле Тогуз-Торо районуна ал кездеги райондук эл агартуу бөлүмүнө башчы болуп кетип, кыш айларында Нарынга бел ашып, бороондо ашуу ашып келе жатып каза болуп калды. Комсомолдун областтык комитетинде иштеп жүрүп, Айылчы аке директор болуп турганда Ворошилов атындагы орто мектепке барып калдым. Мектеп мурдагы эле ордунда, Орток айылынын ортосундагы чоң ойдо экен. Бирок, ичи башкача болуп калыптыр, баягы биз «столго очередь

менен» чыгып, оң колду жылыта калып түшүп турган, дүкүйгөн кара «контрамарка» печтери жок, кайрадан жаңыртылып, кышкысын жылуу болуп калганын айтышты. Окуу бөлүмү, директордун кабинети да башкача көрүнүп, кийим илинүүчү орундар, стол, стулдар иреттелип, ал турсун кире бериште кол жуучу жай, таза полотенца болуп калыптыр. Булар мага чоң өзгөрүү болуп көрүндү, өз ичимен Айылчы акенин аракети, мен көрө албаган дагы чоң бурулуштар болсо керек деп түшүндүм!... Мектеп аралык мелдештер шаар ичинде өткөрүлүп туруучу, кокус мектеп утулуп калса класс жетекчибиз Кадыр Усенов чоң кайгы тартчу, «эми агай ыйлайт» деп окуучулар утулган учурда сөздү ушундан башташаар эле.

1953-жылдын 5-марты И.В. Сталиндин өлгөн күнү чоң кайгылуу күн болду. Класста бардыгыбыз келип, толук тынчтык өкүм сүрүп, агайдын келишин күтүп, шарт туруп агай менен учурашууну күтүп олтурсак, агай Кадыр Усенович кирип келип адатта биз менен саламдашчу эле, анын ордуна өзү буркурап ыйлап кирди, ...Сталинден.. Иосиф Виссарионовичтен айрылдык балдар деди. Биз да улуп-уңшуп ыйлап кирдик. Агай бизге угузуп коюп чыгып кетти. Мен уккан сөзгө ишенбөөчүлүк менен залга эшик ачып баш баксам, бүт мектеп үңүлдөп ыйлап жатыптыр. Ушул абал мага «бүт дүйнө» үңүлдөп ыйлап жаткандай сезилди! Ал күнү окуу болгон жок. Үйгө келсем, эжем да ыйлап жатыптыр...

## КӨЗҮҢДҮ АЧ, ТЕСКЕРИ ТҮШҮП АЛДЫҢ!

Ал кезде 10-класcты бүткөндө мамлекеттик экзамен берилип, аттестат алуучубуз. Математикадан экзамен берип жатабыз. Бизге тапшырма берилип, экзамендин тартиби түшүндүрүлдү. Эгерде менин эске тутуум жаңылбаса, тигинен коюлган колбанын ичинде, колбага тигинен коюлган үч бурчтук бар эле. Ошол үч бурчтуктун «белгисиз бир бурчу бар», ошол эмнеге барабар деген сыяктуу тапшырма болучу. Комиссияда 4-5 киши бар экен, алардын бири мага тааныш эмес, калганы мектептен кошулса керек. Мен ишке киришип, колбаны, анын ичиндеги уч бурчтукту тартып, бурчтарды белгилеп, ишти аткарууга киришип калганымда мага тааныш эмес адам кыдырып, менин жаныма келип туруп калды, бир азга карап турду, анан кетип калып, мен эсепти ортодон өтүп калган мезгилде кайрадан келди да азга туруп кайра кетти. Андан убакыт кыйла өткөн соң агай Кадыр Усенович келип, мен акыркы учурда башка жолго түшүп алганымды көрүп, ... "көзүңдү ач, сен тескери түшүп алдың" деди. Мен шак эле түшүнө калып, кокуй деп башка формулага салып, андан ары шыдыр кеттим. Кадыр Усенович аягында келип, бүттүңбү деп сурап, жооп туура экен, эми балдарга «тез тарат» деп кетти. Мага белгисиз адам кээде эсиме түшө калганда ойлочумун, ким, эмне үчүн мага келип жатты же «шпаргалка барбы деп ойлоппу деп», а бирок математикадан мен ар дайым шпаргалкасыз чыгарчу элем! Онунчу класcты бүтүп, аттестатты алып, балдардын, кыздардын бир тобу Фрунзеге жогорку окуу жайларына кетишти, кыздардын бир кыйласын болсо «күйөөлөр» ала качып, колукту кылып алышты. Шаарда чогуу бүткөндөрдөн мен жалгыз калдым. Жездем мага кызмат карап,

областтык газеттин редакциясына барыптыр, менин абалымды түшүндүрсө керек, анын үстүнө корректорлук бир орун бар экен, аттестатын алып келсин, көрөлү дептир. Арадан онго чукул күн өттү. Баш-аягы чогулган 8-9 бала болуптурбуз, карап олтуруп мага токтолушуптур. Ошентип 3-июль 1953-жылдан тартып менин эмгек жолум "Нарын правдасы" газетасынын редакциясында корректор болуп иштөө менен башталды.

## Кээде аялдар атайылап эле "кара" теришет

Редакцияда иш оор экен. А дегенде көнбөгөндүк менен тез чарчап, терүүдөн кеткен каталарды окуп жатканда калтырып коюп жүрдүм. Бирок, тез эле өздөштүрүп, жай окуп, катаны так, даана табыш үчүн муундап, ал турсун тамгалап окуп, ката кетирилип терилген ар бир тамганы табууга үйрөндүм. Бирок, андан кийин дагы бир оорчулук чыкты, анда көнүп, көзгө үйүр алгансып калып, жалпы эле шыдыр окуй берип, ката кетиресиң. Типографияда да абал оор экен. Тамгаларды терүү кол менен, кечкисин свет жок учурларда чырак менен теришет, лампаны улам көтөрүп жатышып, шишени булгап карала жасап алышат. Кээде көбүнчө аялдар, атайылап эле "кара" теришет, окшош тамгаларды тескери терип коймойлору да бар, анда сөз такыр эле тескери болуп калган учурлар болот. Газетага материал биринчи терилгенден баштап, редактор басууга уруксат бергенге чейин эле беш жолу окулуп, беш жолу каталар оңдолот. Бир жолкуда «Кореянын мамлекеттик ишмерлери Москвага келишти деген сөз, мамлекеттик «итмерлери» болуп кетиптир. Мындай учурда КГБга көбүбүз барып текшерүүдөн өтүп, газетага түзөтүү берилчү. Бир жолу выпускающий суранып кетип, мен ордунда калдым эле, газета кимдин органы экени белгисиз болуп чыгып кетиптир, аны редактор «жарыкка» деп кол коёрдо эртең менен өзү көрүп калып, почтадан токтотуп кайра бастырганы эсимде. Негизинен биз өтө узак иштечүбүз. Эртең менен саат ондо келип, түнкүсүн эрте кеткен күнүбүз түнкү саат он экиде, а кеч калган күндөрдө түнкү саат 2-2,30 да араң үйгө кетүүчүбүз.

Бирок менин турмуштук жолум редакциядан башталганы жакшы болгон экен деп ойлойм. Мен ал жерден эң башкысы жашоо, турмуш, иш эмне экенинен биринчи түшүнүк алдым. Менин өзүңдү курчап турган чөйрөгө түшүнүүм кеңейип, мекеме, ишкана, колхоз, совхоз, район, шаар, облус деген эмне, экенин алардын кимиси эмне менен алек болушарын үстүртөн болсо да таанышууга жол алыпмын. Тогузунчу класстан баштап көркөм адабиятка кызыгып, редакциядан кеткенге чейин өздүк библиотека түзүп, китептеримдин саны 1 050дөн өтүп калган болучу. Ошол мезгилдерде адабияттын авторлорун «адам дүйнөсүнүн инженерлери» деп аташар эле. Чынында ушундай болсо керек. Адамдын түрү, өңү канчалык көп болсо анын акыл сезими, ой жүгүртүүсү, өзүн курчап турган чөйрөгө, адамдарга болгон көз карашы да өзүнчө өтө кенен дүйнө тура. Мына ошол кенен дүйнөнү чагылдырып кагазга түшүрүп, кайра адамдардын өздөрүнө жеткирүү чынында инженерлик иш экен.

Редакциядан кийин комсомолдук кызматка алышты. 1956-жылы июнь айында Токтогул атындагы орто мектептен кийин Кадыр Усенович жана Рафхатбек Абдиевич менен турмуш жолубуз кайталанып жолугушуп жүрдү. Кадыр Усенович райком комсомолго кел деп эки жолу чакырды, биринчисинде учет бөлүмүнө деп, мен учет бөлүмүнөн көрө инструктор болсо дурус болот эле десем, анда туруп тур деди. Учет кызматы утурумдук эле, инструктордо болсо кийин «жылып кетсе» болот деген ой айтылды. Бул чечим да мен үчүн туура чечим болгон экен деп калам, кийинки учурда. Комсомолдун райондук комитетинен биринчи жолу комсомолдук баштапкы уюмдарга командировкага чыга турган болдум. Мен анда 19 жашта элем, үйдөгүлөр (эжем) мага жайкы үстүнкү кийимди козгоп калышты, чындыгында менде кышкы кийимдер болуп калды эле, бирок, жайкы плащ өңдүүсү жок болучу. Айылга барсам жээним Асанакун баласы Букарбайдын жайкы пальтосу бар экен. Мен аны колтугума кысып алып, Жаңы-Талап колхозуна жөнөдүм, Он-Арча суусунан түшүп калып, андан аркы жолду жөө басууга туура келди.

"Жаңы-Талап" колхозу чоң чарба экен, ошол кезде Кызыл-Жылдыз, Бас-Кыя, Тогуз-Булак, Жалгыз-Терек, Жаңы-Талап, Жерге-Тал болуп 6 айылдан турган, алардын 4 айылы борбордук айылдан - 10-15 км. алыс аралыкта, ал эми борбордук айылындагы эки айылдын баш аягынын узундугу эле 10 км. кем эмес аралыкты түзөт. Колхоздун конторунан мага жардам бере ала турган адам табылбады. Көп убакыт көчөдө туруп, ар кимден сураштырсам, комсомол уюмунун секретары «бүгүн жокко» көрүнбөйт дешти. Убакыт өтүп кечке жуук болуп калганда конторду тазалап жүргөн апа бар экен, балам парторг келди дегенинен барсам, орто жаштан өтүп калган агай экен, салам айтып учурашып, райондук комсомол комитетинен атайын келдим эле, комсомол уюмунун секретарын эртеден бери сураштырып таба албадым, "жардам бересизби агай" дедим эле, дароо эле, комсомол отуруп алмак беле, жүрөт да, - деди, анан "бизде чабарман деген башкармада эле болот" - деп кошумчалап унчукпады.

- Эч болбосо кайда болушу мүмкүн экенин билсем болот эле байке, - дедим унчукпады да ары басып кетти. Кабинетинде ачууланып жатыптыр. Мен акырын басып, коридорунда турсам үй тазалап жаткан апага:

- Комсомолду тап дейт, мени чабарман көрөт, - деп ачууланып, апага айтып жатат. Муну угуп, көчөгө чыгып «эмне жасоо керек» деп ойлонуп азга турдум эле, апа артыман чыгып, колунда чакасы, шыпыргысы бар экен.

- «Уулум, бүгүн жумушуң бүтпөйт го, эрте караңгы боло электе кете берсеңчи», - деди. Мен адатымча пальтомду, уюмга берүүчү кагаздарымды колтукка кысып, жолго салдым эле, апа кайрадан мага кайрылып:

- Сен келген жолуңа салба, кыштактын четине чыксаң, тетиги белди ашып жол кетет, ал жол келген жолуңан үч эсе жакын, -деди да бул белди биз да жөө көп жолу ашканбыз, уулум! Өз бетинче сүйлөнүп! Жолдо келе жатып, бүгүнкү өткөн күнүмө, ишимдин болбой калганына кейип жатып, ушундай «коммунист» да болобу? Барбы? Көппү? Деген түркүн ойлор мени алаксытып алып келе жат-

ты,.мен кайсы сөзүмдөн жаздым, калпты айтып ачуулангыдай деп айткан сөздөрүмдү ичимден кайталап эске түшүрүп жатып, биз мындай адамдар менен «коммунизмге» качан жетет болдук экенбиз! Эртеси кайра келдим, комсомолдук уюмдун секретарын таап, кечээки окуяны айтсам, «ал ошондой киши» деп койду, эки күнү болуп, ишимди бүтүрүп алып кайра тарттым.

Август айында болсо керек, мени тоют даярдоо боюнча райондук штабга кошуп коюшуптур. Эртең мененки саат ондор чамасында мен райисполкомдун машинасына олтуруп, ал кезде райисполкомдун председатели Наамат Божоков деген киши эле, чогуу жолго чыктык. Ал кезде исполкомдун председателдери көп орундуу, арткы орундары узатасынан орнотулган ГАЗ маркасындагы машиналар болучу. Артка кылчайып карап: - сени райком комсомолго жаңы келди дешти. Фамилияң ким? - деп сурап калды.

- Фамилиям Калназаров, атым Кайып, Наамат Божокович, - деп жооп бердим. Башка сөз болгон жок. Жолдо келе жатып, кайда барат болдук экенбиз деп ой жүгүрттүм эле, болжолу мен мындан бир жарым ай мурда келген чарбага окшоп калды. Он-Арча суусунан сол жакка бурулуп, Кара-Чий айылына келипбиз. Наамат Божокович а дегенде кол чалгы менен чөп чаап жаткандарга жолугуп сүйлөштү, андан ары өткөндө эки сугатчы арпа сугарып жатышкан экен, алар менен сүйлөшүп, арпанын сугатын кеч баштап, ала сугарып жатышканына наразы болуп, бригадир кайда деп сурады эле, сугатчынын бирөө бригадирдин атын атады, - Кайсы жанагы ээрдин кашына курсагын артып алганбы, - деп, кудайды карасаңар боло, бул суу силерге жердин жети түбүнөн келет, сугарганыңар бул, эч болбосо суунун убалынан корксоңор боло, - деп ачууланды. Андан ары Бас-Кыя тараптан дагы 1-2 жерге кайрылып, түз эле Жалгыз-Терек айылына жөнөдүк. Ал жерде чаар ат минип, тез-тез сүйлөп өзү токтоно албагансыган жигит колхоздун председатели Каниет Айманбаев экен, председатель менен учурашып, 15-20 гектар чамасындагы жүгөрүнүн аянты экен, чыгышы да, айдоосу да начар болгонбу, айтор бул жерде жакшы сөз болбочудай болуп калды. Экөө тең ат минишип жүгөрү аянтын кыдырып жүрүштү. Райисполком агай өтө бок ооз, сөгөнөөк киши экен жүгөрүнүн абалын көрүп алып, аялдар, жашы да, карысы да бар экенине караган жок, мен а дегенде атчандардын артынан кошо ээрчип бастым эле, тигил ачуу сөздөн кийин өзүнчө бөлүнүп, аянттын четинде калдым.

Колхоздун председатели - ушул асмандын башына жүгөрү айдоо болбогон иш экенин айтып жатты, кыргыз мал багат, жайлоодо болот, өмүрүндө көрбөгөн өсүмдүктү өстүрүү колдон келбей жатат дегенсип, түшүндүрүүгө аракет жасайт. Бирок бул жерде сүт фермасы бар, айдоо аянты да дурус эле тандалыптыр, жанында кенен сугат суу да бар экен. Бирок, жүгөрү.... жүгөрүнүн абалы чынында жаман, анда-санда жерде чыккан бир түп жүгөрү, апыртып айтса бир квадрат жерде бирөө эле өскөнсүйт.

Түш ооп калган кезде машинага отурдук, мен шаарга кетет экенбиз деп ойлосом кыштактын башына келип, Нарын дарыясын көздөй бурулдук. Чоң сууга түшө бергенде чычырканак, камыш баскан булуңда үч салаа болуп чыгыш-

тан батышты карай агып жаткан суу бар, машина булуңдун этек жагына барып токтоп, биз машинадан түштүк. Көрсө анда даяр балык кармай турган тор жана башка керектүү куралдар кенен экен, аңгыча колхоздун председатели, жанында бир киши экөө ат менен кирип келишти. Биз чечинип салып, сууга балык «айдоо үчүн» кириштик, суунун айрым жерлери өтө терең болгондуктан суу ийинден өтүп, кээде эринге чейин жетип жатты. Тор менен балык тоскондор биринчи эле салаадан шарактап, көңүлдүү болуп калышты. Экинчи, үчүнчү солдон да жакшы болду көрүнөт, болду, токтоткула дешти. Секиде сарайчынын үйү бар экен, балыктар союлуп, тазаланып болгон соң кадимки эле казанга уйдун сары майына ортосу жарылган балыктарды унга эки бетин оонатышып, куура башташты. Тамак өтө таттуу болду окшойт, эч ким унчукпай баш көтөрбөй отуруп жешти. Мен чынында мындай даамдуу, таттуу тамакты биринчи жешим болду, үйгө келип жездем, эжеме айтып «бүткүз» жомокту кеп салсам, алар да кошо жешкендей болуп, кубанып калышты.

## АК-ТАЛААГА БИРИНЧИ БАРЫШЫМ

Өткөн күндөргө кайрылып, мен комсомолдук кызматтарда иштеген учурларды кымбат баалайм. Комсомол жаш адамга жашоо турмуш эмнеден турарын түшүндүрүп, **20 жаштагы али «балакай» учуруңду тымызын** калыптап турган учур тура. 1958-жылдын кыш айлары эле Обком комсомолдун биринчи секретарынын кабинетинде аппараттын бардык кызматкерлери олтурушат. Мындай жыйын такай болоор эле. Өзгөчө бардык кызматкерлер райондордон чогулушуп келгенде өтүү адатка айланып калган иш-чара катары бааланчу. Улам бирибиз аткарылган иштерди билдирчүбүз. Бир маалда капысынан эле Жаныбек Турсунович «...жооп издегенди Калназаровдон үйрөнүү керек»... деп калды. Эч ким унчуккан жок. Мен болсом эки ачада түшүнүп, бул кандай мааниде айтылганын түшүнө албадым. Жыйын бүткөн соң да көпкө ойлонуп жүрдүм. Өзгөчө «жооп издегенди» деген сөздү чечмелөө мага көпкө оор болду. Түшүнө албадым, жыйын бүткөн соң да көпкө ойлонуп жүрдүм. Акыры мен үчүн туура эле мааниде айтылды го деген жыйынтыкка келдим.

Ошол мезгилде биздин алдыбызга чоң милдет командировкада болгон ар бир комсомолдук уюмда сөзсүз комсомолдук чогулуш өтүү, жаштардын кеңири катмарын тартып аңгемелешүү болучу. Мейли колхоз, совхоз, мектеппи же ферма, бригадаларда болсо да сөзсүз жыйын өтүп туруу милдет эле. Обкомдун бюросу да ар дайым ушуга басым жасап туруучу.

Ак-Талаа районуна биринчи барышым болучу. Конок үйү өлөөрчө суук экен. Райкомдун биринчи катчысы Алмазбек Тилебалдиев чогуу эле үйгө баралы, конок үйүндө от жагылбайт деп сунуш кылды. Ошентип биринчи күнү үйдө түнөп, эртеси Тоголок Молдо айылына бара турган болдук. Чарбага ал кезде автомашина же араба каттачу эмес. Нарын суусуна чейин Баетов - Нарын (ал кезде Дөрбөлжүн деп аталчу) маршрутундагы автобус менен барып, анан Нарын суусунан муздун үстү менен жөө өтүп, айылга чейин жөө бардык. Муздун үстү менен жөө

өтүү да кыйын экен. Нарын ушул зоонада жайылып аккандыктан суу бирде ары, бирде бери өйүзгө оонап, муздун үстүн суу каптап кеткен учурлары арбын болот. Райком комсомолдун мени менен чогуу бара жаткан, кызматкери жолго салып, муз үсту менен чубап бараткан элди ээрчүүнү сунуш кылды. Себеби, суу агып өтүп жаткан кээ бир жерлерде муз түшүп кеткен учурлардын болоорун, мындай учурлар мурда болгонун айтып өтө сак болуу керек экенин эскертти.

Колхоз мурдагы 5 чарбадан куралган, анын биринчи май бригадасы 7-8 км. аралыкта өзүнчө эле. Баштапкы комсомолдук уюмдун секретары өзүнчө бир тармакты башкарган, сөзү ордунда, чарбада иштеген активдер арасында да таасири бар жигит көрүндү. Биз бир аз комсомолдук уюм боюнча маалыматтарды алган соң, айрым өндүрүштө болуп, иш үстүндө таанышууну чечтик. Чарбада кышкысын механизаторлор бир жерде чогуу ремонт, жазгы талаа жумуштарына камынууда болушуп, түштө бир маал жылуу тамак да ичишет экен. Биз ал жерде үч-төрт саат чамасында болуп, иштери менен таанышып, бизде мурда даярдалган атайын материалдар менен, көп аңгемелерди өткөрдүк, өлкөдөгү абал, облус жөнүндө айтып бердик. Сүт-товар фермасында болуп, өндүрүшүн көрүп, саанчылар менен аңгемелештик. Чарбанын жетекчисинде, партиялык уюмдун секретарында болуп, комсомолдук чогулуш өтүүгө жардам сурадык. Кышкысын малчылардын көбү алыскы мал кыштоолорунда болушкандыктан, механизаторлор менен чогулушту өтүп, ага жакын жердеги малчы-комсомолдордун келип катышуусуна жардам беришээрин айтышты, чогулуштун күнү да белгиленди. Сүт товар фермасы чарбанын биринчи май бөлүмүндө, ал айылга жакын жердеги эки кой баккан чабандарда болдук, анын бири комсомолдо жок жаш чабан экен. Чынын айтсам анда өндүрүштөгү иштердин жүрүшүн көрүп, мен өзүмө жаңы сабак алдым көрүнөт. Күндүн бир катар бөлүгү мектепте өттү. Чарбада да, мектепте да комсомолго өтө элек, бирок бир аз даярдап жүргөн жаштар бар экен. Бир катар күндөр бою алар менен атайын окууларды өткөрүп, комсомолдук чогулушка мүчөлүккө өтүүлөрүнө камылга жасадык. Комсомолдун уставын окуттук, комсомолдун уюштурулушу, анын басып өткөн жолу тууралууу атайын окуулар өттүк.

Бул айылда комсомолдук иштерден башка менин өмүрлүк жарым Өмүралиева Калыйча менен Нарында медучилищада бир окуган эң жакын курбусу, ушул айылга бизден мурда турмушка чыгып, үй-бүлө куруп калган Жылчымыш кызы Орозокан менен болуп, анын жашоо-шарты менен таанышууга туура келди. Жолдошу Жакин мектепте мугалим болуп иштейт экен. Ата-энелери мурда эле кудалап коюшкандыктан алар медучилищаны бүткөн жылы үйлөнүшүптүр. Бул чарбада узак жүрүп калганым да ушул шартка байланышып калды, чоң чарба экен бардык бригадаларында болуп, өзүм да арбын жумуштарды бүткөрүп алдым. Жаш жубайлар жакшы турушат экен, Орозокандын атасы Жылчымыш ата мурда көп жылдар бою ушул чарбаны башкарып, эл арасында жакшы кадырбарк алган киши экен. Орозокан да энесинен жакшы тарбия, үлгү алыптыр, биз өз үйүбүздөн да артык шартта, эң башкысы жакшы мамиледе болдук. Үй ээси күнүгө башка жаңы тамак жасап, бизди сыйлап турду, мындай учурда биз өз ара

бири-бирибизди карап калчу болдук. Күндө жаңы тамак, бирок бирөө күнүгө туруктуу болду. Мурда Ак-Талаада бозону жакшы көрүшөт деп угуп калчу элем. Барган күнү эле кара таруудан бозо жасап, аны келиштире (шыдыр иче албагыдай...) ысытып, анан үстүнө ысытылган сары майды кошуп (текши аралашкыдай абалда) беришет экен. Бозону даамдасаң өтө күчтүү сезилип турат. Мен чочулап а дегенде бир чай чыны ичтим. Үйдө эжем да жездеме карап, такай болбосо да бозо салуучу, ал бүгүнкүдөн саал жумшагыраак эле. Бул өтө күчтүү экен, жанымдагы жолдошум дагы бир чай чыны ичип алды. Мен мурдагы чыныга эле алак-шалак тердеп, бүт денем ысып, бети-башым чымырап чыкты. Мурда атам ыраматылык согуштан мурдагы жылдарда "бир жылы кампа кармап, кышкы суукта түштө жылкынын этинен жакшы жеп, спирттен үстүнө басып алып кампага жеткиче ичиктин жеңинин учунан тер тамчылап тураар эле, кечке чилденин бар жогу билинчү эмес" деп күлүп койчу, мага ошол сөз эске түшө калды, эшикке чыгып алаксып келүүгө туура келди.

Эртеси мага да бозо жагып, тың болуп калыпмын, түшкү тамактан кийин мен да эки чыны ичип алдым, анан Орозоканга кайрылып "сен медицинаны окубай эле тамак жасоо, бозо салууну окугансың го" деп тамаша иретинде, "бозо кимдин рецеби" десем, өзүмдүн апамдын рецеби, бизге конок көп келүүчү, апама көп жардам берүүчүбүз, азыр Жакинди ушинтип багып жатпаймынбы, деди жайдары мүнөзү менен.

- Жолдошум күлүп, "ой байке, бул командировка эмес эле, мен курортто жүргөндөй өткөрдүм" дейт. Ошентип, үй ээлерине да терең ыраазылыкты билдирип, рахмат айтып кайттык.

Жаныбек Турсунович партиянын областтык комитетине маселе коюп, жаш саанчылардын эки жумалык окуусун өткөрүү тууралуу чечим алдырды. Сентябрь айында Кочкор районуна областтын чарбаларынан отуздан ашык жаш саанчылар чогулушту. Окуунун программасы иштелип чыгып, негизинен ушул райондун адистери өткөрө турган болушту. Комсомолдун областтык комитети окууну өткөрүүгө жооптуу кылып мени бекитишти. Окуунун биринчи жумасы негизинен дурус эле өтүп жатты. Бирок, экинчи жуманын башынан тартып олку-солкулук жарала баштады. Көбүнчө транспорттун жоктугунан сүт-товар фермаларында өтүүчү окуулар, практикалык чаралар үзгүлтүккө учурап, окууга келген саанчылар арасында да, окууну өткөрүүчүлөр, ал турсун келет деп камынып турушкан чарбалык кызматкерлер арасында наразычылыктар боло баштады. Райондук айыл чарба башкармасынын башкы зоотехниги Абдылдаев өзү элүүлөрдөн өтүп калган токтоо, билимдүү, өндүрүштүк тажрыйбасы бар адам эле. Мага кайрылып: "Кайып, райондук айыл чарба башкармасынын алы келбей бара жатат, айрым чарбалык жетекчилер үзгүлтүккө учуратып, көп кыйналчу болдук, Нарынга чыкпайсызбы" - деп калды. Ансыз да эки күн мурда партиянын райондук комитетинин биринчи катчысына кирип, транспорт маселеси оорлоп, үзгүлтүккө учурап жатат деп жардам сурап, райком комсомолдун биринчи катчысы Ж. Аккозова экөөбүз кирип чыкканбыз. Бул күнү да кайталап кирүүгө туура

келди. Партиянын райкомунун биринчи катчысы Мукаш Султанов эле, көпкө күттүм, бир маалда эшигин ачып, баш баксам өтө ачууланып жатыптыр, эшикти жаап кайра күттүм да дагы бир саат өткөрүп секретарынан өтүнүп, сиз кирип айтып көрүңүзчү дедим. Эшикти коомайыраак жаап угуп турсам, дароо эле секретарга ачууланып , … "комсомол эмес... бул жакта", деп ачууланды… "обком өзү … өткөрүп…" аягы эшик жабылып кетип толук угулбай калды. "Түшүндүңүз го", - деди секретарь. Менин да ачуум келди. Түз эле почтого барып, Жаныбек Турсунович келе элекпи деп сурадым, жок… деп жооп берди телефонистка … Жумгалга кетишкен, ал жактан Өрнөктө болуп жатышса керек, байланыш жок болуп жатат. Анда Мухамбет Исаевичке, обкомдун биринчи катчысына кошуңуз… Приемныйдагы секретары айтты көрүнөт, трубкадан Мукамбет Исаевичтин үнү чыкты. Мен өзүмдү тааныштырып суроомду айттым.

- А сен эмне кылып жүрөсүң … деди үнүн көтөрүп, ачуусу келгенсип…

- Мен болгону обком комсомолдун инструкторумун, обкомдун бюросунун чечимин аткарууга аракет жасап жүрөм.

- Султановго айтпайсыңбы !!!

- Мукаш Султанов уга турган эмес.

Трубканы коюп койду. Менин да ачуум келди, райкомдун имаратына жанаша жерде конок үйү бар эле, саанчылар сабактан келишип, топ-топ болуп турушуптур. Дагы бир аз күткүлө , болот - болбойт деп айта албайм. Бирок эч жакка кетпегиле деп коюп, конок үйгө барып «жатып алдым». Бүгүн чечилбесе, эртең жыйынтыктап, таратып жиберем деп чечтим!

Бирок, бир азга жетпеген убакта, партиянын райкомунун инструктору «элиң кайда, эки машина таап, айдатып келип койдум, эшикте турат», - деп шашкалактап калыптыр.

Менин оюма кетти. Райондо чарба жетекчилери Мукаш Султановдон башкаларды укпаган сыяктуу, Мукаш Султанов да ылдыйкы баскычтагыларды укпайт экен да! Ошентип кийинки жумуштарыбыз шыдыр кетти. Окууну ийгиликтүү аяктап алып, саанчыларга рахмат айтып, «аман-эсен баргыла, азбы-көппү алган билим, көргөн жакшы иштерди пайдалангыла» деп, ак жол каалап, узатып жибердик.

Жыл сайын жыл аяктап келе жатканда обком комсомолдо аппараттык жыйын болуп, жыйында өндүрүштө иштеген комсомол мүчөлөрүнүн өндүрүштүк көрсөткүчтөрү боюнча бет-плакаттарды, жакшы ийгиликке жетишкен жаш чабандардын иш тажрыйбаларын чагылдырган атайын бюллетендерди чыгаруу, бөлүмдөргө милдет кылып коюлду.

Май айынын орто ченинде мен жана областтык газетанын сүрөт корреспонденти С. Ботоканов болуп, Ак-Талаа районуна чыктык. Дөрбөлжүнгө чейин автобус менен барып, Дөрбөлжүндөн Ленин атындагы колхозго, андан Коңорчокко жетүү оор болду. Бир күн кечке жолдо машина күтүп, эртеси Казарманга газета, почта алып бараткан ГАЗ-51 маркасындагы грузовой машинага түштүк. Ичи толтура жүргүнчүлөр болду, көбү Нарындан экен. Ал кездеги авто жол жөн гана эки

тарабынан арык чыгарылып, жолдун үстүнкү бетине топо, айрым жерлерге таш аралаш топо жазылып коюлчу. «Жол азабы көр азабы, болуп» Коңорчокко жеттик. Автомашинадан түшүп биз үчөө элек, бирибизди-бирибиз чаң басып араң тааныштык, жүк канча оор болсо да автомашина секирген жерлерде газета, почта жана адамы кайсы экени билинбей аралашып калып жатты.

Коңорчоктон комсомолдун райкомунун кызматкери Билал Токтоукүев араң бир ат тапты, биз болсок үчөөбүз, чабан Коңорчоктон түштүк тарапка кеткен Ак-Сай деген жайлоодо экен, бизге чабанга чейин бери болгондо 25-30км. жол жүрөсүздөр дешти. Биз айылдан бир аз жүргөндө эле уй жетелеген адам учурады. Токтоукүев сүйлөшүп, ал адам да биз бара жаткан чабанга жетелеген уюн жеткирмек экен.

- Жакшы болбодубу, айланайындар, бул өзү токол болгону менен үйрөтүлгөн уй, койчулар жүк жүктөп коюп, өзүн койго кошуп коюшат, уй болсо койдун алдына түшүп алып кете берет, өзү ылдам, каап…токум болгондо бириң минип алсаңар да болмок. Кош айтышып, бир аз жүргөндөн кийин мен уйду жайдак минип алып жүрүп олтурдум. Садык аке тарткан сүрөт азыр да сакталып үйдө турат.

Күүгүм кире үйгө бардык. Адатта чабандарга качан барсаң да короочу иттер тосуп чыгышат эмеспи, бул саам да ушундай болду. Чабан менен таанышып, көпкө сүйлөшүп отурдук, ага атайын «сен үчүн келдик» - дедик. Өзү ирик багат экен, узун бойлуу, өтө эле албеттүү эмес, арык чырай, 22 - 23 жаштагы жигит экен. Эпилдеп, жаадырап жайнап тосуп алган колуктусу тамак ашка киришип, биз үчүн камылга көрүп жатты. Ортолорунда 3-4 жаштагы эркек, ойноок, тентек бала кой-айга макул болбой, бизге тез эле үйүр алып калды.

Мынакей, өткөн жылы эле алды бул орденди деп, колуктусу куржундан чабандын «Ардак белгиси» орденин алып келе калды. Ошол орден алган жылы 700 баш ириктин ар биринин тирүүлөй салмагын 76 кг. мамлекетке этке сатыптыр. Онду бүткөндө эле чабан болуптур, колуктуну да ошол жылы алган экен, чынын-да экөө классташ болуп чыгышты. Эртеси биз алты ченде турдук, кечээ чарчап, кыйналып калыппыз. Эшикке чыксам короодо мал жок, жакын жерде да көрүнбөйт. Колуктусу - “койлор кайда кетти деп жатасыз го, ал ушундай, койлор салкында эрте оттобосо болбойт деп таң жаңы сүргөндө эле жайытка чыгарып кетет. Бүгүн силер бар деп эле эртерээк келбесе, түштөн калбайт”, - деп кеп салды.

Түштө ирикти семиртүүнүн сырын сурап калдым. Сыры эмне, жайыт кенен, сапаттуу болуш керек, шаркырап аккан суу болсун, тез-тез келип, суу ичип туруусу керек, анан туз, туз болбосо ирик семирбейт, туз жок калса эт кошуусу токтой түшөт деп үй жанында дүпүйүп үйүлүп, жабууланып турган тузду көрсөттү, - быйыл бул ириктерим текши бир кылка, кышкысы жайыттан да жакшы эти менен чыкты, буюрса келерки жылы ар бирин 83-84 кг. тапшырсам деп турам, - деди. Бул жер чоң жайлоо эмес. Чакан эле жайыт. Мындан көчүп Орто-Сыртка, андан Арпага барабыз. Түштөн кийин чабанга кошулуп, кечке кой жайышып, дагы аңгемелешип жүрдүк.

- Көрдүңбү Кайып, экөөбүз болсо курбулаш эле көрүнөбүз. Бул жер чакан жайыт болгону менен оту жакшы, жер кумдуу келип, эрте жетилет. Арпага барганда жаныбыз да кошуна болот. Мен болсо 4-5 күнгө азык алып, кечкисин кой жаткан жерге эле түнөп калам. Ириктер болсо салмак кошпой көрсүн! Анан сөөк да өсөт да! Эртеси түшкө келгенде бизди жеткирип, Коңорчокко келди. Биз болсо кайра келгенде сүрөттөрү менен 37 беттен турган чакан китепче чыгардык (арадан 55 жылдан ашык убакыт өтүп, бул мыкты азаматтын атын эстей албай койдум, жасаган эмгектери болсо эстен кетпейт экен, кечирим сурайм!)

8-август 1958-жыл. Мен ошол кездерде күндөлүк жүргүзчү элем. Бүгүн же эртең командировкага кайра чыгам. Эч ойду топтоого үлгүрө албадым да Дөрбөлжүнгө кол көтөрүп машина тосууга кетип жатам. Бары эле шашылыш, комсомолдо жай иш качан болот?... Командировка ыксыз көп, ал мага адамча жашоого мүмкүнчүлүк бербейт. Бүгүн үйдөсүң, эртең жоксуң, дагы да жоксуң, кийин дагы бир күн үйдөсүң, бирок, кайрадан жоксуң! Үйлөнсөм, колуктум балдарын да таштап «качып» кетүүгө аргасыз болот го деген тентек ой да чуркап кетет! Ха ... тамаша...

Бирок, комсомолдун көп командировкасы мени көп адамдар, окуялар, жашоонун маңызы менен тааныштырды. Мен Нарын областынын аймагындагы бардык чарбаларында (айылдардан эле бирин-экиси калбаса), жайлоо-кыштоолорунда болдум. Мага Ак-Талаа райком комсомолунун биринчи катчысы А.Тилебалдиев менен Орто-Сырт кыштоосунда январдын суук күндөрүндө болуп малчылардын өндүрүшүн көрүү чоң таасир калтырган болучу. Өзгөчө ошол жылы Орто-Сыртта кар тайыз болгонбу, малдын жайыты, анын отунун мыктылыгы жакты, мал болсо күзгү бойдон. Чилдеде жылкычылар жайкыдай кымыз ичишет экен, жайытка эки-экиден кулунду чыктасынан коштоп коюшуп (маалы менен) саашат, кышка күчтүү кымыздан талкан чалып, ичип алып, биз да ал күндү жакшы өткөргөнүбүздү эстей калып жаздым.

Ат-Башы районунун Ак-Жар айылынын Ак-Сайдагы жайлоосунда колхоздун жүк жүктөгөн грузовой автомашинасына отуруп жетип алып кайра кете алдыбай 7 күн жүрдүм. Ал кезде Нышанов Керимкул (Какай аке) ошол Ак-Сайдагы малын тейлөчү, ошол жылдарда 50-55ке барып калган, адам эле, 4 күн бою Ак-Сайдагы малчыларын мени ээрчитип алып кыдырып, алар менен сүйлөшүп, мага бул комсомол, бул өтө элек жаш жигит деп тааныштырчу. Мен ушул Какай акенин токтоо ар бир адам менен чечилип сүйлөшүп, мээримге өткөн мүнөзүнө ар дайым суктанчумун, чарбада көп жыл башкарма болгон дешчү, ушундан улам кимге кандай мамиле жасап, сырын тартып, адамдын ички дүйнөсүн толук тартып алгансып сезилчү. Эки күн жол тосуп, үчүнчү күнү малчылардын маданий борборунан Нарынга кеттим.

Кийинки жолубуз Тогуз-Торого Казарманга болду. Биз ОК ЛКСМда чогуу иштеген Алексей аттуу армян жигити менен чыктык. Бул жолу шаардын аягы азыркы чоң мечиттин жогору жагынан бүтүүчү, андан ары аэропорт бар эле. Биринчи күнү кечке отуруп машина чыкпай кайра келдик, экинчи күнү Дөрбөл-

жүнгө чейин барам деген машинага (грузовой) кабинасына экөөбүздү отургузду, эмнеси болсо да жакындай берели, ары жагын дагы көрө жатарбыз деп жүрө бердик. Дөрбөлжүнгө түш менен эле жетип, ашканадан тамактанып алып, Казарманга жол тостук, кечке эч транспорт болгон жок. Үчүнчү күнү Нарындан почта тартуучу машинанын графиги өзгөрүп, бир күн мурда чыккан экен, сүйүнүчүбүз ичке батпай жол тартканыбызга кубандык. Дөрбөлжүндөн аркы жол мага белгилүү эле Алексейге өтө оор болду, Коңорчокко жетип-жетпей Алексей машинанын кабинасын койгулап жатып, жерге түшөөрү менен кузуп жатты, алдыдагы жол болсо түшүнүктүү, машина секирген сайын газета-журналдар, адамдар машинанын бортуна чейин көтөрүлүп түшүп жаттык. Ой-Шилбиге келгенде кырдан оюрмаларды көрүп, Алексей жөө түшүп алып, чуркап отурду. Оюрмалар тик келип, автомашина имерилген жерде алга-артка берип жатып жолго түшчү. Казарманга жеткенде башым айланып мен да, Алексей да куздук. Ушундай жол азабын көрүп жетүүчү элек.

Эртеси эле Киров атындагы жана Кызыл-Жылдыз колхоздорунда, жана андагы мектептердеги комсомолдук уюмдарда болдук. Ошол кезде Нарын дарыясынан Киров атындагы колхозго өтүүчү көпүрө жок эле, Казармандан суунун жээгине чейин жөө барып (өзү деле чукул жер), андан паром менен өтүүчүбүз. Паром болсо таманы тактайдан жасалып, эки чети узунунан эки карагайга бекитилип, дарыяга эки өйүзгө туурасынан тартылган жоон трос зымга илинген, ошол трос зым аркалуу суунун агымы менен башкарылчу. Бардык эл, жүктөр эки өйүзгө мына ушул «транспорт» менен ташылчу. Киров атындагы колхоз чакан чарба болучу, негизинен эки айыл, талаа жерлери Нарын суусунун жээктеринде болуп, кичине аянттары бар эле, тоолору чукул, бийик, мал жайыттары да ошол тоолордогу өрөөн-өзөндөрдө жайгаштырылган, айрыкча мал кыштоолору алыс, татаал жолдору менен айырмаланчу.

Чарбанын жетекчисинин чоң сары аты бар, өзү салмактуу, сары аттан башка ат көтөрө албаган, мурда жаш чагында балбандар менен күрөш, оодарышка түшкөн, Нарынга чейин барып жүргөн адам экен. Өндүрүштүк иштерин болсо эшигинин алдында өскөн теректердин кыска жумуру кесилген таарындыларда отуруп, келген адамдарды кабыл алуучу. Өзү токтоо, салабаттуу, ар дайым сөзү ордунда турган адам болучу. Айылда 8 жылдык мектеп бар, унутпасам анын директору Т. Сатыбалдиев болсо керек. Алексей экөөбүз анын үй-бүлөсүнө таң калчубуз. Аялы орус, согушта таанышып ала келген экен. Бирок, сөзү, кийиниши, адамга жасаган мамилеси бүт кыргыз, үй-оокаты, анан да бир жолу «жонуна» көтөрүп алып, токойдон отун алып келди, үйдө жасаган тамагы - эт, көл кесме, шорпо жарма, ага да серке жасаган, бир гана жери балдары сары чач, көзү көк, кызыл жүздүү эле, өзү бата жасап, биссмилданы айтат.

Районду бүт кыдырып, Бирдик, Атай, Ленин атындагы колхоздордо, мектептерде болдук, Бирлик мектебинде обл ОНОнун башчысы Искенов менен бирдикте мугалим, бүт окуучулар менен жолугуштук, чоң иш-чара болду. Кызыл-Жылдыз колхозунун Чет-Булагына, мектепке бардык. Бул айыл мурда жылкы

заводу болуп, согуш жылдарында Улуу Ата Мекендик Согуш мезгилинде армияга жылкылардан жөнөтүп турган. Айылдагылардын айтуусуна караганда заводдо маршал Буденный да болгон дешет.

6-ноябрь күнү командировканы жыйынтыктап кетүүгө камынып жатсак райком комсомолдун биринчи катчысы келип калды (Токтоматов). Ал көчөдө бир машина турат, Нарынга кетем дейт деди. Биз дароо эле жөнөп, машинага барсак, ЗИЛ машина экен, кабинасы, арты баары жыгачтан. Кабинасы да кенен, экөөбүз кенен баргыдайбыз. Бирок, Алексей көп көңүл тартпады, шофёрго шек карап. Шофёр эң кичинекей 15-16 - жаштай эле көрүнүп, бою жапыс, өзү арык, сары бала экен. Райкомсомолдун секретары «бул бала жүдөө көрүнгөнү менен абдан тың, мен да бир жолу ушул жигит менен Нарынга кеткем, коркпогула, биздин жолго ушулар гана жарашат деп тамашалай сүйлөдү». Биз бүгүн кетишибиз керек, эртең улуу майрам - 7-ноябрь! Сары бала чынында эле тың экен, Ой-Шилбинин оюрмаларынан «назад - перёд» жасап жатып эле, тез эле чыгып кетти. Андан аркы жол бүгүн «биз үчүн» азыркы Волгалар менен эле «жүргөндөй» болдук. ЗИЛ машина болсо бир жерден да «кың» деген жок, Ала-Буганын суусун кечип, Алексей экөөбүз бетибизди жуудук.

1955-ж. июль айы, айылда Мүсүралиев Асанакун жакшы көргөн жездем узак оорудан кийин каза болду. Чернышевскийдин «Эмне кылуу керек» деген романын окуп жатам. Бул бир кызык китеп, жай гана окуу жакшы болот. ... «Мен ар сөзүмдүн астында пружинасы бар жазуучу эмесмин, тек гана адамдардын оюндагысын, иштеген ишин айтамын». 1954-ж. 134-бет. Мурда Галина Николаеванын «Кызыл Кырман» романын окугам. Китеп Сталиндик сыйлыкка татыктуу болгон. Бул китепти алып өз турмушуң үчүн сактап койсоң болот. Жашоодо эмнелер болбойт. Мүмкүн ошондо үй-бүлөлүк ынтымакты оңдоого жардам болоор.

Б.Изюмскийдин «Кызыл - Пагон» деген китебинин экинчисин окуп, Володянын Галина менен байланышынан «... Галина, мен сезип турганымды сага айта албаймын, артыкча бир нерсе айтып коёмбу деп корком. Сөз жетишпейт. Колуңду колум менен кармап турганда, мен бактылуу боло турганымды кандай сөздөр менен түшүндүрөм?, 101-бет. »

Ушул түнү эжем менен узакка сүйлөшүп отурдук. Сөз жездем тууралуу жүрдү. Жездем балалык турмушу кандай өткөнүн өзү да билбейт экен. Энеси Кусубалды күйөөсүнүн ошол учурдагы "бакан ооздордун" сөзү менен кесилип, Сибирге айдалар алдында «эми сага булар тынчтык бербейт, сен кетип, төркүндөрүңдү табууң керек» деп берген кеңешинен улам, 1915-жылдарда көл тарабынан уулун көтөрүп алып, жан айласы үчүн өзүнүн туулган жерин карай жөө качып чыгат. Тянь-Шандын кайсы бир жерине келгенде куланактык Жумагул аттуу бийге жолугуп калат. Бий жездемдин энесинин көркүнө, ушунча алыстан жөө жол басып, жолдо көргөн азап-тозокко майтарылбай, али да болсо жайнап, жалындап күйүп турган мүнөзүнө, турпатына кызыгып, айылга алып кетет да, атасына бир топ аялдан кийинки токол катары нике кыйдырып алып берет. Бул жерде 1-1,5 жыл чамасында туруп калат. Аз күн ооруп (болгону 7 күн) дүйнөдөн кайтыш болот.

Бала ушинтип 2-2,5 жаш курагында энеден да ажырап жетим калат. Баланын жери кайсы, эненин кайсы себеп менен бул тарапка келгендиги, атасынан кандай себептен ажырагандыгы белгисиз болот. Бул сырлар кандай болсо да жездем чоңойгон үй жана анын ага-туугандарынын айрымдарына белгилүү болуш керек. Бирок, балага билдирбеш үчүн сыр жабык бойдон калган десек туура болот го. Айрымдардан угулуп калган сөздөргө караганда баланын энеси кайра кетүүнү, көбүнчө өз төркүндөрүн табууну чечип камынып жүргөндүгү белгилүү болот. Ал каза болгондо белинен чыгырата таңылган жип табылат, жип денеге 2 эличе өтүп кеткен дешчү экен. Мындай иштин себеби, эненин боюнда болуп калат, ошону жашыруу үчүн, муну билип калса кетүүгө тоскоолдук болот деген ой менен белин чытырата таңып, акыры тилегине жетпей, баланы өз ага-туугандарына бере албай калат.

Эне эч бир адамга сырын айтпаган болот. Айылда бир гана аялга айтып жүрчү деген сөз кийин угулат, бирок, ал аял да өлүп калат. Бала өз атасынын атын, энесинин да атын билген эмес. Кийин чоңоюп бой тартканда иликтеп жүрүп таякесин табат, ал киши атаң Мамырбай, энең Кусубалды деген болучу дейт, мен аман болсом «өз жерине жеткирем» деп жүрүп, ал киши да өлүп калат. Бала атасынын атын билгенден тартып, өз атасы Мамырбайга катталат. Эне «дагы кызым бар» деп айтып калчу экен, ага караганда жездемдин дагы кыз бир тууганы болуш керек! Өзүнүн башка экенин билгенден кийин, бой тартып чоңоюп калган бала Фрунзеге качып кетет, анда ал окууга да кирет, бирок кол арага жарап калган баланы артынан барышып кайрадан Учкунга алып келишет.

«Абай» романын окуп жатам. Мен бул китепти окуу үчүн үч гана түн убакытты чыгым жасадым. Китеп мени ушунчалык толкундатты, кейитти, кайрадан кубанууну, үмүттүн үстүндө калтырды. «Абай» чынында чоң эмгек, өтө чоң устатчылык менен жазылган чыгарма катары менин эсимде калат! Адам өзүнүн келечекте жашоосу жөнүндө көп ойлорду ойлоп, көп аракеттерди жасай турганы табигый иш. Мен да ким болсом деп ойлоп, ары-бери көп чарпылып көрдүм, бири колуңан келет, бирок сенин оюңа туура келбейт, бирине сенин шартың жок, алың да келбейт ж.б. Менин редакцияда иштеп калуум мендеги ой-тилектердин баарын бириктирип, китептин, адабияттын толук «сүйүүсүнө» өтүпмүн. Жашоодо өтө бай сырдын адабият тарабында бар экенин билбеген элем. Оюм төрт тарабы китепке толгон, чакан, таза бөлмөдө өмүр өткөрүү, анын бай дүйнөсүнө сиңип, тапкан «олжолорумду» ортого салсам кандай гана бактылуулук болоор эле! деп чечипмин.

Мурда күнү атам келип кетти. Жаштын өтүүсү менен атам арык, алсыз болуп бара жатат, денеси катыңкы тартып, бели бир аз эңкейинки. Колдорунун булчуңдары чытырап, демейде чыңалып турган абалын жоготуп, азыр булчуңдар кичирип, солгундап, бош тартып баратат. Дардайган чоң мурду чыгып, бакыракай көзүнө оболку айкалышкан мүнөзүн жоготподу, мурдагы жар сыяктуу кабагы али да болсо өз калыбында турат. Мында болгону өңү күнгө күйүп каралжын тартканы. Улам көк-аладан бурулуп (өзгөрүп) бир беткей агышка өтүп бара жат-

кан, анчалык чоң эмес, бирок, чакан сакалы албетте мээрим бере албай жатат. Бирок ар дайым сакалын сылап, мурутун тегиздеп турат.

Мына булар атамдын сырткы көрүнүшүндө болгон өзгөрүүлөр. Бирок, карылыкта атамдын экинчи жагын да көрбөй койгонум жок. Бул - атамдын ички дүйнөсү эле. Атам өзүнүн бүткүл өмүрүндө ак ниеттүүлүктү сүйүүчү. Өндүрүштө да, адамдар менен жеке мамиледе да ак ниет, - таза, ак мамиледе болоор эле. Согуш жылдарынан кийин элде жокчулук, тамак тартыш кез эле дешет элдер. Чөп чабык учур. Айылда Молдалы аке (Өмүралы уулу) мергенчиликке чыгып, Төө-Жайлоонун башынан Молдобай тозотко олтуруп, 14 теке, эчкини атып түшкөн экен. Кошо барышкандардын арасында алтымыштан ашып калган Орозакун ата Молдалы акенин мылтыгы тарс эткенде тик мөңгү аркалуу учуп түшкөн ар бир кийик үчүн «оп баракелде, оп баракелделеп, ...анан колуңан айланайын, анан көзүңөн деп жалынып, алкап турду" дешчү кошо баргандар. Эртеси этти эки көчөнүн ортосунда «жиликтеп бөлүшүп, 80 бөлүк болуптур. «Калыстыкка Калназар болсун» деп чечишкен экен чогулган эл. Калыс адам бөлүнгөн этти карабай, тескери жакты карап, чыбыктын учу менен «бул кимге!» деп үн салып турган адамга «баланчага» деп эт бөлүнгөн ар бир үй-бүлөнүн атын атап турчу дешет. Ошентип эң акыркы бөлүктү «Калназар» деп атаган деп кеп салышканын укчу элем! Адамдар жалпы күлүп, дуу боло түштү дешчү. Көрсө өзүн унутуп калды го деп ойлошсо керек. Атам айылдагы Өмүрзак атаны да өз пейлинде жакшы көрүүчү. Апам экөө сүйлөшүп калганда Өмүрзак түз, ак ниет адам деп айтуучу, өзү да ар дайым адамдар менен түз, ак ниет мамиледе болуп турат. Ошондон улам бул эки үйдүн өз ара катташуусу да жакшы. Калыйча экөөбүзгө өкүл эне, өкүл ата болушту. Мындай адамдардан төтөйдөн Асаналы (аяш ата), Дөбөлүдөн Мамырбай (аяш ата), өйүздөн Орто-Саздан Кудаш (аяш ата) буларды дос деп коюшчу. Ушундай эле Турдалы аке, Шыгай аке, Бейшемби аке (жээни да болот), Макил аке, Тагай аке, Жумалы аке (Дөбөлү), Асек аке, Асаналы аке, Өмүрзаков Үсөн аке сыяктуу аталар арбын, бирок, алардын бир кыйласын билүүчү эмес элем, угуп, көбүн көрүп калгандарым да бар.

Мурдагы иштерин так айта албайм. Кийин мен кол арага жарап калганда (жогоруда белгиленди) атам өз ишине да чынында ак ниети менен мамиле жасачу. Уй баккан жылдар эсимде калыптыр. Колхоздун өндүрүшү ал кезде өтө начар эле. Жыл сайын короого (сапаты начар, убагынан өтүп кеткен, арпакан, табигый аралашкан) чөп жыюлчу. Жазында ошол жылдарда колхоздун төрагасы Асек аке (Турдакунов) өзү минген торала атына чоң таңгак чөптү таңып коюучу, атама күнүгө келип

- Каке башкаларда чөп жок, чөптү короммжу жасап, «кол кабыш»жасагандар да болду окшойт, түгөтүп алышты, - дечү, анда атам:

- Асек, элде менчик мал деле жок катары, кеп тоютту тебелеп-тепсеп, короможу жасап жатышкандыгында, мал да тоютту «адам нан» жегендей аяп жегидей жасаш керек, - дечү.

Атам бардык учурда, бардык жерде тазалыкты жакшы көрүүчү. Чөптүн айланасы, уйдун жатаканасы иретсиз болуп турса сөзсүз капалануучу. Атама жар-

дамдашып эртең менен же кечкисин уйларга чөп даярдай баштаганда чөп көп чачулчу. Эгерде мындай абалды атам көрүп (кээде үлгүрбөй калып) калса менин андан аркы жардамыман баш тартуучу, ошол эле замат ишти өзү алуучу, мен унчукпай, ыңгайсыз болуп калганым болгон. Атам өзүнүн өмүрүнүн көбүн колхоз менен өткөрдү, мал бакты, дыйканчылык жасады, колхоз активинде да иштеди. Мына ушулардын бардыгында тең ак ниет, ак эмгек жасап жүрдү.

1946-жылы май же июнь айлары болсо керек. Уй менен кошо койду да бизге берип (Сокубаш аке койду багуучу), Чалкакка көчүп барганбыз. Ал кезде кышта да, жайда да күн тынымсыз жаап турчу. Күн катуу жаап, айлана капкараңгы болуп турганда, мен коркчумун, түнкүсүн эшикке чыкчу эмесмин. Сокубаш аке, атам, апам болуп чоң карала каптын арткы туюк бурчун чыгарып, баштарына кийип алышып, суу өткөрбөгөн плащ ордуна жамынып алып, короого тез-тез кирип-чыгып турушчу. Так мына ушул түнү короого ууру кирип, бир кой жок. Атамдын эске тутуусу да күчтүү эле. Койлорду ары өткөрүп, бери өткөрүп жатып, тегерек куйруктуу жүндүү ирикти жок деп чыкты. Үч түн удаасы менен Сокубаш аке экөө барып аңдып жатып, этин катып, кайра алып жаткан жеринен кармап алышып, коюн өндүрүп алышты. Ууру ошол эле жердеги карагай даярдаган адамдардан экен. Кайсы жыл экени эсимде жок, дагы бир жылы, кышында бир кунан кунажынды уурдатып, этин, терисин үйүлгөн чөпкө катып койгон жеринен таап кармап алышты. Бул жолкусу айылда Көгөндү деген жерде мал баккан Ороз аттуу жигит экен. Башкармага айтып, комиссия менен барып, уйдун териси, башы атам айткандай так чыгып, мойнуна даана алган экен, ал мезгилде сот көп жыл берип коёт деп, чарба өзүнө кириштеп, төлөтүп алышкан дейт атам. Ушул эки учурда тең атам, Сокубаш аке барышып, тынч гана аңдып жатышып, ууру эл жатканда мештин трубасынан от чыга баштаганын, жаңы эттин жытын билип, анан ууру этти кайсы жерден алып жатканын көрүп коюшчу экен.

Атам иштеген жылдарда бир да баш бодо же майда мал зыянга учураган жок, төл ар дайым аман-эсен болучу. Мунун сыйын да көрдү. Атам жөнүндө билгендерим кийин да уланат.

Алдымда бир барак кагаз жатат. Ал кагаз мени Москвага чакыруу. .... Мына автобус, атактуу Долон, ... Рыбачы,... Фрунзе. Мына поезд, алыска биринчи жолу сапар жүрүүнүн жолу – Жамбул, Арысь, Кызыл-Ордо, Чкалов, Куйбышев, Пенза. Мына Москва, чынында биринчи узак жол анын үстүнө Москва (!) кимди да болсо толкундатат... Үч сутка, 23 саат 20 минута -поезд акырын жылып ... Казанга келет.

Радиодон коңур үн чыгат!

- Жолдош пассажирлер! Биздин поезд - Родинабыздын борбору - Москвага келди! Ошентип туура бир ай комсомолдун Борбордук мектебинде окууда болдум. Албетте бул жер Дөрбөлжүн, же Казарман эмес, жашаган жерде, окуган жерде да шарт бирдей, айырмасы асман менен жердей эле. ВЛКСМ БКнын, КПСС БКнын бөлүм башчылары, секретарлары, университеттерден келип, профессорлор, илимдин атактуу докторлору лекция окуп, аңгемелерди өткөрүшөт,

чынында бул адамдардын ар биринин лекция, аңгемелери мен үчүн жомок. Ал кезде Москвада болгондор биринчи иретте В.И. Лениндин, И.В.Сталиндин мавзолейинде болушар эле, Кремлде тарыхтагы маанилүү жайларда, андан тышкары, дүйнөлүк биринчи согуш, У.А.С тагы тарыхый окуялар болгон жерлерде, музейлерде ушулардын ичинде көбү окуу-программасынын чегинде атайын транспорттор менен алынып барылчу. Ошентип бир ай кантип өткөнү билинбей калган. Кайра келатканда поездде ошол мезгилдеги партиянын Ак-Талаа райкомунун биринчи катчысы Шаменалиев агай семьясы менен курорттон келе жаткан экен, чогуу келип, Фрунзеде машинасы менен гостиницага түшүрүп койду, өтө жөнөкөй, жакшы адам экен.

Комсомолдун облассттык комитетинде иштегениме алтынчы айдын да шайы кетип бара жатат. ОК ЛКСМ. орг. отдел. Тенис, Эрмек, Эркин жана мен. Шахмат. Биз шахматка берилип кеттик, кеч жана түн катып ойнойбуз! Өзгөчө Михаил Талдын оюнунун бүтүшүн күтүп, анан радиодон оюндун жүрүшүн жазып алып, кайрадан отурчубуз, кээде таң атырып үйгө кетебиз!

Турмушуңда өзүң басып өткөн окуяларга талкуу жасап, жакшы менен жаманды ылгап баалаганга аракет жасайсың. Көбүн эсе ойлогон ойлоруң, пландап алган ишиңдин аткарылбай калган учурларына көп кейийсиң. Мында көбүнчө жаштыгыңды көрсөтүп жаткансыйсың. Мындан толук бир жыл мурун өз редакторумдун «сен анда көп эл аралап, жандуу адам болуп чыгасың» деген сөзүн эстеп, мен орундата албай калган иштерим үчүн ушул «айтылган сөздү» оюмда эстөө менен сооротуп алаксыймын. Ушул сөзгө жардамчы болгон бир мүнөздүн менден четтеп бара жатканын сезем. Бул мендеги өтө “мококтук” эле, адам алдында сөз сүйлөөдөн өзгөчө “сүрдөгөндүк”, иш үчүн адам алдында ой айтып, “баса айтып жеткире албагандык”, “чечкиндүү эместик”, кээде ыксыз “уяңдуулуктан” мен үчүн терс болгон мүнөздөрдөн четтегенсип калдым. Бирок айткан сөзүң орундуу чыкса ыраазы болуп каласың.

Кесектеги командировка менен эртең Жумгалга кетем. Партиянын райкомунун пленумунда комсомолго, жаштарга партиялык жетекчилик каралганы жатат. Бул комсомол үчүн өтө олуттуу маселе болгондуктан шыдыр кетүү керек. Эртеси эрте турдум. Партиянын обкомунун экинчи катчысы А.Ф. Усьянов биз салам берип учурашкандан кийин (комсомолдун райкомунун биринчи катчысы Насыр Асанов экөөбүз):

- Кандай комсомол, Казармандагы иштти жасайбызбы, - деди. Мен баары даяр Андрей Федорович, - дедим. Чоргосунан кененирээк суу чыга турган чайнек сыяктуу идиш менен башына, далысына муздак сууну жая куюп, андан кийин далысын таза ак, быдыры бар полотенца менен айда сүрттүрөт, Казарманда мындай ишти жасап, үйрөнүп калдым эле, бүткөндө чоң рахмат, комсомолго ийгилик каалайм, - деди. Анан Насыр Асановичке кайрылып: Сен ар дайым ушундай болот деп ойлобо, кечээ айрым жетекчилерге зарыл сөздөр айтылды, андай «замечаниелер» силерге - комсомолдун «важактарына» да таандык , - деди. Насыр экөөбүз жарыша «туура» деп кабыл алдык.

Түштөн кийин райком комсомолдун инструктору экөөбүз жолдо турсак, партиянын Жумгал райкомунун биринчи катчысы Садыр Базарович бизден саал өтө берип токтоп, эшигин ачып, кайда барасыңар деп сурап, «Кызыл-Тууга» десек, отургула деп машинага салып алды, жолдо унчуккан жок, «мен Сөөк жакка баратам» деп бизди түшүрүп коюп кетти. Биз «жолубуз жакшы болот» экен деп кубанып, Насыр райкомго 2-3 жолу кирип жатып, пленумдун кароосуна койдуруп, туура иш жасады деп сүйлөшүп бардык. Кызыл-Тууда мектепте болуп, Кызартка ошол эле күнү чыгып кеттик, анда комсомолдук - жаштар бригадасы бар эле, анын иштери менен кенен таанышып, бир күндөн кийин мен Нарынга кеттим.

1957-ж. 11-ноябрь, дүйшөмбү.

Өз айлана-чөйрөмдөгү жакын адамдар: - жээндерим жөнүндө сөз жазайын дедим. Биринчи сөз Асанкан тууралуу. Тогуз-Тородон келсем анын соту болуп, акталып куткарышканын айтышты. Көрсө болбогон жалаадан чыккан окуя экен. Асанкан чынында тентек, суюк бала. Көп иштерди орундуу да жасайт, көбүн өзү ойлоп, оюнан туура чечим жасайт, ичинден ыраазы болуп каласың. Бирок көз ачып-жумганча жокко чыгарып коёт, оюнга дээрлик берилип алат. Буга анын көктүгүн, өжөрлүгүн да кошсо болот. Сабакты орто окуйт, сергек, адамдарга кичи пейилдүүлүгү күчтүү, кээде токтоо кыялы да бар, аракетчилдиги, ак ниеттүүлүгү терс жактарын жууп турат. Балдардын эң улуусу Койсун, ал апасына ачык эле мен көчө да, окуй да албайм, бул колумдан келбейт дептир. Мен бардык жээндеримди жакшы көрөм! Тынчтыкгүлдү кичүүсү катары эзиле жакшы көрөм. Бир азаматты окуусу жана жалпы мүнөзүнөн улам ортончусун артыгыраак көрөм, мен аны кара дулдугум, садагам деп эркелетем.

Эки айдан ашык убакыт биздин турмуш Калыйча менен чогуу өтүп жатат. Мына бул токтоо, орто бойлуу, кара каш кызды мен мындан 50 күн мурда көрдүм. Ал азыр мени менен бир үйдө (өзү жөнүндө мен күндөлүккө жазып жатканымды кайдан билсин), менден бир метрче алыс аралыкта сабак окуп олтурат... Командировкадан кайтып, саал жол жүрүүнүн шалактоосунда, баш оору менен үйгө келсем, үй бырыксып, өз иретинен кетип калыптыр, суу төгүлүп, терезеден түшкөн күн шооласында чаң уюлгуп турат, үй ичи чачылган, бул ишти алиги тентектер - Эсенбек, Сейнептердин жасаганы деп билдим. Бирок мына ушул уюлгуган чаңда бетине китеп алып, стул үстүндө олтурган ак жүздүү, кантсе да нурданган саал кызыл баскан өңү бар, көзү күлүңдөп, моймолжуган, жаагы узун, жалпысынан мүнөзү жайнаган кызды көрдүм.

Ичим тартынды. Мага тааныш эмес адам, демек бул үйдө да жаңы болуш керек. Анда ушул чоочун конокту алиги тентектердин уюлгуган чаңында кармап жатышы мени көп ыңгайсыз абалга калтырды. Эс тартып калган Койсунга алиги «чоочунду» төркү үйгө деле отургузуп турса болмок экен деп ойлодум. Мен төркү үйгө кирдим. Алгачкы эле көз кырымды стол үстүндөгү китептериме чаптырдым. Кызык, мында да жаңылык бар экен. Узатасынан бир катарга жыйылып коюлган «чоочун» башка китептер турат. Андан да анын үстүндө роза гүлдүү сүрөт альбому бар. Демек мына бул китеп жана альбом менин китептерим менен

бир орунга коюлган сыяктуу биз да алиги тааныш эмес конок менен бирге жашап калсак керек! Туура тааптырмын! Биз чогуу бир үйдө жашап калдык. Убакыт өтө баштады. Кандайдыр ал мага суз, түнт сыяктуу сезиле баштады. Көп учурларда сүйлөбөйт. Чыны бул кыз жөнүндө эжемден аз маалымат алганым болбосо, ат сурашып тааныша да албадык. Ушундан улам көп убакыт бою ыңгайсызданып жүрдүм. Арадан көп эмес күндөр өткөндө үйгө кеч, түн ичинде келип калдым. Койсун мага бул апа... «Калыйча эжемдин апасы» - деп шыбырады...

Ушул күнү кеч. Калыйча тышка кетти. Ал биздин айылдагы больницада иштемей болуптур. Айылда эжеси Бүбүкандыкында жашайт экен. Ошентип мен жаңылышыпмын. «Жылуу» кыздын далай кайгы, өкүнүчү бар экен. Сүйлөшпөстөн башка бирөө ала качып, андан качып кутулуп чыгып, эжеме тааныш аркалуу келиптир, азыр да кимдикинде жашаары башкаларга белгисиз экен. Кызды ала качуу ал кезде көндүм иш эле. Көпчүлүк учурда онду бүтөрдө өзүнчө кыз ала качуу мезгили сыяктуу өнөкөт учур болучу. Бирок, мындай иш кийин акырын башка жолго өзгөрөрү бышык иш.

1958-ж. 29-сентябрь, шейшемби.

«Турмуш деген ачуу-таттуу билип кой, чыгарбастан жүрөгүңө түйүп кой», - деп Казармандан уккан элем. Азыр чынында эле турмуш-бул эмне деген «ойду» талкуу жасоого камынып жатам. Менимче турмуш - бул биринчи кезекте жашоо үчүн күрөш! Деп айтса туура го дейм. Мисалы, мен он жыл окудум, демек, жашоо үчүн, жакшы жашап, турмуш өткөрүү үчүн. Анан редакцияда иштедим, демек, өз бет алдынча жашоо, бул турмуш деген сөз. Эми комсомолдо иштеп жатам, бул турмуш, жашоонун башка түрү десе туура го дейм. Жашоо-турмуш экөө чогуу жүрүп, чогуу өзгөрүлүп турат окшобойбу. Турмуш жолу аркы-терки болот окшойт, кээ бирөөлөр канчалык armansыз жашашат, бирок ыраазы болушпайт. Мен да армансызмын, ушул эле убакытта турмушка чоң кайгырам, кандайдыр армандуу болгонсуймун, өмүр жолума карасам, ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңип жатат. Уядан чыктым да турмуш менен күрөшө баштадым, же мен күрөштө жеңе албай, бирибизди-бирибиз биле албай өтүп кетебизби деп корком! Көздөн кайым болуп жел сыяктуу сызган бул «чунак» өмүрдө бир нерсени жасоону эңсейм, бирок эмнеден баштап, кайсыдан аяктарыңды билбейсиң! Жашоо, турмуш-өмүр бул үчөө чогуу жүргөн, бирок үч башка маңыздагы иштер экен го!

Баса 17-сентябрда мен биринчи жолу абага көтөрүлүп, «ИЛ-3726» самолету менен, батышка - албетте Казарманга чыккам. Нарын-Казарман жолунда «Көлмө» деген аталыштагы жерге келгенде самолет «таштап» жиберет экен, башка айырма сезилген жок. Өйдөдө абасы «чуңкур» жерлер да болот тура.

## АЛ СЕНИН АДАМ ДЕГЕН ДАРАЖАҢ

Тогуз-Тородон келгенден кийин мен атам жана мен «жамандыкты» жана жетимдикти өткөрдүк деп, аны мындай мүнөздөптүрмүн: «…турмуштун коңурсуган сасык оруна түшүп калдык да эң ачуу, абдан ачуу чыла жана сары суусун жутуп, өлгөн-талганда 1945-жылдын жай айларында чыктык… », Мен бул оор күндөрдү корутундуну туура бердимби же жетпей калды го, кандай болсо да жогоруда (мурда) бардыгына токтолгом. Азыр болсо «турмуштун тар, татаал өзөнү менен бара жатабыз, өзөн жана турмуш жөнүндө, андагы жол жана анын өтө "опурталдуулугу" жөнүндө көп ойлогум келет ». Басып өткөндөрүм албетте ачык, а алды жакта эмнелер болуп, эмнелер коёрун билбейм. Бардык акыл-эсим жана аракетим **«адам»** деген атты булгабасам, кирдетпесем деген гана максаттамын!

Мен мурда ойлобочу же адамды билчү эмес экем. Азыр адам деген «жалпы түшүнүктү» билген бирок, анын негизин, түпкү маңызын түшүнбөгөндөр көп. Мен так ошолор катары элем. Адамды терең алып карасаң көп түшүнүк көз алдыңа келет. Эң биринчиси анын кымбаттыгы, бул ааламда ага теңдеш эч нерсе жок, экинчиси, адам өзү ошол теңдешсиз адамдык касиетин жоготпоодо турат. Адамдык касиетти сактап жүрүү жана аны булгап коюу экөө бирдей адамдын эркине жараша болот. Мен ушундай түшүнөм, ааламга көз жарып келгенде Сага бир гана кымбат укук берилет, ал сенин **"адам"** деген даражаң! Анан бардык аракетиң, жашооңдун терең маңызы ушул улуу сапатты **булгап** албоодо турат.

Адамдарда ар кандай көз караштагылар көп болот, бирок, анын бардыгына капа болбостон жаман жактарына капа болосуң, ал тургай сага эч тиешеси болбосо да күйүп бышасың. Мына карачы ушул бүгүн да бир аял үйдө олтурат. Ал эки үч күндөн бери үйдө "конок". Мен анын биздин үйдө болуп жатканына эч бир капам жок. Бирок, анын адам таң кала турган мүнөзү бар, өтө мактанчаак, өзүнүн даражасын башкалардан өтө артык сезет. Мен аны көптөн бери билем, жездемдикине кээ бир күндө келет, бардык учурда ал көп адамды ".. ха... ал мага кээде бизге" деп калат, "тең болуп калыппы" деген сөзүн угам.

Азыр ач көздүк менен, калп айтуу, алдоо ар кандай маңызда, адам өлтүрүү, көбөйүп бара жатат. Карышкырдын да амалы көп: - көрөгөчтүк, жыт алуу сезиминин күчтүүлүгү, добушту алыстан угуу, ар түркүн аракетти жасоо бул карышкырдын амалы. Айрымдар ал акылсыз, жашоо үчүн күрөшүп жатат. Мен туура, ал да жашоосу керек дейм. Бирок адамда карышкырдан башка күчтүү сезим бар. Адамга Алла Таала **акылды берген**. Ошол акыл менен азыр ааламды башкарып жатат, билбейм, адам жерди жарып өзүн өлтүрүп тынат го, бирок буга да ишенүүгө болбойт, "алдуулар" калат да, ар кандай амал таап, башка материкке кетет, ал ач көздүктү ошол жерден кайра баштайт. Ошондуктан, азыр адамдын акылы өтө чоң деңгээлге жетти, бир гана амал - **ошол жаман амалдардын өзүн жогото турган эч бир эркке карабай, аны башкаларга үйрөтпөй жоготууда турат, бул ааламда бирин-бири жоготуучу каражатсыз** беймаал гана жашоо калсын,

аалам жаралган баштапкы деңгээлине келсин. Ушундай амалды адам "табат" деп ойлойм! Бирок бул өтө чексиз ой…

Мен адамды «билүү» кыйын деп ойлойм. Адамды көрөсүң, көп күн да бирге жүрөсүң, көп адамдардан да маалымат алып сурайсың, айтор ал тууралуу белгилүү бир пикирде болосуң, анан арадан убакыт өтсө да ал адам жөнүндө сен экинчи ойду түзбөйсүң, сенде биринчи жолу жаралган ой көпкө жашай берет, бирок, кандайдыр бир себептер менен жашоо тиричилигиң өзгөрөт, мына ошондон кийин мурда билем деген ойлоруңан башка жаңы көз караш, кыял, мамиле чыгат, сен бул жаңы мамилелерди билбегениң, көрбөгөнүң келип чыгат. Эгерде сен мына ошол оң мамилелер менен сендеги мамилелер жарашып, жакындашып калса анда жакшы, жашоо уланып кетет, ал эми мамилелер жакындашпай, тескери болуп калса, ал жаман. Менимче көп адамдар мына ушулардан жаңылышып калат го деп ойлойм. Бирок, мына ушул эки кыял, эки мүнөздү аракет жасап, жакындатса болот же болбойт деп мен азыр айта албайм! Кызык, ал өзү эч жерде иштебеген, үй кызматындагы гана аял. Педагогикалык орто окуу жайын бүткөн. Бирок, кечээ эле «Чалкандын» кайсы бир санынан бир теманы тыңгылыктуу окуй албай жатат. Анан эч кимди чаңына жолотпогусу келет. Эмне дейин, бар болгону таң калам! Көп сөз айтып жатат, бирок, анын бир сөзүн да уккум келген жок, калп айтып, мактанганы, башка бирөөн теңсинбегени, өзүнүн деңгээлин билбегени?.. Ушул жаман оору кандай адамда жаралып, айыкпас болуп калат? Түшүнбөйм!

1959-ж. 12-апрель, ишемби. Азыр түн. Эшиктен келдим да тарс чалкаман кетип, бетиме китеп кармадым? Бир бет көз жүгүртө электе кызык бир окуя болду. Жээним Сейнеп эшикке чыгууну каалады да киши «жалдоону» ойлодубу же тек ата гана караңгыдан корктубу: - Эшикке чыгаргыла , - деди. Анда жездем: - о атаңа наалат болгур десе, күйөөгө качса ээси чыкпас эле! Анан өзү кызын эшикке чыгарууга камынып жатса, Сейнеп: - мен деле ошентем, коркпой эле качып кетем, - дейт. Биз каткыра күлүп калдык. Ушул сапты шилтеп жатсам, алиги кыз жана атасы эшиктен келишти да, атасы жерге көмкөрөсүнөн түшүп жата калды да кызынан суранып: - кана Сейнеп келчи, далымды тебелеп койчу. Кызы келип далысын тебелеп жатты. Жездем: -ии…ах..ары-бери, - дей берди. Сейнеп кытмырландыбы же билип туруп элеби: «- ай атам ай ушу тебелегенде эле бит өлүп калмак беле, кырсылдатып сыгып эле таштабайбы! Биз баарыбыз дагы каткыра күлүп калдык. Мына бул секелек жети гана жашта. Тентек, жеңил кыз. Көз ачып жумганча атасына эки «мат жасады». Жездем: - болду, далымды Эсенбек деле карсылдатып сындырып берет, - десе, Сейнеп: -

- О атам ай, тез эле жаш балача таарына калат да, мен деле далыңды карс-карс басып, сындырып берем! Биз кайрадан күлдүк.

- Эжем: - ой атасы Эсенбекке берчи Сейнеп эс алсын, - дейт ортого түшүп.

Эсенбек Сейнептен улуусу, токтоо, шайкелеңдиги жок, тогуз жашта.

Кайсы бир күнү, адатынча Сейнеп калп айтып калды эле:

- О түгөт ээй, - дейт Эсенбек, - калпты кудайды карап айтпай, жерди карап

айтканын кара! Мына мен чейрек кылым жашап калганымда тигилер сыяктуу «тузактуу сөздү» эч убакта айта албайм. А бул уул-кыз али жаш, балапан бойдон, бирок, сөз менен кимди да болсун «чымчып» өтүүгө жарашат. Бүгүн дагы бир окуянын күбөсү болдум. Эң сонун окуя Амантурдукунда өттү. Экөөбүз редакцияда корректор жана жакшы жолдош элек. Мен анда барсам ал автомашинанын арткы бортун «чүмкөп» алыптыр, алыстан анын кыймылын көрдүм да «оңдоп жатса керек» деп ойлоп койдум. Бирок башка болуп калды, жаңылып калыппмын. Ал анда «ааламдан өтө тынч жай тапкансып «аңгеме» жазып жатыптыр». Эң жөнөкөй окуя, бирок мага укмуштуудай сезилди, кубандым да, көпкө тамашалаштык.

«Кожо Насреддинди» окуп, мен андан адамдын эркин көрдүм. Ал сергек, ойлоп тапкычтыгы, амалкөйлүгү, барыдан мурда, ал өзүнүн алды жагында боло турган окуяга ишенимдүүлүгү, кур ой менен эмес, иштин өзүндө аракет жасагандыгы менен бардык амалдан кутулуп келди да, бардык окуяларында мени таңдантып олтурду.

Биз турмуш кургандан кийин Калыйча айылда калды, ал азыр да атамдыкында жашап, ишин аткарып жатат. Үй-бүлөлөр жана айылдагылар минтип айтышчу болду: - мына келин келди эле, уул да бат-бат келчү болду. Кайсы бир күнү магазинден майда-барат оокат-кече алып бара жатсам, туш-тараптан жолуккандар: - охо, катын алсаң отун ал, эми суу да аласың! Дешчү болушту. Ачынында өмүрүңдүн сонун күбөчүлөрү эле! Ушулардан улам төмөндө биз кантип үйлөнгөнүбүздү келтирдим.

**1959-ж. 13-апрель болучу.** Айылга үйлөнүү боюнча эч ой жок, атама учурашып, ден соолугу кантип калды экен деп баргам. Атам менен учурашып, дегеле кой атам жакшы болуп, тыңып калганына маашыркана терең дем алып, жайланып калдым. Көңүлү шат киши нени каалабайт. Айыл аралап кечке үйгө кайрылганым да жок. Ал үйдө, бул үйдө болдум. Ал турсун Калыйчага да жолуктум. Кеч курун күүгүм ченде жел жүрүп ал мени ичиркентти. «Капырай» дедим мен, - ушу бүгүн да мен ичиркенемби! Көз алдыма атамдын жакшы абалы келип. Бирок, болбоду. Мен солкулдай баштадым. Кайсы кудай айдаганын билбейм, жаныма Букарбай келип калды, көрсө жээним, классташым «тыңчы» тура.

- Эй, - дедим мен, - жүрчү үйгө кетели. Ал адатынча:

- По-жаа-л-юста, - деп үнүн кырааттуу - созуп, атка минээр үзөңгүсүн бошотту. - Биз учкашып алдык. Кызык жандардан эмеспизби, ал экинин атасы болуп, мен сакал мурутту эки күндө бир алып турсам да, балача улкуша-жулкуша, каткыра, ойкуй-кайкый бир көчөдөн экинчи көчөгө жеттик. Менин солкулдагым да басылып калды.

Менде эми андан да күчтүү солкулдак башталды. Үйдө атам, апамдан башка Кудайберген байкем, Орозакун аке, Анар эжем жана Сайра жеңе болуп чогулушуптур. Маселени атам баштады, өзүнүн оорусу катуу болуп, «аз эле жерден калганын», көзүмдүн тирүүсүндө үйлөнүшүң керек деп, дагы көп-көп себептерди айтып, бүгүн үйлөнүшүм керектигин түшүндүрдү. Отургандар биринен-

бири өтүп, атамдыкы туура маселе экендигин айтып жатышты. Менин көз алдыма көп нерселер келди. Абалы күн жаз, эч камылга жок, экономикалык жактан эч камылга жок эле туруп, катын алат! Охо, кыйын иш! Анысынан да мен сени бүгүн алам, же турмуш куралы, болду эми деп макулдашкан эч ким жок. Ал эми Калыйча менен болсо сүйлөшүү бар эле, бирок, үйлөнөбүз, анын үстүнө бүгүн үйлөнөбүз жок эле! Ал азыр эч капарсыз!

Мен эмнеси болсо да бүгүн мындан кетүүнү кааладым. Аным текке чыкты. Экинчи чатак иш Анар эженикинде көпкө созулду. Мен «бүгүн катын албайм» - дедим, атам жок - « мына бүгүн аласың» - деп ачуусун катуу келтирди. Атамдын мындай мүнөзүн мен бүгүн биринчи көрдүм! Айла жок, мен атамды көндүрө албагыдаймын, тобокелге салдым да үйлөнүүгө аттандым. Биз алиги тору атка миндик. Букарбай кытылдай күлүп, «жана учкаштың эле, эми алдыга мин, - деди. Мен да күлүп жибердим! Күлбөгөндө кантебиз, күйөөлөгөнү, үйлөнгөнү жатпайбызбы! Ошентип, айылдын маңдайкы четки көчөсүнүн эң башкы үйүнө көп урматтуу доктур кыз - Калыйчага аттандык! Ошентип, анда жетип бардык. Бул кабарды алар бизден мурда эле угушкан экен, эшикти шарт илишип, чыракты жалп эттире өчүрүп, төшөктү калыңынан салып жатып калыптыр. Атайылап аттанып алгандан кийин коёбу, аларды тургузуп, тынчын ала баштапты. Анткени менин күйөө жолдошторум - "кырчындай болгон уул-кыздар" - алтымыштан ашкан, бери жагы элүүнүн айланасы, суурулуп колдон түшкөн, жогоруда белгиленген - «атайын» жыйынга чогулушкан адамдар эле. Көпкө чейин чайналышты көрүнөт. Ал тургай ич көйнөкчөн үкөккө кире качкан Калыйча да, эшикке ошол бойдон, бирок фуфайка жамынып чыгып, мага ачууланып:

- Ийй жинди!, - деди. Ушу азыр кантип болсун деп айтпайсыңбы?

- Ийй жинди, ушул азыр кантип болсун деп сен барып айтпайсыңбы! Дедим мен.

Ошол түнү асман чайыттай ачык болучу. Ааламдын асманына жылдыздар жык-жыйма толуп, бардыгы күлүп турушкан экен! Бардыгы көздөрүн кысышып, «коңшуң кут болсун, коңшуң кут болсун!, - деп жатышты...

Жаздын ушул мээримдүү түнүндө биз - Букарбай, Калыйча, Мен болуп жетелеше үйгө жөнөдүк.

Бирок менин да кээде «ойчулдугумду» эсиңе ал! Менин «цылуундарым» ишке «киришип» жатканда эшикте мен да бекер турбадым. Менин оюма келин келгенде башына жоолук салат! Үйдө болсо андай оокат «жашабайт» да. Мен чу коюп дүкөнгө чаап, дүкөнчү да бизге жакын тууган эле, аларды дүрбөтүп, «катын алган жатам, жоолук керек, - дедим. Абыкеш байке, Жамал жеңе да ак пейил жакшы, эстүү адамдар эле, «ботом колукту кут болсун» деп шашып жеңе жоолук бере салды да, бул ак жоолук, колуктуң да ак жолтой колукту болсун!, - деп куттукташты.

Кана досум, сырдаш күндөлүгүм! Ошол түн колуктума берген **биринчи белегим болду**, Абыкеш байке, Жамал жеңе айткандай ак жолтой, куттуу жоолук болсун! Ушул түнүбүз да, ушул жашоо-тиричиликтин багытын өзгөрткөн

өмүр жолубуз да ак жолтой болсун деген тилек менен Оомийин! деп бата жасап коёлу! Эсиңде болсун ошол менин өмүрүмдөгү эң кысык, бурулуш эле. Күнү - 1959-жылдын 13-апрелиндеги түндүн таңы мурда биз көргөн мээриминен жазбай атып чыкты да, ааламга жарык берип, жашоо өз жолу менен уланды.

Мени Кожо-Насреддин күтүп турат. 1959-жылдын күз айлары болсо керек, комсомолдун областтык комитетинин биринчи катчылыгынан Турсунов Жаныбекти партиянын областтык комитетинин идеологиялык иштер боюнча катчысына шайлашты. Декабрдын орто чениnde обкомго барып партиянын Нарын райкомунда инструкторлук орун бар экен, **Жаныбек Турсунович эгерде сизге туура келсе** мени сунуш кылып көрбөйсүзбү дедим.

Айдын аягында партиянын Нарын райкомунун бюросу чечим алышып, 1961-жылдын 1-январынан тартып инструктор болуп иштеп калдым. Кийин райкомго Эрмек Жунусов инструкторлукка, Сагын Бейшебаев лекторлор группасынын башчысы болуп келишти. Райкомдун биринчи катчысы Нарынбек Жүзбаев болсо партиянын Борбордук Комитетинде партиялык бөлүмүндө жооптуу уюштуруучу болуп иштечү экен, райкомдун аппаратынын иш-аракеттерине көп өзгөртүүлөр киргизилип, аппараттан М. Акматов, С. Боталиев, И. Алманбетов, Б. Насыровдор чарбалык кызматтарга которулуп кетишти. Райкомдун партиялык жумуштар, анын бюросун, пленумдарын даярдоо жана өткөрүүдө көп өзгөрүүлөр болуп, жаңы келишкен комсомолдук кызматкерлер кыйла тың иштеп калышты, мурда аппараттагылар бюрого, актив, пленумдарды даярдоодо эсеп «чогултуп» берүү менен эле иштеп калышкан экен.

Ошол жылдарда партиянын райкомунда бөлүмдөр, партиянын шаардык комитети жок болучу. Мына ушундан улам биринчи катчынын жардамчысына көп жумуштарды аткарууга туура келүүчү, түнкүсүн саат он-он бир жарымга чейин иштээр элем. Күндөрдүн биринде терезеден тарс эткен үн чыгып, мен катуу чочуп кеттим, столго жабышкан боюнча бир азга туруп, тынчып калгансыганда өйдө туруп карасам маңдайкы эшикке тийип, таш полго түшүптүр, экинчи этаждын терезесин сындырыптыр, көчөдөн өткөн балдардын иши экен деп ойлодум. Кийин Калыйча мени «текшерип» ташты ыргытып, тызылдап качканбыз деп каткырып күлүшкөн эле!

Рысбек Усубалиев бир жолу Аманкул, Карып, Кырманчы дагы башкалар болуп жолугуп калсак биз, Тоголок Молдо көчөсүндө Калыйча экөөңөр колтуктaшып алып басканыңарда, ар дайым чыгуучу маалда, көчөдө же дарбазанын жаранка болгон ачык жеринен шыкаалап көрүп турчубуз. Көчөнүн көркүн чыгарып басуучусуңар, биз ар дайым суктанып караар элек, анда жаш элеңер, сен гитл шым, шыңга бой, Калыйча кызыл ала кооз көйнөк кийип, ак жүздүү, кара каш колуктуңду көрүп, “ах мыкты экен”, өзү да көзү да жайнаган” деп кеп салып, кээде көчөдө өтүп бара жатканда, акырын угуп калат деп калчубуз, бирибизди-бирибиз тыйып... Чын эле үйлөнгөндөн кийин көчөгө чыгып базучубуз, Калыйча мени ар дайым колтуктап алар эле, кээде киного кирип, кээде жөн гана эс алуу үчүн.

Рысбек Усубалиевич политехти бүтүрүп, кийин өзү да мугалим болуп, айылдык балдарга көп жардам көрсөттү, көбүн институттарга да өткөрүп окуткан, өзү

да абдан сөзмөр, келишкен адам болучу, маркум эрте каза болуп калды, адамдарда мыктылар көп чыгат эмеспи, ошолордун бири эле.

Ушундай окуялардан дагы бири эстен кетпейт. Биринчи катчы болуп Кадыракун Базарбаевич келген күндөн эки күндөн кийин эле бюро өттү. Бардыгы 34 маселе болуп, саат 4-00 дө башталып, таң аткыча жүрдү, залдагылар, өзгөчө бюро мүчөлөрүнөн биринчиден башкасы десе болот, бүт эле «уктап, шылкылдап» жатышты. Бюро бүтүп эшикке чыгып саатты карасак туура эртең мененки 6-00 болуптур, барыбыз каткырып күлдүк. (мындай окуя биринчи жолу да!) Аппараттагылардан төртөөбүз мурдагы Киров атындагы көчөдө жашачу элек. Биз көчөнүн башына чыксак төртөөбүздүн тең колуктуларыбыз биздин үйдүн тушунда жүрүшүптүр, көрсө таң ата эрте турушуп, «эмне болушту, мындай болучу эмес эле деп» коркушуптур бизге учурашып, "ой деги амансыңарбы" деп муңайым тартып учурашышты. Облисполкомго жаңы төрага болуп, Абдыш Сакебаев келди эле, биринчиге телефон чалып, чоң сынга алып, "бул бюроң сага эч жакшылык алып келбейт, чоң зал толтура эл экен, алардын кимиси бүгүн пайдалуу иш жасайт" дептир!

**Мен нарындыктар үчүн эки оор шарт бар деп түшүнөм:** Биринчиден, жердин деңиз деңгээлинен өтө эле бийиктиги. Бийиктик деген эмне, эң эле төмөн жагы болгон Нарын дарыясындагы жээктердеги бийиктик 2200-2500 метрде турат, тоолорду эске албаганда. Ушундан улам бул аймакта орус калкынан эч ким жашабай калды, алар бийиктик эмне экенин жакшы түшүнүшөт, бийиктик - бул адамдарда кан басымынын жогору чекте болушу, бул кыска өмүр, бул убактысынан мурда келген карылык. Экинчиден, өтө татаал климаттык шарт, кайсы бир жылы Бишкекте республикалык жыйын болуп калып, биз нарындык болобуз десек, "ий катыгүн", - деп баткендик келин "чочуп кетип жатат, силерде такай эле суук го, өзгөчө кыш, жаз, күздө силердеги аба-ырайын (көрүп) угуп алып эле, биз үшүй беребиз, кантип күн өткөрүп жатышат дейбиз" деп, Ушундай сезимиңиздерге ырахмат, - дедик биз, так ушул сезим менен чоңдор, жогору жактагылар түшүнүшсө кана!? Радио, телефон орточо эле эсепти беришет, а бизде өтө, чоң суук күндөрдө, көз ачырбай алдыга карап киши эмес мал баса албаган бороон болот, көп болот, тынымы жок улуган ызгаар болот.

Өткөн совет заманында өтө чоң кемчилик **«план»** деген бар эле. Койдун башын өстүр, көбөйттөн башка талаптын жоктугу. Адам күчү жетеби, жетпейби карачу эмес, киши күчү жетпегенде «кой, өзү кой сыяктууларга» берилчү. Чабан болуу бул өтө жооптуу жумуш, киши болсо эле жарай бербейт, чабанга эмгекти сүйгөн, абийирдүү гана адам жарайт. Ушундай гана адам күн-түнү тынымы жок болот, арбын төл алат, көбөйтүп өстүрөт, семиртип арбын эт, жүн алат, мындай ишке мына ушул татаал шартта жашап өскөн адамдар гана мал бага алышат, жалкоолор жакада, майда жумуштарда болушчу эле, тигилер болсо ишине жараша арбын акы, сый да көрүшчү, а жалкоолор соц. фондуга кайра-кайра барышып, пенсиям аз дешет, себеби, жалкоолор кийинкини ойлошпогон, пенсия аз болоорун ойлошпогондор.

Кийинчерээк мен менчикти өзүм багып, тейлеп калдым. Азыр "бир да баш козу же койду өлтүрбөй койсо болот" экен деген жыйынтыктамын. Чарбаларда дөбө-дөбө койдун өлүгү өрттөлчү эле! Бирок, жаңы турмуш ар бир адамды жанынды өзүң бак деп койгону болду, азыр ар ким өз жанын багып, өз жашоосун өзү өткөрүп жатат. - советтин жаман жери - миң сомдун бир тыйынын гана төлөп турду, элди эмгектен четтетип салды. Бирок мамлекеттен колдоо жок, ошондуктан колунда жокторго оор жашоо болду, себеби, алар ордунан «тура» албай жатышат. Совет учурунда кыска мөөнөттө карыз ссуда берилчү, жыл аягында кайра кайтарылчу. Азыр соодада гана абал дурус, себеби, соодадан пайда арбын түшүп кредит үчүн кайтарылчу сумма канча көп болсо да эптеп ордун басат, ал эми айыл чарбасында, айрыкча дыйканчылык, мал чарбасы менен оокат жасагандарда кайтарымдуулуктун айлануусу узак болуп, пайданын көпчүлүк учурда кайтарылышы төмөн, пайда түшпөгөн учурлар көп. Бул көбүнчө природалык шарты начар зоналарда өзгөчө сезилип жатат. Мен көпчүлүк учурда «бай» өлкөлөрдө миллиондогон жакыр жашагандар, жумушсуздар кайдан чыгат деп ой жасап көрсөм, көрсө биз басып өтүп жаткан жолдун өзү экен.

Совет мезгилинде **«норма»** деген бар эле, сугат сугарсаң да, мал баксаң да норма бар эле, норма боюнча иш аткарса анын бир тыйынын гана алып турушту. Ошентип элди эмгектен четтетип салдык. Ушундан улам адамдын эмгекке кызыгуусу «жоюлуп», сугат учурунда түнкү сугатка сугатчы барып, эшектин жонуна лампаны (чыракты) байлап коюп, кетип калуучу же уктап жатып алуучу. Азыр 2011-2014-жж. тартып менчик жолу менен оокат жазоого көнүп келе жатышат. Колунда аз утурумдук оокаты барлар, калгандары (көпчүлүгү) мурдагыдай эле. Алардын кыйласы башка өлкөлөргө, кыйласы шаарга көбүнчө Бишкекке көчүп кетип жатышат. Бирок ар кандай амал менен «арам» оокат таап жаткандар да бар. Мисалы, Бишкекте бардык жаңы курулуштардын бери болгондо 70-80 пайызын ушундай жол менен деп болжосо болот. Бишкекте курулуш боз үй курганчалык да болгон жок, көз ачып-жумганча бүткөрүп жатышат, мунун көбү Акаев, Бакиевдин тушунда чоң каражаттан «ортоктошуп» калгандар болсо керек. Бирок, үйлөрдүн баасы өтө эле кымбат. Көп Кыргыздын чөнтөгүнө туура келбейт, үй-куруу жана сатуу өзүнчө «бизнеске» айланды, «шылуундар» үйлөрдү тез куруп, андан да чоң байлык жасап жатышат.

Жашоо Калыйча менен кадимки үй-бүлөлүк достук менен өтүп жатат. Ал мындан бир аз күн мурда отпускасын бүтүрүп, эми шаардан кызмат таба албай жүрөт. Мен бүгүн экинчи жолу областтык саламаттыкты сактоо бөлүмүнүн башчысы Чокморовдо болдум, орун жок болуп жатат деген жооп алдым. Айла канча азыр жумуш «таанышка» жараша болуп калган. Бирок да жашоо мага жагымдуу боло баштады, өзүмдү эркин сезем, ээн убактым канча арбын болсо, ал мен үчүн ошончолук зыяндуу эле, китеп окуймун, бирок, баары бир убакытты өткөрө албайм, өзүмдөн-өзүм оор абалда болом да, көп чарчайм! Бул азыр жок, үйгө келсем Калыйчага, көрүшпөгөнгө көп болгонсуп, сагынуу менен кабылам. Кыясы бул Калыйчанын да мага карата болгон өтө жылуу сезими, мээрими болсо керек. Бара-бара арадан убакыт өтүп үйгө келээрим менен эле Калыйчаны издечү

болдум, үйдөгүлөрдөн кайда деп сурай берет экем. Эжемдин «куудулдары» мен келээр маалды күтүп, кыткылыктап күлүшүп «байкем жеңемди издейт» дешчү экен (жээндерим баары тең мени «байке» дешчү). Калыйча да бара-бара үйдө жашынып калчу болду...

Жакында конок узаттык. Анын темасы биз баш кошконубуз үчүн уюштурулган чай берүү сыйнаты эле. Жолдоштордун көбү келишти, өз оюмча ырас эле болду окшойт, бирок алар эмне дешкенин билбейм! Биз бирге иштешкендерден «Байкал» радиоприемнигин алдык, жаңы үй-бүлө үчүн башкалар да гитар, самовар, графин ж.б тапшырышты. Биз чайыбызга келгендери үчүн чоң ыраазычылык айттык. Экономикалык шартка жараша айылдагыларга тамак бере алганыбыз жок. Буга албетте кейиймин, бирок, аларга тамак берүү үчүн алдыда көп шылтоолор болот деп өзүмдү сооротом. Капырай эркем, күндөлүк колуңа тийгенине көп болсо да ача албапсың да!

Ушул күнү күндөлүккө Калыйча төмөнкүлөрдү жазыптыр. *О менин ажырагыс досум, алмашкыс эрмегим. Жогоруда сенин жазып өткөндөрүңө мен толук кошулам. Жашоо сага кандай көңүлдүү болсо, мага да сени менен жашоо дал ошондой көңүлдүү. Ал эми конок узатууну мен деле дурус өттү деген жыйынтыктамын. Шартка жараша мен бул жерден иштегенимди айныбай билесиң. Бирок иштөө мага көп кыйналууну алып келип жатат, эмнегедир ушул орун жакпайт. Анда сен жалкоосуң деп күнөөлөй көрбө! Өзүң деле билесиң го, кантип бош жатууну каалайын. Адамдар арасында, жалпы элдин ичинде жашоодон, элдер, теңтуштар менен бирге эмгек кылуудан жана өз турмушуңдун жыргалчылыгы үчүн эмгек кылып жатканыңды түшүнүп билүүдөн башка чоң бак-таалай жок эмеспи. Мен да эмгек кылуудан качпайм, бирок, мага, ушул орун өтө жайсыз. Капырай, ушул иштин таң каларлык даражада оорлугу менин тынчымды алды, антсе да иштегенсип жатам.*

*Эй менин кеңешчим, угуп жатасыңбы? Турмуш деген өтө бай, толук мазмундуу, терең болот тура. Ушул турмуштун тереңин түшүнө билип, жашообузда болуп жаткан жашоонун тазалыгы үчүн күрөшүү, бул биздин бирден-бир милдет экенин билесиң. Өтүп жаткан жашообуздагы биздин бул достугубуз жана мындан аркы сүйүүбүз акактай таза сакталып кала берсин. Ал эми бул күндөрдө жана мындан аркы түгөнгүз көп убактарда, биздин ушул жакшынакай жашообуз менен сүйүүбүз дайыма бир калыпта турушуна, анын айныбасына жана чексиздигине - мен өзүмдүн сүйүүгө ишенүү күчүмдүн бардыгынча ишенем! Эми эмне дейин, айтарым ушул!*

*Мен бир аз бөжурадым окшойт. Кечирип кой өмүрүмдүн шериги! Сен отпускада жүргөндө дептериңе ушуларды кириш кылып койдум. Эми отпускаңды жакшылап көңүлдүү өткөрүп, сергип келгин! Көңүлүңдүн шаттыкта кайтышы менен жолуңдун ачык болушун, мен мында үч убак жакшы тилек тилеп турайын, Чоң Кудайдан!*

*Калыйча.*

1962-жылы республикада партиянын борбордук комитетинин алдында партиялык - советтик кызматкерлерди даярдоочу мектеп бар экен. Менин болсо

болгону онунчу класс билимим бар, аны менен «алыс» бара албайм, экинчиден партиялык мектепке менин азыр таап жаткан эмгек акымды толугу менен төлөп берет экен, Калыйча болсо Фрунзеден медсестра болуп иштеп алат да, экөөбүздүкү айылдагы атамдардыкына да жардам берип туруучу жетет деген чечимге келип, окууга баруучу арыз жаздым. Бирок, райкомдун биринчи катчысы Кадыракун Базарбаевич бул оюмду жактырган жок, «аны бүткөндө кайда барат элең» деди. Ошентип 1962-жылдын 1-сентябрынан Фрунзеде партиялык - советтик мектепте окуп калдым. Мен үчүн эң туура чечим болуптур. 1963-1964-жж. декабрь-январь айларында Кыргыз Республикасынын Скрябин атындагы мамлекеттик айыл чарба институтуна кышкы сессиясында сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып кирип алдым. Дагы бир мен үчүн пайдалуу жагы мектептин окуу программасы техникумдун деңгээлинде экен, окуу болгону эки жылда бүтүп, атайын орто билимдүү, зоотехник-уюштуруучу деген адистигин алат экенсиң.

1967-жылдын 13-марты эле. Мен Фрунзеден келе жатып, Нарынга түз өтүп калдым. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинде биринчи жолу болуп, партиялык бөлүмүндө жана экинчи катчысында атайын кабыл алуусунда болдум. Мурда партиянын райондук комитеттеринин уюштуруу бөлүмүнүн башчыларын кызматка аларда ушундай иш-чаралардан өткөрүшөөр эле. Эмгекчил айылынын тушунан өтүп жатып, сол жакка карап Оро-Башыны, Мазарды, айылды элестетип, анан Кара-Талаадан өтүп жатып, көңүлүм жолго бурулуп, эмнегедир ошол мезгилди кыштын бели бошоп, жолдун таманындагы кар жумшарып, жаздын келип калганын ойлоп Нарынга жаз да келип калган тура деп койдум, бул айыл, ушул жол мага өтө жакын сезилип, «ушул жерден кетип жатам, ак жолтой болдуң, элиңен, жериңен айланайын» деп ичимден күбүрөдүм. Ошол күндөн ушул убакка чейин мына ушул жол, айылды, Кара-Талааны ар дайым эстеп өтчү болдум.

Партиянын Нарын райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп 1967-жылдын 11-мартынан иштеп калдым. Мага биринчи таасир калтырган адам партиянын райкомунун биринчи катчысы Рафхатбек Абдиевич болду, бул адам мен биринчи көргөн 1951-жылдан өзгөрүп калган экен, арадан 17 жыл өтүп, салмак кошуп жаш боюнча да өзгөрүү болуп, мурдагы окуучуларга жасаган жумшак мүнөз жок, азыр адамдарга талаптуулук болуп, коюлган маселелерге оор басырыктуу, токтоо мүнөз менен карап, маселени ойлонуп, салмактуу карап чечүү мүнөзү өсүптүр, деги көп жакшы сапаттары менен айырмаланып калган экен.

1969-жылы Нарында кыш өтө оор өткөн жылдардан болуп, кар тоолордо эки метрден ашык түшкөн учурлар болгон. Райондо партиялык, советтик активдердин негизги күчү малды кыштан аман сактап калууга бурулуп, партиянын райкомунун бюро мүчөлөрү, райондогу бардык жетекчи адамдар бирден каралып, чарбаларга жардам берүүгө жөнөтүлгөн эле. Мен ошол кездеги Карл-Маркс атындагы колхозго чектелип калдым. Колхоздун председатели Валий Мамажанов Ала-Мышык тоосунун күнгөйүндө ириктин абалы оорлоп калыптыр деген кабар келди, барып көрүп келели деп калды. Биз тоого ат менен барып, ириктердин жайыттан от алып жаткан жерине чейин жеттик.

* * *

Оо десең, мезгил закымдап тез учат. Мен күндөлүгүмдү кечээ эле көрдүм дегендей сезүүчү элем, көрсө «өтө көп» убакыт, толгон-токой окуялар өтүптүр. өзүм чын эле өзгөрүлүп, чын эле толкуй турган кыялды, кубанычты өткөрүп жаткан экем. Карасаң, мен ата! Баланын атасы! Кечээки эмес, жанагы эле Калыйча - эне! Баланын энеси! Эне-Ата-Бала! Татынакай үлгүлүү бир үй-бүлө! Укмуш! Кубанасың! Ичиңен толгонуп жоошуп, анан жүрөгүңдүн дүкүлдөгөн добушун угасың, денең ысып, ээн үйдө бүт денеңди чыңап «бали» деп бакырып аласың, ошондо денеңен чыңалуу басырылып, өз абалыңа келет! Жанында курбуң болсо ушул сезимдерден сезет эле, бирок, ал ымыркайга имерилип, анан өз сүтүн оозуна тамызууга аракет жасап жатат!

Менин кызым Гүлнар, 1960-жылдын 16-мартында, кечки саат 4 төн 20 минута өткөндө, Нарындагы облласттык төрөт үйүндө көз ачып, бул дүйнөгө «баа» деп бакырып үн салып чыга келди. Энеден төрөлүп, ал апасын, атасын кубантты! Эң башкысы, өтө маанилүүсү туура 24 жыл катары менен күткөн чоң атасын муунга келтирди, тоодой күч алдырып, бактылуу жасады. Мен кечки саат алтыдан 33 минута өткөндө Калыйчаны кат жазып куттуктоого үлгүрдүм. Азыр болсо кызымды - Гүлнарымды куттуктайм! Ага узун өмүрдү, бактылуу балалыкты каалайм! Адамды сүйүүгө тарбыяланышын каалайм! Эң акылдуу болуп, эмгекти сүйүп турмушта өз ордун ээлөөсүн, өсүп жетилип, энесинин жолу сыяктуу жолду - үй-бүлөлүк турмушту түзүшүн каалайм!

Гулнар! Ата катарында сени чексиз сүйүп, алпештеп өстүрүп, аталык бардык милдетти аткарууга сага убада берем!

Түнкү саат 1-50, Ботбинник-Талдын 11-партиясынын жүрүшүн күтүп олтурам.

1960-жыл, 13-июль.

Биздин Гулька төрөлүп, улам күн өткөн сайын сүйгүнчүлүктүү болуп бара жатат. Мен аны кадимки таза мээрим менен сүйүп, тез эстеп турчу болдум. Ал азыр энеси экөө менден алыс аралыкта болушса да оюмдан кетпейт, түнкүсүн толгонуп узакка уктабай жатчу болдум. Айрым адамдар улам жаш өткөн сайын баланы жакшы көрө башташат, ал эми жаш чакта өзү бала болгон соң баланын баркын билбейт дешет. Мага улуулар ушинтип «айтуу» менен жаңылышат экен дейм же мүмкүн өзүнүн сезиминен алыстаткысы келбей «себеп» табышканы го деп ойлодум, мейли кандай болсо да чоң ата, чоң эне үчүн да, өз эне, өз атасы үчүн сүйкүмчүлүктүү болуп, аман өсүшсө болду деп жыйынтыктап, өзүмдү «сооротуп» койчу болдум.

1961-жылы 30-майда Жолдошбек төрөлүп, мен кечки саат алтыда жумуштан келсем, эжем ыраматылык чоң кубанычта болуп, мага Кайыке деп кайрылып, сүйүнчү айтып, бетимен өпкүлөп «уулду болдуң» деп өзүнчө эле чоң кубанычта экен. Мурда мага көп учурда «жалгыз болуп калдың» деп менден улуу эркек бир тугандарымдын өлүп калганына кайгырып туруучу эле. Азыр болсо чоң кубанычта. Мен ар дайым «Сиз турбайсызбы» десем «о катыгүн, эркек деген башка

да, ал сага өзүнчө «бел» болот, жаманбы, жакшыбы сага жөлөк болот, өзүнчө түтүн булатат, «мен эмне, мен башка үйдүкүмүн да» дечү эле!

Чынында мен да өзүмчө кубанып, шашып төрөт үйүнө жөнөдүм. Ал кезде мурдагы Киров атындагы көчөдө жашачубуз, көчө төрөт үйүнөн алыс эмес жерде эле. Жолдо бара жатып «ушинтип эми уулдуу болдук» деп, чынында өзүмчө кудундап кубанычта болгонумду жашыра албай, кичинекей кагазга, Каке сүйүктүүм! Уулдуу болушуң менен куттуктайм! Деп жазып кат киргиздим. Балдар төрөлгөндөгү бир сүйлөм кагаздарды жана төрөт үйүндө ар бир баланын колуна илинип коюлчу кольцо сыяктуу белгилерди чогултуп жүрчү эле, аларды төрөт үйүнөн келгенде мага көрсөтчү, мен чекесинен өөп, ыраазычылык айтчумун!

Калыйча үйгө келгенде Тенис экөөбүз анын люлкалуу мотоцикли менен Атама жөнөдүк. Айылга жакындап калганда биздин үйдүн алдында топтолгон көп адамдарды көрүп, «чочуп» кеттик, барсак атам «ичим» деп катуу ооруп жатыптыр, азга саал атам жоошуп калганынан акмалап туруп, оору кайта баштаганда атамды люлкага отургузуп алып жөнөдүк. Ал кезде шыдыр жол жок, Төө-Жайлоо, Дөбөлү, Кур-Сай, Алыштын сайларынан жана чоң жолду туурасынан кечип өткөн туура суулардан мотоциклди түртүп чыгарып, Алыш менен Кеңештин ортосундагы токойго келгенде Тенис, элик, элик биз менен жарышып бара жатат деп кыйкырып калды. Мен да ата, элик, элик деп кыйкырып калдым. Атам да ошол эликке алаксып, кыңкыстаганы басылып тынчып калды, Теке-Секирикке келгенде мага ичим өткөнү жатат окшойт деп шыбырады, биз дароо токтоп, атамды түзгө отургуздук, ичи өткөн соң атам, тыптынч болуп ичи да оорубай калды. Түнкү саат 2-де келсек, эжем, Калыйча күтүп отурушуптур.

Эртең менен эрте тура калып, башкы хирург Аалиев Магдыбекти чакырып келсем, ал мага акырын шыбырап, сокур ичеги жарылып кеткен окшойт, ылдамдайлы деп калды. Операциядан тез эле чыгып келип. Кайып жүрөгү мыкты экен, «атаң өлө турган эмес» дейт.

Ошентип, 1964-жылы күздө Жокинин сүннөт тоюн Эмгекчилде өткөрдүк. Айылдан Атам, апам, Жокинин тай энеси Назбүбү апа, шаардан эжем, жездем дагы көп туугандар, достор келишти. Назбүбү апам, Уулкан эже Жолдошбекке деп атайын чоң кара кийиз жасап алып келишкен экен, атам ошол кара кийизде Жолдошбек менен упай оюнун «ойноп» жатышты! Небересине Манас үйрөтүп да койгон экен, уулу кайра-кайра Манас, Манас болгону, Манас атка конгону… деп кайта-кайта айтып башка сөзү жок «ырдап» берип жатат…

Ушундан баштап - эжем «Мен эмне, мен башка үйдүкүмүн да»! Өтө күчтүү, бирок даана чындык сөз экен. Кыздын а дегенде тукуму куда жактыкы, өмүр жашоосу да аларга таандык, жада калса өзүнүн сөөгү да куда жакта калат! Мен Калыйчадан 62 жашымда ажырап калып, кыздарымдын колунда да шартка жараша болуп жаттым. Кыз байкуш эч аяна турган эмес, бирок «кылчактай турган жери» бар экен (!) Сен да кызыңды «аяп» кылчактайсың!? Эжемдин сөзү туура, сөз экен да!!!

Ушуну менен менде мындан ары күндөлүк болгон жок. Балдарымдын туулган жылдары, күндөрү менен бул текстеги убакыттардын ортосундагы айыр-

ма көп болуп калды. Себеби, балдарымдын убактыларын жана ошол учурдагы айрым окуяларды мүнөздөп жазып коючу элем. Кыясы жашоо жолум өзгөрүп, эми «даана» турмуш үчүн күрөш башталып, убакыт жетпегендиктен болсо керек. 1962-жылы 5-сентябрда кызым Анара төрөлүп, сүйүнчү кабар алдым. Ошол эле күнү Нарын областтык төрөт үйүнө, Өмүралиева Калыйчага деп телеграмма бердим. Анда "сүйүктүүм, кыздуу болушуң менен!" чын жүрөктөн куттуктайм. Кызымдын аты Анара болсун деп, өзүнө, Анарага узун өмүр, бекем ден соолук кааладым.

Кийин жолдошторум Тениз, Сагындардан да куттуктоо келди.

Анара энеси менен бирге болуп, эмчектен бөлүнгөндөн кийин апам Назбүбү менен кайын эжем Уулкан экөө Нарынга алып кетишти. Калыйча кызынан ажырагысы келбей узатып жатып «жашыды» эле апам «ой жаман десе, сени деле мен багып чоңойтподум беле» деп чын-тамашасы менен Калыйчаны кайраттантып койду. Ошентип Анартай тай энеси менен эжесинде болуп, бизге окууга кирээрде келди. Биз ага чейин Апамдарга, Анарга барып турдук, алар бизге да келип-кетип турушту. Канчада экени эсимде жок, айтор окууга келээрден бир жыл мурда барсак Өзгөрүштүн күн чыгыш тарабында жайлоодо экен, чоңоюп, бой тартып сулуу койкойгон кыз болуп калыптыр, өңү кызгылт тартып энесиникине окшош кашы бар, үстүндө тыпыйган чий баркут чыптама экен, айтор энеси сагынган өңдүү өпкүлөп, мен болсом «привет»! деп учурашып, бетинен сүйүп койдум!

1964-жылы 10-майда кызым Динара ал кезде шаар Фрунзе деп аталчу, азыркы Бишкекте, Кыргыздын борбор шаарында Жибек-Жолу менен Тоголок-Молдо көчөлөрү кесилишкен жерден бир квартал жогору №3 - төрөт үйүндө төрөлдү. Динара төрөлгөн жылы биз Бишкектен Нарынга көчүп келдик. Мамасы менен бир жылдан ашык туруп, Дөбөлүгө чоң атасына келди. Апам Осуйпа балдарга ар дайым үзүлүп түшкөн, балдардын ой бою менен болгон, тазалап жууп, тамагын ичирип турган адам эле. Динара энесин күн сайын окууга барарда башымды жууп, айран менен чачымды тарап "зыңкыйтып" турчу эле деп калат. Өзү мектепте активист, намысчыл болуп өстү, 10-классты да атамда жүрүп бүтүрдү. Чынында кийин Камчы, Азамат, Кара Камчылар болушуп апам жалгыз калганда жанында болуп турушту.

1965-жылы 9-июлда кызым Чынара Нарында төрөт үйүндө төрөлүп ал кезде биз Эмгекчилде элек, Нарынга төрөт үйүнө тез-тез звонить этип жаттым. Калбүбү эжем төрөт үйүнөн угуп эле мага сүйүнчүлөп звонить этти. Мен адатымча алакандай кагаз айрып алып, "Сүйүктүүм, кыздуу болушуң менен куттуктайм!" деп эртеси барып кат киргиздим. Чынара жогорку окуу жайына барып институтка өткөнгө чейин биздин колдо өскөн жалгыз бала болду. Ал кичинекейинен эле боорукер болуп өстү. Бир тууган иниси Камчыбек эки айлыгында болсо керек, түнкүсүн ичи ооруп ыйлап, Калыйча, мен соорото албай жатсак, түнкү саат 2-2,5 ченде төшөктүн үстүнө отуруп алып, Камчыга колун сунуп кел-келегой деп жатат. Ага алаксып Камчыбек да басыла калды. Биз экөөбүз күлүп калдык, капырай деп. Мектепте болсо пионерлер менен ураалап кыйкырып турчу.

1966-жылы 27-декабрда уулум Камчыбек Нарындагы төрөт үйүндө төрөлдү. Адаттагыдай эле Калбүбү эжем сүйүнчү айтып, Кайыке, уул! Уулдуу болдуң деп чоң кубанычта телефондо сүйлөп жатат. Биз Эмгекчилде элек, өзүбүз деле улам кабар алып жатканбыз. Эжемдин чоң кубанычы бизди да кылчактаткан жок, мен дароо эле Нарынга келип, «Калыйча сүйүктүүм, уулдуу болушуң менен деп» төрөт үйүнө кат киргиздим, катка «бизде да чоң кубаныч, өзгөчө эжем кубанычына токтоно албай көзүнө жаш алып жатат" деп кошумчаладым. Калыйчанын өзүндө да чоң кубаныч болуп жатса керек деп ичимен ойлоп койдум. Себеби, Калыйча ар дайым «- эми да кыз болсо Жолдошбек жалгыз болуп калабы», деп кеп салып калуучу эле. Ошентип, Камчыбек үч эненин тилеги, Калбүбү эжем, Назбүбү апам жана Калыйча эненин өз тилеги жараткан Алла-Тааладан өтүнүп сурануулары боюнча келген деп айтсам болот. Так ошол күнү менин божомолумду туура сезип Ак-Муздан апам да «учуп» келиптир. Апам Назбүбү да ушундай жакшылык болуучу учурлардан ар дайым калуучу эмес, ошондон улам биз баарыбыз апам кулагы чалаары менен «учуп келет» деп калучубуз!!! Ал эми кээ бир учурда болсо өзүнүн "энелик мээриминин күчтүүлүгү" болсо керек, Апам бир нерсени өзү сезип, токтоосу жок эле «учуп» келип калуучу.

Чынара менен Камчыбек биздин колдо өсүп калышты. Бир жолу өзү куудулданып «мектепте мугалимдер бааны көтөрүп коюшчу» деп каткырып күлүп жатат, негизи «4», «5» менен окуду. Чаекте өзү жөжө багуучу, бир жолу ошол жөжөлөрдөн бирди сойсок, «апенди - деп калуучу эле энеси (мамасы), - залда көзүн жашылдантып калыптыр» деп. Бизде Куланакта Дик аттуу ит бар эле, биз Калыйча, Жеңиш болуп, Турдалы менен Арпага бара турган болуп, Камчыбекти ала жүрөлү деп, издеп калсак каналдын үстүндө Дик менен чийдин түбүнө жашынып калышыптыр, Дик кийин Жумгалга да келди. Кийин институтка өтөөрдө мен зоотехникти окуп эмне кыласың, мендей азап жеп колхоздо жүрөсүң да, андан көрө техникалык окуулар жакшы десем, "сиздей эле болсом болбодубу" дейт. Казарманда кичинекей огород бар эле помидор айдашчу, огороддон үзүп алып "жүрөгү токтой электе" жеп коюш керек, - дечү. Азыр болсо жылкыны жакшы көрүп өстүрүп жатат.

Биз Гулька 88 күндүк болгондо 1960-жылы 12-июнда сүрөткө түшүрдүк. Ал сүрөткө бара жатканда көзүн адаттагыдан чоң ачып, алаңдай тратуарды эки жагындагы тирешкен, бийик-бийик өсүшкөн теректердин баштарын алаңдай карап барды. Сүрөттө болсо урган коңгуроосуна бурулуп, алая тиктеп турду. Башын кыйшайтып, олурайып оозун кемшийтип, - ошентип, Гулька кыз биринчи жолу сүрөткө түштү. Гулька менен тең катарда анын улуу агасы - жээни Сейитбек дос, ал коңгуроону тиктеп, ага таң калгансып олтурат. Гүлнар бешикке жаткан биринчи күнү бизге чоң таасир калтырды. Биз аны бешикке салып жатканда чоң ый, бакырган үндү күтүп жаттык эле, ал бизди «билип» койгонсуп, ооз ачып да койгон жок. Кийин бешикте да көп ыйлабай өткөрчү болду.

Жакында үйдө болдум. Апамдын Калыйчага карата болгон жаман мамилелерин угуп, абдан кайгырдым. Калыйча абдан жадап, жабыркаган экен. Атам да аябай кыйналыптыр. Ансыз да атам энемден ажырагандан бери «адамча» жашоону

өткөрө элек, биз үчүн жашоодо канчалык оорчулук болсо да ага «көнүү, көтөрүү» керек деп чечиштик, Калыйча өтө эстүү жан эле, бул ойду туура түшүнүп, өзүн тобокелге салып чечим алды!

Биз баш кошкон таттуу күндөрдөн бери ысык-ысык жашап келе жатабыз. Мен Калыйчанын мага карата болгон мамилесине, эң сүйкүмдүү мээримине терең ыраазымын! Ушул эле даражада мен ага милдеттүүлүгүмдү, анын алдында көп нерселерди аткара албай жаткандыгымды билем. Буга албетте өкүнөм! Бирок, Калыйча үчүн, өмүрлүк жарым үчүн алдыдагы өмүр жолунда бактылуу көп күндөрдү өткөрөм деп толук ишенем!

Баса, Калыйча мага кээде туура сын жасап, «орой болуп бара жатасың» деп калат. Адилеттик үчүн мен муну мойнума алам, айрым учурда байкоосуздан, ойлонулбаган сөз айтып алып, өзүм уялып калам, мындай учурлар бир, эки же үч жолу болду. Бирок, анын биринде да ооздон чыгып кеткен сөздүн «түз маанисинде» эмес, чын пейлимде эмес, байкоосуздан чыгып кеткен «ошол» орой сөздү оозду эмдеп барып токтотчумун. Калыйча дароо мени карап тиктеп калат, мен ошол замат жалтактап, өлөөрчө өкүнүп, айламды таба албай калам, кандай десем кыясы жөнүнчө гана чыгып кеткенин түшүнсө деп ойлосом керек!

1961-жыл 30-апрель. Биздин Гуличкабыз бүрдөп өсүп келе жатат. Ал энесинин чоң мээримине бөлөнгөн. Мен аны карап турам да чексиз чоң кубаныч менен Гүкүм садагасы - бүрдөп өсө гой! деп айтам. Майдын таттуу таңы атып келе жатат. Мен Айым жана Жылдызымды - өмүрүмдүн кымбат адамдарын бетме-бет куттуктай албагандыктан ушул бетте колдорун кысып, беттеринен ысык сүйүп, Майыңар кут болсун, өзүңөр узак, узак өмүр сүргүлө, бактылуу болгула! Деймин.

Катенка, сен билесиңби, экөөбүз баш кошкон биринчи түнү сен мени кыса кучактап, мага имерилип «кудай сени аман коюп, кандай болсом да сенин жанында жүрсөм болду» деп айтканың. Мен анда чексиз бактылуу болуп, укмуштуудай «кереметтүү» адам болгон элем, ирээтинде сени бек кысып маңдайыңдан сүйгөн болчумун. Мына азыр да ошол сөзүң эсиме түшөт, менин төрт тарабым кыбыла болуп, укмуштуудай жөлөк күч алга түрткөнсүйт. Мен сени азыр да кыса кучактайм, ысык сүйүп, бетиңен өбөм.

Ушул кымбаттууларым Майга арнарым! Тунук абадан арбын-арбын жутуп, сергип келгиле! Менден ысык дем, кымбат достук жана сүйүү барат. Гуличкамды абдан сагындым, ал менин оюман көп убакта кетпей жүрөт. Катенька, батыраак келсең боло!

Силердин Кайып.

1962-жыл. Ноябрь айы аяктап калганда Фрунзеге, шаарга көчүп бардык. Колхоздун төрагасы болуп Өмүрбек Жапаралиев аке иштечү, жакын тууган Чокоев Абыкеш аке төрагадан «Кайып борборго көчүп барып окуйт элем дейт», деп транспорт сурап келиптир. Ошентип автомашинанын үстүнө кыштык отун, аз оокат жүктөп, карагайдын үстүнө атамдын ичигине оронуп мен жатып алдым, кабинага Калыйча отурду. Ошол кездеги Нарын-Фрунзе авто-жолун азыркы жол

менен (2013-2015-жж.) салыштыруу асман менен жердей эле, ал мезгилде жол чынында кол жумуштары менен бүткөрүлүп, жолдун бети уңкул-чуңкул болоор эле, жолдун нугу болсо булуңчаларды издеп улам имерилип олтурчу. Долондон белдин берки, аркы бетиндеги зоолордо жол салуу оор болгондон улам, чукул имерилиштер көп болуп, биз жаш чакта «Долондо, Боом капчыгайында «авария болуптур», учкан машиналар талкаланып олтуруп, айрым бөлүктөрү жолдун таманына чейин келиптир, таштын беттери бүт эле адамдын каны» деген сөздөрдү көп угуучубуз. Ушундан улам азыркы жаштар «куштай зымырап учуп» бараткансыган жолдун баасын, баркын билишсе, баамдап салмактап, ой толготуп көрүшсө деп ойлойм, мына биздин да, деги эле кыргыз баласынын өмүр турмуш жолу мына ушул жолдой татаал өттү. Азыркы жаштар өткөн оор турмуш, жашоо тууралуу сөз айтылса, «ал силердин мезгил, силердин жашоо» деп жеңил ой менен жооп айтышат. Тереӊ ойлонуп, анын кандай гана азап менен бүткөнүн барктап, баалап билишпейт. Алдыда адам баласынын жашоо-турмушунда ушундай же андан да оорураак турмушта болуп калбайлы деген ой-толгоодо болушса өздөрү үчүн пайдалуу жумуш жасашаар эле деп кайрылгым келет!

Биз а деп келгенде өзбек улутундагы карыянын короосуна үй эмес эле, бир бөлмөгө окшогон сарайдагы “музоокана” эле, кийин бир жылга чукул убакыт өткөрүп, Калыйча мурдагы Кыргыз көчөсүнөн бир бөлмөлүү квартира тааптыр, ошондо туруп калдык. Ошентип биринчи үй-бүлөлүк жашообуз Фрунзе шаарында Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы партиялык-советтик кадрларды даярдоочу эки жылдык мектепте окуу менен башталды. Калыйча үйдөн өтө көп алыс эмес аралыктагы азыркы Жибек-Жолу көчөсүндөгү №3 төрөт үйүндө иштеп калды.

Мен **окуумду баштадым**. Мектептин окуу программасы техникумдун деңгээлинде экен, бирок окутуучулардын составы, сапаты, биз курактууларга ылайыктуу, мугалимдер билимдүү, көп тажрыйбага ээ болгон адамдардан тандалып алынган, окулган лекциялар, кыска, ар бир теманын акыркы маңызын так айта да, түшүндүрө да алган адамдар. Окуу мезгилинде мен өтө оор, өтүүчү жолу жок, бийик аска-зоого чыга турган абалда болдум. Эң башкысы мугалимге билип, түшүнүп турганыңды **орус тилинде** айтып бере албайсың. Көп талбай окуучумун, күндүк лекцияны күнүнө кайталап окуп конспектиге жазам, өтүлгөн темалар боюнча китептерди окуйм, акырында «тил жетпегенде» корутунду, жыйынды сөздөрдү жаттачумун. «Ветеринария негиздери» деген сабактан жаш татынакай мээримдүү мүнөзү жана сөзү менен адамга жагымдуу, улуту орус мугалим окутуучу эле. Бир жолу - Кайып, - деди, - сен «значит» деген сөздү өтө көп айтасың, сага оор болуп кыйналып жатасың, мен сени түшүнүп жатам, бул сөз орустарда сөздүн «отоосу» (сорняк) дешет, улам кайталаганды азайтып, анан жоготуун керек, - деп калды. Мага өтө катуу жана оор тийди. - Сизге рахмат дедим да, бул сөздөн кутулуунун аракетин жасадым… Кээде ар бир темага кыска жооп жазып, жаттоочу болдум…

Бул убакытка чейин менде “орус” тилин үйрөнүүчү шарт болгон жок. Мектепте 9-10-классты Токтогулдан окудум, айрым сөздөрдүн гана кыргызчасын

билдим, жаш кезде тилдин жатык кезинде орустарга аралашып үйрөнүү үчүн студент да болбодум, жада калса армиянын катарында орустар менен кызмат өтөгөнүм жок. Кызматым да жалаң кыргызча болду. Чынында өзүңдүн жашооңдун башкы талабы болгон улуу орус тилин билүү менде жөн гана газета, журналды, өзгөчө адабиятты өз бет алдымча окуу менен өттү, көп учурларда орусча чыгармаларды окуп, түшүнө албай калган сөздөрдү орусча-кыргызча сөздүктөн издеп табуучумун, көбүн дептерге жазып алып, кайра кайталап кароо, жаттоо үчүн, айрым убактарда адабияттардан бүтүндөй бир абзацты кыргызчалап которуп коюучу элем. Ошентип орус тили мага "чала-тааныш" боюнча, "отоосу" көп тил катары калды. Бирок менин укум-тукумум эч болбосо **үч башка тилди билип** алуусун каалайм, өзү үчүн өзү кор, зар болбосун үчүн ошентишсин, азыр чынында биздин мезгил өттү, эми шарт бар.

Чынында мектепте «катуу» окудум! Үйдө шартым жок катары эле, китеп окуп, жаза турган «столум» чоң кара чемодан болучу, кийинки жылы Калыйча тегерек стол сатып келиптир, чемоданга боортоктоп көмкөрөдөн түшүп жазганга караганда бул стол кадимкидей жазып, окуй турган орун болуп калды, бутту стол алдына сунуп алып, өзүнчө рахат алгансып калаар элем! Жашоо-турмуш деле дурус эле өтүп жатты, Калыйча мискейге тамак жасап коюп ишине кетүүчү, мен аны үч маал жылытып, үч маал тамактанчумун. Биринчи жылы Сокулукка иштөөгө, экинчи жылы Аламүдүн районунда сакманчы болдук. Бат-бат Чүйдүн мыкты чарбаларына алып барып, өндүрүш менен тааныштырып туруучу. Азыр ойлонуп ошол өндүрүштүк иштерди ойлойм. Чүй зонасында Нарынга караганда ошондо эле өндүрүштүк да, жаратылыштык шарт да жүз эсе жакшы абалда экен.

Мектеп мени чоң билимге ээ кылды. Он жылдык билим чынында азыркы эмес, ошол алтымышынчы жылдардын талабына жооп бере албай калган эле. Мектепте техникумдун программасында болсо да мен мындан аркы жашоомо зарыл билимди алдым деп эсептесем болот. Боортоктоп жатып окуган эмгегим кайтып атайын орто билимди **артыкчылык диплому** менен алдым. Мамлекеттик экзамен комплекстүү болуп, экзаменге эмнегедир Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин партиялык - уюштуруу иштер бөлүмүнүн башчысы катышып калды. Мен билеттерге жооп берип чыгып, колу - башты жууп, чарчаган **«башты»** "сергитүү" үчүн түз эле дааратканага жакка жөнөдүм. Артыман мектептин партиялык комитетинин секретары Титаренко А.А. кошо кирип, мени куттуктап, колумду кармап, менин фамилиямды жазып алганын айтты. Ал кезде кадр маселеси ошол партиялык бөлүмдүн колунда болуучу. Ошол эле жылы Фрунзедеги Скрябин атындагы айыл чарба институтуна өттүм. Биринчи курстун кышкы сессиясында 9 сабактан экзамендин бардыгын «5» деген баага берип, өзүмө-өзүм даярдоо мектебинде дурус эле окупмун деп калдым. Чынында анатомиядан экзамен оор эле, экзамен алып жаткан жигит кырктан ашып калса да кайра-кайра суроо берип жатып, класстан чыгып кетти, кайтып келгенде «жанындагы киши мага» "сени мактап жатат", кана мага «сидалишный» нервди таап берчи деген суроо берди. Маңдайымда жылкынын дене түзүлүшүнүн макети турду эле, мен ал «нервди» токтолбостон эле көрсөттүм, «нервди ажырата билсе билет десе

болот, өзүң каалаган баанды берсең болот», - деп чыгып кетти. Класстан чыксам экзамен берип жаткандар топтолушуп туруптур, «5» десем баары «тепселеп» өздөрү алып жатышкансып куттуктап калышты. Көрсө «анатомия» сабагынан көптөрү кулашыптыр. Ал эми алиги «добро» берген адам, кафедра башчысы, илимдин доктору экен.

Ушул жылдардан дагы бир окуя эстен кетпейт. Институттун төртүнчү курсунда кышкы сессияга келип экзамен берип жатып, эмгекчилдик бир студентке жолугуп, ал да «зоофакта» экен, экзаменден үч алып чыгыптыр. «Койчу баатыр», - дедим сырттан окусаң жүйөө бар, ал эми «очно» окуп жүрүп үч алсаң «уят!» дедим, - байке, "Лушихин өтө жаман адам, ал даана улутчул" - деди. Сен ушул жерден кетпе, күтө тур, Лушихинге мен да кирем, овцеводстводоң экзаменим бар, мен 5 болбосо да 4 алып чыгам,- дедим. Лушихин болсо Кыргызстанда уяң жүндүү кыргыз коюнун автору, экзаменден 4 деген баа алып чыксам «күт» деген кишим жок, кетип калыптыр. Кетип калуусуна дароо түшүндүм! Дагы бир окуя бар. Агрономиянын негиздери деген сабактан бир суроону тактагым келди да, лекция окуп жаткан мугалимге суроо салсам, ушул темада 2-курска азыр сабак өтүп жатат, сиз барыңыз деп кат жазып берди. Акыркы сааты экен, мугалим мени алып калып, ушул темага үч пар сабак бөлүнөөрүн, лекция, бир пары макеттер аркалуу тааныштырып, аякkы саатында кыска конспекти да жаздырат экен. Ушундан кийин менде бир ой ар дайым сакталып калды. Чынында эле "турмушту билбей" келген балдар жогорку окуу жайы үчүн «жаштык» кылат көрүнөт. Эң башкысы турмуштун уңкул-чуңкулун көрүшкөн жок, жашоодо баары эле мектептей өтөт деп ойлошсо керек деген ойго келип, илгери Хрущевдун мезгилинде жогорку окуу жайларына "эки жылдык эмгек стажысы болбосо окууга алынбасын деп чыккан тартип туура болсо керек" деген ойго келдим. Азыр да он бирди бүтүшүп барышат, бирок билимдин сапаты жогорку окуу жайларын бүтүргөндөрдүн көпчүлүгүндө начар. Азыр башка «себептер» да кенен орун алган деген кептер да эл арасында арбын.

1964-жылдын 30-июлунда Нарын районунда райкомдун биринчи катчысы болуп Рафхатбек Абдиевич иштеп калган экен, мени кабинетинде кабыл алып, окууну бүтүшүмө куттук айтып, сен эми 1-сентябрга чейин эч нерсе ойлобой отпусканды бүтүрүп эс ал, - деди. Ушул жылы 3-сентябрда Кыргызстан КП БКнын Нарын, Ысык-Көл облустарындагы жооптуу уюштуруучусу А. Жумагулов, партиянын райкомунун секретары С. Бейшалиевдердин катышуусу менен мени Нарын районундагы «Эмгекчил» колхозуна партиялык комитеттин секретары кылып шайлашты. Колхоздун председатели болуп Кудаш Кыдырбаев - Кыргыз Республикасынын "эмгек сиңирген ветеринардык врачы" иштечү. Чарба ошол жылдарда райондогу чоң чарбалардын бири эле. Менин өз бетимче барып иштеген биринчи чарбам болгондуктан өндүрүш менен, элдин сыры менен, өндүрүштү жүргүзүүчүлөр менен түз байланышууга туура келди. Чынында көп иштер мага тааныш эмес болуп, көп убактым таанышууга, үйрөнүүгө, кимиси эмне иш жасары, кандай жана кантип иш жүргүзөөрүн билүү, кайсы ишти кантип баштап жана бүткөрүү керек экендигин үйрөнүүгө кетирдим.

## КЭЭДЕ МАКУЛДАШЫЛГАН ИШТЕР АТКАРЫЛБАЙ КАЛАТ

Мурда редакцияда, комсомолдо, ал түгүл райком партияда аткарган иштерим башка, ал эми бул жерде, түздөн-түз өндүрүштүн өзүндө иштөө башкача, мурдагылардан оор, татаал, талаш-тартышы арбын болуп көрүндү. Көп учурларда макулдашылган иштер аткарылбай калат экен. Бирок, эли тынч, ынтымактуу, арасында эстүүлөр, айта турган сөзү барлар, тентегин кой деп басып коюучусу бар эл деп түшүнөм. Айылда Төрөгелди, Султан, Насирдин, Усубалы, Ондон, Өскөнбай, Кыргызбай сыяктуу эстүү-баштуу адамдары арбын эл. Бары Кудаш акенин айланасында болушуп, сөзүн угушкан, айтканына макул болушкан эл. Мага өзгөчө таасир калтырып, ушул убакка чейин эсте турган айыл ичинде "илгерки элден калган жөнөкөй, ак-пейил мүнөзү бар, куудуң-шуудуңу жок эл" эле. Унутпасам онго чукул сакалдуусу бар, алардын ар бири айыл активдерине кышкы согум деп бир, жазда кымыз бузуу деп бир чакырып тамак беришээр эле, милдеттүү иш катары сезилчү.

Айылда Шаменов Төрөгелди аке бар эле, чоң кадыр-баркка ээ болгон, оозунда айта турган жакшы сөзү бар, өзү кайраттуу, анча-мынча «тентектерди» өзү эле жөнгө салып койгон, сын-сыпаттуу, чоң кара муруту өзүнүн келбетине жарашып турган адам эле, 87 жашында каза болду, барып топо салып, куран окудум. Ошол кишинин аңгемесинен кошо айтып кетүүнү орундуу көрдүм. Төкөмдүн аңгемесинен: -

Биринчиси: жаз жаңы келип, көк чөп аз көтөрүлүп калган мезгил. Үч-Чатка өз чарбамдагы койлорду жайып, бир жолу барып калдым. Мага жакын жерге койлорун жайып, Акматбектин Асек деген баласы да жүрүптүр, экөөбүз ортодогу саал дөң сыяктуу жерге отуруп калдык. Ал ойноп жатты. Бир маалда ортодо кумурсканын уюгунун топосун чачып, кумурскалар чыга баштады эле мен тамашалап «сийип» койчу Асек деп койдум. Анан кумурскалар кайра чыга баштаганда балага уюктун үстүн жаап кой топо менен десем бала айтып жатат: «- ай Төрөгелди ай… ушунуң эле жаман да! Бир сийип кой, бир жаап кой дейсиң, деп жатпайбы!» Бала мектепке бара элек, мен элүүдөн ашып абышкага айланып калган кезим. Эч жооп жок отуруп калдым. Ичимен күлдүм, "өзүң күнөөлүсүң Төрөгелди" деп. Адатта адамдар күнөөнү өзү жасайт, бирок сөзсүз башкалардан көрөт эмеспи.

Экинчиси: Эмгекчилге барып, Төрөгелди акеге учураша кетейин деп үйүнө түшүп калдым. Байбичеси каза болгондон кийин аз сыркоолоп өз бөлмөсүндө кроватта жатыптыр. Бөлмө кенен, учурашып ден соолукту сурашып, бөлмөгө көз чаптырсам үч сүрөт илинип турат. Бири Чыңгыш ажыныкы, бири Байтиктики, бири Сталиндики экен. Мага табышмактуу сезилип, сурап калсам:

- Чыңгыш ажы болсо - өзү Тынымсейит уруусунан ажылык милдетти аткарган, учурунда биздин элге баш - көз болгон адам, Ат-Башыда Чоконун ашы болуп, ажыга кабар берилип, Ысык-Көлдөн күлүгү, жигиттери менен кечигип келгенде сарбагыштар (алыс аралыкка карабай) ажыны «сындырыш» үчүн конок үчүн алыс аралыкка алып барышып, коногун да «жайсыз» тосушкан экен. Ашта

ат чабылып, Чынгыш ажы жактан Үкүнүн Каракашкасы чыгып, башкы байгени алат. Ажы кайтып кетээрде сакалдуулардын бири, ажыга «тууну майлап кет» деген экен. Анда Чынгыш ажы «... мен тууну майлайын эмес, тууну тебелейин деп келгем» деп жигиттери, утуп алган байгеси менен жөнөп кеткен дешет!

Чынгыш ажы Ысык-Көлдө чоң кадыр-баркта турган адам болгон.

Байтик баатыр - бул да кыргыздын белдүү адамы, Чүйдө Кокон хандын көп сарбандарын тосуп, эрдик көрсөткөн, башка да көп жакшы иштери бар адам.

Сталин - адамды баалай билген – адам! Мыктыларды таап, ошолорду өз ордуларына туура коё билгенден кечээ согушта **«адам баласын** чоң коркунучтан сактап калбадыбы, муну ким унутат, Каке!" деди.

- Булар ушундай кылык-жоруктары менен мага жагат!...

Уюткулуу айыл. Менин мындан аркы өмүр жолум үчүн да ак жолтой болду. Ары-бери өткөндө мен ар дайым айылга карап өтөм, Оро-Башы, Мазар, Үч-Чатты, Кара-Талааны эскерип, элине сыйынып өтөм!

Кийинки жылы сүт-товар фермасында силос жасап, силостун аңы толуп калганынан жакшылап тебелетип коёюн деп жатып, убакыт кеч болуп караңгы болуп калганда машинанын жарыгы чыгып калды. УАЗда райондук аткаруу комитетинин төрагасы Аруун Аджиев экен, биз менен учурашып, тапталган силосту колуна алып көрүп:

- Жакшы экен, туура жасап жатыпсыңар, - деди.

- Чүйдөгүлөр ушинтип жазашчу эле Аруун Аджиевич, силос канча жакшы тапталса, ошончо жакшы болот дедим.

- Туура чүйлүктөр жакшы жасашат, мен да көргөм. Бирок, бизде көп жерде жакшы эмеси да бар, болуптур силостун кандай болгонун кийин кышта келгенде баалайбыз!

Кудаш Кыдырбаевичтин кан басымы жогору болгондуктан Ак-Сай тарапка көпчүлүк учурда мен баручу элем, ал жакта да ондон ашык короо кой бар эле, ар айдын аягында малды, малчыларды кыдырып, ал абалы менен таанышып, жасалган иштер, бүтө элеги, көчүү, конуу, аягында малдын өлүгүн көрүп, учетун алуучу элек. Бир жолу «комиссия жаштык кылып жатасыңар, бир адам силерге билгизбей «иш» жасап жатат» деп билдирди. Көрсө коңшусу биз кыдырып келээрдин алдында бир ирикти союп, туш жасап, аны отундун үстүнө коюп кургатып койчу тура, бизге өлүк деп көрсөтөт, кулагын кесип, биркасын жазып алып кетчү экенбиз. Ал силерге чейин ич этин жеп, силер кеткенден кийин туштү бүт жеп алып жатпайбы! Кийин мындай таза туштарды автомашинага жүктөп складга алып кетүүчү болдук, «жанагы кан чычкыр парторг шекшип калганбы, складга деп алып кетчү болду» дечү экен. Бул фермада дагы башка иштер болсо керек, себеби, жыл сайын мал жетпей калып жүрдү.

1966-жылы февраль айында колхоздун төрагасы Кудаш аке Кайып Ленинге барып келбейсиңби кийин кыйналып калабыз го, кыш оор өтүүчүдөй болуп калды деди. Ушул райондун Ленин атындагы колхозунун ошол кездеги төрагасы Өмүрбек Жапаралиевич акеге сүйлөшүп коюп, эртеси бармай болдум. Ошол

күнү чарбадан 20 дан ашык транспорт даярдап алып, айылга барсам, Өмүрбек аке № 1 бригадасында күтүп туруптур. Үч ат даярдап коюшуптур, ошол айылдын комплекстик бригадасынын башчысы Ормуш Баялиев акеникинде даяр тамак да бар экен, бир индюктун чучугун, этин жеп алып барып, чөптү көрүп келдик, бир скирда узатасынан эндей жыйылган табигый чөп экен, баргандар узун-туурасын ченешип, 20 тонна экен дешти.

- Мейли 20 тонна болсо болсун, биздин эсепте 24 т. эле деди Ормуш аке.

- Анда Өмүрбек аке, ашыгы Кайыпты «өрүлүктөгөнүбүз» болсун, 20 тонна деп эле эсептешели деди.

- Оор маселе чөпкө чейинки аралык болду, болгону 4-5 км. жер экен, бирок, кар өтө оор болуп, үймөк да ойдуң жерде экен. Колхоздун булдозеру Дт-54 маркасында болгондуктан аз жерге карды түрткөндө эле токтоп калып, оор карды кайталап түртүп жатып 4-5 саат жол үчүн кетти. Кышкы күн кыска болуп биз үймөккө түнкү саат ондо араң жеттик. Эртең менен саат 6-30да акыркы машинаны жүктөп бүтүп, ошол айылда жездем Курманалы Ашырбай уулу, Зина эжем экөө, чөп жүктөгөн элге тамак даярдап коюшкан экен, чарчаган эл тамакка жакшы тоюп алышып, үстүнө 100 гр. арак бастырып жөнөп кетишти.

Кийин, Өмүрбек аке, Кайып силер кар калыңда даярдыксыз барып кыйналып калдыңар, биз да, силер да кыштан аман-эсен чыгып кеттик, ме бул ишеним катты бухгалтерияңа кайтарып бер, биз ыраазыбыз, бизге таарынбайсыңарбы? деп мага жылмая карап күлүп койду.

Жоок... аке анда сиз чыныгы бир тууганча мамиле жасадыңыз, Кудаш аке да чоң рахматын айтты Сизге дедим мен.

- Ошол жылы чыны менен кыш оор болду, бизден башка да чарбалар бирине-бири жардамдашып жатып кыштан жакшы чыгып кетишти.

Кийин ошол чөп алган күндү ойлоп, эмне үчүн ленindиктер, 1961-1963-жылдарда тээ эң алыскы аралыктагы Тарагай, Үзөнгү-Кууштагы кыштоолорго, 9-10 дон короо кой алып барышып, арбын чыгашага учуратып келишкенин, ал кыштоого барып келишкен койчулардын кайгы-муңдары, көргөн азаптары тууралуу ушул күнгө чейин эскеришээрин ойлоп, жогорку жактан болгон көрсөтмөнүн азабы болсо керек дешчү.

1944-жылы Ак-Сайда чоң жут болуп койчулар таягын сүйрөп, жөө келишкен дешет. Мында чабандардан Байгазиев Кудайберген, Мурадилов Бейшеке, Эсенаев Укендер болушкан. Кой ферма Каратаев Асан, жылкы ферма Чарыков Турдаалы болуучу. Кийинки жылы 1945-жылы Кочкорго барып Чоң-Үкөк, Кичи-Үкөк, Орто-Үкөк деген жерде кыштап жүрдүк. Кочкорлуктар кубалап малга жайыт бербей чыр салышты. Райком Носунов Умураалы экен, мурда бизде да Нарында райком болуп иштеди эле, барып жардам сурасам, ал кезде бурама телефон болучу, дароо эле телефонду бурап калды. Кара-Суу деген колхоз экен, телефонду койгулап, ачууланып жатып араң алып берди дечү Өмүралиев Акматаалы аке ферма башчысы экен. Ошондо барган чабандардан Тагаев Бакас, Мурадилов Бейшеке, Кыдыкбеков Абдыраалы, Жамантаев Өмүраалылар болчу дейт аксакал.

Шартыбыз абдан оор болучу, Нарындан жөө, ат менен үч күндө жетүүчүбүз, жашообуз боз үй, таштан тизип короо жасап, тезек, саман жагуучубуз, талаадан тезек жыйнап, бир-эки кап терүүчүбүз. Ушинтип 1953-жылга чейин барып турдук. Кийин дагы 1954-1956-жылдарда Нарында кар оор болуп, мал жайыттан от алалбай калган жылдарда кой, уй, жылкы Кочкор районуна жайыт издеп көчүрүлүп баруучу. Алыс жолго кыш айларында зарыл даярдыксыз мал көчүрүү, жолдо айыл аралап мал менен өтүүдөгү "кырсыктуу" учурлар мал эмес адамдар үчүн да оор абал түзүлчү деп ошол мезгилдерде мал менен кыштап келген адамдар, тармак башчылары көп кеп айтып калышчу. "Кара жерден кан тамбайт" деген макал сөздү улап, кары жок жайыт издеп, Кочкорго барганда оттуу жайыт жерлер кайдан берилсин, көп учурларда арпасы чабылган, саманы жыйылып кеткен, арпанын маясы да мал жайылып, оту начар болгон участоктор берилчү. Бирок, мал байкуш термелеп жан бакканга жарачу, бирок мал арык болуп, өлүм чыгашасы көп болуучу дешет. Эл арасында "ар түркүн" адамдар да болот да көп учурларда мал арбын жоголуп турчу экен.

Кийин алыскы мал кыштоолорго өзгөчө жаңы жыл алдында атайын бригада менен барып, кыдыруулар болуп туруучу. Бригадада лекция окуу, соода, дары-дармеги менен врачтар, концерт берүүчүлөр жүрчү. Ушундай чаралардын биринде Ак-Сайга бардык, анда ошол зонадагы чарба жетекчилери өздөрү, партиянын райкомунун бюро мүчөсү Бейше Соодонбеков жетекчилик жасады. Кышкы күн кыска эмеспи, антип-минтип чогулуп жөнөп, Беш-Белчирдин белин ашып баргыча эле түн кирип, бир оокум болуп калды. Кызыл-Булактан бөлүнүштүк. Биз чарба жетекчилери, райондук мекеме башчылары болуп «Жаңы-Талап» колхозунун Боз-Жалпагына белгилүү чабан Кыргыз ССРнин Жогорку Советине, ССР Союзунда улуттар советине депутат болгон Шыгайбаев Бакайдыкына бардык. Үйү чынында кенен экен, бирок жерден оюлуп жасалган. Чабан коноктор арбын болуп калды деп ирик сойду. Үйдө өз ара кеп салышып жатып, айрымдар үшүп калышканбы дароо эле суук канча болуп жатканына кызыгышып азыр «суук канча болуп жатат деп» бирөө сурап калды эле үй ээси канча болгонун айта албайм, бирок колуңарга газета алып төрт бурчунан кере кармап, газеттин бетине түкүрсөңөр, суукту билесиңер деди. Эшикке кийинип чыктык да Бакай айтканды жасадык. Түкүрөр заматта эле **койдун корголундай болуп газеттин бетинде тоголонуп калып жатты.** Үйгө кирип түкүрүк ушундай тоңуп, тоголонгондо канча болот деп радиодон укчу белеңиз! Радио да туурасын билбейт да, болжоп жылуу, суугун кошуп айтса керек, «туурасын силер ченегич ала келсеңер билесиңер» - деди эле Бакай, ортодон бир «артист» - «ак катыгүн ай ээ, так ушул унутулуп калган тура» деп калды куудулданып, жалпы баарыбыз дуу күлүп калдык. Деги тышта суук 44-46 градустан кем эмес деп болжодук. Короодогу тоңдон чаап, чабан тегерегин бийик жасап тоскон экен, ортодо кык, Ак-Сайдын күчтүү чөбүн оттогон ириктер семиз, алдыңкы колдун бирин алга таштап коюп, карткурт кепшеп, сууктун канча экени менен иши жок жатышат. Семиз мал ушуну жасайт да!

Жатканда «землянкага» батпай калдык, ар бирибиз оң же сол капталдан болуп, шыкала батыштык. Чабан, **аялы экөө эки баласын алдыларына алып, эки босогодо коюндарына катып таң аткыча отуруп чыгышты.** Мына «кыргыздын пейили, адамгерчилиги, меймандостугу таң каласың, а дегенде дасторкондун бети, «жука» эле көрүндү эле, үй ээси (аялы) жаш, керилип турган чагы экен, тез эле нанга, майга, каймакка, мурда бышкан согумдун этинен бар экен чучукка, карын-картага, конфет, кант болуп дасторкон бети толуп кетти. Эртең менен туруп алышып, коноктор эми үй ээсин мактап жатышат. Бали, аял болсо ушундай болсун, Бакайга аялы да жарашкан экен десе, бири… кабагым-кашым дебейт, жаркылдап-жайнап турган аял экен… балдары 3-5 те эле окшойт, жасаган оокатын кара… дешет.

Эртеси Көк-Коодо болуп, короолорду кыдырып, абалдары, турмуш тиричилиги менен таанышып, медициналык кароо, соода-сатык иштери болду. Бүт чабандар менен чогулуш өткөрүлдү, биз «Эмгекчил» колхозунун Суук-Өтөк кыштоосуна өзүнчө бригада болуп кеттик. Алар менен да мурдагы күндүн алкагында иштер болду.

Кийин Ала-Мышык кыштоосуна дагы бир жолу бардык. Кыш жакшы эмес, орто, ортодон жогору оор болду деген жылдарда да мындай болучу эмес, - дешти ирик баккан чабандар,- мал жүдөп кетти, өз көзүңөр менен көрсөңөр болот, - дешти 7 короонун 4 короосунда болгонубузда. Менин мындай карды чынында биринчи көрүшүм эле, эгерде ошол учурда барып, өз көзүм менен көрбөсөм эс-акылы, тили жок айбан малдын жан айласы үчүн жасап жаткан жумушуна, аракетине эч качан ишенбейт элем. Кар бери болгондо 1,5-2 метр бийик болуп турат, ирик карды түбүнөн оюп тээп, үңкүр жасап алып, сойлоп барып, жердеги отту таап жеп жатат, мындан да шумдугу карды оюп барып, ирик денеси ары өтпөй калганда кичине артка жылып эки колун өйдө көтөрүп, карды чапчып төмөн түшүрүп алып, түшкөн карды тээп тазалап, жердеги отту алып жеп, кайрадан мурдагы жумушун кайталап жатты.

- Бул аймакта тоо бийик, тик болгондуктан түшкөн кар кургак, шүүдүрүм болгондон улам ылдыйлатып түшкөн карды кайрадан тээп, оттуу жерин таап алып жеп жатат, - дейт Амантур аттуу чабан. «Укмуштуу жорук» көргөндөй болдук.

- Тоонун бийиктиги, болуп бул аймактагылардын абалы да бир азга түзүк, мына оор абал ортодо жана түзгө чукул жерлерде болуп жатат, - дейт чарбанын жетекчиси, Мамажанов Валий, ал жерлерде тубар койлор, токту, боруктар талаадан от алалбай калды, жааган кар суу болуп, кардын алдыңкы катмары катып муз, койлор кар тээп жей албайт, чоң тубар койлор тоң карды тээп, алдыңкы эки колу жооруп, кызыл жөөк болуп жараланган жер туякка жеткенде кар тээп жегенге жарабай калып жатат, андай короолорду колго алууга аргасыз болдук, - деди сөзүн улап, бирок, тоютка дээрлик 24 күн мурда кирип калып жатышат.

«Чабандын иши чатак иш» деп ырчылар айткандай чабандарды көчүрүп жатканда да Жан-Булакка кайрадан барып калдым. Ак-Кыянын түшө калышында

Амантур аттуу чабандын көчүп келүүсүн күтүп, түнкү саат экиге чейин туруп калдык. Койлор келгенде от алгыдай чөп чачтырып, даярдык жасап жатканда, короого айылдан бир зөөкүр адам келип калды, өзү мас экен, алыстан атчан туруп алып, чарбанын жетекчиси, жумуш жасап жаткан адамдарга тийишип, анан сөгө баштады. Чарбанын жетекчисин «ээй Валий!» деп атынан атап, сөгүп жатат, бок ооз адам экен, адам оозуна албаган сөздөрдү айтып жатат. Валий аке унчукпады...Кандайынан колуна тие калды билбейм, кежигеден чапчып кармаган экен, жулунтуп алып келип, бийик кар күрөндүгө башын тыгып, сойлотуп кыймылдатпай көпкө басып турду, анан башын азга өйдө көтөрүп, кайра күрөндүдөгү карга башын киргизип, басып турат. Мен өлүп калбасын деп чочулап Валий акени эми болдуго десем, башын өйдөлөтүп бошотсо кардан оозу бошоору менен өзүн сөгүп жатпайбы, тигил шүмшүк, анда мына дегенсип кайрадан тумчуктура карга башын сойлотту эле, бул жолкуда чынында думуга түшкөн экен, сөгүүгө чамасы келбеди, Валий аке “эми кандайсың”, - деди эле, дароо эле «сөгүнсөм энемди алайын, коё бер», - деп араң сүйлөп, оозу да чилдеде тоңгонбу булдуруктап калыптыр, - эми болду, башкаңар тийбегиле деди, - чарба жетекчиси. Айбан адамдын жасаган иши да айбанча болуп атына минип алып, алыска барып дагы сөгүүсүн күчөтүп, баарыңарды “кырам” деп жатты, кой айдашып келгендерден бирөө аты менен дырылдата кубалады эле качып барып, кайрадан токтоп сөгө баштады. Жөө кой айдашкандардан бирөө «бул адам деле эмес ушундай ит» мындайларды жакшылап гана «сабоо керек», - деп ачууланып жатты.

Эртеси айылдагы участковый угуп, таң ата үйүндө уктап жаткан жеринен алып кеткен экен, районго алып барып, 15 суткага камап койду, деп башкы зоотехник айтыптыр.

“15 сутка аз, анын кечээ жазаган кылыгы үч айлык болучу”, андай айбандар көп, раймилициянын туалети тез эле толсо керек, үч ай туалет тазалатып, бок чыгартып койсо болмок эле ...э ботом ушул кечээ тоодон жакага койду, жүктү келтирүү оңой болдубу, айбан десе, деп ачууланыптыр чабан Амантур да.

Ошентип район ушул жылкы кыштан дурус чыгып кетти. Нарын аймагында кыштан өтө начар чыгып, малды көп чыгашага учураткан Ак-Талаа району эле. Кардын оор түшүп, кыштын узакка созулушу бардык райондордо, чарбаларда бирдей эле болду. Бирок, Ак-Талаада «аркы жылда» эсептин так эместигиненби, тоюттун мүчүлүштүгү негизги себеп болду көрүнөт. Бул район 1966-жылы болгон оор кышты да өтө начар өткөрүшүп, райкомдун ошол учурдагы биринчи катчысы Корчубек Акназарович так ошол кыштын алдында «Эмгектин баатыры» наамын алып, баатырлыктын медалын жыл аягына чейин алууга батына албай жүрдү деп кеп салып калышчу эле.

Ушул эле жылы 23-25-июнь күндөрү болсо керек, Жан-Булактын түштүк тарабындагы Олдомор деген жеринде Жаңы-Талап колхозу насос менен суу алып, буудай айдап, сугарып жаткан ишин көрүү үчүн атайын бараттык. Биз көрүүгө аракет жасап бараткан участок суу насос аркалуу алынып жаткан жерден жогору турган жалпак дөбө сыяктуу, бирок үстү түз талааны түзгөн жер эле, участоктун чыгыш тарабы өзүнчө курбу болгондуктан автомашина ошол курбуну жээктеп

бара жатып, коонун жайык, дың баскан жеринин өтүп баратып, арткы дөңгөлөк толук көрүнбөй калганга чейин чөгүп машина токтоп калды. Буга мынча көңүл бурбай деле койчу учур эле. Бирок, кар өтө оор түшкөн жылдарда тоодогу карлар тез эле эрип Нарынга куюп кетет дечү элек. Көрсө кар оор түшкөн жылдарда Нарын-Тоо кыркаларынын да, Жетим-Тоо кыркаларынын да күнгөй эмес тескей беттерине да ным жерге «кубаттуу» кирет тура. 1969-жыл да ушундай болду, мейли күнгөй беттерде жс тескейлерде болсун тоолордо жапайы эспарцет тоо бетин бербей жайнап чыкты. Мындай жылдарда сугат жер эле эмес, күнгөйлөрдө да кышкы жайыт оттуу болуп, мал кыштан эттүү чыгат тура.

Биздин ата-бабаларыбыз жайкы, жазгы, күзгү мезгилдердин өтүшүн өздөрүнө белги тутушуп, жазда болсо ай сайын айдын жаңырышынан улам ай жакшы тууптур, жаз эрте келет же ай чалкасынан түшүп калыптыр кыштын мойну созулуп, жаз мал үчүн өтө татаал өтөт дешсе, айрым жылдарда асмандагы жылдыздардын жайгашуусуна карап же болбосо эликтин, өзгөчө кулжанын, жапайы эчкинин текесинин күзгү чуркашын күнүнө чейин так эсептешчү, ушундан улам малды тейлөө иштерин жүргүзүшчү.

Кышка камынып ал мезгилдерде «атайын курулган» кыштоолор жок, байлар мал кыштатылуучу жерлерди башкаларга ишенбей, өздөрү атайын барып кыштоо болуучу жерлерди төрт тарабынан бороон уруп турбаган буйтоо, имерилиш жерлерге барып, атайын аттан түшүп, башынан тумагын алып, жылаңбаш отуруп «мына бул кыштоо болуучу жер экен» деп чечүүчү экен. Мал менен жашоо өткөргөн адамдар мына ушундай аракеттер менен гана жан багып келишкен.

Кийин Заповедниктен иштеген жылдарым эле, 2004-жыл болсо керек, Нарында кар оор түшкөн жылдардан болду. Кууданкөч менен Көгөндүнүн үстүн Ак-Жон деп коюшат, кар оорлоп жылкылардын кышкы жайыты тарып калгандыктан менчик жылкыларды «оту дурус болучу эле эптеп туруштук берер» деп мына ушул Ак-Жонго чыгардык. Он күндөн кийин ат менен кырларга салып олтуруп эптеп жеттим, жылкынын баш жагындагы дөбөгө чыгып, жылкыны түгөлдөсөм тору айгырдын башы, жону даана көрүнөт, башкасынан 4 чоң бээлердин жондору, айгырдын бизди көрүп кишинеген үнүнөн улам өйдө көтөргөн баштарын көрдүм, калган он чактысы жапысыраак, бирок тууралжын жылкылар эле аларды сол кубалап, «айда карап жатып» санын чыгардым. Ак-Жон өзү өтө кенен эмес, бирок түз, ойдуң тарткан жер эле, жылкынын «күрөгү» колунда болуп чоң карды солсол жасап алып, кардын өтө терендигине карабай, шүүдүрүм кургак карды улам маңдай жагын түшүрүп алып тээп, жерден от алып жатышкан экен. Жер ойдуң, түзөң, болгондуктан жерден дурус чөп табылып жаткан сыягы бар, жылкылар ток, өңдүү болгондугунан жайытында элс калтырып, үйгө кайра тарттым.

Ушул эле жылы жылкылар улам өйдөлөп олтурушуп, улам бир кырга салып карагай арасында дагы 10-15 күн болушуп, кары терең болсо да шамалдап, көп урунду болбогон жерлерден от алып олтурушуп, Көгөндүнүн Бел-Өтөгүнө чейин барышты, мен күнүгө бир маал короодон дүрбү салып карачу элем. Малчы Дүйшөк уулу Нуркалый ушул жылы Бел-Өтөккө жайкысын чыкпай калып, жылкыга жайыттан от алуусу кенен болгонсуду. Кийин апрель айында жылкыларды, ойго

түшүрүү үчүн уулум Жолдошбек 3-4 жигит менен жөө кырга салып олтурушуп барышты. Жигиттерге кайра келетканда «жалаң кырга салып айдагыла» - деп жакшы эле эскерттим эле, бирок кечке жуук балдар да, жылкы да Көгөндүнүн ичине түшкөндө кечигип калышты. Менин тынчым кете баштап, улам эшикке кирип-чыгып жаттым. Көрсө малга баргандар чарчашканбы, жылкыларды кырга салышпай, кыя менен айдашып, беттен көчкү көчүп, бактысына жараша уулум Жолдошбек беттин этегинде жакындап өскөн четинге жабышып калганга үлгүрүп, көчкү шуу өтүп кеткен экен. Кулун кезинде кулагынан суук алган чолок кулак чоң кула бээ бар эле, ошол көчкү менен кетиптир, башка жигиттер артта экен, кудайга шүгүр баары аман түшүштү.

Кышта эле эмес жылдын төрт мезгилинде тең мал баккандарда ушул өңдүү күтүүсүз окуялар көп болот. Элде ушундан улам «малчынын иши чатак иш» деп айтылып калган сөз бар.

Нарын районунда биринчи катчы болуп Рафхатбек Абдиевич он жыл иштеди, ушул жылдарда өзгөчө мамилени чарбанын биринчи адамдарына басым жасап, аларды тандоого көңүл бурар эле. Ошентип олтуруп райондо бардык чарбаларда жетекчилер бир кылка «тың» адамдар болуп калды. 8-Мартта Айныке Өмуракунов, Жаңы-Талапта Эсек Дайракунов, Куланакта мен, Жан-Булакта Тургунбек Абдраймакунов, Миң-Булакта Чүйтиев Насыр, Ленинде Мамытов Акимша, Үч-Нурада Абдрайым аке, Эмгекчилде Алымкулов Абдыкерим, Коммунизмде Күмүш Суранова. 1974-жылы район Союздун өтмө Кызыл Туусун алып, борбордон Турдакун Усубалиев өзү келип тууну тапшырды. Ардактуу Президиумга КПСС Борбордук Комитетинин саясий бюросун Абдрайым аке көрсөтүп, КПСС Борбордук Комитетине куттуктоо катын мен окудум. Жыйын өтө салтанаттуу өттү. Бирок, райкомдун биринчи катчысы Рафхатбек Абдиев тууну тапшырардан бирби-экиби ай мурда кызматынан бошоп, тууну райкомдун жаңы келген 2-чи катчысы Азимжан Асаналиев алды. Райондо Абдиев Р. үчүн чоң «өкүнүч» болуп калды. Кийин бул «ушактын» гана сааты болду деген сөз угулду. Ушуну менен бүттү. Р. Абдиев Турдакун Усубалиевичке бир нече жолу кайрылдым, эч болбосо «менин бошогондугумдун себебин эле айтып койгула» деп кеп салуучу эле. Чынында бул «чырдын» даана себебин эч ким билбей калды?

Райкомго биринчи катчылыкка келген Азимжан Асаналиев да тың ишмер адам болучу. Иши жок адамдар менен «катуу кармашуучу», өзү ишке тынымы жок эле, бирок, жасалып же жасалбай жаткан ишке көзү жетип турчу. Мунуң туура, бул жөн гана шылтоо деп түз көзгө айтуучу. Мына ушуну айрымдары терс алып жүрүштү.

Кийин райкомго катчы болуп Арзымбек Өсөров келди. Ал адам тууралуу менде мындай пикир калды. Райкомдун "биринчи катчысынын деңгээлин беш колдун салаасындай билбесе Борбордук Комитет эмне иш жасайт болду экен" деп. Турдакун Усубалиевич кантип эле ушул Өсөровду билбей калсын? Өсөров ишти билмек турсун, иш үчүн «башым» деп койчу эмес, «дайны жок» гана сөз сүйлөп коючу! Моралдык жактан да туруксуз эле дешет.

Р. Абдиев сөзгө чечен эле, капысынан чукугандай сөз тапкан, партиянын райкомунун кезектеги пленумунун биринде Р. Абдиев доклад үчүн трибунага чыгып калган. Жыйындан кечигишип, Ленин атындагы колхоздун төрагасы Ө.Жапаралиев, селолук советтин төрагасы Ө.Токтосунов, парткомдун секретары М. Боромбаевдер кечигип кирип калышты. Зал чакан болучу, эл жыш толуп, кечиккендер азга токтолуп калышса Р. Абдиев айтып жатат: «Ак-Сайдын кулжаларындай болбой отургулачы", - деп, жыйындагылар дуу күлүп калышты. Үчөө тең толук, бойлуу адамдар эле». Өйүздөн Орук-Тамга күнгөй аркалуу жол салууга сүйлөшүп жол министринин биринчи орун басары Ж.Убышев, райкомдон Р. Абдиев жана узаткандар болуп жөнөп калышат. Арасында жылкы ферма башчысы Насыранбек аке бар экен, ал киши "биздин жер ушундай, ой-чуңкуру көп" десе:- Р. Абдиевич айтат дейт:- «жердин ой-чуңкурун түздөчү үтүк чыга элек, жөн бастырчы», -деп.

Куланак колхозунун Учкун бригадасында ферма башчысы болуп иштеген А. Баялиев бар эле. Ал баш-аягы жок сүйлөп жатса Баялиев, карганын балтасындай болбой олтурчу, - дептир. Асанбек чынында эле карганын балтасына окшош эле, жашыл гитил шым кийип, мурутту текшилеп алдырган. Залда эл дуу күлүп калышат. "8-Март" колхозуна барса, туалети үйдөн алыс, ортосунда суу аккан арык да бар экен. Р. Абдиев: - Бейше Жакыпович, бул туалетке жетиш үчүн жолго өзүнчө мамы орнотуп, атайын ат токутуп коючудан экен,-дептир! Сөздү так даана айтаар эле! Партиянын Нарын райкомунда 4 жылга чукул иштеп калдым. Р. Абдиев айтчу дейт: - Калназаровго ык алып калдым эле, кандай доклад болсо да тартынбай окуй берчү элем, - деп. Ошентип, 13-ноябрь 1970-жылы Нарын районунун Куланак колхозунун төрагасы болуп шайландым.

Куланакка баруум мени толук өзгөрттү. Ага чейин жашоонун жеңил жолу менен эле алек болуп жүргөнсүпмүн. Куланак, кандай десем, мени 100 пайызга ар тарабыман өзгөрттү. Бул чоң жоопкерчиликтен келип чыкса керек. Токтоо, салабаттуу адам болуп чыга келдим. Кыясы көп ойлондум көрүнөт. Маанилүү маселелер, чарбалык иштердин ошол мезгилдеги абалы мени көп нерсеге түрттү. Кантип, кандай жасоо менен жолго салуу керек?! Эң башкысы «өндүрүш» деп чечтим! Жасала элегин жасоо, жолдон тоскоолдорду алып таштоо, калгандарын жолдон көрө жатабыз!

Менде жакшы, таза үн ыры менен бар эле, шайырлык да, күлкү, тамаша да жетиштүү болучу. Азыр жок, анын баары жок болду, азыр иш гана бар, кандай болот, кантип чарбада иш оңолот, эмне жасоо керек?!

Райондо, шаарда, өзгөчө айылда менин Куланакка барышымды көп кеп салышып, өз ара «күңкүлдөшө» башташты. Жаңылыш иш, кайран балага убал болду, эми келечеги жок болуп калды, жакшы өсүп келе жатты эле, азыр чарба анан ошону менен тагдыры башка жолго түшөт (жоголот) ж.б.

Иштегениме үч ай болуп калган. Күндөрдүн биринде Куланакта магазинге кирип калдым. Анда Ажыгул аке иштечү эле. Ажыгул аке жездеме туугандык жагы бар болгондуктан Нарынга барганда үйгө да келип калуучу. Мен магазинге салам айтып кирип барсам : - «ап бали балам, кабарыңды угуп жатам, «актив-

дериндин» оозуна катуу кулпу салыпсың, калганын уланта бер, түз бол, кептин бары ушунда», -деп калды. Мен учурунда акылдуу адамдын бул сөздөрүнө көп маани бербей эле саламдашып кетип калгам. Кийин ушул эки ооз сөздү чечмелеп көрсөм чарбада «көрүлүп жаткан чаралар» жөнүндө экен, буга мен да өз ичимен ыраазы болуп, ушул эки багыт туура жол экенине ишеним жасап, ишимди уланта бердим.

Куланак колхозу ал кезде ар тарабынан начарлаган чарба эле. Ушул жылдын жыйынтыгын чыгарып 20-февраль 1971-жылы жалпы жыйын өткөрдүк, чарбалык, экономикалык иштерге анализ жасалды. Ишенсеңиз төбө чач тик турат, алдыны болжоо кыйын болду. Азыр да, ошол жылдарда да жашоонун негизги булагы Нарын багытында мал эле, малды өстүрүп, анын продукциясын сатып каражат топточубуз. Куланакта малдын башы анын бир да түрүнөн өскөн жок, продукция сатуу бир түрүнөн да аткарылбады, чарбада кой, ири мүйүздүү мал, жылкынын өлүмү өтө арбын, областта мындай жаман көрсөткүч бир да чарбада жок. Растрата «жетиштүүдөн» да ашык, бардык өлгөн кой баласы, ички расход, растрата 11 миң баш, уй 97 баш, жылкы 136 баш, бир жылга бир чарба үчүн бул өтө чоң ысырапчылык эле, дан эгини 1437 га. жерге айдалып, 3,5 ц. түшүм алынган (себилгени 2,5 ц.); 1-ноябрга кампада болгону 37 тонна жемдик арпа болгон, кыштоого болсо 49 миңден ашык кой, 535 баш уй баласы, 761 баш жылкы кирген, кесек тоют, силос эсепте бар, расходдо жок катары, чөнтөктө болсо карыздан башка эркин каражат жок.

1971-72-жылдарда акырындап аракет жасай баштадык, биринчи максат арбын дан, тоют алуу, мал чарба курулуштарын курууну колго алуу болду. Биринчи жолу сугатчыларга кошумча акы, сыйлык, натуралай төлөө жүргүздүк. Куланак айылынан Дөөталиев Акмат аттуу карыя 22 гектар буудайдын ар гектарынан 24 ц. ден түшүм алды, кошумчасына 591 сом (ал кезде рубль күчтүү эле) акча, 6 ц. буудай алды. Акмат аке өзү албеттүү, 70 жашка жакындап калган карыя эле, ал учурда семирткичке каражат жок, бирок, сугатына жакшы аракет жасады, түшүм коромжу болот деп, айдоодогу шакаптын жээктерин өзү кол менен оруп комбайнга өзүнчө чайнатты. Башкаларда да өткөн жылга салыштырганда аздан кыймыл болду, бирок, жарытарлык ийгиликке жетише албадык, бирок, түшүмдү таразасыз киргизбедик, ошондо да араң ар гектардан 4,3 ц. өсүш болду.

Акмат акени азыр 40 жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин да эскерип жатам, ошол кездеги ал кишинин жасаган эмгеги жөнөкөй эмгек эмес эле, түшүмү анчалык даңазалуу болбогону менен көп адамдын көңүлүн эмгек жасаса, жакшы жашоого болооруна үмүт берген улуу эмгек эле.

1971-жылы чарбага Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Т.У. Усубалиев келип калды. Айдоо-себүү бүтүп, Куланак каналынан аз жер пайдаланууга берилип, сугат иши башталып калган учур болучу. Азыркы БСРдин маңдайынан, ДХ-2 участкасынан эгиндин чыгышы бир жерде дурус, бир жерде начар, айрым жерде тегерек-тегерек ала жер болуп, эгин чыкпай калган участокту көрүп, ал кездеги обкомдун биринчи катчысы М. Жунусалиев, облисполкомдун төрагасы К. Тыналиевдер суу, баткак болосуз десе болбой

улам арылып, кургак жерлерден секирип аттай баштады, ал кишинин артынан узатып жүргөндөрдүн бары «күүлөнүп» аттап жүрүштү.

Көрсө Турдакун Усубалиевичтин мындай мамилесинде кызыга турган иш бар экен. Куланак каналынын курулушу чечилип, андан иш жүрүп жаткан мезгилде Борбордук Комитетте пикир келишпестиктер пайда болот. Борбордук Комитеттин кайсы бир пленумунда республиканын Министрлер Советинин председателинин биринчи орун басары Н.Г. Капустян каналдын курулушу туура эмес деген каршы пикирди айтып, пленумда атайын чыгып сөз сүйлөйт. Канал Нарын жана Ак-Талаа райондорунда өздөштүрүлбөй жаткан 7000 гектардан ашык аянтка насос аркалуу Нарын дарыясынан суу алып чыгыш керек. Чындыгында өтө оор милдетти алдына койгон иш эле. Жогоруда аталган жердин дээрлик бардыгын тең башынан аягына чейин шор баскан, ак чопо каптап жатуучу, каналдын узундугу бир нече ондогон км. ге жетет, көп аянттар болсо капиталдык планировкадан өтүшү зарыл болучу. Мындан тышкары туздуу аянттарды шордон арылтуу иштери жүргүзүлүшү керек. Мына ушулардан улам канал пайдасыз, ал өзүн эч качан актабайт деп каршы чыгышкандар болгон.

1970-жылдын 3-декабры болсо керек, бүт адис, активдер экиге бөлүнүп 22 си Чой-Жап, 17 адам Кутурган, Сай-Булак багытына аттандык. Беш күн кар жаап, абал тоодо оорлоп калды деп кабар келип жатты. Биз Көк-Жардан аттанып, Суук-Капчыгайдын оозуна жеткенде катуу бороон башталды. Суук-Капчыгай кууш, эки зоонун ортосунун аралыгы (7,7 км. созулган тар капчыгай экен), маңдайдан кар аралаш урган бороондон адам алдыга карап, түз бастыра албайт, аттар чыдабай артка тескери бурулуп тура калып жатты. Өзү тың, эстүү-баштуу, билимдүү, ишти уюштура билген курулушчу Алдаяров Сабитакун деген адам бар эле, менин ичигимдин жакасын өйдө көтөрүп, белди офицер куру менен бек курчап, аттын чылбырын алып жетелеп алды. Өтө катуу азап менен бир-бир жарым сааттык жолду 5-6 саат басып, кечинде араң Сары-Сууга жеттик, анда да Кутурган ичи тынымы жок беш күндөн бери бороон болуп, бир коктунун карын - экинчи коктуга уруп жатыптыр. Эч болбосо бир короонун абалын көрүп калалы деп Батыш-Күнгөйдөгү Алымбек Сокуров деген биринчи чабанга бардык, мени көрүп, тааный коюп, кокуйлап кирди, «мени ушинтип өлтүрмөк белең» деп. Ал жаңы малчы болгон, малчы болууга киши чыкпай «өмүрүмдө мал багып көргөн эмесмин, өзүмдө чычкак улагым жок» дегенине болбой жатып козу бергенбиз. Абалына чынында бооруң ооруйт, козулар жайдак жерде, зым короодо, кардын үстүндө, бороонго каршы, бирине-бири сүйөнүп турат, чабандын үйү болсо үңкүргө окшош, жерден казылган экен. Кутурганда бардыгы 22 короо козу, токту - борук кыштап, чыгыш күнгөйгө короого навес салыныптыр, навестер күнгөй багыттап салынгандыктан батыштан урган бороон бастырмаларды карга толтуруптур.

Үч күндөн кийин Кутурган, Сай-Булактагы абалды бүт кыдырып көрүп, бел ашып, Чой-Жап багытка түштүм. Башкалар аткара турган иштерди макулдашып алышып, кайра жакага кетишти, зарылдары тоң короолорду чабууга жардамга калышты, жакадан да кошумча адам күчтөрү келе турган болду.

Чой-Жап багытындагы абал да жакшы эмес болуп чыкты. Бул тарапта Көк-Булак, Айгыр-Булактан Кара-Дологойго чейин малдын теңинен көбү кыштайт экен. Бардык жердс негизги короолордун дээрлик бардыгы ачык асманда, зым торлор менен тегерете курчалган короолордо кышташат. Кара-Дологойдогу 6 короо ириктин чабандары гана короолорун тапталган тоң көңдөр менен тегерете корук жасап кырдап алышыптыр. Эки күндөн кийин кайра тарттым, бул тарапка да зарыл чаралар көрүлдү. Эң оор маселе бардык койго жем берүүнү чечүү керек болду. Колдо болсо жем жокко барабар эле!

Эң башкы милдст 1970-жылда малды аман сактап, кыштан чыгуу болду. Район биздин абалга туура түшүнүп, малга жем жагынан жакшы карашышты. Нарындан, Балыкчыдан арбыныраак жем алып жатып, эптеп кыштан чыктык. 1971-жылы болсо жогоруда белгиленгендей чаралар жүрдү, бирок шак эле өсүш боло албады, жалгыз Акмат карыяга жасаган мамилеге көпчүлүк сугатчылар ишене алышпады көрүнөт.

Чарбага алгачкы натыйжалар 1973-жылдан келе баштады. Ушул жылдан тартып биз **адамдарды жакшылыкка чакырып** иш жасай баштадык. Биз адамдарды жакшы көрсөткүчкө жетүү үчүн жалпы элди тартуу керек деп түшүнүп, жыл сайын төл алуу жана күзүндө дыйканчылыктын жыйынтыгы менен Куланак мектебинин пионерлеринин сборун өткөрүүнү чечип, ага малчы, сакманчы, механизатор, сугатчыларды кеңири тарта баштадык.

Сборду өткөрүүнүн тартиби да иштелди, анда алдыңкы орунду алган чабандарды өзүнчө, пионерлердин атайын отряды менен ортого коштоого алып, желек, керней, сурнай менен алар үчүн атайын даярдалган орундарга отургузуу, анан экинчи, үчүнчү орундагыларды алып баруу болду. Ортосунда карап тургандардын кол чабуулары жүрдү. Чабандар менен 100 пайыз козу багып аман өткөрүшкөн сакманчылар да чогуу болушту. Сборлор класстарда эмес, көпчүлүккө жетиштүү, атайын даярдалган орундары бар кенен жерлерде, көбүнчө мектептин спорт аянтчаларында өтүүчү. Бул сбордун биринчи эле бөлүгү эле. Эми алдыңкыларды урматтоо, сый көрсөтүү жүрүүчү, мыкты эмгектери үчүн таазим жасап, пионерлер атайын даярдалган тексттер менен мыкты, таасирлүү сөздөр менен мыктыларды өзгөчө «мыктысыңар» деп, артта калгандарды балалык үн, сезим, курч сөздөр менен ар-намыска келтирип сөз айтышчу. Мындай **аракеттер көп учурда, сезими, акыл-эси ордунда бар ар бир адамды** козгочу.

Сбордо эле, көпчүлүктүн катышуусунда ээлеген орундарга жараша мурдатан даярдалган **байгелер (сыйлыктар)** жана тиешелүү эмгек акылары берилчү, көбүнө көп, албетте аз тапкандарга аз! Мына ошондон бери көп убакыт өттү, окуучулардын көбү азыр өздөрү ата-эне болушту, ошол мезгилдеги мугалимдерге, окуучуларга, пионерлерге мына азыр да тиземди бүгүп терең ыраазычылыкты билдирем, деги эле Куланак, Учкун мектептери айылдардагы мекемелерде иштешип, чарбанын «өйдө турушуна» кол кабыш жасашкан улууларга, терең ыраазычылыгымды айтам.

Мына ушундай сборлор дыйканчылыкта иштегендерге так эле ушундай, кээде мындан да жогорку деңгээлде өткөрүлүп турду.

Ошентип Куланакта иш оңуна түшүп, алдыга жылып отурдук. Чарбада мал, талаачылык иштери менен тең катар мал чарба курулуштары жакшы жүрдү. Эки жарым жылда Чой-Жап, Сары-Булак, Кутурган өрөөндөрүн толук өздөштүрүп, ар бир короого үй, жем, чөпкана жана бастырма салдык, ичте болсо бардык кашарлар стандарттуу болду, 4 жерге ар бири 5тен короо кою бар 20 пролеттон турган комплекс салдык. Стандарттуу үйлөр чабан үчүн эле эмес, сакманчылар үчүн да жетиштүү болду, ар бир короого 600-650 баш кой батып, жем, чөп жей турган бетон кормушкалар курулду. Кийин Куланактан Учкундун Оржо-Там деген жердеги комплекске чейин 15 км. аралыкка суу түтүгү тартылды, ал 3 комплекстеги мал-жанды жана Учкун айылына чейинки жолдогу кашарларды суу менен камсыз кылып турду (тилекке каршы кийин каражаттын жоктугунан делип Куланактан ары иштебей калыптыр). Ошол жылдарда Учкун айылы ак топурактуу болуп, көчөлөрдөн өтүү, жүрүү өтө оор эле, кийин ал көчөлөргө чоң жумуш жасалды, шагыл төгүлүп, шыдыр жүрүп калгандай иштер болду. Канча каражат кеткени эсимде жок.

Азыр ойлойм ошол кездерде **мал чарбасында укмуш эле иштер жүргөн экен** деп. Эң кыска убакытта ушунча курулуштун болушуна **чынында ишенбей кетем.** Барыдан да тубар койлорго салынган кашарлардын каркасынан башкасы **бүт чарбалык жол менен аткарылды.** Ушул жерде Нарын лесхозуна, анын ошол учурдагы директору Дооронбек Райымбековго терең ыраазычылык, 2-3 жыл бою жылыга 400-450 $м^3$ ден кем эмес самозаготовка карагай берип турду. Чынында кошуналык, жолдоштук милдетти аткарды.

1973-жылы биринчи жолу дыйканчылык ишибиз жогорулап дан, кесек, чыктуу тоют жана малдын башы өсүп **биринчи жолу мамлекетке продукция сатуу пландары бардык түрүнөн аткарылды,** бирок али да болсо айрым милдеттерди орундай элек болучубуз. Ушул орундай элек эки милдет 1974-жылы аткарылып, чарба боюнча **биринчи жолу тубар койдон 101,5 тен козу, 1012 гектар дан эгиндеринин ар гектарынан 30,7 центнерден түшүм алынды,** ошентип, дүң түшүм 1970-жылдагыдан беш эсеге, кесек тоют бир эседен ашык өстү, 230 тонна гранулдалган витамин чөбүн алдык.

Кийин июнда болсо керек тоют даярдоо боюнча областтык семинар өткөрүлүп, ал областтык партия комитетинин демилгеси менен болду. Семинарга партиянын райондук комитеттеринин биринчи катчылары, исполкомдун төрагалары, чарба жетекчилери, колхоз, совхоздордогу парткомдун катчылары, чарбалардын башкы инженерлери, механиктер, областтык, райондук айыл чарбасына тиешеси бар бардык адистер чакырылып, бардыгы 200 дөн ашык адам болду. Семинардын башкы максаты тоют даярдоого даярдык эле, семинардын ачылышында чарбада 44 дөңгөлөктүү трактор даяр турат деп айтылганда эле чогулгандар «дуу» дей түшүштү, өз ара шыбырашып 44 телешкасы менен экен деп айтып жатышты, «бүт областтын техникасын беришсе, бул чарба оңолбогондо кандай болот» дешкендер да болду. Чарбада эки бригадада өз-өзүнчө атайын түзүлгөн эки комплекстүү бригада түзүлүп, бардык техникалардын такай иштешин камсыз кылган авто летучка, сварка, запастык бөлүктөр, айтор **бүт техникалык**

**жактан тейлоо ушул талаалардан откорушот делгенде жанагы котөрүлгөн «дуу» кайрадан жаңырды, чоп чабуу чарбада жаткалар менен гана чабылат, бизде 10 жатка иштейт дегенде чынында үчүнчү жолу «дуу» көтөрүлдү, мен элге кайрылып, «шыбыштарды угуп жатам», бирок, биз быйыл разнарядкадагы гана бир МТЗ-82 тракторун телешкасы менен алдык, калгандар мурдагылар - дедим, бизде чоп бүт прессгелет, короолорго көрүп турасыңар пресс чоптор гана жыйылат.**

Семинар баш аягы 4-5 саатка созулуп, Учкунга барып гранул жасап жаткан өндүрүш менен таанышышты.

Турдакун Усубалиевич үмүт, максат аткарылабы деп кийинки жылдарда да келип турду. 1974-жыл болсо керек, июль айында келети жок эле келип калды. талааларда эгинди, люцернаны көрүп, жөө кыдырып жүрдү. Бир жерге келгенде люцерна көйкөлүп, бийиктиги Турдакун Усубалиевичтин эки ийнине жетип турду. Абдан көңүлү куунак болуп, район, областтан узатып жүргөндөргө ыраазычылык айтып, "мына академия, академия дейбиз кандидаттыкты жолдош Калназаровго бериш туура го" деп тамашалап күлдү… Эртеси эле Оштон К. Жангабылов телефон чалып (ал учурда Ош облисполкомунда биринчи орун басар эле), академик наамын алган турбайсыңбы, куттук айтам деп калды, ушуга окшогон дагы эки телефон алып, үйгө келип Калыйчага айттым. Мен кубанган же көңүлүм жай болуп турганды ал ар дайым сүйүнүп кабыл алуучу эле, «анда эмне 100 грамм болсо дурус болот го», - деп өзүнүн адатынча кыткылыктап күлүп койду.

Кутурган, Сай-Булак кыштоолору негизги кыштоолордун бири. Бул аймакта жаш козу, токту, борук, тубар кой, жылкы, ири мүйүздүү мал болуп, Учкун бригадасындагы малдын дээрлик теңинен көбү кыштатылуучу. Мурда Суук-Капчыгай кышкысын жол берүүчү эмес. Күздө болсо оруу-жыюу кычап турган учурда жем-чөп тартуу дегеле мүмкүн эмес эле. Ошол учурдагы областтык советтин аткаруу комитетинин төрагасы Карыбек Тыналиевичтин жардамы менен бир-бир жарым айга жетпеген убакыттын ичинде 480 миң рублдик даңгыраган жол салынды. Чынында бул жол да Турдакун Усубалиевичтин бир ооз сөзү менен болгон.

Кийин кыш айларында райондук советтин аткаруу комитетинин төрагасы Аруун Аджиевич келип, Кутургандын күнгөй тарабын кыдырып жүрүп, мурда келип көргөндөгү бир окуясын айтып берди. Анда да кыш болучу, так январь же февраль айы болсо керек, биз Усейин Абдразаков экөөбүз элек, түз эле мал көрөлү деп Кутургандын ушул чыгыш тарабындагы биринчи короодон баштап калдык. Козуларга жем берип жатабыз деди Усейин. Короодо оозу буулуп турган капты көрсөтүп. Андан ылдый түшүп автомашинанын жолу менен экинчи короого чыктык, капка салынган жем турат, бирок, өрмөккө согулган кап экен, ичимден кооз өрмөккө согулган кап экен деп ойлоп койдум, жолду улап үчүнчү короого келдик, анда да мурда эле көргөн коёндон окшош кап турат. Бул эмне атайын кап соктургансыңарбы Усейин Абдразакович деп сурап калдым, Усейин саал токтоло калып «элден алдык» деди. Кийинки короолордо жем жок экен. Көрсө бул кап болгону бирөө эле экен. Биз машина менен айланып келгиче, ат менен мойнокту ашыра коюп алып келип жатыптыр…

Өткөн 3-4-жылда эле дыйканчылыктан, мал чарбасынан, механизаторлордон алдыңкылар чыга баштады. Учкундан Ш. Акылбеков, Д. Султаналиевдер биринчилерден болду деп белгилегим келет. Акылбеков Шарип өзү акылдуу адам эле, бара жатканында ар дайым бака-шака түшүп, адамды жаадырап тосуп алуучу, сүйлөгөндө күрөө тамырлары көөп жоон көрүнүп, күч менен сүйлөгөндөн улам бети кызарып кетүүчү. Иштегенде кетменди кайра-кайра сууга салып, кериле чаап, жылгаларга, суу чыкпаган аянттарга кыр салып, сууну туура-туура байлап, улам жетелеп турчу, бакылдап сүйлөп турар эле. Ал эми Д. Султаналиев болсо өзү узун бойлуу адам болучу, ал тынч иштөөчү, жакшы сугат үчүн аракети Шарипген кем эмес эле. Ошентип мындай эмгек адамдары, улам жыл өткөн сайын кошулуп жатты. Булардын катарына Т. Төрөбеков, Д. Жумабаев, А. Жетигенов, Н. Абдраимов, А. Өмүшовдорду сыймыктануу менен атасам болот. Механизаторлордон Т. Сыдыков, К. Токтомушев, Ш. Жайлообаевдер башкалардан өзгөчө болуп чыга келишти. Малчылардан А. Сулайманова, К. Кошалиев, И. Рысбаев, Т. Чоткараев, О. Жумалиевдер булар даана кой баласын багып өстүрүүнүн устаттары эле. Төлөгөн Абдыжапаровго атайын көңүл бургум келет. Бул адам өзгөчө акылдуу эле, тубар койдо бардык, жаңы иштердин башында болду. Өзгөчө качан, кайсы маалда барсаң да короосунда, сөзсүз бир ишти жасап жатат, мен көргөндөн эч жаны тынбаса керек.

Бизди кубанткан дыйканчылыкта биз үчүн жаңы пайда болгонсуган аял сугатчылардын тобу өсүп чыкты. Р. Абдылдаева (мурда Социалисттик Эмгектин Баатыры) болгон, Ш. Ипасова, С. Токтогулова, Үмөтова Ж., Садыкова К., Акматова Ч., Калыкова С., Ашымова Күлбүбү, Асанбаева Ч., Ибраимов Т., Жапарова С., Омошов Ш., Жусупова С. көп жылдык чөп сугарышып, жакшы көрсөткүчтөрдү жаратышты, булардын катары толукталып кийин да улам өсүп жатты.

Мектепте иштеп, бош убактыларында эмгектенишип жаткандар да болду. Учкун мектебинин мугалими Байбосунов Сынжыбек, УХ участкасынан көп жылдык чөптөн жогорку түшүм алып, жыл сайын сыйлык, эмгек акысын кошо алып турду. Кийин мен Ленин атындагы колхозго келгенде мага кат жазып жибериптир. Өзү 8-Март мектебине барган экен, бирок, Куланак (Учкундагы) жерин башка бирөөгө берип коюшуптур. Мен өзүм чын ниетимде ырахмат айттым. Бирок, жерди чечип берүүгө менин акым жок эле. Ушуну түшүндүрүүгө туура келди. А чынында эмгекке мынча берилип алган адамга мындай мамиле жасоо туура эмес, өзгөчө ошол мезгилде!

Мен бул жерде жогоруда аты аталгандарга жана аты аталбай, бул жерде көрсөтө албай калгандарга да эмгектерин мен эле эмес, бүт Куланак, Учкун эли унута алышпайт деп ойлойм! Мен болсом силердин ушул эмгегиңердин аркасы менен ушул күнгө чейин өзүмө терең канааттануу алып, терең сезим менен жашап келе жатам!

Мен Куланак, Учкунда тизгинди тең тартышып бирге иштешкен адистерди, тармак башчыларына да терең ыраазычылыкты айткым келет. Алардын катарында кийин кудам болуп калды Ш. Сокеев, С. Алдаяров, Ш. Алыкулов, М. Рыспаев,

К. Абдышүкүров, Ч. Разаев, К. Мусалиев, А. Мүдүнов, А. Орозакунов, Д. Токтомушов, Айдарбек Кадыров жана башкалар менен бирге жүк тарттык, оорчулукту көтөрдүк, кубанган күндөр да болду.

Дүйшөналы (Бородой) Токтомушов Куланакта негизинен бухгалтерияда иштеди, бирок, өзүнүн аракети менен элчилеп ойлонуп олтурбай Нарын дарыясынын жээгинен жер алып, өздүк чарбасын уюштурду. Мал күттү, курулуш куруп, азыр балдары атасынын ишин улантышып, райондогу белгилүү фермерлердин бири болуп турат. Дүйшөналынын жолдошу Күлийпа да ырыскыга шерик адам эле, дасторкону ар дайым жайнап туруучу, уул-кыздары өсүп, алды Бишкекте Токтомушева Нурайым «Учкун» басмасында белгилүү адис болуп иштеп жатат.

Республиканын эмгек сиңирген врачы Ж. Султанова, анын жолдошу Т. Көчиевдер менен бир туугандарча мамиледе болдук. Жеңиш өзгөчө менин жолдошум Калыйча менен жакшы мамиледе, бир кызматта жүрүштү. Экөө бириге калышканда чоң сөзгө кирип кетишээр эле, көп учурда сөз арасында кыткылыктап күлүп да калышчу. Жеңиш 2015-жылдын июль айында каза болуп, мен топо салып келгенге Токтобекке, балдарына көңүл айтыш үчүн кетип жатам деп Бишкектен жакын жолдошум, Чынгыш уулу Айтмамбет звонить этип калганынан кеп салып калсам, эң туура кыласың, Жеңиштин жакшы адам экенин Сабырбек Шамшыбеков экөөбүз чогуу Калыйча экөөңдү Жумгалга көчүрүп барганда кенен билдик, чоң адамгерчиликте экенине түшүндүк, арты кайырлуу болсун деп жолдошуна, балдарына айтып кой деди. Чынында Жеңиш адистер менен бирге күн-түнү жок жарышып малчыларды кыдырып кызмат кылып жүрдү. Сөөгүн коюп жатып, төркүн жагы болгон ат-башылыктар эмес куланак - учкундуктар сүйлөшүп, элге жасаган татыктуу эмгегин айтып жатышты, эң жөнөкөй, башым деген адамды укса кайда болсо да эч кыйналууга, убарачылыкка карабай «учуп» жетүүчү, ал өзү кошо ооруган, жүрөгү таза адам эле, ушулардан улам биз Жеңишти «адамдык улуулугун баалап», коштошууга келип жатабыз деп айтышты.

Учкундан Акмат Байтокторов тууралуу да атайын сөз арнап айтууга татыктуу адам. Жогоруда Кара-Дологой кыштоосуна биринчи барганыбыз жөнүндө сөз жасадык. Акмат аке өзүн ар дайым токтоо кармаган, көп сүйлөбөгөн адам. Токтоолук бул жоош адам дегенге жатпайт, ал адамдар менен болгон мамиледе чоң акылга салып, ойлонуп иш жасаган киши эле. Ушундан улам анын иши, адамдарга жасаган түз, калыс, туура сөзү калгандар үчүн туура кабыл алынуучу. Карасаңыз Куланак, Учкунда ошол мезгилде 40 ашык короо кой болот эле, ошолорду кыдырганда Дологойдогудай башка бир да короону көрө албадым. Ошол жердегилердин ал кишини мүнөздөп «Сталинге теңеген» туруктуулугу тууралуу сөздөрүн унутуп жатам.

Нааматбек аке Куланакта манап уруусунун эстүү адамдарынын бири эле. Ал киши көпчүлүк учурда топоз багып жүрдү. Бир жолу Андаш деген куут өтүүчү пунктка 4 короо кой келип куут өткөрүшмөк, анын чабандары келчү күн эле, анын үстүнө даярдыгын, пунктту көрөйүн деп барып калдым. Чабандар толук келишиптир, пунктту, өндүргүчтөрдү, алардын багылышын көрүп, жардамчылар

толук келдиби деп эсептешип, чогула калып ал-абалды сүйлөшүп калдык. Ал кезде адамдын көпчүлүгү арак ичкен учур. Койчулар кызуу экен. Айрыкча малчылар жакага келээрде койлор тузга, жемге «чуркагандай» болушуп калышчу, жайлай 4-5 ай алаксып, алыста жүргөндүктөн ушинтип, аракка жулунуп калышабы деп ойлочумун, баары эмес дечи, бирок, араларында бар эле. Ал-абалды сурашып, кандай келдиңер, мал-жаныңар аманбы, деп жатсам Ысакан деген койчу, четте туруп:

- Кандай келдиңер деп тим эле, мал-жаныңар аманбы дейт, турбайбызбы аман эле, - деп ...кежирленип калды эле, ал жердегилерден бир-экөө барып, сен эмне деп жатасың, - деп сүйрөп ары алып кетишсе алар менен урушуп, сөгүнүп жатат, аңгычакты Нааматбек аке жетип, эки кулактан алып сүйрөп келип, ортого көмкөрөсүнөн салып, шымын шыпырып, камчысы менен куйрукка тартып, тартып алды. Ысакан шымын өйдө көтөрүп, качып калды...көрсө Нааматбек акеге инилерден болот экен. Улуу кишиге кайрыла албай калыптыр, - Наке, тим эле койсоңуз болмок, - деп ал кишиге чынында ичимен ыраазы болуп жатсам - анан ушунуку жакшыбы, жаш болбосо, өзүнөн өзү тууралanып... деп, саал күйүгүп калган экен өзүнүн демин басып жатты. Мен кетип калдым.

Эртеси эртең менен таң ата элек экен, менин атымды чакырып, бирөө эшикти койгулап жатат. Чыксам кечээки Нааматбек аке, дагы 3-4 Учкундун сакалдуулары бар.

- Каке айланайын! Сен бизге «ата» болуп турасың, “кечирим сурайлы” деп келдик деп жатышат, биринен сала бири.

- Кечире турган эч нерсе жок Наке, ага жазаны өзүңүз эле бербедиңизби!- дедим.

Таң атып калды үйгө киргиле, даам ооз тиели, - деп калдым. Мындай учурда Калыйча дайым даяр болучу эле, эчак эле менин артыма келип калыптыр. Ал да болбой үйгө киргиле, -деп киргиздик.

Кымыз, эт бар экен андан тамактанып жатышып:

- Каке, эми тиги итти бошотуп бериңиз деп калды Нааматбек аке.

-Эч нерседен капарым жок эле, Кимди? деп калдым.

- Ысаканды, - деп калды экинчи бирөө.

- Э кокуй ал кайда экен, ким камаптыр.

- Участковый, Мамбетов.

- Кайда? дедим мен.

- Клубга.

- Мамбетов кайдан угуптур?

- Кечки жыйынга келгендер айтышса керек

- Катыгүн, эми биз уят болгон турбайбызбы, - дедим мен.

Бул маселеге көңүл бурбай, ушул жерде токтолбой эле койсок болмок. Бирок, мен мындан биздин элдин, анын сакалдууларынын, **момундугун, түздүгүн айтайын дедим.**

Учкундук Тилекмат аке жөнүндө да жакшы ойдо калдым эле. Жыл сайын козу алып, кыштоосу Кутургандын күн чыгыш жагындагы биринчи кыштоо эле.

Ар дайым 100 пайызга аман. Бул кишиде эмне «амал» бар деп **ойлоп, түшүнүүгө аракет жасачумун. Чарбалык иштер эл катары эле,** башкаларда чыгым көп, ал турсун ириктен да өлүк беришет. Бир жолу Тилекмат аке, Сизден мен бир суроого жооп таппай жүрөм, сурасам кандай дейсиз? деп сөзгө тартып калдым. Анан жогорудагы оюмду айттым. Бул суроон оор суроо экен Каке, деди! Мен деле атайылап эле муну жасоо керек деп айта албайм. Бирок, мен колго жаңы келген малды бир топ убакытка ар бирин карайм, эртели кеч, жайытта жүргөндө көз салам. Чекесинен (арасынан) соо эмес мал, же ооруп кала турганы шек берип калат. Мен, байбичем экөөбүз ошого көңүл бура баштайбыз, эмнеден «кетип» жатканын билип, ошого карата мамиле жасайбыз. Булар мал да, тили жок, ооруп калдым же бул жерим минтип жатат деп айта албайт. Бирок, жакшылап күн сайын карап жүргөн кишиге «ботом» билгизет, жүрүш-турушу эле айтып коёт! Анан адам болгон соң аракет жасайсың да. Аман асырашкандардын баары эле ушундай кылышат, - деди.

- Менин короом ар дайым чогуу жүрөт, отту текши алышат. Айрымдарда короодон чыга элек жатса, башкасы жайыттын башында жүрөт, мында ар бири каралбай калат, анан четинен сандалгандары көп чыгат.

Аз убакыттан кийин Тилекмат аке кайтыш болуп калды, мен кандайдыр бир себептер менен катыша албай калып, бир жолу атайын барып куран окутайын деп Көк-Жар айылына барганда чоң көчөнүн сол жагында эшигинин алдына чыгып ар дайым чоң узун кара сакалы бар адам отурчу эле. Кетип бара жатып ошол кишини көрө калып, шоферго куран окутканга Токтогулду салып алалычы дедим. Үйгө барсак 7-8 дей аялдар отурушуптур, мен улам Токтогулду карайм, аным унчукпайт… белги берсем да унчукпайт… аңгычакты үйдөн бир байбиче, о катыгүн, Кайып куран окутканы келген турбайбы, Токтогулду алып Куран окуйт деген го. Ал жерге кирсин, куран билбейт деп, мен окуюн деп өзү баштап калды. Бата жасадык. **Бул күрсүйгөн «какшаал» куранды билбейт, сен "куран окусун"** деп алып келген турбайсыңбы. Айланайын, деп жатпайбы!

Куланакта Сарыгул ата менен 9 жыл бою бирге кошуна болуп жашадык. Аксакал өзү ошол айылдагылардын улуусу да, сакалдуусу да эле, айылда өзүн жакшы кармаган акылдуу, илгерки нарктуу элдин мүнөзү бар, ошолор тууралуу маңыздуу кебин салган адам эле. Өзү 100 дөн ашып каза болду. Күндөрдүн биринде түшкү чайга үйгө келе жатсам, эшигинин алдында үйүлгөн карагайларда чоочун адамдар отурушат, салам айтып учурашып, сураштырып калдым. Отургандардын ичинен улуусу болсо керек:

- Кулдук уруп келдик, куда - сөөк бололу деп, - деди.

- Анда эмне үчүн эшикте, карагайда отурасыңар, Сарыгул аке өзү бар бекен деп кеп салдым эле,

- Куда өзү бар экен, иниси чыр салып жатат

- Анда мен да инисимин, үйгө киргиле,-дедим мен.

- Үйдө Сарыгул аке, байбичеси, иниси Капар акенин жолдошу Бурул бар экен, мен "уят болобуз келген коноктorду үйгө киргизели, чай берели, буйрук

болуп куда сөөк болгондо ушинтип карагайда отурдук" эле деп айтышпайбы, - дедим:

Анын туура эле, жанагы Калыбек деген болбой, бул эмне «козу» беле көчөдөн салып кете бергидей, - деп жатат. Калыбектин милдетин мен алайын, конокторду үйгө киргизели, Төлөк деген кайда, дагы 120 км. жер бар, ортодо Долондун бели жатат, жол да шыдыр эмес, өңгүл-дөңгүл, секирме, буруу имерилиш жерлери көп.

Ошентип Сарыгул атанын биринчи кызы күйөөгө кетип, ал айылда азыр очор - бачар болуп калды.

Ушул жылдарда Куланак колхозунда да экономикалык, чарбалык иштер жогорку деңгээлге көтөрүлүп, алдыга койгон милдеттер анын бардык түрүнөн аткарылган болучу. **1976-жылы болсо** Кыргызстан КП БКнын, Министрлер Советинин, Кыргыз профсоюзунун жана комсомолдун Борбордук Комитеттеринин **Өтмө Кызыл Туусун Куланак колхозу жеңип алдык.** Тууну ошол кезде областка жаңы келген, Нарын областынын областтык советинин аткаруу комитетинин төрагасы Матен Сыдыков келип тапшырды. Бул иш-чарага карата колхоздо бардык камылгалар көрүлүп, алдыңкыларга сыйлыктар тапшырылды. Ушул жылы колхоздун төрагасы катары мен Эмгек Кызыл Туу орденин алдым.

Кийинки жылдарда болсо Куланак колхозу алдыңкы чарба аталып областта айрыкча республикалык газеталарда, «Советтик Кыргызстанда» башкы макалаларда жана атайын басылган чоң материалдарда белгиленип жүрдү.

Чарбанын өзүндө да көп чарбалык уюштуруу иштери жүргүзүлдү дечи, бирок башкы маселе Куланак каналынын курулушу болгондугун бул жерде баса белгилөө керек.

1976-жыл болсо керек, биринчи январь күнү түнкү саат бирден 20 мүнута өтүп калганда үйгө партиянын райкомунун ошол учурдагы экинчи секретары Зайдик Какематов баш болуп, райондук аткаруу комитеттин төрагасы Калый Орунтаев, айыл чарба башкармасынын башчысы Абакир Кыдыралиев, Нарын откорм совхозунун башчысы Ысак Төрөбаевдер келишип, мамлекетке эт сатуудан республика, облус, район чыкпай жатат «откормга» деп, Исак Төрөбаев аркалуу 5000 баш ирик сатуу керек болуп жатат дешти. Мындай «кыйноо» болорун мурда эле сезип, өткөн жылдын аягында 28-29-30-31-декабрында тоого «мал көрөм» деп кетип калгам, 1-январда да тоодо болуп, түнкүсүн келсем жогорудагылар келишиптир. Райстаттан да киши болсо керек эле, аны эстей албай жатам.

**Нерв токтоо бербей өтө өйдө чыкты, ары кетип бери кетип жатып түнкү саат үч отуз болгондо «аргасыз» макулдашып кол коюштук,** аягында парткомдун секретары Мамбет Рыспаевди, башкы зоотехник Абыласан Шамырқановду, ферма башчыларын, башкы бухгалтерди алдырдык. Кол коюлду, бул жолу түз айтканда жөн гана «зордуктоо» болду. Ириктердин салмагын таразадан тартып өткөргөндө алмак болдук, келишим түздүк.

Күз айларында тубар койлорго күзгү кыштоолорго ар дайым алып барып, ал жерлерге жем 300 граммдан, гранулдалган витамин чөбүнөн 200 граммдан бир

жарым ай берүүчүбүз, андан кийин 14-декабрдан калтырбай бүт тубар кой колго алынчу. Койлор кыштоого келгенде кадимки жайлоодон келгендей болучу, айрым жашы төрт тиштүү койлор чоң семиздикте болушар эле, мындай чаралар колго алынганга чейин арыктап кетпеш үчүн жана арбын жүн алыш үчүн жасалчу.

Жогору жакта Сокуров Алымбек тууралуу сөз кылып кеттим. Айла кетип, койго киши чыкпаганда алып бардык эле, кийин чынында жакшы чабан болду. «Чычкак улагым жок» деди эле ак эмгегинен баар таап, малдуу болду, малды так эле Тилекмат акедей багып жатты. Бир жолу Ак-Талаадан Орто-Сырт аркылуу келе жатып Сай-Булак, Кутурган аркалуу өтүп, Нарын областтык партия комитетинин айыл чарба бөлүмүнүн башчысы Орозбек Төрөбеков жолдон ушул Сокуров Алымбекке жолугуп, малын көрүп, ал-абалын угуп, сүйлөшүп өтүптүр. **Орозбек мага чалып, «ал чабаның сени кудайдай эле көрөм дейт,** деп каткырып күлүп "мени койго ушул Кайып Калназаров алып келген, ыйлап жатып келдим эле" азыр кудайга шүгүр малдуу-жандуу болуп калдым, шарт толук, **эч нерсени суратпайт, мына азыр ушул күндө** Сары-Сууга кышка жетерлик **жемди кампага толтуруп койду,** көрөм десеңиз бурулуп көрө кетиңиз, Өмүрбек аке деле бар, - дептир.

Кийинки жылдарда Кутурган, Сай-Булак (автомашиналар менен), ал эми Чөй-Жап тарапка телешкалар менен кышка карата чөп, жемди октябрь, ноябрь, декабрь айында тартып койчу болдук, мында биринчиден каражатка үнөм, экинчиден трактористтер, шофёрлорго эмгек акы болот. А дегенде кайра келе жаткан рейсте кыштоолордон семирткич үчүн кык тарта келүүнү жүргүздүк эле, кийин бул ишибиз жакшы болбой токтоп калды, көп себептер бар, эң башкысы кыштоолорго кык жүктөп бергидей техника алып барыш керек экен же такай кол менен жүктөөгө күч кармоо керек!

Колхоздо иш күчөп турган учурда чарбанын жетекчисине ар дайым тынымы жок иштөөгө туура келет. Эртең менен күн сайын саат 6-00 дө кетип, кечкисин балдар уктап калганда келесиң, ушундан улам Калыйча мага кайрылып «о бай, - деп калуучу, балдарың сени таанproblemбай кала турган болуп баратат, - деп айтып калаар эле. **Кыш айларында болсо түнкүсүн эрте туруп алып,** Чөй-Жапты Дологойго чейин, кийинки күнү Кутурганды бүт кыдырып, **таңдын атышы менен малды көрүп кетип калаар элем,** а деген жылдарда койчулардын көбү уктап, туйбай да калышчу, короолордун аягына кыдырып чыгып, андай короолорго кайра келип, сүйлөшүп кетүүчүмүн. Мында негизинен **койлордун жалпы абалын карап, короону араласаң, сенде белгилүү бир ой калат,** кимге эмне жасоо керектигин билип аласың. Кийин бул жумушту Ленин атындагы колхозго келгенде да жасачумун.

Илгери ушундай ишти Өмүрбек аке да жасачу, бирок, ал киши түндө ат менен чыгып, жорго менен урдуруп отуруп, Оорук-Тамда кыштоолорду кыдырып көрүп алып, анан кайра ичке кирип кетүүчү экен. Ушундай күндөрдүн биринде кайра айылга келе жатып, Бугулуу-Төрдүн көпүрөсүнүн суунун үстүндөгү

туурасынан тосулган шитке коюп алып, тарсылдатып сабап жаткан мылтыктын үнүн угуп, Жетибайга машинанын маторун өчүртүп, жерге түшүп, жакындап бара жатсам, бирөө байкап калып, качып калышты. Мылтык кармаган бирөөнүн автобустун ичине кире качканын көрүп калып, автобустун ичи менен бара жатып, акыркы отургуч менен алды жагындагы отургучтун ортосуна шашып калып чалкасынан төшүнө мылтыгын кучактаган жигитти көрүп, «э кокуй, сенсиңби» деп унчукпастан кайра тартып, машинама олтуруп алып жүрүп кеттим. Кийин Эки-Нарында токой чарбасынын кароолчусуна жолуксам, ал айтып калды «Кайып байкеге жолугуп калып, «иттей» уят болдум» деди дейт. Өзү шаардык милициянын начальниги эле, райондун батыш тарабындагы айылдардан болучу.

**Куланакта а деген жылдарда көп кыйналчумун, чарчачумун, түштө үйгө келип, 15 минута «тырп» эте калып,** анан так маалда тура калып, бетти муздак сууга жууп, ишке кетип калчумун. Талаада да көп турар элем, иштегендерди карап, айрыкча техника бузулуп, оңдоп жаткандарды карап турчумун.

Учкунда кыштактан Нарын суусу тарапта үч дөбөчө бар эле, Сугат учурунда келип, **дүрбү салып, сугатчыларды карачумун,** алар да мүмкүн мени көрүшүп сары УАЗ келиптир деп карап калышса керек. Бир жолу дөбөдө артыман Азимжан Асаналиевич келип, бир нерсе айтып кобурап жатыптыр, мен - «ой сиз белеңиз» деп чочуп кеттим. Дөбөгө ал киши да олтура калып, дүрбү салып көрүп, - сен бул жерден ар бир сугатчыны түгөлдөп койсоң да болчудай экен деп калды, мен ооба, тетиги Ажымүдүн сарайга чейин көрүнөт, - деп биринчи катчынын сөзүн кубаттап койдум.

1980-жылы Калыйчага путевка алып, Трусковецскиге жөнөттүк. Мен мурда Фрунзеде Чалбаев Капарга чалып, Москвада тааныш барбы деп калдым. Мага телефонун берди, өзү кореянка экен, катуу дайындаптыр, рейстин номерин алып, «колуна газетаны тоголоктоп алып турсун» деп тир.

Калыйча курорттон кайтып келген соң, ал келинди мактап жатат, тосуп алып өзү барып Трусковецскиге узатып, кайра келгенде да так эле ушул жумуштарды аткарганын, кийин Фрунзеге келген экен, биз чакырдык эле, ал келиндин өзүнүн убактысы жок болуп калыптыр. Калыйча аны эскерип мага айтып калучу эле, өзү ортодон кичине, татынакай, эпилдеген адам экен, анан мага «у тебя очень хороший муж, как ты нашел, а у меня никак не получается» деп.

Кийинки жылдарда райкомдун биринчи катчысы болуп А. Өсөров иштеп калды. Күндөрдүн биринде айылга келип, короолордо туут аяктап калган учур эле, жаш козулардын алды бир-бир жарым ай болуп чоңоюп калган болчу. Куланакта козуларды жаш кезинен тартып эле люцернанын бүрүнө жана гранулдан витамин унуна арпанын адырасынан кошуп бере баштачубуз. Козулардын кашарга кирип, анда козулар үчүн жасалган кормушкаларга салынган жемге чубап жатканын көрүп, козулардын «ашканага» чубап жатканы өзүнчө эсте кала турган көрүнүш эле, жалаң жаш козулар энелеринен өзүнчө бөлүнүп чубап бара жатышат, чуркап да коюшпайт, жай басып биринин артынан бири ээрчип кетип бара жатышат, мындай көрүнүштү тоютка - таттуу тамакка көнүп, даам алып калганда

гана жасашат, «булар кайда бара жатышат» деп калды. Мен ашканага тамакка бара жатышат десем, анда аны да көрөлүчү.

- Эмне үчүн энелери ээрчибейт?

- Энелери ээрчибейт, себеби алар ток, ар бир короо өз-өз короосунда эле жата беришет, козулар жемин жеп бүткөндө да өз короосу - өз энелерине келишет. Бул жерде беш короо кой бар, бирине бири жакын салынган, бирок, койлор да аралашпайт, ошого көнүшкөн. Бизде ушундай беш короодон 4 жерде бар, өзүнчө комплекс деп коёбуз. Мындай комплекстердин артыкчылыктары бар, көбүнчө адамдар үчүн ыңгайлаштырылган, ар бир короодо сакманчылар үчүн өзүнчө үй, мончо салынган, библиотека да бар, газета - журнал өздөрүнүкү, бирок ушул жерге жеткирилет, короолордун мындай тыкыз болуп жатканына а дегенде койчулар да жактырышкан эмес. "Ушунча койду бирден сүйрөп бөлүп кантип оокат кылабыз" дешкен. Бул жерлерде тоют маселеси жетиштүү болот, курсагын жакшы тойгузсаң кой жаңы турмушка өзү эле көнөт дегенбиз. Баары биз айткандай болду. Себеби, бул жерде ошончо шарт бар, кой чөп, жем, суу ичүүчү өз-өзүнчө кармушкалары бар, тоют да ар бир короого өзүнчө жыйылат, майдалап туураганда болсо ар бир короонукун өзүнө туурап берет.

Биз мындай комплекстерди жасоодо башкы маселеге тоют болуучу жерлерди карадык. Тоютту бир жерден алып, аны алыс аралыктарга тартууну туура көрбөй, тоютту тоют өстүрүүчү жерлерге жакын же ошол жерлердин өзүндө топтоп, анан ага жакын жерлерге кайсы курулуш болсо да курса болот деп чечтик.

Ушундай маалыматтарды алган соң А.Өсөров шак эле-эртең бүт районду алып келем, семинар өткөрөбүз деди.

Эртеси кайсы күн экени эсимде жок, болжолу саат 10 -11.00 менен эл чогулуп калды. Анда чарбалардын жетекчилери, комплекстик бригаданын бригадирлери, зоотехник-ветеринарлар, ферма башчылары, райондон чарбаларга бекишкендер, бюро мүчөлөрү, тейлөөчү уюмдар, адистер келишти. Семинар 3 саатка созулду, ар бир короону, козуларды көрүшүп ыраазычылыктарын айтышты. Мага карата ар кандай суроолорду беришти эле, мен жогорудагыдай ирети менен айтып бердим. Көпчүлүгү короолордун өтө чукулдугуна кайра-кайра көңүл буруп жатышты. Мен кой курсагы ачканда аралашат, бизде көк беде турса, эти төмөндөргө 500 граммдан, эти көтөрүнкүлөргө 400 граммдан жем берсек, анан кайда барышат дейм!

Менин жакшы жолдошум Керимбаев Токтобек да ошондо көргөндөрүн "жомок" кылып азыр да айтып калат, айрыкча **козулар өзүнчө чубап, короого кетип жатканы көзгө "бир укмуш" көрүнөт** дейт.

Семинар бүтүп, элди үйлөргө бөлө турган болгондо эле, А. Өсөров жок, конок айтылган эмес деп болбой койду, мен атайын жылкы сойдук эле, булар деле ачка болушту, үйлөргө эттери бөлүнүп берилип баары даяр, эл деле көп кармалышпайт десем болбоду. Өздөрү бюро мүчөлөрү менен машинага отуруп алып жөнөп кетишти. Биз элди бөлүп алып калып, ар бир үйгө идишке этти, башка тамактарды өзүнчө салып алып, Чөк-Камыштан ары өткөндө ДЭУнун үйүнүн

алдында, Нарын дарыясынын жанында курбу бар, ошол жапсарга алып баргыла деп сүйлөшүп, чарбаларга, мекеме жетекчилерине да ушундай айтылды, ошол мезгилде Ат-Башы ГЭСтен бери түз өтө турган жол салына элек эле, Өсөровдор кетээри менен бүт эл менен барып, жапсарга бөлүнгөн үйлөр өз конокторун бөлүп алып, тамак беришти. Ушундай окуя болгон бизде. Кийин мына ушул тамакты раматылык Садык Усупбеков аке айтып "ал эрдигиң унутулгус болду" деп калуучу.

Куланакта жаман адамдар да болду. Мен биринчи иретте Учкундук Мамбет деген адам тууралуу сөз кылайын деп жатам. Ал аракка баш-аты менен берилип кеткен адам эле. Соо кезинде шыпылдаган, тың адам сыяктуу көрүнчү. Кыш айларынын биринде Куланактан 4 адам Чой-Жапка малга атайын тапшырмалар менен чыгышыптыр. Куланактан кеч аттанып калышып, Чой-Жапка жетпей жолдо Кутургандын маңдайында Көк-Булакта кыштоо бар болучу, тескей бетте болгондуктан ирик кыштатылуучу экен. Аскарбек Жусупов (өзү токтолуп калган, көп жылы Куланакта башкаруу аппаратында кызмат өтөгөн адам эле ), Советбек Мусаев, Айдарбек Кадыров, дагы бирөө веттехник болсо керек, оор кардан жол таппай калышып, ошол кыштоого жетишип конуп калышат. Мамбет өзү өтө мас экен, үйүндө бозосу да, арагы да бар болот. Аскарбектин айтуусунда кажылдап сүйлөп жатып эле, ордунан тура калып, мылтыгын алып, «силер кайдан келгенсиңер «кимсиңер» дей баштады дейт, «биз бир колхоздонбуз, куланактык тууганданбыз дедик эле,... «ии...эртең мени айтып барып ишти бүтүрөт экенсиңер да, болду мен айтканды аткарасыңар» деди да, мылтыгына гектин огун салып замокту артка тартып, үйдүн босогосуна олтуруп алып, «отургула! - дейт отурабыз, - тургула, - дейт турабыз", анан орусчалап - стать дейт, - садись - дейт, жан таттуу экен, айтканын аткарып улам чөгөлөп отуруп, кайра туруп жаттык, бери болгондо үч саатка чукул «эрмектешип», өзүнүн шайы кеткенде уктап калды.

Колуктусу уйкуга терең киргенде акелер, бул ушундай, кокус мен кой же ант-минт десем мени да атып салгандан кайтпайт, акелер, мени «кой дебейт» деп ойлобогула! Биз бир элбиз, муну бул «мас» эсепке албайт, - дептир.

Чайга ыраазы болушуп, таң сүрө аттанып кетишкен экен.

Кийин мен Куланакта иштеп жүргөндө дагы бир жолу мас болуп көнгөн айбандыгын жасап, мастыгы менен тоодо аялын койдун жүнүн кыркуучу учу узун жана ичке болгон кайчысы «жуушан» менен аялын төшкө уруп жиберсе, жуушан эмчекке сайылып калыптыр, аялы көпкө Ат-Башыда больницада жатып, айыгып чыккан дешчү эле. Кийин бул «кылыктарын» дагы улап, аягы жамандык менен бүткөн дешчү.

Жаман деген экинчи адамым, илгери совет мезгилинде алыскы жайлоолордо семирген малды мамлекет кабыл алуучу пункт бар эле, анын аты «Коргон-Таш» мал кабыл алуучу жайы деп аталчу. Нарын, Ат-Башы, Ак-Талаа райондорунун малын таразага тартып, арык - семизин аныктап алуучу. Приемщиктин аты эсимде жок, өзү ортодон төмөн бою бар, тууралжын киши эле, сол көзүн такай жуумп алгансыган киши болучу. Эми "ошол киши сымал" приемщиктин амалдары: -

сөзсүз орто эти бар малды «арык», жону түптүз болгон ириктерди «орто» деген адаты бар эле, күн сайын кечкисин малды пунктка жакындатып алып келип жаткырчубуз, бирок, кабыл алуучу ишти араң түштө же түш оой баштачу, так ушул мезгилде Ийринин бели ылдый соккон шамал чаңды, пункттагы койдун кургаган кыгын, асманга көтөрүп уйгу-туйгу болуп калучу. Боздогон шамалга, чаңга карабай таразага отурчубуз, койлор таразадан өтүп бүткөндө, канчалык оронсоң да болбой кык кулактын ичине чейин толуп, өңүң таанылбай калучу. Приемщик дагы жаңы амалды ойлоп таап, койлор таразага киргизилип, кыймылды токтотуп, анан таразанын салмакты көрсөтүүчү шкаласын жылдыра баштачу, салмак даана боло электе эле, таразанын салмак көрсөтүүчү шкаласын баса калучу, көпкө колун албай туруп алчу, биз да өжөрлөнүп, көп талаш чыгып, бир короону тартуу көпкө созулуп кетүүчү. Мен "таразада туруп ар бир баш койдо элдин 4-5 жылдык эмгеги бар, ал эми приемщиктин "тыйынга арзыбаган убактысы үчүн берет белем" деп, макул болчу эмесмин.

Ушундай талаштардын биринде Жданов атындагы колхоздун төрагасы Зайдик Какематов Нарынга барып, милициянын областтык башкармасынын начальниги Көбөгөн Албановго кирип, 4 кишиден турган комиссия түзүп берген экен, комиссия менен кайра тартканда ошол короодон эле эки тоннага жакын салмак кем тартылыптыр деп бизге угулуп калды. Милиция приемщикти Нарынга алып барып камап салган экен!

Мына **ушундай «мыкаачылардан» кийин таразага эч кимге ишенбей өзүм баручумун.** Нарындагы таразачылар мынчалык эмес эле, көп учурда туура тартышчу.

## ЖУМГАЛ, ТОГУЗ-ТОРО ЖЕРГЕСИНДЕ

1979-жылы Куланак колхозунун банктагы тех. счётунда, капиталдык салымдар счетунда, лимит чекте бардыгы болуп, 975 миң рублден ашык эркин акча каражаты бар чарба болду, ошол учурда азыркыдай эмес өндүрүштү ийгиликтүү жүргүзүүгө жөндөмдүү акча эле. Тагдыр мени Жумгалга, кайра Нарынга, андан Тогуз-Торого, кайрадан Нарынга алып келди. Жумгалда райондук советтин аткаруу Комитетинин төрагасы болуп иштедим. Жалпысынан **Жумгал жергеси, эли-журту да мага жакшы ой калтырды. Ак ниет, ак пейил адамдар эң негизги катмарын түзүшөт.** Чарба иштеринде болсо Көкө-Мерен, Кызарт совхоздору, Чаек, Ленин атындагы, Дыйкан колхоздорунда өндүрүштүк чарбалык иштерди ийгиликтүү жүргүзүүчү шарттар бар экен. Бирок баягы эле совет доорунун оорусу жаратылыш түзүп берген шарттан ашык «жаса» дегендиктин саатынан көп чарбалар көрсөткүчтөн аксап жатышты. Албетте уюштуруу иштеринде мүчүлүштөр да бар дечи. Бирок Большевик, Жумгал совхоздорунда, Кызыл-Туу, Өрнөк колхоздорунда сугат суулары өтө тартыш эле. Чындыгында Көкө-Мерен совхозунан башка чарбалардын бардыгы эле ошол кездеги малдын керектөөсүн толук камсыз кылып, жогорку азык-түлүк алуучу шарт жок болучу. Анын үстүнө ошол жылдарда кургакчылык да болуп туруп алды.

Советтин иштерин да партия башкарчу. Бирок советтер аткаруучу да жумуштар жетиштүү эле. Алгачкы көңүл Советтердин ички уюштуруу иштерине бурулду. Элди турмуш-тиричилик жактан тейлөө, маданият, саламаттыкты сактоо, эл агартуу иштерине советтер аракет жасашчу. Райондо Чаек (А. Молдалиева), Кызыл-Туу (Жунушова), Жумгал (Ажымудунов) айылдык советтеринде бул иштер аракеттүү деңгээлде жүрүүчү. 1980-жылдын жыйынтыгы менен Чаек айылдык совети республикалык милдеште Кыргыз ССР Министрлер Советинин атайын токтому менен «жеңүүчү» деп табылган.

Жумгал жергесинде жүрүп, ишке болгон ак ниет эмгектери, жогорку адамкерчилиги менен урмат- сыйга ээ болушкан адамдарды да атоону туура таптым. Эмгек алдыңкыларынан К. Карабаев, К. Тукеев, К. Ыкыноваларды атоо менен Б. Калиев, А. Молдалиева, С. Казатова, К. Сандыбаев жана эли-журттун жакшылыгы үчүн өз эмгектерин менин баамымда аяшпагандардан Ж. Алышукуров, Т. Бокчубаев, Н. Асанов, Ж. Молдокеев, Акал Молдалиев, А. Садык аке жана башкалар болушту.

Ал кезде Тогуз-Торо району Нарын обулусу менен бирге болучу. Өзүнүн жаратылыш шарты, өзгөчө рельефтик түзүлүшү менен облустун башка райондорунан айырмаланып турчу. Жол катнашы өтө татаал эле. Борбордон 600 километр, темир жолдон 410 километр, облустун борборунан 242 километр алыстыгына карабастан, айтылуу Кара-Көөнүн белин ашып, белдин берки жана аркы бетинен бери болгондо кырктан ашык оюрмаларды басып, андан аркы жол дээрлик бардык учурда тоо аралап өткөндүктөн бирде бийик ашуу ашып, бирде майда белдерден өтүп, өрөөндөрдү өрдөп, ашуулардагы оорчулуктар болсо дагы жол бирде оңго, бирде солго имерилип отуруп жеңил автомашиналар саатына орточо 35-40 км. ылдамдыктан ашык жүрө алышчу эмес. Угушума караганда жолдун абалы азыр андан да начар дешет. Мына ушул эле жол азабы көр азабы болуп, райондун экономикалык, социалдык өнүгүшүн ошол кезде эле облустун башка аймактарынан көп артта калтырган.

Менин баамымда ал кездеги облустун, республиканын жетекчилигинен олуттуу бир катачылыктар бар эле. **Өзгөчө кадр маселеси начар болучу. Кийинки жылдарда эле райондун жетекчилери «тумак» алмаштыргандай эле алмаша берилчү.** Ал эми мекеме - ишканалардын, чарбалардын жетекчилеринин дээрлик 90 пайызы сырттан барышчу. Аларды жергиликтүүлөр «импорттор» деп аташчу. Мына ушул «импорттор» менен жергиликтүү элдин ортосундагы чоң айырмачылык узак убакыттар бою түзүлүп калган өндүрүштүк жана жашоо - тиричиликтеги мамилелер айкалышчу эмес. Чарбалардагы адамдардын, айрыкча жетекчилердин ишке болгон мамилелери «айдамачылыкка», «даяр оокатка» көнгөндүк эле. Өзү аракет жасап, алдыга максат коюп, иш жүргүзүү сезилчү эмес. Эң башкы күнөө өндүрүшчүлөрдө материалдык кызыкчылык жок катары болучу. Ушул абал облустун, республиканын биринчи жетекчилерине чейин жеткирилди. Жергиликтүү адис кадрларды ар дайым эле **«өз казанында кайната» бербей башка региондорго алып барып өстүрүү, ишке такшалтуу, өнүккөн аймактарда бо-**

**лушуп, башка коз караш, башкача ондүрүштү, жашоо-тиричиликти көрүп, иш үчүн кантип аракет жасоону түшүнүү болмок,** кийин кайра келишкенде жалпы кадрдын өнүп-өсүшүнө түрткү болот эле. Бирок союз тарагыча мындай болгон жок. Улам кетип, экинчиси кайрадан алмашып, абал мурдагыдай калды.

Райондун чарбалары жылдык кирешени негизинен мал чарбасынан гана алышчу. Ал эми мал чарбасынын оңолушун жолго коюуга мүмкүнчүлүк бербей келген иш - бул сугат аянттарынын өтө аздыгы болучу. Жалпы айдоонун - 62-64 %ын кайрак айдоо, 27 % ын суу баскан аянт түзүүчү. Жыл сайын керектелүүчү кесек тоюттун 20-30 %ы, концентраттык тоюттун 12-15 %ы гана жеринде даярдалчу. Ушундан улам мал чарбасы тоютту кайрак айдоолордон жана жайыттан алып, жаанчыл болгон жылдарда жакшы, кургакчыл болгон жылдарда өтө оор чыгымга отуруп калышчу. Ушундай кургакчылык райондо 1982-1983 жж. болду. Ал эми **1985-жылда болсо кайрадан жаансыз болуп, гидрометеостанциянын маалыматы боюнча 1985-жылы апрель-августтагы 5 айда үч гана жолу 14,9 – 11,1 мм. жаан отту.** Калган эки жылда (1982,1983) ушундай, эле кургакчылык өттү. Кургакчылык болгон бул үч жылда кайракка айдалган 7 миңден ашык гектар айдоо аянтынан 1 центнер дан, тоют алынган жок. Ал эми 1984-жылы болсо кыш өтө оор өттү. Даана жут жыл болду. Акыркы эки жылда каптаган кургакчылыктын үстүнө кар оор түшүп Уй-Булак, Кара-Булуң, Кара-Талаа участкаларында кардын калыңдыгы атайылап ченегенде 1 м 77 см түздү. Кыштоолордо кой эмес жылкы баласы жайыттан от ала албай калды. Ансыз да куңары тайкы тоют 120 миңге жакын кой баласына, 10 миңден ашык бодо малга жетишкен жок. Мындай жылдарда Тогуз-Торо арбын продукция эмес, малдын башын сактоого гана аракет жасап калат. (1966-69-жылдардагы жут жылдарды элестетип көрсө болот).

Дагы бир район өз күчү менен чече албаган олуттуу маселе бар эле. Бул суу чарба курулуштары болучу. 1974-жылы «Доржу» каналы курулуп, ал болгону 70 гектар аянтка суу берүүчү. Курулушу аягына чыкпай токтоп калган, башка бир да суу чарба курулушу болгон эмес. Бул облустун, республиканын кетирген өтө чоң катачылыгы эле. Район болгону 374 км. аралыктагы арыктар менен оокат жасачу. Булар да 20-30 жыл мурда кол менен чабылган арыктар эле. Ал арыктар бүтөлүп отуруп, 40-50 литр суу өткөрүүгө гана жөндөмдүү эле. Ошондуктан сугат жердин гектары улам азайып отуруп, эсеп участкаларда так эмес болучу.

Куланакта иштеп жүргөндөн улам суу чарба курулушу эмне экенин жакшы түшүнөм. Тогуз-Тородо кыйынчылыктардан кийин эмне үчүн республика, облус мындай мамиле жасашат деп көп жолу санаа тартып ойлочумун. 80-жылдарда болсо суу чарба курулуштары республикада, ал турсун облустун башка райондорунда да чечилип калган мезгил эле. Көрсө Тогуз-Тородо мурдагы жылдарда жаан жакшы болучу экен. Атайда, Бирдикте, Чет-Булакта жүргөндө дыйкандардан, улуу адамдардан сурап калганда мурда жаан өтө көп болучу эле, жаандын арбындыгынан дан эгиндерин **дат басып кетет деп коркчубуз.** Дат баскан эгиндерден түшүм болбой калчу деп айтышканы эсимде. Мына ушундай абал «жо-

горку жетекчилерди» «тынчытып» койсо керек. Сугатчыларда да ушундай мүнөз байкалчу. **Сугатка берилбей, чын ниеттери менен мамиле жасашпай, көңүл кош мамиледе жүрүшчү. Анын үстүнө материалдык кызыкчылык жок эле.** Сугатчы жасаган эмгегине жарыбаган акы алуучу.

Райондо чарбалык, экономикалык иштердин артта калып жатышынын негизги себебин туура түшүнүп биле албагандар өтө жеңил ойлошчу. Көпчүлүгү **«кекиртектеп» эле тартипке салса** баары жайында болот деп түшүнүшчү. Бир жолку обкомдун пленумунда атактуу Корчубек Акназаров да ушул багытта Тогуз-Торону сындап, кийин «көрсөтмө» менен айтканын айтты. Кыязы туура түшүнсүн деди көрүнөт.

Жогорудагыларга кошумчалап дагы бир олуттуу маселеге токтолууну туура көрдүм. 1983-84-85 жылдардагы райондогу чарбалык иштер такыр эле «чачырап» калды деп айтууга болбойт. Чынында ыдыраган чарбалык жумуштарды да тартипке келтирүүгө убакыт кетти дечи! Мурдагы үч жылга салыштырмалуу малдын башы өсүп, кесек тоют даярдоо, аздан болсо да дан эгиндеринин дүң түшүмү арбыды. Төл алууда айыл чарба продуктыларын сатууда эттен башкасынан жогорулоо болду. Бирок жогоруда белгиленген оорчулуктардан улам экономика оңоло калган жок. Бир мисал келтирейин. 1983-жылы райондогу беш чарба айыл чарба продуктыларын **сатуудан 6 млн 6000 миң сом табышса, түз материалдык чыгым 8 млн 343 миң сомду түздү.** Бул чыгымдар сатылып алынган башка райондордон, Балыкчыдан, тарткан 500 тонна жем, 700 тонна үрөндүн баасы эле, кесек тоюттун «сатылып» келгенин кошпогондо эле ушуларды алыскы аралыктан тартууга кеткен транспорттук чыгымдар канчага турду. Төрт эле чарба (Атай совхозунан башкасы) бир гана автоуслуга үчүн эле 780 миң сом төлөштү. Ушундан кийин башы бош акча кайдан болот. Чарбаларда, КСХТ да автомашиналар иштебейт, запастык бөлүктөр жоктугунан токтоп турат.

Макмалдагы алтын кен комбинатынын курулушу биздин мезгилге туура келип калды. Курулуш кеч башталып калып Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы Т. Усубалиев катуу кысымга алып турду. 1982-84- жылдарда комбинаттын курулушуна катуу көзөмөл коюлуп, чоң иш жумшалды. Комбинаттын директору К. Кыдыров билимдүү, тың жигит эле. Көп өндүрүштүк маселелерди акылдашып турдук. Район болсо өзүнө тиешелүү болгон бардык зарыл маселелерди чечүүгө чоң жардамдарды көрсөттү. Негизги курулуш жумушун аткарган ПМКнын директору Дүйшөбаев да уюштургуч жигит эле. Ошентип алтындын биринчи куймасын Жогорку Кеңеште көрдүм. Бирок ал учурда алтын боюнча чоң чуу болуп, аягы дайыны жок калды. Райондун оорчулук учурлары бирге тартышкан адамдардан: Т. Өмүралиев, Б. Исаев карыялардан Т. Мойдунов, Мырзакимов, Кожалиев, Эмгектин Баатыры Турдубаеваны, О. Орозбаева, Ш. Масиров, Ж. Чагырбекова, К. Акматов, М. Жунушалиевдердин аттарын атагым келет, аларга жасаган ак эмгектерине терең ыраазымын.

Тогуз-Торо районуна баргандан кийинки жылы Калыйча ооруп, операция болуп калды. Жакшы шарт түзүлдү дечи. Бирок хирургдардын адаты кармап,

Мамакеев түз эле операцияга алып, Калыйча операцияга наараазы болуп, союуга шашпай, көптү көргөн адам катары 5-7 күн дарылап, эч болбосо оору боорду аз тыңытып алып, анан сойсо болот эле да, антпестен «сойгонго шашты», эми кыйраткансып «с переходом в цероз» делип жатат. Калыйчага диагнозду а дегенде билгизбедик. Себеби, медицинага түшүнгөн катары, диагнозду терс кабыл алат да ооруну ылдамдатып салат, врачтарга түшүндүрүп убактылуу, башка диагноз коюлуп турду, арадан 6-7 күн өтпөй дежурга келген врач диагноздун туурасын берип коюптур. Албетте, ооруган адамдын бул учурдагы абалын түшүнсө болот, Калыйча кыздарын чакырып алып колунда, кулагындагы өз оокаттарын бөлүштүрүп, өздөрүнчө ыйлашып, аягында бул эч нерсе эмес, мындайлар адамдарда көп эле болот, бирөөлөр айыгып да кетишет дешип энесин, өздөрүн «соороту-шуптур».

Мен аз убакыттан кийин Казармандан Нарын шаарына келип, Жуманга кирип, Калыйчага коюлган диагнозду айтып, мыкты дарыгерди таап бериңиз деп сурандым. Бир күндөн кийин эле Жуман Акималиевич телефон чалып, дарыгер табылды, өзү менен сүйлөштүм, республиканын башкы терапевти, өзү жашап калган, бирок, мыкты дарыгер экенин айтты. Биз дароо эле ал кишиге бардык.

Дарыгердин атын, фамилиясын жазып алдым эле, жоготуп ийиптирмин, азыр эстей албай койдум. Дарыгер орус адамынын сунушу: - Эң башкысы мен айткан режимди (тамакты, жашоонун тартибин, уйкуну, эс алууну, нервди) сактоо керек, эгерде жакшы сактасаң сен дагы 20 жыл жашайсың, антпесең ал мөөнөт азая берет деген эле. Өзүнүн эрки күчтүү адам эле, эркинин күчтүүлүгү, дарыгерлердин кеңештерин сактап жүрүп, өмүрүн 16 жылга узартты. Мен боор үчүн бээнин сүтү чоң дары болсо керек деп көп ойлойм, Казарманда, кийин Ленинге келгенде бээнин сүтүнөн үзүлгөн жок. Тогуз-Тородо мен ар дайым айылдарга баргандa дары чөп караар элем, өзгөчө Атайда аары багышат эмеспи, көзүмө гүлү бар чөптөрдү ала келип жүрүп, бир складга байланып кургатылган чөптөр толуп кетиптир, тилекке каршы, дары чөптү жакшы билген, Атайда бир орус киши аялы менен бар эле, аларды атайылап алып келип, боор үчүн каратсам арасынан араң 2-3 боо чөбүн жактырышты, калганын бүт ыргыттык.

1993-же 1994-жыл болсо керек, Казарманга командировка менен обкомдун бөлүм башчысы Болот келип калыптыр, ал кайра Нарынга кетээр күнү мен ага сенин Волгаңа Калыйчаны салып жиберейин, бооруна тынч болот десем: - "ооба, кеп жок, биз алдына отургузуп алып кетебиз", - деп калды. Алар жөнөп кеткенден кийин биз кеч чыгып калдык. Февраль айы болсо керек эле, күн суук, кар аябай бапылдата жаап жатат. Кара-Көөнүн белине чыгып келсек, уйгу-туйгу болгон бороон, шамал бир беттин карын учуруп, экинчи коктуга уруп жатыптыр, туу кырдан ылдый 250 метрче түшүп келсек, экинчи курбуда эки С-100 бульдозеру Макмал комбинатына жүк тартып бара жатышкан 5-7 жүктүү оор салмактагы автоунаалар жолду ача алышпай камалып турушуптур, төмөн жакта да камалган комбинатка бараткан автоунаалар көп шыкалып турушат дешти. Артка кайра тартууга жол тосулуп орто жолдо калдык. Биз барган жерде ДЭУнун директору

Жутакеев Жапар башкы инженери менен жолду тазалаганы келишкен экен, алар кайра биз көрүп өткөн туу белдин бери кире беришине бир С-100 булдозеру бар эле ошого жете алышпай калышыптыр. Барыбыз алдыга да, артка да жол жок ортодо калдык, бир маалда Жапар силердин машина «жылуураак» деп келип бизге отурду, бороон болсо уруп жатат, катуу бороон кез-кези менен урганда УАЗ өйдө бери болгондо 10-15 см. көтөрүлүп, кайра түшүп турат экен. Саат 1-30 ченде көтөрүлбөй да калды, себеби автомашинын арты карга толду көрүнөт. Ошентип, эртеси саат 12-37 болгондо ойго түштүк, эртең менен күн ачылып, бороон басылгандан баштап, үч булдозер болгондо да С-100 булдозерлору менен жол ачышты. Берки беттен токтоп түнөп чыккан машиналарды санаганда, шофер бардыгы жалаң оор жүк тарткан 42 автомашина токтоптур деп айтты.

**Кара-Көөгө кыштын чилдесинде бир түн түнөп чыктык эле.**

Калыйча бизди угуп алып, «куураган турбайсыңарбы» деп чыдамсызданып жатты. Кыясы мен «себепчи» болдум деп ойлоп жатат да! Ушундай боорукер, жароокер адам эмес беле!

## ЛЕНИНДЕ ОЮМДУ ИШКЕ АШЫРАРЫМА ИШЕНИМ БОЛУП ТУРДУ

1985-жылы 28-октябрда Тянь-Шань районундагы Ленин атындагы колхозго председатель болуп шайландым. Бул жерде да чарбалык, экономикалык иштердин абалы оор экен. Бирок Тогуз-Торого караганда ойлогон оюмду ишке ашырарыма чоң ишеним болуп турду. Иштегенимдин экинчи жылы эле менин отчетумду райкомдун пленумунда угушту. Отчетто өткөн бир жарым жыл убакытта биринчи маселе катары ар бир адис жетекчи кызматтагылардын ээлеген кызматтарында, сөздүн толук маанисинде, жооп берген абалды түзүүгө аракет жасалганы, ушундан улам чарбалык иштердин тартипке келишин, эл менен иштеп, бүткүл элди көтөрүү, эмгекке үйрөтүү, ар бир адамды ынандыруу, жалкоолордун эмес, эмгекчил адамдардын катарын өстүрүү, аларды моралдык, материалдык жактан даңазалоо, бир нерсеси жок жасагандар эмес «азды көп жасагандар» үчүн сый - урмат жасоо, эмгекке «акыркы натыйжага» гана төлөөнү жүргүзүү чаралары көрүлгөнү билдирилди.

Мына ушул сыяктуу чаралар чынында таасирин тийгизип, алгачкы бир - эки жылда эле көп чарбалык иштер бир кыйла жолго коюлду. Эң башкысы элдин өндүрүшкө жасаган мамилелерин, кулк-мүнөздөрүнүн өзгөрө баштаганы көп үмүт берип турду. 1987-жылдын жыйынтыгы менен киреше 2 млн. 768 349 сомду түздү. 1985-жылдагы 1 млн. 607 миң сомдон 73,5 % га өстү. Чарбада биринчи жолу рентабелдүүлүк 41,1 % га чыкты. Мамлекетке биринчи сорт менен сатылган сүт 83,2 % ды, жогорку семиздиктеги кой эти 77 % ды, уй эти 81 % ды, жылкы эти 71 % ды түздү. Биринчи жолу ар койдон 3, 536 кг. жүн кыркылды. Чарбада биринчи жолу дандын дүң түшүмү 4266 тоннага жетти. Ар гектардан 35 центнерден (жалпы аянтка), сугат жерден 42,2 центнерден түшүм алынды. 14 миң 379 тонна кесек тоют даярдалды (бул дагы жаңы чек болду). Кырманга дан эгинде-

рин таразасыз киргизбедик, ал эми кесек тоютту болсо а дегенде биринчи рейсте келген транспорттогуларды тараза аркалуу алып, андан кийинкиси престердин саны боюнча скирдалар боюнча да эсептешип, кайсы короого канча жыйылганы такталып, сарайчыга кол койдурулуп өткөрүлүп турду. Сугатчылар 1987-жылдан тартып түшүм үчүн кошумча сыйлык катары дан эгиндерин ала баштышты (2 тоннадан кем эмес). Андан тышкары аянттардагы арыктын жээктерин, булуң - бурчтагы жерлерди өздөрү үчүн чаап алышты.

1987-88-жылдары кыш оор болуп, 1987-жылы март, апрель айлары өтө татаал өттү, күзүндө болсо 5-октябрдан баштап 24-декабрга чейин тынымы жок суу аралаш кар жаап, оор кыш болду. Кой баласы, ири мүйүздүү мал, жылкынын жаштары: - тайлар, кунан, төл бере тургандары (байталдары) ноябрдын 13-тартып бүт бойдон колдо турду. **Кийин 2 тоннадан дан алган сугатчылардын бирөө колхоздун жалпы отчеттук чогулушунда чыгып сүйлөп, "быйылкыдай оозун чени жок ачкан кышты көргөн эмесмин, силер да көргөн эмессиңер, бирок, тоюттун кенендиги түттү го, мал короодон чыкканча оозунан жем да, чөп да үзүлгөн жокко, колхоздун короодогусу эмес, менчиктен бирибиз да тоюттун бар-жогун сезген жокпуз.** Май айына чейин камаарабадык го", - деди. Бул сөз эмес эле мага ураан, чакырык катары сезилди. Ошентип чарба акырындык менен алга жылып отурду. Ошол аралыкта бир катар өткөрүлгөн иш-чараларды айтууну да туура таптым. 1986-жылдан тартып эле көп көрсөткүчтөр дурус болуп калды. Мен буларды чарбалык иштердин туура тартипке келишинен улам деп түшүндүм. Ушундан улам жаңы, ошол мезгилдин талабындагы иш-чаралардын жүргүзүлүшү туура экендиги белгилүү болду. **Эң башкысы адамды эмгекке тартуу эле. Жакшы иш жасасаң жакшы жашай турганыңды аң-сезимге жеткирүү болучу.** Анын башкы чарасын иш жүзүндө көрсөтүү эле.

Ушул жылдарда **биз элдин турмуш-тиричилиги үчүн да бир катар чараларды кордук. Эң башкысы өндүрүштөгү ар бир адамдын турмушу бул - бүтүндөй колхоздун турмушу деп ураан жасап, "биз ушундай деп түшүнөбүз деп айттык элге".** Бул үчүн төмөндөгү иштер жүрдү:- а) эки жылдан бери чарбада 25 үйдү механизаторлор үчүн деп куруп жатабыз; б) колхозчуларды малдуу кылуу үчүн 1986-жылы эле Чүй базарынан 440 баш кой-козуну сатып келип элге бердик; в) 1987-жылы колхоздун өзүнөн 20 музоо, 500гө жакын козуну малы жокторго саттык; г) айылда менчикке жашылча айдашчу эмес, мындай иш андасанда гана түтүндө болучу. Бизде картошканы, сабизди, капустаны, чеснокту эң мыкты өстүрүүгө болот деп 1987-жылы ар бир үй-бүлөгө ушуларды айдап-себүү жүрдү. Биринчи жылы эле элдин бери болгондо 70%ы айдашты, бирок, биринчи жыл эмеспи бир тобунда жакшы, бир тобунда болбой да калды. Эми бул ишти аягына чыгарыш үчүн **ар бир үйгө погреб куруу**, өздөрүнөн ашканды **базарга сатуу үчүн транспортту** чечүү керек болду; д) колхоздун мүчөсү болуп турган **ар бир түтүнгө мурдагы 0,25 га жерди 0,50 га жасап берүү жүрдү**, бул бардык айылдарга: - Кеңеш, Алыш, Дөбөлү, Шалдыр жана Таш-Башат айылдарында жүргүзүлдү. Менимче мындай ишти жүргүзгөн областтагы жалгыз чарба болсо

керек. Ар бир үй-бүлөнүн турмуш тиричилигин жакшыртуудагы чынында чоң иш-чара болду. Республиканы айта албайм, себеби мындай чечим республикада эч жерде чыга элек болучу; ж) бул жерде Куланак айылында жүргүзүлгөн иш-чаралардан да пайдаландык. Дөбөлүдө Ө.Токтосунов атындагы орто мектептин мугалимдеринин жардамы менен пионерлердин чоң сборлорун жыл сайын өткөрчү болдук. Мында өзгөчө козуларды аман сакташкан сакманчылардын саны кескин өскөнү байкалды. Түздөн-түз өндүрүштө дыйканчылыкта иштегендер тууралуу да сборлор өткөрүлүп турду.

1987-жылдан тартып эмгекке акы төлөө алган продукцияга жараша жүрдү. Анан кошумча акы төлөө, сыйлык берүү болду. Өзгөчө дыйканга, механизаторлорго да, малчыга да натуралай дан, тоют, козу, тай, музоо бериле баштады. Төмөнкү көрсөткүчтөгүлөр мурдагыдай эле аз, ал эми жакшы көрсөткүчтөрдүн айлык акылары, сыйлыктары жогору болуп, көп айырмаланып турду. **Ар бир сезондун аягында булар катуу даңазаланчу болду.** Жыл сайын алдыңкылардын катары өсүп жатты. 1987-жылы эле жалгыз механизаторлорго 26 миң сомдук кошумча төлөөлөрдү жүргүздүк. **25 механизатор жаңы долбоор менен салынган үйлөргө киришти.** Жаңы үйлөнгөн 8 жаш механизаторго 1000 сомдон ссуда, армиядан келген 11 механизаторго 350 сомдон пособие, **7 механизаторго төл берүүчү 1 жаштагы торпок берилди. Бүт бардык механизаторлор, малчылар көмүр менен камсыз болушту.** Ал эми 1988-жылы сугатчыларга жана механизаторлорго 93 тн. дан, 120 тн. чөп, **7 жылкы баласы, 18 кой-козу кошумча акы, сыйлык үчүн берилди.** Булуң-бурчтагы кичине аянтты чаап алуу, картошка айдап, үйгө кошумча киреше таап жатышты. Мына ушундай чаралар мал чарбачылыгында да жүрдү. Ушул эле жылы **165 козу, 100 (тубарга жакшы козу) бөлүп бергендерге натуралай сыйлык катары ыйгарылды.** Эң алдыңкы чабандардын жылдык тапкан кошумча акысы, сыйлык, акчалай, натуралай 8 миң 600 сомдон **10 миң сомго жетип турду. Бул ошол кездеги чоң акча эле. Айлыгы 240 сом болгон жетекчи адам жылына 2 700 сомго чукул тапчу!** Ушундай чаралар кийинки жылдарда да улантылды.

Чарбада мал чарба курулуштарынын баасы бир нече млн. сомду түзүп калган эле. Ошол эле мезгилде тубар кой короолордун ички жабдуулары, инвентарлары өтө көп каражатты түзүүчү. Бирок жыл сайын жаңы жабдылып, жыл сайын «жоголуп» туруучу. Кашарларды жабдуулары менен сактоо, күтүү, аны жоопту адамдарга берүү, кайра өткөрүп алуу, үнөмдөлгөн каражат үчүн акы төлөө чаралары жүргүзүлдү. Биринчи эле жылы алты кашарда кошумча чыгым болгон жок. 7 чабандын кашарында 15-20 сомдук гана ремонт иштери жүргөн. Өздүк нарктын төмөндөшүнө көп түрткү болду.

1986-жылдан тартып эле чарбадагы 5 айылда жашагандарга огороддо же чарбадагы майда булуң-бурчтарда картошка, сабиз, чеснок, редька, капуста айдап базарга чыгып соода жасап үй-бүлөлүк каражатты толуктап туруу үчүн шарттар түзүлдү. 1987-жылы айылдарда ар бир үй-бүлө жашылча айдасын деп айылдык советтин атайын сессиясын өткөрдүк. Өрөөн боюнча айылдарда интеллигенттер,

айыл активдер бүт чакырылды. Атайын Чүйдөн үрөндөр алынып келинип, айыл-айылга таратылды. Адистерден чакырылып келип окуулар өткөрүлдү. Ушул иштерди алып барууда **айылдык советтин башчысы Алтымыш Мамбетисаевдин көп эмгегин белгилебей коюуга болбойт. Ар бир үй-бүлөдө погребдер пайда болду.** Чарбадан базарга барып туруу үчүн **транспорттон, погреб курууга материал жактан жардамдар көрсөтүлдү.** Кийинки жылдарда бардык айылдарда көпчүлүгү картошка, сабиз, чеснок, малина, клубника, карагат өстүрүүгө жакшы киришишти. Кыштак ичинде эң мыкты түшүм берүүчү жашылчалар эгилген аянттар пайда болду. Айрымдары болсо Нарынга барып соода жасай башташты. “Базарга баруу уят” деп адамдар үйрөнө албай жүрүшүп, анан көнүп кетишти.

Кийин картошка арбын айдалып, **тонналап сатылып калган мезгилде аны алуучулар жок болуп,** сатууга даярдап отурган картошкалар сатылбай калып көпчүлүк **эл май, июнь айларында арыктагы сууларга ыргытышты.** Сугат жерлерде арыктар картошкага толуп жаткан учурлар болду. Кийинки жылы эле картошка айдоо кескин азая түштү. Бул маселеде азыр да проблемалар арбын. Эч болбосо Нарынга картошка иштетип продукция чыгаруучу заводду куруу зарылдыгы өтө чоң болуп турат.

Малдын кесек, чыктуу тоютка болгон керектөөсүн чечүү максатында 1986-жылы эле чарбада эспарцет урук үчүн өстүрүп, тазалангандан кийин 40 гектарга жете турган урук алынды. Кийин ар бир тубар короо койго, козуга, токту короолорго 145-155 тн. кем эмес кесек тоют жыйылды. Чарбада 1987-жылдан тарта 100 тубарга 102 ден, 1990-жылы107 ден козу алынды. **Алынган төл акыркы жылдарда 100 тубарга 85,4 – 86,2 ден бөлүнүп турду.** Тоюттун чечилиши менен мал чарба продуктыларын өндүрүү өсүп, анын аркасы менен 1991-жылы чарбанын акчалай кирешеси 3 млн. 683 миңден ашты.

Чарбада 1990-92-жылдарда этнографиялык тарыхый музей түзүлдү. 1990-жылы Ө.Токтосунов атындагы орто мектептин курулушу бир жылда курулуп бүткөрүлдү.

Үйлөрдү куруп, ээлерине берип жатканда айрымдар бир үйдү толук берүү жаштарга чоңдук жасайт, үй-бүлөгө берели дешкендер болду. Бирок, мен макул болгон жокмун. Жаңы салынган үйлөр узакка турат, ал эми жаш үй-бүлөлүүлөр аманчылык болсо тез эле балдарлуу болушат, чоң үй-бүлөлөр болот, ошондо «Хрущев салдырган үйлөр дегендей кеп болобуз» деп ар бирине өз-өзүнчө эле бирден үй бердик. Турмуш деген ар кимде ар түркүн куралат экен, айрым үйдү сатып башка жакка да кетишкени болду, бирок, негизгилер азыр да жашап жатышат. Мектептин курулушун баштан аяк жүргүзгөн Эрнист аттуу жигит эле. Ага дагы бир жолу ыраазычылык билдиргим келет. Механизатор, шофер жана адистерге курулган үйлөрдүн саны 25 ке жеткирилип, үйлүү-жайлуу болушту.

1990-95-жылдарда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде **айтылуу легендарлуу парламенттин мүчөсү болдум.** Кыргыз Республикасынын **көз каранды эмес мамлекет болуп түзүлүшүндө** добуш берип, залды жаңырта дүркүрөтө кол чаап, **кубанган учур эстен кетпейт.** Кыргыз Республикасынын

**Мамлекеттик Гимнин, Туусун, Гербин кабыл алган тарыхый күндөргө катышкан бактылуу учурларым болду.**

**Бул чарбада 9 жылы эмгек жасадым.** Көп адамдар менен ачуу-таттуу күндөрдө кыйналуу менен кубануу учурларын өткөрдүм. Алардын ичинен А. Мамбетисаев, Кубат Абдраманов, М. Боронбаев, А. Мүсүралиев, Ү. Осеков, Т. Кененбаев, А. Баймурзаев, А.Тынайбекова, Н. Куланбаев, А.Абдыкеримов, Ж. Кашкаев, Э. Усубалиев, Ж. Кенжебаев, К. Абиров, А. Орозоев, А. Кадырмамбетов, А. Усупов, А. Мамбеткулов, К. Шүкүров, С. Өмүралиева, Б. Төлөев, С. Назаров, А. Чортонбаев, С. Кошунбаев, карыялардан Ө. Токтосунов, А. Аракеев (бир тууган кудам), Ө. Жапаралиев, А. Куланбаев, С. Усубакунов, Б. Жакыпов, Ш. Бугубаевдердин бүгүн аттарын атап, өзүмдүн ыраазычылыгымды билдирүүнү туура көрдүм.

Сүрөттө жаңы жана эски мектептин сүрөттөрү турат. Ошол эки сүрөттүн алдында мындай текст бар. **Мектеп 1990-жыл.** Мен 1985-жылы колхозго келдим. Менден мурда мектептин курулушу эки беш жылдык планга кирип, курулбаптыр. Мен келгенден кийин да үч жолу алдырып ийдим. Планга жыл сайын кирет, бирок башка бир «чоң» келип башка жакка курулушту алып кетет. Акыры 1990-жылы майдын аягында мектептин курулушу ушул жылдын экинчи жарымындагы пландагы титулдук тизмеден чыгып Кочкор районуна кетти деп угуп калдым. Ошол кезде облисполкомдун төрагасы Эсенгул Аалиев эле. 23-май күнү өзүнө кирип, Эсенгул Аалиевич ушуну менен Сизге мектептин курулушу боюнча 4 жолу кирип жатам, келген сайын убада берилет, бирок, быйыл да жылдын башында бар эле, эми экинчи жарым жылдыктан курулуштун башталышы чыгып жатыптыр деп «капалыкты», биз да элбиз да деп «таарынычты» айттым.

Эсенгул Аалиевич төраганын курулушту тейлеген орун басары Шаршеке Элчибаевичти чакырып, Шаршеке Элчибаевич Калназаров 4 жолу убадалаштык эле деп бирди ашырып жатат, бирок сиз экөөбүз 3 жолу убада бергенибиз чын эле да, туурабы? Мурдагы күнкү чечимди өзгөртпөсөк, уят болобуз деп маселеге чекит коюп чечти. Ушул акыркы чечим болуп курулуш күздө башталган болучу.

Кийин Шаршеке Элчибаевич курулуш уюмдарынын жетекчилерин чогултуп жыйын өткөрдү, мен катыштым. Мага эмне жумуштар тапшырылат дедим. Мектептин курулушунун Эрнист деген мастери бар эле, жумушчуларга ар дайым эттен кыйналабыз деди. Мен чогулгандардын алдында катуу сөз бердим. Эрнист ишине тың жигит эле. Курулушту чынында жакшы жүргүздү. Мен да сөздү так аткарып турдум. Мына эми жыйырма жылдан ашып бара жатат. Бул аймакта мындай чоң мектеп курула элек.

Ак жолтой болсун!

Эски мектеп 1959-жылы бүткөрүлүп, элдин, колхоздун күчү менен курулган. Ал кезде колхоздун төрагасы Ө. Токтосунов, мектептин директору А. Аракеев болучу.

**Чынында курулуштун Кочкорго кетип жатканын Шаршеке Элчибаевич айткан эле. Мен ал кишини уят кылып албайын деп жөн гана «угуп жатам» дегем.**

Эсенгул Аалиевич Нарында азыраак иштеп калды. Маселени ар дайым кунт коюп угуп жана ойлонуп чечкен жайы бар эле. Областта кайсы маселе болсо да ишти билген адам катары туура айтуучу, эс тутуму күчтүү болучу, өзүн ар дайым токтоо алып жүрчү, кээде гана айрым бир учурларда кыткылыктап күлүп койчу, бир жолу конторго чалып, мен Кеңештин жогору жагында турам, сенин эспарцетиңди Мураталин самолеттон көрүп, **өтүп кетиптир** деп жатат. Мен чаап келсем эспарцеттин жанында туруптур, эспарцет чынында маалынан анча деле өтө элек экен, бирок анча самолеттон «чаң» салгандай деңгээлге жете элек.

Эсенгул Аалиевич мага «сен кандай дейсиң», - деп суроо салып жатат, мен «сактанып» чалгы салалы, косилкалар (ал кезде Ленинде Куланактагыдай жаткалар жок эле) 1-2 күндө келип калышат, - дедим.

Унчуккан жок.

Шаршеке Элчибаевич да мага чоң жардам берип, Тогуз-Торо районунун Ленин атындагы колхозуна 20 үй берди эле, бирок, мен аягына чыга электе кетип калдым, ошондой эле үйлөрдү бюджеттин эсебинен Эмгекчил колхозуна да курдуруптур, бизге курулган үйлөрдүн аягын колхоздун эсебинен 3-4 үйгө берген болсок керек, аны Абдыжалый Мүсүралиев жакшы билет.

Парламентке шайлоо ал кезде бир мандаттуу болучу, бир округдан бир депутат шайланчу, биздин округ № 204 болучу, ал аймагы боюнча Орук-Там, Ленин атындагы жана өйүздөн Жданов атындагы колхоздордогу жашаган элдерден туруучу.

Шайлоого карата даярдыктар жүрүп, эки өйүздөн куда-сөөк болгондор көп чыгып, алардын көпчүлүгү үгүт иштерин жүргүзүштү. Ал жылдарда Жданов атындагы колхоздун төрагасы болуп Мүсүрканов Нарынбек иштечү. Депутаттыкка кандидат ошол өйүздөн алдыңкы механизатор, Ленин орденинин ээси Мамырканов Асанакун койгон эле. Биз Мамбетисаев Алтымыш менен Орто-Нурага шайлоочулар менен жолугушууга бардык. Менин ишенимдүү адамым Дөбөлү селолук Советинин төрагасы Алтымыш болгондуктан чыгып сөз сүйлөп, менин өмүр баяным менен тааныштырып, Сиздер Кайып Калназаровду жакшы билесиздер, силерге тааныш эмес эки эле эсеп бар, Кайып аке 17 жаш курагынан бери үзгүлтүксүз эмгек жасап келе жатат, 25 жашында партиянын Нарын райкомунун мүчөсү болду, ошондон бери партиянын Нарын, Жумгал, Тогуз-Торо райондук комитеттеринде мүчө, ушул эле райондордун райондук советтеринде жана жергиликтүү советтеринде депутат, 1980-1986 - жж. областтык советте депутат, областтык партия комитетинин мүчөсү болуп келе жатат. Биз жолдош Мамырканов Асанакунду жакшы билебиз, сыйлайбыз, депутатка татыктуу эмес деп айта албайбыз. Өтүнүч эки кандидатты тең карап, талдап көргүлө, - деди.

Анан Тынымсейит эли укум-тукуму өскөн эл. Алардан кара кылды как жарган, эки элди тең көрүп, тең алып жүргөн эң мыкты адамдары ата-бабалар чыккан. Моңолдор эли улуу Шалтак ата менен Мортук ата, Бактыгүл менен Токтогулдун бүгүн укум-тукуму өсүп, бүчүрлөп-бүрдөп мына ушул биздин күнгө жеткен ата-бабалар катары жакшы билишет деп, алардын ушул күнгө чейинки

өткөн аталардан элүү төртүн бирден айтып жатты, залда эл толтура эле, дүркүрөтө кол чабышты. Атактуу Манап Атабек ата өтө калыс, эл баккан адам экен. Ал ким жанын жаман бакса жазалап, кимдин күзүндө эгин-чөбү суу ичпей начар болуп калса атын сойдурчу экен, аны бийлик менен эмес, өз ара убаданын, «демократиянын» негизинде жүргүзгөн.

Урпактарына ушул асыл жерди, эки элге коңшулукту, куда-сөктүктү, достамырлыкты, бир-туугандыкты калтырып кетишкен ушул улуу ата-бабаларды өйүзгү эл терең баалашат, ар дайым ушул эки элдин ар-намысы үчүн алардын касиеттүү арбактарын унутпай Сиздерге жылуу сезимде мамиле жасашат.

Добуш берүүдө өтө кылдат мамиле жасайлы!

Шайлоонун жыйынтыгында эки өрөөндө бирдей эле добуш берилди. Орто-Нурадан бизге арбыныраак болду, жогорудагылардан улам болсо керек, анын үстүнө раматылык Бейшеналы Бекжановичтин да абалды туура баалай билүүсүнөн болду деген бизде ой калды.

Шайлоо жыйынтыкталып калганда Алтымыш үйгө чалып, тескейден сизге каршы 3 гана добуш болуптур да деп калды. Мен ишенбей туура эмес болбосун, кызматтагы кишиге наразы болгон адамдар андан арбын болуш керек го дедим, чынында Ийри-Суу, Байгазак, Орто-Саздан да бизге добуш бергендер болгон эле.

Куттуктоо телеграммалар да келди арасынан а дегенде Ысык-Көлдөн Турсуналы Мамбетаитовдон, Ат-Башыдан Жантемиров Алтынбектерден, Ат-Башы «Пограничникте ардагерлердин, колхозчулардын атынан Сыдыкбаев, Абдыгазиев, Абдразаковдордон; Республиканын колхоздор кеңешинен Кутманов, Токтогул мектебинде бир окуган классташ-Бексултан, Кларадан, мындай телеграммалар арбын болду эле, арасынан алдым, чынында бир тобу 25 жылга убакыт өтүп бизде калбай да калыптыр. Ушулар үчүн да, бул жерде көрсөтүлбөй калгандар үчүн да терең ыраазычылыкты өзүмдүн, ал учурда Калыйча бар эле өзүнүн атынан өзү тирүү кезиндегидей энелик мээрими менен чоң, чын жүрөктөн рахмат айтам, ал өзү ар бир келген куттуктоого ушундай сезимде мамиле жасап туруучу эле.

Ушул жерде менин депутат болушума чоң үлүш жасашып, **шаар, өйүз-бүйүзгө чейин барышып, үгүт жасашкан жолдошторго, өзгөчө тескейдеги ага-туугандарга бүгүн да тиземди бүгүп, башымды ийип, чын жүрөгүмдөн ыраазычылык айтам.**

XII чакырылышта шайланган 350 депутат эле, анын ар бир сессияга орточо 330-320 сы келип турчу, талкуу кызуу жүрүп, добуш берүүгө келгенде бардык талаштар өз ордуна коюлчу. Кечээ 20-сентябрь 2015-жылы айтып жатышат, депутаттар сентябрдын айлыгын алышты толугу менен деп, бирок, бир да депутат иштеген жок, Жогорку Кеңештин төрагасы Ж. Жээнбеков сессия өткөрүүгө аракет жазап, сессия өтүүгө «негиз» жок өткөрө албай калды деп, мындай учур бул чакырылышта көп болду. Ал эми ушул депутаттардын дээрлик көпчүлүгү кайрадан шайланууга кандидатураларын коюп жатышат. Мунун чоң мааниси бар, ант-

кени депутат Жогорку Кеңештен "тынч жашоого өтө ыңгайлуу «уя» табышты", көбүнчөсү ошол уя, көп айлык, сыйлык, командировочный дагы толуп жаткан шылтоолор менен башка көп каражат табышат, бекер машина, бекер телефон, бекер квартира, булардан башка эмне керек. Биз болгону 25 рубль алуучу элек, Өкмөт үйүнүн чоң залында 14-катардын 22-орунунда отурчумун. Менин сол жагымда 20 орунда Султангазиев Асанкул, кийин оң жагыма 23-орунга Садырбек Мамбеталы уулу Дубанаев келип олтурду, ошентип бир капшытта областын прокурору, экинчи капшытта областтык милициянын начальниги болуп, Садырбек айткандай бир партага олтурган классташтардай болуп жүрдүк. Жогорку Кеңештин бир да заседаниесин калтырган жокпуз, республика үчүн чоң-чоң закондорду иштеп чыгып кабыл алууга катыштык. Кандай болсо да биздин татыктуу үлүшүбүз бар экенине шек санабайм.

Асанкул, Садырбек болуп көп учурда чогуу болуп калып жүрдүк. Улуу катарында мага сый жасашып, бир жолу да алдыман өтүшкөн жок, бир жолу да Кайып Калназарович дегенден жазышкан жок, акыл-эстүү, ар тарабынан бышып жетилип турган кыргыздын ушул эки уулунун ортосунда болуп жүргөн жылдарыма **өтө ыраазымын, менин өмүр жолумдун кайталангыс учурларынан болуп калат.** XII чакырылышта шаардан **Бектуров Орозбек да, Мукаш Эсеналиев да депутат болуп шайланышты,** алар шаардыктар менен алдыңкы катарда отурушчу, бирок, мен **экөө менен тең мурдатан эле жакшы мамиледе жүрчүмүн,** депутаттан кийин да тыкыз мамиледе жүрдүк.

1992-жылы Турдакун Усубалиевич Москвадан акталып партиялыгы кайрадан калыбына келгенден кийин Куланак айылы ал кишини Республиканын Жогорку Кеңешине депутаттыкка кандидат кылып, анан ушул үч чарба: Куланак, Карл-Маркс, 8-Март колхоздорунун шайлоочулары депутат шайлашты.

**Чынында** (менин баамымда) **А. Акаев Турдакун Усубалиевичти "жакшы кабыл алган жок".** Анын үстүнө ошол учурларда депутаттардын арасынан өзүнчө топ пайда болуп **Макмалдагы алтын кени, анда жүрүп жаткан коррупциялык иштер, комбинатка алынган 100 миң долларлык люстра боюнча өз ара создор да болуп жаткан. Мына ушул аралыкта Т. Усубалиевге каршы чабуул коюлуп арасында депутат эместер да бар, түркүн сөздөр айтыла баштады. Бир жолку, олтурушта, мен сөз алып, трибунага чыгып, депутаттарга кайрылып, ушундай мамилеңер «уят» эмеспи, Т. Усубаливге мынча «ачуу» сөз айтууга акыбыз жок, кандай болсо да 25 жыл Борбордук Комитетте биринчи катчы болуп иштебеди беле, андан да улуу киши, ошону сыйлабайлыбы, Турдакун Усубалиевич толук акталды да, арызчылар эч негизи жок күнөө коюшкан деп чечилбеди беле дедим.** Кийин андайлар сейилдеп калды. Бир жолу Т. Усубалиевичтин Акаевге карата "эмне үчүн сиз менин сөзүмдү ар дайым «кагып» жатасыз" дегенин уккан элем.

Акыры Макмал боюнча чыккан топ чоң күчкө айлана баштаганда **аягы Жогорку Кеңешти таратуу менен бүттү.** Кийин "Акаев өз ара тууганча сүйлөшүп элдешиптир" деген сөз тарады. Азыр оюма кетет: Акаев «кара» ишин ошондо

эле Макмалда баштаган тура, кийин Кум-Төрдө улантса керек, болбосо мынча татаал, ушул күнгө чейин даанасы белгисиз болгон схема иштелип чыкмак эмес эле.

Мен ар дайым жакшы мүнөз, адамдык ички жылуу сезимди Калыйчадан сезээр элем, ал мага ар дайым коргоочу болуп турчу, мен үчүн чыныгы тирөөч, түркүк эле.

Ал учурда биз Куланакта элек, Монголиянын Гоби аймагынан областтык партия комитетинин биринчи катчысы Дарга баатыр делегациясы менен келип, биздин үйдө болуп калышты. Алар менен селолук советтин төрагасы Капар аке да болуп, Дарга баатыр сүйлөп, Капар акеге жагымдуу сөз айтты эле, аны Тилектеш (обкомдун үгүт боюнча секретары) өз сөзүнө кошо коюп, “Сизди дагы 60 жыл жашаса болчудай экен” деп жатат десе, Капар аке ичпей отурду эле, ордунан тура калып, анда

- Дарга үчүн «кеперес» болсо да ичип ийели деп калды. Баарыбыз күлүп калдык…

Арадан 2 жылга өтүп, Гобиге бара турган болуп, «мен бара албайм, бул жакта иш калып калат» десем, Калыйча «жинди болбочу», бул жакта сенсиз эле иштетип турушат, - деп айнытып, Корчубек Акназарович, обл ОНОнун башчысы Капар Кыдыралиевич, комсомолдун шаардык комитетинин биринчи катчысы Арипа Турдалиева жана мен болуп жөнөп калдык, Иркутский аркалуу жолго бир түнөп, эртеси Улан-Баторго конуп, андан ары 600 км. экен поезд менен Гобиге жеттик, бизди Улан-Батордон ошол station кездеги облисполкомдун төрагасынын биринчи орун басары, аты Зарлык болсо керек, дагы бир врач аял, экөө тосуп алганы келишиптир.

Монголияда биз өз айылыбызда жүргөндөй эле болдук, Гоби чөлү аянты боюнча дүйнөдөгү үчүнчү чөл экен, негизги өндүрүшү жылкы, кой, төө багышат. Гоби аймагында эч дыйканчылык жок, буудай, жашылча аттууну башка областтардан алышат, жери негизинен түз, кээ бирлерде дөбө сыяктуу карагайлуу жерлер болот, бизге негизинен жайыттарын көрсөтүштү, кыштоолорунда эч курулуш жок, жөн гана боз үй тигип, азыраак “ыктоо” жерлери болот экен. Биз негизинен 3-4 күн бир жерде болдук, ошол жерге боз үйлөрдү, артистери, ырчылары, киносу менен көчүп барышыптыр, ошол жерде улуттук оюндардан ат жарыш, «азоо» үйрөтмөй болду, малчынын турмушу менен таанышып, конок болдук, анан алыс аралыктарга чейин барып аскер турмушу, мектеп турмушун көрдүк. Кайра келатканда эки суткача Улан-Батордо болдук. Ал кезде негизинен боз үй, шаардагы стандарттуу үйлөр борборунда эле экен. Анан илгерки чыгыш стилинде салынган тарых музейине бардык. Өкмөттүн дачасы бар, бүт курулуштарын орустар салса керек, мрамор таштар менен курулган, ошол жылдарда Брежнев, Усубалиев, Кунаев ж.б. болушкан жер. Жаратылышы мыкты, жыш токой, көбүнчө карагай, булактар. Муздак булактын суусу менен барган күндүн эртеси эле “тишимди сезгентип”, кайра келгенде Куланактан Нарынга анда-санда бир келип жатып, тиштеримди оорутуп, анан акырындап түшүп калып жатты.

Бирок тиштен азап чеккеним жок, күйөө балам Омор Мөндүрбай уулу тиштерди жаңырып жатып, ушул күнгө чейин «бадрак» жешке жөндөмдүү.

Калыйча өтө терең акылга бай адам эле. Үй-бүлөдө кандай маселе коюлса да ойлонуп, анан жооп берүүчү, болот же коё туралычы деп калучу. 39 жыл бирге өмүр өткөрдүк, бирок, акыйлашып урушкан учур болгон жок. Турмуш татаал да кээде аздан таарынышып кетүүчүбүз, бирок, азга унчугушпай калып, (бир саатка жетпей) кайра эле аздан сүйлөшүп калаар элек. Чынында көп учурда мындай «элдешүү» менден башталат, Калыйчанын унчукпай туруусуна «чыдачу» эмесмин. Мен сөз баштаганда эле өзү аздан «жибигенин» сездирип, жылмайып койчу. Кечинде келгенде мени кел диванга отуралычы деп, жанына отургузуп, мага колунун манжаларын карматып ушалатчу, манжалардын муундарына туздар чогулуп, муундарда катуу тарткан дөңчөлөр бар болучу.

1990-жылы болсо керек. Күз болуп калган. Түнкү саат 11лерде мага Аманбаев жиберди, сизди гостиницага келсин деп жатат дешти. Эмне болуп кетти деп барсам, гостиницанын айланасында басып жүрүптүр, учураштык, дароо эле “областты ачабыс дешет кандай дейсиң” деди. Мен азга унчукпай калдым, Жумгалбек Аманбаевич мага кененирээк түшүндүрсөңүз жакшы болот эле. Аңгыча өзү сөз баштап, «эки топ болуп жатат, биринчи топтогулар областты ачабыз дешет, биз областты буларга ачтырбайбыз, биз өзүбүз ачабыз, мен мурда унчукчу эмес элем, өздөрү тийишти, эми ачык күрөшкө чыгабыз. Мен сени бул эле эмес, эми мындан ары жогору жакка пайдаланам, сени демократтарга кошуп койдум. Ушул, колдойсуң биз мененсиң, колдобойсуң менден ажырайсың, арендатор эле болом дебесең» деди. Маселе түшүнүктүү болду. Эртеси 12-сентябрда болсо керек колхоздун клубуна көп киши чогулдук, клуб толтура болду, элге мурда эле эскертилиптир биздин клубга келесиңер деп.

Калыйча адатынча күтүп олтуруптур. Мен болгон ишти түшүндүрдүм. Анан сен жата бер, мен айта турган сөздү ойлоп алайын десем, мени менен болбой таң аткыча олтуруп алды.

Бийлик үчүн албууттанган ушул эки топтон кантип түз ортодон өтүү керек деген ой мени көпкө бушайманга салды. Мен туура саат 5-00дө акыркы айта турган, сөзүмдү тактап бүттүм. Калыйча да туура көргөнсүп калды.

12-сентябрда клубга толтура эл жыйналды. Ал жерден кечээ кимдер менен сүйлөшкөнүн уктум. Чарба жетекчилерин бүт кабыл алып сүйлөшүп чыгыптыр. Жыйынды ачып жатып Жумгалбек Аманбаевич сөз сүйлөп,... “мен бийлик үчүн эч күрөшпөймүн, бийликтин мага эч кереги жок, тополоңдоп жакшы иштеген неме экен деп эле өздөрү көтөрүп келе жатышат”, деди сөзүн узартып, биз обласcты азырынча ачууну туура таппай жатабыз… Сөзгө көп киши чыкты, мен 8 болуп кагаз бердим эле 9-чу болуп чыктым. Мага чейинкилер бүт областтын кереги жок дешти. Мен тетири сүйлөйүн, мен «керек» деп ойлоп жатам, себеби, биздин шарт башкача, оор шартта жашайбыз, борбордон алыспыз, эң оор маселе кадр болуп турат, ансыз да бизден борбордо иштеген жооптуу орунда тургандар жок, айрымдары эптеп борбордон орун таап алышса, жандуулар ары жылып калат эле. - Күмүш Сурановна деп токтолуп, баса айттым, (чарба жетекчилердин арасында-

гы жалгыз аял эле), "кийинкилер бизди эмне дешет, бир ооз сөз айтып, областты алып калганга жарашкан эмес экен дешет го" дедим. Кийинки сүйлөгөндөрдүн баары эле «керек» дешти. Кол көтөргөндө бир да адам «керек эмес» дешкен жок, 100 пайыз область керек деп көтөрүштү.

1991-жылдан тартып өлкөдө жаңы өндүрүштүк мамилелер түзүлө турган болду. 1992-93-жылдарда болсо райондо бул иш курч мүнөзгө өтүп, бир катар чарбалар тарап, жеке менчикке айлана баштады. Биз бир азга кылчактадык эле, бирок өндүрүш ыдырап, акыры адамдардын кулк-мүнөзү тез өзгөрдү. Айрыкча малды, тоютту сактоо кыйын абалга түштү. Башаламандык, жакшы ойлонулбаган иштер жүрүп, аягы жакшы болгон жок. 1994-жылы бардык жаранга жерди (айдоо), малды бөлдүк. Техника, мал чарба курулуштары болсо чарбадагы эки өндүрүштүк бригадаларга өз-өзүндө калтырылды.

Жогорку Кеңештин бир жолку отурумунда А.Акаев сөз сүйлөп, менчиктештирүү тез жүрбөй жаткандыгын «**колхоз - совхоз эмне, ал "индиянын арык уйлары да" деп облустун, райондун жетекчилерин сындады. Бул чарбанын жетекчиси катары мага да тиешелүү эле. Бирок кийин менчиктештирүү ойлогондой болбой чыгып, эл жакырлана баштаганда "андай сөз болгон эмес" деп өз сөзүн ошол эле Жогорку Кеңештеги кийинки жылдагы жыйындарынын биринде танды.** Мурунку да, кийинки да сөздү уккан адамдар бар экенин, уят болуп калаарын ошондо эле "эсепке албаган адам экенин" билгизген болучу. **Макмалдагы жана Кум-Төрдөгү алтын боюнча ушул күнгө чейин созулган чырдын ана-башында А. Акаев болсо керек деп бүгүн 2015-жылдарда ойлоп түшүнүп жатам.** Ал кезде бардык иш жогортодон чечилчү. **А. Акаев болсо "мелтирете сүйлөп койсо эле иш бүтөт"** менен чектелип, уюштуруу, контроль жасоо иши жок болучу.

**Менчиктин формасынын өзгөрүшү туура жол болучу. Айыбы анын кандай жол менен өтүшү, өткөөл мезгилдеги уюштуруу иштери кандай формада болоору, кандай кыйынчылыктар келип чыгат, аны оңдоонун жолдору кандай деген суроолордун жана ага берилүүчү жооптордун болбогондугу болду.** Менин оз оюмда башкы кемчиликтин дагы бири болуп бардыгы шаштырма (штрумовшина) жолу менен жүргөнүндө. **Жер, мал, башка өндүрүш каражаттары колго тийсе эле калган иш андан ары өз жайында болот деген ойдун көпчүлүктө болуп туруп алышында болду.** Менчик колуна тийгендин баары эле **ошол «чакан» чарбаны алып кетишет деген ойдун өтө жаңылыштыгы көрүндү. Бирок турмуш деген турмуш экен! Менчикке өткөндөрдүн көбү биринчи эле жылы туюкка камалышты. Мал менчикке бөлүнгөн жылдын кышында өзгөчө тоюттун жетишсиздиги сезилди. Чарбалардан бөлүнгөн тоют талоонго түшүп көп учурда бирдей бөлүнбөй калды. Мурда жем, сапаттуу кесек тоютта жүргөн мал керектөөнү толук ала алган жок. Арык чыгып, чыгым арбып, азык-түлүк кем алынып калды.** Ал эми экинчи жылы болсо көпчүлүк менчик ээлери керектүү тоютту камдап алышкан жок, ага шарт да жок болучу.

Мурда өндүрүштүн бир жылы бүтүп, экинчи жылына өтөөрүндө өзүндө эркин каражаты жок чарбаларды мамлекет колдоого алып, кыска мөөнөттүү аз процентти бар каражат берип туруучу. **Жаңы системада мындай болгон жок. «Жан керек болсо өзүң эптешгир, болбосо өзүң бил» мамиле болду. Алдуунун, алган-жуткандын иши болду. Ошентип акырында өз өндүрүшүн «улантымыш» болгон 5-7 санда гана үй-бүлө калып,** ишин улантышты. Калган элдин негизги бөлүгү менчикке тийген малдан кол жуушту. Каражаттары жоктору жада калса шаарга баруу үчүн **автобустун акысына а дегенде козу, анан акыркы коюн беришти.**

**Эң оор жоготуу чарбаларда ондогон миллион рублга мал чарбасында курулган курулуш,** (ал кездеги рубль күчтүү эле) **кыймылсыз мүлктөрдүн кобү, өндүрүштүк жабдуулар коз ирмем убакытта талкаланып, тонолуп жок болду. Кайчалаган сугат аянттары ээн калды. Пайдасыз отоо чөп басып турду. Ал турсун көп жерлерде чарбасыздыктын (налогдон кутулуунун аракети менен) сугат жерлер трансформацияланып кетти.** Мурда өндүрүштө жүргөндөрдөн же колунда иштеген күчү бар, техниканы урунган адамы бар, жакшы **жайытта тургандардан гана аз сандагылар оокат жасап калышты. Анан чексиз үй-бүлөлүк башкаруу жүрдү.**

**Кызмат аткарып жанында жүргөндөр болсо бүт бойдон өз камы үчүн иштешти.** Мамлекеттин акчасын алды, столун, телефонун, машинасын пайдаланып **кантип «байып» калууну ойлошту. Эч ким эл үчүн иш жасаган жок. Акыры бардык иш үй-бүлөлүк, А. Акаевдин айланасында "иш аткарымыш" болуп, жүргөндөрдүн коррупциясы менен бүттү.**

Азыр Бишкек шаарында **асман тиреген турак жайлардын курулушу укмуштуудай ылдамдыкта жүрүп жатат.** Оюңа кетет. **Бул каражаттар кайдан табылып жатат деп. Көрсө А. Акаевдин айланасында жүргөндөрдүн эле курулушу экен.** Курулуштун болуп калганы деле дурус дечи, бирок, **жеринен эле өзүнөн башканы ойлобогондордун иши болгондуктан** үйлөр өтө жогорку баада **даана кызыл кулактык менен сатылып жатты.** Чынында булар **«адал» эмес каражат менен бүткөрүлгөндүктөн көптүн өзгөчө орто жана андан саал жогоруурактардын «жон терисин» сыйырган турак жайлар болду.**

Арасында өз каражаттары менен кургандардан кечирим сурайм!

1994-ж. июнда колхоздун менчиктештирүү комиссиясына ишти өткөрүп берип, жаратылышты коргоо уюмдарында иштеп калдым, ал кезде республиканын жаратылышты коргоо министри маркум Искендер Садыкович Мураталин эле. Нарынга командировка менен келип калган экен мамлекеттик корукка ишке чакырды. Ошондон 2012-ж.1-ноябрына чейин 6 жыл Заповедникте директор, андан кийин илимий кызматкер болдум.

Азыр мындай ой келет, көпчүлүгүбүз мейли жетекчиби же катардагы адамбы экологиялык зарылчылыкка үстүртөн баа берип, үстүртөн түшүнөт экенбиз. Анын "ичине кирип" терең мааниде түшүнүү жана эң башкысы аракет жасоо "начар" же "жок" катары экен. Экология бузулса адамга эмне коркунуч болоорун, ал

турсун **ааламда жашоонун өзү жок болушуна алып келээрин түшүнүү зарыл экен.** Ошондон улам ар бир адамдын ушул **багыттагы сезимин күчтүү ойготуу,** жаратылышка ааламат алып келе турган ар кандай көрүнүштөргө каршы күрөштө болуу башкы милдет деп түшүнүү зарыл.

Нарын мамлекеттик коругу 1983-жылы Кыргыз өкмөтүнүн чечими менен түзүлүп, 91023 гектар жерди ээлеп турат. Түштүк тараптан Нарын, түндүк тараптан Жетим-Тоо кыркалары менен курчалып, батыштан Ийри-Суу, чыгыш тараптан Улан суулары менен чектелип, Нарын дарыясынын жогорку бөлүгүнөн орун алган. Бул аймак чынында өзүнүн кайталангыстыгы, деңиз деңгээлинен 2400-4000 метрден ашык бийиктикте туруп, климаттык, аймактык, рельефтик шартынын өтө татаалдыгына карабастан өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн ар түрдүүлүгү боюнча өтө баалуулугу менен айырмаланат.

Коргоого алынганга чейин бул аймак да жаратылыштын жабыркаган бир бурчу болучу. Мурда бул аймакта болгон адамдар коруктун азыркы мезгилдеги өзгөрүүсүн бул аймакка аралап аттаган биринчи кадамында эле сезет. Корукта корук иштери менен катар илим изилдөө иштери да бар. Атайын илимий темалар боюнча аймактагы жаратылыш процесстеринин өтүшү, жапайы жан-жаныбарлардын өсүп өнүгүшү сыяктуу маселелер иликтенип, изилдөөгө алынып турат. 2009-жылы ушундай эки илимий тема боюнча “Коруктагы ача туяктуу жапайы жаныбарлардын сырдуу дүйнөсү” жана “Кыргызстанда бугу ыйык жаныбар” аттуу эки китеп Бишкектеги "Учкун" басмаканасынан басылып чыгарылды.

2009-жылдын сентябрында “Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоосуна эмгек сиңирген кызматкер” деген ардактуу наам алдым. 2012-жылы согуштун, эмгектин, куралдуу күчтөрдүн жана укук коргоо уюмдарынын областтык кеңешинин төрагасы болдум. 2015-жылы июль айында өзүмдүн өтүнүчүм менен төрагалык кызматты өткөрүп берип, азыр болсо мурда баштаган, кийин ден соолукка байланыштуу токтогон ишти аяктоо үчүн аракет жасап жатам!

Өндүрүштүк иштерди аяктап, ушул узак жолдо райондук, облустук, республикалык деңгээлде жетекчи кызматтарда бирге болушкан айрым адамдарга да кайрылууну туура болот деп чечтим. Алардын катарында Р.Абдиев, М.Жунусалиев, И.Долгополов, К.Тыналиев, М.Сыдыков, Э.Алиев, К.Базарбаев, А.Молдалиев, Т.Мамбетаитов, С.Жумагазиев, А.Асаналиев, О.Бектуров, З.Какематов, Т.Өмүралиев, Б.Исаев, А.Ажиев, Т.Абдраимакунов, К.Суранова, Б.Бекжанов, А.Алымкулов, Ө.Жапаралиев, Кудаш аке (Мамытов), М.Эсеналиев, Н.Чүйтиев, А.Өмүракунов, Э.Дайракунов, А.Султангазиев, С.Дубанаев, А.Жумагулов, И.Мураталин, Д.Оморов, Ж.Кырбашевдер болушту. Булардын ичинен айрымдарынын көзү өтүп кетти, бирок кандай болсо да бир катарда кызмат өткөрдүк. Менин сезимимде ошол учурлардай эле жашап турушат, аман-эсен турушкандарына болсо терең ыраазычылык айтып, өмүрлөрү узун болсун, эл үчүн деп жасаган иштеринен ар дайым жакшылык көрүшсүн деп тилек тилейм. Көзү өткөндөргө арты кайырлуу болсун, балдарына өмүр берсин, элде ынтымак, бакубат жашоо болсун!

Алмазбек Атамбаев жолдорго жакшы көңүл бурду, четтен каражат издеп таап келип жатат, ага да каршы болуп наразы болгондор бар, бизде мамлекеттин болгон карызы үч миллион сомдон ашып кетти дешет, ал эми дүйнөнү дүңгүрөткөн Американын өкмөтүнүн ушундай эле карызы үч триллион доллардан ашкан экен.

Азыркы жол замандын талабына жооп берген жол болду, туурасы кенен, анысынан да капталдардагы имерилиштер жолдун кенендигинен эч каршылыкка дуушар болбостон ары-өтүп бери өтүп, ырдагы «ойкуйт да, кайкыйт» болуп кете берет, сүзүшүү жок зымырап учуп, ылдам же жай экенин билбей кете бересиң. Илгери 1954-жылы биринчи жолу автобус менен Фрунзеге алыска жол жүрүп калдым, ал кезде жанымда Калбүбү эжем мен согушка, армияга кетип жаткансып, үйдө эле калыңыз десем болбой, «узатам» деп кошо жөнөп калды, автобуска отуруп жатсам колумду кармап алып, бетимен өпкүлөп, ыйлап жатат. Мен элден уялып жатам, бирок эжем болбойт ыйлап жатат.

Бетинен өөп, колумду колунан сууруп алып, автобуска түшүп кеттим...

Азыр болсо зымырап, Камчыбектин «лексузу» менен буюрса үч жарым саатта Нарындан Бишкеке үйгө кирип барабыз деп кетип бара жатам. Жолдо болсо ойго өткөндөгүлөр түшө калат. Ал кезде жол адамдардын кол күчү менен курулгандыктан арабанын жолуна окшош , эни тар, жолдун таманы болсо жука, өңгүл-дөңгүл болуп тез-тез «секирип» жүрүп олтурат, коктулардын тушуна келгенде жол учу имерилип кайра түздөлүп, автобус болсо ошол кездеги ГАЗдарга куралган кичинекей тумшуктуу газиктер эле. Жолду карап бара жатам, эски жолдун калдыктарын карайм, Долонго чейин, Долондон ары да эски жолдордун нугун көп жолуктурса болчудай экен. Эл арасында илгери Долондон авария болуптур, таштар бүт эле «адамдардын каны» деген сөздөр көп айтылаар эле, Сары-Булактан ары өтө беришиндеги көпүрөдөн өтүп жатып суута «кулап» түшүүчүдөй болосуң деп кеп салышчу. 1961-1964 жылдарда командировкага Кочкорго, Жумгалга көп баруучу элем, ошондо Сары-Булактан ары жагынан айрым жерлерде кышкысын өрөөндөгү суу ашып, муз каптап, тайгалак болуп, кээде автомашиналар «тууралаиып» турганын да көргөм, мындай учурду ал жердегилер сууда үйөр жүргөндө ушундай болот деп түшүндүрүшчү.

Азыр болсо түштүк менен түндүктү бириктирип жаткан жол чыны менен эки элди бириктирип, ынтымак жасачу жол болот. Бул жол түштүктөгү жер-жемишти түндүккө, түндүктүн этинин түштүккө келишинин жолу болот, андан да куда-сөөк менен өз ара байланыштын, жаштардын ата-энелери менен тыкыс болушунун жолу болот. Алыс жол жүрүшүп, жол азабы көр азабын көргөндөр **бул жолдун баасына, баркына жакшы түшүнүшөт.** Жалал-Абаддан бери Тешкен-Тоо аркалуу өтүп, Аралга, Балыкчыга, андан ары көлдүн башына чейин жетип, болжолу 400-420 км. жол басышат. Азыр заманга жараша жолдор салынып, өлкөгө инвестициянын келишине да чоң дарбаза ачып жатат. Долондон, Төө-Ашуудан, Чычкандын белинен, Жумгалдын **Өтмөгүнөн ашып түз жолдон эле өткөндөй болосуң,** азыр ички жолдор да кызуу салынууда, өзгөчө Бишкек менен

Ошто, областтарда **жолдорду салуу кызуу жүрүп жатат. Мындай иштерге көңүлүң тоёт, кубанасың. Илгери Россияга «жакшы күндөр келээр бекен»** деп тилек жасашкан күндөр, жылдар **азыр бизге да келип жетти,** биздин тилек, үмүтүбүз Россиядай болуп аткарылат деймин!

Ал кезде газик автобус менен Нарындан Фрунзеге 9-10 саат жол жүрчү элек. Жолдо Чүй өрөөнүндө жолдун оң-сол жактарында салынган үйлөр үстү **текши камыш менен жабылган, ал эмес Фрунзенин өзүндө ушундай үйлөр көп эле,** азыркы совет көчөсү башынан аягына чейин камыш менен жабылган болуучу.

Мен ар дайым неберелерим менен жол жүргөндө ушуларды айтчу болдум. Максатым кийин **ушул жолдор мурда эле болгон экен деп түшүнбөсүн деп жатам, кыргыз элинин басып откон жолу да так ушундай, а дегенде ат менен, андан кийин араба менен өтүүчү, автомашина, анан азыркы 60-90 тонналык жүк көтөрүүчү автомашиналар өткүдөй жол болгон. Бул үчүн бери болгондо 100 жылдык адамдын эмгеги, өтө көп каражат жумшалганын түшүнсө дейм. Адамдар да түшүнүшсө, ар нерсеге салмактап баа беришип, мамиле жасашса** деп жатам.

1962-жылы январда ОК ЛКСМдын 4 кызматкери элек, командировкадан кайтып келе жатып, автомашинабыз комсомолдуку эле, 4 кишилик ГАЗ-64 автоунаасынын артына бир рулон кагаз жүктөп алып Долондун баш жагына келгенде газик тарта албай калып, белге аз калганга чейин арткы дөңгөлөккө уламирибиз эки жагына шофёрдун эски фуфайкасын, экинчи жагына өзүнчө дагы бир тряпка таап алып улам дөңгөлөккө коё коюп ураалап жатып чыктык эле, үйгө барсам жездем, «о начальник» кулак эмне болгон деп күлөт, мен эч нерсе сезбейм, кулакты кармаласам экөө тең шишип калыптыр, аздан кийин кулак улам чоңоюп жатып, өзүмө көрүнө баштады, анан суу чыгып жарылды... Ошентип автомашинаны жүгү менен чыгарып кетебиз деп жатып мен тумактын кулагын да түшүрүп алганга жараган эмес экем. Долондун өкүргөн бороону кулакты тоңдуруп кетиптир.

**Кээде адамдар кенебестик кылып «бул майда иш» деп коюшат, ал майда иш аягында өтө чоң зыяндарга алып келээрин ойлошпойт,** баягы эле «кыргыз» адаты, бир учурда Белек Солтоноев, Сыдык Омоналиевдер **кейип, кайгырган кенебестик, боло береби.**

Бир жолу Ат-Башыдан Кызыл-Белди ашканы келе жатсак, бизди «Жигули» маркасындагы автомашина кууп өттү, мен ичимен машинасын учуруп айдаган «неме» экен деп койдум. Арадан көз ирмемге убакыт өтө электе жигули тар кууш жер эле, жолдун оң жагына чыгып капталдап, андан жолдун сол жагына чыгып тарс-турс болуп калды. Өтүп барып токтосок, мурда белдин чыга беришинде токтой калып дөңгөлөккө коюлган таш алынбай калыптыр, шофер андан качып оңго чыгып, күү менен капталга чыгып кеминде 30-40 градус жантайып түзгө түшүп, андан да күү менен сол жактагы жолдун четинде жыйылган чоң ташка тийип туруп калыптыр. Машина жарабай сүйрөтүп кетишти. Бул жерде менин айтайын дегеним, албетте жигули «жай айдаса» болмок, бирок, мурда дөңгөлөккө

таш койгон шофёр ташты жолдун четине чыгарып койсо мындай зыян болбойт эле. Мындайды жолдогу ташты кайсы белден болсо да көрөбүз.

«Манас» эпосунун миң жылдыгы Таласта белгиленээрине аз убакыт калган эле. Ошол күндөрдүн алдында биздин үйдө конок болуп калды. Сөздүн кезеги Аманкулга берилип, куда сөз сүйлөп жатып, «куда да миң жылдык тойго бара турган болду, бүгүн областтык партиялык комитеттин бюросунда 1000 жылдыкка областан бара турган делегациянын составы бекитилди, бирок, куданын делегациянын составына киришине менин эч тиешем делс жок деп калды. Ошондо Калыйча кубанып «ырас болбодубу, ушунча кыйналып иштеп жүрүп, чоң тойго барбай калабы деп, ичимен бушайман болучу элем…» өзүнчө жылмайып күлүп «Куданын ушул билдирүүсү үчүн алып коёлу» деп тос көтөрдү. Ошентип, Нарын районунан Эсек Дайракунов, шаардан Букеш Казакбаева, Кочкордон Карагул Сакебаев, Туткабай Байдөлөтов, Азис Жумагулов, Жумгалдан Акал Молдалиев, Бердибек Сыдыгалиев, Ат-Башы, Ак-Талаадан, бирден кичи болуп, 10 адам болдук.

Областтык ички иштер башкармалыгынын башчысы Садырбек Дубанаевге тапшырылган экен, өзү автоунааларды карап, бир-экөөн жактырбай үчүнчүсүн алып бизди жакшы узатып койду. 1995-жылы, 27-августта Таластын Кароол-Чокусуна аттандык. Бейше-Булакка барганда Бейше Соодонбековичтин байбичеси токтотуп, абышкасына куран окута кетейин деп дасторкон жазып, бизди «Бейше деле бул оокаттарды жакшы көрүүчү, ушуну алып койгула, арбагы ыраазы болсун» деп коньяк, арактарын бузду.

Нарындын аксакалдарынын батасы тийсин деп жатасыз да деп бараткан тойдун шаңыбы же мурда ичкени деле, ичпей жүргөнү деле үнсүз, эч жоопсуз алып коюшту.

Жол узак болуп, жолдон Кочкорлуктарды алып, той өтүүчү орунга Кең-Колдун Кароол-Чокусунун алдына түнкү саат 2-30да жеттик.

Чынында жакшы даярдыктар көрүлүптүр. Аскар Акаевдин өзү башкарган жылдардагы жалгыз оозго алуучу иши ушул «миң жылдык болгон экен» деп азыр баалап айтып жатам.

Кароол-Чокунун этегине жумурткадай окшош, болуп тигилген миң апаппак боз үй сол-сол болуп тойдун көркүн ачып, мында төгөрөктүн төрт бурчунан келишкен меймандар дүйнөлүк салтанатка күбө болуп олтурушат. Бул жерде залкар дастандын каармандарына, улуу көчмөн элдин байыркы көөлгүп чубалган көчүнө, кербезденген келин-кыздардын, шуулдаган жигиттердин түркүн өнөр көрсөтүүлөрүнө, Манастын төрөлүшү сыяктуу окуялар, Кароол-Чокуга чыгуу салтанаты жана башка атайын даярдалган жайлар, боз үйлөр, Манастын күмбөзүндө жана анын айланасында курулган жайларда куран окулду. Улуттук оюндар көрсөтүлдү, кеч курун алыска чабылган аттардын келүүсү болду. Алдыга Ак-Талаанын Жарык-Төшү, жалгыз "тың жүрүштө" келди, экинчи болуп япондук жигит ээлик болуп алган экен, Кароол-Чокунун белинен трибунага чейин баса албай чабендеси түшө калып жетелесе да бут шилтөөгө шайы жок болуп, араң эптеп марага жетти.

Ошентип бул чоң иш-чарага катышып кайра тарттык.

Мукун Асейинов менен мен Тогуз-Тородон келгенден кийин иштешип калдым. Партиянын Нарын райкомунун биринчи секретары экен, өзү токтоо мүнөздүү адам эле, чарбалык иштерде ишти билген, туура түшүнгөн адам болучу. Ошол жылы райондо бардык чарбаларда, уюмдарда маданият иштери чоң деңгээлге көтөрүлүп, ар бир коллективде кароо өткөрүлүп, партиянын райкому чарбалардын, мекемелердин жетекчилеринин катышуусу керек деген чечим алып, Ленин атындагы колхоздун клубунда өткөрүлгөн өздүк-көркөм чыгармачылыгынын кароосуна катышып калдым. А дегенде жалпы хор менен К. Тагаевдин «Долон» аттуу ыры менен чыктык. Хорду алып баруу мага тапшырылды. Ырдагы «көк көйнөк кийип халатчан» деген сап, «Ак калпак кийип чепкенчен» деп алмашылып ырдалды, зал «дуу» берип кол чабышты. Кийин Мукун Асейинович ошол «өзгөртүү» орундуу болду деп тамашалады эле.

1987-жылы партиянын Тянь-Шань райкомунун биринчи катчысы болуп Турсуналы Мамбетаитов иштеп калды. Ал мурда ушул райондо комсомолдун райкомунун биринчиси, партияда экинчи да болуп, Борбордук Комитетте уюштуруу-партиялык бөлүмүндө иштеди.

Турсуналынын мүнөзү токтоо, чарбаларда иштеп өндүрүштүк иштерге бышып калган адам болду, биз бири-бирибизди жакшы түшүнө билишкен, көпчүлүк учурда мени улуу катары көрүп сый мамиле жасачу. Барыбыздан бөлүнүп анын таланты саяпкер катары чыкты, күлүктөрү республикада, областта алдыңкы орундарды ээлеп, Кыргыз Республикасынын "Эмгек сиңирген саяпкери" деген ардактуу наамга ээ болду. Байгелерден бизге «ырымды» азыраактан берип (тамаша), ал эми картадан утушкан Аманкул, Кырманчы, Карыптар өзгөчө аяштарга «чоңураактан» беришчү, баары шарактап, кажы-кужу сөз көтөрүлүп калучу эле. Турсуналы өткөн 2016-жылдагы II дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында күлүктөрү эки чоң байгени жеңип алып, Кыргызды чоң кубанычка бөлөдү. Анда көчмөндөр оюндарынын эки **Алтын медалына** ээ болуп, Кыргыз Республикасынын **Туусу эки жолу көтөрүлүп, Мамлекеттик Гимни** эки жолу ойнотулду. Мен ошол күнү Бишкекте, телевизордон көрүп жатып **"оп бали Туке"**, жарадың деп кубанып кол чаап, жер тепкилеп жатсам коңшу бөлмөдөгүлөр чочулап эмне болуп кетти деп дүрбөп келишиптир! Ураа...! **бул чыны менен чоң жеңиш болду деп жатам!** Балдарым куттукташып кубанып калышты!

Советкан болсо Турсуналы менен бирге болуп, жакшылыктын сыйын көрүп жүрөт, өзү болсо Республиканын эл агартуусуна эмгек сиңирген мугалим деген ардактуу наамы бар. Токтоо, адамга туура түшүнүп, мамиле кылат.

Тогуз-Тородон келген жылы эле Калыйчанын бооруна жардам болсун деп бээнин сүтүн ичүүгө шарт түзүлдү. Тоо-Жайлоонун оозунда Сапарбай Баатай уулу, кийинки жылдарда Сейдилда Турдакун уулу бээ байлашып, 4-5 жыл Калыйча желэээден 100-150 метрче аралыкта конуш бар эле, ошол конушка өзүнүн боз үйүн тигип, ар бир саанда келип сүт ичип турчу, кийинки жылдарда синдиси

Калыйбүбү саап берип турду, негизи жаз, жайда бээлер тоого чыгып кеткенде машина менен алдырып турдук, Кеңештик ыраматылык Эсек Усубалиев бир да күн үзгүлтүк жасаган жок, ишке да, убадага да, кимге болсо да өтө так адам эле.

Төө-Жайлоонун ичи да өтө кооз, айланасы карагай, четин, жапайы өскөн талдар, арча, кайың менен курчалган, тунук, таза абасы бар, капчыгайды аралап ортодон шар суу өткөн, суунун ары өйүз-бери өйүзүн түнт токой баскан, көлөкөлөп эс ала турган жерлери, бассаң саал өр тартып, анан түзөңү бар жаратылыштын кооз бурчу эле. Мен күндүз үйгө барып, түнкүсүн Калыйчанын жанына жатып, өзү коркок да болучу. Айрым күндөрдө ысыкта тердеп барганда боз үйдө же калың бактын ортосунда, шаркырап аккан тунук суунун боюнда, дүпүйүп узун өскөн бактын арасында суунун шарын угуп, эс алуу да болучу.

Күндөрдүн биринде Нарындан Калбүбү эжем келип калды. Суу жээгин жээктеп 40-50 метрче аралыкка жөө басып өтө турган жолу бар болучу. Ал жол да тар эле, өйдө-ылдый болуп өтө турган жерлери, аттап түшүүчү, өйдө көтөрүлүп аттап чыгуучу жерлери бар, мына ошол жол аркалуу балдарды (эжемдин жана биздин) ээрчитип алып экөө чубап бара жатышат. Так ошол учурда алардын чубап жатышканын карап, сезимимде эмнегедир ошол учурду сактап калыпмын. Кийин кээде эстеп көз алдыман ошол учурду элестетип өтүүчү болдум. Экөө тең окшош костюм (кара баркуттан тигилген), экөө тең окшош ак жоолук, анысынан да жоолуктарын алдын көздөй салынып алышыптыр, кызыгы өзүңдүн эң жакын эки адамыңды «кинодон көргөнсүп» көз алдыман өткөрүп жатам.

Кийин каза болгондо да ушул көрүнүштөй болуп экөө бир жылы 1998-жылы Калыйча 18-июнда, эжем 21-июнда «ээрчишип» кетишти. Калбүбү эжем Балыкчыда каза болорунда Калыйчанын «катуу» болуп жатканын угуп, «.... ийий... деги... Калыйчанын каза болгонун укпасам болот эле, Кайыкенин көз жашын көрбөсөм экен.. деп ошол боюнча унчукпастан кете берди деп кызы Майрам, эжемдин жанында болуп турган кичүү баласы Мараттын айтышканын уккан элем.

Мага 21-июнь күнү Бүбү кудагый эртең менен эрте келип, мени сөзгө тартып эжемдин каза болгонун айтты, мен улуу баласы Асанканга уруксат берип, "сөөк келгиче камылгаңды көрө бер балам, деп жазуу ушундай экен, айла жок, окуучу кураныңа деп короодон бир бээ берип, Нарынга кетирдим". Эжеме башка жазаар айлам жок калды, койгон күнү келип топо салып, куран окуп кеттим. Мына ушул тексти да атайын **экөөнө эстелик катары** болсун деп арнап жатам.

Мен Фрунзеде эки жылдык мектепте окуп жүргөндө жездем Мамырбаев Арыз атамды үгүттөп, жүрүңүз Фрунзеге барып уулуңузга учурашып келели, атам бир жолу келип-кетпеди дейт го, анын үстүнө уулуңуздун кандай окуп жатканын да «текшерип» коюңуз ыктуу болот, - дейт. Ал жылдарда «Фрунзе-Нарын» маршруту менен эки канаттуу самолет да учуп калган.

Аэропортко келишип. «Кеңеш» деген айылда самолеттун ичинде кирип, отургучка отуруп, ичин бир сыйра карап, анан Атам айтып жатат дейт: - өгүнү самолет конуп жатат дегенинен «күрөң ат экөөбүз» атайын бурулуп обочодон

карап, - "ой мунун ичи кичине го, киргенде сойлоп жатып алабы" десем, ал жердегилердин баары күлүп шарактап калышты эле, көрсө ичи да кенен тура, асты темир экен, түшүп кеткидей эмес дейт тамашалап күлүп.

Үчүнчү күнү кечки саат 5-6 ченде келсем, атам бутту чечип, жылаңайлак, ич көйнөкчөн болуп, чарчаганын билдирип, шайы жок отуруптур.

- Ата эмне мынча чечинип алдыңыз, Фрунзе ушундай ысык мен окуган жерден чыгып тездеп үйгө жеткиче шашам, болбосо жондон тер агып кетет,- десем. Атам:

- О балам, бүгүн жездең базардын "мыктысын" көрсөттү, деп күлүп калды.

- И дедим мен, - базар жакшы бекен?

- Жакшы жаманын ким билет, биз жөн гана ээн талаага барыппыз. Анда, жездем; "базардан өтүп кетиппиз, шофер аз жер калды, биринчи көчөдөн оңго, анан солго, анан оңго деп жатып кайда кирип кеткенибизди билбейм, айтор шаардын сыртында калыппыз". Нарын бир элс көчө, оңго чыксаң «Аскер» көчөсү, солго чыксаң «Кеңеш» болот, борбор шаарың жаман тура бир баскан жерди миң басып айлана берет экенсиң! Ошентип, адашып кайра кетээрде автобуска отуралы десе атам болбойт, эми жөө эле кетели, чукул эле көрүнөт деп тил албайт. Жолдо 2-3 тыныптотуруп үйдү таап келишкен экен. Ошол күндүн эртеси дем алыш күн эле, мен да, Калыйча да үйдө болуп жай чыгып шаар менен тааныштык, кечкисин драмтеатрда В. Шекспирдин «Отеллосун» көрдүк, оюн атама көп таасир калтырып айылдагы абышкаларга көркөмдөп айтып, кеп салып берүүчү дейт апам Осуйпа.

Кийин мага да кеп салып калаар эле: - Рыскулов өтө таланттуу адам экен, башка элдин тилин өз тилиндей келтирип, өзүнүн ачуусун, кайгыруусун, анан жинин чыгарып, аялын өлтүрүп жатат, - деп.

Атамдын күрөң аты бар эле, чынында атамдын көзү жакшы көрө алчу эмес, айылда өзү курдуулар конокко чакырганда үй ээси өз көчөсүнө салып койсо түз үйгө алып келет дечү, бир гана жолу жолдон адашты "жарыктык жаныбарым" дечү. Коноктон үйгө чейинки жолду болжолумда узак басып калды, адашты го деп калдым, тизгинди тартып бурайын десем мен да адаштырып аламбы деп тизгинге тийгеним жок, өзүнө коёюн дедим, бир жерде аз токтоло калды эле темингенсип койсом жүрүп кетти, тез эле суу кечкенсип калды, анан суудан чыгып таштуу эмес жер менен басты, мен «күрөң» бүгүн адашты, суу кечип өттү, аралга келген экен деп ойлоп, аттан түшүп атты колумда кармап, жерге жарык киргенде үйгө баргам дечү.

Кийин көзүнө операция жасаттым, врач Жунушбаев Апыш болсо керек. Көз айнеги улам чоңойтулуп олтуруп, өзүнчө бинокль болуп калды. Ошол жылдарда асманда спутник учуп калган, ал кайсы убакта Кыргызстанда өтөөрү радиодон айтылып туруучу. Атам ошол күнү кеч, асманда жылдыздар толук чыккан учурда эшик алдында даарат алууга чыккан экен, спутник өтүп жатат деген үнүбүздү угуп, "мен да карап көрөйүнчү" деп жатып, спутникти көргөн эле. Көз айнегинин кубаттуулугу өтө чоң болуучу унутпасам "тогузунчу" болсо керек.

Айыл чарба институтунда сырттан окуп жүрүп, жылына ар бир сабак боюнча контролдук жумуш аткаруучубуз, бардыгын (математикадан башкасын) өзүм окуп, өзүнчө жазып, жыл сайын сессиялык жумуштарга барганда консультант мугалимге берүүчүбүз. Ошолордун биринде, төртүнчү же бешинчи курста болсо керек, бизди тейлеген аял бар эле, атын, фамилиясын эсимден чыгарып коюпмун, өзү татар улутунан болучу, менин үй-бүлөм боюнча справкамды алып, таанышып мага окуу боюнча эмес үй-бүлөмдү карап, "ушунча балдарды эмне кыласың, кыргыздар ушундайсыңар, көп балалуу болосуңар, көбү өлүп калат, тарбиясы да начар болот, андан көрө бир же эки бала болсо жетиштүү, баланы да пландоо керек, ошону жакшы багып окутуп, тарбиялап өстүрсө болот" деп дагы көп сөздөрдү айтты, мен унчуккан жокмун, бирок ичимен бул иш ар кимдин өз иши да деп чечтим. Ошол справкада бизде бир уул, төрт кыз бар эле, Жолдошбек эркектен жалгыз болуп калат деп Калыйча кудайдан өтүнүп «сурап, тилеп» жүрүп, Камчыбекти төрөдү. Анан «консультант» айткандай болуп төрөттү токтотту, алты балалуу болдук. Ар бир баланын «өз ырыскысы өзүндө» деген сөз эң туура, так айтылган кыргыз элинин философиясы турмуштан келип чыккан- философия, муну ар бир кыргыздын үй-бүлөсү туура түшүнөт, «консультанттын» планы жок эле көп балалуу болуп, чоңойтуп, арасынан «акылдуулар» чыккан кыргызда да, башка көп элде бар. Мен болсо айыл чарба институтун 1970-жылы бүтүрдүм, мамлекеттик экзамен берип, экөөнү тең бешке берген болучумун.

Балдардын чоңоюп өсүшүнөн бизде кыйынчылык болгон жок, анын үстүнө улуулары чоң эне, чоң атасында, тай эне, тай эжесинде болушуп, биз кыйынчылык тарткан жокпуз, бизге биринчи класска киргенде келишчү. Балдардын энеси Калыйча үйдө Керээз, Күлүйпа аттуу сиңдилери болгондуктан көп жумуштарды бүткөрүшчү. Өзү ар дайым эрте туруп, кыздар окууга кеткиче үйдү иреттеп, эшик терезелерди тазалап, полду жууп, ал турсун кыздарга кроваттын кырларын дагы (чаң токтоочу жерлерин) бүт сүрттүрүп анан кыздар окууга, өзү ишине кетүүчү. Кийин өзүнүн кыздары да ушундай тартипке үйрөнүштү, үйгө коноктор да көп келишчү, кыздары мектепте окуп жүрүп эле, үйдү кармоону, конок күтүүнү жакшы үйрөнүштү, Калыйча конок үчүн тамак асаарда кандай конок, канча киши, качан келет деп гана сурап, кандай казан асылаарын, стол үчүн эмне керектигин өзү чечүүчү, менин ишим да жок эле, кыздары менен баарын өзү бүтүрчү, бирок Калыйчанын дасторкону ар дайым бай, берекелүү болоор эле, кийин бул салт катары болуп кыздары да ушундай дасторкондуу болушту.

Чоң ата, чоң эне, тай эне неберелер үчүн өзүнчө бир жаралган «бейиш» тура, алар неберелер үчүн эмнени гана жасашпайт, керек болсо эч тартынбастан туруп небере үчүн өз жанын да берүүгө даяр, мындай касиет бизде эле эмес, башка көп элде бар. Биз чоң ата, чоң эне, тай энесиндеги, тай эжеси Уулкан дагы балдарыбыз үчүн эч кам санаганыбыз жок. Чынында ар дайым көз салып, керектүүлөрүн жеткирип туруучубуз. Бир гана айып жери бар, айрым чоң ата-энелерде балага этө ашык «мамиле» болуп аларда эрке өсүү, тентектик болуп калат, бирок, адам баласына керектүү, негизги тарбия, мүнөз, мамиле ошол эле жерде түзүлүп ка-

лат экен, ал эми өз ата-энеси болсо, кеткен аз кемчиликтерди акырындык менен «түздөп» коё алат. Бизде улуу уулум Жолдошбекте жаш чагында ушундай кемчиликтер болду. Менимче анын объективдүү себептери бар эле. Биринчи класска "мага окшоп орус тилин билбей калат" деп Нарынга Чкалов атындагы орто мектепке бердик. Бирок, жаш бала үчүн бул өтө оор болду, Жолдошбек биринчи класска киргенде мен «Куланак» колхозуна ишке кетип, үйдө (Нарында) Керээз экөө калды, бирок, жаш балага өз үйдөй болбойт экен, ошого карабастан биздин үйдү партиянын областтык комитетине идеология боюнча секретарь болуп келген аял «сурап жатат» деп ошол кездеги шаардык аткаруу комитетинин председатели Кеңеш Мырзабековдун убадасы, бир айда үй берем деген сөзү (обкомдон да убада болуп), 7 ай бою бала ар кайсы үйдө жүрүп калды, ошол убакта өткөргөн күндөрүн азыр да кыйналуу менен эскерип калат. Кийин Кызыл-Октябрь көчөсүнөн үй беришти, эки комната, ага тай энеси келип, Жан-Булактан тай эжеси Керээз болуп чогуу туруп калышты.

Мен ар дайым келип мектеп директору Владимир Унгефукт менен жолугушуп, баланы сурап туруучу элем. Калыйча болсо Жолдошбек үчүн түзүлгөн абалга көп кайгырып, «байкуш балам ай, кууралы» деп кейип капа болучу, ал бардык балдары, үчүн жүрөгү ооруп, сезими уйгу-туйгу болуп тураар эле.

**Балдардын эң кичүүсү Камчыбек үчүн өзгөчө мамилеси бар болучу,** көп кам көрүп, аны ар дайым эркелетип өзгөчө сүйүүчү, бир жылы «Ден соолук» журналынан жылкы жылы туулган уулдар жөнүндө материал таап алып, аны көп жыл бою катып сактап жүрүүчү, менимче ал журнал өзү каза болгон жылга чейин деле болсо керек эле. Журналда «жылкы» жылында төрөлгөн балдар тууралуу, алардын мүнөздөрүн, кыял-жоругу жазылса аны кызыл сыр карандаш менен алдын сызып, мага көрсөтүп карачы Камчынын кыялы так эле ушул жазылган мүнөздөргө опокшош деп, эсине түшкөн сайын, атайын ордунан туруп барып, журналды ачып окуп, бир нече жолу кайталап мага көрсөтчү. Карачы тез кыймыл, тазалык, жылкы сыяктуу чукул кыял, бирок, тез жазылып, эч жаман ою жок калат дечү. Камчыда тез кыймыл аракет азыр да бар, ал түгүл адамды шаштырып, бол эле бол деп турат, ар дайым өзүн таза алып жүрөт, менин бут кийимимди майлап, жаркыратып коёт, көйнөк, костюм шымдарды карап көз салып турат, мен кээде «койчу балам» таза эле турат дейм, Камчы коюңузчу бул такчы (болоор-болбос болсо да), мунун кыры кир экен дейт, Калыйча барда кийимди (менин) өзү алучу, азыр болсо костюм, көйнөк, курткаларды Камчы, Нурзада экөөлөп тандап алышчу болду, анан кийимдериме Чынара көп карашат. Анара, Гүлнара, Динара, Жоки шарттары бар учурда, белек катары беришет. Камчыда жылкы кыял азыр да бар, тез, чарт-чурт кетет (көбүнчө үй-бүлөсүнө, бир туугандарына, сырттагыларга менин байкашымча антпейт, аларга токтоо, сылык (көбүнчө - «сыз» мүчөнү кошуп) мамиле жасайт. Мен муну чогуу жүргөндө байкайм, ичимен ойлоп калам. Чолпон-Атадагы эң кымбат, бирок ошончолук мыкты шарты бар пансионатта эс алдырды.

Камчы да энесине көп эркелечү, кичинесинде асмандагы жылдыздардан кооз ак көйнөктөрдү алып келип берем деп айтчу. Балдардын баары эле энесин «мама» дешчү, ал учурларда советтин күчтүү кези, бир учурда Жоки, Камчы чогулушуп олтурганда мен аларга карап, эмне үчүн «папа», «мама» дейсиңер, кийин кеч болуп калат десем Камчыбек отура калып, кана «ата, эне» деп көрөйүнчү деп, өзү каткырып күлүп «окшобойт го» деп жатат. Калыйча каза болуп, Бишкектен мен сөөк менен кечки саат 9 чамасында келдим, балдар алдыга кетишкен эле, короого боз үй тигилип, толтура эл экен, ызы-чуу түшүп калдык, ыйлап жатабыз, бир маалда Жоки менен Камчы мага келишип, апакелеп-энекелеп тызылдап ыйлап жатышат, мен да көзүмөн жаш «он-талаа» болуп ыйлап жаттым эле, экөөнүн жогорудагы энекелеп бакырып ыйлап жаткан үндөрү көкүрөгүмдө такай «жашап», мага ар дайым угулуп турчу болду. Кийин ойлочу болдум, кандай болсо да кыйын учурда «ата», «эне» деп айтылат тура деп. «Он жетинчи көз ирмем» деген кинодо да Штирлицке жардам берип жүргөн аял төрөрүндө мен антпейм деп коюп, төрөттө «мама» деп айтып салып фашисттер чууга түшүп калбады беле деп азыр ойлоп жатам. Көрсө бул организмдеги чоң биологиялык процесс тура же инстинг десе туура болобу?!

## ТУРМУШТУН ТҮЙҮНДҮҮ ЖЕРИ БАР, УЧУГУН ТАПСАҢ ЧЕЧҮҮЧҮ ЖЕРИ ДА БОЛОТ...

2012-жылы 19-апрелде телевизордо колуктуну кантип тандоо керек деген теле берүү болуп жатат, анда адамдын ички дүйнөсүн кантип билүүгө болот? - деген суроо чыгып, А. Мыктыбек чечмелөөгө аракет жасап, кыргызда кыздын сулуулугуна эмес, анын ыймандуулугуна кара деген кеп бар деп жатат. Менимче ыймандуулугу да, сулуулугу да чоң маселе, экөөнө тең бирдей мамиле керек деп ойлодум. Мында адамдын ички дүйнөсүн терең үңүлүп кирип кароо керек, аны кантип билүү керек, анын жолу барбы деген суроо туулат? Кыргызда «энесин көрүп, кызын ал» деген да акылдуу сөз бар. Үй-бүлөдө эне башкы орунду ойнойт. Эненин үйдөгү бүткүл кыймыл-аракети, үйдөгү мамилеси, мүнөзү, кыял-жоругу, ал түгүл балдардын атасы - үй ээси катары күйөөсүнө карата болгон мамилеси, куда-сөөккө, айылга тууугандарга болгон көз карашы, жолдошторго, теңтуштарга мамиле кандай куралат, дагы башка көп маселелер бар дечи. Ушунун баары негизинен жакшы энеде куралат, ата да үй-бүлөлүк мамилелерде үй-бүлөнүн башында болгон соң чечүүчү орунда болот. Мындай үй-бүлөдө бардык маселе эне менен атанын чоңбу же кичине ишпи өз ара акылдашуусу, макулдашуусу менен болгон иш.

Бала андан кийин мектепте, техникум, институттарда болот. Мына ушул жерлерде да өзүнө керектүүлөрдү (албетте эстүүсү) түшүнүп, «иргеп» алганга жарайт, жакшы менен жаманды «иргеп» алуучу мезгил, жаш курактын туура келген учуру.

Кыз бала үчүн да жигитти тандоо зарыл, анын негизги жолу ата-эне, баланын үй-бүлөсүнүн өз ара мамилелеринин түзүлүшүн кароо чоң мааниге ээ.

Бул жашоодо ата менен эне узак өмүр сүрүшүп карышат, ошондо кары адамга колдоо керек, **эң керектүү жагы мээрим, ар дайым толгонуп, өзүнүн санаасында, жүрөгүндө такай сактаган бала керек болот,** башка эч ким **ата, энеге баладай сүйүүнү, мээримди бере албайт,** мындай мээримди бир тууганың да бере албайт, себеби, анын да өз «жүгү» бар.

Эми кызбы, уулбу тукумуна кара деген милдет да бар. Бул да маани берип кароого коюучу маселе. Жогоруда бир байбиче 6 эркектүү болгону айтылды, ошол эле учурда бир эркеги жок жалаң кыздуу болгон учур бар, мындай учур азыр арбын жолугат. Калыстык менен талкуу жасасак экөө бирдей тең салмакта болсо жакшы болот эле, бирок бул биологиялык процессти адам баласы башкара алат деген да жагдай бар. Мында да дагы эле **энеге карап** сүйлөөнү туура таап жатам. Уул же жигит өзүнө жар издөөдө энеге карап, кыздын энеси уулчулбу же кыздуу бекенин «акырын» чалып көрсө болот. Бул маселе айыл ичинде же тааныштар арасында жеңил, ал эми мындай шарт жок учурда уул да, кыз бала да «акырын» сураштырып билип алса жакшы болот. Кыргызда «аракет кылсаң берекет болот» деген кеп бар, энеси көп кыз балалуу болгон жак көп эркек балалуу болгон эне жактагыларга ык алса болот да! Бул чынында **ойлонуп корсө** деген гана сөз, мында ар ким өзү чечет да деген да меселе бар, ошондуктан өз оюбузду таңуулабай ар кимдин өз чечүүсүнө коёлу, бирок аталар жактагы катарды да кароону унутпоо керек.

2012-жылдын 23-апрелинде иним Токтаалыга кызы Айсулуу Мараттыкына куран окутуп келип калыптыр, мени менен Камчы, Нуке да бар эле. Мен Сайрагүл энесинин каза болгонуна кайрат айтам деп жатып «жашып» кетипмин, менде Калыйча каза болгондон кийин ушундай болчу болду. Ушундай ар бир кайгылуу учурда, ал түгүл жада калса кино же бирөө кеп салып жатса муунуп да, жашып, көздөн жаш чыгып, үнүм мукактанып кетүүчү болду, ушундан улам сөөк коюп жатканда сөз да сүйлөбөчү болдум, макул болбойм, айтчу сөзүмдү бүт унутуп тык токточу болдум. Бул эмне деген **«сезим»** деп ой толгойм, жооп таба албайм, мурда бул жок эле, кандай учур, кандай сөз болуп жатса да, сөзгө шыдыр кетүүчүмүн, аягында «бул сага эң жакын» кымбат адамыңды, 39 жыл аяп жүргөн адамыңды жоктогон **сезимди туюнгандыкбы?** деп жатам, же бир учурда биз да ушуларга окшоп энеден ажырагандыкбы? деген суроо да чыгат. Мен бул абал кантип пайда болгонун мурда да жазсам керек.

2012-жылы 28-мартта Айтманбет кызы Бүбү кудагыйда болдум, абалы оорураак экен, өзү кандай гана адам эле, кыйналып жатыптыр, өтө ак ниет, эстүү адам болучу, өзгөчө балдарым дегенде эт-бети менен кетүүчү, келини Динара Кайыповна катуу **баалап,** «кайын энедей эмес, өз энеңден айырма жок, байкуш апам, **даана куттуу эне эле,** - дейт», өзү ак жуумал, сулуу адам болучу, "мен тамашалап, сизге куда ашык болдубу же сиз ашык болуп табыштыңар беле" деп калганымда, шарактап күлүп «кимибиз экенин билбейм, мен класста отуруп маңдайыма эки колумду алып, салааларымды аз ачып, арасынан агайды карап калучумун», - деп кайра күлүп калучу. Ошентип, Чет-Нурадан Нарынга келип,

андан атка «учкашып» алып келген экенсиз да, даана эмгек сиздики экен десем «Нарынга» кел десе "келип жатам да" - деп калучу. Кудадан 7 эркек, 4 кыздуу болуп, «Баатыр эне» наамын алган эле, өзү каза болгондо бардык балдары аман-эсен туруп узатышты. Мында энесин көрүп кызын ал дегендей - чөбүрө кыздары турмушка чыгып бактылуу жашап жатышат.

Тойлорго барып мен азыр **жаңы түзүлүп жаткан үй-бүлөгө "тынчтык-тын"** болушун каалоодон баштоочу болдум. Кыргыз элинде үй-бүлөдө ажырашуу деген өтө сейрек, кээде жок катары сезилчү эле. Азыр болсо улам барган сайын «чырлашып» ажырашуу көп болуп бара жатат. Мунун себеби азыркы жашоо шартта түзүлүп жаткан үй-бүлөлүк өз ара мамилелердин кескин өзгөрүүсүнөн болуп жатат дешет. Мында көбүнчө ыгы жок кызгануу, ичи тардык, жок ишти бар, болбогонду болду деш, ушундан улам ашыкча чыр чыгаруу, түбү барып, көңүл сууп, ажырашууга алып барууда.

Жакшы үй-бүлөдө "тынчтык" менен жашоо бул турмушта керектүү биринчи маселе болуш керек. Бирок, чыр айрымдарда жөнү жок жаак-айтышуудан келип чыгат, мындай учурда эки жактын бирөө айтышууну мурда токтотушу зарыл, көбүнчө күнөө аз жагы, басып кеткен оң болот, чырды козгоп жаткан жак, сүйлөп жатып жадаганда өзү басылат, акылы болсо түшүнөт да токтотот. Болбосо убакытты өткөрүп анан жай сүйлөшүү, акылдашкан өңдүү иш жасаса болот. Мен мындай чырды 2-3 жолу көрдүм, өз ара жаакташып алганда «кой» деген сөздү эч кимиси угушпайт.

Кыргызда "кечиримдүүлүк, үй-бүлөнү сактоо үчүн чыдамдуулук" күчтүү болуучу, өз ара болгон **ачууга** алдырбай жашап тукумун узартуу кыргыз элинде улуу мурас бар эле. Бирок, кийинки айрым бир чыгармаларда (Иманалиев, «Тагай бий») сүйүү деп элс турмушта болбогон, өтө ашыкча көркөмдөөгө алган чыгармалар болучу болду.

2011-жылы болсо керек, телевизордо Россияда төрөгөн аялдардын үчтөн бири никесиз деп берип жатат, кинолордо болсо никесиз жашоону алар "кадимки эле жашоо деп түшүнүшөт". Адам өзү улуу жаратылыш түзүлүшү болгондуктан мындай жашоону **"улуу касиет"** деп эсептөө кыйын. Ушундан улам ынтымак болбосо, бирин-бири кечирүү болбосо үй-бүлө болбойт, «сүйүшүп» турмуш куруп эле ажырашып кетүү бар, ала качып барып, анан сүйүшүп калып, ынтымак, өз ара кечиримдүүлүк бар жерде 40-50 жыл бирге өмүр сүрүү, укум-тукумду өстүрүп бактылуу жашагандар азыр элде басымдуулук жасайт.

Адамдын көңүлү **«гүл», мен үчүн өтө кымбат.** Себеби, бул маселени өмүрүндө ар түркүн өткөрөсүң. Калыйча каза болуп калып мен өтө «сезимталдыкты» өткөрдүм. Көбүнчө карылык келип, өзүң жалгыз калганда аз «нерсеге» көңүл буруп, көңүлгө оор алып турат экенсиң. Ушундан улам бул маселеге көбүрөөк токтолдум. Жаныңда өмүрлүк жолдошуң турганда мындай ишке көңүл бурбайсың, этибарга албайсың. Гүл өзү өтө сезгич, сырттагы болоор-болбос өзгөрүүнүн таазирин сезип, күбүлүп түшүп калат. Кары адамда да ушундай болот көрүнөт.

Балдарымдын алдында мен ушунча **«коркокмун»**, эмне үчүн деген суроого жооп табуу үчүн узакка ойлондум. **Көрсө ата баланы, кызды да** «чени жок» сү-

йөт экен, **аяйт экен,** бир нерседен одоночулук жасап албасам экен деп «коркот» экен. Балдарың азга эле кечиксе санааң алда кайда кетет, сезимиңди ээлеп алып, уйгу-туйгу болот. Кайсы бир жылы уулум Камчыбек Бишкектен чыктым деди, мен бир топ убакыттан кийин кайра чыксам Кочкордомун аз убакытта чыгам. Кочкор менен Нарындын ортосунда өткөн убакыт создугуп жатат, менин тынчым кете баштады, Алладан өтүнүп, тынымы жок суранып, келме келтирип жаттым, телефонго чыксам жооп бербейт, дагы убакыт өтүп телефонго чыксам, «папа, шаардын четиндемин, Анарбек жездем келе калсынчы» деди, көрсө аз кырсыктаган экен. Ата-бабанын ата-эненин **жүрөгү сезбей койбойт** дегенге толук ишенсе болот. Менде бул күнү Камчыбек Бишкектен чыгып Нарынга жеткиче бушайман болуп, өзүнчө бир **кыжаалат** сезим пайда болуп жатты.

Мурда да Калыйча менен уулу Камчыбек экөө Бишкекке барып, кайра келе жатса Кочкорго келгенде унаасы өчүп калат, мен сарсанаа болуп, Кантка, Кеминге, Балыкчыга чалып, милиция, больницалардан сураштырсам эч дайын жок. Көрсө ал күнү машина бузулуп, Кочкорго келип жатышкан экен, гостиницада от жок, телефону иштебейт (өкмөттүк болсо да), Волга болсо менчикке өзүбүзгө базадан жаңы алынган. Эртеси уулум сураштырып билген кишиге барса, тез эле капотту ачып-жаап, мунун ушундай оорусу бар деген экен.

Мен болсо санаа тартып жатам, мындай учурда ар бир күн эмес, ар бир саат, же минута өтпөйт, жылбай туруп калат.

Мурда да берилсе керек эле, азыр да кайталоого туура келип жатат. Эмгекчилде иштеп жүргөндө Үч-Чат деген жерде уй багуучу Кененбай деген 90 жаштагы атасы бар адам болучу, төшөктөн терезени улам карап баласын сурап жатат, мен **70 жашта уулун** сурап жатканына кызыгып, уулуңуз бээ садырып жатат дедим, **а балам сен да токсондон ашканда билесиң дейт, балаң көз ирмем кечиксе санааң санга кетет, аны балаң кайсы жашта болсо да билбейт, муну карылык деп коёт,** бирок азыр кеч кирип калды, бээнин сааны эмнеге кеч калды экен, бул убакта үйгө келип калышчу эле деп жатам. Карыя мени менен дагы сүйлөшкүсү келдиби, кары адам күүлүү-күчтүү кези болсо туура болучудай. Кээде **уулумдан суроо сурап, жооп алалбай калам,** кайталап сурайм да, анда уулум мага **"үнүн көтөрүп" сүйлөп** калат, ушинтип **уулумду үнүн көтөрүп сүйлөөгө** да үйрөттүм, бул да **«өзүнчө эмгекпи»** деп ичимде ойлоп, мага **«кайра-кайра сурай beresиз»** деп өзү ачуусун келтирбей калганы да дурус болду деп калам. Келин жакшы, менин сөзүмдү өзү даана угуп, жооп берет, мага угуза да сүйлөйт.

**Атам биз жаш кезде кеп салуучу эле.** Илгери эшигинин алдында бир аксакал киши олтурса маңдайдан уулу, көк жорго минип келе жатат дейт. Кыш айлары экен, кар аттын тизесинен, жоргонун тизден карды урдуруп келе жатканына «өзү» да ыраазы болуп, көңүлү жай дейт. Аттан келип түшүп, маңдайдагы мамыга атты байлап, үйгө шыдыр жөнөп калганда **уулун сынап көрмөкчү болуп,** - «ээ уулум, менин алды жагымда эле кыбыраган жандык бар, ал эмне экен деп суроо салса», - **«а атаке,** ал чымчык, жем издеп жүргөн тура» - дейт. Атасы токтоп калып, **кайрадан суроо салса, «ал чымчык» дебедимби** ата, дейт, дагы суроо салса, баласы атасына **олураңдап «ал чымчык дебедимби, чымчык(!)**

карыганда эле ушинтип калат, деп ордунан туруп жөнөй турган болгондо, **токто, балам, деп** уулун токтотуп, - сен анда 3-4 жашта элең, ушул **чымчыктар ошондо деле бар болучу,** менден «бул эмне» деп сурасаң, суроону бери болгондо эле кайта-кайта сурап, жыйырмадан ашып кетүүчү, мен **ар бир суроону «өзүнчө жалынып»,** - «ал чымчык балам» - деп жооп берүүчүмүн, жоргого ээр чаптырып өзүм менен бир жүрсүн деп атайын ээрчитип алучумун. Мына азыр болсо көк жорго да толду, сен да эр жетип, курагыңа келип турасың. «Бул мамиледе кимибиздики туура болот» деп суроо салса уулу башты жерге салып, «сиздики туура, мени кечириңиз» - деген экен. Бул мына ушинтип, **атадан балага калып, кылым аттап келе жаткан сөз.**

Иним Асанбек, эжем Калбүбү айтчу деп айтат, кыясы 1938-39-жылдар болсо керек, атамды «кулак» деп Нарынга айдап кетишип, мен Ортоктон Какийден келсем жалгыз талпактын үстүндө энем ыйлап олтуруптур, силер «кулаксыңар» деп үйдү чечип, ичиндеги оокатты бүт жүктөп арабага салып, желени туура-туура кыркып, кулундардын ноктолорун кесип, жылкыны үйрү менен айдап кетишти дептир. Энем Салкын жасоол, тилмечтери да бар экен, арасында бирөө мага болушуп, "ээн талаада жалгыз калабы, эч болбосо талпакты калтыралы, отуруп турсун" дейт. Ал кез элдин жүрөгүн үшүтүп , айдап-байлап кетүүчү жылдар эле. Айрымдары «ушакчылардын» жардамы менен жогорудагы жоруктарды жасап кетишчү дешет. Көгөндүгө тоодон Бел-Өтөктөн көчүп түшүшкөнүнө 3 эле күн болуптур. Атам камакта 6 ай отуруп чыгып келген экен, кандай болуп келгенин айтчу эмес, кыясы суракчыларга айтылган «убада» бар болсо керек, бир себеп болушу керек да. Атам а дегенде болжолу мурдагы Фрунзе көчөсүндө чыгыш жана батыш тарабында тамдарга барганын, алардын подвалына кирип, өтө эле бийик, өзүнчө эле үй катары экенин айтчу. Эки колду көтөрүп сунганда үстүнкү бетке кол жетпеген тамдар болучу, кийин бир айча ошол тамдардын алдында кармап, анан шаардын аяк жагындагы түрмөгө алып барышкан дечү. Ошол түрмөгө барганда атама Кудайберген байкем бозо көтөрүп барса, түрмөнүн чоңу чаначты жарып арыкка агызган экен.

Түрмөдө атам ат-башылык Казыбек жамакчы менен болгонун айтып калуучу. Казыбек оозунан сөзү аккан, суроого да ыр менен жооп берген адам эле дечү. Кийин мен обком комсомолго келгенде атам айткан тамдар ушулар болсо керек деп болжочумун, себеби ал там жана анын катарында областтык прокуратура турган там экөө бирдей болучу, үстүнкү бетке кол көтөрүп биз да кол жеткире алчу эмеспиз. Дагы бир илгерки адамдардын кыял-жоруктарынан айтайын дедим. Кайыңды айылында Токтомуш деген адам бар эле дешет, өзү чолок этек уруусунан экен. Нарындан аттанып келе жатып Дөбөлүгө келгенде Араке молдонукуна келип, намаз окуп, атты чалдырып алайын деп кайрылып калат. Даарат алып, намаз окуйуча деп Араке аксакалдыкы чайга камынып калышат. Чайга деп бир чара картошканы аарчып, сууга бышырып коноkко тартышкан экен, картошканы бүт жеп, үйүнө барып айткан тура:

- Кемпир, кемпир, мен бирди көрөм го. Жолдон Аракеникинен бир табак толтура «сары май» жедим, оозума даамы да татыбай койду, азыр курсак ачып турат.

1938-1939-жж. ар кайсы айылдан чыккан бакан ооз адамдар бар эле, аларды НКГБнын кишиси же ушакчылары деп да коюшчу. Мына ушулардын айтуулары боюнча көп ак ниет, эч күнөөсү жок адамдар күнөөлөнүп көбү дайынсыз болуп кетишти. Дөбөлүдө Абдылда аке бар, ал атасы Чоконун эч күнөөсү жок кеткенин көп кеп салып айтып калат, өйдөкү Кайыңдыдан Төтөй уруусунан биздин аяш атабыз Асаналы атаны балдары Дүйшөк, Сарылар узак убакытка «ушакчы» киши менен кармашып «атабызды тап», - дегенге чейин барышчу. Чоко атанын кабарын берген адам ушул эле Дөбөлүдөн Тентимиш деген аке, ал эми Асаналы атаны билдирген «кесеп» Токтомуш аттуу «кличкасы» бар өзү орто кыйра уруусунан экен. Азыр көп убакыт өтүп кетти, алардын өздөрү да азыр жок. Ушундан улам кимиси кандай болгонун так айтуу азыр кыйын. Асаналы аяш ата өзү сулуу киши эле, жылжыган боз жоргосу бар, өзү камакка кетип бара жатып, ошол жоргосу менен мага келип учурашып кетти, ошол боюнча эч кабар болгон жок деп айтуучу атам Ажыбай баласы Калназар.

Мүмкүн атамдын камалышына да ушулардын же ушуга окшогон ушакчылардан кабар болгон болсо керек, себеби тыптынч жатып, эч нерседен кабар жок эле Калназар тоодон көчүп келген күнү НКГБлар келип басып калсын деп кеп салышчу экен айылдагы туугандар.

Биздин айылдагыларды «чайыштар» дешчү, колунда бар, малдуу, өзү болсо ар тараптан келип кеткендер менен чоң байланышы бар адам экен, Анжиян, Турпан, Кашкардан көп соодагерлер келип турушчу деп айтулчу илгерки улуу аталардын кеп салуусунда, келгендер көбүнчө чай алып келишчү дешет, коноктор да, чайга муктаж болуп келгендер да чай менен сый көрүшчү, анын үстүнө Айдаркозу ата өзү сыпаа киши болгон, көпчүлүк учурда чай ичүүчү дешет. Ушундай түзүлгөн абалдан улам уруунун аты “чайыш” болуп калган дешет.

Ал эми атамдын камалышы тууралуу чайышта да, өзгөчө жогорку Түлөбай уруусундагы чайыштарда көп ар түрдүү сөздөр болгон. Көбүнчө бул кимден кетти, эмне деген кабар болду деген мааниде. Туугандардан бир тобу Буканай чоң атаны аташты, бирок, атам Буканай чоң атага көп ынанбады, себеби, алардыкында же биздикинде көп болуп турушчу эле, ошентип ким деген суроо ачык бойдон калган, анын үстүнө атам да түрмөдөн келип, бул маселе токтогон экен.

## АНГЛИЯ, ГРЕЦИЯГА КОМАНДИРОВКА

1994-жыл 20-июндан 12-июлга чейин Турция, Англия, Грецияда болдум, Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлиги Евросоюз шериктештигинин комиссиясы менен (КЕС) келишим түзүптүр, программанын башкы максаты Батыш Европада окуу өткөрүү экен, анда базар экономикасынын шартында товарды өндүрүү жана сатуу, өндүрүш менен жеринде таанышуу болучу.

Бул текстти мен 2016-жылы январда Бишкекте, Руслан-Чынаранын үйүндө жазып жатам, ортодон 22 жылдан ашык убакыт өтүптүр, бирок, менде ошол күндөрдөн материалдар бар эле, азыр пайдасы тийип жатат. Мен командировкага

барып-келдим деп деле койсом болмок, бирок балдарыма керек болот го, азыр менчикке өттүк, өтө көп оорчулукту көрүп жатабыз, байыркы европалыктар да ушундай күндөрдү өткөрүшсө керек, пайдасы тийээр деген ой менен кенен токтолуп жатам.

20-июнь 1994-жыл. Греция, Англияга кетүү үчүн биринчи жолугушуу. Ал кезде борборубуз Фрунзе деп аталуучу, Мистер Джон Ширинг группанын жетекчиси. Программанын планы, милдети, уюштуруу иштери менен тааныштырды. Составыбызда бардыгы 17 киши болду, Жалал-Абад, Чүйдөн экиден, калган областтардан бирден, эки котормочу, теледен Абдраев Алмазбек, калгандары министерство, банк, гос.ком экономикадан болуп чогулдук.

20-июнда түнкү саат 12-30 , 40 орундуу автобус менен, бирок биз 11-12 адам болдук, мындан тышкары дагы бир жеңил, чет элдик автомашина узатып жүрүп Алма-Атадан кетти. Алма-Атага таң эртең менен келдик.

21.06.1994 ж. Алма-Ата - Стамбул маршруту боюнча чыктык, самолет А-310 немецтики экен, бирок, түрктөр алыптыр. Үч залдан турат, 2-чи 3-чү залында 248, биринчи залда дагы 50-60 орун болсо керек. Саат 9-17де самолет көтөрүлдү, Стамбулга 12-32де келип кондук, айырма 3 саат экен, аралыгы 3967 км. болду. Жолдо самолет Казахстан, Узбекистан, Түркмөнстан, Каспийдин түштүк жак этеги менен Иранды басып, анан Турцияга кирди. Бул аралыкта боппоз болгон талаалар, чөлдөр, жапыз тоолор, кээ-кээ жерден айылдар көрүнө калып турду.

Тейлөө мыкты, маңдайындагы чоң экранда кайсы жерде баратасың, кайсы бийиктикте (11887м.), ылдамдыкта (700-815 км/ч), канча жол бастың, канчасы калды, сыртта температура (-47 градус) деп бүт көрсөтүп турат. "Өзүнчө эки этаж 400 орундуу «клуб учуп» баратат", бир аз убакыт өткөндө суусундук берилет, каалаганыңды (сок, суу, пиво, вино, ичкиликтин түрү бар), өз-өзүнчө бир кишиликтен упаковкаланган идиште комплекс тамак берилет, аягында салфетка, упаковкада бири ысык сууланган, экинчиси кургак муздак; Деги эң мыкты тейлөө.

Салондо тынч, орунтук ыктуу, алдыда столчик бар, жазсаң да, окусаң да болот, вокзалда кыйналуу жок, жүктү алуу, бажыдан өтүү, чемоданды алып чыксаң күтүүчүлөр «Кыргызстан» деген табличка менен турат, автобуска түшүп жөнөп кеттик. Бирок, ушул автобуска кирээрде тазалыгы **сезимге катуу тийди**, бутуң менен басууга ыраа көрбөйсүң.

Стамбулда Шеротон конок үйүнө жайгаштык, өтө мыкты экен, жогорку класста, беш жылдыздуу, суткасына 200 доллар алса кандай дейсиң. Номери укмуш, бүт бардыгы бар, жуунуп, тамактанып алып шаарды 5-6 саат кыдырдык, тарыхый жерлерде болдук, Стамбулда көзгө биринчи эле мечиттер көрүнөт экен. Мында (ошол мезгилде) 10 млн. эл бар, өтө чоң, деңиз жээгиндеги шаар, батыш жана чыгыш Стамбулдан турат, себеби, Фосфор (кысыгы) бар, бул Европа менен Азиянын чеги, ошондуктан Европа жана Азия болуп эки бөлүктөн турат. Кечинде ушул жерге салынган асма көпүрөгө бардык, 1 км. узунунан, бул дүйнөдөгү асма көпүрөлөрдүн ичинен 6 чы көпүрө экен, 1978 ж. салынган. Стамбулда

1600дөн ашык мечит бар дешти. Биз Көк мечит, анан Светая София мечиттерин көрдүк, экөө тең IV кылымга таандык, ар бир султан салган мечиттер, бул ар биринин «күчүн» көрсөткөн курулуш.

Көпүрөгө баратканда бери болгондо 5-6 км. жерге кыбырап гана жүрүп отурасың, себеби, 12-15 катар автомашиналар кыбырап, суудай агып бара жатат. Стамбул бир жагы Мармара (Мрамор) деңизи экен.

22. VI. 1994-ж. Аэропорт Ата Түрк-Стамбул-Афина-Солоника маршруту, 150 орун. Ал күнү жергиликтүү убакыт боюнча турдум, 5-00 экен. Деңиздин күүсү угулуп турат, эң жагымдуу шамал.

Эки чоң көңүл бурчу нерсе. Биринчи, эртең мененки тамак, эмне гана жок, анан даярдалышы, берилиши ж.б. эң мыкты, тамак ичүүчү залы өтө кенен, терезелери чоң, ачык, өтө жагымдуу аба! Гүлдүн буркураган жыты. Автобус, бул эки күнү эки 46 орундуу автобустар тартышты, тазалык, өтө ыңгайлуу, жагымдуу жел жүрүп жатат. Бут шилтеп басуудан айбыгасың, бул эки учурдан эле өздүк менчиктин күчүн сезесиң, ишке болгон мамилени сезесиң, кантип жашоо керек дегенди ойлойсуң, бул жерде ансыз өлүп калгыдайсың! Стамбулда кайда барсаң да соода, меникин, меникин ал деп жашы да, карысы да аялы, эркеги, баласы да жаныңды сууруп алганга аракет жасайт, баса албайсың, бутуңду тазалайын деп бастырбайт. Тамакка пица жедик, мунун боорду эзип күлчү жагы да болду.

Бардык болгон жерлерди, көргөндөрдү толук жазууга үлгүрбөдүм, ушундан улам кыскартууга туура келди. Солоникага келдик. Ал шаар Грецияда эң байыркы шаар экен, ошол жылы 2305-ж. болду дешти, бир млн. ашык калкы бар. Бул жерде технологиялык институтта, борбордук жашыл базарда күнүнө 700-800 т. жемиш кирип же сатылып турат экен, мал заводунда завод өзү комбикорм да өндүрүп чыгарат, гректер көбүнчө мөмө-жемиш өндүрүүгө кызыгышат, себеби, 12 ай бою соода болуп турат дешет, ЕС тарабынан дыйкандарга ар түркүн колдоолор болуп турат, Солоникада көп жерлер, адырлар кайрак, бирок, бардык жерлерде суу басым менен берилип, бир жерде арык жок бүт техника менен, тоолордогу бардык, жакшы жолду көрүп таң калдык, бийик жерлерге чейин барган, бир жерде жолдон кылт эткен жерди жолуктура албайсың, тоолордо бардык жерде жыш токой, өрөөнгө келсең тилке-тилкеге бөлүнгөн жүгөрү же техникалык өсүмдүктөр, бирок, тоолор биздей эмес, жапыз дөбө же адыр сыяктуу, анда курулуш өтө көп, эки этаждуу жайлар, баары менчик! 25.06 күнү 400 км. жол жүрүппүз.

26. VI. 1994-ж. дем алыш күн, бүгүн Вергина жана Пеллиге бардык. Филип Царь болуп турганда гректерди бириктирип, Македониянын борборун Солоникага курдурган, бул б.з.ч. IV кылым дешет, мурда гректерде ар бир шаар өзүнчө мамлекет болуптур. Эң кызыгы алдына таш төшөп үстүнө бетон растворго майда таштан тизип отуруп төрт жерге оюк сүрөт жасалган, биринде үч ат, бири дөңгөлөк араба, экинчисинде эки аял, ортосунда охота (на плени), кызыгы элик, адам, тайган даана берилген, булчуң оң, ж.б. Бул б.з.ч IV кылымдан бери турат дешет, ошол учурдагы окууларын котормочулар окуп жатышат, демек, гректин ошон-

догу тамгасы азыр да окулат. Тарыхта Филип да, уулу Александр да өлтүрүлгөнү бар, атасы театрда уу берилип өлтүрүлгөндөн кийин, Александр Македонский бийликкс 20 жашында келип, 33 жашында өлөт. Археологиялык раскопка болсо 1860-жылы жүрөт. Ушундан ойлойсуң, кайсы аялы мүрзөнү эч дайыны жок жасап көмдү экен деп, мурда эле билинген, бирок канча издешсе да табышкан эмес, акыры архиолог француз тапкан экен.

28-июнь 1994-ж. Афина – Лондон, салондордо 300гө жакын киши экен, алардын көбү карыадамдар, бирок. алардын жанында жаштар бар, көбү өздөрүнүн жакындары. Улгайган адамдарын, узатып жүргөндөр болсо керек, Европада мындай иштер мүнөздүү, биз эмнеси болсо да туура кылышат дедик, каражаттары болгон соң эс алуулары керек да! Самолетто баягыдай эле суусундук, обед, тейлөө иштери мурда биз көргөндөй өтө мыкты. Менин жанымда Эсен жана Абдувахап олтурушат, Ош жана Жалал-Абаддан, алар «бул королдун тамагы» деп тамашалашып жатышат, чынында ушундай, аягында кааласаң вино же пиво, же арак десең да беришет, биз вино жана пиво ичтик.

Лондондогу Хитроц аэропорту. Ошентип Англия жергесине келип кондук. Өтө зор аэропорт десе болот. Анан дароо биз жете турган Бредфордго жөнөдүк, узак жол болду, кечинде саат 9-30 да келдик, 10-30да тамак ичип келип куладык. Жолдогу көрүнүш өзүнчө бир укмуш, жараткан бул жакка бейиштин даана өзүн берсе керек. Баса убакыт Афинадан туура эки саатка айырма экен. Бул жерде бардыгыбыз жүндү аукцион менен сатуу эң пайдалуу экенине макул болдук.

29-июнь 1994-ж. Ньюкасл-на-Тайне, гостиница Империал. Бул жерде университеттин профессору Англияда, Европада да айыл чарба продуктыларын ашык өндүрүүнүн проблемалары болуп жатат, ушундан эт, сүткө, жашылчага чек коюулар болуп жатат дегенди билдирди. Отузунчу июнда Шотландиянын Флос замогунда (сепил) болдук, бул жай 1842-1880-жж. курулган экен, өзүнчө эле керемет жай., Сепил деле эмес, айланасы кенен өзүнчө дөң жерге салынган, азыр музей, курулушту салган адамдын тукумдары чоң каражат алышат, бардык жерде фермерлери, бул фермер эмес эле профессор сыяктуу экен, койгон проблемалары өтө уккулуктуу болду, ашык чыгымга барбаш үчүн өндүрүштү механизациялаштырууну колго алган. Биринчи июлда Корнхил фермасында болдук, мында 6000 баш кой, 150 уйдан 150 музоо алыптыр.

Тоо шартында деп «тоого» алып барышты, бизде 100% өрөөн, жака, мында чөп да, жайыт да, дан да бар, жайкы типтеги ферма делет, койлор эт багытында, тик кулак, карабаш, ак жүндүү койлор, ээси бир козуну кармап 3 күн мурда 60 кг. болду дейт, 3 айлык козу экен, кочкордун биреөн 600 долларга сатат.

Барган жерлерде шарт оор, тоо болгондуктан дешет, Англияда кышкы температура -4 градус экен, аларда кыштоо деп откормдагы ноопастарды кармаган жерлери алды цемент, анын үстүнө буудай самандарды, белгилүү убакта болсо бульдозер менен түртүп тазалашат. Уйлар апрелде тууйт, 9 айга чейин подсосто, анан бөлүп сатышат башкаларга, алар откорм жасайт, ЕС тоо зонасындагыларга төлөт берет, откормдан 450 кг. болгондо аукцион аркалуу сатышат, биз көргөндө

ар бир ноопас 500-540 кг. чыгып жатты. Асыл тукум букалар 10 миң доллардан сатылат, убактылуу букаларды алганга фермерлер жылына 300 миң фунт стерлинг төлөшөт.

Тайн суусунан өттүк, Ньюкасл-на-Тайне деген ушул экен да, мында 270 баш КРС бар, сүттүн майлуулугу 3,2 %, жылына эң көп бергени 12,5 миң литр сүт берет экен.

2-июлда мына ушул Нотумберленддеги конок үйүнөн Нарынга, Дөбөлүгө үйгө чалып сүйлөштүм, уулум Камчыбек менен.

Өкмөт бийик тоолуу жерлердин 60-70 % доходун дотация кылып, фермерлерге колдоо көрсөтүп турат экен. Англияда 3,0 % эл айылда жашашат, тоо өрөөндөрүнөн элдер төмөнгө кетип жаткандыгын эске алса керек. Кечээ ресторандан чыксак кечки саат 9-00 чамасында ресторан, кафелердин жандарында жык-жыйма эл, көбүнчө жаштар пиво ичишип, көчөгө толуп бийлешет, кыйкырышат. Бул жерде күн өтө узак болуп, кечкисин саат 11 чамасында күүгүм кирип, эртең менен саат 5 те саат 7-8 дегидей болуп калат. Баса эки мамлекетте тең жайыт, айдоо жерлер тилкелерге бөлүнүп, бул жакта жыгач өсүмдүктөрү көп болсо керек бутакташып чыккан, бийиктиги 90 см. ашпаган коруктар менен жана кадимки эле жыгач щиттер, тикенек эмес жөн зымдар менен тосулган. Малдар өзгөчө кой баласы ошол тосулган бөлүктөрдө турушат. Англияда мал уурдагандар болобу десем, бар дешти, машинасы менен да алып кетишет, бирок өтө көп эмес, Фермаларда 1-2 ден эле дежур катары кишилер болушат, иштеген адамдардын үй-бүлөсү да бүт эле шаарда жашашат дешти.

3-июль 1994-ж. Ньюкаслдан Стретфордго чейин 760 км. жол жүрдүк. Кыйналдык, бирок жакшысы бүт Англияны өзүн (Шотландия, УЭЛЬС, Ирландияны кошпогондо) көрдүк десе болот. Бул мыкты болду. 5-июлда малды базарда сатуучу базарды көрдүк. 1925-жылы курулган, 450 орундуу, анда аукциондук зал театр тибиндеги, жумасына 3 жолу базар болот, эки этаждуу кой тартуучу, чочко, 2 чоң уй батуучу автомашина; компьютердик системадагы учет бар, соода болгон күнү эле акчасын ала алат, базар үчүн 2,5 % сатылган суммадан ала алат, бааны а дегенде фермер өзү коёт, 40 % пайдадан налог төлөйт, малдын түрүнө жараша клеткалар бар.

7-июль 1994-ж. Вильям Шекспирдин үй музейине бардык. Биз жаткан люкс конок үйүнөн 5 минуталык жолдо экен. Шекспир 23-апрель 1564-ж. туулуп 23-апрель 1616-ж. өлгөн экен, өзү туулган үй, эски кадимки Англиялык көрүнүштө тактай, ак балта менен чабылган беттери билинип турат, кол менен чабылган түркүк, устундар төрт кыр жасап чабылган, бардык оокаттар стол, документ сактоочу сандык сыяктуу буюмдар, ар бир үйдө бизче очок (европалыктарча печка) турат. Экинчи этажы жапыз чатырча менен кошо чыгарылган. Спальныйда кроваты, жаш бала жаткандай бешик болсо керек, кроваттын алды сетка эмес аркан менен аркы-терки өткөрүлгөн (тордолгон).

Ошентип бул улуу адам туулуп өскөн, иштеген үйдө болдук. Ушул жупуну, чакан, жөнөкөй үйдөн бүт дүйнөгө таанылган адам жаралыптыр.

9-июль 1994-ж. Босбеллиге келдик. Өзү фермер, карып калган адам экен, аялы, эки небереси бар. Түштө үйүнөн чай ичтик, анан пивону ой катырдык белем!

10-июль 1994-ж. Стертфорд - Лондонго учтук. 95 милл. же 140 км. жол экен. Лондондо Bonnjngtoh конок үйү, 508 номерге жаттым, метрого түшүп Лондонду кыдырып көрсөтүүчү туристтик автобуска түшүп, Лондондун метросу чынында эски типте. Эки этаждуу автобустун үстү ачык экен, бир жарым саат алып жүрдү, негизги жерлерди көрдүк, абдан ыраазы болуп кайттык. Лондон байыркы шаар, өзгөчөлүгү байлык менен салынгандыктан бирине бири окшобогон үйлөр, чынында байлык сезилип турат, кийин салынгандары каробка, мунара болуп турат. Ортодо үч площадь бар, экөөнүн ортосунда эң бийик, бери болгондо 50-60 м. болгон эстелик, айланасында 4 арстан, эл жык-жыйма, муну Графолворский площадь дешет, эң кызыгы Лондондун ичи менен өткөн Пенза дарыясы, дарыянын эки жээгине негизги курулуштар курулган. Королеванын турган жайы, өкмөт үйү, парламенттин имараты, Пиивен багы, көп көпүрө бар, ошондон атактуу Тауэр көпүрөсүнөн өттүк. Көпүрөдөн өткөндө сол жакта Тауердин (сепил сыяктуу курулуш илгерки) өзү, мында канча королдор асылган дейт, зындан сыяктуу.

Шарл Хомустун көчөсү, Трагфалгер аянты ж.б көп жерлерди көрдүк. Лондондун ортосу же чети билинбейт, бардык жерде таза, татынакай үйлөр, чет жагында бийик заңгыраган үйлөрдүн гана жоктугу, болбосо ал жакта да тыпыйган бийик, жапыз үйлөр бар, ар бир үйдөн байлыкты сезип турасың. 11 млн. калк жашайт, бирок шаар өтө таза.

11-июль 1994-жыл. Лондон-Стамбул-Дүйшөмбү-Бишкек маршруту менен буюрса үйгө кайтабыз.

Жалпы таасир болсо өтө мыкты. Бул маршрутка кабылганыма өтө ыраазымын. Ушундан улам 1993-ж. Турцияга парламенттик делегацияга кошкондо «жумушум калат деп» барбай койгонума эми чоң өкүнөм!

Греция менен Англияда айыл чарбасы, кайра иштетүүчү процесстер, продукцияны сатуу иштери менен кенен тааныштык, бир күн (барган бардык жер биз үчүн өтө керектүү болду, эч иренжи болгон жокпуз) текке кеткен убакыт болгон жок. Иштер менен эки өлкөдө ар түркүн жерин көрдүк, чынын айтсам Грецияны да, Англияны да узун-туурасынан кыдырдык, мейли иш күн же дем алышпы жок дегенде күнүнө 200-250 км. жол жүрүп турдук, айрым күндөрдө 450-500 км. да болду.

Жалпы ойлордун ичинен экинчиси - бул Греция менен Англияда жалпы эле жаратылыштын, көзүндүн жоосун алган айдоо аянттарынын көрүнүшү болду. Кайда кетип баратсаң «күлүп» турган, тилкелерге (жалаң гана тилкелерге) бөлүнгөн аянттарды көрөсүң. Бир да жерден «жүдөп» турган аянтты көрө албайсың.

Жолдо аянттарга суктанып кетип бара жатып, бир кочуш топонун дөң болуп турганын же алакан бети аянттын чуңкур болуп, же жарга айланып турганын көрбөдүк. Баарын жаратылыш өзү жасап койгондой турат, а бирок ошол жер-

лерге адамдын колу тийген, ага көп өзгөрүү берген! Ошого карабастан баары ордунда турат.

Эки өлкөгө а деп түшкөндөн тартып, көз алдыңа эки нерсе өзгөчө урунат. Бул жаратылыштын кооздугу, экинчиси жол!

Бизден дагы бир өзгөчөлүк. Бул өлкөлөрдө, өзгөчө Англияда канча аянт жер болсо, ошонун 99,9 % зы иште экен. Мени жаратылыштын ушул түзүлүшү өтө суктандырды. Эч нерсе биздегидей тик, бийик кеткен тоолорду, кырларды, коктуларды көрбөйсүң. Тоолор бар, бирок, анын баары акырын созулуп көтөрүлүп отурган дөң, адыр, анан тоолор. Ошол тоолор да түз, алар да загонго бөлүнүп, айдоо же жайыт!

Эч бир жерден майда кокту же жылга көрбөйсүң, же суу жеп пайда кылган уңкул-чуңкулду, майда жылгачаны жолуктурбайсың.

Жол. Автомобиль жолу чыныгы жомоктой бар. Булардын күчү жолго чыккан экен дейсиң. Жолдун өзү кым-куут чабалакейдей бирок, бардык жолдо кылт эткен бир жер жок. Жол, жол, эң мыкты жол, 130-150 км/с. кем баскың келбейт.

Дагы бир жакшы иш - бул тазалык. Тазалык бардык жерде биринчи көзгө көрүнүп турат, бул талаада да, жолдо да, айыл да же шаарда, үйдө да бардык жерде тазалык. Бизде жүргөн англичандан уяласың! Кайда, кайсы шаарга же өндүрүшкө же үйгө барсаң да, шаардын ортосубу же четиби -укмуш тазалыкты сезип турасың. Бул Стамбулда эле эмес, Грецияда да, Англияда да так ушундай. Адамдын сезимине биротоло отуруп калган.

Жеке менчик жөнүндө . Бул маселе биздин көбүбүздө өтө бүдөмүк, шек саноо, ишенбөө менен карайбыз. Биз колхозду менчикке тараттык, жерди да, малды да үлүшкө бердик.

Ошондой болсо да бизде ишенбегендик, кантип жан багабыз деген көп. Эми өз көз менен көрдүк. Канча кылса да «меники, өзүмдүкү» деп мамиле жасап өзү жанталашып иштегенге жетпейт! Кайда барсаң да, мейли жерге же малга, же техникага адамдын мамилеси бизден дээрлик башкача.

Жеке менчик адамды өндүрүшкө гана өтө эффективдүү мамиле кылбастан, адамды өндүргөн продукциясын рынокко алып чыгууга да үйрөтөт. Ушундан улам продукцияны кайра иштетүү, анын сапатын жогорулатуу, стандартташтыруу, товардык көрүнүш жасоо маселелерин чечүүгө көнөт. Ушуларды чечип, анан сбыт менен иштөө керек.

Аягында ушул маселеге биздин элдин кулк-мүнөзүн өзгөртүү, аларды менчикке ынандыруу, өндүрүшкө, эмгекке дээрлик башкача мамиле жасоону үйрөнүү чоң милдет турат.

Менчикке тез баруудан башка жол жок!

Американын айыл чарба мектеби жөнүндө.

Мен бул мектепке барарда ага анча маани берген эмесмин. Бирок, анын ички дүйнөсүн түшүнгөн соң бул багыт бизге өзгөчө тоолуктарга керек экен.

Эң башкысы эмне?

Бала жаш чагынан ишке, иш жасоого калыптанат. Бизде орто мектепти бүтүп алып, же шаарда, же айылда иштебей, ата-энесинин канын соруп, көчө таптап жүргөндөр өтө көп. Бул баланын жаш күнүнөн ишке бышып көнбөгөндүгү. Экинчи, биз совет күндөрүндө бала онду бүтүп, сөзсүз окуш керекке үйрөттүк, сөзсүз интеллигент айлык алган адам болуш керекке үйрөттүк. Бул баарыбызда, ата-энеде да, балада да бар.

Бул жерде бала эмнени алат:

1) Окуп жалпы билим алат;

2) Азыртан, биринчи этапта эле, кол менен өз бетинче иштөөгө, өз бетинче бир нерсе жасоого, өз бетинче бир нерсе өндүрүүгө үйрөнөт, калыптанат. Эң маанилүү;

3) Андан да кызыгы бала өзү жасаган буюмун, өзү өндүргөн продукциясын өзү сатат. Соода кылууга үйрөнөт;

4) Бала эмитен эмне жасоо керек, рынокто кайсы продукция өтө алат, кандай сапатта керек экенин өз колу менен сезет; М: өндүргөн продукциясы базарда өтпөсө, аны мектепке оптовый баа менен алып коёт экен, эң башкысы бул учурда эч нерсе албай калат;

5) Бала жаш курагынан техникага (компьютер менен иштөөгө ), бухгалтер - экономисттикке да үйрөнөт;

6) Ашканада тамак жасаганды, дасторкон жасаганды, аны тартуулап адамга бере билгенди үйрөтөт. Бул биз үчүн өтө эле чоң маселе, бизде этти казанга салып, туз салып койгонду же суу кесме жасагандан башканы билбеген кыз көп, эркек бала тууралуу болсо сөз жок.

Өндүрүшчүлөрдүн (фермердик) продукциясын рынокко чыгарууда аукциондон кийинки баа менен соода жүргүзүш керек экен.

## ТУРДАКУН УСУБАЛИЕВИЧ

Урматтуу агайын туугандар. Бүгүн биз сиздер менен Кыргызстандын тарыхында өтүүчү улуу күндөрдүн бирин өткөрүп жатабыз. Биз өзүбүздүн агабыз Кыргыз мамлекетин дээрлик чейрек кылым бою башкарган, кыргыз өлкөсү, Кыргызстандагы эл-журту үчүн зор эмгек кылган адамдын Улуу урматтуу **Турдакун Усубалиевичтин 95 жылдык юбилейин** белгилөөнүн алдында турабыз. Бул биз үчүн чынында улуу күн, тарыхый окуялардын күнү болуп саналат.

Турдакун Усубалиевич чынында өзү басып өткөн жолунда Кыргызстандагы жашаган бардык эл үчүн үзүрлүү эмгек кылып келгенин баалап, ага азыркы курагында сый-урмат жасоо, ар бир кыргызстандык үчүн ыйык, адамдык парз иш катары бааланып жатат. Мындай мамиле жасоо байыркы кыргыз элинен, биздин ата-бабаларыбыздан салт болуп калган улуу мурас.

СССР бар мезгилде союздук республикалардын ичинен өз республикасына чейрек кылымга тетээрлик убакытка жетекчилик жасаган башка адам жок болгон.

Бул убакыттын ичинде республикада чарбалык, экономикалык, маданият маселелеринде ири өсүштөр болуп, коомдун өнүп-өсүшүндө тарыхта татыктуу эсте кала турган иштер аткарылды. Мамлекеттүүлүк чыңдалып, өлкөдө биримдик, ынтымак болуп, түндүк-түштүк деп бөлүнүү, трайбализм сыяктуу адамдарда кийин жаңы пайда болгон терс көрүнүштөр жок эле.

«Мен иштеген жылдарда республикада 150 өнөр жай объектилери курулду, алардын ичинде Токтогул, Күрпсай, Таш-Көмүр, Шамалды-Сай, Үч-Коргон ГЭСтери , Майлы-Сай электролампа заводу, Канттагы цемент шифер комбинаты, Токмоктогу айнек заводу», - деп жазат эскерүүлөрүнүн биринде Турдакун Усубалиевич.

Турдакун Усубалиевичтин мезгилинде кадр маселесине олуттуу көңүл бурулду. Ал мезгилде жөнөкөй катардагы адамды окутуп, ишке үйрөтүп, анан улам жогорулатып отуруп, чарба, ишканага, заводго, районго, областка, республикага жооптуу орундарга алып баруучу. Иште катуу тартип, жоопкерчилик, таза болуу, адилеттүүлүк жана катуу талап бар болучу.

Мындай мамиле биринчи иретте өзүнө мүнөздүү эле. Ар дайым кадрга катуу талап коюу менен номенклатурадагы кызматкерлерди Борбордук Комитетте атайын кабыл алып, аңгеме өткөргөндө ар дайым «иште таза болгула, таза болбосоңор биз силерди сактап кала албайбыз» деп кайрылчу. Өзүнө да катуу талап коюучу, 75 жана 80 жылдык юбилейин өткөртпөй койду, мамлекеттин эң жогорку сыйлыгы болгон «Кыргыз Республикасынын Баатыры» наамы берилгенде, «Ак Шумкар» орденин тапшырууну эң жөнөкөй өткөрдү. Ушундан улам өлкөдө көпчүлүк эл бул иш-чаранын өтүп-өтпөгөнүн билбей да калышкан.

Кыргыз элинин рухун, Кыргыз Республикасынын маданиятын көтөрүү максатында азыр Бишкекте шаардын көркүн ачып турган жети катар өкмөт үйүнүн имараты, ошол кездеги Ленин атындагы, азыркы Кыргыз Республикасынын тарыхый музейинин курулуштары, Кыргыз Улуттук Филармониясынын, Кыргыз, Орус драмалык театрлары, Улуттук китепкана, Чернышев китепканасы, Искусство музейи жалаң ак мраморлордон капталып жаркырап, кыргызга түбөлүктүү кызмат өтөп турат. Ошол мезгилдерде Фрунзеге союздук республикалардын биринчи катчылары семинарга чогулушуп, алардын тобу бир добуштан «Фрунзени мрамор шаары кылып салган турбайсызбы, Турдакун Усубалиевич» дешкени көпчүлүк элдин эсинде калып, азыр да айтылып жүрөт.

Бул гана эмес турак жай проблемасын чечүү максатында Бишкек, Ош, Токмок, Жалал-Абад сыяктуу ири шаарларда турак жай куруу иштеринин **негизи түзүлгөн** эле. Ушундан улам азыркы заманга туура келген көптөгөн турак жайлуу микрорайондор өсүп чыкты.

Кыргызстандын «башкы прорабы» делип айтылган сөз да бекеринен чыкпаса керек. Себеби, негизги чоң курулуштардын дээрлик бардыгында тең иш жыйынынан өзү катышып өткөрчү. Өзбекстандын президенти Ислам Каримов гидроэнергетикалык ресурстар тууралуу маселеге токтолуп жатып, «Мен Кыргызстандын мурдакы жетекчиси Турдакун Усубалиевдин бул темага эмнеге көп токтолуп

жатканын билем. Мен ага түшүнөм. **Бул адам Кыргызстандын тарыхы болуп саналат.** Республиканы эмне менен алып чыгууну билет, **өз өлкөсүнүн күчтүү экономикалык жагын билет, ал анын артыкчылыгы»** деп айтканы бар.

Кыргыз бермети болгон Ысык-Көлдү курорттук аймакка айландырууда чоң эмгек жасады. Мында Аврора, Көгүлтүр Ысык-Көл санаториялары жана башка эс алуу жайлары өсүп чыкты.

Бишкек - Быстровка магистралдык жолу азыркы учурду алдын-ала түшүнгөндүк менен салынган десе туура болот, болбосо бул магистралды азыр жаңы баштоого аргасыз болмок экенбиз.

Нарын районундагы Куланак каналынын курулушу аяктап, алгачкы суу берилген жылы бизге келип ДХ-2 деген участокто сугат иши менен таанышып, сугатта ала калган жерлерди көрүп, улам арылап, ала жерлерге секирип аттап өтүп жатты. Узатып жүрүшкөн областын, райондун жетекчилери болсо а деген-де тарткынчыктап, анан баары Турдакун Усубалиевичти туурап, ала жерлерди секиришип өтүп жатышты.

Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчысынын мынчалык көргүсү келип, кызыгып кароосунда негиз бар эле. Куланак өрөөнүндө эч кимге пайдасы жок, кызыл чопо, туздуу шор каптап жаткан 5000 гектар жер бар болучу. Бул өрөөндү адамга кызмат кылуу милдетин Турдакун Усубаливич өзүнө алган. Бирок ошол кезде республикада чоң кызматтарда отурушкан адамдардын айрымдары каршы чыгышып, борбордук комитеттин пленумунда маселе көтөрүшүп, «жараксыз иш» башталып жатканын көрсөтүшүп «сындап» чыгышкан.

Турдакун Усубалиевичтин баткакты кечип, күүлөнүп секирип өтүп жаткан өз аракетинде натыйжа болобу-жокпу деген тилек-үмүттү текшерүү эле.

Кийин 3 жыл өтпөй кайрадан бизге келип калды. Мурда шор басып «кекиреден» башка эч нерсе чыкпаган талаа-массивдерди көрүп, көпкө кыдырып, көйкөлгөн бедени арасында туруп, «беденин башын сылап» - «академиктер артта калышкан го, илимдин кандидаттыгын мына ушул өндүрүшчүлөргө бериш керек турбайбы,» - деп өзүн тегеректеп курчап тургандарга тамашалап кайрылды.

Азыр Куланак-Учкунда жашоо өзгөрүлүп, эл «жалкоо, жамансыңар» деген сөздөн кутулушту. Тоют Куланак элин эле эмес, азыр башкаларды да, өзгөчө шаарлыктарды, тоют начар зоналарды камсыз кылып жатышат.

Турдакун Усубалиевич! Сиздин бүткүл өлкөбүз үчүн чейрек кылым жасаган ишиңиздин миңден бири эле, жөнөкөй гана келтирилген мисал эстелип жатат.

Бүгүн урматтуу Алмазбек Шаршенович, сизге атайын кайрылуута туура келип жатат. Сиз Турдакун Усубалиевичке сый, урмат көрсөтүп туура иш жасадыңыз. Учурунда Турдакун Усубалиевич жалган, ушак, жалаа жабууларга кабылып, адилетсиз айыптоолорду өткөрдү. Бирок анын баарын **өзүнүн темирдей эрки, таза, ак, адилет иши менен жеңген.**

Республикадагы эстүү-баштуу, өлкөгө көп кызмат өтөшкөн, улуу муундагы адамдардын атынан Сизден өтүнүп сурай турган милдет турат. Турдакун Усуба-

лиевичтин мурдатан белгиленип жаткан өлкөнүн алдында сиңирген зор, адилет, таза эмгегин эске алып, сый катарында, жалпы элдин атынан өзү «прораб болуп» жүрүп курдурган «Республиканын Тарыхый музейин» Турдакун Усубалиевичтин ысымы менен атап жүрүүгө жардам берүүңүздү сурайбыз.

Бишкек Кыргызстандын борбору. Мында **тээ алыстан, жакындан көп адамдар келишет. Музей менен, андагы кыргыздын тарыхы менен таанышышат. Өзүн сыйлаган, улуу адамын сыйлаган эл экен деп биринчи эс тутумунда калтырышат. Кыргыз улуусун сыйлаган эл экен, акылдуу эл, адилет эл экен деп таанышат.**

* * *

Бул текст мурда Турдакун Усубалиевичтин 95 жылдыгын белгилөөнүн алдында даярдалды эле. Бирок эч жерде окулбай калган. Юбилейлик иш-чара да өткөрүлдү. Филармонияда жана президенттик жайда болду, бирок, эки жерге тең ден соолугуна карап, Т. Усубалиевич катыша албай калды, эки иш-чара тең өтө жогорку деңгээлде болуп президенттик жайда катышуучуларга тамак жана мыкты ырчылардын концерти берилди.

Кийин Турдакун Усубалиевич көз жумганда Ала-Тоо аянтында чоң коштошуу болуп, анда Президент да, Жогорку Кеңештин Төрагасы да, Өкмөттүн башчысы да чыгып сүйлөштү, эл чынында жык жыйма болду, көрүстөнгө автобустар менен бардык, топо салдык, өзүнүн өтүнүчү бар экен сөөк байбичесинин жанына коюлду, кайра келгенде топо салууга баргандар чогуусу менен келишип куран окулду, ошентип бул кыргыздын улуу адамы менен коштоштук. 2015-жыл, Бишкек.

* * *

Кийин 2016-ж. январда болсо керек, мен тарыхый Музейге бардым, уулум Камчыбек менен бирге, дем алыш күнү эле, бирок, музейдин абалына ичимден наарazы болдум, мен андан кыргыздын эски жаман боз үйлөрүн гана көрдүм, маданият чыны менен өтө төмөн түшүп калыптыр, музейге келгендер «байкуштар» ушундай экен да дегендей эле болуптур!

* * *

Быйыл болсо тарых жана маданият жылы болсун делип жатат. Тарых музейи боюнча да иштер жүрөт деген чоң үмүт турат.

## ЭМИ ОКУМУШТУУЛАРГА, КООМДУК, МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕРЛЕРГЕ, ӨНДҮРҮШЧҮЛӨРГӨ ДА СӨЗ БЕРЕЛИ

**Дүрболоң Мамбетов** – (1931-1970). 21-22-сентябрь 2012-жылы профессор Үсөн Асанович Дүрбөлөң акеге арнап "40 жыл бою унутулган никролог" деген темада китеп чыгарган. Мына ушул иш-чарага арналып Дүрбөлөң Мамбетов атындагы орто мектепте чоң жыйын болду. Мурда мектепке аты берилгенде той өткөрүлгөн болучу. Ага облустан, райондон бүт жетекчилер, Нарын, Ат-Башы жергесиндеги моңолдорлор, Оңтон, Бишкектен туугандар келишкен. Эл абдан көп болгон. Ал кезде мен Тогуз-Тородон келип, калган учур эле. Мектепке ат коюу салтанатын ошол учурдагы партиянын Нарын райкомунун биринчи катчысы Төлөбек Өмүралиев ачып, мүрзөгө куран окулган. Кайындыда болсо жыйырмадан ашык боз үй тигилип, улуттук оюндар өттү, аламан байгеде Ош зонасынан келген карыя Бусурманкулов Иманкул ата башкы байгесин берген. Үй тигүү, мал союу, конок тосууну уюштурууда союл уруусунун эстүү адамы Жакыпов Бейше акенин эмгегин бүгүн айтпасам орунсуз болчудай. Кабар берип чогултууда Араке уулу Асейиндин аракети болгонун инилери да билүүсү керек.

Агабыздын өмүрү өтө кыска болду. Мындай болууга негизинен үч себеп болгон деп ойлойм. Биринчи себеп, бул студенттик мезгил. Ал учурда турмуш оор эле. Студенттер болсо куржунду ийинге илип алышып, окуп жашоо өткөрүшчү. Экинчи себеп, орус тилин билүү эле. Дүрбөлөң аке алыскы тоолордун арасындагы туюк коктуда жашап өстү. Университетке баргыча орус тилин билүү эмес, орустун өзүн көрбөсө керек.

Мына ушул оорчулук сергек, сезимтал, максаттуу жаш жигитке жетиштүү чоң түйшүктүү азапты, күн же түн тынымы жок, ичээрге оокаты болсо да курсакка, ден соолукка карабай окуду.

Үчүнчү себеп, бул баарыдан оор себеп эле. Талантуу жаш жигит, илимдин түбү жок чексиз мейкиндигине кирип алып, жаратылышта адамга белгисиз кубулуштун бардыгын эрте сезип калып, аны далилдеп чечүүгө өзүнүн калган өмүрүн бүт арнаган экен.

Дүрбөлөң акенин ушул машакаттуу, ары түйшүктүү жылдарында бир гана жолу кубанычты, бакыттын жышаанын сезген учуру болгон тура. Ал качан Каспий деңизинин аймагындагы Кара-Богаз-Гөл аттуу булуңунда өтүптүр. Мында Какшыган Кызыл-Чөлдү басып өтүп, өзү божомолдогон кубулуштун табигый шартта да бардыгын ядролук эсептегичтер кайталап көрсөткөндө Дүрбөлөң аке "жаш балача каткырып" бийик үн чыгарып кубанган дешет экспертте чогуу болгондор. Чынында мына ушул өтө оор, узак жылдар өмүрдү кыскартып, өтө өкүнүчтүү жасады көрүнөт.

## Ачылыштын маңызы тууралуу

**Үсөн Асанович** бул тууралуу китептин автору катары даана айткан эле. Китеп орус тилинде болгондуктан божомолдоп болсо да түшүндүрүүгө аракет жасайын.

Эксперименттеги натрий сульфатынын кристаллогидратынан ($Na_2So^4H_2O$) суу молекулалары буу болуп бөлүнгөндө кристаллогидрат электрондук агымдын булагы болуп калат. Ал эми суу молекулаларынын акыркысы буу болуп учуп бүткөндө электрондук агым токтойт, кристаллогидратта өзүнөн-өзү кыйроо жүрүп, кристаллдын таш-талканы чыгып ун сыяктуу болуп калат. Мына ушул кубулушту окумуштуулар Мамбетов "Эффектиси" деп аташкан.

Өзүнүн кыска, көз ачып жумганча өткөн өмүрүндө акебиз, илимдин туу чокусуна жеткен, дүйнөлүк илим дүйнөсүнө өтө тааныш адамдар менен тыкыс байланышта болгонун белгилегим келет. Социалисттик Эмгектин Баатыры, Мамлекеттик сыйлыктардын ээлери, эки жолудан Ленин ордендерин алышкан Алексей Шубников, Тетр Рудин (бул киши да "Эффект Ребиндер" делип таанылган) жана Нобель сыйлыгынын ээси, Ленин сыйлыгын алган, эки жолку Социалисттик Эмгектин Баатыры, жети жолку Ленин ордендүү Н.Н.Семеновдор менен жана да башка СССРге, дүйнөгө белгилүү болгон окумуштуулар менен байланышта болуп, акылдашып жүргөн экен. Муну менен мен "кап" бири кем дүйнө деген өкүнүчтү гана айткым келет. Акебиз аман болуп, ушул өңдүү улуу даражаларга жетсе эмне!

Академик, доктор, профессор, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти Жапар Текеновдун мындай эскермеси бар, "Петр Александрович Ребиндер Дүрбөлөң Мамбетов менен жолугуп, докторлук диссертациясы тууралуу сүйлөшкөндөн кийин минтип айткан экен": - мен Советтер Союзунун Орто-Азиядагы союздук республикаларынын окумуштууларынын бир тобун билем, тааныймын жана сүйлөшкөнмүн, бирок Дүрбөлөң Мамбетовдой билимдүү кишини кезиктирген эмес элем, - деген экен.

Илим дүйнөсүндө Дүрбөлөң Мамбетов деген аттын жанына "Эффект" деген аныктамасы бар азырынча Кыргызстандагы жалгыз окумуштуу! Мен бүгүн бул сөздү атайын айтып жатам, себеби, Дүрбөлөңдүн бул өмүрү азыркы да, кийинки да муундар үчүн өрнөк болууга тийиш. Азыр болсо жаштар физика, химия эмес, көркөм адабиятты окубай калышты.

Үсөн аке! Сизге терең ыраазылык билдиребиз. Дүрбөлөң акени бүгүн азыр кайрадан тирилттиңиз! Сиздин жасаган, аткарган ишиңиз болду. Себеби, Сиз мындан 40 жылдан ашык убакытта жазылган, илим талаасындагы оор иштерди чогултуп, көбүн убара тартып издеп таап, жыйынтыгы чыкпай жолдо калган, жумуш болсо да биз үчүн бүткөн иш катары жеткизип олтурасыз!

Сизге тизеңизге чейин башыбызды ийип таазим жасайбыз! Кыргыз эли үчүн башка да чоң арбын иштерди жасадыңыз. Өмүрүңүз узун болсун, Сиздин уулкыздарыңыз, сиз билим берген кыргыздын уул-кыздары ишиңизди улантышып, сиз баскан из менен кыргыз эли үчүн чоң-чоң иштерди жасашсын!

* * *

Мектепке чоң иш болуп калсын деп, мен Нарындан 20 тонналык чоң автокран алып келип, Дөбөлүдөгү Кызыл-Дөбөнүн айланасынан, Нарын дарыясынын жээгинен жаратылыш өзү келиштирип жасаган эбегейсиз чоң ташты алып келип мектептин аянтына түшүрдүм эле, бетинде жылы, бул жумуштун максаты көрсөтүлгөн, зор таш азыр да өзүнчө бир эстелик болгонсуп турат, кийин мектептин стандарттуу имараты салынганда өзүнүн татыктуу ордун табат деп тилек жасап жүрөм. Жыйынды ачуу салтанатында окулду эле, кыскартылып берилди.

* * *

**Эсенгул Ибраев** – (1934-жыл март), Кыргыз Мамлекетинин Эл акыны. Каза болгон жылыңды жазбадым, анткени сени антүүгө кыя алган жокмун, өзүң болсо "Эсенгул деген ар дайым Эсен болгон өлбөс атты, өзүңдү да өлбөс кылып жараткансың". Сенде 20 жаштын ары-бери жагы болсо керек, комсомолдун шаардык конференциясы эле сен сүйлөп жатасың, анда да Калашников автоматындай тарсылдата сабап сүйлөп жатасың, бул менин биринчи эс тутумумда калган элесиң болучу. Кийин мурдагыдан мурундун учу саал билинер билинбес болуп узарып калды, мурда сезилчү эмес. Сени көрүп Пушкиндин жаш чагындагы сүрөтүн элестетүүчүмүн, көпчүлүк учурда сени көрүп Пушкин келе жатат дечүбүз. Кийин 70 жаштын ары-бери өйүзүндө өз чыгармаларыңдын узактыгына карабай, анын 90 пайызын жатка айтып калдың, анда Саякбай атага теңеп "алп акын" деп түшүнчүмүн. Бакыт издеп мен деле, кышта-жайда кыйналып, "ыр багып жүрөм" дечү элең.

60 жашыңда биз Нарындан чарба жетекчилеринен жетөөбүз баргандыз, куттук айттык. Анан бүгүнкү лира дүйнөсүндөгү чоң кечеңе келдик, сага кошулуп, кулакты эле эмес, бүт жан дүйнөнү төшөп сенин кереметтүү саптарыңды уктук, сени менен кошо толкуп, небир учкул, небир терең, адамды эч нерсеге алаксытпай жетелеп кете турган сыйкырлуу сапттарыңды уктук, сени менен аз болсо да бир болуп кошо толкуп, сенин ыр дүйнөңдүн чалкып жаткан учу-кыйры жок океанында, бирде ээ-жаа бербей күрпүлдөгөн толкунуңда, бирде мемиреп жан жыргаткан тынчтыгында болдук!!!

Ошондогу лира кечең үчүн кыргыздын улуу сыйын – ак калпагын, жаратылыш, Алла-Таала берген талантың улам жашарып, жаңырып элик сымал ыргып турсун деп элик саптуу камчы алып келдик, 60 жашка келип калдың күлүктүгүң басаңдабасын, узакка алыска чуркасын деп ак боз ат алып келдик!!! Жамынып жүрүүң үчүн жакасы айтылуу Ташчайнардын, эки өңүрүнө Акбаранын терисинен алынган карышкыр ичигин (карышкыр өзүңдүн Баш-Нуранда кышкысын карга оонап, кара көк болуп кулпунуп турган маалында алынган экен) жаптык.

Сени менен Эсеке жана түбөлүк жарың Саткын менен көз ирмемде биринчи бетме-бет болуп сыр чечишкен маалыбыз болду эле, ошондон бери үй-бүлөдө катыш болуп, жакшы мамиледе жүрөбүз. 2016-жылы уулуң Кумар үйлөнүп, Саткын, Кумар уулуң чоң тоюна чакырышты. Тойго катышып эбегейсиз канааттануу алып, сени менен учурашкансып калдым!

* * *

27.10.2012-жылы **Жогорку Нарын каскаддары.** Нарын жергесинде эч тартынбастан айта турган Улуу курулуш иши башталып жатат. Бул Нарын жергесиндеги эл үчүн эмес бүтүндөй кыргызстандыктар үчүн чоң ырыскыны, байлыкты алып келүүчү курулуш! Улуу Нарын дарыясы канчалаган кылымдар бою адам баласы үчүн көп кызмат жасап келди. Бирок азыркыдай чоң маанидеги, адамдын түздөн-түз жашоо-тиричилигине таасир этүүчү кызматты, эгерде өлкөдө тынчтык, биримдик болуп турса, мына азыр керек болуп турган учурда көрсөтө турган болуп жатат.

Мен башкы ыраазычылыкты биринчи иретте өлкөнүн биринчи адамына, Президентибиз Атамбаев Алмазбекке айткым келет. Жалгыз мына ушул адамдын аракети менен Улуу орус эли менен начарлап, туурасын айтканда үзүлүп калган достук мамилени ордуна койду.

Экинчиден, Нарын дарыясында мынчалык чоң көлөмдөгү ишти аткаруу Кыргызстандын өз колунан келбейт эле. Ошондуктан, орус мамлекетине эң туура кайрылып, туура иш жасады, орустарчалык түз, туура мамилени башка мамлекеттерден издөө орунсуз болуп калаар эле!

Үчүнчүдөн, Нарын дарыясында мындай курулуш иштердин жүрүшү азыр өз мезгилинде, Кыргызстандыктарга өтө керек болуп турган учурга туура келип жатат. Өлкөдө мамлекеттин байлыгын түзүп жаткан өндүрүштүк мамилелердин быт-чыты чыгып, элге эч пайда жок болуп, дайынсыз жоголду, элдин бери болгондо 80 пайызы өндүрүшсүз калды, элде жашоо-тиричилик начарлап, ызы-чуулукка, кайдыгерликке, мансап үчүн, бийлик үчүн көзүн кызартып, элге ыргыткан болоор-болбос алдооч баштыкчага көз каранды болуп, алардын ырын ырдаган, **бактысыз** адамдардын санын көбөйттү!

Бүгүн курулушу башталып жаткан жумуш болсо, адамдарга чоң келечекти ачат, жумушчу орун берет, жыйынтыгында түз, калыс, ак-караны баалап билген, жаман-жакшыны ажырата билген, **акыл-эстүү байыркы кыргыз элин** жаратат.

Орус элинин кыргыз элине буга чейинки өткөн кылымдагы, мурдагы совет бийлигинин учурунда жасаган достук мамилесин, кыргыз элинин мамлекет болуп калыптанышына, анын экономикасынын, илим-билимдин, маданияттын өнүгүшүнө кошкон салымдарын кыргыз эли туура баалап билишет деп айткым келет. Бирок, кийинки эки он жылдыкта мамиле солгундады. Мында күнөө орус мамлекетинде эмес, күнөө бизде болду, кыргыз мамлекетинде болду.

Мен бүгүн жакында түзүлгөн, азыр өнүгүп бара жаткан орус мамлекети менен экономикалык жана саясий мамилелерди гана эмес, биздин чакан өлкөнүн коргоо коопсуздугу боюнча да мамиленин өнүгүшүн биздин эл туура кабыл алышып, колдоп жатышканын да баса белгилегим келет.



Ажыбай баласы Калназар
(1892-1977-жж.)



Өмүралы кызы Калыйча
(1938-1998-жж.)



Ажыбай баласы Калназар
(1892-1977-жж.)

**Тилемиш кызы**
**Салкын**
(1895-1943-жж.)



Кайып
(1936-ж.)



Калыйча
(1938-1998)



Гүлнара



Жолдошбек



Анара



Динара



Чынара



Камчыбек



Калназарова Калбүбү, эжем (1921-1998)

Мамырбаев Арыз, жездем (1915-1981)

**Балдардын үйлөнүү тойлору**



Жолдошбек, Гүлнара



Анарбек, Гүлнара.



Омор, Анара.

*


Туратбек, Динара.


Руслан, Чынара.



Камчыбек, Нурзада.



Калыйбүбү Апам Назбүбү Калыйча



Мен, атам Калназар, апам Осуйпа Бокубай кызы, кызым Динара (1973-ж.)



Калыйча, Табылкан эже ооруканада. (1983-ж.)



Кудалар: Токтосун, Бакиза, Гүлай (жээн), Мен, Аманкул.
(2008-ж.)



Райондун депутаттары менен солдон оңго
Зина, Кайып, Зинаида, Алтымыш, Турдакун, Күмөндөр.
(1990-ж.)



Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы Т. Усубалиев Куланакта, солдон оңго:
А. Асаналиев, М. Жунусалиев, Т. Усубалиев, К. Тыналиев, К. Усенов жана К. Калназаров.
(1975-ж.)



Жогорку Кеңештин депутаттары (1990-1995)
солдон оңго: М. Эсеналиев, К. Калназаров, Б. Молдогазиев, А. Казыбаев.



«Дөбөлү» деп, жаратылыш өз колу менен жасагансыган, кол менен сапырып, кызылдап, жоробун алып, кызылдын куйругун өзүнчө чыгарган кырмандагы дан эгининин элесин берген дөбөдөн улам аталган (2013-ж.)



Дөбөлүдө маданият үйү.
1972-жылдан мурда Ө. Жапаралиев салдырган.



Ө. Токтосунов атындагы орто мектеп, 1990-жылы жаңы курулган.



1986-жылы Кайындыдан академиянын питомнигинен жаш учурунда алынып келип отургузулду эле, азыр аягы клубдан да ылдый өтүп өсүп жатат, сүрөттө 2015-жылдагы көрүнүш.



Чоң-Капчыгай, Коркурак. 1985-жыл. Декабрь, январда Осмонов Кудайберген баш болгон алты колхоздун мүчөлөрү барышып, карагайын даярдап, 1986-жылы бүтүрүшкөн. 1995-жылы ал көпүрө эскиргендиктен заповедник 35 метр узундуктагы жыгач көпүрө салган, улам жаңыртылып турат. Нарын дарыясы эки жагынан кысылган зоонун ортосунан албууттанып мөңкүп өтүп жатат. Сүрөттө: жыгач көпүрөнүн көрүнүшү жана Калназаров К.



Куланактагы арпа аянтында. Солдон оңго:- А. Асаналиев, К. Калназаров, Ж. Акималиев, башкы агроном М. Азыкбаев (1975-ж.)



Кайып, Тынчтыкгүл, Калыйча. (1976-ж.)




Калыйча, Сарыбай жана Керээз балдары менен



Гүлнара, Кайып, Назгүл, Калыйча, Базаргүл, Жолдошбек, Анара. (1987-ж.)



Бабаев Мукамбет согушта, 1942-ж. каза болгон.



Калыйча Трусковецкиде. (1980-ж.)



Тойгонбай, Гүлнара, Кайып, Анара, Камчыбек. (1983-ж.)



Элиза
(1986-ж.)



Жолдошбек
(1962-ж.)



Камчыбек, Ысык-Көл, Алмазный пионер лагери.
(1979-ж.)



Неберелер: Асел, Элвира, Чыңгыс, Аман, Аира, Азамат, Назгүл менен. (1990-ж.)



Калыйча, Тынчтыкгүл. (1958-ж.)



Гүлнара, Жолдошбек окууга даярдык. (1966-ж.)



Курорт Жалал-Абад, Калыйча, Кайып.
(1981-ж.)



Клара, Калыйча, Тенис, Кайып.
(1968-ж.)



Жолдошбек, Камчыбек (1982-ж.)




Аселдин тоюнда. Биз Жылдызбек куда, Белек кудагый менен
(2015-ж.)



Жолдошбек, Гүлнара балдары менен.
(2013-ж.)



Омор, Анара балдары менен.
(2017-ж.)



Туратбек, Динара балдары жана небереси Алинур менен.
Байтеңир болсо сүрөткө түшкөндөй болгондо келет.

**



Руслан, Чынара уул, кызы жана небереси Амир, Айлун.
Айшам сүрөткө түшкөндөй болгондо келет экен.




Камчыбек, Нурзада, Элина мени менен.
(2017-ж.)



Марат, Динара уулу жана кыздары менен, ортодо Айбике.
Нурзада келин колу бош эмес экен.(2015-ж.)



Ийри-Суу, бугу мүйүзүнүн баркут учурун көрүү.
Карып С., Мукаш Э., Кайып К., Күмөндөр У.




Сейталы, Садык акелер жана Кайып байбичелер менен Чолпон-Атада курортто.



Мен, Адамкул жана Токтусун куда.
(2012-ж.)




Анара, Кайып, Калыйча, Жолдошбек, Руслан, Чынара, Динара, Мурат, Жетибай.



Анара кызы Элиза менен.




Сейталы, Садык акелер жана Кайып байбичелер менен Чолпон-Атада курортто.



Мен, Адамкул жана Токтусун куда.
(2012-ж.)




Анара, Кайып, Калыйча, Жолдошбек, Руслан, Чынара, Динара, Мурат, Жетибай.



Анара кызы Элиза менен.



Англия. Стретфордго жакын жердеги Бамфорддун чарбасы 09.07.1994-ж.



Англия. Стретфорд-на-Эвоне 8.07.1994-ж.
Мындан оң жакта 100 м. жерде Шекспирдин музейи,
туулган, жашаган үйү бар. Ошондон келе жатып....



Кудалар Кайып, Аманкул, 2017-ж.



Кайып, Жогорку Кеңештин депутаты.
(1990-1995)



Англия. Стретфордго жакын жердеги Бамфорддун чарбасы 09.07.1994-ж.



Англия. Стретфорд-на-Эвоне 8.07.1994-ж.
Мындан оң жакта 100 м. жерде Шекспирдин музейи, туулган, жашаган үйү бар. Ошондон келе жатып....



Кудалар Кайып, Аманкул, 2017-ж.



Кайып, Жогорку Кеңештин депутаты.
(1990-1995)



Чоң-Капчыгай, Кызыл-Омполдун көрүнүшү 4622 м.



Чоң-Капчыгай, Үмөт.



Жапайы текелер.



Бугу, марал питомниги.



Илбирс. Улан өрөөнү 2016-ж. Видео көзөмөл.



Бугунун жаш учуру.



Чоң-Капчыгай өрөөндү туман каптап турган учуру.



Куланак, Кутурган кыштоосунда кыштын башталышы.



Илбирс. Улан өрөөнү 2016-ж. Видео көзөмөл.



Бугунун жаш учуру.



Чоң-Капчыгай өрөөндү туман каптап турган учуру.



Куланак, Кутурган кыштоосунда кыштын башталышы.



Нарын дарыясынын башкы агымы.



Мен балдарым, неберелерим, чөбүрөлөрүм менен. 2017-ж.

**Урматтуу Алмазбек Шаршенович!** Мен сизге кайрылып аттап өтүп кетүүгө болбой турган дагы бир маселеге кайрылайын дедим эле. Өлкөдө өтө оор, мамлекет үчүн мурда басып өтпөгөн жолду – демократиялык жол менен өнүгүүнү, парламенттик жол менен мамлекетти башкаруу тандалып алынды. Мен бул тандоолорду туура деп эсептейм жана колдоймун.

Бирок өлкөдө парламент фракцияларынын мамлекеттик кызматтарда орундарды бөлүштүрүүсү өтө олуттуу зыяндарды келтирип жатат. Конституция – чарбалык жумушту уюштурууну Өкмөткө берди. Өлкөдө болсо иштердин жакшы же жаман болушуна Өкмөт жооп берет. **Ал эми кызматтык жооптуу орундарга адамдарды фракция партиялар тандайт жана коюшат.** Мындай шартта мамлекет үчүн өтө зыяндуу жери чечүүчү орундарга **татыктуу эмес, ишти билбеген** же **өтө жөндөмсүз** адамдардын келип калышында болуп жатат. Мындай кокустан келип калган адамдардын ишке **жөндөмдүүлүгүн баалап билгиче убакыт күтпөй өтүп кетип,** иш болсо үзгүлтүккө учуроодо.

Бул өтө татаал оор ишке мамлекеттин башчысы катары кийлигишип, ишке зыян келбей турган жолун таап, зарыл болсо законду иштин кызыкчылыгы үчүн кызмат жасачудай түз жолго салууга жетише аласыз деген ойдомун.

Илгери бир эстүү адам бардык эле "сулуу" сүйлөгөн адам өндүрүштү туура уюштуруучулар эмес. Өмүрүндө "классом болбогон" адам жетекчи болсо, ал "будаланып" жатып иш оңдогончо убакыт турбай, өтүп кетип жатпайбы дечү эле өлкө, мамлекет жакшы болсо Сизге **сыйы** жана **жакшы сөзү** калат, жаман болсо наалат сөзү болот.

Бул татаал жана узак жолдун уңкул-чуңкул жери, түзү көп. Ошондуктан, эң башкы багыт, маселенин чоңу болсо да, эң кичинеси болсо да **мыйзамдуулук** менен баруу - элди да, партияларды да, партиядагы фракцияларды да, оппозицияны да мына ушул **мыйзамдуулукка тарбиялоо, калыптоо** мамлекет башчысы катары эң ыйык, өтө жооптуу жана түбөлүккө кыргыздын мындан аркы өнүгүү жолунда **чыныгы революциялык жолду** басып өткөндүк болот. Бул максаттын сизде бар экенин мен сезем, чечкиндүүлүктү да каалар элем!

Эгерде сөздүн туурасын айтып, калыстык менен сүйлөсөк **Ленин заманы бизге жакшылыкты** гана алып келди десек туура болот. Азыр Ленин заманына сын айтуучулар арбычу болду.

Ленин өз заманында өкүм сүргөн теңсиздикти, биринде бардыгы бар, телегейи тегиз, экинчи тарапта болсо өтө жакырчылык, айласыз күн өткөрүү болуп турганын көрүп, бул жашоодо бардыгы бирдей, тең жашоо болгудай иш жасоого аракет жасады. Зарылдыгы жок теңсиздиктин, жакырчылыктын деңгээлин токтотууда бир ооз сөз менен Лениндин көзүн тазалашканын айтуу керек, ушундай шартта пролетарлар да жөн жаткан жок. Кандай болсо да Ленинге сый болуу адилеттүү. Азыркы, кийинки муундар да Ленинге туура мамиледе болуу кыргыздын терең адамгерчилигинен кабар берет.

И.В.Сталин жөнүндө да бир ооз сөз айтуу туура болуп турат. Себеби, өзгөчө улуу орус элинде да бул адамга карата "ашык" сөздөр айтылып, каршы чаралар

да жүрүүдө. Чынында СССРде, бизде да күнөөсүз оор жоготуулар болду. Бирок, Сталин Улуу Ата Мекендик Согушта, экинчи дүйнөлүк согушта жеңишти камсыздоо менен чоң иш жасаганын да көрбөй коюуга болбойт. Эмгекчилдик акылдуу, жөнөкөй адам Шаменов Төрөгелди аке айткандай "Сталин – адамды баалай билген - адам! Мыктыларды таап, аларды өз ордуларына туура коё билгенден кечээ согушта адам баласын чоң коркунучтан сактап калбадыбы, муну ким унутат, Каке" деди эле.

**Ажымүдүнов Токон** – (1936-жылы туулган), Ат-Башы районунун Ак-Муз айылынан, Кыргыз Республикасынын жана ССРдин эл агартуусунун "мыктысы", 1995-жылы КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер наамынын ээси, физика-математика илимдеринин кандидаты, 1957-жылы Фрунзеде университеттин физика-математика факультетин бүтүргөн. 1958-жылы ушул факультеттин окутуучусу, 1964-жылы физика-математика илимдеринин кандидаты болгон. Ушул жылы Ош мамлекеттик университетинде кафедра башчысы, факультеттин деканы болуп иштеп, 1969-жылдан тартып Фрунзедеги Политехникалык институттун кечки жана сырттан окуу иштери боюнча проректору. 1983-1988-жж. Пржевальскийдеги педагогикалык институттун ректору. Азыркы мезгилде КМКТАУ университетинин Жаңы информациялык азыркы кадр технологиялар институтунун Жогорку математика кафедрасынын доценти болуп иштейт. Университеттин аксакалдар кеңешинин төрагасы.

Жогорку жакта да Токон акенин Жакыпбек ата тууралуу аңгемесин бердик эле, өзү түз, калыс адам, ар дайым шайыр, көңүлдүү жүрөт, эл ичинде кадырбарктуу, көп иштерге катышкан, туура сөзүн айткан адам.

**Накен Касиев** – 1947-жылы туулган, Ат-Башы районунун Ак-Муз айылы. 1970-жылы КММАсын бүтүргөн. Өлкөнүн эмгек сиңирген врачы, саламаттык сактоонун "мыктысы", саламаттык сактоо илиминин доктору, "Ардак белгиси" орденинин ээси, 1970-1973-жж. Житомир шаарында аскер бөлүгүндө врач, 1973-1975-жж. Ош шаарында врач-терапевт, 1975-1981-жж. Майлы-Сайда шаардык ооруканада башкы врач, 1984-1986-жж. Токмок шаардык ооруканасында башкы врач, 1986-1988-жж. Нарын облустук саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы, 1988-1999-жж. республиканын саламаттык сактоо министринин орун басары, кийин министри, 1999-2000-жж. КРнын мамлекеттик катчысы, 2000-2005-жж. Ош облусунун губернатору, 2005-2015-жж. КРнын премьер-министринде аппарат башчысы, онкология институтунун директору, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин төрагасы, 1990-1995-жж. республиканын айтылуу Легендарлуу парламентинде депутат.

Накен инибиздин баскан жолуна көз жүгүртүп чогултуп айтканда кубанасың, өзү ушундай кызматтарды өтө татыктуу аткарып жүрдү, Ош жергесине барып турмуштун кайнаган "өзөгүн" көрдү, түштүктөн туугандар мага кат жазышыптыр "Накен тууганыбыз биз жакка келиптир барсак кандай дейсиз" деп, мен "шартка жараша болгула, өзүңөр чечкиле" дедим эле. Акылга бай, маңыздуу сөзү бар адам!

**Байгазиев Кыдык** – (1929-2002), Нарындын азыркы Орток айылында туулган. 1970-жылы айыл чарба институтун сырттан окуп бүтүргөн, 1953-1958-жж. Нарын облисполкомунда инструктор, 1958-1970-жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде төраганын кеңешчиси, 1969-1970-жж. Ат-Башы райисполкомунда орун басар, Нарында облисполкомдо жооптуу катчы, 1976-1980-жж. Нарын районунда исполкомдун төрагасы, 1980-1982-жж. Тогуз-Торо райком партиясында биринчи катчы, 1982-1985-жж. Нарын областтык радио уктуруу жана теле көрсөтүү боюнча комитеттин төрагасы, 1985-жылы республикалык маанидеги пенсияга чыккан.

**Султанбек Райымбеков** – (1940-2002), Ат-Башы районунун Өзгөрүш айылында туулган. 1959-1960-жж. Фрунзедеги финансы-кредиттик техникумун бүтүп, 1961-1962-жж. Ат-Башы районунда, 1963-1966-жж. Нарын шаарында горФОсунда улуу инспектор, 1966-1970-жж. шаардык комсомол комитетине биринчи катчы болуп шайланат, 1970-1971-жж. Нарын ОК ЛКСМдын биринчи катчысы, партиянын обкомунун бюро мүч сү болучу. 1971-1978-жж. Нарын областтык баалар бөлүмүнүн башчысы, 1978-1987-жж. Нарын областтык советинин аткаруу комитетинин жооптуу катчысы, областтык советтин бир нече жолку депутаты болуп шайланган. 1997-жылы өзү туулуп өскөн Өзгөрүш айылындагы орто мектепке ысмы берилген. Султанбек жаш болсо да ишке тың, терең акылдуу, билимдүү жигит эле, коңур күчтүү үнү бар болучу, сөзгө чечен жигит болгон. Эрте каза болуп калды. Мен Калыйча болуп көпкө капа болуп жүрдүк, жолдошу Көккөзова Айгүл, балдары Алмаз, Акылбек, кыздары Сабира, Чолпон, Айнурадан небереси бар. Алмазда Узак, Адылбай, Айсулуу аттуу кызы, Акылда Сыргак, Санжар аттуу уулдары, Жибек деген кызы окуп, иштеп жатышат.

Султанбек жаңы эле бүр чачып, турмуштун маңызына келгенде инилеринде кырсык болуп башкалар үчүн "күйүп", так айтканда жаңы болуучу кудалар тараптын "ырайымсыздыгы" болду десе болот.

Айгүл өтө эстүү адам эле, Султанбек каза болгондон кийин балдары үчүн жигит аткара албаган иштерди жасап жүрүп 2014-жылы каза болду. Биз азыр балдары менен байланыштабыз.

**Кемел Ашыралиев** – 1941-жылы Нарын районунун Миң-Булак айылында туулган. Жума Мамбетовдун 2016-жылы "Теңирим сүйгөн Теңир-Тоо" аттуу, "Принт-Экспресс" басмасында басылган китеби чыкты. Мына ушул 1000 нускада басылган чыгармада мен Кемел иниме кенен орун берилгендиктен, анын кыялындагы башка көрүнүштөрүнөн 1-2 окуяга токтолдум. Ал кезде Кемел Ак-Талаа районунда биринчи катчы болсо керек эле, ошол учурларда партиянын обкомунун экинчи катчысы Анатолий Михайлович Тараканов экөө райондун чарбаларын кыдырышып, айтылуу Кара-Көө ашуусу багытындагы чабандын коросуна барып калышат. Чабан Кара-Көөнүн жонунда жайытта экен. Чабандын жолдошу менен таанышып, ал-абалдарын сурашып, үйдө эмне бар деп Кемел сурап калат, аял жарма алып келсе, Кемел столго отуруп алып, ага талкандан чалып, кумшекерден кошуп аралаштырып, анан анын үстүнө үй ээси столго койгон жапайы карагаттын кыямын кошуп, баарын аралаштырып, Анатолий Михайлович

Таракановго сунуш жасайт. Ал сунушту жөнүнчө кабыл алып, жарманы талаа ашканаларынан ичип жүрөбүз, бирок, талканга да макул, ал эми сахар, кыямдын кошулганын көрө элекмин дейт, анда Сизге да жасайлы, чогуу көрөлү деп жанагы аралашманы ага да жасап, экөө тоюп алып кетишкен экен. Кемелдин кыштын күнү сайда жай агып көлмө болуп турган жерине суугa түшкөнүн да угуп жүрөм.

Кийин Нарын обкомунда айыл чарбасын тейлеген катчысы болуп калды, күндөрдүн биринде Казарманга чалып, эртең мен сизге бара турган болуп калдым, Кара-Көөдөн өткөндөн кийин Казарманга чейинки абалды көрүп барбайлыбы деп калды. Мен ал күнү эки жумуштан бир жумуш, мейли көрө кетели деп эрте чыктым. Дөдөмөлгө келгенде жолдо турган бир самосвал жана эки жеңил автомашиналарды көрүп өттүм эле, Кемелге жолугуп. 2-3 жерден короолорго кайрылып келсек, Дөдөмөлдөн бери Кара-Көө жаккы тараптагы тескей бетте көчкү көчүп алтын комбинатынын курулушуна жүк тартып бара жаткан автомашиналар да токтоп жол жабылып калыптыр, биз келип бери болгондо 3 саат токтоп калдык, эки С-100 булдозорлору көчкүнү күрөп жатып ачышты, а дегенде жүктүү транспорттор жөнөп, анан биз өттүк. Эртеси Аруун Аджиевдин уулу келип, кечээ жүрөктү түшүрдүңүз деп жатат. Көрсө биз Дөдөмөлдөн өтөөр замат эле "дүң деген көчкүнүн үнү чыгып, аңгычакты уюлгуган кар асманга көтөрүлүп чыгыптыр". Биз шашып калдык дейт, телефондон Казарманга чыктык, булдозорлорду козгоп сүрүп, бурулушка келсек жол жабык, биз Сизди көчкүдө калды деп коркуп жаттык, арадан 1-1,5 саат чамасында тескейдеги имерилиштин учуна барып, жогору жактан келе жаткан эки жеңил автомашинаны көрүп, саал эс ала түштүк, силер учтагы короолорго бурулганда даана аман экен деп Казарманга "отбой" бердик! деп жатат. Мурда ушул тескейден кар оор түшкөн жылы райондук аткаруу комитетинин председателинин орун басары да көчкүдөн каза болгон дешчү эле. Жолдо биз көрүп өткөн эки жеңил автомашинадагылар райондогу КГБнын кызматкерлери экен, А.Аджиевдин уулу болсо ал да КГБда иштеп, Нарынга келе жатыптыр. Ошентип, бул жолку кырсык бизди аттап өткөн болду. Кемел болсо бул жолку "доодон" кутулду эле!

Ушул эле жылы март айы болсо керек, Тогуз-Тородо кар улам оорлоп отуруп, Атай совхозунун Кара-Булак участкасында 6 короо токту-боруктун абалы оорлоп калган. Нарындан обкомдун ошол учурдагы биринчи катчысы М.Сыдыкович чалып, сага Ашыралиев барат, КПСС БКнын кишиси келет, кышкы абалды көрсөтүп, малга кошумча жем алууну чечип калалы. Сен жакшылап камын "мага коюп жаткан жерлерди көрсөт" деп калды. Комбинаттан эки С-100 булдозёрлорун жөнөттүк, бирок алар эки күн иштешип жатып Кара-Булакка жете албай коюшту, үч күн болот дегенде биз, Кемел, Атай совхозунун директору К.Акматов, ферма башчысы болуп, төрт адам ат менен чыктык, үч күн болсо дагы булдозёрлор Кара-Булакка жете элек.

Үч жигит кой короодон карда бир кишилик жол жасап отуруп, айланасы түз жерден карды оюп, эки метрлик баканды коюшкан экен, кардын бийикигин ченеп 1 метр 70 сантиметр деп жазышыптыр. Четки айылдан койлорго чейин болгону 6-7 км аралыкта биз бир күн толук кетирдик, жолду да кары тайыз деген

кыраан жерлерди тандап бастырдык, ошол кырларда кар аттын омуроосунан жогору болуп турду, бирок бизге борбордун кишиси да, М.Сыдыков да келе алышкан жок, күн сайын аба өзгөрүлүп жол бербегенден Ак-Талаадан кайра учуп кетип жатышты.

Койлор чөп, жем чачкан жерлерге жааган кар өйдөлөп көтөрүлгөн сайын, кар улам тапталып көтөрүлүп отурган экен, кармушкалар биринчи эле коюлган жерде калыптыр, чөп, жем кардын үстүнө чачылып берилип отургандыктан тапталган жердин четине да койлор чыга албайт, себеби, бош карга түшсө кайра тапталган аянтка чыкпай калат тура.

Бул жерде Кемелдин жубайы тууралуу аз болсо да сөз жазайлы. Майрам өзүн ар дайым токтоо алып жүрөт, эстүү, акылдуу адам, ыктуу учурда көбүнчө Кемелге карата орундуу, жүйөөлүү сөз айтып калат. Биз дароо эле шарактап күлүп калабыз.

**Бектемирова Айнагүл Кашкарбаевна** – 1961-жылы Ленин атындагы колхоздо колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Нарын Мамлекеттик Университетинин окутуучусу, Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн мыктысы, тарых илиминин кандидаты, доцент.

“Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары үчүн компетенттүүлүк мамиленин негизинде түзүлгөн билим берүү программаларынын эң мыкты инновациялык окуу-методикалык комплекси” сынагынын жеңүүчүсү.

**Көкотайдын небереси Ардак** - (1955-ж.) Балакыйра тукумунун айтылуу Мартабалуу Бакы бийинин тукумдары, Ардактын чоң-чоң атасы Бөлөкбайдын Көкөтай, Өмүш, Дайыр аттуу үч уулу тең 1942-жылы Улуу Ата Мекендик согушка кетишип, үчөөнө бир күнү 1944-жылы кара кагаз келген тура. Кенжекан эненин эскерүүсүндө:- Көкөтай чатыраган кызыл жүздүү, чарчы бойлуу, сымбаттуу, бажырап сүйлөгөн, ичинде кири жок, маанайы жарык адам болгон экен. Согуштан мурда айыл чарба артелинде чарба жетекчиси болуп иштеген.

Ал эми Шералы ата болсо (1926-1992-жж.) атасын тартып нарктуу, казан-аштуу, ак дил, чынчыл, эмгекчил адам болгон. Нарындагы №53 жылкы заводунда улуу жылкычы, кампачы, бухгалтер, бригадир кызматтарын аткарган, Москвага, Алма-Атага таза кандуу аргымактар менен көргөзмөлөргө барган, “Ардак белгиси орденинин” ээси, көк бөрү оюну боюнча спорттун мастери, мал чарбасынын “мыктысы” деген наамдарды алган.

Ардак болсо Нарында 1955-жылы туулган, а дегенде кооперативдик техникумду, кийин Карагандыда кооперативдик институтту 1984-жылы бүтүп, ушул адистиги боюнча иштеп келе жатат. 2008-2012-жж. Нарын шаарында шаардык Кеңештин аткаруу комитетинде төрага болуп иштеди, 2 жолу шаардык советтин депутаты болуп шайланган, азыр жеке ишкер. Мүнөзү токтоо адамга ар дайым жылуу мамиле жасап турат, кичи пейил, жолдошчул, аларды ар дайым баалай да, сыйлай да билет, сөзгө туруктуу. Ардак ырчы, мыкты үнү, аткаруучулук берчилиги да бар.

Эмки сөз өмүрлүк жары Асыл жөнүндө болсун. Кайсы жыл экени эсимде жок, ал кезде Нарында спец. больницага чогуу жатып калдым. Асыл Ардакка күн сайын тынымы жок келип туруучу, келгенде адамга ажарлуу мамиле жасап, өзүн жакшы үй-бүлөдөн чыкканын туюнтуп туруучу, мен Асыл келгенде өзүмдүн Калыйчамды көргөнсүп калуучу элем. Ардак менен Асылдын Тынчтык, Урмат аттуу уулдары, Медина, Диана, Айгерим аттуу кыздары окуп жатышат.

## "КЕР КУЛУН"

Нарындын тескейинде Данияр аттуу саяпкер адам жашаган. Бир жылы күз мезгилинде тоодогу жылкылар арасынан бир жабагы кер кулунду жакага алып келип бактырып көз салып жүрөт. Жазында баягы кулун чөпкө тоюп түлөйт, көзгө жакшы көрүнөт. Туягы түз, мойну узун, жалы жарашыктуу, башы кичине, маңдайы жазы, соорусу келишкен мал болуп чыга келет. Келечекте чоң күлүк болоорун билип Данияр ата колдон чыгарбай багат. Кер Кулун кунан чагында чабылып байге алып, атагы дубанга билинет. Кийин Тилекмат уулу Чыныбайдын ашында байгеге чабылып баш байгеге коюлган 500 дилдени утуп алат. Бул энциклопедиядан алынды.

Мына ушул учурда атагы таш жарган Кер Кулунду атам ыраматылык Ажыбай баласы Калназар көп кеп салаар эле, Кер Кулунду мамыга байлап койгондо арткы куйруктун түбү менен баштын чыкыйынын ортосу түп-түз болоор эле, жаш чакта атайын барып шыкаалап көрөр элек. Мына ошол Кер Кулундун дагы бир ашта чабылганын көргөм, анда 13-14 жашта болсом керек. Бул окуяны атамдан укканбы же санжырага материал жыйнап жүрүп укканбы, уулум Жолдошбек жазыптыр.

Дөбөлүдө Калча тукуму Коңкоштон Бактыбай молдо, андан Түгөл, Абдылда, андан Абылай, Кулуке болуп, Бактыбай уулу делет. Ошол Кулукенин Султан, Ысмайыл, кичүүсү Данияр болуп, үч бир тууган болгон. Бактыбай өзү малдуу киши болгон экен, бир жылы жылкыдагы чоң курсактуу күрөң бээси кер кулун тууптур. Ошол кулунду тай болгондо тайга, кунанында кунанга, быштысында быштыларга, аттарга кошсо такай чыгып жүрчү дешет. Ошентип, кийин "Кер Кулун" атка конуп, Нарын, Ат-Башыда, өйүздөн тынымсейит элинде да көп чабылып, байге алып жүргөн экен.

Агасынын ашына 15 күн калганда Көлдөн Чыныбай кабар берет, Тарагайда ат чабам, күлүгүңөрдү алып келгиле деп. Убакыт чукул болуп калды деп Данияр ата 30 киши менен Тарагайга аттанат. Сөөктөн ашкандагы Кызыл-Сазга боз үйлөр тигилген экен.

Атамдын айтуусунда көлдүктөр өздөрүнчө сүйлөшүп, Даниярдын бул аты карыды, өр тарттырып чабуу керек, жолду узарткыла, карылуу 5-6 жигиттердин колуна солкулдаган жапайы талдан сап жасап, аттын эки карчытын жанчып коюу керек, (бул сактык үчүн болуучу иш) деп макулдашышат. Данияр ата бул кабарды угуп, иниси Токтобектен мурда жарышта чаап жүргөн Ала аяк аттуу атын, бул саам калтырып (жарыштан), аны Токтобекке айдакчы катары мингизип Кер

Кулунга киши жолотпой коргоону чечишет. Ала аяк болсо курч өкүм ат эле дейт атам, Токтобек иниси өзү сологой кол менен бир шилтеп өткөнүн соо коюучу эмес экен. Данияр ата жол узак болуп калды, "аттын жашы да өйдөлөп калды эле" деп аттар айдакка жөнөөрдө өз кочушу менен бир кочуш күрүчтөй болгон арпаны берген экен. Аттар чыгыштан батышты карай айдалып, Уландын суусунан коё берилет. А дегенде эле Үкүнүн Керная, Тартак деген күлүктөрү алдыга кетти дейт. Кыйла жолго жеткиче Кер Кулунду тер, көбүк басып, адаттагыдай көздөн кайым болуп учуп кете албай коюптур, Токтобек ата тың адам экен, "алда Дакем ай, бир кочушту ашык берип койбодубу" деп өзү кийип жүргөн жука курткасын, андан болбогондо ак көйнөгүн чечип, аттын көөдөндөгү, соорусундагы терин, ак көбүктү шыпырып, чапкан баланы аттан алып, артына учкаштырып, тердикти алып баланын алдына коюп, дагы кыйлага жүргөндө ат торгойлоп, дырылдагансып калган экен. Ошондо шашып үлгүрбөй калабыз деп аттын ээрин кайрадан токуп, баланы мингизип, тизгинди колуна карматып, эми өзү каалаган жүрүшү менен жүр деп атка, балага бата тилеп кала берген дешет.

Көлдүн "таякттуу" айдакчыларынан а дегенде экөө келди эле, экөөн тең бирден шилтеп аттан ыргыта чапкан экен, анан экөө келгенде сак болуп качырышты эле дейт, экөөн тең ыргай сап учуна коргошун уютулган камчы шак-шак тийгенде эле аттан ооп түшүшкөн экен. Дагы экөө келип, дайыны жок качып кетишти дептир.

Токтобек аке жарыштагы аттардан улам бирин артка калтырып улам сурамжылап жүрүп олтурган экен.

Көлдүктөр "байге биздики, байгени айдата берели" деп чечишип, мурда өз айылына айдатышат. Алдыда Кер Кулундун келе жатканын угушуп, аттын жолун тосуп, марага жолотпой койгондо Кер Кулун марага айланып олтуруп келгенден көп убакыт өтүп, аттын тери кургаган мезгилде Үкүнүн биринчи аты келген экен.

Нарындыктар байгенин артынан жөнөшүп, Боз-Жалпакты ашып калышканда "байге биздики болду" дешип байгени кайтарышкан дешет. Ошентип Кер Кулун бул жолу 18 асыйында биринчи келип, баш байгеде 300 баш сары куйрук токту-борук, бир төө, бир жамбы жана бир кымкап чепкен болгон дешчү, чабылган аттын саны 100дөн ашкан экен.

Жолдошбектин айтымында Чыныбай уулу Мөөр чыр чыгарып, моңолдорлор атты жолдон кошту дегенде Токтобек мен жалгыз, Көлдөн он адам болду жана жолдо Мөөрдүн көрсөткөн кордуктарын айтканда күлүктөрдүн ээси Үкү калыстык жасап, байгени моңолдорго ыйгарган экен. Байгеден бугунун жакшыларына туудагы жамбыны, бир төөнү жана кымкабын калтырып, өзүнө бир борукту өңөртүп калганын кошо баргандарга тараткан дешчү.

Кийин биз бала чакта Кер-Кулундун баш сөөгү Кара-Таштын белинде мазарда илинип турчу эле, кийин башка аттын баш сөөгү менен алмашып калыптыр болучу.

**Аргынбаев Тагай** – 1914-жылы Дөбөлү селолук советинин Алыш айылында туулган. Согушка чейин чарбада ар түркүн жумуштарды аткарып жүрүп, 1941-1945-жж. Улуу Ата Мекендик согушта болот. 1946-1951-жж. ферма башчысы, бригадир, сатуучу, андан кийин талаачылык иштеринде 1975-жылы пенсияга чыкканга чейин иштеген. Согуштук бир канча орден, медалдары жана "Эмгек ветераны" медалы менен сыйланган. Айылдагы эстүү, жакшы сөздөрү бар, активдүү адам болгон.

**Усупов Айылчы** – (1940-2011).

Бакы атанын айдаркозу уруусунан, колхоздо кой багып, узак жылдар бою иштеди, өзү бала-чакалуу, ар дайым тынымы жок эмгек жасаган. Кой баккан адамда башкача адамдык мүнөз бар. Анын артыкчылыгы жардамчы болуп келген адамдар менен иштей билүүсү, орундуу сөзү, иши менен адамдарга туура мамиле жасап, аткара турган ишинин маанисин, зарылдыгын аткарса иш оңолуп кете турганын түшүндүрө билүү менен иш жүргүзчү эле. Мындай мүнөз өзгөчөлүк тубар кой баккандарда болушу зарыл, мал багам деген адам эгерде, жакшылыктан үмүтү болсо артыкчылыктарды пайдалана алышат. Өзүнүн туура оюн башкаларга жеткире, түшүндүрө алат, уккан адам да ынанса гана жасайт, болбосо жалкоолук, кашаңдык артка тартып, ишти аткартпай коёт. Ушундан улам акылдуу адамдар кыргыз арасындагы айрым бир жалкоо, жатак адамдарга ар кандай формада кайрылып келишкен. Айылчыда ушундай кулк-мүнөздөр бар эле. Жакшы адам болучу, башкалар да угуп сый жасап турушчу, ага ишенишчү. Айылчы айтканын орундатат дешчү. Чарбада болсо алдыңкы топто жүрдү.

**Кадырмамбетов Абдыбек** – (1936-2012). Бир сырдуу адам болучу, колхоздо көп жылы тубар кой бакты. Абдыбектин башкалардан айырмачылыгы бар эле, ал малдан карыш алыс чыкчу эмес. Ушундан улам аны издеп баргандар көп убара болбойт эле, жайкысын жайыттан, кышкысын короодон койдун жанынан табышчу. Экинчиден көңүлүнө туура келбеген адамга кайрылып мамиле жасачу эмес. Андай адамдар менен "кескин" гана ооз учунан сүйлөшүп мамиле жасачу. Бизде фермада "Б" аттуу адам менен сүйлөшүүчү эмес, ага түз эле, жада калса чын сөзү жок деп туруучу. "Култуңдап" турат, иш жасайын деген "ак ниети жок" дечү.

Өз өндүрүшүнө тың болуучу, колхоздо эң алдыңкы болбосо да ошол топто чогуу жүрдү.

**Усубалиев Эсек** – 1932-жылы Нарын районунун Дөбөлү селолук советиндеги Кеңеш айылында туулган. Ал өзүнүн бүткүл эмгек жолун 43 жыл бою бир кесипте шофёр болуп иштөө менен өткөргөн.

Жасаган үзүрлүү эмгеги үчүн III даражадагы "Эмгек даңкы" ордени, "Эмгектеги каармандыгы", "Эмгектеги артыкчылыгы" жана "Эмгек ветераны" медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак Грамотасы менен сыйланган. 1992-жылдан пенсияга чыккан. Эсек өтө ишкер, так, түз адам болгон.

**Жангазиева Чүкүнай** – 1930-жылы Нарын районундагы Үч-Нура селолук советинин Коңур-Дөбө деген жеринде туулган. 1950-1965-жж. Ленин атындагы колхоздо ар кандай жумуштарда, тоок фермасында, чабан болуп иштеген. 1966-

1988-жж. сүт фермасында саанчы болуп иштеп, көп жакшы көрсөткүчтөрдү жараткан. Үзүрлүү эмгеги үчүн, "Эмгектеги каармандыгы үчүн", "Эмгек ветераны" медалдары менен сыйланган.Жангазиева Чукунай 1960-жылы райондук, 1966-жылы областтык советке депутат болуп шайланган.

**Аракеев Абдраман** – 1923-жылы Дөбөлү айлында туулган, билими жогорку, адистиги боюнча математик. 1930-1931-жж. Дөбөлүдөгү медреседе окуган. 1941-жылы мугалимдерди даярдоочу курсту бүтүрүп, 1941-1945-жж. Тогуз-Торо, 1945-1950-жж. Нарын районундагы Ленин атындагы мектепте мугалим, 1951-1961-жж. Кеңеш, Ак-Кыя, Ленин атындагы мектептерде директор болуп иштеген. 1962-жылдан пенсияга чыкканга чейин Ленин атындагы мектепте мугалим болгон. 1984-жылы пенсияга чыккан.

Ленин атындагы мектептин мурунку имараты 1958-1959-жылы Аракеев Абдракман директор болуп, анын активдүү катышуусу менен бүткөрүлгөн. Ал мектеп 1990-жылга чейин кызмат кылды. Аракеев А. "Эмгектеги каармандыгы", "Эмгектеги артыкчылыгы", "Эмгек ветераны" медалдары менен сыйланган. Эл агартуусунун "мыктысы" болгон. Аракеев А. ата жолун улап, араб алфавитин окуп жана жаза билген, куранды эркин окуйт. Дөбөлү айылынын мечитинин имамы, райондо активдүү пропагандист болгон.

**Жапаралиев Өмүрбек** - 1929-жылы Нарын районундагы Жерге-Тал айылында туулган. 1948-1949-жж. Нарындагы бир жылдык бухгалтердик мектепти бүтүргөн. 1951-1952-жж. Нарын районундагы Эмгекчил колхозунда бухгалтер, 1952-1958-жж. Нарын, Тогуз-Торо райондорунун айыл чарба бөлүмүндө бухгалтер-ревизор, 1958-1960-жж. Тогуз-Торо районундагы Киров колхозунун председатели, 1960-1962-жж. Нарын районунун Куйбышев атындагы колхозунда башкы бухгалтер, 1962-1973-жж. Калинин, Ленин атындагы колхоздорунда председатель болуп иштеп, пенсияга чыккан.

Жапаралиев Ө. "Октябрь революциясы", "Эмгек Кызыл-Туу" ордендери, Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалы, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин президиумунун Ардак Грамотасы менен сыйланган. Өмүрбек акенин чарбадагы иштери жогоруда белгиленди.

**Боромбаев Мукамбет** – Ардак белгиси ордендүү, персоналдык пенсионер, жогорку билимдүү, экономист-бухгалтер. 1928-жылы Нарын областынын Нарын районундагы, Дөбөлү айылында туулган.

1947-1960-жылдарда Жумгал, Тогуз-Торо жана Нарын райондорундагы статистика органдарын жетектеп, 1963-1973-жылдарда Нарын районундагы Ленин атындагы колхоздо башкы бухгалтер, партиялык комитеттин секретары, 1973-1988-жылдарда Нарын жана Ак-Талаа райондорунда райондук элдик контролдоо комитеттеринин төрагасы болуп иштеп туруп, ардактуу эс алууга чыккан. Он беш жыл бою Нарын, Ак-Талаа райондорунда райондук, селолук советтердин депутаты, партиянын райкомунун бюросунун мүчөсү болгон. Эмгектеги үзүрлүү иштери үчүн "Социалисттик учёттун отличниги", элдик контролдоо органдарынын "Ардак белгиси" төш белгисин алган.

Боромбаев М. коомдук иштерге активдүү катышчу. Дөбөлү айыл өкмөтүндө насаатчы, карыялар сотунун мүчөсү, карыялар советинин орун басары болуп эл алдында кызмат кылган.

**Мамбетисаев Алтымыш** - 1945-жылы Дөбөлү айылында туулган. Билими жогорку. 1961-жылы Нарындагы кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүргөндөн кийин Нарын автобазасында слесарь, 1965-1968-жж. армиянын катарында болот. 1968-1976-жылдарда Ленин атындагы колхоздо комсомол комитетинин катчысы, 1976-1978-жж. Дөбөлү айылдык Советинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1978-1985-жж. Ленин атындагы колхоздун партиялык комитетинин катчысы, 1985-1996-жж. Дөбөлү айылдык Советинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1996-жылы айыл өкмөт башчысы.

Мамбетисаев Алтымыш жетектеген селолук совет республикадагы айылдык советтердин ичинен социалисттик мелдеште эки жолу жеңүүчү болуп, Кыргыз ССР Министрлер совети менен Кыргыз совпрофтун Өтмө Кызыл Туусун утуп алган. Дипломдору, Туунун өзү азыр музейде сакталып турат.

Көп жылдык үзүрлүү эмгектери үчүн "Эмгектеги каармандыгы үчүн", "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" жана "Манастын 1000 жылдыгы" медалдары менен, Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумунун Грамотасы менен сыйланган.

Алтымыш иште эле эмес, өз чарбачылыгында да тынымы жок адам, жакшы жолдоштору бар, тескейдеги ага-туугандарды баш коштуруп алып жүрөт. Мен бул ишине ар дайым кубанам. Жубайы Чынара болсо мыкты үй ээси, Алтымышка чыныгы жөлөк болуп турат. Мамыт аяш атанын, өз энесинин эң жакшы сапаттарын сактаган мураскору десе туура болот.

**Абдыраманов Кубатбек** (1952-2014) - Нарын районунун Дөбөлү айылында туулган, билими жогорку, адистиги инженер-механик. Абдырахманов Кубат өзүнүн эмгек жолун 1969-жылы Нарын жүк ташуучу автобазасында, Бишкектеги автосборочный заводдо шофёр болуп иштөөдөн баштаган. 1971-1973-жж. армияда болгон. 1973-1979-жж. Ленин атындагы колхоздо шофёр, техника – коопсуздугу инженери, комсомол комитетинин катчысы болуп иштеген. 1979-1985-жж. Ленин атындагы колхоздун №2 комплекстүү бригадасынын бригадирине көтөрүлөт. 1985-1991-жж. Ленин атындагы, Миң-Булак колхоздорунда парткомдун катчысы жана башкарманын төрагасынын орун басары, 1991-1994-жж. Тянь-Шань районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары, айыл чарба башкармасынын акими, 1994-жылы Нарын райондук "Агро жабдуу техсервиз" ишканасынын директору. 2004-жылы Нарын райондук социалдык фондун башчысы.

Айыл чарба жаатында сиңирген эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Райондук советтин депутаты болгон.

Кыргыздын мыкты уулдарынан эле, адамгерчилиги күчтүү болучу, ар дайым түз, калыс жүрүүчү, иштин негизги маңызын түшүнгөн, сырын чече билген, аткарылбачу ишти күчтүү аракети менен аткарып кетүүчү, жубайы Зина да жакшы адам эле, Кубатка чынында чоң жөлөк болуучу, кырсык болуп автоавариядан каза болду.

**Осеков Үсөн** - 1939-жылы Дөбөлү селолук советинин Тоо-Жайлоо айылында туулган. Билими жогорку, адистиги инженер-механик. 1958-1962-жж. армияда кызмат өтөйт. 1962-1963-жж. радио-мантер, 1963-1968-жж. Бишкектеги Кыргыз мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүрүп келип, 1968-1973-жж. Ленин атындагы колхоздо башкы инженер, 1973-1978-жж. ушул эле колхоздун партиялык комитетинин секретары, 1981-1985-жж. райондогу айыл чарба химия бирикмесинде башкы инженер, 1985-1994-жж. Ленин атындагы колхоздо комплекстүү бригаданын бригадири болуп иштеген. 1996-жылы пенсияга чыккан. "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалы менен сыйланган. Осеков Үсөн азыр да айыл турмушуна активдүү катышат. Ал 19 жыл селолук советтин депутаты болду.

**Акымбаев Асанбай** - 1926-жылы Дөбөлү айылында туулган, билими жогорку, адистиги мугалим. 1943-1949-жж. Нарын районундагы Чет-Нура, Кызыл-Октябрь, Ленин атындагы мектептерде мугалим, 1949-1952-жж. Киров атындагы, Лахол мектептеринде директор, 1952-1989-жж. Ленин атындагы Эки-Нарын, Кең-Саз мектептеринде мугалим болуп иштеген.

1986-жылы пенсияга чыккан. Эмгектеги ийгиликтери үчүн "Эмгектеги каармандыгы үчүн", "Эмгек ветераны" медалы менен сыйланган. Коомдук иштерге активдүү катышып, 20 жыл катары менен пропогандист болгон.

**Кашкарбаев Бердибай Кашкарбаевич** – 1952-жылы Дөбөлү айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1968-жылы Ленин атындагы орто мектебин бүтүрүп, ошол эле жылы Тянь-Шань районундагы социалдык камсыздоо бөлүмүндө эсепчи, 1980-жылы Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумун, 1990-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин юридикалык факультетин бүтүргөн. 1987-1992-жылдары Нарын юридикалык консультациясында адвокат, 1992-2012-жылдары Нарын облусундагы Кочкор, Жумгал райондорунда, Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунда, Чүй облусунун Ысык-Ата районунун судьясы болуп иштеген. 2012-жылы пенсияга кеткен.

2009-жылы президенттин указы менен Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Жубайы Жапаралиева Жибек Саматовна менен биргеликте үч уул, үч кызды татыктуу тарбиялып өстүрүштү.

**Мүсүралиев Асанбек Өмүрзакович** - 1950-жылы 8-март айылында туулган. 1969-1971-жылдары советтик армияда кызмат кылган, 1971-1972-жылдары Нарын облустук басмаканада, 1972-1976-жылдары Фрунзе шаарындагы заводдо жумушчу, 1977-1981-жылдары студент, Фрунзеде СССР 50 жылдыгы атындагы мамлекеттик университетти бүтүрүп, бухгалтер-экономист адистигине ээ болот. 1981-1985-жылдары Ленин атындагы колхоздо бухгалтер, мал чарба бухгалтери, 1985-1993-жылдары башкы бухгалтер, 1993-1996-жылдары дыйкан чарбасында, 1996-2000-жылдары Бишкектеги "Таттуу токоч" комбинатында, 2000-2003-жылдары Нарындагы "Кыргыз почтасында", 2003-2005-жылдары Нарын СЭЗ фирмасында башкы бухгалтер, 2005-2012-жылдары Дөбөлү айыл өкмөтүндө жер, турак-жай жана салык инспектору, 2012-жылы пенсияга чыккан.

Коомдук иштерге да активдүү катышат, 1985-1990-жылдарда Дөбөлү айылдык советинде айылдык советке эки жолу депутат болгон.

Колхоздо башкы бухгалтер болгонунан жакшы билем, Асанбек абдан так, таза иштеген адам, өзүнүн жүрүш-турушу, адамдарга жасаган мамилеси менен дагы элге жагымдуу.

Үй-бүлөсүндө эки уул, алты кызы, жолдошу Салкын экөөнүн азыр тогуз небереси бар. Балдары баары чоңоюшту, үйлүү-жайлуу болушту. Салкын болсо "Баатыр эне"!

**Исмаилов Султан** - 1926-жылы Нарын районунун Дөбөлү селолук советиндеги "Алыш" айылында туулган, билими атайын орто. Алыш колхозунда учётчик, 1943-1957-жж. өндүрүш бригадири. Алыш селолук советинде секретарь, колхоздо башкы бухгалтер, ферма башчысы, партиялык уюмдун секретары, агроном. 1958-1961-жж. мурдагы Кеңеш колхозунда, Дөбөлү селолук советинде председатели болуп иштеген. Андан кийинки жылдарда Тянь-Шань райондук айыл чарба башкармасында инструктор-уюштуруучу, колхоздун башкы агроному болуп иштеп, 1988-жылы пенсияга чыккан. 1997-жылы Алыш айылынын тургундары Исмаиловго "Айылдын ардактуу атуулу" деген наам беришкен.

**Баймурзаев Асан** – (1941-2013) Нарын районунун Орток айылында туулган. Ленин атындагы колхоздо бирге он жылча иштешип калдык. Мурда да чарбанын башка тармактарында иштечү. Ишке өтө тың эле, эч тынымы жок иштечү, орток айылындагы бардык чарбалык жумуштарды аткаруучу, азыр болсо айыл өкмөтү, анда жетиштүү санда кызматкерлер бар, өзүнчө айылдык кеңеш иштеп жатат, ал эми Баймурзаев Асан болсо ушунча сандагы көп адамдардын кызматын өзү жалгыз эле аткарчу эле.

**Бектемиров Авас Турдубаевич** – 1989-жылы Нарын шаарында туулган. 2007-жылы Өмүр Токтосунов атындагы орто мектебин бүтүрүп, ошол эле жылы Кыргыз Улуттук Университетинин "География, Экология жана Туризм" факультетине кирип, 2012-жылы бүтүргөн. 2013-жылдан баштап Нарын районундагы Өмүр Токтосунов атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштеп жатат. 2016-жылы, 11-декабрда жергиликтүү кеңештик шайлоодо "205" добуш менен биринчи орунду алып, жергиликтүү кеңешке депутат болуп шайланган. 2017-жылдын 13-январында Дөбөлү айылдык кеңештин I сессиясында төрага болуп шайланган.

Жогоруда белгиленгендей Авас Турдубаевич айылда, коомдук иштерге активдүү катышат, айылдын элинин кадырлоосуна ээ болуп, азыр чоң жумушту баштады. Ишине ийгилик каалап, өмүрлүү болушун тилеп, ушул жерге атайын токтолуп жатам.

**Өскөнбаев Акмат** – (1906-1987) Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ирригатору, Нарын районунун Дөбөлү селолук советиндеги азыркы Таш-Башат айылында туулган. Өмүр бою 35 жыл райондун суу чарба тармагында эмгек жасап, 1955-жылы республиканын "Эмгек сиңирген ирригатору" наамын алган. Сөөгү Таш-Башат айылында.

**Кирдибашов Айдаралы** – (1906-1991-ж.) Ленин орденинин ээси. Нарын районунун Дөбөлү селолук советинин аймагындагы Таш-Башат айылында туулган.

1966-жылы пенсияга чыкканга чейин Нарын токой чарбасында жумушчу болуп иштеген. Ленин орденин 1951-жылы токой чарбасында сиңирген эмгеги үчүн алган. Сөөгү Таш-Башат айылында.

**Өмүралиева Сайна** – 1953-ж. Кыргыз ССР Жогорку советинин мурдагы депутаты. Нарын районунун Дөбөлү селолук советинин Таш-Башат айылында туулган. Бүт эмгек жолун 1995-жылга чейин мурдагы Ленин атындагы колхоздо чабан болуп иштөө менен өткөргөн. 1978 жана 1985-жж. Кыргыз ССР Жогорку советине эки жолу депутат болуп шайланган. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болгон.

**Жакыпова Сайран** – (1949-1999) Кыргыз ССР Жогорку Советинин мурдагы депутаты. Нарын районунун Дөбөлү селолук советинин Алыш айылында туулган, Ленин атындагы колхоздо дыйканчылыкта эмгек жасаган.

**Ырсалиева Токон** – 1941-ж. Нарын районунун мурдагы 8-март колхозунун Төө-Жайлоо айлында туулган. Бүт эмгек жолун мурдагы Ленин атындагы колхоздо чабан, саанчы болуп иштөө менен өткөргөн.1971-1974-жж. Кыргыз ССР Жогорку советинин депутаты болгон.

## ЭМИ СӨЗ КЕЗЕГИ ЖОЛДОШТОРДО БОЛСУН

Сөздүн кезегин жолдошторго берели. Жумгал, Тогуз-Торого чейин эле Кырманчы, Карып, Абдыбек (Апек), Аманкул, Сагын, Кемел, Турсунаалы, Дүйшөналы, Тургунбек, Сатыбек, Токтобектер менен алыш-катышыбыз бар болучу. Кышында согум, жайкысын козу, кыркыла элек улак деп өз ара чакырышып чай ичип, балдар, кыздардын үйлөнүү тойлоруна, балдардын бардык жакшылыктарына, куда-сөөктөрдүн келип-кетишине катышуучубуз. Бизде чоң жоготуулар болуп Калыйчанын, Гулянын (Күкүнүн), Кырманчы, Карып, Абдыбек, Сатыбектин бул ааламдан кайтыш болуп кетүүлөрү болду, жаманчылык адамдарга бирдей эле кайгыны, кымбат адамдарыңды жоготуудан оор бул ааламда башка эч кыйынчылыктын жоктугун сездик, туюндук. Барыдан да Карыптын, Сатыбектин уулдарынын Муса, Эмилдин гүлдөп, бүрдөп турган маалда көз жумгандары өтө оор болду. Бирок, бул тирүүчүлүктө адам баласы үчүн жоготууларды көтөрүү керек экенин кабыл алып, жашоону тирүүлөрүбүз улантып, алдыда балдардын жакшылыктарын күтүп, жашообузду улантып жатабыз.

**Кырманчы Күленбеков** – өзүн ар дайым жайдары алып жүргөн, үйүнө барганда кыткылыктап күлүп, "үй ээси кызыбаса конок мас болмок беле" деп Зимурага жооп берип калаар эле. Биз каткырып күлүп, дуулдап калуучубуз.

Зимура эстүү адам, Кырманчы каза болгондон ушул күнгө чейин биз менен бирге жүрөт, көпчүлүк учурда Бишкектен атайын келет, биз эле эмес Бишкектеги, Нарындагы уулдарын, келиндерин тейлеп, неберелерин багууга жардам берет, көп учурда ошолор тууралуу кеп салат.

**Карып Сатыбалдиев** – Өзү соода кызматкери болгондуктанбы отурганда шак эле "тейлөөгө" өтүүчү, өзгөчө эт тартылганда устукандарды ирettөө, ээлерине туура берүүнү жүргүзчү, тамашага шыктуу эле, орундуу сөз учуру кел-

генде түз коё берүүчү эмес, "чымчып" жылма отуруп же кыткылыктап күлүп калуучу. Ар дайым Карыпка индия чайын издеп баруучу элем, атам ал чай жок болсо башы ооруп, башка чайды дээрлик жактырчу эмес. Карыптын жолдошу Күкү болсо ден соолугунан улам өз үйүндө болуп калды.

**Абдыбек Сатаров** – дайыма токтоо жүрөөр эле, биздин баарыбызга уюштуруучубуз катары иш аткаруучу, жакшылыкта да, жамандыкта да кабар берүүчүбүз эле, "айлык алып иш аткарып жаткансып, бардык жумушту тапшырчубуз, так аткарчу". Бишкекке Роза экөө эрте көчүп барышты, мен да кыздардыкына барып калып өзү Германияга кеткенге чейин Роза, Апек, мен атайын ашканаларга барып, Роза дүкөндөн коньяктан (албетте жакшысынан) экөөбүзгө тууралап алганын тең бөлүп ичип, тамактанып алып, кетип калуучубуз.

**Аманкул, Кемел, Турсуналылар** жогоруда белгиленди.

**Тургунбек Абдраймакунов** – менен мурдатан эле билишчү элек. Бирок, абдан чукул байланыш кийин ушул топто бирге болуу менен башталды. А дегенде эле Ат-Башы тууралуу, андагы иштерди кеп салуучу, кимдер менен иштегенин, кимиси кандай экенин айтуучу. Нарында областтык ардагерлер кеңешинде бирге иштешип калдык. Жумасына бир жолу же кээде андан да тыкыздап да калуучу,"токойго" өзүбүзгө керектүү "оокаттарды" алып баруучубуз. Барган точкабыз жогоруда мен окуп жүргөндө жездем Арыз менен карагай даярдап, аны тартып келип, учуруучу коктунун оозуна келип, анда а дегенде шыбактан жулуп жыттап, ары-бери басуучубуз, ар кайсыдан кеп салуучубуз, алып барган оокаттарды, бир бутулка "орус лётун" жара бөлүп, Тургунбектикине келүүчүбүз. Майрам бизди өзүнүн адаты боюнча каткырып шарактап тосуп алуучу, ал жерден тамак менен "русский лётту" бастырып бүтүрүүчүбүз.

**Сагын Орозобеков** – тууралуу жогоруда берилди. Бирок, Сагын мен Тогуз-Тородо иштеп жүргөндө командировкага барып, түз эле үйгө келүүчү. Өз үйүндөй ээн-эркин болуучу, мага ошол тууганча сезими, мамилеси жакчу, өзүнүн көп адамдардан башкача жүрүш-турушу бар адам эле. Бир айткан сөзүнө абдан бек турган. Бир жолу конокко бара турган болуп Сулайка кечигип калса "убадалашкан убакыт өтүп кетти" деп машинасын айдап алып кетип калып, Сулайка күнөөсүн түшүнүп, ал "ошону жасамак" деп калуучу экен. Сулайка өз ишин жакшы билген, тың адам. Мен Англия, Грецияга кетип жатып, Сулайкадан бир аз жумуш бүткөртүп алдым эле. Ошондо "келинимдин" (Сагын менден аз кичүү болсо да) иште тың адам экенин түшүнгөн элем.

**Дүйшөналы Асанбеков** – менен Калыйча бизге жаңы келген жылдар болсо керек. Күз айлары эле. Мен ат менен көйнөкчөн жүрүп, нервге суук тийгизип алып, айылда үйдө таң атканча чыдабай кыйналып чыктым. Эртеси машина менен Нарынга доктурга барууга жол тосуп, үстүнө чоң карагай жүктөгөн грузовой автомашинага карагай үстүнө олтуруп келе жатып Нарынга кире берген жерде, каналга салынган жыгач көпүрө менен өтүп жатып, шофёрдо тажрыйба жок окшойт көпүрөдөн түз өтө албай сол капталынан каналга ооп түшүп калды. Карагайдын үстүндөгү эл кыйкырышып, ызы-чууга түшүп секирип жатышат. Калый-

ча жука ак ала гүлү бар көйнөк, жемпир кийиип алган, кудайлап ыйлап жатат. Бактыга карагай жоон темир зым менен таңылган экен, кулаган жок. Калыйчаны колдон алып, коркпо-коркпо деп жээкке жетелеп түшүрдүм, калчылдап калыптыр. Өзү абдан коркок эле. Ошондо Дүйшөкөм бир бутылка өңү аракка окшогон, саал коюурак дары берген, ошону бүт денеме сүйкөп жатып айыккам, өзү кайсы дары экенин унутуп калыптыр. Майрам болсо адамга эт-бети менен кетип, мээрим менен учурашкан, чоң эне болду.

**Сатыбек Мамбетсултанов** – менен негизги жолугушуу Бишкекте Борбордук шайлоо комиссиясында болгон. Ал кезде Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы Ибраев болучу, мен комиссиянын мүчөсү элем. Ибраев Сатыбекке шайлоонун жүрүшү тууралуу "сен анда эмне кылып жүрөсүң бүтүрүп койбой" дегендей суроо берип калды. Сатыбек бул негизсиз суроого кескин жооп берип "Сиз эмне мени омуроолоп кекетип жатасыз, мен керек болсо басып кетем",- деп калды. Ибраев ыксыз суроого жооп ала албай унчукпай олтуруп калды. Сатыбек ушундай эле керек болсо кимге болсо да кескин, даана, талылуу жерге тие турган жооп берүүчү, күчтүү жигит эле. Тамара болсо ошол учурларда №3 дарыканада иштечү, ал кезде мен жүрөккө ар дайым дары сурап баруучумун, барган сайын жылуу мамиле жасачу.

**Токтобек Керимбаев** - менен облсельхозуправлениясында башкаруучу болуп иштеп жүргөндө таанышкан элем. Айыл чарба башкармасында начальник болуп жүргөндө чарбаларга текшерүү жасап күпүлдөп турган чагы экен. Кийин бир топто болуп жакшы билишип калдык. Нарын райПОсунда төрага болуп иштеп, А.Өзөровдун "кылыктарын" айтып:- "чакырып алып өзүнүн кабыл алуучу бөлмөсүндө олтурган келинге жакшы өтүк алып келип бер", деди, мен антип аткара албайм, орун басарларыма айтайын, десем жаман көрүп жүрдү, - дейт.

Азыр Токтобек Салтанат аттуу алтындай болгон байбичелүү болуп бактылуу жашоо өткөрүп жатат. Салтанат токтоо, сөзгө, тамашага түшүнгөн, көтөрүмдүү адам болду. Өзү налогдо иштейт, план болбой бараткан кээде бизден да жардам сурап калуусу бар (тамаша).

Эми өз **жакындарыма, балдарыма да кайрылайын** дедим. Алар Келдибек, Ажыбай аталар, Медер чоң ата, Жуманазар, Калназар, кичүүсү Кудайберген, кыздан Анар эже. Азыр булардын арасынан Кулмат аке, Кудайберген байке тууралуу жогоруда сөз болгон жок. Медер чоң атадан Чыналы, Кулмат эки уул. Согуш жылдарында Кудайберген байкенин жолдошу каза болуп, Токталы, Асыбакун деген уулдары менен Ат-Башыдагы кудалар, жээндер тарапта болушуп, кийин 1956-жылдан мурдараак айылга келди. Өзү ак көңүл, куудул сөзү бар, ыгы келсе башкаларды "чымчып" да кетүүчү. Илгерки адамдар тууганчыл болушчу, Кулмат акеде жалгыз Сакай аттуу кызы болуп, эркек бала көрүү үчүн чоң аракет жасап жүрчү. Кыш айлары эле, байкем Ат-Башынын кызыл-туусу тараптан ээрчиткен кызы бар аялга туугандары менен сүйлөшүп, макулдашып, өзүн кызы менен ал кезде Кытайдан "SU" деген машиналар каттачу, бирөөнө "артыңан барып калам, Нарынга кирген жерде ак кочкор кармаган эстелик турат, ошол

жерге түшүп кал" деп салып жиберет. Өзүнө ал күнү машина чыкпайт, эртеси эрте чыгып келсе кызын көтөрүп ак кочкордун жанында турган экен. Аял күтүп, күтүп жатып, түн киргенде бир үйгө барып, болгон абалын, себебин түшүндүрсө жаш баласына карап кондуруп коюшат.

Ошентип Кулмат аке ушул Зубира аттуу энеден **Кызыроо, Самансур, Моңолия, Көкө** аттуу төрт уулду болду. Кызыроо, Шаршебүбүдөн Бакыт, Адилет эки уул, Каныкей, Нурай, Мээрим, Кенже (төрт кыз), булар неберелер Бакыттан, Элнурдан, Нурсултан эки уул, Бегимай аттуу кыз (булар чөбүрөлөр); Адилет (үйлөнө элек). Моңолиядан Сыймык (небере), Көкөдөн Данияр, Мелис, Абдулкаир (үч уул небере). Ошентип Шаршебүбү келинибиз чөбүрөгө чейин күтүп чоң байбиче болуп турган чагы.

**Кудайбергенден Токтоалы, Асыбакун** эки уул, Токталыдан 4 уул, 3 кыз, Асыбакундан 4 уул, 3 кыз неберелери болду, алар бары бала-чакалуу болуп турушат. Ушулардын ичинен Токталыдан Марат, Азамат аттуу уулдарына, Роза, Рая кыздарына токтолдум. Марат токтоо, акылдуу уул болду, өзү электр тармактарында, колуктусу Нарында социалдык өнүгүү тармагында эмгектенишет, Бурул экөөнүн эки уулу бар, алар жогорку окуу жайларында окуп жатышат. Азамат болсо балдарынын кичүүсү, атасына да, энесине да экөөнө тең эстелик тургузган уул, оокатка тың, мамилеге түз болду, колуктусу Айгерим экөөнүн эки уул, бир кызы бар, балдары азыр жаш.

Асыбакундан Мурат, Жеңиш деген уулдары, Мурат менен Чынардын 3 уулу, 1 кызы бар, уулдарынын кичүүсү **Жеңиш** оокатка тың, эстүү уул болду, элге да түз мамиле жасайт. Колуктусу Зухра экөөнүн азырынча 4 кызы бар.

Жездем **Мамырбай баласы Арыз** жөнүндө мурда да сөз болду, азыр болсо иши, жашоосу тууралуу болсун. Нарында көп жылдар бою катардагы милиционер, мен көргөндөн банкта, райондук, шаардык милиция бөлүмдөрүндө дежурда турчу, кээ бир жылдарда жогоруда белгиленгендей ушул уюмдарга карагай даярдады. Өзү чоң эмгекчил киши эле, жаны тынбаган, чынында бекер отура алчу эмес. Ошентип кийин пенсияга чыгып азга эс алууда болду. Эжем экөө 6 уул, 6 кыздуу болушту. Балдарынын улуусу Асанкан, Сайрабүбүдөн Канат аттуу уулу бар. Канат, Саадаттан Кубанычбек, Айгерим, Аида, Альфия үч кыз. Канат Нарында, андан Чүйдө чоң банкир, абдан тың, билимдүү, эстүү жигит болду.

Уулу **Асанбек, Турдукандан Болот,** Перизат. Болот, Айнурадан Аманбек, Акылбек эки уул, Тунук кыз; Мирланбектен Айпери аттуу бир кыз неберелери бар. Асанбек өзү тай атасында чоңойду, окуду, үйлөндү, а дегенде колхоздо тракторист, андан кийин автобазада грузовой айдап жүрүп, азыр пенсияда. Өзү атасын тартып ак ниет далдаңдаган адам, уулу Болот өрт өчүрүү кызматында иштейт, Асанбек да, уулу Болот да кол жумуш жасаганга эптүү, айрыкча техниканы жакшы түшүнүшөт. Азыр өзү, балдары таятасы Калназардын атын алып жүрүшөт. Турдукан Нарын драм театрында иштейт, пенсияда болсо да иштеп жатат.

Жездемдин эң кичүү уулу **Марат, Динарадан** Азирет, жакында эле Нурзадага үйлөндү, чоң той болду, Мараттын Жылдыз, Мээрим, Айбийке деген кыздары бар, Жылдызы медицинаны бүтүп, азыр тиш доктуру. Марат айыл-чарба инсти-

тутун бүтүрүп, чарбада агроном болуп жүрүп, кийин күч органдары жакка ооп кетти, азыр күч органдарынын полковниги. Мараттын ишке тың болуусу менен тууганчыл да болду. Азыр жездем Мамырбаевдердин уул, кыздарына ар дайым карашат, камкордук жасап, аларды бириктирип баш коштуруп турат. Ал турсун өзүнүн тай жактары менен да жакшы байланышта, менин уул-кыздарым менен ар дайым алыш-катыш жасайт. Өзүнө да жакшы турак-жай куруп алды, жолдош-жоро, куда-сөөк күттү. Мен болсо улуу агасы катары болуп, ар дайым өзү үчүн, үй-бүлөсү, балдары үчүн ак тилек, жакшы ниет каалап олтурам.

Жездемдин уулдары алты дедим, алардын Асанкан, Эсенбек, Бактыбек, кыздан Тынчтыкгүл кайтыш болуп калышты. Тынчтыкгүлдүн жолдошу Жаныбектен Көлбай уулу жакында үйлөнүп, Асел аттуу келиндүү болдук. Жездем менен эжемдин балдарын толугу менен аттарын атайын дедим. Жогоруда Асанбек, Сейитбек, Мараттын аттары аталды, эми кыздарынан Коюсун, Сейнеп, Нарынкүл, Турдукүл, Майрамкүлдөрү бар, азыр баары үйлүү-жайлуу болушту, уулдары, кыздары, алардын неберелери да бар, жакшы жашоо өткөрүп жатышат. Эсенбектин Бермет деген кызын таап, Марат чоң иш жасаптыр, тойлорго келип жүрөт, Бактыбектен болсо Гүлзат, Жамила, Нурзад, Айзад деген кыздары, энеси Какы менен, бир туугандары менен байланышып жашоо өткөрүп жатышат.

**Сарыбай** бажа менен **Керээз** бизге таандык эле болуп калышты. Бажалардын улуулары каза болушту, Сарыбай өзү тынымсейиттен, бирок бизге жакын бир туугандай эле. Экөө тең азыр пенсияда, уулу **Баяс** биз эркелетип **Боки** деп коёбуз. Сакем тың адам, мүнөзү токтоо, мамилеге түз, жакшы жигит! Оокатты айда келиштирип, таптап жасайт, баары ордунда тыпыйып турат. Окубаса да мыкты медсестрадай мага ийне сайып берет.

Керээз тай энесинде чоңойду, турмушка чыкты. Мамилеге жакшы, түз, Сарыбайды ГАИлер кармап алса үйгө чакырып келип, алыс аралыктан болсо да, 100 сом берип коюп, айдын жарыгына акчаны каратып койгон жагы да бар (тамаша).

Экөөндө уулу, үч кызы бар, улуусу Айнура Кочкордо банкта башкы бухгалтер, оокатка тың, билимдүү адис катары бааланат. Жаңылы турмушка чыкканы аз эле болду, неберелери бар, бирок Бокинин колуктусу өтө тажаал болуп чыгып, эки эркек небересин алып кетти, аман болсо таап келишет деп күтүп турушат.

Эми **өз балдарыма аз токтолоюн.** Жогоруда кудалар менен ар бирине токтолдук. Деги эле балдарыма ар дайым жакшылык тилечү болдум, **күн сайын жатаарда уулдарыма, кыздарыма, күйөө балдарыма, келиндериме, неберелериме, чөбүрөлөрүмө** арнап келме келтирип, Алладан өтүнүп аларга **узак өмүр, бекем ден соолук** тилейм, адам баласынын күндөлүк жашоо-турмушунда болуучу **кокус кырсыктардан** сактоону өтүнүп суранам.

Адам өзүнүн **кымбат адамы - балдары** менен өткөргөн **улуу күндөрүн** ар дайым туюнуп элестетип турат экен. Деги эле балдарыма, энеси Калыйчага терең ыраазымын, алардын **ар дайым ар биринин кам көрүүсүндө турам!!!**

Ушул жерде балдарымдын айрым эмгектерин калыстык менен түз белгилеп койбосом да туура эмес болуп калат. Мындан Чынара кичинесинен эле боорукер, аракетчил болду. 2016-жылы З.Акбагышеванын "Кыргызстандын аялдары"

деген көлөмдүү чыгармасы басмадан чыкты. Анда ушул Чынара Кайыповна да бар экен. Мен бул жерде баса токтоло турган сөзүм, республикада аял заты көп, чыгармага алардын баарына эле орун боло бербейт да деп жатам. Чынарага болсо бажы кызматынын "мыктысы" деген жери бар, уулу, ал турсун мен, Калыйча тууралуу да жакшы сөздөр жүрөт. Чынында Чынара Кайыповнанын мен үчүн да чоң кам көрүүсү бар, ал ар дайым мага байланышып абалымды сурап, мени "жайлап" турат. Чынында мага өткөн жылдарда ГАЗ 31 автомашинасын да алып берген, өткөн жылы Ысык-Көлгө "КАРВЕН" аттуу санаторияга алып барып келди, мен өзүм эле эмес неберем Талгатты да ала бардым. Санаториянын чынында эле "жакшы шарты" бар экен.

Мен Астанада жүрөккө чоң операция болуп келгем. Ошондо Омор менен, Анаранын аракети менен кардиология институтунда болгом, врачым Татьяна Васильевна болучу. Ошол врачтын сунушу менен "жүрөктү ичине кирип текшерүү керек" делип иш жүрдү. Врач аппаратта тартылып алынган схемадан кан кайсы жерде канча пайыз менен өтүп жатканын түшүндүрдү. Менин капысынан "бул эмне автомашинанын жарыгы талаага жайылып кеткенсиген деген" суроомо "кан жолдо буулуп тамырдагы басымдын күчү менен, өзүнчө жол издеп кетип жатканы" деп түшүндүрдү. Дарылоонун жолун сурасам, Татьяна жалгыз жол операция, башка жок деген жооп алдым.

Мындай учурда сезимге шак эле "каражат" түшөт тура! Мен "кой" деп ойлоп буйрукту көрөөрбүз, тим эле дарыланган оң болот, аз болсо да жөнү бар, көп каражат кайдан табылат, балдарды жөнү жок кыйнабайын, жаш деле жогорулап калды деп операцияны туура көрбөдүм. Бирок, уулум Камчыбек болбоду, убакытты өткөрбөй Астанага жөнөө керек деп жатат. Ошентип Камчыбектин **көшөрүп туруп** алуусу менен Астанага Анара, Камчыбек болуп барып калдык, бардык чыгымдын олуттуу бөлүгүн Камчыбек көтөрүп, Чынара, Гүлнара, Диналар жардамдашкан экен. Бишкекке келсек Акаев качып кетиптир, көчөлөрдө соо калган дүкөн жок, бүт талкаланыптыр. Жогоруда Чолпон-Атада эс алдырганы белгиленди, азыр болсо менде автомобиль айдоого шартым жок болгондуктан бардык жол жүрүүнү уулум Камчыбек өзү чечип жатат, Анарбек да көп жардам берет.

**Алымкул уулу Абдырайым** акенин 1997-жылы 70 жаш курагында юбилейи болду. Мен өз ниетимде ал кишини баалап жактырчумун, тоюн да мага башкартууну чечиптир. Суроо салгандарга "Кайыпка берели, чоң чарбаны башкарган адам, "абышканын" тоюн өткөргөнгө кантип жарабасын, Кайыптын жакшы сөздөрү" бар дептир. Ошентип тойго мен да камындым... Даярдалган программа кенен эле, бул жерде кыскартылып берилип жатат:

Абыкемдин туулган жылы 1927. Абдырайым аке – Ормон хандын замандашы, анын көп жыйындарын башкарган кадимки Байзактын уулу Алымкулдун уулу болот. Элде "Нарын менен Байзакка ишенбе" деген сөз бар. Даана ошол Байзак атанын небереси. Кечээги күнгө окшоп тез чайыттай ачылып, жаркылдап калчу тура атабыз. Тойдун ээлери экөө тең туптуура 70 жашта, кол кармашып баш кошушканына 53 жыл толуп турат, бул даана "Алтын той!".

Абдырайым аке эмгек жолун 1946-1956-жж. Оттук, "Коммунизм" колхоздорунда эсепчи, башкы бухгалтер, Нарын Заготскотунда база башчы, анан Коммунизм колхозунун Оттук бригадасында комплекстик бригаданын бригадири болгон. 1966-ж. чоң жут жылы Ак-Талаа, Тогуз-Тороодо мал чоң зыянга учурап жатса, бул киши ушул жылы "Ардак белгиси" орденин алган. Ал кезде биз жаш элек. Бирок, районго, облуска келген чоң даражалуу конокторду Абдырайым аке "тозуптур, узатыптыр" деп эле угуп калуучубуз. Деги Абдырайым акенин чоң уюштургуч, өндүрүштү мыкты билген төбөсү мына ушул Оттукта – комплекстик бригадада көрүнгөн болучу. 1967-1973-жж. Куйбышев атындагы колхоздо төрага болуп иштеди. Абдырайым акенин иштеген ишинин үзүрүн көрүп, чоң рахат алган жылдарынын бири ушул Миң-Булак жергесинде болду. Чынында бул чарбада даана **ар кимдин колунан келе бербеген эмгек жасалды** десе болот. Мындай эмгек 1970-ж. Октябрь революциясы, эки жылдан кийин 1972-ж. Ленин ордени менен сыйланганын айтсак эмне деген эмгек болгонун билсе болот.

Алтынды сансыз кылып тапкан эмгек,
Адамды адам кылып баккан эмгек.
Аткарып калети жок турмуш шартын,
Берметти безелентип тапкан эмгек, деп айтса болот.
*(Б.Жоомарт)*

Эң кызык жери, болгону алты жылда үч килтейген орден, болгондо да Ленин, Октябрь революциясы ордендери. Ошол жылдарда бардык жагынан **даражасы асман тиреген** ордендер эле.

Андан кийин чоң чарбага деп Жданов атындагы колхозго алып барышты. Чынында эле Үч-Нура деген Үч-Нура да! Анын бир Нурасы эле өзүнчө бир өрөөн элди багуучу жер. Мында болгону эки жыл иштеди. Бирок, ушул эки жылда дагы бир сапар **тоо томкоргондой иш жасады.** Стандарттуу үй менен 40 кашар, 40 автомашиналык бардык шарты бар авто гараж, мончо, Коңур-Дөбөдө кыркын пункт, Байзакта инвалид, кары-картаңдар үчүн 10 финский үйү курулду. Кичи Нарындан 1000 м$^3$ карагай даярдалып тартылды. Мен буларды атайын атап, убактыңарды алып жатам, себеби, 70 жаш курагында дагы бир жолу жасаган ишине өзү, балдары, тукуму ыраазы болуп **рахат алсын үчүн** айтып жатам.

Ошентип Абдырайым аке менен 1975-87-жылдарга келдик. Бул жылдарда Абыкем көпчүлүгү өз айылында болду, топоз бакты, бригадирлик жасап чоң өндүрүштө болуп, айтор эмгектен калган жок! Ушул жылдарда өткөндөгүлөрдү да көп эстеп, урунттуу жерлерди унутпады.

1974-жылы Жданов атындагы колхозу 104төн, Куланак колхозу 105тен козу алып, Бишкекте өткөрүлгөн **эбегейсиз чоң тойго көч баштап барып келишти.** Ушул жылы районго союздун өтмө Кызыл-Туусу тийип, Борбордук Комитеттин биринчи катчысы Турдакун Усубалиев өзү келип тапшырды.

Ошондогу чоң жыйында Абдырайым аке ардактуу президиумга **"саясий бюрону"** көрсөттү, мен саясий бюрого куттуктоо катты окудум.

деген көлөмдүү чыгармасы басмадан чыкты. Анда ушул Чынара Кайыповна да бар экен. Мен бул жерде баса токтоло турган сөзүм, республикада аял заты көп, чыгармага алардын баарына эле орун боло бербейт да деп жатам. Чынарага болсо бажы кызматынын "мыктысы" деген жери бар, уулу, ал турсун мен, Калыйча тууралуу да жакшы сөздөр жүрөт. Чынында Чынара Кайыповнанын мен үчүн да чоң кам көрүүсү бар, ал ар дайым мага байланышып абалымды сурап, мени "жайлап" турат. Чынында мага өткөн жылдарда ГАЗ 31 автомашинасын да алып берген, өткөн жылы Ысык-Көлгө "КАРВЕН" аттуу санаторияга алып барып келди, мен өзүм эле эмес неберем Талгатты да ала бардым. Санаториянын чынында эле "жакшы шарты" бар экен.

Мен Астанада жүрөккө чоң операция болуп келгем. Ошондо Омор менен, Анаранын аракети менен кардиология институтунда болгом, врачым Татьяна Васильевна болучу. Ошол врачтын сунушу менен "жүрөктү ичине кирип текшерүү керек" делип иш жүрдү. Врач аппаратта тартылып алынган схемадан кан кайсы жерде канча пайыз менен өтүп жатканын түшүндүрдү. Менин капысынан "бул эмне автомашинанын жарыгы талаага жайылып кеткенсиген деген" суроомо "кан жолдо буулуп тамырдагы басымдын күчү менен, өзүнчө жол издеп кетип жатканы" деп түшүндүрдү. Дарылоонун жолун сурасам, Татьяна жалгыз жол операция, башка жок деген жооп алдым.

Мындай учурда сезимге шак эле "каражат" түшөт тура! Мен "кой" деп ойлоп буйрукту көрөөрбүз, тим эле дарыланган оң болот, аз болсо да жөнү бар, көп каражат кайдан табылат, балдарды жөнү жок кыйнабайын, жаш деле жогорулап калды деп операцияны туура көрбөдүм. Бирок, уулум Камчыбек болбоду, убакытты өткөрбөй Астанага жөнөө керек деп жатат. Ошентип Камчыбектин **көшөрүп туруп** алуусу менен Астанага Анара, Камчыбек болуп барып калдык, бардык чыгымдын олуттуу бөлүгүн Камчыбек көтөрүп, Чынара, Гүлнара, Динаралар жардамдашкан экен. Бишкекке келсек Акаев качып кетиптир, көчөлөрдө соо калган дүкөн жок, бүт талкаланыптыр. Жогоруда Чолпон-Атада эс алдырганы белгиленди, азыр болсо менде автомобиль айдоого шартым жок болгондуктан бардык жол жүрүүнү уулум Камчыбек өзү чечип жатат, Анарбек да көп жардам берет.

**Алымкул уулу Абдырайым** акенин 1997-жылы 70 жаш курагында юбилейи болду. Мен өз ниетимде ал кишини баалап жактырчумун, тоюн да мага башкартууну чечиптир. Суроо салгандарга "Кайыпка берели, чоң чарбаны башкарган адам, "абышканын" тоюн өткөргөнгө кантип жарабасын, Кайыптын жакшы сөздөрү" бар дептир. Ошентип тойго мен да камындым... Даярдалган программа кенен эле, бул жерде кыскартылып берилип жатат:

Абыкемдин туулган жылы 1927. Абдырайым аке – Ормон хандын замандашы, анын көп жыйындарын башкарган кадимки Байзактын уулу Алымкулдун уулу болот. Элде "Нарын менен Байзакка ишенбе" деген сөз бар. Даана ошол Байзак атанын небереси. Кечээги күнгө окшоп тез чайыттай ачылып, жаркылдап калчу тура атабыз. Тойдун ээлери экөө тең туптуура 70 жашта, кол кармашып баш кошушканына 53 жыл толуп турат, бул даана "Алтын той!".

Абдырайым аке эмгек жолун 1946-1956-жж. Оттук, "Коммунизм" колхоздорунда эсепчи, башкы бухгалтер, Нарын Заготскотунда база башчы, анан Коммунизм колхозунун Оттук бригадасында комплекстик бригаданын бригадири болгон. 1966-ж. чоң жут жылы Ак-Талаа, Тогуз-Тороодо мал чоң зыянга учурап жатса, бул киши ушул жылы "Ардак белгиси" орденин алган. Ал кезде биз жаш элек. Бирок, районго, облуска келген чоң даражалуу коноктордү Абдырайым аке "тозуптур, узатыптыр" деп эле угуп калуучубуз. Деги Абдырайым акенин чоң уюштургуч, өндүрүштү мыкты билген төбөсү мына ушул Оттукта – комплекстик бригадада көрүнгөн болучу. 1967-1973-жж. Куйбышев атындагы колхоздо төрага болуп иштеди. Абдырайым акенин иштеген ишинин үзүрүн көрүп, чоң рахат алган жылдарынын бири ушул Миң-Булак жергесинде болду. Чынында бул чарбада даана **ар кимдин колунан келе бербеген эмгек жасалды** десе болот. Мындай эмгек 1970-ж. Октябрь революциясы, эки жылдан кийин 1972-ж. Ленин ордени менен сыйланганын айтсак эмне деген эмгек болгонун билсе болот.

Алтынды сансыз кылып тапкан эмгек,
Адамды адам кылып баккан эмгек.
Аткарып калети жок турмуш шартын,
Берметти безелентип тапкан эмгек, деп айтса болот.

*(Б.Жоомарт)*

Эң кызык жери, болгону алты жылда үч килтейген орден, болгондо да Ленин, Октябрь революциясы ордендери. Ошол жылдарда бардык жагынан **даражасы асман тиреген** ордендер эле.

Андан кийин чоң чарбага деп Жданов атындагы колхозго алып барышты. Чынында эле Үч-Нура деген Үч-Нура да! Анын бир Нурасы эле өзүнчө бир өрөөн элди багуучу жер. Мында болгону эки жыл иштеди. Бирок, ушул эки жылда дагы бир сапар **тоо томкоргондой иш жасады.** Стандарттуу үй менен 40 кашар, 40 автомашиналык бардык шарты бар авто гараж, мончо, Коңур-Дөбөдө кыркын пункт, Байзакта инвалид, кары-картаңдар үчүн 10 финский үйү курулду. Кичи Нарындан 1000 м$^3$ карагай даярдалып тартылды. Мен буларды атайын атап, убактыңарды алып жатам, себеби, 70 жаш курагында дагы бир жолу жасаган ишине өзү, балдары, тукуму ыраазы болуп **рахат алсын үчүн** айтып жатам.

Ошентип Абдырайым аке менен 1975-87-жылдарга келдик. Бул жылдарда Абыкем көпчүлүгү өз айылында болду, топоз бакты, бригадирлик жасап чоң өндүрүштө болуп, айтор эмгектен калган жок! Ушул жылдарда өткөндөгүлөрдү да көп эстеп, урунттуу жерлерди унутпады.

1974-жылы Жданов атындагы колхозу 104төн, Куланак колхозу 105тен козу алып, Бишкекте өткөрүлгөн **эбегейсиз чоң тойго көч баштап барып келишти.** Ушул жылы райондо союздун өтмө Кызыл-Туусу тийип, Борбордук Комитеттин биринчи катчысы Турдакун Усубалиев өзү келип тапшырды.

Ошондогу чоң жыйында Абдырайым аке ардактуу президиумга **"саясий бюрону"** көрсөттү, мен саясий бюрого куттуктоо катты окудум.

Бул да жасаган эмгекке тартууланган чоң сый болчу. Бийик бойлуу, дене түзүлүшү келишкен, толуп, бышып, жетилип сулуулугу да, **бактысы да келишип турган зор жигиттин** трибунада ушул чоң кызматты аткарган учуру азыр көз алдыда элестеп турат!

Той ээлери 7 балалуу болушту. Азыр баары өнүп-өсүп, баары тең жогорку билимге ээ болушуп, азыр ата-энесин, небере-чөбүрөсүн **гүл бакчага коюп,** сый-урмат жасап турушкан кездери. Улуусу Тамара – экономист, Апис- каза болуп калды, Жалил, Роза, Айнагүл, Гүлнара, Эмил.

Баркыңды бирөө билээр, бирөө билбес,
Көркүңдү бирөө көрөөр, бирөө көрбөс,
Бирок да алтын чирип калбас жерде –

деп Жоомарт айткандай атанын-ененин баркын баалап, кадырын сыйлап, эмгегине баш уруп, таазим жасап, алтындын чирибестигин, ата менен эненин бала үчүн чирибес алтындыгын даңазалашып, ушул чоң тойду – ата менен эненин алтын тоюн өткөрүп жатышат.

1987-жылдан бери Абдырайым аке ардактуу эс алууда. 1996-жылы республикада эң барктуу пенсия - **“Кыргыз Республикасынын алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн”** деген персоналдык пенсия чектелди.

Көрсөм десең көзгө бир сүртүлбөгөн!
Ким бирөө бакыт десе көзү катып,
Тамшанып күйүп атып, өчүп атып.
**А мүмкүн “бакыт не” деп баш оорутпай,**
**Тим гана өмүр сүрүү өзү бакыт!**

*(И.Эсенгул)*

Өмүр бою күрөштө болуп, эми персоналдык пенсияга чыгып тим гана өмүр сүрүүнүн өзү бакыт. Абдырайым аке жөн гана уюштургуч, өндүрүштү билген адам эмес, бул кишиде **башка сапаттар да бар. Өзү тубаса таланттуу адам,** бул кишиде **чоң расчет, чоң эсеп бар,** билим жагынан бар болгону бир жылдык бухгалтерлерди даярдоочу курсту бүтүргөнү менен **өз ишинде өзүнүн “высший” математикасы бар адам.**

Ленин орденин алганда орденди майлоо күндөр болуп калды. Ошондо бир жигит ары ойлоп, бери ойлоп орденди куттуктап келип жаткан атты, тайды, акчаны көрүп мунун баары **Абдырайым аке үчүн “чыныгы баа эмес”,** анын ошол кездеги баасы башкада деп, бийик асканын үстүндө **шаңшып,** тунук көк асманга **учууга камынып, канатын куушуруп, чабуулга кирип бараткан алгыр куштун** макетин тапшырган экен.

Бул чынында жөн гана **белек-бечкектен кутулуу эмес, бул Абдырайым акенин баркын өз сезиминде баалоо.** Бул эр азаматтын бүткүл баркын баалоо эле! (К.К.)

Абдырайым акенин дагы бир жагын айтпасак той кесебиз бөксө болуп калат го!

Бул адамда **катуулук да, жумшактык да бар,** бет алганынан кайтпаган **көк мелтейлик да, ашынган аярдык да бар,** жаманды да, жакшыны да **"батыра" билгендик, кол ачыктык, берешендик, эр азаматтык,** жолдош - доско **сыйга мыктылыгы,** "азаматты азамат деш керек" деп жолдоштору баалашат. **Алаштын азаматы** деп да коюшат.

Ак көңүлүм жаңы жааган карданбы.
Ак пейилим супа салган таңданбы,
Дос, курбуга дайыма таза жүрсүн деп.
Ниетимди **сүткө чайкап** алганбы?!

*(И.Эсенгул)*

Эми Табылкан эжеден баштайлы.

Ким кандайча түшүнөт.
Бакыт алгач үй-бүлөдөн түзүлөт,
Эрди-катын эриш-аркак болбосо,
Эки ортодо **байланган жип үзүлөт.**

Жанды сабап жалбаруудан пайда жок,
Жакшы аялдар көз караштан түшүнөт.
Жамандар көңүлүнө так салып,
**Көколөсоң көргө** сүйрөп түшүрөт.

*(И.Эсенгул)*

Чынында эле Табылкан эже татыктуу жубай, сүйкүмдүү эне, мыкты ургаачы деп билебиз, жалгыз гана Абыкеме кумарланып 17 жашта шашып кирип келгени болбосо (тамаша), башка кемтик табуу кыйын! Ал деле туура болгон экен!

Баш кошкондон берки 53 жыл бою Абыкеме бел, арткы да, алдыңкы да пайдубал болуп, кошо эмгек жасап, жүк көтөрүшүп келе жатат. Аялдын эрине, үй ээсине, өмүрлүк жарына жасаган **сыйы, нукура сүйүү** ушул эженин мүнөзүндө, ар дайым жасаган мамилесинде, **балдарынын берген баасында** бар.

Тууп тукум берип, чоң үй, чоң келип-кетүү, көп азап-тозокту мойнуна алса да, Абыкемдин төшөгүн ыйык тутуп, ар дайым **жуурkандын аягынан** кирип жатуусунан бир да жазбаган жубай болсо керек деп баамдайм! Күйөөнү **ыйык** туткан адам!

Табылкан эженин балдары келинге да, кызга да, уулга да сен деп катуу сүйлөбөгөн адам, ошол эле учурда, ошонусу менен эң күчтүү, таасирдүү, чоң кайраты бар деп баалашат, айткан сөзү эч кимибизден эки болгон эмес дешет балдары.

Биз атабыз менен ар дайым энебиз аркылуу сүйлөшөбүз, биздин "Алымкуловдун үйүндөгү элчибиз" посол деп коюшат эле балдары.

Кант деп таттым, шербет ичтим, бал жедим,
Бакылдатып эмдим эне эмчегин.
Тандым кантты, тандым шербет, балды да,
Эне сүтү эстен кетпей калды да!

Кандай неме кайдагыны наалыган,
Деп энеке **кине** койбос эл мага.
Түк кыйышпас жакындардын баарынан,
Эң жакыным, **эң кымбатым - сен гана**!
*(И.Эсенгул.)*

Ошентип Абдырайым аке, Табылкан эже бул жашоодо татыктуу өмүр сүрүшүп, эң мыкты жашоо өткөрүп жатышат деп бүгүн 70 жылдык маарекеге отчёт берсе болот!

Чоң касиет карылыкка жол алган,
Ашып түшкөн сыймык, урмат жок андан.
Кажети жок карылыктан чочуштун,
Карылыкка **жетпей калуу** чоң арман!
Өмүрдү суу деп жүрсөм агылган жай.
А көрсө нерсе экен го **чагылгандай.**
Эх чиркин, күйүктүрдүң, күйүптүрмүн,
Көрсө мен кара жанды камчыланып.
Карылыкты кубалап жүрүптүрмүн!
*(И.Эсенгул.)*

Элүү жыл бирге өмүр сүрүү – бул **чыны менен алтын той!** Бул чыны менен ченемсиз бактылуулук! Адам өзү басып өтүп, 53 жылда курган **чоң турмушту сезүү** анык рахат. Минтип жыргалын көрүү чоң бакыт эмей эмне! Муну **сезип, искеп, жытына моокум** кандыруу гана керек.

Урматтуу Абдырайым аке, Табылкан эже!

Ушул 70 жылдык жана 53 жылдык алтын тоюңар кут болсун! Эртеден бери айтылып жаткан каалоо-тилектер жараткан Алла-Таалага жетип, кабыл болсун!

Мен бул текстти жана арноолорду чын пейилден Абдрайым акеге жана Табылкан эжеге арнайм! Силердин тойго Калыйча экөөбүздөн белек болсун!

*Кайып Калназаров,*
*1997-ж. 29-август. Дөбөлү - Оттук*

**Чыңгышов Айтмамбет -** 1934-жылы Нарын районунда Кайыңды айылында туулган. 1952-1955-жж. Нарындагы мугалимдер институтунун физика-математика факультетин бүтүрүп, ушул жылы эмгек жолун баштаган. Таласта Киров районунда Буденный атындагы, Жумгал районунда Чаек, К.Акиев атындагы, Нарын шаарында Киров атындагы орто мектептерде мугалим, 1960-1967-жж. Нарын облусунда областык элге билим берүү бөлүмүндө бөлүм башчы, 1967-ж. партиялык кызматка чакырылып, партиянын шаардык комитетинде инструктор, областтык партия комитетинде лекторлор тобунун жетекчиси болуп эмгектенген. 1974-1986-жж. Тянь-Шань райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, партиянын райкомунда мүчө, райондук советке депутат болуп шайланып жүрдү.

1990-1996-жж. Нарында облОНОнун алдындагы мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун директору, облОНОнун алдындагы илимий методикалык борборунун жетекчиси, 1997-2008-жж. ушул эле багыттагы республикалык билим берүү академиясында эмгектенген.

Ошентип, Айтмамбет 41 жыл катары менен эл агартуу майданында талбай эмгек жасады. Чынгышов Айтмамбет, СССРдин элге билим берүүсүнүн мыктысы, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалим аттуу наамдарга ээ болгон адам!

Айтмамбет жогоруда аталган адамдардын аягында белгиленип жатат. Мында эске алынуучу себептер бар. Биздин өз ара мамилебиз мектепте 5-класстан башталды эле. Ортодогу байланыш үзүлбөй ушул күнгө чейин жетти.

Айтмамбет ишке өтө так, өзүнө да башкаларга да талапты катуу койгон принциптүүлүгү, адамга карата болгон адилеттүүлүгү менен өзгөчөлөнүп турат.

Өмүрлүк жары Казыбаева Турсунбүбү болсо билими жогорку, өмүрүн балдарга билим, тарбия берүү менен өткөрдү. Адамга өтө кичи пейил, чоң мээрим менен мамиле жасайт.

## ДАГЫ КАЛЫЙЧА ҮЧҮН...

Элде "Аял - эрдин учса канаты, консо куйругу болот" деген сөз бар, мындан да күчтүү болсо болот эле, бирок менин билгеним ушул. Калыйча мен үчүн ушунча **кымбат адам** эле, эң башкысы алты бала төрөп берди, менде жакшы иштер болсо кубанып, саал оорураак, жада калса өндүрүштө аз чечилбей жаткан иштер үчүн да өзүнчө **кейип** турчу. Менин бактыма балдарынын баары өзүн тартып **эстүү** адамдардан болушту, болбосо сөздүн түзүн айтсак бүгүн мен ушул **жашка келе албайт** белем деп жатам, уулдарымдын да, кыздарымдын да, күйөө балдарымдын да, келиндеримдин да аткарган иштери эмес **терең сүйүүсүндө, мээриминде, сыйында** болуп жашап жатам. Мунун негизин мен балдардын энесинен, Калыйчанын мага, балдарына болгон терең сүйүүсү, **мээрими негиз болду** деп айтсам болот. Калыйча менен 39 жыл бир жашоо өткөрдүк, атаганат, ушул күнгө чейин **жетелешип жүрсөк эмне** деген өкүнүч да бар! Бирок бул тагдыр, ушуга көнүү керек деп жатам.

Калыйчанын кээ бир тапшырмаларын аткара албай калган да учурлар болучу, илгери совет мезгилинде жетекчиге өтө катуу талап бар эле, турмуш-тиричилик маселелерден аткарууга керек болгон суроолор менен (тапшырмалар менен десе да болот), кайрылса мен көбүнчө иш, иш, иш деп убакытты өткөрүп, Калыйча тез айтып турса да эми эртең, эртең деп жатып убакытты өткөрүп жиберүүчү элем, өз убагында болбой калган иш өтүп кетип аткарылбай да калат. Ушундай болгон учурда өзү да **"кап" деп кейип,** "а сенин өндүрүштүк ишиң ушундай болсо **кантесиң" деп калуучу,** анда мен "кой антпе" десем, болуптур бүгүн болбосо **үйдүн иши эртең болот да, "капалык жок"** деп калуучу.

Илгери жаш чакта ичкилик ичип коюп, ооруп калсам, өзү эрте туруп алып даамы келишкен шорпо жасаганга киришчү, ал кезде стакан арак 0,80 гр болоор

эле, аны менен бирди алып, онтолобой калуучумун. Калыйчанын мага карата болгон адамдык **ички күчтүү сезими** ар убакта сезилип турчу, ошондон улам ал мен үчүн сүйүктүү **жар гана эмес, мага акыл кошуучу, коргоочу, чыныгы тирөөч, мени ар дайым аяган** адам эле. Кол тийгиз мекен, үйдүн сүйүктүү **куттуу ээси,** үйгө ар дайым **жылуулук, бейпил** жашоо, бактылуу **тынчтык** алып келген адам болучу. Иманың жолдош болсун, деп неберем Талгат экөөбүз ар дайым куран окуп, бата кылып жүрөбүз. Небереси Элина **Камчыбек кызын абдан сүйүүчү эле**. Элинанын кичинесинде жумшак сары чачы бар болуучу, ошондон улам Элинаны чоң энеси "айланайын сары Маашаам" деп сүйүүчү, эркелетчү! Кашы болсо изи да көрүнчү эмес, мында жалгыз атасы Камчыбектин эмгеги менен азыр татынакай каш болду.

## АТАМ ТУУРАЛУУ ДАГЫ СӨЗ

Үйдө атамдын чоң портрети турат. Мен неберем Талгат экөөбүз атама, Калыйчага арнап куран окуп, бата жасап турабыз. Талгат мен куран окуган сайын эс тутуму жакшы экен, тез эле жаттап алды, текст жыш эле, ал кезде болгону 4 жашта болуучу, анан куранды чоң энесине, чоң-чоң атасына арнап өзү окуп жатат. Талгат төрөлүп төрөт үйүнөн келгенде мен ат коюу үчүн, азан чакырууга камынып, уулдун атын ким (?) деп коёбуз деп сурап калдым. Дароо эле мен коём, аты Талгат болсун деп калды агасы Камчыбек. Мен улуусу Акылбек эле деп ойлоп, анда агасына окшоштуруп "Талгатбек" болсун десем, Камчыбек "бек-сеги жок эле Талгат" болот деп кескин айтты. Отургандар кол чаап, күлүп калышты. Азан чакырылып "Талгат" деп аталды!

2005-ж. Республиканын Жогорку Кеңешине шайлоо болуп, Накен Касиевич депутаттыкка кандидатурасын коюп жаткан, округунда биздин өрөөн да бар болуучу, жолугушууга Дөбөлүгө келип калды эле, Накен үйгө кирип бутун чечип жатса Талгат маңдайына чөгө түшүп отуруп алып "Накен Касиевич сизсизби?" деп жатат, ортодо баарыбыз күлүп калдык, Накен да күлүп, "ооба, менмин" дейт, анда неберем өзү үч жашта эле! Дагы бир жолу, мен Нарындан Тураттын үйүнөн чалып Талгат! Сенин туулган күнүң менен куттуктайм! Туулган күнүңө эмне алып берейин десем, "сотка!" деп жатпайбы? Мен азыр кичинесиң, сотканы өзүң пайдалана турган болгондо алып берейин, башка эмне керек десем, шак эле "колбаса!" деп жатат! 5-январда күн суук эле, дароо шубамды,тонумду кийип дүкөндөн "колбаса" издеп, таап алып, башка дагы таттуулардан кошуп, айылдагы тааныш балдардан "атайын дайындап" берип жибердим. Талгат анда 4 жашта эле.

Көрсө неберенин **күчү** ушунда тура! Бирок, менин жаныма такай кошо отуруп, куран окууну үйрөнүп алганы да **мактоого** татырлык деп ойлойм!

Талгатка алаксып кеттик. Мен ошол портретке уулум Жолдошбектикине келгенде такай атама, Калыйчага учурашып турам. Ар дайым эки колдун манжалары даана көзүмө уруна түшөт, колдун салааларынан узун, кубаттуу манжаларды көрүп, **атам да жаш чагы "жакшы"** өткөн экен деп калам. Себеби,

адам баласынын жаш организминде жалпы өсүш жүргөн мезгил бар. Ошондо адамдын көңүлүнүн өсүшү менен денеде да өсүш жүрөт, ал өсүштүн башкы себеби, ошол мезгилде баланын толук абалда тамактануусу чоң мааниге ээ болот. Өз манжаларымды карап, атамдыкына салыштырганда эки-эки жарым эсеге кичине, салыштырмалуу чийдей алсыз болгонсуп турат. Сүрөттөн улам атамдын чөп чаап, чалгы тартканы да азыр көз алдымда элестеп турат. Чалгыны колго алып, колду керип, солду тартканда аягы да созулуп барып ташталчу, өзүнчө эле айдын жаңырып толуп бараткан тегерегинен элес калтырчу, сол узун болсо да аягына чыкканча тынчу эмес, удаа, удаа солду тартып жүрүп олтурчу, тартылган сол да чөптүн түбүнөн алынып, таза чабылаар эле. Атаман мындай чөп чабууну качан үйрөнгөнсүз деп сурап калсам: "-Ээ балам, чөптү мурдакылардын баары эле ушундай чабышат" дечү...

Илгери кол чалгы чыкканга чейин, мал кышкысын тоютту кыштоолордо жайыттан алуучу, бирок кар оор түшкөн жылдарда мал кыштоодон арык чыгып, өлүм-житим малда көп болуучу, ушундан улам "**турмуш** адамды абалдан кантип чыгууга **үйрөттү**", кийин чалгы чыкты, адамдар а дегенде өз-өзүнчө, ал эми малдуусу 4-5 үй-бүлө биригип алып, кол чалгы менен чөп чаап, кышка даярдап алууга өтүштү. Бизде Жуманазар ата жайкысын бүт малды (кой, эчки, уй, жылкыны) өзү бала-чака менен алып калуучу, көз болуучу. Келдибек уулудан "чалгыга 6-7 адам чыгаар элек, уюшуп алып чалгы чаап, орок оруп кышка атайылап даярдануучубуз. Мына ошол мезгилдерде чөптү таза чабууну, андан арбын чабууну үйрөнгөнбүз."-дечү атам! Башка уруктар да ушинтишчү, бүлөлүүлөр арбын чыгышчу, бир кыйласы өзүнө чактап аз адамдар чыгып аз даярдашчу.

Ушул эле жылы күзүндө болсо керек. Айылда Букарбай аке, Кожон аке, Дүйшөк байке болуп үч эркек келиндер менен мелдеше кетишти. Бурулкан жеңе, Сакай эже, Калыйман, Сабыр болушуп келиндер тарап төртөө болду. Орулуп жаткан арпадан 0,20 сотыхтан аянтты аркан салып ченешип, байгеге күзгү, кыркыла элек улак коюлуп, орок орушмак болушту, кайсы тарап мурда оруп кетсе байге ошол жакка таандык болмой болду. Келиндер чогуу жейли дешти эле, эркектер өзүнчө жейбиз деп болушкан жок. Команда 1,2,3 деп башталды. Эки жак тең орок менен оруп шартылдата башташты, түзөө киргизилип, орулган арпа, бир орунга чогултулмак болду.

Эркектерден Букарбай акеге эч ким тең келе турган эмес, өтө шамдагай иштеп, орулган арпаны да чоң-чоң кочуштап жерге коюп жатты, аягында өнөктөш экөөлөп да 1,5-2,0 солчолук алдыда жүрүп, Дүйшөк байке менен Кожон акени орулган арпаны жыйноого коюп, акыркы эки солду өзү жалгыз оруп, бөлүнгөн аянтты биринчи бүтүрүп, келиндер утулушта калышты. Келиндер орулган аянтты тең чамалаш эле бүтүштү эле, бирок орулган боолорду чогултууга жетишпей калышты, калыстар эркектерге айла жок экен, "ат касилкалар менен деле мелдешсе болчудай" экен дешти. Ошентип, бүгүнкү кечки тамакка кыркыла элек улак союлуп, эки тарап тең эле жешмей болушту, адаттагыдай эле Бурулкан жеңе демилгечи мен элем, бирок утулуп калдык, эми улакты Дүйшөктүкүн эле "соёлу

да, шорпосуна тоёлу" деп, адатынча кыткылыктап күлүп жыйынтык чыгарды. (Бул жерде калыстык да керек, Букарбай акенин оң колунун төрт манжасы экинчи муундан жок эле, ушуга карабай байгени алды).

Мен үйгө келген сайын **атамды эркелетип, сакалын сылап, бетине-бетимди тийгизип, өпкүлөп учурашчу элем.** Тамаша салып, антип жатам, минтип жатам деп кеп салып, кетээрде да бетин сылап, мурдагыларымды кайталачумун. Калыйча болсо чай (индийский гана), дагы башка оокат кечесин алып келүүчү. Бул портрет болсо 1973-жылы мен Куланакта кабинетте олтурсам түштө обком партиянын биринчи катчысы Малабай Жунусалиевич жана партиянын Нарын райкомунун биринчи катчысы Рафхадбек Абдиевич экөө келип калышты, алар менен республикалык "Совкиргизия" газетасынын сүрөт корреспонденти Василий Тофан бар экен, тигил кишилер Ак-Талаа районуна бара жатышыптыр, Василий болсо биз менен калып, эртеси атамды тарттырып коёюн деп Калыйча экөөбүз келип, сүрөткө атайылап түшүрдүк эле. Арадан көп жыл өтсө да чоң адис адам эле, портрети кадимкидей турат. Мен бүгүн да сүрөттү карап олтурам, атамдын манжаларына дагы деле карайм, оң колунда өзүнүн кол таягы турат, өзү өтө далдайбаган орто бойлуу, бирок дальылуу, дене түзүлүшү жалпысынан көзгө толумдуу адам эле. Мен үчүн **сүйкүмдүү, эң ыйык адамым.**

Балдарга атамдын портретин ордунан козгобогула деймин, атам мен үчүн өтө ыйык, менде "адамдык" эмне жакшы сапаттар болсо, ал атамдан. **Чоң адамгерчилиги, кулк-мүнөзү, ак ниеттүүлүгү, түздүгү, калыстыгы, жашоо-турмуштагы дагы башка бул жерде эскерилбеген сапаттары менен бүт тукумума ыйык ата катары** калышын каалайм! Балдарым мени атамдан жогору койгулары келишет, **мен атамды жогору койгум** келет!

*Кайып КАЛНАЗАРОВ,*
*Бишкек, 2017-жыл, январь, февраль, март, апрель.*
*Камчыбектин, Анарбектин, Жолдошбектин, Руслandын үйү.*

# II БӨЛҮМ

Китепте моңолдордун айрым ата-бабалары жөнүндө генеалогиялык таблицалардын өзүнчө берилгендигине байланыштуу таблицалардын аталышынын мазмуну.

**Меңдуулаттын беш баласы жөнүндөгү таблицалар:**

1. Дуулатказы (Алыш айылы) – 268-271-беттер.
2. Шалдыр (Кайыңды айылы) – 272-275-беттер.
3. Айдаркозу (Чайыш) – 276-281-беттер.
4. Надыр уулу – 282-283-беттер.
5. Орто кыйра уруусу -- 284-285-беттер.
6. Ногой уруусу – 286-290-беттер.
7. Ногой-Кулуш уулу – 292-293-беттер.
8. Ногой-Төтөй уулу – 294-295-беттер.
9. Көжөбаш (Орозкожо) – 296-297-беттер.
10. Кара (Каракожо) – 298-299-беттер.
11. Учкун айылы – 300-305-беттер.
12. Кеңеш айылы – 306-307-беттер.
13. Эки-Нарын айылы – 308-309-беттер
14. Моңолдор, Өзгөрүш айылы – 310-313-беттер.

**Эскертүү:**

Айрым моңолдор уруулары боюнча генеалогиялык схемалар таблица түрүндө берилди. Бул таблицаларды пайдаланууда эки негизги талапты аткаруу зарыл. а) Чоң аталарын билүүнү каалаган адам адегенде өзүнүн эч болбосо үч-төрт атасын билиши керек. б) Өзүнүн уруусундагы аталарды да билүүсү чоң жардам берет. Себеби, таблицада адегенде өз аталарынан баштап, көрсөтүлгөн сызыктарды (линияларды) кубалап олтурса издеген адамына жеңил жетет.

## Дуулатказы, Алыш айылы




ТОКТОНАЗАР
МАМАТ
МОЛДОГОЗУ
БОЛОТ
НИЯЗБЕК
ТОКТОГАЗЫ
СОПУ
ЧОЛОК
СЕЙИТКАЗЫ
ИСА
АБДЫКАДЫР
ОСМОН
СУЛТАНААЛЫ
КАКЕН
АСЕК
БОРБУШ
КӨЛҮ
НАРЫНБЕК
КАРЫБЕК
ЖАЛЫЙ
БУУДАЙБЕК
ТИЛЕНБАЙ
ДҮЙШӨБАЙ
МУРАТ
АЙБЕК
АТТОКУР
АЙТЫГУЛ
КАНАТБЕК
КУБАТБЕК
КЕНЖЕБЕК
ТААЛАЙБЕК
САПАРБЕК
ДАСТАН
ТУРДУБЕК
КАМЧЫБЕК
АБДЫБЕК
ЖАНЫБЕК
АЛЫМБЕК
АКЫЛБЕК
НУРБЕК
УРМАТ
ТИЛЕК
ЭМИР
ИСЛАМ
АДИЛЕТ
АКЫЛБЕК
РАХАТ
ФАРХАТ
ЖАНАТ
АСКАРБЕК
АЛМАЗ
АВАЗ
КОНОКБАЙ
БЕЙШЕБАЙ
МУКАШ
НАЗАРБЕК
АМАНТУР
ЭСЕНТУР
БЕКТУР
ТОКТОБЕК
ЖЕҢИШБЕК
ЭРБОЛ
ЭЛТУРАН
РАМАЗАН
ТОКОЛОҢ
НАРЫНБЕК
МАЙРАМБЕК
ЭСЕНБЕК
НУРЛАН
ЖЕҢИШБЕК
НУРБОЛ
ЭРБОЛ
НУРБОЛ
ЖАКШЫЛЫК
МИРЛАН
АЗАМАТ
САТЫБАЛДЫ
КУТБОЛ
ЭЛДОС
ТОЛКУНБЕК
АДИЛ
ЭЛДИЯР
АНАРБЕК
ЧЫНАРБЕК
БЕКНУР
ЭРМЕК
ЭЛМИРБЕК
ТЕМИРЛАН
АСАНААЛЫ
БЕГААЛЫ
АЗИМБЕК
ЖАМАНГУЛ
МАЙРАМБЕК
КУБАНБЕК
КУБАТБЕК
ОРОЗБЕК
КАНЫБЕК
КАБЫЛБЕК
ЭДИЛБЕК
АДИЛЕТ
ЫРЫСБЕК
МЕЛИСБЕК
ЧЫҢГЫЗ
БАЙЫШ
НУРИСЛАМ
АЛМАЗ
АСКАТ


ИТ АЯК
НУРКЕ
ЧӨЛ
ЭШМАМБЕТ
ЖААНБАЙ
ЖАКШЫЛЫК
ТУРГАН
ТҮЛКҮБАЙ
ОБОЛБЕК
ИШЕНБЕК
БЕКТУРГАН
ЭМИЛБЕК
ЗАМИРБЕК
НАРЫНБЕК
ЭМИЛ
МИРЛАН
ЭРКИН
ЖАКШЫЛЫК
ДАСТАН
ДАНИЕЛ
АСАНААЛЫ
БОРОНБАЙ
НАСИП
ИСЛАМ
КАЙРАТ
САМАТ
ТИЛЕК
АЙБЕК
НУРБЕК
АКЫЛБЕК
АСЫЛБЕК
СҮЙҮНБАЙ
ТУРСУНБЕК
РАЙЫМБЕК
КЕРИМ
САЛАМАТ
АЛМАЗ
НУРЭМИЛ
УРМАТ
АСАН
КОЖОБАЙ
БЕКЕЛЕҢ
ТУРДУБЕК
БАКЫТБЕК
КЕНЖЕБЕК
ЖУМАГУЛ
ЫСАМАМБЕТ
ОРОЗОБАЙ
ӨЗҮБЕК
ТӨРӨБАЙ
АЗАМАТ
БААТЫРБЕК
БИЙМЫРЗА
БАЙЭЛ
АСЫЛБЕК
КАРАБЕК
АБЫЛАЙ
ОСМОН
КУДАЙБЕРГЕН
ТАШБОЛОТ
ЭЛЕМАН
ТОКТОСУН
УЛАН
САГЫНБЕК
САМАРБЕК
САРДАРБЕК
ЖЫРГАЛБЕК
ШАМИЛ
БЕКТЕН
ОСМОН
МАРАТ
БЕКЗАТ
ЖОЛААЛЫ
ЖОЛДОШБЕК
АЗАТ
МАКСАТ
АЛМАЗ
РАХАТ
БОЛОТ
УСМАН
НУРБОЛ
ЭРБОЛ
АЙДИН
АСАНГАЗЫ
САДЫРКУЛ
АМАН
ЭСЕН
АЛАПАЙ
МУКАНБАЙ
САТАН
ЖУМАБЕК
КУЛУБАЙ
МАЙРАМБЕК
ЖАНТАЙ
БАКЫТ
ТИЛЕК
ЭРМЕК
УРМАТ
МУХАМБЕТАЛИ
АДИЛЕТ
ТУРСУНБАЙ
МУКАНБЕТ
УКЕН
БЕЙШЕНБЕК
УЛАНБЕК
ТЕМИРБЕК
ӨМҮРБЕК
ЗАМИРБЕК
ТААЛАЙБЕК
РЫСБЕК
КЫЛЫЧБЕК
ЖУМАБЕК
МОМОШ
ЭЛИКБАЙ
КИЙИКБАЙ
КОНУШБАЙ
БЕКТЕМИР
СЫДЫБАЙ
БӨЖӨН
МАЙРАМБЕК
ЖОЛДОШБЕК
ЖАНЫШБЕК
УЛАНБЕК
ЭСЕНБЕК
АМАНГЕЛДИ
КАНИМЕТ
НУРСУЛТАН
ИЛИЧБЕК
ЖАНЫБЕК
МАКСАТ
КАЙРАТ
ТАЛГАТ
ТАЛАНТ
МИРЛАН
АРЛЕН
ЭРЛАН
АСКАТ
УРМАТ
МАРАТ
ИМАН
ЭРБОЛ
БЕКБОЛ


ЫРСАЙ (солпу)
ЧОҢ МУРУН
КУРМАНКОЖО
ЧЫНКОЖО
КУЛЕТ
КАНЕТ
ЭСЕНАМАН
БАЙБОСУН
БОСТОК
ТЕНТИ
БЕЛЕК
ӨМҮРБЕК
ӨМҮРААЛЫ
ТАЛАНТБЕК
РАХАТ
ТУРУСБЕК
БАКЫТ
НУРЛАН
ЫЙМАН
САМАТ
АДИЛЕТ
АЗАМАТ
АСКАТ
ОРОЗОБЕК
ЭСТЕБЕС
ЖЕҢИШБЕК
ШАМЫРКАН
ЫМАНААЛЫ
ЖАЙЛООБАЙ
КУБАНЫЧБЕК
МАКСАТ
РЫСБЕК
НУРБЕК
МИРБЕК
КЫЛЫМБЕК
ТҮКБАШ
ТӨЛӨГӨН
ЖЫРГАЛ
КУБАТБЕК
ЖЭЭНБЕК
ДҮЙШӨК
УЛАНБЕК
НУРЛАН
САЛАМАТ
БАКЫТБЕК
ТОЛИК
ТИЛЕБАЛДЫ
ИМАНМАДЫ
АМАНААЛЫ
МАРСЕЛ
АРЛЕН
БЕКБОСУН
АЛТЫНБЕК
САНЖАРБЕК
КАЙРАТБЕК
КУБАНБЕК
АМАНБЕК
ЭСЕНБЕК
ҮСӨНБЕК
ТОКТОМАМБЕТ
ЫБРАЙ
ОРОЗОБАЙ
КУРМАНБЕК
БЕРДИБЕК
БАКТЫБЕК
ТААЛАЙБЕК
КАМЧЫБЕК
СТАЛБЕК
ЗАМИРБЕК
ЧЫҢГЫЗ
КАЛЫГУЛ
АБДРАХМАН
ШАЛТАБАЙ
КАРЫБЕК
КАЗЫБЕК
АЗАМАТ
ЖАНЫБЕК
АДИЛЕТ
РАХАТ
УРМАТ
ӨМҮРБЕК
МИРЛАН
НУРБЕК
РУСЛАН
ТААЛАЙБЕК
БАКЫТБЕК
ТИЛЕК
ТЕМИРЛАН
ЫМАНААЛЫ
КУРМАНБЕК
СОПУ
АЛМЕРЕК
АЙДАКЕ
МАМЫТ
САРЫБАЙ
ОЛЖОБАЙ
МЫЙТЫН
МАРАТ
ЖАПАР
МУРАТ
БАКЫ
УЛАН
АСЕК
МУТАЛИП
ААЛЫ
АКМАТ
АРМАТ
НАЙМАН
АЗАМАТ
САМАТ
ТАЛАНТ
АСКАР
КУБАНЫЧБЕК
АБДРАШИТ
ДАНИЕЛ
ЫМАНБАЙ
ДУУЛАТ
СУЛТАНААЛЫ
АЛБАН
ДҮЙШӨК
ЭРНИС
УЛУКМАН
КЫТЫ
ТУРСУНБАЙ
ДОСУГУЛ
ЭДИЛБАЙ
КУРМАНБЕК
КУРМАНБАЙ
РУСЛАН
САРТ
БЕКТУРГАН
КУЛ
КАРЫП
КАРАБАЙ
МЫРЗАБАЙ
ЭЛДИЯР
ЭДИЛБЕК
ЧОКУР
ЖУМАШ
АСАН
ТОСТОН
КУБАНАЙ
БАКЫТ
БАЗАРБАЙ
КОНОКБАЙ
КОНУШБАЙ
КУБАНЫЧБЕК
БОЛОТБЕК

## *Шалдыр урууcу, Кайыңды айылы*




*Уландысы 275-бетте.*


ШАЙБЕК
ЭРМЕК
ОСМОН
МАМБЕТКАЛЫЙ
КАЛЫЙБАЙ
КАДЫРДАЙ
МУКТАР
КЫДЫКБЕК
АБДЫРАЛЫ
КАРЫБЕК
КУДАЙБЕРГЕН
АБДЫКАДЫР
БЕЙШЕНАЛЫ
АБДЫМИД
КЕРЭЭЗБЕК
АСАНБЕК
ЖУМГАЛБЕК
ЖОЛДОШБЕК
ТЕМИРБЕК
ИСЛАМ
АЛИМ
АРЛЕН
АРСЕН
МУКАШ
БУКАР
МУКАНБЕТ
ЖҮРӨР
СОЛДАРБЕК
ЫСМАИЛ
КУРМАНБЕК
КАНЫБЕК
ТАШТАНБЕК
БЕКТУР
БУГУБАЙ
МАМБЕТИСА
ТОКТОБЕК
ТОКОН
КОЗУБЕК
АСАН
САГЫН
КУРМАНБЕК
ӨМҮРКАН
МАМБЕТАЛЫ
ТЕМИРКАН
ЖОЛДОШ
САЙНА
БЕЙШЕ
АСАКЕЙ
ШАРШЕМБИ
ОСМОН
ЧОЙБЕК
КЕРИМ
МҮДҮН
БАКАС
КУЛУБЕК
ТААЛАЙБЕК
ТАБЫЛДЫ
ЗАМИРБЕК
РАХАТБЕК
ТОКОНОЙ
ТЫНАЙ
УРМАНБЕТ
БИРНАЗАР
БАЙГАЗЫ
ТОКТОГУЛ
ДӨӨЛӨТБЕК
АБДРАМАН
ТАПА
БЕЙШЕ
ЖУМА
ДҮЙШӨ
МУКАНБЕТ
НУРБАЙ
АСАН
КЕҢЕШ
АЛБАН
КӨБӨН
ЖЕЛДЕҢ
СООДОНБЕК
МАСЫМБАЙ
КАСЫМБАЙ
КАЛЕН
КУБАНЫЧБЕК
ЖОЛДОШБЕК
СТАНБЕК
КАДЫРБЕК
БАПА
КОЧКОЙ
КАРЫМШАК
АБДЫКАДЫР
ЖУМАКАДЫР
ТӨРӨ
ОСМОН
АЖЫ
САГЫН
ОРОЗ
ТОКОЧ
СЫРТБАЙ
НОГОЙ
СУЛТАН
ОРОЗОБЕК
МОТУ
ОСМОНКОЖО
АБДРАЗАК
ТӨЛӨГӨН
БЕКБОЛОТ
ЖУМААЛЫ
БУГУБАЙ
ШААЖУСУП
ТЕМИРБЕК
КЫРГЫЙБЕК
ЭЛДИЯР
БЕКМУРЗА
КУЛМУРЗА
АСАНААЛЫ
ЖАПАР

*Шалдыр, Кайыңды айылы*



*Шалдыр, Ысмайыл, Дөөтүнүн тукумдары (башталышы 272-бетте)*




*Бакай уулунан*




КЫЗЫРОО БИЙ
ТҮЛӨБАЙ
ЭСИРКЕ
БАБАК
МАМАКЕ
ЧЫНГЫШ
ЫБРАЙ
ЖАЙЛООБАЙ
АСАНААЛЫ
МАМБЕТАКУН
ОРОЗААЛЫ
ОРУНБЕК
ЖАНУЗАК
ЧОТУШ
КУРМАНАКУН
САРЫБАЙ
АТТОКУР
КАРАБАЙ
ЖУМАЙ
АСАНБЕК
БЕРДИБЕК
БОЛОТБЕК
ЭСЕНАМАН
ТОКТОМУШ
ОСМОН
УСЕЙИН
АСЕЙИН
КУСЕЙИН
ТУРСУНБАЙ
БЕКБОСУН
КАЗАК
МОЛДОБАЙ
БАЙТОК
УСУПБАЙ
МАМБЕТААЛЫ
ТОГУЗ
СУЙУНДУК
АБДЫКАДЫР
СҮЙҮНБАЙ
СҮЙҮНААЛЫ
АНАРБЕК
АЛТЫНБЕК
АКЫЛБЕК
АЗИМ
УЛАНБЕК
НУРДАНБЕК
АБДЫКАЛЫК
ЫЙМА
ДҮЙШӨБАЙ
АПЫШ
ЖУНУС
ТАБЫЛДЫ
ДҮЙШӨМБҮ
АЗЫК
ТОКТОСУН
БЕГЕНДЕЙ
ТӨЛӨЙКАН
САДЫР
ТАБЫЛДЫ
ТОКТОБАЙ
ЭШПАЙ
ИСАБЕК
КУРМАНААЛЫ
ЖАКЫП
АКМАТКЕРИМ
АЗАМАТ
МУКАШ
ЖУМАГУЛ
ДҮЙШӨНБЕК
МЫРЗАБЕК
ДҮЙШӨНААЛЫ
ЭСЕН
ОКЕН
ӨМҮРБЕК
БАКЕНЕЙ
СЫДЫК
КУДАШ
ӨСКӨНБАЙ
АЙТКУЛУ
КАЛДЫБАЙ
ЧИНГИЛБАЙ
ОРОЗОБЕК
НАМАЗБЕК
ШАМЕН
ДАНИЯ
АКМАТ
ШОРУК
ИСА
БОРКОЛДОЙ
САТЫ
КАЛЧА
ЖООШБАЙ
КАРЫМБАЙ
ЧЫМЫРБАЙ
ЧЫНГЫШБАЙ
ЧЫНЫКБАЙ
МАМБЕТКАЗЫ
ШЫГАЙ
КАЧАГАН
ТУРДУБЕК
ТУРАТБЕК
ЭСЕНБЕК
ЫСКАК
ӨМҮРЗАК
ӨМҮРАЛЫ
БАБАЛЫ
АБДЫКАДЫР
ТААЛАЙБЕК
КАМЧЫБЕК
АКЫЛБЕК
ТАЛАНТБЕК
САЛМОРБЕК
ЖУМААЛЫ
КЕРМАКУН
УРМАКУН
БЕКБОЛОТ
АСАН
ҮСӨН
МУДУН
МУСИЛИМ
ЧЫНТЕМИР
БЕКТЕМИР
НАРЫНБЕК
КОЧКОРБАЙ
ЖОКОШ
ШАПАК
КАЛАЙ
АЙДАРБЕК
ЧЫЙМЫЛ
ЫСМАЙЫЛ
ТОКТОСУН
СУЛАЙМАН
БАЗАРБАЙ
МУКАШ
ШАЙЛОО
АЛТАЙ
АЛТЫБАЙ
ДАКЕН
МЫРЗАБЕК
СУЛАЙМАН
АСКАРБЕК
АЙДАР
БЕКБАЙ
АБАКИР
КЫДЫРАЛЫ
УСУП
АЙЫЛЧЫ
ЭГЕНБЕРДИ
КҮМӨНДӨР
ТҮМӨНБАЙ
ЖОЛДОШБЕК
ТУРДАКУН
НАРЫНБЕК
КЕНЖАКУН
МОЛДАКУН
КУРМАНБЕК


АЙДАРКОЗУ (чайыш)
ДҮЙШӨБАЙ
АК КИШИ
ОРУС
КУДАЙБЕРДИ
ӨМҮРБЕК
АКБАГЫШ
ТОКТОБАЙ
ЫСМАЙЫЛ
АЛДАШ
ЖУМАГУЛ
САДЫР
ЖЫЛКЫЧЫ
САМАТ
ОРОЗАЛЫ
РАШ
ДҮЙШӨМБҮ
СУЛАЙМАН
ТИЛЕБАЛДЫ
БУЛАН
КОЖОКЕЛДИ
ТӨРӨГЕЛДИ
МАМБЕТ
КЫСАМЕДИН
ЫБРАЙ
ОСМОН (ОСЕК)
КОЖОН
АСАН
ҮСӨН
ЖАКШЫЛЫК
ТАЛЫП
КЕНЖЕБАЙ
МУСА
ШАЙЛООБЕК
МАМБЕТ
АКЫЛБЕК
КЕЛДИБЕК
ШАЙЫНБЕК
АСАНААЛЫ
АСАНАКУН
МАМБЕТААЛЫ
ОСМОН
НАМАСААЛЫ
КЕНЖАКУН
ҮСӨНАКУН
СУЛТАН
ЫБРАЙЫМ
КУРМАНБЕК
КЕМЕЛБЕК
ТААЛАЙБЕК
ЭМИЛБЕК
АБЫЛ
АЙЫЛЧЫ
НУРДИН
АЙБЕК
АЛМАЗБЕК
ЖУМАБЕК
БЕКТУРГАН
ЖОЛДОШБЕК
ДОКТУРБЕК
КАНАТБЕК
АСАНБАЙ
ОРОЗ
ЫДЫРЫС
САДЫК
ТЕМИРБЕК
КЫЛЫЧБЕК
ЖАНЫБЕК
ТӨЛӨБЕК
БАКТЫБЕК
ЭРКИНБЕК
ОЛЖОБАЙ
КУСТОБАЙ
БУКАРБАЙ
ОРОЗОБЕК
КУБАТБЕК
КУБАНЫЧБЕК
ИШЕНБЕК
АЙМБЕК
ЭРКИНБЕК
АСАН
ЭСЕНКАН
ТЕМИРБЕК
ТААЛАЙБЕК
САДЫБАКАС
ТАБЫЛДЫ
ТАЛАНТБЕК
КАНАТБЕК
БОЛОТБЕК
МАРАТБЕК
МУХТАРБЕК


АЙДАРКОЗУ (чайыш)
ЧАГЫР
БАЙ КИШИ
ТАШТАНБЕК
БОТБАЙ
ЖАНТАЙ
ТЕЛТАЙ
НОГОЙ
МОЛТОЙ
ТЕЛКОЗУ
КОНЧОЙ
ТОРУБАЙ
ТОКТОРБАЙ
БАЗАРБАЙ
ЭСЕН
ТУРСУНБЕК
ТУРГУНБЕК
КЫЛЫЧБЕК
ТӨЛӨБЕК
ТУРАТБЕК
МИРБЕК
МАРСБЕК
СОКУБАШ
ЭРКИНБЕК
ТУРГУНБЕК
РАМИС
МАМБЕТ
ТАЖЫ
АСАНКОЖО
БЕЛЕК
УЛАНБЕК
БОЛОТБЕК
АЙДАРБЕК
ЖЫРГАЛБЕК
АКЫЛБЕК
КУРМАНБЕК
КАНАТБЕК
СОПУ
ӨМҮРАЛЫ
САРЫГУЛ
ТОКОНОЙ
ТОЙМАМБЕТ
ТОКТААЛЫ
КОЖОБАЙ
СҮЙҮНДҮК
ЭРКИНБЕК
ЖОЛДОШБЕК
АСАНКАН
АСАНААЛЫ
ТАБЫЛДЫ
МОЛДАЛЫ
КОНОКБАЙ
ОРОЗОБАЙ
КАДЫРБАЙ
АДЫЛБАЙ
ДҮЙШӨНАКУН
ШАРШЕК
ҮМӨТАЛЫ
НИЯЗ
ӨМҮР
ТУРГУНБЕК
КУРМАНБЕК
КАМЧЫБЕК
АСАНГАЗЫ
КҮЙКӨ
БЕЙШЕМБИ
БУКАРБАЙ
ЧҮҢКӨЛӨЙ
НИЯЗБЕК
БООБЕК
ТОКТОБЕК
СУБАН
ҮСӨНБАЙ
БАЯМАН
САГЫНБАЙ
МАМБЕТ
МУКАНБЕТ
ЖУМАБЕК
АЛМАЗБЕК
КЫЛЫЧБЕК
ЭМИЛБЕК
КУСЕЙИН
САГЫНАЛЫ
КУРМАНБЕК
АБДЫЛДА
КАЙЫП
КАДЫРБАЙ
ТАЛАНТ
ЫРЫСБАЙ
БУКАНАЙ
КОЙГЕЛДИ
АСАН
АБДРАЙ
ӨМҮРБЕК
КУБАНЫЧБЕК
НУРБЕК
ТАЛАНТБЕК
РАХАТБЕК
АЛЫБАЙ
ТОЙГОНБАЙ
КАЙКЫ
ДҮЙШӨБАЙ
САРЫПБЕК
ИМИН
ДЕРКЕНБАЙ
АСЫПБАЙ
ЖАПАР
МОЛДОБАЙ
ЫЙМАНАКУН
УРУМКА
ЖААНБАЙ
БЕЙШЕБАЙ
ТУРДАКУН
СЕЙДИЛДА
НАДЫРБЕК
КОНОКБАЙ
НИЯЗБЕК
КЕЛДИБЕК

## *Ак-Муз айылы*


КУДАЙБЕРДИ
БАКЫ
КАРЫБАС
НООРУЗБАЙ
ТОКТОСУН
УСУП
ЫСА
МУСАКОЖО
КЫДЫРГЫЧ
БЕЙШЕНБЕК
САГЫНДЫК
САРЫБАЙ
ЖУСУП
ӨМҮРКУЛ
КАЛЫГУЛ
ОСМОНКУЛ
МУКАНБЕТ
САПАРБЕК
ЖЫРГАЛБЕК
КЫЛЫЧБЕК
БОЛОТБЕК
ДҮЙШӨБЕК
БАЙСАРЫ
ТАЙСАРЫ
МУРЗАБЕК
ЖАНГАЛ
ОРМОТОЙ
СОКУР
ЖАНТЕКЕ
БЕРДИКОЖО
АЛАН
КЕНЖЕБАЙ
КОТОНТАЙ
МУСУРААЛЫ
СЕЙИТААЛЫ
ЖАПАРАЛЫ
КАСЫМБЕК
АСАНБЕК
ӨМҮРБЕК
ЖОЛДОШБЕК
ТЫНЧТЫКБЕК
БАКЫТБЕК
ЭРКИНБЕК
МЕЛИСБЕК
ЭРНИСБЕК
ТЕМИРБЕК
БИЛИМБЕК
КАЛЫСБЕК
АНЫКБЕК
АНЫКБОЛОТ
ЭМИЛБЕК
ЭДИЛБЕК
НУРКАН
ЖАКШЫЛЫК


АК КИШИ
САРТ
КӨКЧӨ
АЙБАШ
КЕЛДИБЕК
ЖЭЭНБЕК
ШАДЫБЕК
ЭДИЛ
ӨМҮРЗАК
КАЛДЫБАЙ
КОЗУБЕК
ШААКЕ
ӨМҮРБЕК
АБДЫКАН
АСАНБЕК
АЛСЕИТ
ТАКЫР
ОРОЗАКУН
АСАНАЛЫ
АКМАТ
ТЕМИРБЕК
КАМЧЫБЕК
ЗАЙЫРБЕК
ТАЛАНТБЕК
КАНЫБЕК
МАМЫТ
ЖАЛЫЙ
КАЛЫЙБЕК
БАКТЫБЕК
ӨМҮРБЕК
МАМБЕТ
ШАМБЕТ
МУКАНБЕК
ЖАКАЙ
СЫРТБАЙ
МУКАШ
БЕКТЕМИР
БАЙТЕМИР
БЕКМУРЗА
ИСА
ИСРАИЛ
КЕНЖЕБАЙ
БЕЙШЕБАЙ
АКМАТ
ТУРГУНБЕК
МОЛДОБЕК
ТААЛАЙБЕК
ДҮЙШӨК
ЖУСУП
КОНОКБАЙ
НУРКАЛЫЙ
СҮЙҮНААЛЫ
УСУПКОЖО
КАШКАРБАЙ
БЕРДИБАЙ
ТУРДУБАЙ
ТӨЛӨМҮШ
ТӨЛӨГӨН
ЖЭЭНБЕК
АВАС
НУЛАН
МАКСАТ
НИЛКЕ
МУРАТ
АЛЫБАЙ
АЖЫБАЙ
БАБАЙ
ЖУМАНАЗАР
КАЛНАЗАР
КУДАЙБЕРГЕН
ТОКТААЛЫ
АСЫБАКУН
МУРАТ
КУБАТ
ЖЕНИШБЕК
МУХТАР
МАРАТ
ТУРАТ
АЛМАЗБЕК
АЗАМАТ
АБДЫМИТАЛИП
КАЙЫП
ЖОЛДОШБЕК
КАМЧЫБЕК
ЭЛИНА
АКЫЛ
ТАЛГАТ
АСАНКУЛ
ТОКТОГУЛ
ОСМОНКУЛ
ИШЕКУЛ
КАРЫМШАК
НУРААЛЫ
ЖЭЭНАЛЫ
АТАКАРА
ТОКТОСУН
КАСЫМ
ЧОКО
ТУРДУБЕК
КАДЫР
АБДЛАШЫМ
АБЫЛМАЖИТ
БИЛИМ
КАРЫБЕК
АСКАР
АДОК
ТАЛАНТ
МЕДЕР
ЧЫНААЛЫ
КУЛМАТ
КАРЫПБАЙ
КЫЗЫРОО
САМАНСУР
МОНОЛИЯ
КОКО
БАКЫТ
СҮЙҮНБАЙ
КЫШТООБАЙ
ЖАНГАРАШ
БОТБАЙ
САТЫБАЛДЫ
ТУРГАНБАЙ
КАДЫРАКУН
ТАБЫЛДЫ
ЭЛДИЯР
ЭРМЕК
ЭСЕНБЕК
ДҮЙШӨНБЕК
ТАЛАНТ
ЖОЛОМАН
ЫРЫСБЕК


ОРУС
КОГУЧУ
ДҮЙШӨ
БЕКБОО
ТОКТОГОН
МУСУРААЛЫ
ТУРДАКУН
БАЙМАТ
ТЕМИР
ТОКО (БЕРДАЛЫ)
САМАНЧЫ
ААЛЫ
КОЖОШ
КОЖОБЕК
САРЫ
ТӨЛӨ
БЕЙШЕНАКУН
ОРМУШ
ДҮЙШӨНАКУН
ЖЭЭНБАЙ
БОЛОТБЕК
ДӨӨТҮБАЙ
АК ЖОЛ
ЖАКУБАКУН
ТЕМИРБЕК
КАДЫРАКУН
МАКИЛ
АСКАРБЕК
АСКЕРБЕК
СЕЙИТБЕК
КУРМАНБЕК
МЕДЕРБЕК
ЖУМАШ
АСЕК
АСАН
ҮСӨН
ЭСЕН
АЙЫЛЧЫ
ШАМЫРКАН
АЛМАКУН
АЙСАРАКУН
КАДЫР
АЙТБЕК
ДҮЙШӨНБЕК
БЕЙШЕНБЕК
АСХАТ
АСАНБАЙ
АБДЫРААЛЫ
ЖУМААЛЫ
АБДРАМАН
ЖУМАНАКУН
ЫСМАЙЫЛАКУН
АСАНГАЗЫ
АСАНБЕК
СОЛТОНБЕК
СООРОНБАЙ
АЛЫШБАЙ
МААДАН
ДҮЙШӨБАЙ
ТЕНТИМИШ
ЖУНУСАЛЫ
МУДУН
ЖУМАЙ
БУБАТ
КУБАНЫЧБЕК
ЖУМА
ИШЕНБАЙ
ШАРШЕНБАЙ
ЖЕКШЕНБАЙ
ТАЛАНТБЕК
ЗАМИРБЕК
ӨМҮРЗАК
КАСЫМ
КАДЫРМАМБЕТ
АБДЫБЕК
АБДЫКАЛЫЙ
ТИЛЕНБАЙ
МАКЕНБАЙ
АБДЫЖАЛЫЙ
ТУРДУБАЙ
АЗАТ
ТАГАЙ
СОПУ
БАЯЛЫ
МАМБЕТАЛЫ
АСАНААЛЫ
АБАКИР
ЖАЙЛОО
ЖОЛДОШБЕК
АЛМАЗБЕК
ТААЛАЙБЕК
САГЫНДЫК
НАМАЗБЕК
БОЛОТБЕК
ШАЙЫНБЕК
ДОКТУРБЕК
ЖЕҢИШБЕК
ТЫНЧТЫКБЕК
ЖЭЭНТАЙ
БААТАЙ
САПАРБАЙ
ЫРЫСКЕЛДИ
ЖУМАГУЛ
МЕДЕРБЕК
РЫСБЕК

## *Надыр уулу*


НАДЫР (БАЛА КЫЙРА)
РАЙ
КОРООЛУ
СОПУ
ТАТЫКЕ
САДЫР
МАМБЕТ
ЧЕРИКУН
ОРОЗААЛЫ
ОРОЗОБЕК
АКУН
АСАНКОЖО
АЙТБАЙ
МУКАНБЕТ
НУРБЕК
ЧЕКИР
ТУРДАКМАТ
БАЙЫШ
ТАБЫШ
АСКЕРБЕК
ЖУРСУНБЕК
ТУРСУНБЕК
АДИЛХАН
МАМЫРКАН
ШАМЫРКАН
ОСМОНААЛЫ
АЛЫМБАЙ
ТӨЛӨМҮШ
АСАНБЕК
ТОКОН
ДӨӨТКУЛ
ЖООМАРТ
ЗАМИРБЕК
САГЫН
КУБАН
УЛАН
СЕЙТЕК
НУРСУЛТАН
БАИЭЛ
СИМЫК
УРМАТ
РИНАТ
ТИЛЕК
ЭРДАН
БОПОШ
НИЯЗБЕК
МАКЕР
ЧАБАЙ
АСАКЕ
КЫЙТЫКЕ
АСАН
ҮСӨНГУЛ
ШАЯХМЕТ
АЛМАЗ
БОЛОТ
НУРЛАНБЕК
ЭРЛАНБЕК
АДАМИС
ТАЛАНТ
ЭДИЛ
АДИЛЕТ
ТУРАРДИН
АБДИЛ
КАМИЛ
ЭМИЛ
ДАНИЛ
АБДИЛ
ЭРЛАН
АНВАР
САБИРДИН
ШАМИЛ
АДЫЛ
НУРДИН
ЧЫНТЕМИР
БЕКТЕМИР
АКБЕРДИ
БАКТЫБЕК
КУБАН
РИНАТ
СЫРГАК
МАМБЕТТУРДУ
АЛМАС
КАЗЫБЕК
ЭРЖАН
КАМБАР
АЙДИН
ТЫНЧТЫК
АРЛЕН
КУБАНЫЧ
АЙБЕК

*Надыр уулу*




Макеров Шамилдин маалыматы боюнча.


Болот
Таштанбек
Жолболду
Адигене
Тагай
Дүйшө
Султангазы
Асангазы
Асанжан
Бакытбек
Таалайбек
ЖеҢишбек
Мурат
Марат
Сейитбек
Таалай
Капал
Нурлан
Мирлан
Айдарбек
Жоруп
Касмакун
Баякун
Усубакун
Усуп
Мукамедин
Ысмайыл
Ыскак
Эрмек
Руслан
Нурлан
Таалай
Бакы
Кубан
Нурлан
Сыргак
Улан
Азамат
Абылгазы
Актилек
Бакай
Эрлан
Актан
Кутман
Темирлан
Сопу
Шеримбай
Керимбай
Ырысаалы
Закон
Союзбек
Советбек
Таалайбек
Акылбек
Турсунаалы
Ыйман
Мамбетакун
Ыйманкерим
Муканбет
Камчыбек
Калыбек
Темирбек
Эмилбек
Сагын
Надырбек
Турдыбек
Турусбек
Кубаныч
Эрлан
Адисхан
Атай
Түркмөн
Шадыбек
Бүргө
Айтибай
Мырзабай
Назар
Ишенаалы
Асанаалы
Айдараалы
Эшмамбет
Жээналы
Кадырбек
Кубатбек
Кайырбек
Дайырбек
Алымбек
Эркинбек
Турсунбек
Дүйшөнбек
Кенжебек
Куттубай
Бакдөөлот


ОРТО КЫЙРА
Кубат
Бешкемпир
Орус
Бегаалы
Динмуканбет
Садыр
Суран
Калмак
Сеит
Кудайберди
Жангир
Мамбет
Акун
Ыбырай
Өмүрбай
Токтомуш
Базарбай
Азарбай
Үсөн
Орозобек
Токтогон
Токтоосун
Табылды
Тукеш
Асангазы
Түлөбөй
Түлөберди
Кудайберди
Камчыбек
Канатбек
Туратбек
Эсенбек
Женишбек
Бакы
Эркинбек
Алмазбек
Женишбек
Нурсултан
Сыймык
ЭСЕНАМАН
ЖУМАБАЙ
ЖУМАШ
ЖУМАГУЛ
БЕЙШЕБАЙ
БАКАС
Жылдыз
Кубан
Фархат
Асхат
Майрамбек
Мукаш
Чоро
Асанбек
Жумабек
Кадырбек
Майрамбек
Кубан
Жаанбай
ТӨЛӨГӨН
ЫРАБАЛДЫ
ҮСӨНБЕК
Азат
Тилек
Болот
Койчубай
ТЕЗЕКБАЙ
ЖАНЫСАК
Алтынбек
Майрамбек
Ырысбек
Нурбек
Айбек
ТЕМИРБЕК
ӨМҮРБЕК
АСАНБЕК
БАКЕН
КЫШТООБАЙ
АБДЫКАДЫР
Кубаныч
Эрлан
МЫРЗАБЕК
АСКАРБЕК
БАКЫТБЕК
Рысбек
Болот
ЭРКИНБЕК
КАРЫБЕК
ЭДИЛБЕК
КАНАТБЕК
ИШЕНБЕК
АДИЛЕТ
ДАВЛЕТ
ЗАМИБЕК
НУРБОЛОТ
БЕКТУР
ШАБДАН
ИБРАИМ
КУБАНЫЧБЕК
МИРЛАН
АЙБЕК
АЗАМАТ
КУТМАН
УМАР
ЗАЛКАР
АЗИЗ
ЖАКШЫЛЫК
ИСЛАМ
АТАЙ
УЛУКБЕК
ЖЕНИШБЕК
НУРБОЛОТ
ЧЫНГЫЗ

*Ногой уулу, Орток айылы*




ЖААНБАЙ
КЕЛГЕНБАЙ
ШАРШЕМБИ
ЫСМАЙЫЛ
ЫРЫСКУЛ
ЗАРЫЛЫК
ЫСКАК
НАЙМАН
КАЗАК
ШАРШЕНБИ
АКМАТБЕК
БЕЙШЕМБИ
АЙТБОСУН
КАЗЫБЕК
САПАРБАЙ
БЕКТУР
КЕРИМ
СОПУ
ДАНИЯР
МАМБЕТ
МУКАШ
ҮСӨНАКУН
ААЛЫ
АСАНГАЗЫ
МАМБЕТКАЗЫ
КАСЛАН
АНАПИЯ
ЭРКИНБЕК
ЭРНИС
АБДРАХМАН
АБДРАСУЛ
АСАНБЕК
ЖУМАМҮДҮН
КУБАНЫЧБЕК
КЫДЫРБЕК
АБЫЛАСАН
МЕНДЕКЕ
АБАЙЫЛДА
ЫСАКОЖО
БАКЫЙ
БАЙМУРЗА
КАРАГУЛ
АСКАРБЕК
АДЫБАЙ
КАЛДЫБАЙ
АСАН
МУРАТ
ЗАМИРБЕК
КАНЫБЕК
НУРЛАН
МАМБЕТКУЛ
МУСАЙ
АКИН
АСАНАКУН
ЖЕНИШ
ЫБРАЙЫМ
АБДЫКАПАР
ЫДЫРЫС
АСКАР
АБЫЛ
КАБЫЛ
ТОКТОНБАЙ
КЕНЕЙ
ТОКТОРБАЙ
ЖАЙЛООБАЙ
ЖАЛЫЙ
КОЖОБАЙ
ӨМҮР
АКИН
КАЧЫБЕК
ҮСӨН
МУКАЙ
САДЫБАКАС
АБАКИР

## Каныжан энеден.






*Уландысы 290-бетте.*




Мелис карап чыкты.

*"Саймалуу-Таш", Тогуз-Торо району, Жалал-Абад облусу.*

*Б.з.ч. коло доорунун руханий дүйнөсүн чагылдырган жүз миңден ашык сүрөтчүлөрдү, ар кандай чиймелерди бир жерге топтоштурган мындай "Таш китепкана" дүйнөнүн башка бир да жеринде кездешпейт.*






Бакыт
Бактыгул
Толобек
Аскат
Максат
Аман
Рахат
Нурбек
Мирбек
Анарбек
Турсунаалы
Анарбек
Рыспай
Асанбек
Бектурган
Мурат
Курманбай
Асанкожо
Дүйшонбү
Мукаш
Стал
Рысбек
Аман
Белек
Өмүраалы
Кыдыраалы
Асаке
Жаманак
Солпу
Ысмайыл
Күрүч
Багыш
Аскарбек
Дүйшобай
Бейшебай
Ташболот
Сатыбек
Бактыгул
Жыргалбек
Кубанычбек
Майрамбек
Медербек
Жолдошбек
Нурбек
Акжол
Адилет
Толкунбек
Женишбек
Алмаз
Бактыяр
Бектурсун
Жолдошбек
Таалайбек
Медербек
Канатбек
Кабылбек
Каныбек
Ысак
Женишбек
Талантбек
Бакытбек
Нурбек
Кален
Асипбай
Бейшенакун
Айтакун
Шаршенаалы
Шейшебай
Мелисбек
Жанышбек
Жаныбек
Адилет
Азамат
Бекзат
Нуркан
Тилек
Урмат
Нурлан
Мирлан
Темирек
Жаныш
Мүдүн
Ташбай
Субан
Өскон
Бакир
Өмүрзак
Жанузак
Жолдошбек
Шакир
Амир
Таалайбек
Субан
Нурбек
Бакыт
Атай
Бакай
Нурбек
Ишенбай
Кутман
Дархан
Тейиш
Казы
Нураалы
Табылды
Максат
Кубат
Нурланбек
Эркинбек
Кубанычбек
Мырзакул
Аким
Рахим
Кайрат
Саза
Жакшылык




Алманбетов Эсенбектин маалыматы боюнча.


КОЖОГЖАР
ЖУТАБАЙ
ЧОПКО
БЫША
ЖУМАКЕ
ЖАКЫП
ДУМАНА
ЭСЕНБАЙ
ТЫНЫБЕК
ТОКТОГУЛ
АСАНАЛЫ
УСУП
БАЛБАК
БУГУЧУ
ЖАЙЛООБАЙ
ЧАРЫК ЖУСУПГАЗЫ
ДҮЙШӨКЕ
САРЫ
ЖУМАГУЛ
МУРАДЫЛ
ҮКӨН
ТОКТОМАМБЕТ
ТУРДУБАЙ
СЫДЫК
АБДЫБЕК
АБДЫЛДАБЕК
АШЫРБАЙ
БАКТЫБЕК
ЖАКЫПБЕК
БОЛОТБЕК
МАЙРАМБЕК
ЫЙМАНАКУН
МАМБЕТАКУН
АСАНАКУН
КАЛДЫБАЙ
ТУРДААЛЫ
АКУН
КАШЫМБЕК
КАДЫРБЕК
КАЛЫГУЛ
РАХАТ
КЫДЫРМЫШ
АТТОКУР
КУРМАНАЛЫ
КАРАГУЛ
АЛЫМКУЛ
КЫЛЫЧ
ЫЙМАНАКУН
МАЛДЫБАЙ
АМАНТУР
УРМАТ
КЫДЫР
УЛАН
РЫСБЕК
ЫДЫРЫС
САПСЫЗБЕК
ӨМҮРБЕК
БЕКБОЛОТ
ЖЫЛТЫР
БООБЕК
БЕЙШЕКЕ
МУРАТ
МУКАНБЕТ
БЕКБОЛОТ
ИСКЕНДЕР
АЛМАСБЕК
ТУРГАНБАЙ
СУЛТАНБАЙ
ОРОЗАКУН
АБЫКЕЙ
ӨЗГӨРҮШ
АЛМАНБЕТ
АЗАМАТ
ИСЛАМ
АБАЙ
ТУРСУНАЛЫ
ТУРАТБЕК
ОРОЗОБАЙ
СҮЙҮНБАЙ
ЖАҢЫБАЙ
КЕНЖЕБЕК
ДАСТАН
САНЖАР
БАРХАН
КОНКОШ
КАРАЧ
ИБРАИМ
КУБАТБЕК
ЫРЫСБЕК
КАДЫРБЕК
МАМБЕТ
МУКАШ
УЛАН
НУРЛАН
ЗАМИР
БАКЫТБЕК
НУРСУЛТАН
ЖУМАБЕК
ТУРГУНБЕК
НУРПАИЗ
НУРИСЛАМ
УЛУКБЕК
АК ЖОЛ
МАЛИК
АК ЖОЛ
ХАНТЕНИР
Нурмухамбет
АСАНБЕК
БЕКТЕН
НЕГИЗБЕК
ЖЫРГАЛБЕК
АДИЛЕТ
АЗАМАТ
ЭЛДИЯР
АЛИХАН
ЖОЛДОШБЕК
МЫРЗАБЕК
КЕРИМБЕК
КАДЫРБАЙ
БАКТЫБЕК
ЭРМЕК


НОГОЙ
ТӨТӨЙ
СЕГИЗБЕК
ШАПАК
ЖАЙНАК
ТОКТОГУЛ
АЛМАНБЕТ
МАМБЕТБАЙ
АБДРАЙ
САГЫНБАЙ
САДЫРБАЙ
КАДЫРБАЙ
АБАС
ИШЕНБЕК
ЖОЛДОШБЕК
ТААЛАЙ
ОТУНЧУ
КАЗЫБЕК
КАМЧЫБЕК
БЕКБОО
ТЕМИРКУЛ
БОЛОТ
БЕЛЕК
БЕКБОО
БЕКБОЛОТ
ЖАНБОЛОТ
УЛАН
БИЙМЫРЗА
ЗАЛКАР
ТАБЫЛДЫ
КОНОК
МААМЫТ
АШЫБАЙ
АЛДАШ
НАРЫНБАЙ
МАНАПБАЙ
ТОКОМАН
КАРАСАРТ
ТОКТОБАЙ
ОМУРКАН
ОМУРБАЙ
МУСАБЕК
ИСАБЕК
МУСУР
МАШЫР
УСОН
ЖЭЭНБЕК
КАЛЫК
АДИЛЕТ
МИРТЕМИР
ТИМУРЛАН
АЗИЗБЕК
АРСЛАН
САЗКЕ
(БААТЫР)
АСАН
ТАРЫХ
АСАНБАЙ
УЗАКБАЙ
МУКАНБЕТ
ЖАПАР
СААГАЛЫ
САГЫНААЛЫ
АКУН
КЫЙТЫКЕ
АЗИЗ
ТУРСУНБЕК
УРСЕИТ
ТУРАТБЕК
НУРЛАН
ЭМИРХАН
АТАЙ
ИЛЯЗ
ЭРНИЯЗ
ОРОЗАБАЙ
КУКУ
КЫДЫР
ТАЗАБЕК
ЫБРАЙ
МЫКЫЙ
ТЕЗЕКБАЙ
ТЕНИЗБАЙ
МААМЫТ
ТОКТОСУН
ТОКОН
СУЛТАН
ЭМИРБЕК
ЭЛМИРБЕК
КЕНЖЕБЕК
КЕҢЕШБЕК
ШАЛДЫРБЕК
АБДЫКАДЫР
АЛДАШ
ТОКТОГОН
КЕРИМ
ТАБЫЛДЫ
АЙБЕК
АНАРБЕК
КАЧЫБЕК
МАКСАТ
ИМАНБЕК
СЫДЫКБЕК
АСКАР
АЙДАР
ТУУДУК
СУЙУНБАЙ
МЫРЗАКУЛ
ЫРСАКУЛ
ОРОЗААЛЫ
СЫДЫК
АСЕК
УРУМ
ТӨЛӨМУШ
АЛТЫНБЕК
МАРАТ
АЛЕКСАНДР
АЛМАНБЕТ
КЫЛЫЧБЕК
ТУРДУБЕК
БОЛОТБЕК
ТАЛАС
БАКЫТ
УРМАТ
АЛМАЗ
НУРЛАН
СЕЙИТБЕК
МОЛТОЙ
ЖАНТАЙ
СОЛПУ
БЕЙШЕН
ЖУМАКАДЫР
АБДЫКАДЫР
АБДРАШИТ
АБДРАЙ
ЖУМАКАДЫР
БАРКТАБАС
ШАРШЕ
ДУЙШӨН
ТУРДАН
ЭСЕН
ТӨЛӨН
РАХАТ
БАКТЫЯР
КООМАРТ
ТИЛЕК
СУЛТАН
ОМОР
БААТЫР


КОЖОНЖАР
ЖУТАБАЙ
ЧОПКО
БЫША
ЖУМАКЕ
ЖАКЫП
ТОКТОГУЛ
ДУМАНА
ЭСЕНБАЙ
ТЫНЫБЕК
АСАНАЛЫ
УСУП
БАЛБАК
ДҮЙШӨКЕ
САРЫ
БУГУЧУ
ЖАЙЛООБАЙ
ЧАРЫК
ЖУСУПГАЗЫ
ЖУМАГУЛ
МУРАДЫЛ
ҮКӨН
ТОКТОМАМБЕТ
ТУРДУБАЙ
СЫДЫК
АБДЫБЕК
АБДЫЛДАБЕК
АШЫРБАЙ
БАКТЫБЕК
ЖАКЫПБЕК
БОЛОТБЕК
МАЙРАМБЕК
ЫЙМАНАКУН
МАМБЕТАКУН
АСАНАКУН
КАЛДЫБАЙ
ТУРДААЛЫ
АКУН
КАШЫМБЕК
КАДЫРБЕК
КАЛЫГУЛ
РАХАТ
КЫДЫРМЫШ
АТТОКУР
КУРМАНАЛЫ
КАРАГУЛ
АЛЫМКУЛ
КЫЛЫЧ
ЫДЫРЫС
САНСЫЗБЕК
ӨМҮРБЕК
БЕКБОЛОТ
ЫЙМАНАКУН
МАЛДЫБАЙ
АМАНТУР
УРМАТ
КЫДЫР
УЛАН
РЫСБЕК
ЖЫЛТЫР
БООБЕК
БЕЙШЕКЕ
МУРАТ
МУКАНБЕТ
БЕКБОЛОТ
ИСКЕНДЕР
АЛМАСБЕК
ТУРГАНБАЙ
СУЛТАНБАЙ
ОРОЗАКУН
АБЫКЕЙ
ӨЗГӨРҮШ
АЛМАНБЕТ
АЗАМАТ
ИСЛАМ
АБАЙ
ТУРСУНАЛЫ
ТУРАТБЕК
ОРОЗОБАЙ
СҮЙҮНБАЙ
ЖАҢЫБАЙ
КЕНЖЕБЕК
ДАСТАН
САНЖАР
БАРХАН
КОНКОШ
КАРАЧ
ИБРАИМ
КУБАТБЕК
ЫРЫСБЕК
КАДЫРБЕК
МАМБЕТ
МУКАШ
УЛАН
НУРЛАН
ЗАМИР
БАКЫТБЕК
НУРСУЛТАН
ЖУМАБЕК
ТУРГУНБЕК
НУРПАИЗ
НУРИСЛАМ
УЛУКБЕК
АК ЖОЛ
МАЛИК
АК ЖОЛ
ХАНТЕҢИР
Нурмухамбет
АСАНБЕК
БЕКТЕН
НЕГИЗБЕК
ЖЫРГАЛБЕК
АДИЛЕТ
АЗАМАТ
ЭЛДИЯР
АЛИХАН
ЖОЛДОШБЕК
МЫРЗАБЕК
КЕРИМБЕК
КАДЫРБАЙ
БАКТЫБЕК
ЭРМЕК


НОГОЙ
ТӨТӨЙ
СЕГИЗБЕК
ШАПАК
ЖАЙНАК
ТОКТОГУЛ
АЛМАНБЕТ
МАМБЕТБАЙ
АБДРАЙ
САГЫНБАЙ
САДЫРБАЙ
КАДЫРБАЙ
АБАС
ИШЕНБЕК
ЖОЛДОШБЕК
ТААЛАЙ
ОТУНЧУ
КАЗЫБЕК
КАМЧЫБЕК
БЕКБОО
ТЕМИРКУЛ
БОЛОТ
БЕЛЕК
БЕКБОО
БЕКБОЛОТ
ЖАНБОЛОТ
УЛАН
БИЙМЫРЗА
ЗАЛКАР
ТАБЫЛДЫ
КОНОК
МААМЫТ
АШЫБАЙ
АЛДАШ
НАРЫНБАЙ
МАНАПБАЙ
ТОКОМАН
КАРАСАРТ
ТОКТОБАЙ
ӨМҮРКАН
ӨМҮРБАЙ
МУСАБЕК
ИСАБЕК
МУСУР
МАШЫР
ҮСӨН
ЖЭЭНБЕК
КАЛЫК
АДИЛЕТ
МИРТЕМИР
ТИМУРЛАН
АЗИЗБЕК
АРСЛАН
САЗКЕ (БААТЫР)
АСАН
ТАРЫХ
АСАНБАЙ
УЗАКБАЙ
МУКАНБЕТ
ЖАПАР
СААГАЛЫ
САГЫНААЛЫ
АКУН
КЫЙТЫКЕ
АЗИЗ
ТУРСУНБЕК
УРСЕНТ
ТУРАТБЕК
НУРЛАН
ЭМИРХАН
АТАЙ
ИЛЯЗ
ЭРНИЯЗ
ОРОЗАБАЙ
КУКУ
КЫДЫР
ТАЗАБЕК
ЫБРАЙ
МЫКЫЙ
ТЕЗЕКБАЙ
ТЕНИЗБАЙ
МААМЫТ
ТОКТОСУН
ТОКОН
СУЛТАН
ЭМИРБЕК
ЭЛМИРБЕК
КЕНЖЕБЕК
КЕНЕШБЕК
ШАЛДЫРБЕК
АБДЫКАДЫР
АЛДАШ
ТОКТОГОН
КЕРИМ
ТАБЫЛДЫ
АЙБЕК
АНАРБЕК
КАЧЫБЕК
МАКСАТ
ИМАНБЕК
СЫДЫКБЕК
АСКАР
АЙДАР
ТУУДУК
СҮЙҮНБАЙ
МЫРЗАКУЛ
ЫРСАКУЛ
ОРОЗААЛЫ
СЫДЫК
АСЕК
УРУМ
ТӨЛӨМҮШ
АЛТЫНБЕК
МАРАТ
АЛЕКСАНДР
АЛМАНБЕТ
КЫЛЫЧБЕК
ТУРДУБЕК
БОЛОТБЕК
ТАЛАС
БАКЫТ
УРМАТ
АЛМАЗ
НУРЛАН
СЕЙИТБЕК
МОЛТОЙ
ЖАНТАЙ
СОЛПУ
БЕЙШЕН
ЖУМАКАДЫР
АБДЫКАДЫР
АБДРАШИТ
АБДРАЙ
ЖУМАКАДЫР
БАРКТАБАС
ШАРШЕ
ДҮЙШӨН
ТУРДАН
ЭСЕН
ТӨЛӨН
РАХАТ
БАКТЫЯР
ЖООМАРТ
ТИЛЕК
СУЛТАН
ОМОР
БААТЫР


ЧОРО
КОНУРБАЙ
ТОКТОМАМБЕТ
ТЕМИРЖАН (ЭЛТҮЗӨӨ)
ЖУМАГУЛ
КУНАН
БОЖОКОЙ
ОРМОКЕ
БАЙЫСА
ШАКАН
ЭШИМ
КАЛДЫ
ААЛЫ
БЕЛЕК
КАСЫМБЕК
ТАЛАНТ
ИСКЕНДЕР
БАКЫТ
ЧЫНГЫЗ
УЛУКБЕК
УЛАНБЕК
УРМАТ
КАЛМЫРЗА
ӨМҮРААЛЫ
ДАЙРАКУН
ТУРСУНБАЙ
САБЫР
КАЗЫБАЙ
ЫБРАЙ
ҮСӨН
КАРЫКЕ
УНУР
НАМАЗ
ТИЛЕК
ЫРЫСБАЙ
ЖАКАШ
ЭСТЕБЕС
АБДРАЗАК
ТУКЕШ
КУБАНЫЧБЕК
КАНАТБЕК
МАКСАТ
АСАНААЛЫ
ТАЛКАНЧЫ
ТОКТААЛЫ
АБДЫЛДА
ҮРКҮНЧҮ
ДӨӨЛӨТБАЙ
МУРСААЛЫ
СЕЙИТБЕК
ЧОЛПОНБАЙ
ТОКТОКУН
ТОКТОМАМБЕТ
ҮТҮР
ЖУМА
ӨМҮРБЕК
КАЛДЫК
ОРОЗАКУН
ЭСЕН
ТОКТОР
ТОКТОНААЛЫ
ДҮЙШӨНААЛЫ
ШАРШЕНААЛЫ
БЕРДИБЕК
КЕНЖЕБЕК
АЗАМАТ
БЕКИ
ЧЕКИР
АБДЫЛДАБЕК
АСАНБЕК
ТАЛГАР
КУМАР
ТӨРӨБЕК
ТУРДУМАМБЕТ
ТУРАР
КОЙЧУБАЙ
АКБАР
ЗАМИРБЕК
ДАМИРБЕК
АЛТЫНБЕК
АЛМАЗБЕК
МОЛДОБАЙ
БАГЫШ
БОЛОТБЕК
КАРЫПБАЙ
УСУП
ЖУНУС
ҮТҮР
КУРМАНБАЙ
НУРБЕК
МАРСБЕК
АЙБЕК
САМАТ
УЗАК
МЕКЕЛЕЙ
ИСТЕК
САРТБАЙ
ОСМОНКУЛ
КУБАНЫЧБЕК
ЖУМАБЕК
БЕЙШЕНБЕК
АСЫЛБЕК
АЛТЫНБЕК


КОЖӨБАШ (ОРОЗКОЖО)
АБАП
КОК КОЙНОК
ТАЛКАНБАЙ
КУРТКАБАЙ
МОЛДОКЕ
АТАМБАЙ
БЕКНАЗАР
КЫДЫРГЫЧ
ТИЛЕК
ЫСМАЫЛ
АЙТБАЙ
ЧЫЛПАК
КАРА КОЗУ
ЫШАМБАЙ
МОЛДАКУН
МОЛДОЫБРАЙ
УРМАТ
АРМАТ
АБДЫЛДА
ТЕМИРБЕК
ШҮКҮРБЕК
ТӨЛӨБЕК
ЖЕҢИШБЕК
ЗАМИРБЕК
КУРМАНБЕК
БАКЫТБЕК
САМАР
АБДЫ
АЛТЫНБАЙ
ЫБРАЙ
ШАРШЕНБИ
МАЙРЫК
КАЛЫЙ
ТУРДУБАЙ
СЕЙДИЛДА
САМАТ
АМАНТУР
ЖОКЕШ
КАДЫР
ТУКУ
КАСЫМ
НУРЛАН
ӨМҮРБЕК
АКМАТБЕК
БАКЫТБЕК
ЖЫРГАЛБЕК
ЖАНЫШБЕК
ЭРЛАНБЕК
БАКАЙ
АСАН
СУЛТАНГАЗЫ
ДҮЙШӨБАЙ
СЕЙДЕКМАТ
МОЛДОКМАТ
СЕЙДИЛДА
УРБАЙ
УРМАНБЕТ
АЛДАШБАЙ
ШАЙЛООБЕК
КАЛДЫБАЙ
МАЛДЫБАЙ
ӨМҮРБЕК
КАРЫПБАЙ
ОРОЗОБЕК
БЕЙШЕНААЛЫ
МУКАНБЕТ
АВТАНДИЛ
ТЫНЧТЫКБЕК
КУБАНЫЧБЕК
ТЫНААЛЫ
ОРУСБАЙ
КЕНДИРБАЙ
МЕНДЕБАЙ
КЕНЕНБАЙ
МЫРЗАБЕК
ТОКТОБЕК
КАНЫБЕК
ЖУМАБЕК
КАНАТБЕК
ЧЫҢГЫЗ
ЖЫРГАЛБЕК
ТААЛАЙБЕК
ЖАНАРБЕК
МУКАНБЕТ
САДЫК
ҮСӨН
КАЙДЫЛДА
ЖЕҢИБАЙ
АЙБЕК
АЛМАЗ
КАНЫБЕК
ТААЛАЙБЕК
АЮУ
АЛЫБАЙ
КОҢУРБАЙ
САРЫ
АБЕН
САГЫНБАЙ
САГЫНААЛЫ
ДҮЙШӨНКУЛ
ЭСЕЙ
ЭСЕНБЕК
БЕЙШЕГУЛ
ШЕЙШЕН
ДҮЙШӨН
АСАНБАЙ
БУЛЖУК
АКУН
СҮЙҮНДҮК
СУЛТАН
АТАПАЙ
БАКЫТБЕК
АКЫЛБЕК


ЫСМАЙЫЛ
ЭСЕН
КУНУКЕ
АЖЫ
БЕРДИКЕ
ТАНА
БОКБАЙ
БАЯЛЫ
СЫРДЫБАЙ
ЧЕКИР
УСУПКОЖО
ТОКТОГОН
АЙЫП
АНАПИЯ
ИБРАИМАКУН
БОДУР
АКМАТБЕК
КЫДЫР
ЗАРЫЛБЕК
КАДЫРБЕК
МАРАТ
МУСАКУЛ
ЖАПАРКУЛ
ИМАНКУЛ
САБЫРКУЛ
КЫРГЫЗБАЙ
ЧЫҢГЫШБАЙ
ЖУНУС
АБДЫЛДА
КУРМА
КЫДЫР
ЗООТБЕК
ТОКТОБЕК
ТААЛАЙБЕК
МУКАНБЕТ
БАЯСТАН
ТЕМИРБЕК
ЗАМИРБЕК
САДЫРБЕК
БОЛОТБЕК
БАРКСЫЗ
ТЕНТИМИШ
ЖУМАКАДЫР
КЕНЖЕБЕК
АЛДАШ
ӨМҮР
АСАНБЕК
ТУРДУБЕК
ТУРДУБАЙ
ТУРУМБЕК
ЭРКИНБЕК
ОРОЗО
АБДЫКЕ
АСАН
МУСОКОЖО
ЫСА
КЫДЫРМА
БЕРДИКОЖО
БЕРДИМАТ
БЕРДИБЕК
КУДАЙБЕРГЕН
КОЖОЯР
КУРМАНААЛЫ
НАМАЗБЕК
МУСАМБЕТ
МУРЗАКМАТ
САДЫК
МААРАЗЫК
УСУП
РАЙЫМБЕК
БЕРДААЛЫ
ЖЕНААЛЫ
КЕНЖЕБЕК
МОЛДОБАЙ
ШАЙЫК
САПАРБЕК
БОРСО
БОШКОЙ
КАШКА
МОЛДОБАЙ
УСУКЕ
БЕЙШАЛЫ
ЖАНЫШ
СҮЙҮНДҮК
БАЙТУР
АМАНТУР
ЖОЛДОШ
ОРУНБЕК
АЛЫШ
КАСЫМБЕК
БОТОКАН
МАМБЕТ
БАЙТОК
ШАКЫ
МАМБЕТ
ҮМӨТААЛЫ
АКУН
АСКАРБЕК
КЕНЕШБЕК
ШАБДАНБЕК
ЖЫЛКЫЧЫ
ДҮЙШӨНАЛЫ
ШАКЕН
ЖУМАЛЫ
КЕРИМААЛЫ
КЕРИМБЕК
АСАНААЛЫ
ДОСААЛЫ
ЖУМААЛЫ
ШЕРААЛЫ
ОРОЗААЛЫ
АЙДАРБЕК
ЖОЛДОШБЕК
ИМАШ
КОЗУАЙДАР
ШАРШЕМБИ
КАЧБАРБАЙ
АЙТМАМБЕТ
КЕНЖАТАЙ
МЫЛТЫКБАЙ
БӨЛӨКБАЙ
ААЛЫ
КАДЫРКУЛ
НАРЫНБЕК
СЫРЫМБЕТ
ШАБДАЛЫ
КАРАГУЛ
ДҮЙШӨНБЕК
БЕЙШЕНБЕК
ДОСОЙ
КЫДЫР
ТЕНТИ
АСАНАКУН
АСАНКОЖО
БЕКТУР
МУКАНБЕТ
ДҮЙШӨНКУЛ
КАДЫРБЕК


КАРА (КАРАКОЖО)
БООБЕК
СОЛТОНСЕИТ
ДОНУЗ
ЖАНЫБЕК
КОНУШ
БЕШЧУНАК
АРЫК
КОЙТУЙБАС
КАЛЧА
ЖУМА
ИСА
АБДЫКЕРИМ
АСАНКОЖО
КАРЫМШАК
ТЕНТИ
ТЕМИРБЕК
ӨМҮРБЕК
НАМАЗ
КАМЧЫБЕК
БЕКИ
МААМЫТ
КУЛСАРЫ
БАЯЛЫ
НУРМАМБЕТ
АЙТБАЙ
МАМЫРКАН
ТҮНКАТАР
АБДЫРАЗАК
ШАРШЕ
ЖУМАБЕК
ДҮЙШӨНАЛЫ
УЛАНБЕК
НУРЛАНБЕК
АЛМАНБЕТ
АКЫЛБЕК
АЛМАСБЕК
АТЫБАЙ
ТОКТОБЕК
ТУКУ
АЙТБАЙ
ЖУМАБАЙ
ОСМОН
АСАН
ЭСЕНБАЙ
НАРЫНБАЙ
КАДЫР
БЕЙШЕНБЕК
САПАРБЕК
ЖЕКШЕНБЕК
ТҮЙТӨ
ЖОЛЧУБАЙ
КОЙЧУБАЙ
АБДЫ
ШЕРГАЗЫ
ЖУКЕН
ШЕРАЛЫ
НУРГАЗЫ
КУЛ
БОЛОТБЕК
КЫЛЫЧБЕК
ТУРАТБЕК
КАСЫМ
КАНИМЕТ
БЕЙШЕНБАЙ
РАХАТБЕК
БЕЙШЕНБЕК
ЖАНГАБЫЛ
БАЙЗАК
БЕКБОО
КОЙЧУ
ИСКАК
БОСТЕРИ
АСАНААЛЫ
АРЗЫГУЛ
КУДАЙБЕРГЕН
ЖОЛДОШБЕК
КОКОН
ЧОРТОНБАЙ
МОЛДОКМАТ
ЖУМАКАДЫР
КАДЫРАКУН
ЭСЕНГУЛ
АЙБЕК
БЕКБОЛ
УЛУКБЕК
АСАНКУЛ
ЖУРСУН
ТИЛЕК
ТУРУСБЕК
КОЛЯ
НУРКАЛЫЙ
НАРЫНБЕК
ЧЫНЫ
БИРНАЗАР
АКМАТ
АПЫШ
ЖУМАЛЫ
ЫСМАИЛ
САГЫНБЕК
САМАТБЕК
МУСАМАМБЕТ
ОМУРБЕК
СЕЙТЕК
КАСЫМБАЙ
МУКАНБЕТ
САПАР
САДЫР
ЖАПАРАЛЫ
КАПАЛ
КОЕНАЛЫ
БОЛОТ
АЙБЕК
КУРМАНБЕК
ЭРМЕК
МАЙРАМБЕК
ТЕМИРБЕК
КЫЛЫЧБЕК
КАМЧЫБЕК
БОЛОТБЕК
МААМЫТ
ЫМАНАКУН
АМАНАТ
САЛАМАТ
ЭСЕН
ЭСЕНГУЛ
ӨМҮРЗАК
ЧОРОБЕК
ТОЛОБЕК
БАКЫТБЕК
ТАЛАЙБЕК
ЖУМАШ
ЖУМАКАН
ЖОЛДОШБЕК
ЫРЫСБЕК
ЖЕКШЕН
АШЫМ
АБЫЛМАЖИН
БАКЫТБЕК
ТААЛАЙБЕК
АСАНБАЙ
АСАНАКУН
ҮСӨНАКУН
СУЛТАНКУЛ
КАДЫРАКУН
САКЕН
КАСЫЙ
САБЫР
ШУКУР
ЫБРАЙ
ОРОЗКАН
ОРОЗОБАЙ
СЫРТБАЙ
БОРУКЧУ
АЛМАЗБЕК
КАЛЕНДЕР
СУЛАЙМАН
КУБАН
ЖОЛДОШБЕК
БЕЙШЕК
ТЕМИРБЕК
ӨМҮРБЕК
ЖОЛДОШБЕК
МАКСАТБЕК
ЧАМИРБЕК
РЫСБЕК

*Учкун айылындагы моңолдор урууусунан Сырдыбай урууcу берилбей калыптыр. Бул Самансурдун Бөгөнөк урууcунан, Алагардын Чолок Туумасынын Жанбарак деген уулунанбыз дешет. Болжол менен 1850-жылдарда Сарбагыштын Шатен урууcуна келишип жашап калышкан. Алар Чүйдүн Токмок шаарынын түштүгүндө тоо этектеринде жашашып, таарыныч менен Шамшынын белин ашып келгенбиз дешет.*




ДАЙРАКУН
МУРЗАБЕК
ЖУСУПБЕК
МАМБЕТАКУН
СТАЛБЕК
ТЕМИРБЕК
СЫДЫКБЕК
ТААЛАЙБЕК
КУДАШБЕК
МЕЛИСБЕК
НУРЛАНБЕК
МИРЛАНБЕК
НУРЛАНБЕК
ТАЛАНТБЕК
АКЫЛБЕК
БАКТЫБЕК
АБДЫКУДУС
КАЛЫС
АЛИНУР
АЛМИР
АМИР
ЭДИЛ

*Учкун айылындагы жаманкара уруусунун генеалогиялык схемасы*






К. Акматовдун маалыматы боюнча.

*Учкун айылында жашаган моңолдор урууcунун ичинен калмак урууcунун генеалогиялык схемас*



*Олжобайдан- неберелери Базан (өз аты Калмак, Сатай, Сарт аталардын тукумдары.*




Айткожо Төлөевдин маалыматы боюнча.

*Учкун айылында жашаган моңолдор уруусунун ичинен калмак уруусунун генеалогиялык схемасы*



*Олжобайдан- неберелери Базан (оз аты Калмак, Сатай, Сарт аталардын тукумдары.*






Айткожо Төлөевдин маалыматы боюнча.

*Кеңеш айылы*


ЧЕРИК
АЛЫМСЕЙИТ БАЙМОНОЛ
АЛДАЯР
ТОРУ
ДӨӨЛӨТБАЙ
ТИЛЕКЕ
ТИЛЕШ
АРПАЧЫ
КЕНЖЕШ
КАЛЧА
КУРМАН
ЫБРАЙ
ШАРШЕКЕ
БЕЙШЕНААЛЫ
АКМАТКАЛЫЙ
МУКАНБЕТКАЛЫЙ
ҮСӨНБЕК
АСАНБЕК
ЖЫРГАЛБЕК
БЕКБОО
КАЛМАНБЕТ
ДАБИТ
АЛТЫНБЕК
БЕКБОЛОТ
НУРБЕК
КУЛУКЕ
КАЧКЫНЧЫ
СҮЙҮНБАЙ
БАЙКӨТӨН
МАМБЕТААЛЫ
ҮМӨТААЛЫ
БЕГААЛЫ
УРДИН
МУКАНБЕТ
УРКАЛЫЙ
КУРМАНБЕК
ЖУМАБЕК
СУЛАЙМАН
СУЛТАН
БОРБОДОЙ
САБЫРБЕК
ТОКОН
МОКЕН
ЖАНЫБЕК
АКБАГЫШ
КУТУКЕ
ЖАМГЫРЧЫ
САРТБАЛА
НООРУЗБАЙ
НОГОЙ
БООБЕК
АЛАКЕН
БЕКБОЛОТ
ЖУНУС
МАМБЕТАКУН
АЖЫКЕН
КАПАР
АЖАР
АНАР
ТЕНТИБАЙ
КАЗЕЙ
БОКОН
АБДРАСУЛ
САМУДИН
ЭМИЛБЕК
ОРОЗОБАЙ
ОМУРГАЗЫ
СЕЙИТКАЗЫ
МАРАТ
МУКАНБЕТ
ЖУМАБАЙ
ЫМАНААЛЫ
ДООТУГУЛ
ТУРДУГУЛ
КАЛЫБЕК
МЕЛИС
ТОКОН
АШУУБЕК
ЖОЛДОШБЕК
ТААЛАЙБЕК
ТУРДУБЕК
ТУРДАКУН
РАХАТ
ЖЫРГАЛБЕК
АЛМАЗ
МАНАС
КУБАТБЕК
ЖУМАКАДЫР
ЖУМАШ


АК-МУЗ
ТОКОЛ
ЧОЛОК ТУМА
ИТИЙБАС
ТЕЖИК
АЙДАРБЕК
НАЗАРБЕК
ДАЙЫРБЕК
АК БАЛА
САРТ
СЕМЕН
БАЙСАК
ЖАНЫЗАК
ТОКБАЙ
БАЙТОК
ТУРДАКУН
КАЛЫБЕК
БОЛГОНБАЙ
МУКАНБЕТ
ЫДЫРЫС
ДОКТУРБЕК
НУРЛАН
АСКАРБЕК
САПАРБЕК
ЖАНЫШБЕК
БАЙЫШБЕК
ТААЛАЙБЕК
ЖЫРГАЛБЕК
ТОКТОБЕК
АЙЫЛЧЫ
ТУРСУНБАЙ
ЭСЕНБЕК
САЛМАКЕ
ТОГУЗБАЙ
АДЫЛБАЙ
АБДЫКАЙ
ЖУМАШ
КЕЛДИБЕК
ӨМҮРКАН
БЕРДИБАЙ
БОКУ
НАРЫНБАЙ
ТУРДУБАЙ
МАМБЕТ
ЖОЛДОШБЕК
КАМЧЫБЕК
ТОПЧУБЕК
КАДЫРБЕК
БОЛОТБЕК
ТЕМИРБЕК
БЕЙШЕНБЕК
ДҮЙШӨНБЕК
КЕҢЕШБЕК
ЖАНЫБЕК
КУРМАНБЕК
МАДАНБЕК
УСУБАЛЫ
ӨМҮРАЛЫ
БЕКИШ
ЗАМИР
ДАМИР
АСЕК
ЭСЕК
ЖУМАБЕК
БАКТЫБЕК
ЧЫНААЛЫ
САКИШ
КУРМАНААЛЫ
БАРКТАБАС
БЕРДИБЕК
САГЫНДЫК
АТТОКУР
КУБАНЫЧБЕК
ЖУМАБЕК
БЕЙШЕБАЙ
ИШЕНБЕК
АСАНБЕК
ЧЫМЫРБАЙ
САЗБАК
ЖАКЫП
КАРАЧ
БОГОНБАЙ
ШЕРИНБАЙ
ЭСЕНБАЙ
БАЙШЕРИ
БАЗАРБАЙ
САГЫН
ДҮРБӨЛӨҢ
ТУРДУМАМБЕТ
КАДЫРКУЛ
КАДЫР
АЙЫЛЧЫ
АТАКАН
САКЕ
ТАЛАНТ
АЛМАЗ
ЖУЗБАЙ
КУТБАЙ
СҮЙҮНАЛЫ
КАБАЙ
ТОКТАЛЫ
КУБУЛ
ЖЫРГАЛ
КЕЛДИКЕ
ТИЛЕКЕ
АЛСЕИТ
НУРМАНБЕТ
ИМАНБЕК
АКМАТ
МОЛДО
ЭСЕН
ЖУНУС
ШАРАП
БАЙМУРЗА
ЖЭЭНБЕК
КЕЛДИБЕК
САГЫНБЕК
ЧАЙЕК
БОКИ
КАЛКАБАЙ
КАЛДЫБАЙ
ДҮЙШӨН
БЕЙШЕНБАЙ
ДҮРБӨЛӨҢ
ШАРШЕНБЕК
ДҮЙШӨНБЕК
ДӨӨЛӨТША

## *Кеңеш айылы*


ЧЕРИК
АЛДАЯР
ТОРУ
ДӨӨЛӨТБАЙ
ТИЛЕКЕ
ТИЛЕШ
АРПАЧЫ
КЕНЖЕШ
КАЛЧА
КУРМАН
ЫБРАЙ
ШАРШЕКЕ
БЕЙШЕНААЛЫ
АКМАТКАЛЫЙ
МУКАНБЕТКАЛЫЙ
ҮСӨНБЕК
АСАНБЕК
ЖЫРГАЛБЕК
БЕКБОО
КАЛМАНБЕТ
ДАБИТ
АЛТЫНБЕК
БЕКБОЛОТ
НУРБЕК
АЛЫМСЕЙИТ БАЙМОНОЛ
АКБАГЫШ
КУТУКЕ
ЖАМГЫРЧЫ
САРТБАЛА
НООРУЗБАЙ
НОГОЙ
БООБЕК
КУЛУКЕ
КАЧКЫНЧЫ
СҮЙҮНБАЙ
БАЙКӨТӨН
МАМБЕТААЛЫ
ҮМӨТААЛЫ
БЕГААЛЫ
УРДИН
МУКАНБЕТ
УРКАЛЫЙ
КУРМАНБЕК
ЖУМАБЕК
СУЛАЙМАН
СУЛТАН
БОРБОДОЙ
САБЫРБЕК
ТОКОН
МОКЕН
ЖАНЫБЕК
АЛАКЕН
БЕКБОЛОТ
ЖУНУС
МАМБЕТАКУН
АЖЫКЕН
КАНАР
АЖАР
АНАР
ТЕНТИБАЙ
КАЗЕЙ
БОКОН
АБДРАСУЛ
САМУДИН
ЭМИЛБЕК
ОРОЗОБАЙ
ОМУРГАЗЫ
СЕЙИТКАЗЫ
МАРАТ
МУКАНБЕТ
ЖУМАБАЙ
ЫМАНААЛЫ
ДООТУГУЛ
ТУРДУГУЛ
КАЛЫБЕК
МЕЛИС
ТОКОН
АШУУБЕК
ЖОЛДОШБЕК
ТААЛАЙБЕК
ТУРДУБЕК
ТУРДАКУН
РАХАТ
ЖЫРГАЛБЕК
АЛМАЗ
МАНАС
КУБАТБЕК
ЖУМАКАДЫР
ЖУМАШ


АК-МУЗ
ТОКОЛ
ЧОЛОК ТУМА
ИТИЙБАС
КУРМАНБЕК
МАДАНБЕК
УСУБАЛЫ
ӨМҮРАЛЫ
БЕКИШ
ЗАМИР
ДАМИР
ЧЫМЫРБАЙ
САЗБАК
ЖАКЫП
КАРАЧ
БОГОНБАЙ
ШЕРИНБАЙ
ЭСЕНБАЙ
БАЙШЕРИ
БАЗАРБАЙ
САГЫН
ДҮРБӨЛӨҢ
КУБУЛ
ЖЫРГАЛ
КЕЛДИКЕ
ТИЛЕКЕ
АЛСЕИТ
НУРМАНБЕТ
ИМАНБЕК
АКМАТ
МОЛДО
ЭСЕН
ЖУНУС
ШАРАП
БАЙМУРЗА
САЛМАКЕ
ТОГУЗБАЙ
ТЕЖИК
АЙДАРБЕК
НАЗАРБЕК
ДАЙЫРБЕК
АДЫЛБАЙ
АБДЫКАЙ
ЖУМАШ
АК БАЛА
САРТ
СЕМЕН
БАЙСАК
ЖАНЫЗАК
ТОКБАЙ
БАЙТОК
КЕЛДИБЕК
ӨМҮРКАН
БЕРДИБАЙ
БОКУ
НАРЫНБАЙ
ТУРДУБАЙ
АСЕК
ЭСЕК
ЖУМАБЕК
БАКТЫБЕК
ТУРДАКУН
КАЛЫБЕК
БОЛГОНБАЙ
МУКАНБЕТ
ЫДЫРЫС
ДОКТУРБЕК
ТУРДУМАМБЕТ
КАДЫРКУЛ
КАДЫР
НУРЛАН
МАМБЕТ
ЖОЛДОШБЕК
КАМЧЫБЕК
ТОПЧУБЕК
КАДЫРБЕК
БОЛОТБЕК
ТЕМИРБЕК
ЧЫНААЛЫ
САКИШ
КУРМАНААЛЫ
БАРКТАБАС
БЕРДИБЕК
АЙЫЛЧЫ
АТАКАН
САКЕ
ЖЭЭНБЕК
КЕЛДИБЕК
САГЫНБЕК
ЧАЙЕК
БОКИ
АСКАРБЕК
САПАРБЕК
ЖАНЫШБЕК
БАЙЫШБЕК
ТААЛАЙБЕК
ЖЫРГАЛБЕК
ТОКТОБЕК
САГЫНДЫК
АТТОКУР
КАЛКАБАЙ
КАЛДЫБАЙ
ТАЛАНТ
АЛМАЗ
ЖУЗБАЙ
КУТБАЙ
ДҮЙШӨН
БЕЙШЕНБАЙ
ДҮРБӨЛӨҢ
КУБАНЫЧБЕК
ЖУМАБЕК
БЕЙШЕБАЙ
АЙЫЛЧЫ
ТУРСУНБАЙ
ЭСЕНБЕК
БЕЙШЕНБЕК
ДҮЙШӨНБЕК
КЕҢЕШБЕК
ЖАНЫБЕК
СҮЙҮНАЛЫ
КАБАЙ
ТОКТАЛЫ
ИШЕНБЕК
АСАНБЕК
ШАРШЕНБЕК
ДҮЙШӨНБЕК
ДӨӨЛӨТША

## Эки-Нарын айылы, Каратукуму уулу




Сарыгул
Абдрахман
Асан
Абдыжапар
Айтбек
Токтобек
Жолдошбек
Эркинбек
Таалайбек
Жыргалбек
Мукаш
Ыбрайым
Замир
Адыл
Рахат
Жусуп
Мамбетжума
Айылчы
Абдырай
Камчыбек
Оңолбек
Абалбек
Бердибек
Курманбек
Адилет
Каниет
Нарынбек
Камчыбек
Асхат
Бакытбек
Кеңешбек
Ишенбек
Шейшенбек
Туратбек
Сеиирбай
Орозбай
Ырыскулбек
Жумаалы
Ниязакун
Жумаш
Какиш
Асанакун
Мукаш
Керим
Абдыкерим
Жыргалбай
Касмаалы
Алмарек
Эсенбек
Уланбек
Алтынбек
Камчыбек
Каныбек
Шамен
Токтоосун
Темир
Карабек
Нураалы
Таалайбек
Тынчыбек
Талант
Усубалы
Төлөгөн
Ырысбек
Тынчтык
Урмат
Жанболот
Бекболот
Бөлөкбай
Алыбек
Кокотай
Даир
Өмүш
Аалы
Эсенбек
Шаки
Таалай
Шераалы
Бапа
Кубан
Кубаныч
Ардак
Жолдубек
Сүйүнбек
Нурсултан
Бексултан
Үсөн
Толо
Ысакаалы
Курманаалы
Абдыбаалы
Бакас
Коңокбай
Өмүрбай
Бактыбай
Жаныбек
Акжол
Адилет
Чыңгыз
Темиркул
Дүйшөнбек
Эдилбек
Адилет
Алтынбек
Эдил
Акылбек

## *МОҢОЛДОРЛОР - Өзгөрүш айылы*




Дубана
Жанысак
Өмүрбек
Наамап
Бектен
Султангазы
Кенжебай
Марат
Алмаз
Болот
Рахатбек
Максатбек
Тынчтыкбек
Нарынбай
Аманбай
Жумабай
Эсенгул
Асанбай
Аликбай
Уларбек
Байдылда
Маамытбек
Дамир
Бакай
Арисбек
Нарынбай
Кубанычбек
Абдымажит
Максат
Семетей
Куттубай
Камчыбек
Алымбай
Адис
Касейин
Ибрай
Абдыкалык
Кадыр
Мелис
Канат
Тилек
Эсенбек
Ринат
Мурат
Акылбек
Аманбек
Бейшек
Дуйшо
Абдрасул
Камчыбек
Турар
Каныбек
Бектурсун
Тапа
Рамазан
Жолдошбек
Канатбек
Улукбек
Айбек
Нурбек
Кенжебек
Айбек
Адилхан
Темучин
Данияр
Канат
Азис

## *Өзгөрүш айылы*






Ж.Райымбеков, Б.Исмаиловдун маалыматы боюнча.

## МАЗМУНУ

Автор жөнүндө маалымат........................................................ 4

I БӨЛҮМ

Неберем Элина Камчыбек кызы..........................................................5
Эң байыркы мезгил..................................................................................6
Өз айылыбызга келели..........................................................................27
Моңолдор...................................................................................................35
Кыргыз эли Орусияга каратылгандан кийин....................................60
Кудалар тууралуу сөз.............................................................................77
Жаңы заман тууралуу сөз.....................................................................87
Жоошбай уулу Өмүралы, С.Орозобеков, А.Кырбашев,
С.Молдоибраев, Б.Жакыпов, А.Куланбаев,
Жалый уулу Найман, Д.Бекмурзаев, Ө.Байзаков.............97-101
Атамдын түшү .......................................................................................102
Көзүңдү ач, тескери түшүп алдың!.....................................................137
Ак-Талаага биринчи барышым............................................................141
Ал сенин адам деген даражаң.............................................................155
Кээде макулдашылган иштер аткарылбай калат.........................172
Жумгал, Тогуз-Торо жергесинде.........................................................195
Ленинде оюмду ишке ашырарыма ишеним
болуп турду..........................................................................................200
Турмуштун түйүндүү жери бар,
учугун тапсаң чечүүчү жери да болот.........................................221
Англия, Грецияга командировка........................................................226

Турдакун Усубалиевич..........233

Эми окумуштууларга, коомдук, мамлекеттик ишмерлерге, өндүрүшчүлөргө да сөз берели:
Д.Мамбетов, Э.Ибраев, Т.Ажымүдүнов, Н.Касиев, К.Байгазиев, С.Райымбеков, К.Ашыралиев, А.Бектемирова, А.Көкөтаев, Т.Аргынбаев, А.Усупов, А.Кадырмамбетов, Э.Усубалиев, Ч.Жангазиева, А.Аракеев, Ө.Жапаралиев, М.Боромбаев, А.Мамбетисаев, К.Абдраманов, Ү.Осеков, А.Акымбаев, Б.Кашкарбаев, А.Мүсүралиев, С.Исмаилов, А.Баймурзаев, А.Бектемиров, А.Өскөнбаев, А.Кирдибашов, С.Өмүралиева, С.Жакыпова, Т.Ырсалиева..........237

Жогорку Нарын каскаддары..........240

"Кер кулун" ..........246

Эми сөз кезеги жолдоштордо болсун..........253

Алымкул уулу Абдрайым аке..........258

Чынгышов Айтмамбет..........262

Дагы Калыйча үчүн..........263

Атам тууралуу дагы сөз..........264

II БӨЛҮМ

**Мендуулаттын беш баласы жөнүндөгү таблицалар:**

Дуулатказы (Алыш айылы) ..........268-271

Шалдыр (Кайынды айылы)..........272-275

Айдаркозу (Чайыш) ..........276-281

Надыр уулу ..........282-283

Орто кыйра уруусу ..........284-285

Ногой уруусу ..........286-290

Ногой-Кулуш уулу..........292-293

Ногой-Төтөй уулу ........................................................ 294-295

Көжөбаш (Орозкожо) ................................................ 296-297

Кара (Каракожо) ........................................................ 298-299

Учкун айылы ............................................................ 300-305

Кеңеш айылы ............................................................ 306-307

Эки-Нарын айылы ...................................................... 308-309

Моңолдор, Өзгөрүш айылы ........................................ 310-313

**Кайып Калназаров**

АТАГА
УУЛДАН

Кол жазмадан биринчи компьютерге терген *Ч.Өмурзакова*
Дизайнери *К.Абдыжапаров*
Тех. редактору *В.Крутякова*
Корректору *Д.Эстебесова*
Компьютердик калыпка салган *Н.Токтомамбетова*

Басууга 29.05.2017 кол коюлду. Форматы 70x100 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 19,75 физ. басма табак + 2,0 ф.б.т. вкл. Заказ №440. Нускасы 500.

"Учкун" ААКда басылды.
720031. Бишкек ш., С.Ибраимов көч., 24.